Мамбет Мамакеев

# МЕЗГИЛ ЖАНА ИНСАН

*Автобиографиялык мемуарлар*



«Турар»
Бишкек – 2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
М 22

**Мамакеев Мамбет.**

М 22 **Мезгил жана инсан:** Автобиографиялык мемуарлар. – Б.: Турар, 2012. – 476 б. + 44 б. кара, 76 б. түстүү вкл.

ISBN 978-9967-15-148-2

Кыргыз улуттук медицинасынын корифейи, даңазалуу хирург, Кыргыз Республикасынын Баатыры, академик, Улуттук хирургия борборунун директору **Мамбет Мамакеев**дин бул китебинде өзүнүн басып өткөн байсалдуу өмүр жолунун урунттуу окуялары, ымандай сырлары менен өрнөктүү мисалдары кызыктуу баяндалат.

**М 4702300100-12**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-15-148-2

© Мамакеев М., 2012

## КИМ ЭЛЕМ, КИМ БОЛДУМ?

Буюрса, быйыл – 2012-жылдын 1-октябрында 85 жашка толом, ошону менен катар désинститутту бүткөнүмө 60 жыл болот. Үчүнчүсү, байбичем Сокен менен баш кошуп жашаганыма дагы 60 жылдын эсеби келди. Ошентип, мен үчүн 2012-жыл – ийгиликтүү, жүрөк менен көңүлдү кубанткан, эстен чыккыс жылдарымдын бири.

60 жыл врач-хирург болуп иштедим. Бул аралыкта журт көзүнө түшкөн узак жана байсалдуу жолду басып өтүп, көптөгөн илимий даража жана ардактуу наамдарга ээ болдум. Башынан санасам: медицина илимдеринин кандидаты, доктору, профессору, 34 жыл госпиталдык хирургия кафедрасынын башчысы, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Бишкек шаардык кеңешинин эки жолку депутаты, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрт жолку депутаты, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын Баатыры, Казак улуттук илимдер академиясынын Ардактуу академиги, Н.И.Пирогов атындагы Бүткүлсоюздук хирургдар ассоциациясынын Ардактуу мүчөсү, Кыргыз Республикасынын хирургдар ассоциациясынын төрагасы, Бишкек шаарынын Ардактуу атуулу, Улуттук хирургия борборунун директору, хирургия боюнча кандидаттык жана докторлук диссертацияларды жактоо боюнча илимий кеңештин төрагасы дегендей

кесиптик жана мамлекеттик бир топ мезгил барактарына жазылган сый-урмат баскычтарына жетишкен экемин.

Алган сыйлыктарымдын негизгилери:

1. Октябрь Революциясы ордени.
2. Эмгек Кызыл Туу ордени.
3. Эл Достугу ордени.
4. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы.
5. III даражадагы Манас ордени.
6. I даражадагы Манас ордени.
7. Улуу Петр Iнин ордени.
8. Кыргыз Республикасынын Баатыры.
9. Илимге кошкон көрүнүктүү салымы үчүн берилүүчү И.К. Ахунбаев атындагы алтын медаль.
10. Эл аралык «Алтын фортуна» сыйлыгынын медалы.
11. Хирургдар коомунун эстелик алтын медалы.
12. Саламаттык сактоонун отличнигинин төш белгиси.
13. Эл агартуунун отличнигинин төш белгиси.
14. «Эмгек ардагери» медалы.
15. Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын алтын медалы.
16. Улуттук илимдер академиясынын 50 жылдыгына арналган эстелик медаль ж.б.

Мындан тышкары, өзүмдүн окуучуларым И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын госпиталдык хирургия кафедрасына менин атымды ыйгарып беришкенине да кыйла убакыт болуп калды.

Ушул врач-хирург болуп иштеген жылдарымдын ичинде, адегенде 60 орундуу госпиталдык хирургия кафедрасы, андан соң өзүбүздүн аракетибиз менен 250 орундуу Улуттук хирургия борборуна айланды. Азыркы күндө бул Улуттук хирургия борборунда өзүм студенттик мезгилден баштап тарбиялап-өстүргөн балдарым менен кесиптеш болуп иштеп келатам. Алардын он бири – медицина илимдеринин доктору, профессор, бирөө – Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, медицина жана философия илимдеринин доктору, жыйырма үчү – медицина илим-

деринин кандидаты, тогузу – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйлангандар, отуз тогузу – жогорку категориядагы хирург.

Мен ушул балдарымдын ийгилигине ар качан кубанам жана чын жүрөгүмдөн сыймыктанам!

Биздин Борбордо ондогон хирургиялык бөлүмдөр бар, негизги аткарган ишибиз – күн-түн дебей тез хирургиялык жол менен айыктыруучу ооруларга жардам берүү. Жылына ушундай оорулар менен келген 7–8 миң адамдын өмүрүн сактап калабыз. Экинчи милдетибиз – бул жаштарды тарбиялоо, окутуу, кандидат, докторлорду өстүрүү. Госпиталдык хирургия кафедрасы медакадемияга карайт, 5–6-курстардагы студенттер бизден окуп, кесиптик такшалуу практикасынан өтүшөт.

Окурмандарга эскерте кете турган сөз, бул китепте бир дагы алымча-кошумча – коздолгон сөз жок. Башынан аягына чейин менин өз колум менен иштеген, жасаган, өз көзүм менен көргөн, кулагым менен уккан – башымдан өткөн унутулгус окуялар эстелип жазылды. Алдыдагы максат – баяндап-айтылган нерселер окурмандарга, айрыкча, медиктерге жана башка жаш муундарга анча-мынча болсо да сабак болуп калса экен деген эле астейдил тилек.

Жогоруда айтылган даража-наам, сыйлыктар – элдик чоң урматка мен кантип жетиштим? Колумдан келишинче түшүндүрүп кетейин. Бул аксакалдык даражага – бакдөөлөткө жетиш үчүн эмне деген гана азап-тозокторду көрбөдүм! Акырында, ошол азап-тозокторду майышпастан жеңип, көшөрө иштеген эмгек менен жүрүп, көздөгөн максатыма жеттим го деп ойлойм.

Ушул күндө мен көнгөн кесибим боюнча күнүгө 5–6 операция жасайм. Ден соолуктун бирден-бир өбөлгө-кубаты – бул өзүңдүн кесибиңди сүйүү жана талыкпас эмгек экен, ушундан Кудай айырбасын. Окурмандарга менин каалоом: ден соолукта болуп, жок дегенде менин жашыма жеткиле!

## ТАГДЫРЫ ТАШ ЖОЛДУУ БАЛА ЧАГЫМ

Мен Ак-Суу районундагы Кереге-Таш айылында жарык дүйнөгө келгем. Биздин айылды кадимки касиеттүү Кыдыр акенин айылы деп коюшат. Кереге-Таш деп аталганы, курчаган ак карлуу тообуз ийилип, боз үйдүн керегесине окшоп кетет, ошого окшоштуруп «Кереге-Таш» деп койгондугун илгерки карыялар таржымалдап айтышар эле.

Бала чагым өтө оор турмушта өттү, уруш убагы, өтө кедейчилик, ачарчылык, кийим-кече деген жок. Биздин үй-бүлө өтө чоң үй-бүлөдөн элек: чоң атам, чоң энем, өзүмдүн эне-атам, бир туугандарым болуп он бир киши турчубуз.

Энем он жети бала төрөгөн экен, ошондон үчөөбүз аманбыз. Ошол убактагы турмушту азыр ойлосом, өтө жаны бектерибиз калсак керек. Биздин үй-бүлө, эмгиче таң калам, өрөөн боюнча кедейдин кедейи элек, мал-сал деген болгон эмес, көргөн жокмун.

Атам Мамаке өтө момун, жоош адам эле, ачка жатсак дагы «Кудай берет» дегенден башканы айтчу эмес. Кийин ойлойм, атамдын алигидей «Кудай берет» дегени чын болуп, Кудай берди. Энем байкуш укмуш адам эле, бою кичинекей, көп сүйлөбөгөн, жоош адам болчу, бизди багам деп эмне деген азаптарды көрбөдү. Чоң атам Акун өтө мээнеткеч, ачуусу чукул киши эле. Бизди эптеп баккандардын бири – энем, бири – ушул атам.

Үйүбүз болсо топурактан согулган дубал, үстү чоң устун – карагай, анын үстүнөн жыгач-талдардан бастырып, үстүнөн топурак менен жаап, ичинен шыбап койгонду да

билчү эмес элек. Жаан жааганда кадимкидей шарылдап үйгө суу агып турчу эле, анын үстүнө күл дагы, топурак дагы ыргытып койчубуз, ага карабай жаан жааган сайын тамчылай берчү, ошонун үстүнөн шыбап коюуга дагы акылыбыз жетпептир.

Эки атам тең 1916-жылкы Үркүндөн келгенден кийин Ак-Сууда туруучу – коңшу орустарга малай болуп иштешиптир, атам сүйлөсө эле: «Ибанке», – деп, ошол орусун мактап жатып калчу. Чоңоюп, эс тартып калган мен: «Ай, ата, малай болуп жүрүп, анын эмнесин мактайсың?» – десем: «Бөлкөгө (нанга) тойгузчу эле, орус балдарга сабатчу эмес», – деп ыраазы болуу менен жооп берчү. «Эмне иш кылчу элеңер?» – десем: «Чочкосун бакчубуз, малын карашчубуз, жер айдамай, чөп, эгин чапмай деген сыяктуу кара жумуштарын аткарчубуз», – деп айта турган. Кийин айылдан тыңыраак ат чыкса эле: «Ибанкенин айгырынын тукуму», – деп, өз малынын тукумундай кубана мактап кирчү. Эми ойлойм, ошондо малай болуп жүргөндө, оокат кылышты деле үйрөнүп алышса болмок экен. Мисалы, мен 1946-жылы окууну бүтүп, Фрунзеге кеткенче, айыл боюнча бир түп алма, өрүк дегенди көргөн эмесмин, кийин аталарыма: «Ошол орустун өрүгүнүн он чакты данегин алып келип огородуңарга сайып койгонду да билген жоксуңарбы?» – деп айтып калчу элем. «Анын данегинен өрүк чыгарын кайдан билдик», – деп, андан бетер таң калтырып сүйлөп коюшчу. Чынын айтканда, 1950-жылга чейин биз, кыргыздар, оокат кылуу, билим алуу жагынан өтө эле артта калган экенбиз.

Чоң энем Алтике өтө сонун, жоош, аз сүйлөгөн, укмуш киши эле. Анда бүт баарыбыз бир үйдө алдыга самандан чоң салып, үстүнө кендирдин жибинен жасалган жасалма ылантик, анын үстүнө эски кийизди жайып, башка жазданар жаздык дегенден эч түшүнүк да жок, эптеп жаман тигилген төшөктү жонго жамынып катар-катар түшүп жатып алчубуз. Чоң энем байкуш менден ажырабайт, эшикке

чыксам кошо чыгат, жатканда экөөбүз чогуу жатчубуз. Эсимден кетпейт, бир түнү чоң атам Акун кеч келди, жатып алдык эле, келип жатып атып мени ыргытты: «Атаңдын көрүн урайын, тур мындай, ары барып жат», – деп. Өкүрүп ыйлап, ары барып жатып алдым, энем байкуш дагы унчуккан жок, кийин чоңойгондо түшүндүм эмне үчүн «ыргытканын».

Чоң атам Акун ден соолугу мыкты, күчтүү, кайраттуу киши болчу. Эсимде калганы, бизди өлтүрбөй баккан акыбеттин көбү – ушул кишинин эмгеги. Жазга жуук ачарчылык. Эски кырманга барып үймөктөлүп жаткан арпанын саманын эртеден-кечке чейин сапырып, бир чакага жетпеген арпаны таап келгени көз алдымда турат. Экинчи эсимде калганы, күзгө жуук картошка гүлдөп, эгин сарала болуп калганда, атам байкуш бир чоң тору атыбыз бар эле, ошону минип алып, таңга жуук колхоздун сарала болуп калган арпасынын башын оруп, чоң капка салып атына жүктөп алып келип бизди бакчу. Алып келгенде, ошол кабын көтөрмөк тургай, ордунан козголто албай койдум, ушунчалык оор, чала бышкан арпа да, анан атамдан: «Ата, мынча оор капты кантип атыңа артып салып аласың?» – деп сурасам: «Атымды тушап жыгып алып, анан капты арта салып минип келем», – деди. Үч-төрт күндөн кийин атам: «Атым ушунчалык эстүү ат болду, каптын жанына алып келип жыгайын дегиче, өзү жатып берчү болду», – деп аны мактап сүйлөдү. Мен ойлодум: «Ай, ата, калп айтып койдуң го?» – деп. Кийин медицинаны окуп жүргөндө түшүндүм, шарттуу рефлекс деп коёт, мал болсо дагы, ал бир нече көргөнүн тез эле үйрөнүп кете турганын.

Атам кайраттуу киши эле дебедимби, баласы Мамаке армияга кетип жатканда, Пржевальскинин аягында пристандан пароход менен алып кетчү, ошондо жөнөөргө аз эле калган, учурашып калайын деп байкуш атам колхоздун жаман аты менен жетип келди. Эсимде, аттан түшпөй туруп: «Аман-эсен барып кел», – деп колум кармап, жөнөп

кетти. Өлгүчө айылдын уюн кайтарып, бадачы болуп бизди бакты. Мамаке баласы армиядан келгиче, оор турмуштун айынан, карды толо аш ичпей жүрүп, 1943-жылы 78 жашында кайтыш болду.

Чоң энем Алтике байкуш көп кыйынчылыкты башынан өткөргөн киши экен, өлөр-өлгүчө ыйлап жүрүп кетти. Үйдө киши жокто эле ыйлай берчү. Бир күнү менин киргенимди байкабай калды, ошондо түшүнгөнүм: «Калича» деп эле ыйлап жаткан экен. Бизди көрсө, басыла калат. Бир күнү атам Мамакеден: «Энем киши жокто «Каличам» деп эле ыйлап отурат. Калича деген ким эле?» – деп сурасам, анын жөн-жайын толук түшүндүрүп берди. 1916-жылы Үркүндө Кытайга үркүп барганда, 14 жаштагы кызын ошол жердегилер бир чака талкан берип алып калышкан деди. Ошондо кайра келатканда энем байкуш жолдон нечен качып, боюнан түшүп, азап көрүп келген экен. Ошол кызын эсинен чыгарбай, өлгүчө ыйлап жүрүп кетти.

Анан 1947-жылы мен мединституттун даярдоо курсун бүтүрүп айылга барсам, кат келип калды Кытайдан, Үрүмчүдөн, ичинде сүрөтү бар, кемпир-абышка, үч-төрт кишилери менен кыргызча жазылыптыр. Атама: «Бул ким?» – деп көрсөтө койсом, ал тез эле: «Мобу кемпир – менин карындашым Калича», – деп тааныды. Жанында отурган абышкасы, тургандары, балдары экен, кат жазган да ошолор, ал жылдары Кытай менен биздин өлкөнүн мамилеси оңолуп, Кыргызстандан мугалимдерди да жибере башташкан убакыт эле. Эже байкуш кыз эмеспи, кичинесинде калса дагы унутпай жүрсө керек, мугалим келди дегенди угуп, ошол мугалимге барып таанышып, атайын келип: «Мен Кереге-Таштан Акундун кызымын, бир тууганым Мамаке» – деп түшүндүрөт. Кудай жалгап, тилчи мугалим буларды таанybай, Мамбетти тааныймын деп, ошол жигит кат жазып берет.

Эже бизге салам айтып, аманчылыгын билгизип: «Турган – абышкам, булар – балдарым, буюрса, уруксат сурап

жатабыз, берсе, барып учурашып келели деген үмүтүбүз бар» – деп, деле жүрөк-көңүлдү эриткен бир туугандык жылуу-жылуу сөздөрүн айтып жаздырган экен. Энем байкуш кызынын аманын билбей кетти, анан канча жылдан бери Каличасынан биринчи жолу кат келгенин да билген жок. Чынында эле, ага чейин эч кимибиз анын аман-соосун билген эмеспиз. Андан кийин Кытай менен биздин байланыш жакшы болбой калды, ошол бойдон эжеден эч кандай кабар болгон жок.

Ошентип жүрүп, төрт жыл мурда – 2008-жылы Үрүмчүдө хирургдардын чоң жыйыны болуп, ошого чакырылып барып калдым. Бизди ушунчалык урмат-сый көрсөтүп тосуп алышты, беш жылдыздуу мейманкананын люкс номерине жаткызышты. Мага казак профессору Серик, анан бир кыргыз врач кызды бекитип койду. Күн-түнү менен ошолор ээрчитип көрсөтүп, түшүндүрүп жүрүштү. Кыргыздар жашаган Кызыл-Суу Кыргыз районуна да самолет менен учуп бардык. Үрүмчүдөн алыс, эки саатта жетет экен. 140 миң кыргыз жашайт. Турмуштары ушунчалык оңолгон, мени космонавттарды тоскондой эле тосушту, өтө көп эл чогулган. Кечинде өзүнчө конок кылып, чоң концерт беришти. Эми артисттеринин үнү, кийген кийим-кечеси көргөн адам суктангандай. Азыр врач жетекчилери дагы өзүлөрүнөн – кыргыздар экен. Губернатору түшүнүгү кең, терең маданияттуу адам болуп чыкты. Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүн башкаргандардын бизге көз карашы абдан түз, эмне сурасак, сурабасак дагы жардамын өз убагында берип турат дейт. Бирок окугандары кытай тилинде экен, сүйлөгөнү баары бизче – кыргызча, ошондой болсо да биздин тамга менен жаза алышпайт.

Губернатор айтып берди: «Мамбет агай, турмушубуз жакшы, кыргыздар жакшы эле жашап жатабыз», – деп. Бир мисал, Кызыл-Сууда, райондун борборунда 200 кыргыз бала интернатта жатып окуйт экен, кийим-кечеси, тамак-ашы, окуусу бүт бекер – өкмөттүн эсебинен. Дагы

айтканы, менден сурайт: «Мамбет агай, силер эмне болуп жатасыңар, биз бул жакта уялып, жер карап калдык», – деп. Эмне дейм, чынында эле алар эмес, биз, түшүнгөн кыргыздар, бүт дүйнөгө атыбыз таанылып, шерменде эле болуп калбадыкпы.

Ошентип жүрүп, Калича эжем эсиме түшө калып, ээрчитип жүргөн кызыма, дагы бир топ кытайлык кыргыздар турду эле, кеп салып калдым. «Ушул жакта менин эжем калыптыр, дайынын билбейбиз», – десем, жаңкы врач кыз: «Мамбет агай, мен эне-атам менен Үрүмчүдө жашайм, барганда үйгө чайга чакырам, атамдын жашы 80ге жакындап калды, санжыраны, айрыкча, бул жакка келген кыргыздарды жакшы билет. Атама айтып көрсөңүз», – деп сунуш киргизди. Чынында эле, Үрүмчүгө келгенде чакырды, ата-энеси бар экен, атасы арыкчырай, сүйлөгөн сөзү түзүк киши, сүйлөшүп отуруп: «Менин эжем Үрүмчүдө, ушул жакта калыптыр, ошондон бери бар же жок экенин билбейбиз», – деп сурап калдым. «Аты ким эле?» – деди. «Аты – Калича», – десем: «Акундун кызыбы? Мамакенин карындашыбы?» – деп кайра суроо берип, мени таң калтырып салды, укмуш адам экен. Илгери Үркүндөн барган бечара кыргыздардын көбүн билет. Себеби өзү дагы Үркүндөн барган адам экен. Айта баштады, ал эжең 83 жашында каза болгон, абышкасы дагы каза болгон, азыр эки баласы бар, бирөө 78ге барып калды, көзү көрбөйт, көп болуп калды деп. Экинчи уулу 73төргө келип калыптыр, анын жети баласы бар болуп чыкты. Алар турган жердин жолу татаал, алыс, тоонун арасында болгондуктан, барып-келиш жагы өтө эле кыйын, кабар кылыш үчүн эле 3–4 күн керек болот деп жайма-жай отуруп түшүндүрүп берди. «Ка-ап, кезиксем болот эле!..» – деп өкүнүп калдым. Кийин, ортодон үч ай өткөн соң, ошол кишинин кичүү кызы бизге, университетке эки айга стажировкага келген экен, баягы айткан эжемдин балдарынан кат алып келиптир. Мен кеткенден кийин кабарлашыптыр, ушундай таякеңер келип кетти деп. Кат-

ты окуп алып, абдан толкундандым – ушунчалык жүрөк титиретээрлик жазылыптыр. Кезикпей калгандарына өтө кейип: «Келээриңизди билгенде, Үрүмчүдөн бир ай болсо дагы күтүп, тосуп алат элек», – деп жазган сөздөрүнө өтө ыраазы болдум. Мен буларды эмес, Калича эжемди дагы таанабайт элем. Мына ушундай байкуш кыргыздар эмнелерди көрбөдү, эмнелерди башынан өткөрбөдү?!

Ошентип, бала чагым өтө оор болду, ойлочумун, ушундай турмуш менен жашай беребиз го деп. Себеби Кереге-Таштан ары-бери чыкпайсың, жанындагы Ак-Сууга бара албайбыз, анда жаман орустар жашоочу, баргандан коркчубуз сабап коёт деп.

1941-жылы согуш башталды. Турмуш дагы мурункудан өтө начарлады, эркек аттуулар армияга кете баштады. Айылда кемпир-абышка, балдар, аскерге жарабаган оорулуу, көзү көрбөгөн, кулагы укпаган анча-мынча эркектер калды. Анда машина, трактор деген жок, колхоздун негизги тиричилиги – апийим, арпа, буудай, картошка, чөп, мал чарбачылыгы эле. Болгон жумуштун баары: чөп чабуу, эгин оруу, айрыкча, апийимдин түйшүгү өтө машакаттуу, кыйын иш эле – ушунун баарын кол менен иштечү элек, кыймылдаткан күч аялдар жана жаш балдар болчу. Апийимдин отоосу тозоктун тозогу экенин баса белгилеп айтайын, мен анда кичинемден тартып, институтту бүткөнгө чейин иштедим. Арасындагы чөбүн кетмен, табке менен эртеден-кечке отойбуз, бир жумадан кийин дагы жабылып чыгат. Ошондо ойлончумун, бир чаап – отогондон кийин дагы эле жабылып чыгат, бул кандай жандуу чөп деп. Көрсө, биз жердин үстүнө чыккан – көрүнгөн чөптөрүн гана үстүртөн чаап кете берчү экенбиз, отогондон кийин таптаза болуп калчу, анан кайра эле жабылып чыгат. Чөптүн тамыры жердин астында көрүнбөй калып, кайра чыга берет тура. Түшүнгөн же түшүндүргөн киши болуп: «Ай, бала, бул чөптүн тамырын кошо албасаң, чыга берет», – деп эскертип койсо эмне. Кийин түшүндүм, бир отогондо эле та-

мыры менен кошо алып тазаланса, экинчи ал чөп чыкпасын.

Ошентип, бир иш менен бүтчү жерди биз түшүнбөстүк менен 3–4 жолу оточубуз, анан апийимдин экинчи тозогу – бул кесе баштагандагы жумушу. Текши гүлдөгөндө, апийимдин талаасы ушундай кооз, укмуш көрүнчү эле. Гүлү түшкөндөн кийин кесе баштайбыз, кескенде өзүнчө бычагы болоор эле, ошону менен түштөн кийин, күн салкындаганда кесчү элек. Күн ысыганда кескенде, кечке чейин сүтү катат, уюп, эртеси кырганда жабышып-булгап, бир топ убара кылат, кесип бүткөндөн кийин, эртеси таңга жуук күн чыга электе кырыш керек, күн чыкканда кырып бүтүп калыш керек. Ысык-Көлдө апийим менен көп жыл алек болдук.

Адегенде апийимдин эмнеге, кимге кереги бар экенин түшүнчү эмес элек. Анда сураган, кайтарган, текшерген киши жок эле. Кырып келип, каалаган убакта өткөзүп койчубуз. Кийин эле апийимдин баркы, баасы көтөрүлүп, укмуш болуп кетпедиби. Канчалык адамдар өмүрүнөн ажырап, канчасы түрмөгө отуруп келишти. Кийин кайтаруу өтө катуу болду, ошого карабай уурдачу болду. Эми азыр айдалса, менимче, пулемёт менен кайтарса дагы алы келбей калды го.

Институтту бүткөндөн кийин, 1952-жылы үйлөнүп, турмушка тыгын болоор деп өз алдымча каражат табууну ойлоно баштадым. Элдин жашоосу өтө начар эле. Эне-атамдан жардам жок, үйгө келээр замат апийимге жумушка чыктым. Келишим менен бир кило апийим өткөзсөң – 100 сом, эсимде жок, 16 кг буудайга барабар болсо керек. 15 жашар жумушка укмуштай бышкан, акылдуу карындашым бар эле. Ошол карындашым Урупай экөөбүз 9 кг апийим өткөздүк.

Урупай карындашымды бул жакка алып келели деп жатканбыз кетээрде. Башкармага кирдим, ал – Дүйшөналы деген биздин айылдык, мага кайнагалык жайы бар, мурда

райондо иштеп жүргөн киши эле. Келсем, 900 сом бермек: «Ой, бала, сен калың төлөп жүрөсүңбү, ушуну менен кутулуп алчы», – деп 300 сомумду бербей койду. «Ой, аба, институтту жаңыдан бүтсөм, үч киши кетип баратабыз, калыңды кийин мен тыңыганда берейин», – десем дагы болбой, бербей койду. Ичимден акмак киши экенсиң деп, айла жок кете бердим. Кийин апийим кесээр алдында Акпака деген сыйкырланчу жерибиз бар, ошол жерге бир ак боз бээни сойдуруп, канын чачып, айылдын молдосун алып келип, «Ак боз аттын каны урсун!» дедиртип, колдоруна куран карматып, элдин баарын бирден чубатып өткөрөт. Түшүнгөн комсомол балдар куранды кармабай, биздин куран бул деп комсомол билетин көрсөтүп өтүп кетишип, туура эмес иш кылып жаткан башкарманын кылыгы жөнүндө райкомго кабар беришип, алар жетип келип үстүнөн чыгып, башкармалыктан алып салат, ошол бойдон көргөн жокмун.

Бир топ жылдан соң, мен врач, профессор болуп калганымда, биринчи «Москвич» сатып алып, үйгө баратып Ак-Суунун борборундагы базарга токтосом, машинама толтура биздин айылдын аялдары түшүп алыптыр. Биринин үстүнө бири отуруп, мен: «Ой, бул өгүз араба эмес, үчөөң кал, калганың түшкүлө», – деп түшүрүп жатсам, ошол таяк таянган, кейпи кеткен «башкарма» учурашып: «Мамбет балам, оорукчан болуп калдым, өзүңө барып көрүнөйүн дедим эле, жардам кылсаң, айланайын», – деп айтканда эле көзүмө көрүнө түштү жасаган мамилеси. «Каалаган убактыңызда келе бериңиз, эсиңизде болсо керек, ошол 300 сомду ала келиңиз», – деп тез эле жооп бердим. Жаман болуп, айланып басып кетти, ошол бойдон келген жок, өлдү деп уктум.

8-классты бүткөнчө өзүбүздүн айылдан окудум. Андан ары 10-классты кошуна айылда – Сары-Камышта орто мектеп ачылып, ошондон бүттүм. Бери жагы биздин айыл, ары жагы Кайырма-Арык, Жергез деген айылдардын ортосу деп

Сары-Камышка орто мектеп ачылган. Биринчи бүтүрүүчүлөрдөн болуп 10 бала 1946-жылы бүттүк.

Кереге-Таштан: Бекболотов Абды, Кулукеев Аалы, Саякбаев Турду. Кайырма-Арыктан: Султанбаев Асанбай, Дүйшөнов Темир. Сары-Камыштан: Коноев Султан, Субанбеков Жүрсүн, Мамыркалиев Жангазы, жалгыз кызыбыз – Эшмухамбетова Зайнап бар эле.

1943-жыл, уруш жүрүп жаткан убак. Кез-кези менен өлгөн адамдарды угузуп, ызы-чуу түшүп ыйлап, жашы жеткендерди армияга алып кетип жатышты. Айылда элдин турмушу абдан начар, ошол начарлыкка карабай, урушка, армияга эмне керек болсо, аткарууга эл даяр эле. Ойлойм, ошондогу элдин аң-сезими азыркыга караганда өтө жогору экен деп.

Айтпадымбы, өрөөн боюнча биз кедейдин кедейи элек. Мамаке армияда, колхоз бизге үч саан эчки берди, ушуну саап ичип жан баккыла деп. Катыра саап, улагына эмизбей жатып, бирөөнүн улагы өлүп калды, энеси тез эле семире баштады, күндүз бада катарында талаага кайтарып, кечинде айдап келет. Күз келейин деп, картошка гүлдөп, арпа сарала болуп калган, үч эчки эки улагы менен биздин үйдүн ортосунда жатат. Бирөө уурдап кетпесин деп жаныбызга алып жатчу элек, дат баскан жаман калай лампабыз бар, ошого керосин куюп, жүндөн беш бурап ошол бүлбүлдөп күйүп тураар эле.

Бир күнү эле түн ортосу ченде энем байкуш мени жулкулдатып ойготту: «Тур тез, бир эчки жок», – деп. Кечке колхоздун чөбүн чаап, чарчап келип катуу уктап жаттым эле, болбой эле тургузду, карасам, чын эле баягы улагы өлүп калган семиз эчки жок, тышка чыктым. Ары-бери бассам тымтырс, көчөнүн башына чейин, андан жогорку көчөгө түшүп, ары жак-бери жакты карап тыңшап чуркап келатам. Эчтеке сезилбейт. Кайра үйгө келип, эч жерде эчтеке сезилбейт, элдин баары уктап жатат дедим. Тышта энем экөөбүз ойлонуп туруп калдык. Эмне кылабыз, кай-

дан издейбиз? Ошентип туруп оюма келе түштү, биздин үйдөн бир үй ары бурчта Дөөлөтпай деген бир көзү жок, армияга барбай калган киши бар эле. Бул киши огородун күрөк менен жандан мурун айдап, картошкасы эрте гүлдөп, ошол огородунун четинде кайтарып жатканын көргөн болчумун. Ошол эсиме түшө калып, чуркап барсам, жок, көрүнбөйт, үйдүн ичинен эле эмчектеги баласы ушундай ыйлап жатат. Ал убакта эшикти кулпулоо деген жок. Эшигине жакындасам, Дөөлөтпай баласын көтөрүп чыгып келатыптыр, мени көрө коюп чочуп кетти. Мен: «Бир эчкибиз жок, тышта жатчу элеңиз, байкаган жоксузбу?» – десем, Дөөлөтпай: «Мен азыр», – деп эшикке чыкты, анан: «Бошонуп кеткендир, кудай алмак беле, эртең жарыкта табылаар», – деп кыйкырып жатканда, андан 4–5 үйдөн кийинки, четки үйдөн жарык жылт этип эле жок боло түштү. Ал Касий деген аксак абышканын үйү эле, мен түшүнө коюп: «Ырас эле, жүргөндүр, эртең издейин», – деп үйгө чуркадым. Огороддун башы менен чуркап отуруп, Касийдин жаман үйүнө сарайдын артынан секирип чыгып, морду жыттасам, бетиме ысык түтүндүн илеби урду. Чуркап түшүп үйүнө кирип баратсам, Касий абышка көчө жакта, тоок сарайынын үстүндө көчөнү кайтарып отуруптур. Мени көрөөр замат кайра качты. Эшигин ачып кирип барсам, эттин жыты бур эте дей түштү. Касийдин кемпири от жагып жатыптыр. Дөөлөтпайдын аялы, ал дагы бир бутунан аксап басчу, уурдап барган ушул Мээркан экен, бакырган бойдон: «Өлдүк!» – деп чалкасынан кетти. Күйөөсү армияда жүргөн келини төрдө кетмен менен кан болгон жерди сүрүп тазалап жатыптыр.

Мен сөзгө келбей эле, казандан колума тийген бир жиликти көтөрүп алып тышка чыга качтым. Жаман оюм, мени дагы бирдеме кылып жайлап салабы дегенсип, энемди ээрчитип, кошунабыз Жумадыл таяке армиядан келген, аны ойготтум, оорукчан, мурун актив болуп жүргөн, армияга алынбай калган Акпай деген кишини да ойготуп, ал-жай-

ды түшүндүрүп бердим. Экөө тең: «Ай, бала, азамат, кантип таап алдың?» – деп эле таң калып, мени аябай мактап жатышты, туруп кеңештик. «Ай, бала, азыр ууруулардын үйүнө барып эти менен силердикине алып келели» деген чечимге келишти. Мен андайды мурун көрбөсөм: «Өзүңөр билгиле», – дедим. Барсак, Дөөлөтпай – уурдап келген Мээркандын абышкасы кирип отурганда эле, бая мени менен барган экөө: «Ай, бала, бышып калыптыр, ушул эле жерден жейли», – дешпеспи. Эми баары ачка – ачарчылык эле да. Мен дагы кайрадан: «Өзүңөр билгиле», – дедим. Уурулар: «Ары, өйүзгө отур», – дешти. Этти алып келгенде, туура жарымын салыптыр, тиги менин кишилерим: «Эми калган чийки этин алып келгин», – дегенде, сарайына терисине ороп көөмп койгон экен, алып келишти. Аны менин алдыма коюшту. «Муну алып кет. Эртең менен булардын бир эчкисин алып беребиз», – дешти. Жеп тоюп алдык.

Тигилер: «Иттик бизден кетип калды, кечирип койгула, суранарыбыз, эч кимге айтпасаңар, ушул эле жерде калсын», – деп жалынып-жалбарып жиберишти. Убада кылдык, эч кимге айтпайбыз, эч кимге арызданбайбыз деп. Бери чыгып келатсак, жаңкы сокур Дөөлөтпай мага: «Ой, жээн, ушул эчкиңдин терисин маа бере көр, шым кылдырып алайын», – деп кыйкырып жатпайбы. Ошондо эле түз көзүнө айткан мүнөзүм бар эле: «Ошол шым жасатайын деп аялыңа уурдаттың беле?» – деп кайра катыра жооп бердим.

Таң аткыча чуркап жүрүп, эртең менен катуу уктап калган экем, күн чыга жаздап калыптыр, бирөө тамга жабыштыра бир тепти, дагы эмне болуп кетти деп ыргып тура калсам – маңдайдагы кошуна Жумалы деген сакалдуу киши, кулагы укпайт, армияга алынган эмес, сүйлөй албайт, ачуусу ушунчалык келген – дагы качырып келе жатат. «Ой, сизге эмне болду?» – десем, эне-атамдан эчтеке калтырбай сөгүп кирди: «Эчкиңди уурдаган ууруларды мага эмне үчүн айткан жоксуң?» – деп. Кулагынын укпасы эсиме түшө

калды. «Ой, таяке, эшикти тепкилеп жатып ойгото албай койбодумбу», – десем, эс алып тура калды. Бул кишинин аларга ачуусу келгени, жаңкы Касий деген абышка ушул кишинин инисин тоогумду уурдадың деп сельсоветке айдатып убара кылган, ошол эсинде экен.

Чынында, Жумалыны алпарсам, чоң чатак чыкмак. Эртесинин эртеси Касий абышка мыйрыңдап көчөдөн өтүп баратса, Жумалы баса калып өлтүрүп коё жаздаган, «Сен менин инимди тоок уурдадың деп жаман атты кылдың, а сен эчки уурдайсың!» – деп. Мен карындаштарыма: «Эртеси бададан эчкилер келатканда, булардын бир жакшы эчкисин кармап алгыла», – деп эскертип кеткен элем. Кечинде жумуштан келатсам, Дөөлөтпайдын балдары, алар кайдан билсин, эчкисин бербей, менин карындаштарымды сабап жатыптыр, мен көрө коюп үстүнөн чыгып, тиги балдарды бир топ бакырттым, жайлап жибердим. «Эмне үчүн биздин эчкини аласыңар?» – дейт. Мен: «Барып эне-атаңардан сурагыла эмне экенин», – деп жаактарын бастым. Кийин таң калганым, үйдө ажаан куу канчыгыбыз бар эле, чоочун кишини жолотчу эмес, кандай үрбөй калды дейм да. Көрсө, Мээркан жеңе биздикине келип, жаргылчагыбыз бар эле, ошого талкан тартып кетчү, мурунтадан ойлонуп даярданып жүрсө керек, ит деле ачка да, талкан тартып отуруп улпагынан берип үйрөтүп алыптыр, ошон үчүн ит үргөн эмес. Мына, уруштун, жокчулуктун бир кесепети!

Түшкө чейин окумай, түштөн кийин колхоздун жумушунда болчубуз. Жумушту укмуштай иштечү элем. Бир эле мисал, чалгы менен күнүнө 60–80 сотых жер чабам. Колхоз күнүнө үч аяк суюк жарма берет, мага эки-үч норма аткарат деп беш аяк (чоң кесе) жарма берет. Азыр мынчалык жерди 5–6 киши дагы чаба албайт. Кийин доктур болгондо отпускага барсам, атам байкуш чалгысын алып кетип баратат. «Ата, кайда?» – десем: «Чөп чапканы», – дейт. «Азыр, мен дагы чалгыны алайын», – деп артынан бардым. Төш жакка атам кетти зуулдата чапкан бойдон,

мен бир чаап эле демим кыстыгып, узай албадым, атам байкап, кайра келип: «Кой, балам, мен өзүм чабайын», – деди.

Жумушту укмуштай иштедим дебедимби, кайсы жумуш болбосун. Ошентип, башкарма, калган активдер 9-классты бүткөндө, мени күзүндө, эгин жыйыла баштаганда кырман башчы кылып шайлашты, менин милдетим – эгин бастырмай, тазаланган эгинди күнүгө жөнөтүп, мамлекетке өткөрмөй. Ал убакта мындай кызматка жетиш оңой эмес эле. Экинчи жагынан, эптеп эгин жыйнап үй-бүлөнү багыш керек болчу. Окууну унуттум, окубайм дедим, окуу башталганына 10–15 күн өтүп кетти. Бир күнү эле Сары-Камыш айылы жактан бир атчан киши келе жатат, анда машина деген жок, алыстан атчан киши келатса көрүнчү эле, жакындаганда карасам, менин директор агайым Токоев Касымбай экен. Келип, самандын түбүнө түшүп, мени менен сүйлөшө баштады. «Окуунун башталганына эче күн болду, эмне окууга барбай жүрөсүң?» – деди. Мен: «Агай, окууну бүттүм, окубайм, мындай кызматта иштеп көргөн эмесмин, менин максатым – бөбөктөрүмдү, үй-бүлөнү багышым керек, атам армияда болсо», – деп жүйөмдү айтсам, агайым: «Ай, бала, сен эле кыйналып жатыптырсыңбы? Бүт эл-журтка келген кыйынчылык бул. Уруш деле бүтөт. Андан көрө окууңду бүтүп, аттестат алып ал», – деп алда немедей сабырдуулук көрсөтүп сүйлөдү. Мен дале көгөрүп: «Жок, агай, окубайм дедимби, окубайм!» – деп кескин жооп кайтардым. Аягында, ал: «Эсиңе кел, акмактанба, бир убакта эсиңе келип, «Кап!» дебе, анда кеч болуп калат», – деди. Мен көгөрүп болбодум. «Ойлон», – деп коюп кетип калды.

Беш күндөн кийин дагы агайым келди, анда орой жаным: «Мага эмне эле жабышып калдыңыз? Окубайм!» – деп дагы кайра узатып жибердим.

Ошондон үч күндөн соң биздин айыл жактан дагы бирөө чаап келе жатат, жакын келгенде тааныдым, Чаки деген

арык тыртайган, үнү ачуу абышка бар эле, ошол экен. Бул келе жатканда түшүнчүбүз, же бирөөнү армияга чакырып, же өлгөн адамдын кагазын алып келчү, ошон үчүн бул абышка суук көрүнчү. Аттан түшпөй туруп: «Ай, бала, бери кел», – деди. Чуркап барсам, повестка берип: «Сени эртең районго чакырып жатат, эки жылга Кеминге барып коргошун казат экенсиң», – деп атпайбы. Эсим оой түштү. Үйгө келип, үйдөгүлөргө айтсам, баары ыйлап кириште, эми биздин күнүбүз эмне болот деп.

Эртеси, анда жөө эле жүрчүбүз, Ак-Сууга жөө барсам, райисполком чакырткан экен, бир чоң эски клубга район боюнча 200 бала чогулдук. Райисполкомдун төрагасы Кокоев Сары деген ушундай сулуу, сонун киши: «Кан төгүлүп жатат, акыбал өтө оор, ишке жараган эркектер армияда, ошолорго жардам керек. Силер 2 жылга Кеминге барып, коргошун казган жерде иштеп, армияга жардам кыласыңар», – деп бизди чакырган жагдайды кенен түшүндүрүп айтты. Анда «барбайм» деген сөз жок эле, эки күндөн кийин даярданып ушул жерге келгиле деп таратып жиберди, кетип баратсам: «Ким Мамакеев?» – деп сурап калды. «Мен», – десем: «Сен мага кирип кетчи», – деди. Чуркаган бойдон артынан кирип бардым. Отургузуп, түз эле: «Эмне үчүн окубай жүрөсүң?» – деп суроо берди. «Агай, атам армияда, чоң атам, энем менин колумда, бөбөктөрүм көп, өтө кедей үй-бүлөдөнбүз, ушундай ишке ишенип койгондон кийин окубай эле коёюн дедим эле»,– десем, бул агай дагы акыл-насаатын айтып: «Мен сени калтырайын, окуйсуңбу?» – дейт. Сүйүнүп кетип: «Агай, азыр эле окуума барайын»,– десем, күлүп: «Бир-эки күндөн кийин бар, бул балдар атаандашат, эки күн көрүнбөй туруп, анан бар», – деди.

Эки күн огороддун башында чоң калың кендирибиз бар эле, ошонун арасында сойлоп жатып, эки күндөн кийин окуума жетип барсам, директор агайым ачуусу келип: «Эмне келдиң? Сен мен эки жолу барсам дагы болбой койбодуң беле, же сени бирөө коркуттубу?» – деди. «Жок, агай, өзүм

эле окуюн деп келдим», – деп шылкыйдым. «Акмак десе, болуптур, окуй бер», – деп койду.

Кийин уксам, байкуш агайым, айласы кеткенде райисполкомго барып сүйлөшүп, ушинтип коркутуп алып келип бербесең болбой койду дептир. Ушул агайыма өмүр бою ырахмат, менин киши болушума, ушундай даражага жетишиме биринчи себепкер болгон – агайым.

Токоев Касымбай агайым мени артымдан кубалап жүрүп окутту дебедимби, же бул агайым менден бирдеме чыгаарын сезгенби, билбейм. Өмүрү кыска экен, 53 жашында кайтыш болуп кетти. Институтту бүткөндөн кийин мен ушул агайымдан кол үзгөн жокмун, барган сайын кезигип турчу элем. Кайтыш болгондо бара албай калдым, кабар берилген жок. Кемпири ушул күнгө чейин тирүү, Бишкекте инисинин кызы менен турат экен, колумдан келген жардамымды берип турам.

Ошентип, 8-класстан тартып, Сары-Камыш орто мектебинде окуп жүрдүк. 8–9-класстарда экенде 3 км жерге жөө барып келип окуйбуз, кийим деген жок, тон, тери шым, кийиз өтүк, жамаачы чокой. Жер кургакта, кар чоң жаап, суукта эчтеке эмес, анан март айынан ала-шалбырт башталганда, ошондо көрчү элек тозокту. Үйдөн чыкканы мен бир боо кургак саманды колтуктап ала чыгам. Бир аздан кийин эле таман чылпылдап кетет, суу саманды алып салып, кургак саманды сала коюп, дагы бир топ жерге чылангыча чуркап, мектепке жеткиче төрт жолу алмаштырып барчу элем. Кийин врач болгондо түшүнгөнүм: ошондогу биздин организм – чың организм, мыкты ден соолук болгон! Ооруп калуу деген жок эле, ошондо эле Кудай таалам жардам берип, шорубуз чыгып кетсе керек.

10-класска жеткенде интернат ачылып, ошол жакка тамак-аш берип жатып калдык. Ошондогу окуунун сапаты тууралуу айтсам, жогорку же орто билимдүү бир да мугалим жок экен. Окуу китеп, сыя, дептер дегенди көргөн жокпуз. Жаңы дептердин ордуна эски китептерди пайда-

ланып, сыянын ордуна өзүбүз күзүндө бөрү карагаттын ширесин сыгып алып, ошону менен жазчу элек.

1943-жыл болсо керек, күзүндө эгинди Караколдун аягындагы эгин төкчү жерге ат араба, өгүз араба менен алпарып төгүп турдук. Биздин айылдан 12 арабакеч өңчөй аялдар, жаш балдар элек, ушул арабакечтерге мени бригадир кылып коюшту. Анда бригадирди районго алпарып, милициядан, прокуратурадан зыкып бекитчү. Пристанга төкчү жерге барганда, өзүбүздөн чоң кап эгинди майышып-тырышып жатып көтөрүп төкчүбүз. Кийгеним – туш-тушунан жамаачы салынган жаман шым, энем байкуш күнүгө тигип берет, күнүгө айрылат, себеби чүпүрөктүн сапаты эскирип, жарабай калган.

Бир күнү Ак-Суу айылынан өтүп баратсам, эсимде, Имаке деген сакалдуу киши көчөдө токтотуп алып, кадимкидей ыйлады: «Айланайын, балам, балдарым ачкадан өлгөнү жатат. Колуңдан келсе, жардам кыл», – деп. Боорум ооруп: «Болуптур, аракет кылып көрөйүн»,– деп, эртеси бир мүшөк арпа бердим. Имаке: – Ырахмат,– деп жүнү алынбаган, бир тери шым берди, ошону кийип алып, көчүгүм жабылып жыргап эле калдым. Бир аздан кийин жыргаганымды чыгара баштады. Күн ысык, тердетип, думбалап дегендей, баса албай калдым, кечинде үйгө келип, энеме чечип карматып: «Эне, мунун азабы өттү, ушунун жүнүн алып берчи», – деп алдырып салып, эртеси кийип алдым. Эми дагы азабымды берди, отурсам-бассам кыркылган кыска жүнү этимди сайгылап, бастырбады. Айлам кетти, ойлонуп отуруп, аңтарып жүнүн сыртына каратып кийип алдым, жыргап эле калдым, ошентип, көчүгүм жабылып жүрдү.

Дагы эсимде калганы, ошол эле убакта айылга согуштан майып болуп келген бирден-экиден адамды бөлүштүрүп берчү. Өтүп баратсам, Бешкемпир деген абышканын үйү болсо керек, мал багат, үйү бош, ошол үйгө бир буту жок чолок орусту аялы, үч кызы менен киргизип коюптур, ал орус эки балдак таянып кадимкидей ыйлап: «Айланайын,

ачкадан өлүп бара жатабыз, жардам кыл», – деп жалооруп кайрылды. Боорум ушунчалык ачыды. «Макул, ал түндө аракет кылып көрөйүн», – деп кетип калдым. Эгин төгүп, бир мүшөк буудай, бир кап арпа менен келатам, түнкү саат бирден өтүп калган, күн бүркөк, караңгы көзгө сайса көрүнбөйт, үйүнүн жанына токтоп, мүшөктөгү буудайды көтөрүп чуркап кирип үйүнө төгүп салып эле, кайра чуркап чыктым, бир-эки эле мүнөт өттү го арадан. Арабама чуркап келсем эле, арабанын үстүнө бир киши отуруп алыптыр, жүрөгүм түшүп калды. Таң каларлык: асмандан түшө калгандай же ошол жерде мени аңдып тургандай. Көрө коюп, баспай туруп калдым. Тиги киши: «Бас бери!» – деп каптан арпамдын оозун ачып сураганы: «Кайда кирип чыктың?» – дейт.

Кудай жалгап, оруска берген буудайды билген жок, көрсө, колхоздун бухгалтери – атам менен жашы тең Асанбек Чокоев деген сакалдуу киши экен. «Аба, заара кылып келдим», – деп койдум. Арабага түштүм. «Айда», – деди. «Кайда?» – десем: «Менин үйүмө», – деди. Үйүнө айдап бардым, «Арпаны түшүрүп, үйүмө киргиз», – деди эле, киргизип бердим. Кайра арабага түштү: «Айда», – деди. «Кайда?» – десем, «Кырманга», – дейт. Кырманга барып аттарды чечтирди, бирөөнө мин деди, миндим, өзү учкашып алды, кайра айылды көздөй жүр деди, келатабыз. Мени менен теңтуш арабакеч Сарыбаш, Мухамед, Ишен, дагы бир үч-төртөө үйлөрүнө кетишкен, ошолордун үйлөрүнө алып барды, аларды тургузуп сурай баштады. «Мамбет айтты, алып келген эгиндерди алып чыккыла», – деп. Мен: «Калп айтат, булар эчтеке алып келген эмес!» – деп кыйкырып жибердим. Артымда учкашып келатып: «Жаңкы жанындагы балдар бирөөгө мактанат экен, Караколго барганча эгин саттык деп, ушул чынбы?» – деп сурап жатпайбы. Мен унчукпайм, чынында, андай болгон эмес, сатмак турсун, түшүбүзгө да кирген эмес. Унчукпасам: «Ай, эмне унчукпайсың, чын беле сатканыңар? Сатсаңар дагы ичиңерде

эле болбойбу, жар салбай», – дейт. Мен: «Ой, аба, эмнени сурап жатасыз? Андай болгон эмес», – деп жооп берем. Кыдырып бүтүп, түнкү үч болуп калган, үйүнө түшүп калып, кете бер деп коё берди.

Сарсанаа болуп бүттүм, ошондо 12 кг буудай үчүн эле 2 жылга кесилип кетишчү. Эртеси түш ченде шылкыйып үйгө келатсам, контордон мени кармаган Асанбек бухгалтер чыга калып: «Ай, бала, бери кел», – деп конторуна алып кирди, эки барак кагазга жазган экен, үстүн басып алып окутпай: «Кол кой мобу жерге», – деп аягын көрсөттү. «Ай, аба, бериңиз, мен окуп чыгайын», – десем: «Окубайсың, кол кой дегенден кийин койбойсуңбу», – дейт. Ошондо эле оройлугум – түз урмай жерим бар экен, мени баласынтып, кемсинтип жатканына ачуум келе түшүп, кагазын алып тытып-айрып салып, басып кеттим. Артымдан чыгып: «Мен сени Сибирге чиритем», – деп кыйкырды. «Чирите албайсың, энеңди ал», – деп, арабама түшүп кете бердим.

Кечинде активдер – башкарма Муса деген чала сабат, атам Мамаке менен теңтуш киши эле, армияга алынган эмес, оорукчан болсо керек эле, парторг, армиядан келген кампачы Самсалы, бригадир Жумалы – конторго чогулганда, бухгалтер Асанбек буларга баарын айтып берет. Ушинтип кечээ түнү бир кап арпа уурдап келатканын кармап алдым, уруш жүрүп, кан төгүлүп жатса, бул жакта минтип чыккынчылык жасап, ууру кылып жатса, мындайларды сотко берип, каматып-жоготуш керек дейт. Самсалы өтө эстүү, адамкерчиликтүү адам эле, ошол жерден: «Карап көрөлүчү квитанцияларын» – деп сураптыр. Себеби мен бригадир катарында күнүгө 12 арабанын эгинин өткөзүп, ар бир арабага 6 центнерден буудай батчу, документин алып келип тапшырам. Бир жеринде чатак жок, ашып калды, кемип калды деген сөз жок. Көрүп туруп, Самсалы айтыптыр: «Документтери таза экен, атасы армияда жүрсө, бөбөктөрүн эптеп багып жатса, бул арпаны уурдап алдыбы, сурап алдыбы же таап алдыбы – биздин эмне ишибиз бар,

ызылдатпай тим эле койбойбузбу?» – деп. Анда закон күчтүү, законго таяп, дагы Асанбек: «Ууруну жашырабызбы? Болбойт, жазалаш керек», – деп көгөрөт.

Эртеси бригадир Жумадыл, аны таяке деп койчумун – кезигип баарын айтып берип: «Сени арабадан – бригадирликтен алып салды. Арабаңды Исмаилге бер»,– деди. – Макул дедим, Исмаил мени менен теңтуш эле – издесем, көрүнбөйт. Кайра кырманга барып, дагы буудай салып төккөнү айылга келип калсак, өзү күтүп турган экен, арабаны мага берди деп. Мен: «Бүгүн муну төгүп келейин, арабаны эртең ал», – десем болбойт. Арабага түшүп алды, бер деп айтсам түшүнбөйт, арабанын үстүнөн жабыштыра чаптым эле, кулап түшүп, кың дебей кетип калды. Жолдо баратып ойлондум, эмне кылсам деп. Башкарманын баласы Ишен менден эки жаш улуураак эле, ал да арабакеч, чогуу иштейбиз, ойлодум ушул Ишенди кошо ала жыгылайын деп. Эгин төкчү жерге барганда, эгин алчу киши мени жакшы көрчү, таанышып калдык эле, ага чынын айттым. Бери менин арабакечтериме айттым, бүгүнтөн тартып мен приемник менен кошо отуруп, ар бирибиздикин өзүнчө тартып өткөрөбүз деп. Аягында, Ишендин арабасынан 60 кг жетпей калды. Ишен мени менен мушташып кетти, сен атайын жасадың деп. Мен ага: «Ай, мен алып жаткан жерим жок, бу киши алып жатпайбы», – десем, тиги киши да Ишенге: «Ай, бала, Мамбеттин эмне иши бар? Мен алып жатпаймынбы», – деп оозун басып койду. Ошону менен Ишен калды.

Кечинде конторго, бухгалтерияга келип, документтеримди өткөзүп кеттим. Дагы активдер чогулат, башкарма карап отуруп: «Бул балээ бала экен, муну атайын жасаган», – деп арам санайт. Ошондо дагы Самсалы: «Туура кылган. Ар бир арабакеч өзүлөрүнчө жооп бергени жакшы», – деп айтыптыр. Ошону менен арабаңды өткөзүп бер деген жан болгон жок. Эки-үч күндөн кийин бригадир Жумадыл таяке сурайт: «Ай, бала, муну кантип ойлоп таптың?» – деп.

Бир топ күн өтүп кетти. Асанбек абадан сөз жок, баарылап жатып оозун басышса керек. Басылганын билип, конторго кирип: «Асанбек аба, жок дегенде кабымды бериңизчи», – десем: «Үйгө барып, үйдөн ал», – деди. Үйүнө жетип барып капты алайын десем, кабым бош – бошотуп коюптур. Себеби өзүлөрү деле ачка, эчтекеси жок эле. Ошондон кабымды алып кайра контордогу Асанбекке жетип келдим. «Эми мен сени сотко берем, ичиндегиси кайда?» – деп опурулуп кирдим эле, Самсалы, Жумадыл экөө турган экен, Асанбек кың эткен жок. Тиги экөө мени эшикке алып чыгып: «Ай, бала, жаагыңды басчы, мунун жаагын баарылап эптеп бастык эле, эми сен баштайсыңбы, башыман садага деп койчу», – деп менин оозумду басышты. Ушул Асанбек армияга барган жок, эмне үчүн экенин билбейм, айылда атагы чыккан кишилердин бири эле, көп кишинин убалына калган дейт.

Кийин ойлосом, бизди Кудай чоң колдоптур. Биз дагы күнүгө чогулуп алып түнкүсүн бир топ күнү издедик, Кудай жалгап кезиккен жок, кезикkенде балалыктык кылып майып кылып коёт белек.

Балалык чактагы оор турмуш эч качан унутулбайт экен, менимче, унутулбаш керек. 1944-жылдын аягында, же 1945-жылдын башында чоң кар түшүп, суук эле, атам Мамаке армиядан келип калды. Эсимде калганы, балдар чогулуп алып тоого чыгып, килейген карагайды койгулап жатып жыгып алып, аарчып, тумшугун жасап коё бергенде укмуштай учуп отуруп коктуга түшчү, менин карагайым 5 метр коктудан чыгып түптүз эле жолу жок талаага кирип кетип токтоду. Эми аны алып чыгыш өтө кыйын. Түнкүсүн өтө суук, кар калың, колхоздун өгүздөрүн уурдап чыгып, атам мен дагы барайын деп чогуу жөнөдү, колхоздун кара жумушун катырчу, оң колунун чыканагына согушта ок тийип, талкалап кеткен экен, өйдө-ылдый кыймылдабайт. Бир колдун манжалары, бармактары жумулуп-ачылып иштейт экен, сөөгүн талкалаганы менен тарамышы аман.

Барып, коктудан ылдый карагай кеткен жолго эки өгүздү жетелеп, карды жиретип бастык. Карагайдын ортосунан эки бөлүп, өгүздөр менен өйдө карай тик сүйрөтүп жолго чыгардык, ошондогу жаныбар өгүздөрдүн күчтүүсүн айтпа. Атам байкуш өтө ыраазы болуп, мен чоңоюп ишке жарап калганыма таң калып, карагайды көрүп: «Ай, балам, муну кантип жыктыңар? Тумшугун дагы укмуш жасаптырсың, ошон үчүн күү менен түз ылдый сойлоп кеткен тура», – деди.

Ошентип, жаз келди. Турмуш дагы эле өтө начар, эчтеке жок, ачарчылык. Колхоз биздин кедейчиликти билип туруп, өзүбүздүн эле жакын тууган Тайлаков Мамбет деген киши Мамакеден улуу эле, армияга барган жок, өмүр бою жылкычы болуп иштечү, атамды ушул кишиге жардамчы кылып, бир алачык таап берип, үй-бүлөсү менен жайлоого жиберди. Негизги максат – ачка өлбөсүн, жайлоодо сүт, кымыз менен жан баксын деген ниет болсо керек. Жаман үйдө жалгыз мен калдым. Окууга барам, келээр замат колхоздун жумушу, талаа-жер айдала баштады, ал убакта кыштата өгүз-аттарды багып семиртип, анан сокого салчу эле. Трактор, машина дегенди көргөн эмеспиз, ошентип талаа айдалып бүттү.

Бир күнү Мамбет абышка 5 кысыр бээ менен келип, өзүнүн туугандарынын огороддорун күн-түн дебей айдап, аягына чейин мен айдашып бүтүп калганда: «Ай, чоң ата, бээлериңизди мага берип туруңуз, мен огородду айдап ала коёюн»,– десем: «Ай, бала, бээлер чарчады. Мен барар замат башка бээлер менен Мамакени жиберем», – деп кетти. Мен ишенип кала бердим, ошондон кийин мына келет, ана келет деп күттүм. Атам келген жок, каттаган кишилерден кат жазам, атам латын тамганы окуй алчу, мен 4-класска чейин мектепте латын тамгасы менен окуп калгам. Кат түшүнсүн деп кыска эле: «Азыр кымыз, сүт менен жаныңарды багып жатасыңар, а кышында кантесиңер?» – деп

жазсам да баары бир келбей койду. Мен билгенден, башынан эле капа-кайгы дегенди билбеген, камаарабаган киши эле, кенебесине көзүм жетти. Колхоздун талаасы айдалып бүттү, өзүм аракет кыла баштадым. Огород эски беде эле, аны түнкүсүн абдан сугарып, соконун тишин Жумалы устага чыңатып, өзүм бир өгөө таап алып бычактай курчутуп, өгүздөрдүн баарын төшкө чыгарып жибериптир, барып алты өгүздү тең кошуп, арык немелер баспайт, жыгылат, бечараларды улам откозуп отуруп, араң дегенде кечке жуук беденин ордун айдап бүттүм.

Эми, айдаарын айдадым, бирок үрөндүн даны жок, колхоздун кампачысы армиядан аксап келген Сыдык аба эле, ошого барып: «Аба, огородго сепкидей эчтекем жок», – десем: «Тээтиги тару салган кампага барсаң, түбүн шыпырып алсаң, анча-мынча тару чыгат», – деди. Барып, топурагы менен шыпырып алсам, жарым чакадай эле чыкты. Үйгө келатсам, Батма жеңе – Дүйшөнбү абанын аялы, шакылдаган кыйын жеңе эле, ушул айтчу: «Сен 1927-жылы туулгансың, улуу балабыз Жуматайдан 6 ай кичүүсүң», – деп. Ал көрүп: «Биздикинде бир чоң чыны тару бар, ошону ал», – деди. Ошондо айылда эркек жок – жалгыз сакалдуу Качкеев Карымшак деген бар эле, ал – Кадыркул Качкеевдин агасы, мага таяке, Мамакеден улуураак, колхоздун жумушун өмүр бою укмуш иштеген кишилердин бири болчу. Бешим ченде үйүнө келсем, Карымшак таяке сугаттан жаңы эле кирип, бутун тарта албай келип жаткан экен, айттым: «Таяке, огородду айдап алдым, эптеп үрөнгө тару таптым, ушуну сээп бериңиз», – деп. Таруну себүү көрүнгөн эле кишинин колунан келе бербейт, билген киши гана себе алат. Таякем: «Ай, балам, бутумду тарта албай араң гана келдим, бара албайм», – деп тескери карап жатып алды. Сезип турам, анын үстүнө ачка да, мен көгөрүп отуруп алдым, корулдап уктап баратат, аны бутка уруп: «Таяке, тур, сээп бер», – дейм. Болбойт. Мен көктүккө салып түрткүлөп болбой туруп алдым эле, башын көтөрүп: «Ай, атаңдын

көрүн урайын, жанды койбогон немесиң го?» – деди. Мен: «Койбойм, тур, сээп бер!» – десем, айласы кетип байкуш киши турду, барып топурак аралаштырып сээп берди.

Чындыгында, ачка, чарчаган киши жөө 40 сотых жерди баш-аягына чейин басып себиш оңой эмес. Менин жанын койбой көгөргөнүм, мурун бул киши сугат сугарат, мен жардамчы, кулактын башында туруп кыйкырганда, үнү ачуу киши эле, быякка тур, тыякка тур деп команда бере берчү, эки бутум, балтырым кесилип кетип баса албай, канча азапты көрбөдүм. Болгон дарыбыз – солидол. Анчамынча менин мүнөзүмдү, ишке тың экенимди билип калган. Сээп бүтүп, эми аны тырмаш керек, кечке жуук талааны тырмап бүтүп, эки бала тырмоочун сүйрөтүп келатыптыр: «Ой, бере тургула, мен түнү бою тырмап алайын», – десем, экөө тең макул болбойт. Экөөнү тең тээп аттан ыргыта коюп, аттарын тартып алдым, аттары дагы өтө арыктаган, араң эле басат, үйгө алып келип чечип, талаага бедеге алпарып 3–4 саат откоздум, курсагын тойгузуп, таң аткыча тырмап бүтүп, таңга жуук аттарын бердим.

Эртеси, аркы үйдө Өмүралы деген көзү көк абышка бар эле, басып келип: «Ай, бала, эмне кылып жатасың?» – деди. «Көрүп турбайсыңбы эмне кылып жатканымды», – деп оройураак жооп бердим. «Үркөр кайда келди?» – дейт. Мен: «Үркөрүңдүн мага кереги эмне?» – десем, абышка: «Билбесең, билип ал, үркөр төбөгө келди, төбөгө келгенден кийин эмне айдасаң дагы өспөйт, тескерисинче, кайра ылдый өсөт, кеч айдап, кеч үрөн сепкенде ошондой болот», – деп басып кетти. Мен эсим ооп отуруп калдым, бул абышканы чакырган киши жок, өзү басып келип мени жаман кылып кетти. Канча кылган менен көптү көргөн, сакалдуу киши айтып жатса, шек алып ишенип калдым. Ошондон тартып күн-түн дебей ошол тарууну эртели-кеч карайм, өсө элек, чыдабай акырын топурагын чукулап тарууну таап алып, акырын карайм, өйдө өсүп жатабы же ылдыйбы деп. Бир

жумадан кийин го, түнкүсүн таң аткыча жаан жаап чыкты. Эртең менен чуркап огородго барып карасам, баягы күткөн таруум текши, укмуштай жайнап чыгыптыр. Ошондон чуркап барып Өмүралы абышканы: «Жүрүңүз» – деп жетелеп келдим. «Ай, чоң ата, өспөйт, ылдый өсөт дебедиң беле, мына, жайнап өсүп чыкпадыбы?» – десем: «Өскөнү менен бышпайт», – деп дагы басып кетти. Ошондон кийин бул абышка мага мокочо көрүнчү.

Кийин күзүндө укмуш бышып, көп түшүм алышыптыр. Мен 10-классты бүтүп Фрунзеге кеттим, ошол таруунун жарымын Мамаке буудайга алмаштырып, жарымын кышы менен бозо кылып ичип чыгыптыр.

Дагы эсимде калганы – унутулгус чөп чабуу убагы. Анда бир күнү жалпы элге уруксат берчү, чөптү уруксатсыз каалаган убакта чапса, чөбүн алып коюшчу. Уруксат бергиче, ар бирибиз талааны акырын кыдырып, кайсы жерде жакшы чыккан чөп бар – көзөмөлдөп карап койчубуз. Мен колхоздун чөбүн чабам, өгүздү минип алып өгүз араба айдайм, айылдын четинде «Шалба» деген жерибиз бар, негедир айдалбай, жыш кара сулуу укмуштай чыкты. Кенен жер, ошол кара сулуу азыр дагы көзүмө элестеп турат. Жел же шамал болгондо карап турчу элем, ушундай теңселет, ары-бери ооп чайкалганда, ушундай көркөмдүк – адам карап эле тургусу келчү. Ошонун эң калың, таза сеңселип чыккан жерин тандап, баамдап карап кайтарып жүрдүм.

Бир күнү угуп калдык, эртең чөп чапканга уруксат берет экен деп. Жаман чалгымды чыңап-таптап, даярдап койдум. Ошол түнү ай жапжарык, эл жатканда ай төбөгө келип калган, чалгымды көтөрүп алып барып загон салып, бир гектар чамасында жерди айланып баратам, бир айлана элекмин, жакындап калдым эле, айылдан бир атчан келатат, анда тымтырс, алыстан атчан киши чыкса тез эле көрүнчү. Түз эле мени көздөй келатат, мен активдер экен деп чөптүн арасына жата калдым, тиги киши көрдү, чапкан из менен таап алды. Атынан түштү, чалгысы бар, кара-

сам, Иманбай деген бай абышка экен, Мамакеден улуу. Мени көрө коюп эле: «Атаңдын көрүн урайын, бул жерди мен кайтарып чабайын деп жүрсөм, сен желмогуз, кайдан чыга калдың?» – деп демитти. Мен: «Ой, чоң ата, бул жерди мен дагы жаңыдан өсүп келаткандан бери кайтарып жүрөм», – дедим. Жакын келип, жаакка бир чапты: «Жогол көзүмө көрүнбөй!» – деп. Менин алдыма түшүп алып күпүлдөтүп чаап кирди. Мен: «Чаба бер, мага жардам берип жатасың» – деп жинине тийдим окшойт, кайрылып келип бир тепти. Мен: «Эми бир кайрылып чапсаңыз, таарынбаңыз», – деп эскертсем, дагы качырды эле, мен кармаша кетип, көтөрүп чаптым да, төшүнө мине калдым. Түшүндү: «Тур!» – деп боктоп, чалгысын алып каңкылдап тилдеп кетип калды. Айылда ушул Иманбай биздин тууган Токтосун деген экөө өтө бай кишилер эле. Байлыгына салып, мен кедей 15 жашар бала болсом, ай, ушуну койчу деп кемсинткендер көп эле болду.

Таң аткыча, эртеси чаап бүтүп салдым да, окууга кеттим. Көп жыл өттү. Кийин медицина илимдеринин кандидаты, кафедрага мугалим болуп калган убагым. Айылга отпускага барсам эле, эртеси ушул Иманбайдын туугандары болуш керек, Акмат деген сакалдуу киши – мурун деле билчү элем, үйгө келип калды. Учурашып отуруп: «Мамбет, биздин сакалдуубуз Иманбай абышка катуу ооруп жатат, ошону барып көрүп бер», – деп турат. Эсиме түшүп секирип кеттим: «Жок, мен бошобой Караколго кеткен жаттым эле», – деп жанталашып жибердим. Акмат абышка: «Кой, Мамбет, антпе, Иманбай абышка өзү сурап жатат», – деп турбаспы. Айлам кетти, эмне кылам, ошондон бери бул кишини көргөн жок элем. Айлам жок бардым, барсам, өзүнүн туугандары, сакалдуулар отуруптур, Иманбай абышка чын эле төшөктө ооруп жатыптыр. Жанына барып отуруп, өңүн карай албай тамырын кармап, оорусунун ал-жайын сурап, кантип тез чыгып кетиштин амалын издеп жатам. Сүйлөшүп бүтүп, билген дары-дармегимди

айтып, сакайып кетиңиз деп турайын десем, тамак ичип кет деп болушпайт. Мен такыр макул болбодум, болгон ишти экөөбүз гана билебиз, башка эч ким билчү эмес, абышка кантип айтсын, ушул жарыбагыр көтөрүп чаап төшүмө мине калды эле деп, мен кантип айтам бирөөгө? Болбой эле кетейин деп турдум эле, Иманбай абышка сөөмөйүн көрсөтүп: «Мен билдим эле ушундай болооруңду», – деди. Эми бул кишилердин баары аркы дүйнөгө кетишти, арбактары колдосун.

Дагы бир эстен кеткис окуя. Кийин ушул мага жардам берген – кайнене болот деп, бирок болбой калган «кайненеме» чоң ырахмат. 9-класста жүргөн убагым. Биздин айылда чоңойгон, өзүлөрү Сары-Камыш айылынан – Курман деген киши бар эле. Бир кызы бар, ал 7-класска чейин биздин айылда окуп, андан кийин окубай калды. Эне-атасы, Кызыл-Кыя деп коёбуз, Каркырадан бери жайлоо, тоо, калың карагайлуу жер эле, ошол жакка тоонун арасына жыгач үй салып, жайы-кышы мал-салы менен ошол жакта жашашчу. Мен ал кыз – Токор экөөбүз эс тарткандан баштап, негедир бири-бирибизди жакшы көрүп калдык. Ошо жакка кеткени анда-мында эле келип калчу. Бая балалык сүйүү сезими болсо керек, экөөбүздө тең. Ал убакта аял алуу менин түшүмө да кирген эмес. Себебин айтпадымбы, уруш убагы, анан кедейчилигибиз. Кызыл-Кыяга биздин айылдан барыш үчүн тың ат болсо, эртең менен чыксаң, кечинде жетесиң, кыштын күнү суук, кар өтө калың. Декабрь-январь айлары болсо керек, бир күнү эле атчан ошол кыз мага келип калды, учурашып сөз сурай электе эле ыйлап кирди. «Ой, эмне болду, эсенчиликпи?» – дедим. Айтканы ушул болду: «Мени күйөөгө бергени жатат».

Мен айттым: «Кайдагы күйөө, эркек кишилер жок болсо, же бир абышкага токолдукка барганы жатасыңбы?» – деп. Антип тамашаласам, ыйлайт эле, ыйлайт. Көрсө, ажеси бар экен өлүп калган, ошого кудалап коюптур, эми ошол жигит армиядан келиптир. Атасы: «Эжеси өлсө, эми сиң-

диси бойго жетип калыптыр, ошону алабыз», – деп маселени кабыргасынан коёт. Ал жигиттин өңүн дагы такыр көрбөптүр, тааныштыгы жок, ата-энеси макул болот. Себеби мурун анча-мынча калыңын өткөзүп койгон да. Эмне кылам деп эле ыйлайт. Мен: «Ай, менде андай ой жок, өзүң билесиң биздин кедейчиликти», – десем: «Мен эне-атама айттым, ал кишилерге өлсөм дагы барбайм, менин жакшы көргөн жигитим – Мамбет дедим», – дейт. Мени укканда энеси: «Ай, койчу, анын ити да жок, томояк немеге барасыңбы?» – деп секирип кетет. Аягында боорум ооруп: эртеңкиге чейин коюп турчу, энеме, Бердибай деген чоң ата бар эле, ошолор менен кеңешип көрөйүн деп, кечинде Бердибай чоң атама, энеме кеңештим, болгонун болгондой айтып бердим, экөө тең: «Ал, Кудай берет, тобокелге сал, намыс үчүн», – деп турбаспы. Мен алганда, кандай жашайм, ансыз деле үй толтура бүлө, бир жамынарга жуурканыбыз жок десем, болушпайт, ала бер деп.

Эртеси Токор кезигип, макул болду. Бир жумадан кийин бармай болуп болжоштук. Мукамбет деген жолдошум барып бирөөнүн үйүн сурамыш болот, ошондон билип даяр бол дедим. Макул болуп, ага чейин мен энемди макулдатууга аракет кылайын деп кетти. Бир жумадан кийин, болжошкон күнү чанага эки ат кошуп, Ишен, Мукамбет деген эки теңтушумду күйөө жолдош кылып алып, кардын калыңдыгы, сууктун укмуш убагы эле, эртең менен чыгып, күүгүмдө араң жеттик. Сүйлөшкөндөй, Мукамбет бир атты чечип минип алып кетти, Ишен экөөбүз коктуда турабыз. Алардын үйү жогору карагайдын арасында, бийик жерде экен, Мукамбетти энеси көрө коюп аттан түшүрүп, өзү бизди көздөй чуркайт. Карасак, энеси далдаңдап чуркап келе жатат, келип эле: «Жүргүлө үйгө, үшүп кетесиңер», – деп үйүнө чананы айдатып барды. Эт салып тамак берди, энеси: «Сен, бала, убара болбо, кызымды сага бербейм, итиң да жок томояк бечарасың, аялды эмне кыласың?» – деп түз эле мени жайлап кемсинтти, үн жок – эчтеке айта алган

жокмун. Чынында эле ошондой элем. Кызы болсо чыдабай, макул болбосо дагы мен Мамбетке барам демиш болду. Таң аткыча бир казак кошунасы экөө уктабай кайтарып отуруп алды.

Эртеси шылкыйып үйгө келе бердик. Жолдон айылга баргандан уялып, Сары-Камышта окуган мектебимде калып калдым, Эртеси уксам, айылда тууганары – энесинин сиңдиси Сары-Камышта сельсовет Атый деген өңдүү-түстүү, зыңкыйган сулууча аял бар эле, анын биздин айылда ооруkчан, армияга барбай калган Акай деген тууганы түнү менен жолду тосуп, кайтарып отуруптур. Эгер алып келип калса, жолдон алып калалы деп. Эки жумадан кийин жаңкы Ишен деген жолдошум келип калды: «Мен шахтага көмүргө баратам, жүрү, жанагы кызыңа бара келели», – деп, себеби тигилердин турган жери ошого жакын эле. Уга албай турган жаным, макул болдум.

Кабар кылбай эле капысынан кечинде жетип бардык. Барсак, үйүндө бир солдат жүрөт, энеси үйүндө жок, Токор экөө эле экен. Мени көрүп, кызым чочуп, жүрөгү түшүп калды көрүнөт. Кубарып эле тилден калып, сүйлөй албай турду. Солдатты байкасам, бою кичинекей, оң колунун бармактары жок, кыйтыйган адам экен, түшүндүм, жанагы алам деген жигити ушу экен. Энеси булар тил табышсын деп, экөөнү таштап, өзү айылга кетип калыптыр. Башка барар жер жок, кышында суук, конуп калдык. Тамак берди. Байкасам, баягы сага барбасам, жашабайм деп ыйлаган кызым башкача болуп калыптыр, кейпи, тил табышып алгандай. Энеси, тууганары баары кийлигишип жатып макулдатса керек, сезип эле турдум, мени ити жок кедей, анан жакында жашы жеткенде армияга алып кетет, келеби-келбейби, анан «атаңардын арбагы урбайбы» деген сөздөр менен ийитип койгондой, жаткыча эч сөз сүйлөгөн жок. Мен дагы унчуккан жокмун, Ишен эле тиги солдат менен анча-мынча сүйлөшүп отурду. Кызыгы, жатканда

Ишен экөөбүзгө бир үйгө төшөк салып коюптур, жаттык. Эшикти тышынан бекитип койду, сездим, коркту – менин кыялымды дагы билчү эле.

Эртең менен тамак берди, колубузга суу куюп кирди. Кызымды ошондо солдаттын көзүнчө жаактан ары бир чаптым, бакырып алып качып кетти. Эшикке чыксак – жок, кете бердик. Көңүлүм кала түштү. Эртеси сабакта отурсам, балдар: «Эшикте бир солдат чакырып жатат», – дейт. Солдат дегенибиз – солдат кийим менен жүрчү. Чыксам, баягы солдат, атын ушу күнгө чейин билбейм, жанына келсем: «Мамбет, айланайын иним, мен чоң жаңылыштык кылдым, эне-атам кыстаганынан эле алышка макул болдум эле, эми түшүндүм, Токор сенин кызың экен, мен эми экинчи жолобойм, өзүң ала бер», – дейт. Мен дагы: «Ошол кызды сага бердим, ала гой. Мен дагы экинчи жолобойм», – дедим да, ошентип бөлүнүп кеттик.

Онунчу классты бүтүп, Фрунзеге кеттим. Ошондон кийин аял алам дегенди институтту бүткөнчө оюма да алган жокмун. Мунун аягына чыгып коёюн. Институтка кирип окуп жүрсөм, кышында карындаштарымдан кат келип калды, баягы Токор – бизге жеңе болчу неме кошунабыз Дүйшөке дегенге тийип келди деген. Таң калдым. Дүйшөке армиядан келген, аялы Шапа биздин эжелер эле, армияга кеткиче үйлөнүшүп, бир баласы бар болчу, ошол эже менен ажырашып, менин Токорумду алып алыптыр. Бул экөөнүн тууганчылык дагы жайы бар эле, ошолордун үйүнө келип, бир аз күн жүрүп кетчү. Токор экөөбүздүн мамилебиз жакын экенин Дүйшөкенин энеси, эжеси – баары билишчү. «Жакшы болуптур», – деп мен үйдөгүлөргө кат жаздым.

Кийин каникулга барганда, эч эшикке, көчөгө чыкпай койду, көрөйүн десем, көрүнбөйт. Маңдайда Мүлүкан деген кыз бар эле, Токор экөө теңтуш, бири-бири менен жакшы мамиледе болучу. Ошондо жашырынып келет экен, «Мамбет кеткиче эшикке чыкпайм, кайсы бетим менен кездешем», – деп айтканын угуп калдым. Мүлүкандын

кичине иниси бар, 3–4 жаш болсо керек, биздикине келип ойноп калат, ошондон: «Токор силердикине келеби?» – деп сурадым. «Келет», – деди. Аты Акен эле: «Акен, ошол эжең силердикине келгенде, мага чуркап келип айтчы келди деп», – десем, макул деп кетти. Бир-эки күндөн кийин, түш ченде эне-атам баарыбыз картошка жеп отурсак, Акен жыгылып-туруп сүйлөй албай эле чуркап кирип келди да: «Келди», – деп туюндурду. Мен түшүнө коюп, тура калып Акенди көтөрүп алып, тышка чуркадым. «Эмне?» – десем: «Келди, эжем менен сүйлөшүп отурат», – дейт. Кирип барсам, күткөн эмес да мени келет деп, бир аз туруп, дагы ыйлай баштады, ыйлап бүтүп: «Азыр кет десең, азыр кетем», – дейт. «Мен анте албайм, сен кетсең Дүйшөке эриң менден көрөт, эми Дүйшөке экөөбүз душман болобузбу?» – деп болгон жокмун. Муну бир текшерип көрөйүн деп: «Кийин ноябрда майрамга карата келем, ошонун алдында кабар берем, ошондо кет», – дедим. Макул болду. Бирок баягы солдат менен үйүндө жүргөндү эстеп, көңүлүм калып калгандай болду эле. Кайра окуума кеттим.

Кийин ноябрь майрамында 3–4 күнгө келмей болуп калдым, ошонун алдында бизде окуган, теңтуш кайырма-арыктык Мусаев Нукени мурунураак жөнөтүп, Токорго: «6–7-ноябрда барам, үйүндө болуп тур», – деп кат жазып берип жибердим. Катты алар замат үйүнө кетип калыптыр. Карындаштарым дагы кат жазды, Токор кетип калды деп. Алар кайдан билсин. Ноябрда үйгө келип калдым, кезикkенге анча деле шашкан да, кызыккан да жокмун.

Эки айылдын ортосу – Шалбада күрөш, оодарыш, улак тартмай, ат чабыш өтүп майрам болуп жатат, баягы мурунку жолдошторум баары айылда. Ишен – башкарманын баласы, ат алып келишти, чогуу жүрүп бозо эле ичип жүргөндөй болдук эле, оюн-зоок бүтүп, кеч кирип калыптыр. Ишен экөөбүз Сары-Камыш айылына жакын бир чоң арыкчадан байкабай чаап өтүп баратып атыбыз менен жы-

гылдык, чынында, кызып калыптырбыз. Тура албай жатсак, кайдан пайда боло калганын билбейм, Ишендин атасы Муса келип калды. Баласын камчы менен жонуна бир-эки басып алды дагы, атына мингизип айдап кетти.

Мен билбейм, түн ортосунда ойгонсом, чоочун үйдө жатам, тышкы үйүндө бирөөлөр кобурап сүйлөшүп жатышат. Эшиктин терезесинен карасам, кызым Токор, энеси, энесинин сиңдиси – сельсовет Атый отурат. Чыктым. Үчөө тең эпилдеп, баягы итиң жок деп кемсинткен энеси жок: «Келе гой, алдыңа кетейин», – деп калыптыр. Атый – сельсовет таэжеси баштап: «Мамбет балам, бизден чоң катачылык кетип калды, экөөңөрдүн убалыңарга калдык, кечирип кой, Токоруң сенден кат алар замат күйөөсүн – Дүйшөкени таштап келип, өзүңдү күтүп отурат», – дебеспи.

Мен карап отуруп, баягы кемсинткендери, шылдың кылып кызын бербей коюп уят кылгандары эсиме түшө калды. Туруп: «Менин азыр дагы итим жок, иттүү болгондо келейин», – деп басып кеттим.

Ошону менен кайра окуума кеттим, Токорумду көргөн жокмун, бирок эмне болду экен деп сыртынан сураштырып жүрдүм. Андан кийин 2–3 күйөөгө тийиптир, турмушу болбой калыптыр, баласы жок дейт, инисинин кызы менен Ак-Сууда жашайт дешти. Энеси, калган туугандары кайтыш болуп кеткен. Жакын кездешип жүргөн адамдары мага айтып берди, энеси өлөр-өлгүчө ага нааразы болуп, энеси менен урушуп, ыйлап жүрүп өттү дешет.

Кийин, мындан 7 жыл мурун мага чочугандай келип калды, ошол бойдон көргөн эмес элем, жашы келип калган, бирок сүйлөгөн-турганы, баскан кыймылы тың эле экен. Клиникама жаткызып, бир сыйра текшерип, анча-мынча дарылап, жакшы эле мамиле жасадым. Ден соолугу түзүк эле экен. Түнкүсүн бүт сестра, врачтарды чогултуп, экөөбүздүн тарыхыбызды төкпөй-чачпай айтып бериптир. Жакшы узаттым, кийим-кечек алып берип, жолго тыйынын бердим. Кетээринде бечара: «Өмүр бою ыйлап келатам,

кайда барбайын, кимге тийбейин, бирок сени унута алган жокмун», – дейт. Мен айттым: «Биринчи жакшы көргөн кызым сен элең. Баягы солдатыңды көрбөгөндө, ошол сага болгон сезимим эмдигиче сакталат эле», – деп. «Мен эмне кылам, эчтекени билбеген бала болсом, энем күн-түн дебей: «Ошого барасың, эгер барбасаң атаңдын кусуру урат деп, чакырып алып солдатты кошо камап салса», – дейт.

Ойлосом, мунуку дагы – бечаранын чындык. Коштошуп узатып койдум, ошол бойдон көргөн жокмун, барбы, жокпу – билбейм. Аман болсо, менден бир-эки жаш кичүү же тең элек. Экинчи ыраазы болгон кишим – ушул менин болочокто боло турган «кайненем». Эгерде, ошол убакта кызын берип калса, тагдырым эмне болот эле? Анда чын эле окубай калат элем, бала-чака да болуп. Кээде анан мындай деп да кыял жүгүртүп коём: кантип эле менден бир эл билген түзүк киши чыкпай койсун, жок дегенде, колхоздун башкармасы болот элем го?

Жогоруда айтпадымбы, менин билим алып, ушул даражага жетишиме бирден-бир көмөк көрсөтүп, көп жагынан жардам берген мугалимим – Токоев Касымбай. Бул агайыма көзү өткүчө ырахматымды айтып, саламымды жазган жокмун. Өмүрү кыска экен, жаш чагында эле кайтыш болуп кетиптир. Өтө адамкерчиликтүү, салабаттуу сүйлөгөн, уюштургуч адам эле. Сары-Камыш мектебин салдырган да ушул киши. Тегерете дубал салдырып, бак-сак, өрүк-алма, жашылчаларды тиктирип, бизди дагы жеке окуу гана эмес, эмгекке да үйрөткөн.

Ал киши кеткени бир нече директорлор алмашты, анын үстүнө 1970-жылы чоң жер титирөөдө ошол мектебибиз түбү менен кулап жок болгон, кайра мектеп курумуш болуптур, аты эле бар, бак-дарак, алма-өрүктөн дайын жок.

Касымбай агайымдын кемпири азыр да бар, бир жылча болду көзү көрбөй калды, келип турчу эле. Зилей эжени кийин өзүм издештирип, ушул Пишпектен таап, бир инилеринин кызы менен жашайт экен: «Эже, келип туруңуз»,–

деп акча-тыйын берип турчу элем. Бир жылдан бери келбей калды, телефону жооп бербейт, адресин билбейм. Сары-Камыш мектебинин директору Касымбай Токоевди мен эч качан унутпайм. Себеби бизди биринчи билим берип учурган ушул мектеп. Эмдигиче эсимден калбайт, уруш убагында окуп калбадыкпы, орус тилин орус мугалим жок окуган жокпуз, айылыбыз таза кыргыз, бир да орус жок, орустарды чоң жолдон өтүп бараткан гана көрчү элек. Мугалимдерибиздин көпчүлүгү калмактар, буларды эмне себептен армияга алышкан эмес – түшүнүгүм жок, айтат: «Калмактарга Союз убагында көп ишенич болгон эмес», – деп. Ошентип, Сары-Камыш айылынан орто мектепти биринчи бүтүрүүчүлөрдөн болуп 1946-жылы 10 бала бүттүк:

**Субанбеков Жүрсүн** өтө жөнөкөй, тамашакөй, сөздү укмуштай таап сүйлөгөн жакшы жолдошум эле. Энеси балкайган сонун киши болчу, тез-тез үйүнө барып турчумун. Анда ачарчылык, эсимде калганы, бир күнү барсам, жарым чакадай картошканы бышырып жатыптыр. Энеси Жүрсүн экөөбүзгө бир табак кылып салып берди. Ошондо биздин ашказандын түбү жок болсо керек деп ойлойм, себеби кийин түшүндүм, ар жагында запас жок, ырыстуу тамак ичпегенден болсо керек, ошол бир табак картошканы экөөбүз солк этпей жеп кеттик.

Университетти бүтүп үйлөнүп, үч эркек, бир кыздуу болуп, докторлук диссертацияны жактап, ошонун бекип келгенин укпай, өтө жаш убагында кайтыш болуп кетти. Өзү толугураак эле, көптөн бери билчүмүн, кан басымы жогору болуп башым дей калчу, нечен жолу: «Ой, Жүрсүн, жатып текшерилип дарылансаңчы», – десем, ушул камырабаганы бар эле: «Өтүп кетет, басылат», – деп коюп жүрө берчү. Дачасына уулу экөө кетип баратып, аскердик госпиталдын жанынан башы айланып, көзү тунарып, кусуп жиберет, машинаны өзү айдап баратыптыр, токтой калып, бутун чечип муздак сууга салып, башын жууп жиберип-

тир. Ошол жерден эле эсин жоготуп жыгылат, жанындагы госпиталга алып барып жаткыза коюшат. Ошол замат мага чалышты, мен тез эле жетип барсам, Жүрсүн байкуш эс-учу жок, коркурап-шаркырап, дем ала албай жатыптыр, бир жак өңүрү кыймылдабайт, мээсинен кан кеткени көрүнүп турат. Ошентип, эсине келе албай, төрт-беш сааттан кийин кете берди. Өтө өкүнүчтүүсү, эрте кетти. Бир аз жылдан кийин аялы Бурулкан дагы кайтыш болду. Балдары үйлүү-жайлуу, ушул жерде иштеп жүрүшөт.

**Султанбаев Асанбай** тил-адабият факультетин бүтүрүп, үйлүү-жайлуу, көп балалуу болуп, мугалим, завуч болуп иштеп жүрүп, бул дагы жаман ооруга чалдыгып кайтыш болуп кетти, өтө өкүнүчтүүсү эрте кетти.

**Бекболотов Абды** университетти бүтүрүп, үйлүү-жайлуу, көп балалуу болуп, мектеп директору, айыл өкмөтү болуп жүргөн, бул да эрте кайтыш болду.

**Кулукеев Аалы** Караколдогу мугалимдер институтун бүтүрүп, үйлүү-жайлуу, балалуу болуп, бул дагы эрте жол кырсыгынан каза болду.

**Саякбаев Турдубек** жогорку билим алып, мугалим, сотто катчы болуп иштеп жүрүп, 80ден ашып кайтыш болду, үйлүү-жайлуу балдары бар дейт. Турдубек окуп жүргөндө, баскан-турганы, сүйлөгөнү кыңылдап кызга окшоп кетчү. Ошонусуна карата тамашалап «Турдукан» деп ат коюп алдык эле. Бир айылдыкпыз, 10-классты бүткөндөн көзү өткүчө көргөн жокмун, кезиккен да жок, кээде сабап койчу элем, же ошону эстегенби?

**Коноев Султанбай** – Сары-Камыштан, университетти бүтүргөн, мугалим, мектеп директору болуп иштеп, оорукчан болуп жүрүп, бул дагы эртерээк кетип калды. Үй-бүлөсү, балдары бар.

**Маматканов Жангазы** университетти бүтүргөн, бизден бир жаш улуураак болсо керек, бала-чакалуу. Балдары жакшы чыкты дейт, өзү мугалим, директор болуп жүрүп, пенсияга чыгып, азыр аман-эсен экен, менимче, 86 жашта

болуш керек. Жакында бир тойдо бир кыз «ата» деп эле эпилдеп учурашат, татынакай кыз экен. Таанызбай турам десем, журналист болуп иштейм, Жангазынын кызымын дейт. Ушундай ыраазы болуп бетинен өөп, кезигип тур дедим. Жангазыны төрт жыл мурун машина жиберип алдырып, маектешип, өткөн-кеткенди эске салып, жыргап калдык. Кийинки барганда сураштырып чакырсам, баса албай, үйдөн чыга албай калды дейт. Аман-эсен, ден соолугу болсун деп тилеп коём.

**Эшмухамбетова Зайнап** жалгыз кызыбыз эле, атасы татар, химия мугалими, жашап калган, балдак менен баскан сонун киши болчу. Зайнап өңдүү-түстүү, жоош, адамкерчиликтүү, тогузубуз тамашалап тыткылай берсек дагы капа болуп урушуп, ыйлап койчу эмес, окубай калды. Кийин айылга барсам, биздин айылдык – армиядан келген Жанториев Касий деген колхоздо бухгалтер болуп иштеп калды, ушул Касийге аял болуп келиптир, көп балалуу болду. Бирок Касий аба ичкиликке берилип, Зайнап кыйналып жүрүп кетти окшойт.

Мен отпускага барганда, Зайнап кезикпегенге аракет кылчу. Бир жолу кокусунан кезигип: «Кандайсың, Зайнап?» – десем, бакырып ыйлап кирди, ичине бугу толуп жүрсө керек: «Окууну бүткөндө мени эмне үчүн алып кеткен жоксуң?» – дейт. Анда бизде башка мамиле жок эле. Бир күнү жатып алдым эле, түнкү саат 12де Касий аба – күйөөсү чуркап келди, кызуураак экен: «Ой, Мамбет, айланайын, тур тез, этим бышып калды, жүр», – дейт. Мен: «Ой, Касий аба, түнкү саат 12де да киши чакырабы, эртерээк айтып койбойсузбу? Тим эле коюңуз, эртең барайын», – десем болбоду. Ошончо болуп мага чай берип көргөн жан эмес. «Зайнаптын классташы экенсиң. Зайнап дагы чай бере албай уялып жүрөт», – дегенинен, ишенип: «Бара бериңиз, мен азыр кийинип барайын», – деп узатсам, артынан бир баласы чуркап келди: «Энем жиберди, келбесин, үйдө эт эмес, бир сындырым нан жок», – деп. Таң калдым, бул эмне

деген акмакчылык деп. Эртеси эртең менен ачуум менен барып: «Ой, Касий аба, бул эмне шылдың кылганың, же мени ачка жүрөт деп ойлодуңбу?» – десем унчукпайт. Зайнап байкуш: «Бул акмактын кылганы – сени чакырып келсем, айласыздан арак таап келет дейт, ошону өзү ичиштин амалы», – дегенде эле түшүндүм, тигинин «соодасы» бүткөнүн. Ошентип, кыйналып жүрүп Зайнап байкуш эрте кетип калыптыр. Угушумда, балдары түзүк чыкты дешет.

**Дүмкөнов Темир** онунчу класссты бүткөндөн кийин негедир окубай калды. Темир экөөбүз окуп жүргөндө мамилебиз өтө жакын эле. Мен жакшы көрчү элем, өзү балдардан бөлүнүп бою узун, кебетеси, мурду барпайып, көзү үңүрөйүп, кебете-кешпири сулуу эмес, былтыйган бала болчу. Бирок жөнөкөйлүгү, адамкерчилиги жакшы, тамашаны түшүнө – көтөрө билген бала эле, экөөбүз көп күрөшчүбүз. Кээде бапылдап: «Ээ, Маке, экөөбүз чоңойгондо, курсак байлап, машиналуу болсок, биз отурган жактын дөңгөлөгү көтөрө албай былчыйып калат го?» – деп тилек кылчу. Анда машина деген жок, көргөн дагы эмеспиз.

Ошол бойдон мен жалгыз окууга кеттим, Темир менен кезикпей калдым. Кийин институтту бүтүп, илимдин кандидаты, хирургиядан мугалим болуп калдым. Бирөөлөр келип, күндүз саат 1–2де болсо керек: «Маке, тамак ичип келбейлиби?» – дегенинен, макул болдум. Анда болгон ресторан – эң алыс сезилген «Суусамыр» ресторaны, азыркы «Ош» базарынын ичинде болчу. Машинадан түшүп, 3–4 кишибиз, ресторанды көздөй баратсак эле, Темир да 3–4 киши менен бапылдап келатат, маңдайдан чыкты. Жакындап келгенде дагы таанибайт, кезикпегенибизге бир топ жыл өтүп кеткен эле. Маңдайыма келип калыптыр. Мен бир уруп, жөөлөп кеттим. Карап калды таңданып. Кокодон алып муунтуп жибердим, коё бердим – дагы эле таанибайт. «Сволоч, картошка сатып, курсагың тоюп, арак ичип келаткан экенсиң го? Эмне мени жөөлөп кеттиң?» – деп калп эле догурунуп калдым. Берки мени чакырып баргандар да,

Темирдин жанындагылар да таң калып, эси ооп калышты. Бирөө: «Маке, бир ачууңузду мага бериңиз, бул жигит байкабай жөөлөп кетти окшойт», – дейт. Мен: «Билбейм, бул сволоч кара санап жөөлөдү», – деп коём. Темир байкуш, өңдөн эчтеке жок: «Агай, кечирип койсоңуз, байкабай калдым», – деп жалынып жатат. «Бара бер, көзүңдү ачып жүр, болбосо, бул жерден – шаардан жылаңач кетесиң», – деп көчүккө бир тээп жөнөттүм. Дагы эле тааныбайт, бир аз басып кетип кайрылып: «Ай, Темир!» – десем, карап калып эле, жанындагыларга: «Ай, менин атымды айтып жатат», – дейт. Бери кел десем, чуркап келатат, жакын келгенде гана таанып, бакырып кучактап жыгылды. Мен: «Ай, Темир, кантип эле тааныбай калдың?» – десем: «Буюрбасын, тааныган жокмун»,– дейт. Бир аз сүйлөшүп, ал-акыбалыбызды сураштык. «Окуй албай калдым, айылда эле колхоздун ар кайсы жумушунда иштеп жүрөм», – деди. «Аман болсоң болду, мен керек болсом, кезигип тур», – деп коштошуп, ошондон кийин Темирди көргөн жокмун. Кийин уксам, кайтыш болуп кетиптир. Бул да эрте – жаш эле убагында кетти.

Ушул онубуз 10-классты бүткөнчө, ынтымагыбыз абдан жакшы эле. Бири-бирибиз менен айтышып, мушташкан да жокпуз. Ар бир нерсе убактысына, шартына, жашына карата өтө берет тура. Жокчулукка, ачкачылыкка, уруш жүрүп жатканына карабай, балалыктын доору: ойномой, чуркамай, оюн коюп, элге көрсөтмөй, бири-бирибизди тамашаламай, кышында таруу бозодон салып жоро ичмей дегендей өз ирээти менен кете берет экен. Жашагысы келип аракет кылып, илгери үмүт менен алпурушуп жашай берет экен адам. Себеби табигат, Кудай Таалам ошондой жаратат экен да.

Мугалимдерибиз биз үчүн өтө барктуу эле, ары жак, бери жакты билбесек, алар кандай турмушта жашап жатканын туйбасак, ушундай болот экен деп биз да жашай берчү элек. Директорубузду – Касымбай агайды айтпадым-

бы, кыргыз тил, адабият сабагынан берчү эле. Завучубуз дагы калмак Токобаев деген киши, өтө заардуу, бир да көргөн жокмун күлүп-жылмайып койгонун, тарых сабагынан берчү. Ар дайым башынан тумагы, үстүнөн чапаны түшчү эмес, негедир такылдап эле жөтөлүп отурчу, өзү арык.

Мен комсомол комитетинин секретарымын, ушул завуч агайдын кабинетинин бир бурчунда кичинекей тумбочка бар, анын ичинде – комсомолдордун документтери. Ал убакта комсомолдун кадыр-баркы абдан чоң, партиядан кийинки күчтүү уюм эле. Бир күнү эшиктен уруксат сурабай эле кирип, тумбочкамды ачып, кагазымды алайын деп жатсам, завуч агай, Салима Сулайманова деген эже физикадан окутчу, жаш, өңдүү аял эле, ошону менен отуруптур. Агай мени: «Ай, акмак, эмне уруксат сурабай кирип келесиң? Чык эшикке, акмак!» – деп сөгүп кирди. Мен: «Агай, менин бул жерде тумбочкам турат, кагаздарымды алып алайын», – десем болбойт, чык эле, чык деп. Мен да көгөрүп, ошондо эле анча-мынча орой экенмин: «Жок, агай», – деп, тумбочкамды ачып отуруп алдым. Салима эже дагы тиги кишиге кошулуп: «Ай, бала, завуч айткандан кийин укпайсыңбы»,– дейт. «Жок, укпайм!» – дедим. Завуч агай: «Сени мектептен айдап чыгам»,– деп коркутту, чыгып кеттим. Эртеси мектептин балдарынын баарын чогултуп, мени аябай келтирип: тартиби жок, хулиган, мектептен чыксын деп маселе койду, эч ким кол көтөрбөдү, чыгара алган жок.

Директор агайым: «Эмне болуп кетти, эмне кылдың эле?» – дейт. Агайыма болгондун баарын айтып бердим, окуй бер деп коё берди. Ошондон кийин, завуч сабакка келет, сабак берет, мен бармынбы, жокмунбу – эсепке албайт. Сурабайт, салам айтсам, жооп бербейт. Ошентип жүрүп бир нече убакыт өтүп кетти. Эртең менен сабакка чуркап келатсам, балдар тарап келатышат, «Ой, эмне болуп кетти?» – десем: «Завуч Токобаев агай эртең менен мектепке келатып жолдон катуу жөтөлүп, өпкөсү оозунан

ыргып кетип, өлүп калыптыр», – дешти. Кийин врач болгондо түшүндүм, кабагы ачылбай, эмне эле заарданат десем, бечараны оору ошого жеткизген экен. Көрсө, өпкөсүнөн ачык түрдөгү кургак учук экен. Мындай дарт өтө коркунучтуу жана жугуштуу. Ал убакта эч ким текшербейт, эмне оору экенин да билбесе керек. Таң калганым, Кудай сактап, бизге жукпай калганын карасаң. Кийин институтту бүткөндө, алты ай кургак учук ооруканасында иштеп калдым, ошондо анык түшүндүм завуч агайдын эмнеден өлгөнүн. Түнкүсүн дежур болуп жатканда, үч-төрт палатадан ары сестра келет, оорулуунун абалы жаман, кан кусуп жатат деп чуркап, бир-эки мүнөттүн ичинде өлүп кетет, оозунан шар этип кан агып, көз ачып-жумгуча кайтыш болуп кетет.

Себеби кургак учук – туберкулёз оорусунун микробу өпкөнү жеп отуруп чиритип, анан өпкөнүн кан тамырын тешип жиберсе, ушунчалык шар кан кетет, адам заматта жок болот. Завуч агайдын өпкөсү ыргып кетпей эле, ушундай кан аккандан мүрт өлгөн экен.

Салима эже физикадан берчү, маселе чыгарып келатып, жаңылып чыгара албай калса, ошол замат токтотчу, «эртең» деп. Аркы Жер кезде сиңдиси Рабига дагы физикадан окутчу, экөө бир жашашат, сиңдиси түнкүсүн чыгарып берип, үйрөтүп, эртеси Салима эже бизге чыгарып берчү.

Ордобаев деген мурутчан – мурутунан жылмайып күлгөн, какшык сөздү көп айткан киши эле. Бул дагы тарыхтан берчү. Бизге: «Жөөлүй бергиле, тажаганда өзүм токтотом», – деп калчу. Кийин чоңойгондо барсам, почточу экен, алжаны калбай учурашып, элден уксам, мени ар дайым мактап жүрүп кайтыш болуп кетиптир.

Эшмухамбетов агай жашы өтүп калган киши эле, химиядан берчү, формула чыгарып жатып жаңылып кетсе, шашып жеңи менен өчүрүп жиберчү.

Математикадан жаңы эле армиядан келген Барий деген калмак окутчу, бул киши бизге сабагын дурус билгендей эле көрүнчү. Бүтүп жатканда, мамлекеттик экзаменге кел-

генде, конвертти бир саат калганда ачат эмеспи, ачты. Биз күтүп отурабыз, мына чакырат, ана чакырат деп. Чакырбайт. Кечке күтүп, кечинде таратып жиберди. «Балээ болду. Эмне себеп болду экен?» – деп биз сарсанаага түшүп, эртеси мектепке эрте келдик. Ак-Булуңдун мугалимдерин чакырып келишиптир, анда берилген маселени булар да чыгара алышпады. Түштөн кийин Пржевальскинин Киров мектебинен орус аял келди, ошол чыгарып берди көрүнөт. Баарыбыз эле капталыбыз күйгөн балдарбыз, сездик чыгара албай жатканын, себеби бирөө дагы жогорку окуу жайын бүткөн адис эмес эле. Мен директор агайыма кирдим: «Агай, биз кирбейбиз экзаменге», – деп. Анда: «Эмне болуп кетти?» – дейт. «Мугалимдер эки күндөн бери өзүлөрү чыгара алышпай жатса, биз кайдан чыгарабыз?» – десем, күлүп жиберди. «Кантип билдиң чыгара албай жатканын?» – деп. «Агай, бизди алдоого болбойт, бизге кыйын турмуш баарын үйрөтпөдүбү», – дедим. Агайым, чындыгында, мени жакшы көрчү. Мугалимибиз Барий дагы турду эле, ал агайым мени колумдан алып: «Жүрү, экөөбүз сүйлөшүп келели», – деп эшикке алып чыкты. «Ай, Мамбет, чыдай турбайсыңбы, ушундай болуп калды, татаал суроо экен, эми оозуңардан чыгарбагыла, биз даярдап беребиз, эки саат отуруп шашпай көчүрүп алгыла», – деп турбайбы. «Жарайт, агай!» – деп, мен балдарга барып айтып, кеңешип, экзаменге киргенде, кыйналып-кысталып чыгарып жаткансып, эки саат дегенде шашпай көчүрүп бердик.

Дагы бир калмак агайыбыз – армиядан келген, колубуту соо, бизге физкультурадан сабак берип калды. Кыштын күнү кар калың, суук, бул агайыбыз физкультура болсо эле баарыбызды короого алып чыгат, «жат», «сойло» деп. Ушундан башка үйрөткөнү жок, күнүгө эле ошо. Болгону – бир тери тонубуз, тери шымыбыз, жоон кийиз чокоюбуз бар. Жатып, сойлоп жүрүп тонубуз суугa чыланып, тытылмай болду. Дагы эле ошол көнүгүүлөрүн жасатат. Бир күнү мен туруп басып кеттим. «Кайда?» – дейт ага-

йым. «Бу сиз «жат», «сойло» дегенден башка сабак билбейсизби? Мен эми жатпайм, мобул жаман тонум чыланып катып айрылса, эмне кылам, эмне кием?» – деп жооп бердим. Барып эле директорго арызданыптыр: «Мамакеев баш ийбей жатат, калганын да бузуп жатат», – деп. Директор агайым чакырып: «Эмне болду, эмне мугалимге баш ийбей басып кетесиң?» – деп сурады. «Агай, физкультурадан качкан жокмун, мобу агай күнүгө эле эшикке чыгарып алып, «жат», «сойло» дегенден башканы билбеген неме экен», – десем, күлүп жиберди. – Бара бер,– деди. Ошондон кийин «жат», «сойло» дегенден кутулганбыз. Кийин байкап көрсөм, ал дагы жөн эле жүргөн солтокон экен, мугалим жоктугунан: армияга барып-келди, бирдеме билет го деп эле кызматка ала беришкен.

Бүтүп жатканыбызда, мамлекеттик экзамендин алдында Пржевальск институтунан мугалим Исаев Нурдин деген келип калды. Кийин билсем, бизде толук эмес жогорку билимдүү жалгыз ушу Исаев экен. Өзү жаш. Тарых боюнча экзаменде, биздин баягы агайыбыздын «жөөлүй бергиле, тажаганда өзүм токтотом» деген сөзү эсибизде, ошентип «жөөлүй» баштаганда эле, Исаев: «Жок, туура эмес айтып жатат», – дейт. Биз ага көп көңүл бурбай, баш ийбегенсип, колду чулгуп коюп сүйлөй бердик. Бул чатак кыла баштады, эчтеке билбейт деп. Анын оюн көп укпай, комиссиядан өтүп кеттик. Бүткөндө колдон келишинче банкет уюштурдук. Эсимден кетпейт, ошондо кийим жок, армиядан Мукаш Бердибаев деген агам келип калды, бойлуу, чоң киши эле. Барып: «Аба, өтүгүңдү, шинелиңди берип тур», – деп сурап алып, атасынын – Бердибайдын бир түлкү тебетейи бар эле, ошону да сурап кийдим. Шинели жерди шыпырып калды, өтүгү да өтө чоң экен, болбой эле ушуларды кийип, жасанып бардым.

Болгон тамагыбыз: бозо, кымыз, боорсок, аз-маз эт. Анда күчтүү бозо кадимкидей кызытып койчу, бүтүп жаткандар Исаевге ызырынып калдык эле, ушуну кичине окутуп

коёлу деген чечимге келдик. Директор агай кыраакы киши эле, байкап калыптыр, мени чакырып: «Акмактанба, мен сезип-билип турам, эртең уят болобуз», – деп турат. «Жо-ок, агай», – деп жооткотумуш болуп койдум. Агай сезди, бир убакта карасак, Исаев жок, акырын алып чыгып , качырып жибериптир. Кийин мен чоңоюп доцент, мединститутта парткомдун бюро мүчөсү болчумун, Исаев – ошондогу агайыма байланыштуу бир чатак иш болуп кетти. Ал жерде философия кафедрасын профессор Абдылдаев Таабалды деген өтө заардуу, бирок өзүнүн кесиби – философиясын мыкты билген адис башкарчу. Анын кемчилиги – чатак адам эле, ал убакта философия, партия тарыхына эч ким каршы сүйлөй алчу эмес, ушуга таянып Абдылдаев өтө катуу кармачу. Бир күнү эле партбюродо ызы-чуу түшүргөн чатак иш каралды. Көрсө, ошол менин агайым Исаев 6-курстун балдарынан акча чогултуп алып, колго түшүп калыптыр. Биз талкуулап жатабыз. Исаевдин түшүндүргөнү: «Бүтүрүүчү курстун балдары акча чогултуп: «Агай, сиз сейфиңизге салып катып койсоңуз, кийин бүтүрүү кечесинде керек болуп калаар, ошондо алалы», – дегенинен алып катып койдум эле дейт. Мен чыдабай ачуум келип: «Жолдош агай, бир убакта мага агай элең, азыр карасам, менден кичүү болуп, ини болуп калыпсың. Бул жерде отурган бюро мүчөлөрүн ким деп ойлоп турасың? Баары эле эчтеке түшүнбөгөн макоо адамдар экен деп ойлоп турасыңбы? Чынын айтсаң, туура болоор эле. Мединститутта хирургия, терапия деген негизги кафедралар бар, эмне үчүн ошол студенттер мага алып келип каттырып койбойт?» – дедим. Ошентип, айткан жообуна эч кимибиз ишенбей, алганы далилденип калып, партиядан чыгарылсын, иштен алынсын деген жыйынтыкка келдик. Ошондон кийин Исаев Казакстанга качып кетип, ал жакта бир топ жыл иштеп жүрүп келди деп уктум. Өткөн жылы бир жерден көрүп калдым, өтө карыган, таяк менен араң басып жүрөт.

Эми, окууну бүтүп жатканда, Фрунзеден бир орус аскер кишиси келип, бизди чогултуп: «Мен мединститутта аскердик кафедрада мугалим болуп иштейм, келгенимдин себеби...» – деп, медицинага өтүүгө үгүт жүргүзүп, мактап-жактап жакшы жагын айта баштады. «Ким мединститутка баргысы келет, мага жазылгыла», – деди. Ошол эле замат мен биринчи болуп жазылдым, башкалары бирөө дагы макул болгон жок. Ошондон кийин, мен беркилерди үгүттөй баштадым, чогуу кетели деп. Бирөө дагы макул болбоду. Үйлөрүнө, ата-энесине айтса керек.

Бир күнү эле огород жактан Саякбай абышка басып келип, сөзү жок – кепке келбей эле таягы менен мени жонго бир чапты. Мен чочуп кетип: «Ой, чоң ата, сизге эмне болду? Эмне кылган күнөөмө чабасыз?» – десем, ачуусу келген, мурду бучук киши эле – киңкилдеп дагы качырып кирди. Мен кача бердим. «Сен кетчү жагыңа өзүң кете бер, менин баламды – Турдубекти азгырба», – дейт. Ошондо түшүндүм эмне үчүн чапканын. «Ой, чоң ата, мен жөн эле чогуу барып окусун деген болчумун, барбаса барбасын, аны Турдубек дебей эле, Турдукан дечү элек», – дебедимби. Мен дагы ачуум келе түшүп: «Сенин балаңды мен катындыкка алып бараткан жокмун», – деп айтып качтым.

Андан кийин чогуу бүткөн Аалы Кулукеевди дагы азгырдым эле, дагы Кулуке, Мукамбет деген эки атасы келип, экөө тең атчан кубалап сабаганы аз калды. Айтканы эле: «Балабызга жабышпа, кетчү жагыңа өзүң кет», – деген сөз. Андан кийин, Бекболот деген жоош, жакшы абышка эле, бул киши тигилердей ачууланбай, сабайм дебей, акырын: «Ай, бала, Абдыга жабышпа, ал барбайт», – деп коюп кетти.

Ушинтип, бирөөнү да үгүттөп макулдата албай, өзүм жалгыз жөнөдүм. Кеткенде эч чамам жок, кийим-кече, жол кире табуу өтө кыйын, айтпадымбы, өтө кедей элек деп, акчанын жытын да көргөн эмесмин, бая колхоздо ушунча жакшы иштечү элем, башкарма кетээрде эки араба кара

сулу чөп берип, ушуну Пржевальскиге алып барып базарга сатып, ошонун акчасына бир шым, ал да боёлгон неме экен, кийин этиме боёгу чыгып, булгап жүрдү, бир көйнөк, бир тапочка сатып алдым. Энемдин бергени – жүндөн токулган, тизеге чейин жеткен байпак, бир мешоктой арпа талкан. Ушуну менен Пржевальскиге автовокзалга келсем, анда автобус, машина деген жок, эки күнү ошол автовокзалда таштын үстүндө машина күтүп отурдум. Отуруп, кез-кез уктап кетем. Эки күндөн кийин бир жүк тартуучу машина, полуторка деп койчу эле, ошол келип калды, үстүндө киши толтура, мени алды, болгон оруну – машинанын бурчунда керосин куйган бочкасы бар экен чынжыр менен байланган, ошол бочканын үстүнөн орун тийди.

Кетип баратабыз. Тоң жак экен кийин билсем, машинага деле биринчи жолу түшүшүм болсо керек. Пржевальскини деле бир-эки жолу жөө үч тоок көтөрүп келип, сатып көргөм. Андан башка жакка биринчи жолу чыгышым. Кубанып-сүйүнүп, чынжырды бек кармап баратам, себеби бочканын үстүндө бийик отуруп, бардык жак сонун көрүнүп, көрүп бараткапыма эле куштармын.

Жолдон Быстровкага токтоду. Дарбызды биринчи көрүшүм, кичинесинен бирди ала коюп, кеспей эле тишим менен кабыгын кошо катыра жей баштасам, саткан адам менин билбестигимди көрө коюп: «Ой, бала, мунун ичиндеги кызылын жейт, көгүн, кабыгын жебе»,– деп түшүндүрүп берди.

# ЭНЕМ БАТЫЙДЫ БИР КҮН ДА ЭСИМЕН ЧЫГАРБАЙМ

Энемдин кайтыш болгонунан бери 28 жыл өттү. Аман болсо жүз он бирге чыкмак экен.

Энем ыраматылык бою кичине, толук эмес орто бойлуу, өтө жоош, сыпайы, оозунан жаман сөз чыкпаган, бир калыпта жүргөн, баарына чыдаган укмуш адам эле. Он жети бала төрөгөн, ошондон өлүп отуруп, азыр үчөөбүз барбыз. Улуусу мен – 85ге чыктым, карындашым Упаш 80 жашка чыкты, бала-чакалуу, небере-чөбүрөлүү, иним Абдылда 68 жашта, төрт кыз, эки уулу бар, баары үйлүү-жайлуу.

Эне деген бала үчүн, ал канча жашка чыкпасын, кандай акыбалда болбосун, түшүнгөн жан үчүн, ЭНЕ бойдон кала берет. Бизди бул жарыкчылыкка ким алып келди? Азаптозогуңду туулгандан чоңойгуча тартып, тарбиялап, уядан учуруп, ушул жашка, ушул даражага ким жеткирди? Кийинки муундарга, эне-атасы бар адамдарга мен улуу катарында, врач катарында көргөн-билгендеримен айтып берейин. Мүмкүн, ойлонуп каларсыңар. Мен деле асмандан түшө калган жокмун. Ким элем, ким болдум? Энемдин теңдешсиз эмгеги, тарбиясы менен 60 жыл врач-хирург болуп иштеп келатам. Энеге байланышкан турмуштук окуяларды өз көзүм менен көрүп, угуп күбөмүн.

Бизге, кечиктирилгис хирургияга, жашы улгайып калган эне-ата көп түшөт, кээ бирөөлөрү кыйналып, оор операция жасалып жатса да, балдары келип ал-акыбалын сурап койбойт. Тамак-аш алып келбейт, кээ бирөөлөрү эстегенде кайдыгер кишидей телефон чалып коёт: «Аманбы?» – деп.

Үй-жайын талашып, эне-атасы менен соттошуп, эне-атасын сабап, бычак менен сайып, мээсинен жарадар кылып жаткандар бизде ар дайым кезигип турат. Эми ушундай айбандарды дагы ошол энеси төрөп чоңойткон. Көргөн күнү ушул. Эгерде баласы оор акыбалга түшүп калса, энеси бай-куш канатын сууга салып, ал-жайын сурап, күн-түн дебей баласынын тегерегинде чуркап жүрөт.

Бир эле мисал айтайын. Андай эсимде калган мисалдар жүздөп саналат. Мындан көп жыл мурун 23 жаштагы бир жигит бир топ кишини автомат менен атып салып качып кетет. Көпкө чейин таптырбай, карматпайт. Артынан аңдыгандар акыры үйүнө келер деп, күн-түнү жашаган үйүн жашыруун кайтарууга алат. Бир түнү келет. Билип калып дубалдан секире качканда, бутун сындыра атышат. Бир огу боорун аралап өтөт.

Бизге өтө оор акыбалда алып келишти, абдан көп кан кеткен, түнкү саат экилерде мен операция жасап, аман алып калдык. Оор акыбалына карабай, күн-түнү дебей эки милиционер кайтарып жатышты, кейпи зыңкыйган эле түзүк жигит көрүнөт, эми ошол баланын энеси күн-түн дебей ооруkананын тегерегинде чырылдап ыйлап жүрдү, баласына киргизишпейт. Мага келип, арыз-муңун айткан. Баласына эч жамандык жолотпойт, ушундай сонун, жакшы деп. Баарын айтып боздойт, баласы көпкө жатып жакшы боло баштаганда, түрмөнүн ооруканасына алып кетишти. Эмне болгонун билбей калдым.

Эми бизде, мусулманчылыкта эне-атасын кароосуз таштабайт эле, көптөн бери көрүп жүрөм, дүңкүлдөгөн чоң эле балдары энесин же атасын карылардын үйүнө жеткизип таштоочу болду. Булардын дагы кээ бирөөлөрүнө операция жасадым: «Ой, эне, балаңыз бар экен, кандайча бул жайга түшүп калдыңыз?» – десем, «Эмне кылам, келиниме, балама жакпай, ашка жүк болуп калсам керек, ошон үчүн бул жайды өтө мактап, үч маал ысык тамак берет, жатаканасы жылуу, ичинде таза жууркан-төшөгү баары бар, ар дайым

карап турган өзүлөрүнүн врачтары, медсестралары бар деп ынандырышты», – дейт. Көрсө, кээсин алдап, бир ыгын таап өткөзүп кетишет экен.

Мен ушундай карылардын балдарына, келиндерине сакалдуу катарында, врач катарында айтаар элем: Эсиңде болсун, сен дагы карыйсың, сен дагы бала-чакалуу болосуң, ошол балдарыңдан так ошондой энеңе көрсөткөндү көрүп кал деп. Турмушта көрүп жүрөм, энесинин каарына калган бала оңолуп, балдарынан жакшылык көргөнүн. Башыңа келгенде өкүнөсүң, бирок башыңды койгуласаң дагы кеч болуп калганы жаман.

Мен эми ушул жашка келип, чоң ата болсом дагы, ушул күнгө чейин ЭНЕМ оюмдан кетпейт. Энемдин ак сүтүнөн кутулдумбу, актадымбы, толук актай алган жокмун го деп ойлоном, а кээде алымдын келишинче актоого аракеттенбедимби деп өзүмдү жубатам. Эми энем жөнүндө эсимде калгандар эч качан унутулбайт экен. Айтпадымбы, 17 баланы төрөгөн деп. Көпчүлүгү өлүп калган, кийинчерээк эс тартканда деле, андай шартта төрөлгөн балдар, менимче, көпкө жашашмак эмес. Ошол шартка, ошол турмушка көнүп, чыдамкайлары гана аман калса керек.

Күз мезгили, энемдин төрөөр убагы келип калгансыды, сарсанаа болгонум эле толгоо кармап энем төрөп калса, ким төрөтөт? Көрүп жүрдүм, толгоо күчөгөндө каканагы жарылып, суу кете баштаганда, убакты жетти деген белги болсо керек. Бир жолу күчтүү киши артына отура калып, тизесине отургузуп төрөткөнүн эстейм, айылда андай адам жок, бүт армияда. Кечке жуук энем байкуш жоош киши, кичине кыңкылдай баштады, түшүндүм толгоо башталганын. Көчөнүн четинде Мамакенин карындашы Аный жежекем турчу, ага чуркаган бойдон жетип барып: – Жежеке, энемдин толгоосу башталды окшойт – десем, жежекем тез эле мени менен кошо чуркап келди. Энем бир аз кыңкыстап жатып эле эч жардамы жок өзү төрөп салып турбайбы,

сүйүнгөнүмдү айтпа. Төрөгөндөн кийин эжекем баланы бир жаман чүпүрөккө ороп алды. Баланын дымы чыкпайт, ыйлабайт, мен көрүп жүрчү элем, эгер дымы чыкпаса, чаканы калдыратып, же муздак суу чачып жиберсе үнү чыкканын. Мен дагы ушуларды жасап жиберсем, анан үнү чыкты, аман экен деп сүйүнүп калдым, түнкү саат бир-экилер болсо керек. Анда электр деген жок, эптеп майга жүндү салып, шам жасасак, жылтырап күйүмүш болчу. Эртеси эртең менен баланын өңүн көрөйүнчү деп, жарыкта көрө коюп эсим чыкты, адамга окшобойт, чымчыктын кызыл эт балапандарын көп көрчүмүн, кейпи ошонун эле өзү. Башы, курсагы чоң, колу чийдей, кабыргалары арсайып бир укмуш көрүндү, ойлодум, ушул кантип адам болсун деп. Кийин түшүндүм, мындай төрөлүштүн себеби, боюна болгону энем байкуш бир ырыстуу тамак ичкенин көргөн эмесмин. Баланын өсүшү эненин түзүк тамак ичишине байланыштуу болот экен.

Энем төрөгөндө огородубуз кырк сотых жер эле, толтура арпа айдаганбыз, арпа бышып кетти, мен ошого чейин орок оргонду жакшы үйрөнө элек экемин, эки-үч күн оруп аракет кылдым, колумду кесип жатып бир аз ордум. Энем байкуш баарын көрүп туруп, төртүнчү күнү өзү туруп эки күндө оруп койду, анда жок дегенде талканыбыз кенен болсочу. Энемди күчүнө келтирип ордургандын себеби мындай эле. Ошонун алдында, биздин айыл чоң айыл болчу, мектептин комсомолдору болуп, бир комсомол уюмубуздун 82 мүчөсү бар. Бир күнү, райком комсомолдун катчысы эсимен чыкпайт, Исмаилов деген эки буту жамбашынан тубаса майып болуп чыгып кетсе керек, өрдөкчө баскан киши эле, ошон үчүн армияга барбай калса керек, сайраган өтө тың киши келип тапшырма берди. Ар бир комсомолдон фронтко бирден тоок чогултасың деп. Анда фронтко дегенде жок деген сөз болчу эмес, ошол замат бала дебей, чоң дебей так аткарчу элек. 82 тоокту бир эле күндө чогулттук, бир өгүз арабанын алдына кендирден чоң салып алып,

буттарын байлаштырып, Ак-Суу райком комсомолуна алып келдим, кирип: – Агай, айтканыңызды аткардым, тоокторду алып келдим – дедим. Азаматсың деп айтат го десем, тескерисинче, сен, акмак, эмне алып келдиң, алып кел дегенде алып келбейсиңби – дейт. – Агай, өзүңүз алып кел дебедиңиз беле? – десем, укпай, – алып кет кайра, алып кел дегенде алып келесиң деп кууп жиберди. Кайра үйгө алып келдим. Үйдө сарай деген жок, буларды качырып жоготуп жиберип кантип төлөйм – деп сарсанаа боло баштадым. Ойлонуп, жаман тамдын оозун бекитип, уча качпасын деп тооктордун канатын кесип, эки күнү камап салдым. Кудай жалгап, ошолор жумуртка тууй баштады. Энеме күнүнө 3–4 жумурткадан бышырып берип жатып, тыңып кетти.

Энем байкуш өмүр бою колхоздун жумушун аткарды. Чөп чапмай, эгин ормой, айрыкча, апийим убагында иши өтө оор болоор эле. Андан башка күн-түн дебей үйдүн иши. Ошол төрөлгөн иним айылда, азыр 66 жашта, 6 баласы, бир топ неберелери бар, ажал жок болсо адам жашайт экен да, ушунчалык кедейчилик, уруш убагы, ушул иним адам болуп аман калганына таң калам. Энемдин ушул баласы кенжеси болуп, 7-классты бүтүп, андан ары окубай койду, эркелетип коюшту. Мен 1946-жылы окууга кетип калдым. Абдылда кийин чоңойгондо колхоздо шофёр болуп иштеди. Мен институтту, кийин ординатура, аспирантураны бүткөндөн кийин, ассистент, доцент болуп, оңоло баштаганда энемди кышкысын такай шаарга алып кыштатып, жайында айылга жиберип жүрдүк. Абдылда энеси менен ар дайым чогуу болду. 18 жашка келгенде же окубаса, же иштебесе деп, армияга жөнөтөйүн десем военкоматка барып, медкароодон өтүп эле жарабай калдым деп келет. Бир жарым жылда эки-үч чакырылып, жарабайт дегенден башка сөз жок. Бир күнү хирург Ерусалимский деген мени жакшы таанычу, бирге иштешип калганбыз, көчөдөн кезигип: – Мамбет, сен мага 100 грамм карызсың,– деп тамашалап калды. – Эмне болуп кетти десем, сенин иниң Аб-

дылданы мен армиядан алып калып жүрбөймүнбү – дейт. – Ой, аны сенден ким сурады, муну алып кал деп,– десем, – сен өзүң сурап жатасың да – дейт. Көрсө, иним комиссияга келгенде тигинин кулагына шыбырап койчу турбайбы, абам суранды деп. Буга акылынын жеткенин карабайсыңбы, ушул хирург болгондон кийин абамды тааныйт го деп шыбыраса, ал ишенип, болбогон шылтоо таап калтырып коюптур. Ошондон ачуум келип, үйдөн инимди айдап военкоматка алып барып, комиссияга кирип, менин көзүмчө текшергиле, эч оорусу, кемтиги жок деп армияга айдадым, себеби мурун ошол убакта армия деген укмуш да, окутуп, тарбиялап адам кылып жиберчү эле. Ошентип Сибирдин алыскы Уссирийск деген жерине армияга кетти. Үч-төрт ай өткөндө командиринен кат келди, иниңиз бөөдө шылтоо таап, эки жолу госпиталга жаткызып текшерип чыктык деген. – Эч оорусу жок, күч колдонуп, сабап туруп кызмат кылдыргыла деп, кайра ошол командирине кат жаздым. Ошондон кийин инимден кат келди, эмне дедиң эле, мени сабап жатат деп. Мен кат жаздым, сага сооп болот, дагы сабай түшсүн, сенин жаның башкалардан артыкпы, акмактанбай жакшы тил алып, кызмат өтөп кел деп. Армияда эки жыл жүрүп келди, кызыгы, кеткенине үч-төрт ай өткөндөн кийин энем байкуш мага: – Абдылдам эмне болду, эмгиче келип калам деди эле – дейт. Мен: – Ай, эне, кеткенине үч-төрт эле ай болбодубу, ал эки жылдан кийин келет десем, ыйлап жиберди. Кетерде ыйласа, ыйлаба, жибере берсин, үч-төрт айдан кийин келип калам деп энесин сооротуп кеткен тура, барганда көрсөткөн «номурлары» өтпөй калып эки жыл жүрбөдүбү. Бул инимди чоңойгуча, кийин аял алып бергенден кийин деле, өзү жалкоороок, тилдеп, сабап да койгон күндөрүм болгон. Энем байкуш тунум деп жакшы көрчү, аяп, мага: – Тим койчу, аман жүрсө болду деп калкалап турчу эле, ушул баласынын чайын ичип, келинин, бала-чакасын көрүп кетти. Азыр ушул иним айылда үй-жайдын ээси болуп, жакшы карылыктын

башталышын көрүп жатат. Тамеки чекпейт, арак ичпейт, момураган жакшы адам болуп калды. Бул инимдин азабын энем экөөбүз жакшы эле көрдүк.

Дагы бир ушул күнгө чейин эсимден кетпеген нерсе бул. Эстесем, демим кыстыгып, дем алалбай, жашып кетем. Айтпадымбы, өтө кедей элек деп, уруш убагы, 1944-жыл болсо керек, энем байкуш күнүгө эртең менен эрте кетет. Ак-Суу айылынын үстү жагындагы тоо этегиндеги кенен жайыт жер биздин айылга караштуу. Ошол жерде колхоздун саан уйлары бар эле, анда машина жок, уйларды кол менен саашчу. Кечке саап, кечинде эки чаканы баканга көтөрүп, суу сүттү (тартылган сүт) жөө көтөрүп келет, аны жарма кылып бышырып, талкан аралаштырып бизге берип бакчу.

Бир күнү кечке жуук укмуштай бороон-чапкын болуп, күн катуу жаап кирди, оюм энемде, эмне болду деп, огороддо бир ат жүрүптүр, аны кармап алып, белимдеги жипти чечип, ооздук байлап, жайдак минип алып, алдынан тосуп чапкан бойдон жөнөдүм. Айылдан өтүп, төш менен чаап баратам. Баратсам, бир коктунун ичинде ыйлап отуруптур, жаан куюп жатат, көрсө, коктуга ичке жол менен түшүп келатып, ошондон тайгаланып жыгылып кетип, чакасы кошо кулаптыр. Ыйлаба, эне, тур деп жөлөп тургузсам, бүгүн эмне ичесиңер деп боздойт. Экөөбүз тең ыйлап, эптеп сооротуп: – Эчтеке эмес, бүгүн сүтү жок эле жарма ичебиз деп атка учкашып алып, үйгө келдик.

Канча жыл өттү, ошентсе дагы жыл сайын айылга бартканда, машинадан ошол коктуну карайм, караган сайын ошол окуя, энем эсиме түшүп, бир аз муунуп барып оңолом.

Дагы бир унутулгус окуя эсимде калды. Ошондон бир-эки жыл мурун энем катуу ооруп калды деп карындашым Бейшекан, Түптө иштечү, өзү врач, телефон чалып калды. Кечинде: – Аба, энемдин оорусу өтө кыйын, тез келбесеңиз

болбой калды,– деди,– макул, эртең менен эрте чыгам – дедим. Мындайда артын, алдын чогуу ойлонуш керек экен, даярдык деген болуш керек, Сабирдин Турсунов айыл чарба министри эле, мамилебиз жакшы болчу, түнкүсүн телефон чалдым: – Сабике, энем катуу ооруп атыптыр, жөнөгөнү жатам, айылда деле даяр шартыбыз жок. Караколдо мал байлаган комбинат болсо керек эле – десем,– бар – деди. Бир-эки жылкы айтып койсоң десем: – Маке, капа болбо, энең аман-эсен айыгып кетсин, мен азыр эле телефон чалам, ал жагынан кам санабай бара бер,– деди. Эртеси дары-дармегимди алып жетип бардым. Барсам, энем чын эле кыйналып, деми кыстыгып дем алалбай, температурасы көтөрүлүп, чабалактап жатыптыр. Байкуш энем мени көрүп сүйүнүп, бетимен өөп, жакшы боло түштү. Тез эле алып барган дарыларымды куюп да, ичире да баштадым. Бейшекан – врач-инфекционист, жанынан чыкпай отурду. Туугандар чогулушуп, чочулап турушкан экен, мен не бар, не жок деп эт комбинатына барсам, директору жакшы адам экен: – Турсунов телефон чалган, даярдап койдук – деди. Мен: – Айланайын, ырахмат, энем оңолуп кетсе кереги жок, өзүңдө калат дедим. Кайра кечке жуук үйгө келсем энем кичине түзүк, этинин ысыганы түшүп, дем алганы оңолуп калыптыр. Туугандар: – Баласын күтүп жаткан, көрүп боюн түзөп жатат – деп жоруй башташыптыр. Мамакенин карындашы Уулкан деген эже бир кыз төрөп алып, ар дайым биз менен чогуу жашачу, күйөөгө чыккан жок. Сүйлөгөнү, сөз тапканы укмуш киши эле. Ошол эже, дагы бир жеңе ырсалаңдап эле күлүшөт. «Ой, силерге эмне болду? Эмнеге кубанып жатасыңар?» – десем, эже мага карап: – Атаңдын чекесин карачы – дейт. Эмне болуптур деп карасам, чекеси томуюп калыптыр. Көрүп: – Ай, ата, эмне болду, жыгылдыңбы десем, жөн эле,– деп койду. Уулкан эже агасы менен ачык эле сүйлөшө берчү. Мен айтып берейин деди: – Сен шаарга кеткенде бул кемпирине жакын барып отуруп, чакча-

дагы асмайдан берип: – Капа болбой, ойлонбой жата бер, уулуң Мамбет эки жылкы даярдап коюптур, ошону көргөнү шаарга кетти – деп кемпирине айтып берип жатпайбы. Кемпири уккандан кийин чакча менен чекеге коюп калыптыр, ошол жылкылар сага союлуп калсын деп. Күлбөгөн киши жок. Мен: – Ой, ата, бул эмне кылганыңыз, эс-учун табалбай жатса, кантип айттыңыз десем, жөн эле оозуман чыгып кетти – дейт. Атам байкуш мурунтан эле эмне көрсө, укса ичине жашыра алчу эмес. Энемдин жанына барып алаксытып, атам тескери түшүнүп калыптыр, мен больницага бирөөнү көрүп бер деп чакырганынан барып келдим десем, унчуккан жок. Бирок абышкасынын сырын билчү.

Ошону менен энем дарыланып жатып, айыгып кетти. Энем өтө көп төрөгөн. Менден мурункуларынын баары жаш убагында кайтыш болушуптур. Менимче, ага себеп – ошол турмушта үйдүн сууктугу, кийим-кече, тамак-аштын жетишпестиги. Кийин ойлойм, балдары кичинесинде эки өпкөсүнө суук тийип, врач деген жок, дары-дармек деген жок, ошон үчүн көпчүлүгү өлө берсе керек. Мен өзүм чоңойгону, 10-классты бүткөнчө кийим дегенди көргөн эмесмин. Тон, шым териден, бутта кыштын күнү кийиз чокой, күн жылыгандан, кыш түшкөнчө бут кийим дегенди билген эмесмин. Ал убакта түшүнүк ушундай эле, ар жак-бер жакты көрбөсөк, башка эл кандай жашап жатканын билбесек, ойлойсуң, ушундай турмуш болуш керек деп жашай бересиң. Таң калганым, айылдагы эстүү-баштуу кишилер деле жаныбызда 3–4 км жердеги Ак-Сууда орус эли жашайт, ошолорго барып, алардын үй-жайын, айдаган эгинин көрүп, оокат кылса деле болмок, оңолуп кетмек. Мен чоңоюп, Фрунзеге кеткиче, 1946-жылга чейин биздин айылда бир түп алма, өрүк болгонун көргөн жокмун. Ушуларды айдап-багып алса деле түзүк жашашка жардам болот эле да, ушунун баары билбестик, билимдин жоктугунан болсо керек.

Институтту 1952-жылы бүтүп, Сокенге үйлөнүп, үч жыл хирургия кафедрасында ординатор, аспирант болуп, стипендия менен эптеп жашадык. Аспирантураны 1958-жылы бүткөрүп, илимдин кандидаты, ошол эле хирургия кафедрасына окутуучу болуп калдым. Аспирантурада окуп жүргөндө кайнагам Жумагул Алышбаев Москвадан жогорку партиялык мектептин аспирантурасын бүтүп, илимдин кандидаты болуп келип, Фрунзедеги Республикалык партиялык мектепке директор болуп калды, тез эле академик, андан соң Жогорку Советке депутат болду. Ушундай таланттуу, боорукер, укмуш киши эле. Биздин кыйналып жүргөнүбүздү көрүп, депутаттык стипендиясын, эски-уску кийимдерин да берип жүрдү. Эки бөлмө үйүн биз бүткөндө идиш-аягы, жууркан-төшөгү менен таштап кеткен. Мына ушул кишинин биз үчүн жасаган жакшылыгы, жардамы укмуш эле. Бул жакшылык эч качан унутулбайт.

Кийин мен чоңоюп, түзүк хирург болгондо да, ушул кишинин жакшылыгын унутпай, актоого чоң аракет жасадым. Мага өтө ыраазы болуп, жакшы көрчү. Ыраматылык ал 49 жашында кайтыш болуп кетти.

Ошентип, 1960-жылга чейин энемди жакшы деле бага алган жокмун. Анча-мынча кийим-кечегине каралашпасам, ашык жардам көрсөтө албадым. 1960-жылдан баштап жардам кылышка, багышка чоң аракет кылдым. Биринчиден, айылга үй салып бердим. Мал-салдуу болушуна көмөктөшүп, атамды жылкылуу кылдым. Аркы-берки жерге жөө барбай калды, уй, койлуу болуп дегендей, кийген кийимин, жууркан-төшөнчүсүн оңдоп, оңолуп эле калышты. Андан кийин экөөнү кышкысын бул жакка алып, жазга чейин күн жылыганча биздин үйдө болуп, өзүлөрү дагы кыңкыстап, айылга көнгөн кишилер, чыдай албай айылга кетишчү. Адеп келгенде, аялым – Сокен кайнатасынан уялбай-этпей эле бакыртып, чечинтип, ваннага сууга салып, жууп, тазалап, таза дамбал, көйнөк кийгизгенин билем. Атам бечара,

түшпөйм, жакында эле сууга түшкөм деп бакырып жатат. Мен сурай калдым, эмне, айылда essentially монч салынып калдыбы, кайдан түшүп жүрөсүң деп. Билем да, айылда мончо эмес, ысык суусу жок экенин, атамдан такып сурап жатам. Ичине эч нерсе жашырбаган момун неме айтып жатпайбы, бээмди талаада откозуп жүргөндө, арыктагы сууга жуунуп алгам деп. Сокендин оюн мен билип турам, кайнатасын тазалайын деген ою деле болбосо керек, ушул бит-ситин кетирейин, үйгө жайылып кетпесин деп сууга түшүрсө керек. Энем байкуш, өтө момун, оозунан жаман сөз чыкпаган киши эле. Көзүмдү ачып биринчи көргөн келиним деп Сокенди жакшы көрчү. Сокен деле жетим өскөн, жокчулукту, кыйынчылыкты бала чагында башынан көп өткөргөн, артыкчылыгы – өтө таза, үйгө, кийим-кечеге чаң жолотпойт, тамак-аш жасаганга укмуш, менин жакын келиндеримдин баары ушул Сокенден сабак алчу эле. Кыялы бар, тили бар, ушул күнгө чейин 40–50 жыл мурун өткөн окуяларды жылы, айынан бери сайрап айтып отурат, мен аларды биринчи уккандай болом, бирок моюнга салып коёт. Канча сайраса дагы, энем бир ооз ачып койбойт. Деги, жаман сүйлөп ажылдашкан кишилерге жооп да берип койчу эмес. Өзүнө айтчу элем: – Ой, эне, бир жооп берип койсоң боло – деп. – Ай, балам, аны менен ажылдашып, нервимди коротуп жүрөмбү, андан көрө ошол кишиге карап туруп, сөз айтпай эле бир аз жылмайып күлүп койсоң, мээси болсо түшүнөт дечү. Кийин тиши түшүп, тиш жасатып бердим, байкуш энем ошол тиш менен өлөр-өлгүчө мактанып, бадыракты тарсылдатып чайнап койчу. Көзүнөн катаракт болуп операция жасаттым, кийин калың очки менен көрүп, түзүк эле жүрдү. Мен чоң ата, чоң энем менен чогуу жашап калгандан болсо керек, тигилерди жакшы көрөр элем. Фрунзеге кеткиче чоң энем мени өтө жакшы көрүп, эркелетээр эле. Түнкүсүн эшикке чыксам, артымдан кошо чыкчу. Ыраматылык энем – ошол үчүн өз эне. Атам менен ачык сүйлөшчү элем.

Бирок энем көпчүлүгү бул жакта жашап калды. 83 жашка келип калганда негедир тамакты жакшы ичпей арыктай баштады. Эне, эмне тамакты жакшы ичпей калдың десем айтат, негедир коюу тамак жакшы өтпөй калды деп. Тез эле билдим, чочудум, канча болду десем, мындай болгонума бир топ эле болуп калды, суюк тамак гана өтөт дейт. Эртеси эле өзүмдүн ооруканама жаткызып, текшерип карасак, кызыл өңгөчүнөн шишик (рак) болуп калыптыр, дарылай баштадык, дарынын күчү менен бир аз оңолуп калды. Андан кийин ашказанын операция жасап, ашказанга трубка кийирип, ошол аркылуу тамак бере баштадык, ошону менен кайтыш болгуча жашады. Алы кетип, арыктагандан арыктай баштады, айлам кетти, начарлагандан начарлады. Мындай оору менен ооруган жашы келип калган адамдарга эчтеке жасай албайбыз.

Бир күнү түнкүсүн хирургияда дежурный элем, Сокен телефон чалды: – Тез келчи, энем кыйналып, чыдабай жатат – деп. Чуркап барсам, деми кыстыгып, дем алалбай жатыптыр, кыйналып: – Балам, эшикке чыгарчы, аба жетишпей жатат,– деди. Кенедей болуп калган, көтөрүп алып балконго чыгарып, алып отурдум. Кислород бар эле, аны менен дем алдырдым, кыйналып жатып: – Балам, атаңды чакыртчы,– деди. Атам айылга кеткен эле, түн боюнча сельсоветке телефон чалып кабар бердик. Атам байкуш эртеси эле жетип келди. Кемпиринин жанына отуруп дем салды, кичине жакшы боло түштү, ошентип жатып эртеси түнкү саат 12де кете берди.

Ошондо өзүмө, өзүмдүн врач кесибиме таарынып, колумдан эчтеке келалбай, энемди сактай албай калганыма капа болуп ушунчалык кейидим. Эртеси айылга алып жөнөдүк, айылда болгон мусулманчылык ырым-жырымынын баарын жасап, коюп келдим. Ошентип, 1983-жылдан тарта энесиз жетим калдым.

Бир өкүнүчүм, ата-эненин тирүү кезинде кээ бирибиз көп барктабайбыз, кээде укпай, орой жооп берип, жакшы

көңүл буруп бакпай койгон учурлар болот. Бирок көзү өткөндөн кийин: кап, ушундай акмакчылык кетирип коюптурмун деп өкүнөсүң, бирок жерди тепкилеп, башыңды койгуласаң да, өкүрсөң да энең тирилип келбейт экен. Мына ушуну ата-энеси бар балдар унутпасаңар!

Ушул күнгө чейин өкүнөм, жыл сайын отпускага барганда энем байкуш уулум келет деп, эшиктин алдында күтүп отурчу эле. Келгенде машинадан түшөр замат, чыныга суу куюп алып бирдеме деп, башыман айлантып, түкүрүп, чынысын көмкөрүп, эшиктин алдына койчу эле. Ошондон мурунку жылы барсам, дагы эле чыныдагы суусун алып келип түкүрүп койчу дегенинен: – Койчу, эне, болбогон нерсеңди,– деп, болбой бастым эле, артымдан ээрчип алып түкүрткөн.

Ошону менен анда эчтеке оюма келбей кеттим. Анан кийинки жылы энем өлгөндөн кийин барсам короодо бир киши жок, үйдөн чыккан жан жок. Ошондо энемдин элеси, баягы күтүп турган, чынысын кармап түкүрүп койчу деген жан жок. Энем эсиме түшүп, эсим оой түштү, сарайдын артына барып бир өкүрүп алып, анан эс алдым, ушул күнгө чейин эмне үчүн ошенттим экен дейм. 1983-жылы профессор, кафедранын башчысымын, ишим ушунчалык ийгиликтүү жүрүп турган кези эле.

Кетээрде энемдин айткан акыркы сөзү: «Балам, саган ыраазымын, ак сүтүмдөн кечтим. Жашымдан кедейчилик, жокчулуктун азабын тарттым эле, карыганда берди дөөлөттү, колуңан келишинче жакшы бактың, менин эле балам болбостон, элдин баласы болдуң, өмүрүңдө ден соолугуңду тилейм» – деп. Бул сөздү эч качан унутпайм, күнү-түнү мээмде турат. Энемдин оозунан жаман сөз чыкчу эмес, жалынганы айтканы, алдыңа кетейин деп, кээде бул сөзгө да маани бербей койчу элем. Көрсө, ар бир эне-атанын тилеги, балдарынын жаманчылыгын

көрсөтпөй, балдарынын алдында кетсем деген тилек тура, дагы бир тилеги – балакетиңди алайын дегени укмуштай тилек экен. Балдарынын кыйналганын, ооруганын жана башка кырсыктарынын баарын өзүнө алгысы келген тура.

Энем менин аялыма кандай жакшы көрүнүп сыйурматка жетти? Менимче, энем жоош, момун, жаман сөз айтпаган киши эле дебедимби. Менин кемпиримдин кыялы, тили бар. Энем байкуш эмне десе дагы, бир үн катчу эмес. Акыры жүрүп отуруп ушундай адамдар жеңет экен. Азыр Сокен бир-эки айдан кийин 82 жашка чыгат.

Экинчи мисал, өзүмдүн улуу келиним Анара да энемдей унчукпаган, оозунан жаман сөз чыкпаган келин. Эки уулу институтту бүттү, бирөө үйлөнүп эки неберелүү, мен чөбүрөлүү болдум. Ушул күнгө чейин кайын энеси Сокенге өөдө карап жооп бере элек, суугa түшүргөн, кайда барса жөлөп-таяп артында жүрөт. Мына Анара дагы ошентип жүрүп кайын энесин жеңди, эми Сокен Анара эмне десе баш ийип отуруп калган.

Мен энемдин ак сүтүнөн кутулдумбу, актадымбы?

Энем азыр тирүү болсо, эмне кылаар элем? – деп ойлойм. Колума көтөрүп, ичпегенди-ичирип, кийбегенди-кийдирип багат элем. Айла жок энем жок. Кайда жүрбөйүн эсимден кетпейт. Арбагында колдой жүр деп ичимден да, тышымдан да кайырып жүргөн убагым.

## АТАМДЫ ЭСКЕРҮҮ

Атам 1985-жылы 93 жашында кайтыш болгон. Он жети баланын атасы, ошондон үчөөбүз барбыз. Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Экинчи группадагы майыбы болгон. Мен атам жөнүндө эсимде калганын эскерип кетейин. Кийинки муундарга анча-мынча үлгү боло алар. Ата-эне бала үчүн канча жашка чыкпасын, кандай ахвалда болбосун, түшүнгөн балага эне-ата болуп кала берет. Атам раматылык ден соолугу түзүк, алдуу-күчтүү киши эле. Эсимде, өлөр өлгүчө бир жерим ооруйт деп дары ичип көрбөгөн. Айтып жүрбөйүмбү, негедир өрөөн боюнча өтө кедей үй-бүлөдөн элек деп. Атам байкуш мен билгенден өмүр бою колхоздун жумушун жасап жүрүп өтүп кетти. 16-жылы үркүндө Кытайга барып келгенин, көргөн азап-тозокту, кыйынчылыкты 14 жашар карындашы Каличаны бир чака унга сатып алганын айтып калаар эле. Кайра келе жатканда чоң энем Мамакенин энеси Алтыке, кызына капа болуп ыйлап отуруп, жолдон кайра: «Кызыма кетем» – деп эчен ирет качканын, ошентип күйүттүн азабынан чоң энемдин жолдо боюнан түшкөнүн айтып калчу эле. Кытайдан келгенден кийин Ак-Суу (Теплоключенко) орус айылына биздин Кереге-Таш айылынан 4 км орус айылда Иванко деген оруска малай болгонун айтып, аны мактачу эле. Анда орустун эмне жумушун жасачу элең десем чочкосун, уюн кайтармай, чөбүн чапмай, жер айдап эгин ормой жана башка болгон жуму-

шунун баарын жасамай. Эмнесин мактайсың десем, башка орустарга сабатчу эмес, бөлкөнү тойгуча берчү дечү. Кийин айылда тыңыраак ат, түзүгүрөөк уй болсо эле, Иванкенин айгырынын, букасынын тукуму деп калчу. Чындыгында кийин ойлосом ошол орустар, деле билими жок, бирок адамгерчилиги болгон экен. Айтышат, кийин Кыдыр аке өлгөндө 1926-жылы Ак-Суу орусу бүт өкүрүп келген деп. Кыдыр аке кыргыздар эмес орустардын арасында өтө barktуу адам болгон экен. Кийин Советтер Союзу болуп, эркиндикке чыкканда айылга үй салып, ошол үйдө мен дагы төрөлгөм. Ал убакта ушундай түшүнүк болгон, ушундай үй, ушундай жашоо болуш керек деп. Үйдүн кейпи топурактан согулган дубал, үстү узун карагай шыгыр менен устуну бар талтерек, анын үстүнө саман, самандын үстүнө калың топурак төгүлгөн, ичи-тышын шыбамай деген жок. Эшиктерезе жок. Эшиктин ордуна эптеп жыгачтан жонуп зым же жип менен бекитмей, терезе деген тамдын боорун тешип, ары-бери жыгач уруп, күн жааса, суук болсо саман же жаман-жуман тери, чүпүрөк тыгып коймой эле. Тактай деген түшүнүк анда жок, калың саман же куурай төшөп ошонун үстүнө отуруп, жатканда үстүнө жатып, уктачу элек. Кровать, шейшеп, жаздык, чыны кашык, тарелка, кийимибиз, негизинен, тери. Тери шым, көйнөк деген аты эле бар. Кант, момпосуй дегенди көргөн жокмун, мына менин 1946-жылга чейинки көргөн жашоом ушундай эле. Кийин чоңойгондо Мамаке менен айтыша берчүмүн, айтышканымдын себеби Мамакенин атасы Акун атам, Алтыке энем баарыбыз чогуу жашадык, ошон үчүн чоң атамды – ата деп, чоң энемди – эне дечүмүн. Атам Мамаке менен энем Батыйды байке, жеңе деп калдым. Байкеме айтчумун: «Ай, байке, оруста көп жыл малай болуп, болгон жумушунун баарын жасап жүрүп ошондо эмне үйрөнүп калып, кийин үйүңө жасаган жок-

суң?» – деп, унчукчу эмес. Мен эс тартканы, колхоз уюшулуп калды. Биздин айылда негизги кесиби мал чарбачылык, апийим айдоо, эгин, картошка, чөп чабуу, кышында карагай тартмай. Мына ушул жумуштун баарында иштеди, колхоздун жумушу дегенде мындай укмуштуу иштеген кишилер аз эле болчу. «Күлөмбай» деген ат коюшту. «Күлөмбай» деп, жан-дили менен берилип иштеген кишилерди айтчу. Өзү менен курдаш Бейшеке Мусурманкулов, Качкеев Карымшак жана башка бир топ адамдар укмуш иштешчү. Эсимде, уруштан мурунку жылдарда машина, трактир дегенди көргөн дагы эмеспиз. Бүт жумуш ат, өгүз, кол менен иштелип бүтчү. Соко айдаганда Бейшеке, Мамакелер күн-түн дебей жөө айдашчу. Байкем чөп чабыкта, үймөк үйгөндө, чөп жыйнаганда анда мындай темир айры деген жок, тоодогу четинден эки-үч ача кылып айры жасап алышчу. Байкем жыгач айры менен бир чөмөлө чөптү бир сузуп көтөрүп, үймөктүн үстүнө ыргытчу. Экинчи эсимде калганы буудай бышканда, оруп боолоп, анан кырманга үймөк кылып жыйышчу эле. Ошондо Мамаке үймөктү жыйнаганы, айрыкча кырын чыгарганга өтө уста эле. Адам карап эле тургандай жасачу, себеби мындай үймөктүн кырынан жаан жааганда өтпөйт. Өмүр бою сугат сугарып жүрдү, ала-була калтырбай сууну арык чаап жылдырып отуруп, чыкпай калган жерге жеткизчү. Бир күнү түш оогондо жарма алып барып берейин деп, сугарган жерине барып дөңгө чыгып турсам ылдый жактан мени көрүп басып келе жатат, жакын келгенде: – Ай, байке, эмне жумуртка таап алдыңбы? – десем – жок, суу жайылып аткан жерде чычкандардын ийини көп кезигет. Ийинге суу киргенде чычкандын балдары тумчугуп, тышка чыга качат, ошол сууга тумчугуп, чыга албай жаткан чычкандын балдарын өлбөсүн деп этегине салып алып келе жатыптыр. «Муну

эмне кыласың?» – десем, «Тетиги дөңгө чыгарып коёюн» – дейт. Келе мен чыгарып коёюн деп чычкандын балдарын жерге чаптым. Мына ушундайыңдан өтө кедейсиң – деп койчу. Өзү момун киши эле, оозунан жаман сөз чыкчу эмес, эки сөзүнүн бири эле «Кудай берет» дечү. Кээде мен урушуп кирем, сенин Кудайың бергиче, ачкадан өлөбүзбү, ууру кылсаң дагы бирдеме тап дечүмүн. Бечара байкем ошого ишенчү, барбайм шайтандын ишине жумшайсың дээр эле. Ошончо колхоздон иштегени менен «эмгек акы» деген жок эле. Күзүндө бир центнер арпа же буудай берип койчу. Эч бирине арызданчу эмес, түшүнүгү ал убакта ушундай болуш керек. Жылкычы болуп көп иштеди. Мал багышчу ал убакта, чөп жыйноо деген жок, болсо дагы аз, жетпейт. Кышында жылкы жаныбар чоң карды тээп, чөп издеп эптеп жан багаар эле. Бир жакшы жери төлдөп жайлоого чыкканда, түнкүсүн коё берет. Эртесине чейин оттоп жүрүп эртең менен таап айдап келчү. Кымызы болгондо кымызды, кымызы күчтүү болсо көп ичип алып кызып жүрүшчү. Анда арак деген түшүнүк жок эле. Бир күнү эсимден кетпейт, жайлоого кетип баратып Ак-Суу курорту биздин айылдын жери эле, ошонун төшүндө бешим ченде жылкыны кайтарып тургам, ээр-токум деген жок, семиз жоош бээнин үстүндө, оонап ойноп отургам. Коктудан бир зоот кызыл айгыр азынап чыга калды. Түз эле биздин бээлер жакка келе жатты, биздин айгыр жөнөкөй, жапыз бойлуу, жалы, секелеги, куйругу жерге тийип чубалжыган көрктүү айгыр эле. Секелеги оттогондо көзүбашын жаап, көрүнбөй калчу. Ошол айгыр караганда башын силкип алып, азыркы биздин «кыздардай» башын бир жакка булгуп алып карачу, болбосо көзүн секелеги жаап калат. Чоочун айгыр азыналап келип эле бээлерге асыла баштады. Биздин айгыр шашпай алдынан тосуп чыгып, беттеше түшүп кармашып киришти.

Бир аздан кийин чоочун айгыр алынын жетпесин сезди окшойт, капталдай качып жөнөдү. Биздин айгыр артынан кууп баратып, чандырдан тиштеп туруп тартты эле, ал аласалып жыгылып түштү, үстүндөгү ээри солдат ээр булгаарыдан жасалган экен, үзүлүп түштү. Ошол замат жетип барып, ээрди илип алып үйдү көздөй жылкыны айдап алып мен келдим. Андай ээр-токумду көрбөгөн жаныбыз эртеси жайлоону көздөй жөнөдүк. Ошол «ээрди» жок дегенде 10 жыл колдондук окшойт. Ошентип жүрүп 1941-жылы согуш башталып калды. Мамакени 1943-жылы апрель айы болуш керек, армияга чакырып калды. Биздин айылдан төрт киши калды: Кожогелди, Байжума, Төрөм, Бейшеке. Бейшеке бай киши эле: «Үйдөн алып кетсин» – деп барбай койду. Кийин кесилип кетип, уруш бүткөндө аман-эсен бошоп келди.

Армиядан кат келип турду. Байкем мурунку латын алфавити менен бир аз жазчу, ошол жазганына кубанып, анын эсенчилигин билип турдук. Бир топ убакыттан кийин кат келбей калды, 5–6 айга дайыны жок болуп жүрүп бир күнү кат келип калды. Ал убакта үч бурчтуу картон кагаздан жасалган, өзү латын тамга менен тартаңдатып жазыптыр. Мен 4-класска чейин латын тамгасында окугам, катты окуй алчумун. Байкем, колумдан жараат алып госпиталда Смоленск шаарында жатам деп жазыптыр, аманчылыгын билип сүйүнүп калдык. Мен ошол замат кайра кат жаздым, бир жумага жетпей кайра кат келип калды, колумду операция жасап жакшы болуп калды – дептир. Мамакеден кат келиптир дегенди сельсовет башкарма Иса, Муса деген кишилер келип: «Ай, бала, Мамакеден кат келдиби?» – деп сурады. Мен: «Ооба, эки жолу кат келди» – дедим. «Берчи катын биз окуп көрөлү» – деди, бердим окуп бүтүшүп, ары аңтарат, бери аңтарат: «Мен эмне издеп жатасыңар?» –

дейм. «Кайсы күнү жазылган числосу жок экен» – дешти. Мен эчтеке оюмда жок, датасын койгонду унутуп калган го – дедим. Андан кийин тез-тез эле кат келе баштады, келген сайын баягы активдер жетип келет, окуйт, баштарын чайкайт. Аягында менин ачуум келип, эмне эле байкемдин катына мынчалык кызыгып калдыңар десем, ошондо сельсовет Иса: – Ой бала, Мамакеден эки-үч жолу дайынсыз жоголду деген кагаз келген – дейт. Эми түшүндүк, аман-эсен бар экенине – деп келбей калды. Нечен жолу бизге угузалы дешип, биз өтө кедей элек, ошого карата коё туралы деп угузбай коюшуптур. Кара кагаз келгенде эле күбүр-шыбыр болуп угулуп калчу элге. Энемдин төркүнү Качкеев Карымшак дегендин кемпири дарылдаган чоң киши эле. Бир күнү көчөдөн, үйүнүн жанынан энем өтүп баратса: – Ай кыз, кире кетчи – деп үйүнө чакырат, отургузуп арпанын унунан жасалган катырманы, бир чыны ысык суу берип угузат. «Ай, кыз, белиңди бекем бууп, кайрат кылып бала-бакыраңа көз болуп, оокатыңды кылып жүрө бер. Мамакеден эчак эле кара кагаз келген» – дейт. Энем байкуш ичинен тымып, капасын тышка чыгарбай, ыйлап коюп жүрүптүр. Кийин аман-эсени такталгандан кийин, энем байкуш ушуларды айтып берип жатпайбы. Мен сельсоветке Исага барып: – Ой, аба, ошол келген кагазды мага бериңизчи көрөйүн – десем берди, эки жолу келиптир дайынсыз жоголду деп. Эмне үчүн жоголгонун кийин чоңойгондо түшүндүм. Көрсө, Мамаке билими жок, мылтык дегенди көргөн эмес, барганда аскердик бөлүктөр болот эмеспи, анын командири бар. Уруш жүрүп жатканда «атака» деп чуркашат, тапшырма аткарылгандан кийин взвод чогулуп аман-эсендигин текшерип санайт, ошондо Мамаке орусча билбесе же даярдыгы жок болсо командирин, взвод эмне экенин, кайдан билет, адашып башы оогон жакка кете берсе керек. Өзүнүн командири эсептегенде жок болуп чыгат, дайыны жок жоголду – деп кабар берсе керек. Кийин армиядан

келгенде сурап жатпаймынбы, «командир», «взвод», «отделение» дегенди билчү белең десем, жок – дейт. Уруш убагында менин түшүнүгүмчө, Мамаке эмес миңдеген билими жок аскерлер аскер кызматы менен түшүнүгү жок, орус тилин билишпеген. Биздин Кереге-Таш айылынан Караколго чейин 14 км. Караколду көрбөгөн адамдар армияга кетпедиби. Мен ойлойм, кээси адресин жоготуп жиберип, кайда экени белгисиз, адашып, сураса «кыргызмын», «кереге-таштыкмын» дегенди араң билген бечаралар тентип жүрүп жоголду го. Менимче ушул адамдардын эмне пайдасы болду? Тосмо катарында пайдаланса керек.

Мамакенин армияда, согушта жүргөн кээ бир жерлерин айтып берсе, укмуш анекдот катарында кабыл алса да болот. Байкем айтып берип жатпайбы: «Уруш жүрүп жатат, бир аз тынчый калды эле солдаттар уктап калды, мени командир ар жак-бер жакты жакшы карап кайтарып тур – деди дейт. Бир сөзүнө түшүнгөн жокмун, бирок көрсөтүп жандап айтты эле, анча-мынча түшүндүм кайтарып тур дегенин. Тынч, баары уйкуга кирди, бекер отургуча мылтыгымды тазалап коёюнчу деп, мылтыктын дүрбөсүнө чүпүрөк тыгып сүрткөндө кайра чүпүрөк чыкпай койду, айлам кетип, муну ок салып атып жиберсем ок сүрүп чыгарып жибербейби деген ой менен, ок салып атып жиберсем мылтык жарылып кетти» – дейт, дагы жакшы жерде жаткан бойдон аткан экен. Эгер колуна алып же төшүнө такап атса өзү өлмөк. «Тарс» дегенде уктап жаткан солдаттар ыргып туруп, туш-тушка чуркашат, эч ким жок, немец жок, кайра чогулушуп мылтыктын жарылып жатканын көрүп: – Мамакени жакадан алып силкилдетип, кайда немец? – деп сурашат. Эмне болгонун түшүндүрө албайт. Жалдырап үн-сөз жок тура берет, өзүнүн айтуусунда, анан билбейм, боор оорудубу үч күн караңгы жерге алдыма чөп салып жаткызып эс алдырды дейт, үч күндөн кийин башкалардын арасынан бир татар солдатты таап келишти. Татар-

га баарын түшүндүрүп бердим, ошондон кийин ал татар бир аз күн мылтык атышты үйрөттү – дейт.

Дагы Мамакенин айтканы: – Ошондон кийин «атака» деп чуркап калышты дейт, мен дагы алардан калбай чуркап баратам, бир маалда эле оң колум «шалк» деп түшүп кетти, карасам жеңимдин ичинен кан ага баштады, жанымдагы солдат көрө коюп колумду муунтуп байлап берди, кан акпай калды, жерде тартылган зым бар экен, ошого жип байлап берди ушуну менен жипти кармап алып чуркап жүрүп отуруп, бир топтон кийин жеттим. Жеткен жерде дарыгерлер бар экен, колумду байлап андан ары жөнөттү – дейт. Ошентип отуруп Смоленск госпиталына түшөт, госпиталдан операция жасап үч ай жатат. Келгенде чыканактын сөөгү, муундун ашталган эки сөөгүн талкалап кеткен. Кийин ошол чыканак мууну иштебей, бүгүлбөй калган. Бирок колунун манжалары кадимкидей иштөөчү. Кудай буюруп, аман-эсен келген экен менин атам.

Ошол убакта 1945-жылы өтө кыйынчылык, ачарчылык, кийим деген жок. Биз өтө көп үй-бүлөлүүбүз, кедейдин кедейи элек. Жаз келди. Жер айдамай башталды, жерди бүт өгүз, ат соко менен айдоочу элек. Өгүз аттарды кыштата колдон келишинче колхоздун сарайында жем, чөп берип бир аз семиртип алып, анан сокого салар эле. Колхоздун малын баккандар жайлоого көчө баштады. Байкемди – Мамакени Тайлапов Мамбет деген өзүбүздүн эле жакын тууган чоң атабызга кошуп берди. Өмүр бою колхоздун жылкысын баккан киши эле. Ушул кишиге Мамакени жардамчы жылкычы кылып, бир алачык берип бала-бакырасы менен эптеп ак ичип жан баксын деген мааниде болсо керек. Кызыл-Кыз деген жайлоого көчүп кетишти. Мен үйдө жалгыз калдым. Мен колхоздун жумушунда, кайда десе ошол жакта иштемей, укмуш иштечү элем. Чоң чабыкта, азыр эч ким ишенбейт, бир күндө мен 80 сотых жер чапканымда, эки норманы аткаргандыгым үчүн колхоз үч кесе суюк ачкыл жарма берет.

Өгүз, ат соко тынбай иштейбиз. Колхоздун талаасы айдалып бүткөндө, өзүбүздүкүнө уруксат берчү айдаганга. Бир күнү чоң атам Мамбет 5 кысыр бээ менен жайлоодон келип калды. Күн-түн дебей мен айдаштым, бүт өзүнүн туугандарыныкын айдап бүттүк. Бүткөндө чоң ата мага бээлериңизди түнкүсүн эле берсеңиз мен дагы огородумду айдап ала коёюн десем, Мамбет абышка: – Ой бала, Мамакени ушундай беш бээ менен жиберем, бул бээлер чарчады деп, мени ишендирип болбой кетип калды. Ошондон Мамакени эртең келет, бүрсүгүнү келет – деп күтөм, жок келбеди. Жадаганда, каттаган кишиден латын тамгасы менен кат жазам. Байке азыр кымыз, айран менен жан багып жатасыңар, а кышында атаңардын башын ичесиңерби дегенге чейин жаздым, жок келбеди. Айлам кеткенде колхоздун талаасы айдалып бүттү, өгүз, аттар арык көтөрүм болуп баспай калды. Огородго себе турган дагы үрөнүбүз эчтеке жок, 40 сотых огородго мурун беде айдалган, ушул огородду түн бою сугарып чыктым. Соконун тишин Жумалы деген кошуна уста, кулагы укпайт, армияга барган эмес, ушул киши соконун тишин чыңап, курчутуп берди. Өзүм бир жаман өгөө таап аябай сүрүп отуруп бычактай эле курчуттум. Себеби беденин тамыры жоон, терең кетет, кесиш кыйын, эмне себем эчтеке жок. Кампаны Сыдык деген армиядан аксап келген агалар карар эле, ошого бардым: – Ой аба, огородго себе турган эчтемем жок десем,– ой бала тетиги таруу салган кампага барсаң анча-мынча болуш керек, ошону шыпырып ал – деди. Барып шыпырып, чаңы топурагы болсун бир чакага жетпей калды, үйгө келатып жолдон Батма жеңе кезигип, Өзгөрүш Шаршекеевдин энеси, шакылдаган эстүү жеңе эле, көрө коюп: – Ой бала, биздин үйдө бир табак таруу турат ошону ал – деди. Өгүздөрдүн баарын тышка чыгарып жиберген экен. Барып алты өгүздү айдап келатам, өгүз байкуштар өтө арык, басалбайт, бир

аз басып эле жыгылат, улам откозуп отуруп араң айдап келдим. Бир суткадан ашык айдадым го, улам эс алдырып отуруп эптеп айдап бүттүм.

Айылда эркек жок, тарууну билген киши сеппесе көрүнгөн киши себе албайт. Болгону көчөдө Качкеев Карымшак таякем бар, Мамакеден бир аз улуу. Бешим ченде сугаттан келген маалын андып туруп келгенде кирип бардым, чарчап араң эле келген кейпи бар, жата калган экен. – Таяке, огородду айдап бүттүм эле себе турган киши жок, сээп бериңиз десем: – Ой, бала, бутумду серпе албай араң келдим, бара албайм – деди. Көгөрүп отуруп алдым, уйкуга кирип баратат мен болбой түрткүлөп: – Ой, таяке, тур – десем ой жанды коёсуңбу, кандай жабышкан немесиң – дейт. Койбойм жаныңды, тур сээп бер – деп көгөрүп туруп алдым, ой акмак жанды коёр эмессиң го – деп эптеп туруп барып, кыбырап сээп берди. Кечинде талааны тырмалап бүтүп карасам эки бала келе жатыптыр: – Ой, балдар, тырмоогуңарды берип тургула, түнү бою тырмап алайын – десем экөө тең көнбөйт, бербейбиз – дейт. Экөөнү тең аңтара коюп, аттарын алып алдым. Үйгө келип тырмагын, эр токумун, камытын алып түнү бою колхоздун бедесине 2–3 саат откозуп, курсагын тойгузуп, таңга жуук эки сыйра тырмап, бүтүрүп алдым. Айдалган талаам түптүз күзгү эле болуп калды. Түнкүсүн колхоздун өгүз арабасын айдачумун, ошону менен короого жыйнап алдым. Ошентип август айында Фрунзеге окууга жөнөмөй болдум. Колхоз эки араба чөп берди, ошону Караколго алып келип сатып, бир шым, көйнөк, тапичке сатып алдым. Болгон кийимим ушул. Сырттан эне-атам келип калышты, бир жолу кутулуп, отургузуп алып байкеме (атама): – Мен окууга кетейин, эми өзүң үй-бүлөңдү багып ал,– деп кетмей болдум. Энем байкуш дениң соо болуп, кырсыктан тышкары аман-эсен жүрсөң эле болду – деп, бетимен өөп узатты. Болгон азыгым бир мүшөк арпа-талкан. Окуп жүрөм, 1948-жылга чейин нан,

картошка, 500 грамм нан андан башка эч тамак-аш жок. Көгөрүп бардык кыйынчылыкка чыдап окудук. Төртүнчү курсту бүтүрүп, каникулга бардым. Каникулга барар замат эле колхоздун жумушуна чыкчу элем, себеби кетээрде эптеп жол кире болсун деп. Институтту бүткөнчө алты жыл бир адамдан бир тыйын жардам көргөн эмесмин. Үйдөгүлөрдүн кейпин көрүп туруп, алардан эч үмүтүм жок эле. Ошол 4-курсту бүтүп барганымда Мамаке атам сурап калды: – Кайда жүрөсүң, эмне иш кылып жүрөсүң? – деп. Жарыктык киши ошого чейин менин окуп жүргөнүмдү дагы толук билбесе керек, мен: «Ай байке, медицина институтунда окуп жүрбөйүнбү, эми эки жыл калды бүтөөрүмө» – десем, «Эмне болосуң?» – дейт. Мен: «Кишинин догдуру болом» – дедим. Байкем: «Эмне акы аласың?» – дейт. Мен: «600 сом алам» – десем, «Аа кокуй, алты жыл окуп убара болбой эле, андан көрө мобу кошунанын баласы эшиктеш Жумадылов Айтпосун, азыр деле тирүү 70 жаштан ашып калды го, ушул Айтпосунга окшоп эле милийса болуп алсаң жакшы болот эле» – деп атпайбы. Мен: «Анын милийсасынын эмнеси жакшы?» – десем, «Пайдалуу көрүнөт, Айтпосун түнү ат, бир уй же жылкы, кой алып келип үйүнө түшүрөт» – дейт. Түнкүсүн көп уктабай сарайдын үстүнө чыгып, баарын көрүп отура берет экен. Ал убакта апийим айдачу, Айтпосун аңдып жүрүп, апийим уурдагандарды кармап, ошолордон алган малдар болуш керек. Кийин Айтпосунга кезигип айттым: «Айтпосун, алып келген малдарыңды кошуналарыңа көрсөтпөй жүрчү?» – деп. Ал менден бир аз кичүү: «Эмне болду?» – дейт. Мен: «Мамаке мени ушул Айтпосундай эле милийса болуп алчы деп, кеңеш берип, суранып атат» – дедим. Ошентип институтту 1952-жылы бүттүм. Үйдөгүлөр дагы эле ошондой кедейчиликте өтө кыйналып жүрүштү. Институтту бүткөндөн кийин деле он жылдай ординатор аспирант болдум, бул деле окуу, эч жардам бере алган жок-

мун. Кийин 1958-жылы илимдин кандидаты, кафедрага мугалим болуп, күн-түн дебей иштеп, күнүгө операция жасап, курсак тоё баштады. Үйлүү-жайлуу болуп, ошондон тарта жардам бере баштадым.

Ошентип жүрүп кийин арыздана баштады, жыл сайын согуштун ардагерлерине сельсовет ырымдап көйнөк, калпак, чай берип сыйлап коёт экен деп. Бир жолу барганда арызданды, сельсоветке мени такыр чакырбайт, эчтеке бербейт деп. Эмне үчүн? – десем, документиң жок экен деп. Мен сельсоветке барып кезигип: – Ай, ушул абышканы кандай унутуп койдуңар, армияга барып колу жараксыз эмеспи десем. Сельсовет: – Ай, агай, Мамаке абанын эч документи жок экен, ошон үчүн биздин тизмеде жок болуп жатат дейт. Чындыгында документи жок, жоготуп койсо керек. Менин деле эсимде жок, ошондо байкемден сурап жүрөм: – Кайда документиң? – десем,– билбейм, жоготуп жибергем – дейт. Документиң жок болсо кайдан сага бермек эле – дедим. Ошондон абышканын абдан капа болуп, таарынып калганын көрүп, Фрунзеге келээр замат Москвага военный архивге кат жаздым. Байкем айтып бергени боюнча Смоленск шаарында жарадар болуп жатканын ошондо билдим, совет өкмөтүнө ыракмат. Он беш күндөн кийин жооп алдым. Смоленскиде жарадар болуп үч ай жатып, операция болгонун, бардыгын толугу менен жазып жибериптир. Ошондон кийин байкемди чакыртып алып, ооруканага жаткызып, рентгенден өпкө-жүрөгүн текшергенче, андан коркуп бакырып чыга качыптыр. Мени чакырышты, эмне болуп кетти? – десем. Байкем жарыктык, эмне мени караңгы үйгө камап жатат, – дейт.

Экинчи жолу дагы жүрөгүн текшергенге электрокардиограмма жасайт да, сестра чуркап келди, жаман болуп жатат – деп. Чуркап барсам сүйлөй албайт, тиштенип калыптыр. Эмне болду? – десем, айталбайт, булдурайт, жанына отуруп: – Коркпо, жүрөгүңдүн иштешин текше-

рет – деп түшүндүрдүм. Бир аздан кийин эс алып, эмне колу-бутумду тушап жатат дейт. Резинка менен буту-колун байлап текшерет да, ошондон коркуп, тушап союп жиберет деп түшүнсө керек. Мындай болгонунун себеби, өмүрүндө ооруп дары ичип көрбөгөн киши эле деп. Ошентип бүт органын текшерип бүтүп комисиядан өткөзүп, экинчи группадагы майып деп чыгарышты. Өлөр өлгүчө пенсиясын, сыйлыгын алып жүрдү. Согуштун майыбы дегенди кеч өткөзүп калдым, 75 жаштан өткөндө, көп көңүл бурбай жүрө берип, кийин мен өзүм дагы өкүнүп калдым. Кийин өзү кубанып жүрдү, согуштун ардагеримин деп. Колхоздун жумушун деле ушул 75 жашка чейин иштеди. Кийин мен: «Ай, байке, болду го иштебей эле койсоңчу?» – дечүмүн. Көрсө, туура эле кылган экен. Дени соо киши ошол эмгек менен алаксып жакшы дем менен жүрөрүн. Мына мен 85 жашка чыгып билип атам, эмгек эмне экенин, азыр мен 1–2 күн иштебей калсам, барарга жер таппай, колу-бутум шалдырай баштайт. Кийинчерээк энем-атам экөө тең тың эле, бирок карый башташканы билине баштады, ошон үчүн кышкысын шаарга алып келип кыштатып, жазга жуук айылга жиберип жүрдүм. Ошондо да араң чыдашат. Үйүн, неберелерин сагынышат, кетсек деп эле турушаар эле. Болбой эле, кээде атам эртерээк кетет, энемди көбүрөөк кармаганга аракет кылчу элек. Атам тың, баскан турганы, ден соолугу, тамак ичкени, көзү, кулагынын угушу жагынан карылыктын белгиси жок эле. Бир күнү атама анча-мынча ичирип туруп тамашадан баштадым. Илгери-кийин байкедей өсүп, калгандан кийин ачык эле, тамашалаша берчүмүн. Менин тамашамды абдан түшүнчү, көтөрчү, өзү сөзгө жок, көп сүйлөбөгөн киши эле, ошон үчүн сөз чыгарыш үчүн, сырын билгендик кылып адегенде 150 гр ичирип коюп, ал таасир эткенден кийин мен сөз баштап, тамаша аралаштыра сүйлөй берчү элем. Тамак ичкени өтө жак-

шы эле, өзү арыкчырай адам. Бир күнү кечки тамакта келини Сокен, семиз койдун этинен бешбармак жасады, ошондо карап отурсам, атам адагенде 3–4 майлуу кабырганы жеп койду, анан бешбармактан жакшы жеди. Мен тынч отура албай: – Ай, байке, сенин ашказаның «дизелдин моторунан» күчтүү го – десем, ушу сен менин аш-казаныма көзүң тийип калды – деп капа боло түшкөнүн өңүнөн түшүндүм. Түшүнүп: – Ай байке, мен тескерисинче, сүйүнүп жатам. Эгер сенин аш-казаның начар иштесе мен эле азабын тартпайт белем? – деп оңдодум эле, унчукпай кайра ыраазы болуп калды. Энем экөөңөр эмнелерди гана көрбөдүңөр – деп, кез-кези менен ичирип койчумун. Бир күнү теңтушум Мукамбет Мамбетов энем-атам менен кошо чогуу конокко чакырып калды, бир топ адамдар менен байкеме кыстап Муканбет: «Ата, анча-мынча ичип туруңуз?» – деп ичирип жатат, ичкенде байкем түбүнө чейин шыпкап ичип атат, бир убакта карыган киши кызып калабы деп, мен байке шаардагы кишилерди көрүп отурбайсыңбы, ар жак-бер жагыңда отургандардын баары ичкенде стакандын жарымына чейин гана ичишет. Кээде сөздү укмуш таап, чукугандай жооп берип койчу. Байкем мен деле, жарымын эле ичейин деп аракет кылам, бирок болбойт, көтөрсөм эле стакандын түбү көрүнө түшөт – деп отургандарды күлдүрдү. Ушундай сүйлөгөн, баскан-турганы ар дайым ушул күнгө чейин эсимде. Кийин эле айылга отпускага барып калганымда, туугандардан, теңтуштардан айланса болот, күнүгө «расписание» түзүп алып, конокко чакырышат. Бир күнү Дүйшөке Жумакеев деген кичинесинен бери бирге өскөн, менден 4 жаш улуу жакшы киши эле, чакырып калды. Айылда кандай, түнкү 2–3тө араң таратат, кетээрде эшикке чыгып, кызып алган адамдар бир аз сүйлөшүп туруп калдык эле, эшик караңгы, кетели деп атсак эле байкем жок: – Ай, абышка, кайда кетти, чогуу кетели – десем, айтып

калышты абышка эчак эле кеткен – деп. Мен чочуп кеттим, ай кантип кетип калат, ушундай караңгы, жол да түз эмес – десем: – Айылдагылар түнкүсүн жүрө беребиз – дейт. Үйгө келсем жатып алыптыр, тамаша кылдым: «Ай, байке, бул караңгыда кантип жол таап келдиң, көзүң укмуш үкүнүкүндөй го?» – десем. Түнкүсүн кадимкидей эле көрөт, анан айылдын жолун кайсы жерде арык, кайсыл жерде өңгүл-дөңгүл жатса билем – дейт. Таң калдым, ушул көзүң аман болсун деп. Жогору жакта айтпадымбы бир сөз чыгаарда, сүйлөшөөрдө бир аз ичирип алып сүйлөшчү элем деп. Оюма келип туруп алды. Байкем тың адам, энем байкуш карып калды, ден соолугу да начарлап баратканын байкап, энемди такыр эле Фрунзеге алайын, байкем Фрунзеге чыдабайт деген ой келип: – Кой атама башка аял алып берип, айылда жашай берсин деген ой кетти. Отуруп аркыберкини сүйлөшүп отуруп айта салдым. Кемпири, келини баары отурушат.

– Байке, саган мен башка аял алып берейин макул болсоң? – десем бир аз унчукпай калып, өзүң бил деп турбайбы, кемпири да унчуккан жок. Мен ишенип алдым.

Ошондон тартып атама аял издей баштадым. Тааныштар аркылуу аржак-бержактан табыла баштады. Кээ бирине өзүм барып сүйлөшө баштадым, көпчүлүгү макулбуз, өзүн көрөлү дешти. Мен чочулабагыла тың эле киши дейм.

Акырында өзүмдүн досум Мукамбеттин аялы, аяшым Турдубүбүнүн төркүнү мобу Кой-Таштан, телефон чалып калды: – Ай Мамбет, сага эне таптым – деп, мен сүйүнүп кетип: – Ой Туке, жүр көрүп келели деп, Мукамбет, Турдубүбү үчөөбүз Кой-Ташка жөнөдүк, барып Турдубүбүнүн эне-атасыныкына чакыртып, ачык эле сүйлөштүк. Боло турган эне 60 жаштын тегерегинде экен, угуп отуруп бир жума күткүлө, бул келген жерим жакпады, бир жумадан кийин кетем, анан макулмун деди. Көрсө, 2–3 ай

мурун ошол жерге күйөөгө тийген экен, келген жериби же күйөөсү жакпай калганбы, кетем деп айнып калыптыр. Макулдашып кете бердик, бери чыгып Турдубүбүгө кеңештим. Ай, бул аял аржак-бержагыбызды сурабай эле макул болуп жатат, деги дени соо немеби? – деп. Келип эле кечинде атама сүйүнчүлөдүм, буюрса аял таптым, эртеңден баштап даярдан, сууга түш, сакал-мурутуңду тегизде, таза кийимиңдериңди даярда, бир жумадан кийин күйөөлөтүп алып барам десем: – Ай, балам, убара болбо, аял албайм, аялыңды урдум – дейт. Мен таң калып: – Эмне болуп кетти? Өзүң макул болбодуң беле, эмне мени ошондон бери убара кылып, канча жерге бардым, аял издеп – деп, мен да ачууландым. Чыныңды айт, ким сени айнытты – десем. – Алып эле көр деди – дейт. Шак эле отура калдым. Акмакчылыгымды ошондо биле койдум, тилден калып калдым. Мурун ойлонбоптурмун, карыган немелерге, көрсө өмүр бою бирге жашап жүрүп башка аялга абышкасын кыйбайт экен да. Энем жоош, көп сүйлөбөгөн киши дебедимби. Көрсө, сүйлөбөгөнү менен акылы башка экен. Мен энемдин алдында ит эле болдум, жүзүн карай албай, тамак ичип олтурганда тамашага айлантып: – Атама караба, мен жөн эле тамаша кылгам кантээр экен – деп, көрсө чын көрүп ишенип алган турбайсыңбы – деп тамашага айланттым, экөө тең унчуккан жок. Кийин атамды ичирип туруп, жалгыз алдап сурадым. Энем эмне үчүн ушintти? – десем, сен чындап эле киришип калганда кеңеш салып айттым, уулуң ушинтип жатат, алайынбы десем, бир эле сөз айтты, алып эле көр – деп, басып кетти дейт. Кемпиринен кийин эки жылдан кийин оорубай төшөккө бир аз жатып, 1985-жылы кайтыш болду. Энем өлгөндөн кийин атамды бир жолу шаарга алып алайын деп ойлоп кеңештим, Фрунзеге алып кетейин десем, жок балам барбайм – деп койду.

Эки жылда бир да келген жок. Эмне үчүн барбайсың? – деп баласы Абдылда айтса, барсам энеңдей ошол жактан өлүп келейинби – деп, өтө коркок киши коркуптур.

Айылда экөөнө тең бирдей кызыл гранит таштан эстелик койдук. Барган сайын, үйгө түшөөр замат мүрзөсүнө барып куран окутуп, арбагында колдой жүргүлө деп, көзүмө жаш келип, ушул күнгө чейин капа болуп кетем. Атам байкуш ырыстуу киши экен 93 жашка жетип, бала-чаканын алдында, небере-чөбүрөлөрүн көрүп кетти. Бул дагы эне-атанын тилеги, алардын балдарына жалынганда алдыңа кетейин деген сөздүн маанисине түшүнсөң, укмуш эле сөз экен. Атам байкуш тилегине жетти, жогоруда айтпадымбы Кудай берет деп, ар дайым айтчу. Менин түшүнүгүм жок, кедейчиликтин азабынан атамды: «Сенин Кудайың бергиче ачкадан өлөбүзбү?» – деп күпүлдөп койчу элем. Ушул кишинин Кудай берет деген тилегин кийин түшүндүм, чындыгында, Кудай берди. Жаман болгон жокпуз, ошол баласы, мен, азыр Кыргыз Республикасынын Баатырымын, академик, профессор, болгон сыйлыктын баарынын ээсимин.

Экинчи баласы Абдылда 67де, 6 баласы бар, неберелерин менен жакшы карылыктын үзүрүн көрүп отурат.

6–887

## МЕН ЖАПАРЫМДЫ ЭЧ КАЧАН УНУТА АЛБАЙМ

Мен ушул жашка келип, көп эле жакын адамдарымдан айрылдым. Ошонун ичинен энемдин кайтыш болгонуна быйыл 29 жыл болду, ошондон бери кайда жүрбөйүн бир күн дагы эстебей калган күнүм боло элек.

Эми экинчи эсимден кетпей турган жоготуу болду. Мына Жапарымдын кайтыш болгонуна бир жарым жыл болуп калды. Ошондон бери Жапар күнү-түнү менин эсимде, экөөбүз жакын тууганбыз – үч атадан кошулабыз. Бакшы, Молдо деген эки бир туугандан – Бакшыдан Акун, Акундан Мамаке, Мамакеден мен; Молдодон Бектур, Бектурдан Турсунаалы, Турсунаалыдан Жапар. Жапар ошентип менин иним, балам болуп кийин чоңоюп хирург-доктор болуп, кесиптешим болуп калганда балалыктан, иниликтен өтүп мага жардамчы, кеңешчи, бирден бир ишенген көрүнүктүү адамым эле. Жапар 10-классты бүтүп келгенде менин жардамым болуп мединститутка кирди, институтту бүткөнчө «кулап калдым, кыйналып жатам» деген сөздү уккан жокмун. Өзүнүн аракети менен институтту ийгиликтүү бүтүрдү. Бүтөөр замат биздин клиникага ординатор болуп калды, ошол жылы азыркы келинибиз Бүкөнгө үйлөндү. Үйлөнгөндө менин кемпирим Сокен дагы Жапарды өз баласындай жакын көрчү, өзүбүз үйлөнтүп, ушул жерден тоюн берип, айылга чейин чогуу барып нике кыйып келдик эле. Ординатурадан кийин аспирантурага кирип, аны ийгиликтүү аяктап, өз күчү менен илимдин кан-

дидаттыгын жактады. Андан кийин ассистент доцент болуп жүрүп, доктордук диссертациясын ийгиликтүү жактаган. Илимий иши менен кошо хирургдун иши дагы ийгиликтүү жүрдү. Илимдин доктору болгондон кийин профессор наамга жетти. Жапардын эң бир жакшы сапаттарынын бири өзү өтө жөнөкөй, мүнөзү жумшак, эл менен сүйлөшө алчу. Өзүнүн таланты жана кужурмөн эмгекчилдиги менен тез аранын ичинде чогуу иштеген кесиптештери, жолдоштору жана ага туугандарга жасаган мамилеси артыкча, элдин арасында баркы өтө жогору эле. Ушундай урматсыйга жеткенинин бирден бир себеби бизде болгон өтө оор операцияларды ийгиликтүү жасап калды эле. Илим жагынан хирургдарды тарбиялоодо дагы чоң ийгиликтерге жетишти. Бир топ доктор, кандидаттарды даярдады. Илим жагынан «таланттуу хирург» катарында белгилүү болуп, бардыгын ийгиликтүү алып кетерине көзүм жетип ишенгенден өзүмдүн ордумду – госпиталдык хирургия кафедрасынын башчылыгына дайындадык. Муну дагы ийгиликтүү иштеп жатты, мугалим-лектор катарында ийгиликтер болду. Айрыкча мен үчүн өтө чоң жоготуу болду. Жапар барда ички- тышкы жумуш болсун, ооруканада катуу оор операция болсун, бардыгын айттырбай өзү билип эле жасай берчү. Жапар бар, деп мен камарабай тынч жүрө берчү элем. Бардык жагынан Жапар менин ишенген оң колум эле.

Эсимден чыгара албайм дегеним, баскан-турганы эрте мененки конференцияны өзү өткөзчү эле, операция жасаганы, лекция окуганы, коридордон, кабинеттен кезиккени, сүйлөшкөнү, акылдашканы, бир бирибизге кеңеш бергенибиз күнүгө көз алдыма келип элестеп, капа болуп отурам. Жапар кайтыш болгондон бери кабинетине дагы, ошол өзүнүн кафедрасына дагы бара элекмин. Көрүп турам, барсам дагы бир топ нерселери эске түшүп, капа болуп кетем. Кыргыздар айтчу эле, өлгөндүн артынан эч ким өлбөйт, өлгөндүн өзүнүн шору деп, бул абдан чындык сөз экен. Өтө капа болот экенсиң, өкүрүп ыйлайт экенсиң, бирок өлгөн

адам тирилбейт да. Ошол үчүн тирүү жан болгондон кийин турмуш өтө берет. Бала-чакасы, үй-бүлөсү чоңоёт экен, акырындык менен көнө баштайт экенсиң. Себеби жаратылыш ошондой. Келинибиз Бүкөн медакадемияда чет элдик кафедрада немец тилинен мугалим. Ушул келиним мен өтө жакшы көргөн келинимдин бири, өзү энеме окшоп арык кичинекей, жүргөн-турганы, адамкерчилиги өтө чоң. Эми ушул келинди көргөндө ар дайым Жапардын жанында жүрчү эле деп, жалгыз турганын көрүп дагы зээним кейип капа болом. Бүкөн Гүлдана, Жанат деген кыз-уул төрөп берип бизди кубантты эле. Гүлданасы үч баланын энеси, Жанатик эки кыздуу болду. Үй-бүлө жөнүндө Жапардын кайгы-капасы жок, ырыстуу үй-бүлөлөрдөн болуп келатты эле. Уулу Жанат медицина илимдеринин кандидаты, Жапар башкарган клиниканын ассистенти болуп иштейт.

Жапар менен чогуу иштешкен кесиптештери Жапарды жоктоткон жок. Өзү жок болгон менен жасап кеткен иши, калтырган изи улантылып жатат. Жапардын ордуна өзү менен бир кафедрада иштеген таланттуу балдарымдын бири профессор Сопуев Андрей Асанкулович дайындалып, ийгиликтүү улантып, иштеп жатат. Ар кандай оор операцияларды дагы Жапарды жоктотпой өзүнүн кесиптештери Тилеков Эрнест, Калжикеев Абдрасул, Рысбеков Мурат, Алыбаев Эрнест, Иманов Болот, Акматов Таалай, Ибраимов Бакыт, Самаков Алмаз жана башкалар ийгиликтүү улантып жатышат.

Эң аянычтуусу Жапар өтө жаш 53 жашында кетти, байкуш балам өмүр бою адамдын ден соолугу үчүн деп күрөшүп жүрүп кетти. Кыйналып, ооруп жүрүп дагы өлөрүнө бир ай калганда гана операция жасабай калды.

Мен 60 жыл хирург болуп иштегенимде 20 миң операция жасап, адамдын өмүрүн сактап калыпмын. Жапар деле миңдеген адамдын өмүрүн сактап калган, ошол 20 миңдин бирөө Жапар болуп калса эмне деп ойлойм. Ушул жаман

оору менен жалаң жакшы таланттуу адамдар кабылып кайтыш болуп жатат. Кээде ойлойсуң, кээ бир адамдар өмүр бою бирөөнүн үй-бүлөсүнө, эл-журтка кыпындай жакшылык кылбаган адамды жер көтөрүп жүрөт, кантип кутулуунун амалын таппайсың, аман-эсен эле жашап келет. Ушул жерден биздин жараткан Кудай Таалам кичине калыстык кылбай жатат. Өз тажрыйбамда мындайлар жүздөп кезигет. Кээде ушунчалык оор жарадар же оор оорулуулар келет.

Бизде традиция болуп калды, эмгеги сиңген, жакшы ийгилик калтырып кеткен улуу инсандарды кез-кези менен басып өткөн жолун эскерип куран окутуп, айрыкча кийинки муундарга чоң сабак болоорун эске алып 9–10-сентябрь, 2011-жылы Республикада торакалдык коому Франциядан, Россиядан, Казакстандан бир топ хирург-окумуштууларды чогултуп, конгресс өткөрдү. Муну таланттуу балдарыбыздын бири республикадагы улуттук кардиология-терапия борборунда иштеген жөнөкөй эле профессор Сооронбаев Талант деген бала укмуштуудай уюштуруп, академик М.М.Миррахимовго арнап, эскерүү өткөздү.

Франциядан келген хирург мырза G. Massard, Алматыдан келген хирург профессор А.И. Колос экөө тең дүйнөдө көрүнүктүү хирургдар экен. Эртеси 10-сентябрь, 2011-жылы улуттук хирургия борборунда биздин хирургдар Жапарды эскерип, ага арнап биз дагы жакшы конгресс өткөзүп койдук. Ар дайым Кудайдан, жаратылыштан тилейм, бизде кырсык ушуну менен чыгып кетсе экен. Мындай орду толгус жоготуу азыраак болсо экен, калганыбыз аман бололу, бөөдө кырсыктан, ушундай жоготуудан алыс бололу. Тирүү жашап жаткандан кийин жашагың, иштегиң келет. Мындай болсун үчүн ден соолук, ынтымагыбыз бекем болуш керек. Жашы өтүп бараткан адамдар үчүн ден соолуктун эң негизги булагы бул күн сайын тынымсыз иштеген ишиң, эмгегиң экен, Кудай ушундан айырбасын.

## ЭСТЕН КЕТКИС СТУДЕНТТИК КҮНДӨРҮМ

Фрунзеге кечки саат 5те жеттик, эски базардын жанына түшүрүп койду. Бир эшек арабаны жалдап алып, Уманкулов деген таажездем ЦКда иштечү эле, ошол кишинин адресин алгам, Дзержинский – Бөкөнбаев көчөлөрүнүн кесилишинде эле, түз эле ушулардыкына келдим. Келсем, таэжем жок экен, айылга кетиптир. Ургазы жезде бар экен, балконду көрсөттү, балкондо бир жаман диваны бар экен, ошого жатып, эртеси techинститутту издеп таап, кабыл алуу комиссиясына документимди, аттестатымды көрсөтсөм, тез кабыл алды, жатаканага кагаз жазып берди.

Дзержинка менен Киев көчөсүнүн кесилишиндеги жатаканага келсем, ар жак-бер жактан келген кыргыз балдар бир топ экен, берген комнатасы бир чоң зал, эки кабаттан керебет, темир үстүндө тактай, саман салган матрац, шейшеп, одеал, кичине жаздык. Шейшеп, одеал, керебет дегенди биринчи көрүшүм. Чуркап барып талканымды көтөрүп жетип келдим. Мындай шартта жатып көрбөгөн жаным, чарчагандыгым дагы болсо керек, наркоз бергендей эле уктаптырмын, эсимде жок, кирүү экзаменин бердикпи, жокпу – билбейм. Биринчи сентябрь күнү окууга бардык. Мага окшогон Тянь-Шандан, Ысык-Көлдөн, Таластан, Оштон – ар бир региондон бир топ эле бала келиптир. Көпчүлүгү эле мага окшош: жүргөн-турганы, сүйлөгөнү. Мен өзүм институтка келгенде орусча «да», «нет» деген эки сөздү да билбейм. Себеби уруш убагы, мектепте орус тил мугалими жок, окуган жокпуз, экинчи

жагы, айылыбыз таза кыргыз, орус жок, орустардын чоң жолдон өткөнүн көрчүбүз.

Азабы: мединститутта окуу бир гана орус тилинде, бир да кыргыз мугалими жок, мугалим эмес, ал убакта врачтар да жок, экиинчи тозогу: сабактар латын тилинде. Күнүгө сабакка, лекцияга барабыз, эчтеке түшүнбөйбүз, уктап чыгабыз, бир ай, бир жарым ай өтүп калды, баягы кыргыз балдардын караань азая баштады. Эртең менен турсак эле, үч-төрт койка бошоп калат, үйдөн алып келген тамак-аштары түгөнө баштаганда, окуу өтө оор, эчтеке түшүнбөсө кача башташты. Ал убакта тамак-аш эч жерде жок, нан карточкасын берди, күнүгө 500 гр нан, ушуну дүкөндөн кезекке туруп алабыз. Башка эчтеке жок. Кошумча тамагыбыз – талкан.

Жатаканада чоң челек – титан бар, ошого суу кайнатып коёт, ошондон бир кружкага суу куюп, талкандан чалып алып, 500 гр нандан анча-мынчасын жеп коюп, оокат кылып жүрдүк. Ошого деле көнүп, чыдап жүрө бердик. Айлабыз кетти, окуй алаар эмеспиз, бирок аракетибиз күчтүү, менде койгон максат: өл-тирил – окуп бүтүү.

Эмне кылабыз деп үч-төртөөбүз акылдашып отуруп сураштырсак, жалгыз кыргыз Ахунбаев Иса деген бар дейт, ошо кишини издеп жүрүп, иштеген жерине бардык. Иса Коноевич жакшы кабыл алды, анда тыртайып арыкпыз, кийим жок, менин кийип келген тапичкем, соккон чоң жүн байпагым, күндүн ысыгынан бутум тердеп, бат эле бир жак капталын тешип чыгып, кийгенге жарабай калган. Кейпибизди Иса агай көрүп: «Жол болсун, жигиттер, келип калыпсыңар, сүйлөгүлө», – деди. Мен: «Агай, сизге келгенибиздин себеби, биз окуй алаар эмеспиз, келген балдардын жарымы чыдабай качып кетишти, биз дагы кетели деп турабыз. Сабак орус тилинде, эчтеке түшүнбөйбүз, уктап отуруп кетчү болдук», – десем, акыл айтты: «Чыдагыла, кетпегиле, өзүңөр көрүп турасыңар, кыргыздан врач аттуу жок», – деп. «Биздин максат деле ошол, бирок чы-

дай алар эмеспиз», – дедим. «Эмне оюңар бар?» – деди. «Агай, биз окуйлу, билим алалы деп келгенбиз, суранабыз, сиз сүйлөшүп бизди жок дегенде бир жыл орус тилине даярдап, андан кийин окусак», – десем: «Мунуң акыл, мен бүгүн эле сүйлөшөм», – деп, чоңдорго барып сүйлөшүп келиптир, кыргыз балдарды чогултуп даярдоо курсун ачканга уруксат берди. Ким даярдоо курсун каалаcа, алдыга түшкүлө – деди. Чуркап эле алдына түштүк. 25 баладан үч группа түзүлдү, 75 бала болду. Бир жыл орус тилин, химияны, физиканы окутмай болду, стипендия, жатакана мурункудай эле калды. Ошентип, бир жыл даярдоо курсун окуп бүтүп, кийинки жылы биринчи курска өттүк.

Эмне үчүн врач болгум келди? Ушул күнгө чейин журналисттер, телерадиодон келгендер ар дайым суроо беришет, кандайча врач болуп калдыңыз, эмне себеп болду? – деп.

10–11 жашта болсом керек, 1938-жылдар го чамасы, энемдин жалгыз бир тууганы Молдо Бектуров деген таякем бар эле. Эсимден эч качан чыкпайт, адамкерчиликтүү, жаш болсо дагы оокат кылганы айылда бирден бир тың адам болчу. Мени жакшы көрүп, жанынан чыгарчу эмес. Ошол таякем аял алып, аялы Шамырзанын боюнда болуп биринчи төрөшү. Төрөгөндө, баш-аягына чейин эшикте таякем экөөбүз байкап карап турабыз, тышкы үйүнө жерге чоң калың саман салып, ортосунда коюлган тике мамы, толгоо башталганда жатпайт, ошол мамыны кармап алып, толгоо болгон сайын кыйкырып, кыйналып тегерене берет. Жанында бир колу күчтүү эркек адам, аялдар күтүп даяр турушат, качан каканагы жарылганда суусу чыгып кетет, ошондо убакыт жетти деп жаңкы тартчу киши артына тизелеп отура калып, бир тизесине төрөп жаткан аялды отургузуп, эки колдоп жатынын басып, төрөтүнө аракет жасайт. Ошентип, күч менен тартып, жатынды басканда, жатындын оозу ачыла электе күч менен баланы төрөтөт, кыйналып чыккандан кийин, жатындын бала чыкчу мой-

ну күч менен айрылып, кан ага баштайт. Кан көп кеткен үчүн аялдын кан тамыры, басымы төмөн түшүп кетип, башы айланып, акыл-эсин жоготуп, жыгыла баштайт.

Ошондо таякем экөөбүз эшиктин алдында карап турдук эле, калың самандын асты менен кан агып тышка чыгып жатты. Ошондон баштап: кара басты, сары шайтан өпкө-боорун сууруп кетти деп кыйкырып-өкүрүп, башына, бетине муздак суу чапмай, мылтык атмай, кээде болсо эшиктин алдына бүркүттү отургузмай. Болбосо эс ала албаса, башка үйгө сүйрөп жөнөмөй.

Акырында, куучу деген адис болчу эле, ошол адам кайдан-жайдан чыга калды билбейм, көчөнүн башынан атчан чапкан бойдон кыйкырып келатат: «Ташта эле, ташта» – деп. Атынын ар жагына, бер жагына оодарылып, камчысы менен чапкылап келатат, күткөн эл эшикти ачып даяр турат, куучу аттан ыргып түшүп, бакырып-өкүрүп, эси ооп жаткан аялды камчысы менен чапкылап кирет.

Ошондо, ошол таажеңем кадимкидей көзүн ачып үшкүрүп, эсине келип калды, карап тургандар куучуну ушунчалык жакшы көрүп, Кудай жиберген адам деп кадырлашты. Куучу элге айтып жатат, андан сурап да жатышат, кайсы ченден бул шайтан итке жолуктуң деп. Куучу айтып жатат: «Ак-Суудан келатсам, Ак-Суунун суусунан көпүрөдөн өтүп калдым эле, ошондо өпкө-жүрөк тиштеп акылдап жүгүргөн ит келаткан экен, ошондон сабап-кууп отуруп айдап келбедимби», – деп. Ал итти куугунчу үйгө чейин кууп кирип, тиги эс-учун жоготкон аялдын өпкө-жүрөгүн куугунчудан коркуп кайра ээсине сала коёт экен, ошол замат эсине келип, айыгып кетет имиш.

Ушунун баарын өзүм көрүп, угуп, коркуп титиреп отурам. Андан да кызыгы, түнкүсүн ушул шайтан кайра келип калбасын деп эшиктин эки жагында – бер жагында жаңкы менин эчкимди уурдаган Дөөлөтпай, экинчи жагында Мамаке отурат, жаман чырак үлпүлдөп күйүп турат, биз отурабыз тегеректеп. Таженңем сүйлөп, эсине келип оңо-

луп калды, эл жаткандан кийин менде уйку жок, коркуп эле энемдин жанында каралап отурам. Кез-кез уктап – корулдап коюп Дөөлөтпай, Мамаке отурат. Бир маалда Дөөлөтпай жаман калпагы менен жерди бир урду: «Ох, атаңдын оозун урайын, көрчү муну, акырын байкатпай өтүп баратканын», – деп. Ансайын менде жан жок. Дөөлөтпай анча-мынча чымындары болсо керек, чынбы же жалганбы, билбейм. Кийин ушу киши менен тоого отунга, карагайга чогуу чыгып, өйдө-ылдый ачык сүйлөшүп калдык эле. Бир күнү: «Ой, таяке, ушул ырым-жырымды кайдан үйрөндүң?» – десем, тоодо эс алып отурдук эле, Дөөлөтпай айтып берди: «Так ушул жерди чоң кокту деп койчубуз, ушинтип күзүндө отун алып жүрүп чарчап карагайдын түбүнө уктап кетиптирмин, бир убакта ойгонуп баратсам, төшүмдө бир сары улак секирип ойноп жатат, улактын арткы буту колума урунуп, бек кармап алдым. Ойгонуп турсам, улак кадимкидей жалынды: «Айланайын, аке, каалаганыңды аткарамын, коё бер, – деп, анан ошол сыйкырлуу улак ушул өнөрдүн баарын үйрөттү», – деп. Оозубузду ачып, эсибиз оогончо коркуп да, таң калып да уктук. Ошондон тартып Дөөлөтпайды бакшы, көзү ачык деп баалачубуз.

Ошол түндүн эртеси үйгө келгенде Мамакеден сурадым: «Ай, ата, түндө Дөөлөтпай шайтандын өтүп баратканын байкап калып, калпагы менен бир чаап өткөзбөй тосуп калды. Сен жанында отурдуң эле көрдүңбү ошол шайтанды?» – десем, атам: «Жок, мен көргөн жокмун», – деди. Атам байкуш коркок киши эле, калп айтканды билчү эмес. Тааженем ошондо эркек бала төрөгөн, кийин талпынып күлүп калганда чарчап калды. Таякем бир жолу аялын сабап жатканын көрүп калдым: «Сен акмак баланы терезеге жаткырып коюп, кулатып өлтүрдүң», – деп күнөөлөйт. Чын же калп экенин билбейм. Ошентип, таякем 1939-жылы армияга кетти, кат жазышып турдук, мына-мына мөөнөтү бүтүп келейин дегенине эки ай калганда, согуштун биринчи эле күнү кайтыш болсо керек. Эсимде жок, бир алыскы чек

арада кызмат өтөөчү эле, ошол бойдон дайыны чыкпай, кандай болуп жоголгону ушу күнгө чейин белгисиз. Ойлойм, ошол уруш башталганда биринчи эле күнү бүт баарын жоготсо керек, өкүнүчтүүсү өтө эрте кетти. Жашы жыйырманын эле тегерегинде болсо керек эле. Эң өкүнүчтүүсү, ошол эркек баласы жок дегенде аман болсо, таякемдин аты өчпөй калат беле. Аялы бечара күтүп ыйлап жүрүп, колхоздун жумушунда, эгин оруу убагында жалаң ошондой жаш келиндер, баарынын күйөөлөрү армияда, ошол тажеңем байкуш бутунун балтырын кесип алып, ошонун каны менен качан бактым ачылат деп жазып отурганын эч качан унутпайм.

Ал убакта врач, медсестра, дары-дармек дегенди көргөн эмеспиз. Ооруп калган кишилерди, айылда Дөөлөтпайга окшогон 2–3 бакшы-молдолор бар, ушулар көрөт, ушулар дарылайт. Булардын диагнозу суук же ысык деген эки дарт, өзүм көрүп калдым, тамырды кармап туруп же сууга салат, эч тамак бербей дарылайт, мөөнөтү бир ай. Бул – суу ичириш. Мен кийин түшүндүм, эгер инфекциялык оору болсо, анда температурасы абдан көтөрүлүп, денеси күйүп-ысып кыйналса, бул – организмде микробдун болушу, ал микроб өзүнчө денени ууктурчу уу зат чыгарат. Адамдын акыбалынын оор болушу ушундан. Мына ушундай убакта сууга салган туура, азыр деле биз дары-дармектин жетишкенине карабай ооруган адамга суюктукту көп ичиңиз дейбиз, себеби сууну көп ичсе, тер, сийдик менен кошо чыгып, адамдын ал-акыбалын жеңилдетип, оңолуп кетүүгө жардам берет.

Айылда мен жакшы көргөн агалардын бири Самсалы абам – өңү чаар, кебетеси бир укмуш чоң дардайган киши эле. Бирок ички дүйнөсү, кенендиги, адамкерчилиги укмуш эле, ушунчалык тамашакөй киши болчу, адамдын боорун эзип салчу. Кийин мен доктур болуп барганда бир кезигип калып, көп адамдар турган экен: «Ай, Мамбет, бизде илгертен эки эле оорунун дарты бар эле, бирөө суук,

экинчиси ысык деген. Дарысы деле экөө эле: суу же күчтүүлөп тамак ичирмей. Азыр эми доктурлар дагы, оорунун аты дагы, дарынын аты дагы көбөйдү», – деп күлдүрдү.

Тургандар Самсалы абамдын кылыктарын айта баштады. Ошол эле чоң короодо бир топ кишилер чогулуп кобурашып отурсак, бир сакалдуу Кытайдан келген биздин айылдык киши экен, жаагын сүлгү менен байлаган, онтоп сүйлөй албай, Самсалы абага тишим ооруп, үч күндөн бери азабымды көрсөттү дейт. Абам да ошол замат, ал кишиге:
– Сен 150 мм дат баскан мык, бир соконун тишин, анан бир-эки метр зым таап кел – дейт. Тиши ооруган бечара, колхоздун короосу чоң да, айткандарын тез эле таап келиптир, зымды мойнуна илип, соконун тишин мойнуна асып, бери дат баскан чоң мыкты оозуна тиштетип бир саат чыдап тур дейт. Тиги киши баарын аткарат. Бир аздан кийин эле: «Ох, айланайын Самсалы, оңолбодумбу, тишимдин ооруганы басылды», – деп жалынып жиберди дейт. Мында ооруган адамдын Самсалыга ушунчалык ишенгени көрүнөт, азыр бизде деле врачка ооруган адам ишенсе, эмне берсе да жагат, айыгат.

Азыр көптөн бери кара басуу деген жоголду. Кийин мен доктур болуп түшүнүп калганда көзүм жетти, эс-учун билбей жаткан аял сүйлөй албай жатканы менен ар жагында баарын сезип турат. Анын дагы ишенгени – куучу, куучу келатканда жабылып турган эл кыйкыра баштайт. «Ач эшикти ташта эле, ташта!» – деп куучу кирип келип аялды чапкылай баштайт. Ошондо тиги аял эми оңолдум го, куучу келди деп, жанынан үмүт кылып көзүн ача койгону ошондон болсо керек. Экинчиси, жатындын айрылып кан кетип жаткан жери, кандын басымы түшүп кетип, кан акканы токтоп калса керек, кан басымы көтөрүлүп, өзүн түзүк сезип калышы мүмкүн.

Кийин мен төртүнчү курсту бүтүрүп, Ошто эки ай практикада жүрүп каникулга келсем, кошуна бир жеңем –

Түркөбаев Абдылда деген аганын аялы толготуп, эл жыйылып турган экен. Мурун дагы төрөгөндө кара басып төрөптүр. Атайын бардым, барсам боз үйдө экен. Эшиктин алдына бүркүттү байлап коюптур, мылтык, чака, муздак суу коюп, дагы ошондой болуп төрөйт деп камынып жатышыптыр. Боз үйгө кирсем, баягы эле саман салынган. Боз үйдүн ортосуна бакан тагылган, ошол баканды кармап алып эле жеңем онтолоп-кыйналып, баканды айланып жаткан экен. Мен жанына барып, жеңемден: «Мединституттун төртүнчү курсун бүткөрүп келдим, менин тилимди аласыңбы, сени кара бастырбай эле аман-эсен төрөтөм», – десем, жеңем ушунчалык кубанып кетти. «Айланайын, кайним, мен макулмун, эмне десең угайын», – деди. Өзү бечара коркуп, көзү алаңдап, айласын таппай турган экен. Мен айттым, жеңе, жатыңыз деп төшөнчү салып берип, жанына отуруп, кагаз-карандаш алып жатынды, анын ичинде жаткан баласын, бала чыкчу жердин баарынын сүрөтүн тарттым, чиймелеп түшүндүрдүм. Эмне үчүн толгоо дейт, толгоо качан башталат, бала төрөөр убагына жеткенде Кудай Таалам ушундай жаратса керек, аялдын жатынынын булчуң эттери ушунчалык күчтүү болот, төрөөрдө ошол жатындын булчуң эттери кысылып, баланы чыгарууга, төрөткө жардам берет. Толгоо деп жатпайбызбы, ошол толгоо жатындын сыгылышына түрткү берет. Кысып сыккан сайын, баланы жылдырып, баланы тышка чыгарууга аракет кылат. Кысканда жатын кайра тарабайт, ошентип, улам-улам кысып отуруп, кээде бул толгоо деп жатпайбызбы, ар кандай убакытка созулат, кээде 5–6 саатка, кээде бир суткалап кетет. Ошентип улам кысып отуруп, кыскан сайын жатындын мойну (шейкасы), бала чыкчу жери акырындап ачыла баштайт. Бир аз ачылгандан кийин каканагы жарылат. Каканак деген жука желче, ичи толтура суу, бала ошонун ичинде жатат. Каканагы жарылганда, ошондо карап тургандар, төрөтчү кишилердин түшүнүгү боюнча, төрөткө убакыт жетти деп колу карылуу эркек киши тар-

тып, күчкө салып төрөтө баштайт. Баланын башы чыга элек. Чыкса дагы, анча-мынча ошентип күчкө салып, жатынды басып жатып күч менен бала чыгат. Чыкканда жанагы жатындын мойну айрылып, кан кете баштайт. Аялдын жатыны, жыныс органдарынын кан басымы башка органдарга караганда алда канча көп, кан акпас үчүн, кара бастырбас үчүн эмне кылуу керек? Толготуп жаткан аялга эч тийбеш керек, сөз менен түшүндүрүп, чыда, боло элек убакыт деп. Билген киши баланын башы чыгып келатканын байкап туруп, качан баланын башы чыкчу жатындын мойну ачылып, туура келгенде, дароо толгоо келип жатындын кысымы менен бала өзү төрөлөт, жатын айрылбайт, кан кетпейт. Кан кетпегенден кийин, кандын басымы түшпөйт, башы айланбайт, эс-учун жоготпойт, кара басуу деген болбойт.

Жеңеме ушунун баарын түшүндүрдүм, аман-эсен эркек бала төрөп берди. Төрөгөндөн кийин дагы көзү алаңдап коркуп жатат, качан кара басат деп. «Жеңе, коркпо, болбойт эчтеке», – деп, мен жанында отурам, көзү жетти кара баспаганга, анан ыйлап сүйүнүп, мени өпкүлөп алкышын айтып, жалынып жатат. Эшикте турган тууганадары чыдамсыздык менен күтүп жатышты. Бардыгы жакшы болгондон кийин сүйүнчүлөп, ыраазы болушуп, мага баягы куучуга алкыш айткандай алкыш айтышты. Мына, түшүнбөстүктүн кылган иши. Кийин мен институтту бүткөндө ушунун баарын «Ден соолук» журналына жаздым. Анда эмне үчүн төрөт үйүндө төрөгөн аялдарды кара баспайт, же төрөт үйүнө баягы шайтан иттер кире алышпайбы деп. Ошондон кийин көпчүлүк аялдар төрөт үйүнө барып төрөй баштады. Жакшы жери, кийинчерээк аялдар төрөй турган үйлөр курулуп, төрөтчү доктурлар да көбөйдү. Ошон үчүн болсо керек, азыр кара басты дегенди укпай калдык, буюрса. Дагы бир оюма кылт эткен жери, бала чагымда врач-фельдшер дегенди уга элегимде, кантип ушул кыйналган оору адамдарга жардам көрсөтө алам деп

жүргөнүмдө 1939-жылы, карындашым Бейшекан төрөлүп калды. Ылдый Жыргалаң суусунун боюнда Эсенбай деген тууганыбыз, чоң атам жайлап, кышы-жазы менен ошол жерде жайлашчу, биз энем, чоң энем болуп ошолордун жанында жаман алачык менен кошо туруп калдык.

Бейшекан төрөлдү. Төрөлгөндөн кийин оозун ачып эмчек эме албай, күн-түн дебей кыңылдап ыйлап чыгат. Энем эмизейин деп аракет кылат, эме албайт. Бир күнү, ары алысыраак Жумабай деген киши жашачу эле, ошол киши энемди чай ичип кой деп чакырып калды. Энем, чоң энем экөө кетти. Энем мага баланы тапшырды, карап отур деп. Кийин ойлосом, байкуш энем көп төрөп, көбү өлүп көнүп же бул баладан түңүлүп калганбы, ошол кейпи менен мага таштап конокко кеткен. Мен бала менен калдым, жаагы басылбай үңүлдөп ыйлап эле жатат. Карап отуруп, мен чыпалагымды оозуна кичине салып көрсөм, оозу ачылбайт, бирок сездим, ары жагынан соруп жатканын. Чыпалагымдан кийин тилимди салдым, дагы эле соргонсуп жатат. Жаагын анча-мынча ушалап, дагы күчкө салып чыгарганда, тилимди салсам соро баштады. Ошол замат, бир жаман эле чүпөрөктү таап алып, сүткө чылап берсем, соро баштады. Андан кийин, талканды чылап бере баштадым. Кудай жалгап, соро берди. Бир топ соргондон кийин бая тынымсыз ыйлап жаткан бала уктап кетти. Аңгыча, энем келип калды, ыйлабай, дымы чыкпай калганын көрүп, энем байкуш өлүп калдыбы дейт. Мен: «Эне, тез эмиз!» – деп кыйкырып жиберипмин. Энем отура калып эмизсе, шапылдатып соруп жиберсе болобу. Ошентип, ошол карындашымды аман алып калдым. Ошондогу менин сүйүнгөнүмдү айтпа. Ошол карындашым кийин 4–5ке чыгып калганда, от жаккан мордун алдында темир меш деген жок, тегеректеп жылынып отурчу элек, кийим деген жок, бир убакта карасам, Бейшекандын көтөнүнөн кыймылдаган узун ичке курт чыгып келатат. Мен көрө коюп, коркуп да кеттим. Колум менен сууруп алдым. Отко салып өлтүрдүм. Кийин врач

болгондо түшүндүм. Ичегинин ичинде жашаган глист курту экен. Бул курт ургаачы, эркеги болуп экөө жашайт. Эсимде, экинчиси эки-үч күндөн кийин дагы чыккан. Көрсө, бул куртту бозо ичкенде дагы бозо айдап чыгат экен. Ошол карындашымды жакшы көрөөр элем. Кийин онунчуну бүткөндө мединститутка өткөзүп, аны бүтүп турмушка чыгып, төрт балалуу болуп, инфекция боюнча адис болду, ошол бөлүмдүн башчысы болуп иштеп жүрүп, жаш эле убагында жаман ооруга – ракка чалдыгып кайтыш болуп кетти. Дагы бир түрткү болгону, врач болсом дегенди ушул убакта, айтпадымбы, доктур, дары деген жокко эсе. Айылдан кээде тыбырап, ичим эле ичим деп жатып 2–3 күндө өлүп кеткендерди, айрыкча, кыштын күнү өпкөсүнөн чочуптур деп, 8–9 күндө кайтыш болуп кеткендерди көрүп келчү элем. Кантип ушуларга жардам кылсам деп ойлончумун. Ошон үчүн онунчу классты бүтүрүп жатканда, орус майор келип ким мединститутта окуйт дегенде, ооз ача электе мен деп жазылгам.

Ошентип, оюм аткарылып, мединститутка кирип даярдоо курсунан окуй баштадык. Жетекчибиз Любовь Сергеевна деген институтта кадрлар бөлүмүнүн башчысы экен. Ушул кишини шайлашты. Ушундай салабаттуу, кичи пейил, сулуу адам эле. Бизге өз баласындай эле көз салды. Себеби биз, кийин ойлосом, эчтеке түшүнбөгөн, эч тарбия көрбөгөн, билим деген жок, бир эле бечаралар экенбиз. Эртели-кеч окуубузга дагы, жатаканабызга дагы келип ал-акыбалыбызды сурап, көңүлүбүздү көтөрүп турчу эле. Өмүр бою Любовь Сергеевнага ырахматымды айтып келатам.

Комендантыбыз Надежда Сергеевна деген токтоо, орто жашар аял эле. Мунун дагы бизге жасаган эмгеги зор. Бул дагы ар дайым жаткан жерибизге келип, шейшептерибизди алмаштырып, кез-кези менен, эсимде, жокчулук, бир айда алмаштырса дагы, ошого ыраазы элек. Себеби мен буга чейин шейшепти көргөн эмесмин, жаткан да эмесмин. Сабакка кээ бирөөбүз жыңайлак эле барып келчүбүз. Бир күнү

комендантыбыз Надежда Сергеевна 50–60ыбызды чогултуп мончого алып барды. Анда шаар боюнча бир эле мончо бар экен. Бул азыркы кардиологиянын поликлиникасы турган жер. Буга чейин мен самынданып ысык сууга түшүп көргөн эмесмин. Самын дегенди дагы көргөн эмесмин. Көргөм, энелерибиз шакар самын жасоочу эле. Шакар чөптү өрттөп, күлүн алып, аны бирдеменин майына аралаштырып кайнатып, жууруп, тоголоктоп, муздатып, кургатып, ар түрдүү көлөмдө жасашчу. Андай жасалма самынды деле колунда барлар жасашаар эле. Ошол самын котурга, денеге жара чыкса, чакалайга дары болчу, кийин жоголду. Дүкөнгө цуксилия деген самын чыга калып жүрдү. Ал тери кычышса, жара чыкса, какач болсо, чачыңа дары дешчү.

Ошентип, Надежда Сергеевна баарыбызды тизип алып мончого алып барды. Мончо дегенди биринчи угуп, түшүшүм. Бир кесим кара самындан берип, шашпай түшүп чыккыла деди. Мончонун ичине кирсем, абдан ысык, ысык-муздак суусу менен жакшы самынданып түштүк. Ошондо таң калганым, таманым катуу чор баскан, баягы ысык сууга самынданып түшкөндө жибип, жумшап калган экен. Түшүп бүткөндө карасам, таманымда миңдеген чекиттер, чет жагын жибигенде тырмактап сүрүп тазаламыш болдум, орто чени капкатуу, сезбейт, кийин 2–3 жолу мончого барганда жибип, жумшай баштаганда көрдүм, ошол миңдеген кара чекиттер бүт тикенек экен, эч оорутчу эмес, көрсө, таманым чор болуп, өлүк болуп калган. Тикенек ошол чорго кирип, өлүк жерге оорутпай сынып кала бериптир.

Ошол чор тикенектерди тазалап, көптөн кийин көрдүм, тазарган соң бутум бир аз кичине көрүнүп калды. Мончодон чыктык кийинели деп, кийимибизди алып келди, кийимден деле ырыстуу эчтеке жок, бир шым, көйнөк – бүттү. Көпчүлүгүбүздүн шымдарыбыз, байкуш энелерибиз көбүрөөк чыдасын деп тизесине, көчүгүнө, чурайына тери же эски кайыштардан каптап тигип койгон бирдеме. Комендант жаман кийимдерибизди дезинфекция кылабыз деп

автолавкага салып жибериптир, негизги максаты битибизди жоготуп, өлтүрүү керек десе керек. Ал кайдан билсин жогорку ысык температура тери-кайышты күйгүзүп жибэрэрин. Кие коёлу десек эле алаасы, тизеси, тери тиккен жердин баары куурулуп күйүп кеткен. Көзүмө көрүнүп турат, комендантыбыз башын мыкчып бакырып калды: «Мен азыр келем, чыдап отуруп тургула», – деп. Айлабыз канча, суу чачышып, тытышып, күтүп ойноп отура бердик. Бир саатта келди го, институттун арабасы бар эле кызыл аттуу, ошол арабага ак дамбал, көйнөк салып келди. Баарыбызга бир көйнөк, дамбалдан берди, ошол дамбал, көйнөктөрдү ооруканада жаткан адамдарга берчү эле. Анда баарыбыз тыртайган арык балдарбыз. Дамбал-көйнөк чоң размерде экен. Ошону кийип, жеңин чыканакка чейин түрүп, белин түйүп, жыртыгын капталына келтирип, мончодон аппак болуп – инкубациядан чыккан тооктун баласындай болуп жайнап чыктык. Мага бул кийим жакты, себеби жаңы кийим кийишим биринчи жолу. Ошол аппак форма менен бир айдан ашык окууга, көчөгө, кээде киного барып жүрдүк. Анда адамдар андай нерсеге таң калчу деле эмес. Себеби турмуштун кыйынын, согуштан кийинки жокчулукту баары түшүнүшчү.

Ошентип окуп жүргөндө, октябрь айы болуп калган. Бердибаев Мукамадий деген жакын агам армиядан келип, Ошко, обкомго иштеп кеткен. Ушул агам өзүнүн жумуштары менен Оштон командировкага келип, мага учурашайын деп келип калды. Менин кейпимди көрүп, суугураак болуп калган, бутумда эчтеке жок, жылаңайлак жүрдүм эле, көрүп чочуп кетти: «Ай, бала, бутуңда эчтеке жокпу, үшүбөйсүңбү?» – деп. «Жок, аба, үшүбөйт, көнүп калгам», – демиш болдум. «Жүрү, дүкөнгө, бутуңа бирдеме алып берейин», – деп ээрчитип чыкты. Анда дүкөн деле анда-санда, жокко эсе. Карап жүрөбүз, бут кийим жок, көрүнбөйт, кеч кирип баратат, бир дүкөнгө кирсек, бир туфли бар экен, таманы калың. Анда буттун размерин да билбейм. Разме-

рин уккан да эмесмин. Алып кийип көрчү деди, кийип көрсөм, оозу тийбей койду, кичине экен. Абам: «Кой, батпайт экен, жүрү, дагы издеп көрөлү», – деди. «Жок, аба, ушуну эле алып бер», – десем: «Ай, бала, бутуңа батпаса, эмне кыласың?» – дейт. Мен: «Коё туруңуз, азыр баткызам», – деп эшикке чуркап чыгып, сууну кечип келип, тепкилеп бутумду батырдым, бутумду кулпу салгандай эле кысты. Абам: «Кой, бала, бутуңду оорутат, бутуң өлөт», – дейт. Мен: «Жок, аба, бутум эчтеке болбойт, батинка чоюлат, кеңейет», – деп жатып, алдырып алдым. Мындай чыгаар замат жатаканамды көздөй чуу койдум сүйүнгөн бойдон. Жатаканага келип тумшугун бычак менен тилдим, ичине суу гезиттен аябай тыктым да, койкамдын алдына эки күн коюп койдум. Эки күндөн кийин кийип алып, бутум жыргап эле калды дейсиң, көйрөңдөнүп ары-бери басып жүрдүм, тепкилеп кийип жүрүп кийин кеңейип, бутумду кыспай калды.

Дагы бир эсимде калганы, ал окуяны ушу күнгө чейин унутпайм. Ачарчылык, бир күнгө 500 гр нанды карточка менен берет дебедимби. Кошумча тамак – жалгыз арпа талкан, ушуга топук кылып, тыржыйып жүрө берчүбүз, чыдачубуз. Себеби түшүнүк ошондой, башка эчтеке жок, кийчү кийим дагы жок, эч жерде тамактын жыты жок.

Бешим чен, Чернышевский китепканасынан бери келатам. Дем алыш күн болсо керек, өтө ачкамын. «Ала-Тоо» кинотеатрынын маңдайында кызыл чайкана деген болоор эле, ошол жерден өткөндө ачка келаткан кишиге жасалып жаткан тамактын жыты уруп, ач өзөгүбүздү ого бетер ойготуп, козгоочу. Айла жок, ошол жакты карабай тез өтүп кетүүнүн аракетин жасачу элек. Ошентип, эсим ооп ачка келатсам, биз жакта Ак-Булуң же Жергезден беле, эсимде жок, Эмил деген аба жолукту. Ошол адам борбордон эки жылдык юридикалык мектепти бүтүп, Жалал-Абадга областтык прокурор болуп иштеп кеткен экен. Иштегенине эки жыл болуптур, жаман-жакшыны билген, башынан көп

нерсе өткөн, билгич адам болуш керек эле. Мени анча-мынча таанычу, эжеси менин жеңелерим болчу. Ошол киши чайканадан чыгып келатыптыр республиканын сотунун төрайымы Кыдырбаева деген орто жашап калган аял, дагы бир-эки киши болуп, тиги ага өзү бойлуу, өтө сулуу, зор адам эле, мени көрө коюп: «Ка-ап, Мамбет, биз чыгып келатканда кезигип калбадыңбы», – деди да, акырын айтты: «Бул соттун төрайымы, эжең болот», – деп. Менин кийимимди, ушунча ачка экенимди да көрүп түшүндү. Мен: «Эчтеке эмес, аба», – деп койдум. Бир аз баса түшүп эле, кайра чуркап келип: «Жүр, тез», – деп чайканага алып кирип, кассасына эки порция лагман, эки порция манты, бир нан, бир чайнек чай деп туруп, ушуларга акчасын төлөп: «Сен, Мамбет, шашпай ичип кет, мен шашып жатам», – деп чуркап кетти.

Мен тегерек үстөлгө отуруп, башынан тамакты ысыгына карабай өтө тез ичмей жагым бар эле, бир порция мантыны, төртөө болсо керек, бир лагманды, нандын жарымын бир-эки мүнөттө эле жеп-ичип жибердим, тоё түштүм. Жарымы калды, ал убакта таштап кетиш чыккынчылыкка барабар эле, ошол жерде ары-бери басып, оонамыш болуп жатып, жарым сааттан кийин баарын эчтеке калтырбай ичип, кайкайып чыгып кеттим. Мындай тоюп көрө элек элем, бир жума бул тамак кубат берди го деп. Кийин ушул кишини көпкө чейин көрбөй калдым, бирок эсимден чыкчу эмес. Көп жылдан кийин, мен доктор, профессор болуп калган убагымда, ушул биздин оорукананын түбүнөн жакшы үй сатып алып, көчүп келип калды. Пишпек темир жол станциясынын вокзалында юрист-консультант болуп иштейт экен, кезигип саламдашып жүрдүк. Баласы институтту бүткөн, жакшы бала эле, биздин мединституттун комсомол комитетинин секретары экен, ошол бала кокусунан түнкүсүн хулигандардан бычак жейт, биздин ооруканага оор абалда түшүп, дежурный врачтар мени чакырып, операция жасап, Кудай жалгап, айыгып кетти. Ошондо

атасы келип: «Чоӊ ырахмат, Мамбет, баягыда мен сени бир жакшы тойгуздум эле, ошону актадыӊ», – деп турбаспы. Көрсө, Эмилдин оюнда калган экен. Кийинчерээк жаш эле убагында кайтыш болуп кетти. Толук киши эле, инфаркттан кетти дешти. Ошентип, адамдын жакшылыгы эч качан унутулбайт экен, мен Эмил аганын ошол тойгузганын актадым окшойт.

Кылган ишибиз эле күн-түн дебей окумай, анда мындай жакшы шарт жок, бош бөлмөнү табуу кыйын. Биз, кайсы жерде электр жарыгы болсо, эс оогончо түнкүсүн дагы сабак жаттап отура берчү элек. Ошентип аракет кылып, кыйналып-кысталсак дагы даярдоо курсун бүтүрдүк, каникулга кеттик.

Кайра келип кирүү экзаменин берип, ошондо түшүндүм экзамен эмне экенин. Жаӊыдан келгенде кыргыз врач деген жокко эсе, ошон үчүн келген кыргыздын баарын эле кабыл алыптыр кийинки жылы дагы. Баягы эле химия, физика, орус тилинен экзамен өткөздүк. Себеби бир жыл бою ушул үчөөнү окутуп даярдады, ошондо көрдүм биринчи келгендеги экзамен өткөзгөн кагазды. Химия – 0, физика, орус тили – 0 деген. Мен сурадым алып жаткан мугалимден, ушундай 0 деген баа болобу деп. Менин түшүнүгүмдө: 1, 2, 3, 4, 5 деген баа болчу эле го десем, жок, сенин билгениӊ 0 болчу дейт. Бул – чындык. Чындыгында, 0 элек.

Биринчи курска өтүп окуп жүрөбүз, дагы эле начарбыз, ошол ак көйнөк, дамбал менен эки ай жүрдүк. Андан кийин, Кудай жалгап, гуманитардык жардам деп жатаканабызга чет мамлекет бизге боор ооруп жардам көрсөтүп жатпайбы.

Чынында, медициналык тармак, анын ичинде хирургия ушул жардам болбогондо абдан кыйын акыбалда калат эле. Себеби мурун Советтер Союзу убагында Союздук мамлекет камсыз кылчу эле хирургиялык аспап, аппаратура дегендерди, дары-дармектерди жетишинче берчү, кийин өзүбүзчө мамлекет болгону: Союз жок, силер өзүӊөрчө мамлекетсиӊер деп, башкалар карабай калды.

Ошол убакта, биз окуп жүргөн мезгилде ушундай жардам бере баштады. Анда трофейдин буюмдары деп түшүнчүбүз, биз немецтерди жеңе баштаганда жеңилген шаардын кийим-кечесин, калган буюмдарын алып биз жакка жиберишсе керек, бүт Союзга.

Кез-кези менен мединститутта профсоюз уюму бизге кийим тарата баштады, кээде шым кийинебиз, костюм же пальто дегендей эски эле кийимдер, жеңинин учу кырылып калганы көрүнүп турчу. Муну дезинфекциядан өткөзүп, жууп-тазалап бизге берчү. Биз буга чейин ушундай кийим кийип көрбөгөн жаныбыз зыңкыйып ары-бери басып, көчүгүбүз жабылып, жыргап эле калдык. Ал убакта ачарчылыгына, кийимине карабай, уруштан кийинки жылдар болуп жатса да, жаш убакта жаштыгыңа салып ойногуң келет, киного баргың келет, кыздарга тийишип, сүйлөшкүң, келет экен, анда бизде, бизде эле эмес шаар боюнча окуган кыздар аз болчу, айылдан эле ала качып кетип, кээси окубай калып, мүмкүнчүлүгү жок окубай, иштебей жүргөн кыздар көп эле.

Бизге келип окуган кыздар дагы аз, бирден-экиден. Бул жерден күйөө табылса, ошол замат чыгып, жоголуп кете баштады. Менин өзүмдө болгон окуя, бирге окуйбуз бир кыз экөөбүз, аты Ажар болсо керек эле, кичине шыйпакташып бир-бирибизге жакшы мамиле кыла баштадык. 500 гр нандын кээде жарымын сата коюп, киного барчу элек. Андагы «Ала-Тоо» кинотеатры азыр дагы турат го, ошондо жалгыз кино көрчү жерибиз ушул «Ала-Тоо» эле. Кээде keминде бир саатка чейин кезекте туруп, араң билет алчубуз. Ошол кызымды бир-эки жолу киного алып бардым. Анчейин деле күйдүм-быштым деген сөз боло элек, жөн эле жаштыгыбыз болсо керек. Ошентип жүрүп аягына чейин окуп калса, башкача болот белек, ким билсин. Бир күнү кечке жуук келатсам, Дзержинский көчөсүндө бактын түбүндө бир жигит менен сүйлөшүп турганын көрүп

калдым. Эртеси эртең менен, биринчи кабатта жалпы баарыбыз – кыз, эркек дебей жуунчу жайыбыз бар, анда ар бир бөлмөдө суу жок, батарея жок, туалет жалпы короодо, жуунчу жерибизде он чакты түтүкчө суу бар, алдында суу акчу жери бар, ошол жуунган суу агып бир жерден чыгат, анын алдында тосуп койгон жаман чака бар, болгону төгүп, кайра тосуп турмай – жуунуп жатсак, шайтандай болуп кызым дагы жуунуп жатыптыр. Мен айтпадымбы, жашымдан ачуум чукул, «тормоздорум» начар иштейт деп. Тиги жигит менен турганын көрдүм дебедимби, ошон үчүн го, ич тарлык кылып, ич тарлык кылганга эч акым, себебим да жок эле, жөн эле жакшы жолдош болуп келаттык эле, ошону эстей коюп, мага карап жылмайып койду, мен алдындагы кир чаканы алып туруп башынан ылдый куюп жибердим (бул таза хулигандык!). Бечара кыз кыйкырып ыйлаган жок, каяша эчтеке дебей, акырын ыйлап, бөлмөсүнө кире качты. Карап тургандардын бирөө да унчуккан жок, бул эмне кылганың деп кызыгып сурашкан да жок, кыз эч кимге арызданган жок. Бир топ күн өтүп кетти, сабакта жок, кыздардан – чогуу жаткандардан сурай баштадым, ойлодум, мүмкүн, ооруп калдыбы деп сурасам, ал кыз ошонун эртеси эле жок болду, кайда кетти билбейбиз дейт. Мен: «Ка-ап, менден акмакчылык кетип калды», – деп сарсанаа болдум, ошол бойдон көрүнгөн жок.

Эми кызыгы, көп жыл өтүп, профессор болуп калган убагым. Спецполиклиника деп коёбуз, биздин жетекчилер, көрүнүктүү кишилер ооруп калса, ошол жерге жатып дарыланып, текшерилип чыгышат, кез-кези менен хирургиялык оору болуп калса, көрүп берүүгө консультацияга чакырышат, эшиктин алдындагы кире бериште кемпир отурат, ары өтсөм, бери өтсөм деле тура калып салам берет, салам берип өтүп кетем. Ушинтип саламдашып өткөнүмө бир топ болду. Бир күнү өтүп баратып дагы ырсайганынан: «Эмне мен өткөн сайын эле ырсаясың, же мени тааныйсыңбы?» – деп сурап калдым. Тиги: «Мамбет, чындап эле мени

тааныбай калдыңбы?» – дейт, мен: «Кайдан тааныйм, эсимде жок», – десем: «Мамбет, баягы кир суу чаканы унутуп калдыңбы?» – деп турбайбы. Ошол замат эсиме түштү. Карыгансып калыптыр, ушул жерде күзөтчү болуп иштеп жатам дейт. Ыйлап кирди, ошондо ошол чаканы эмес, бутумду сындыра чаап койсоң эмне дейт. «Ошондон бери кайда жүрдүң, үй-бүлөң, бала-чакаң барбы?» – десем: «Ошондо сен көргөн жигитке күйөөгө чыгып кеткем, турмушум болгон жок. Бир акмакка жолугуптурмун, ичкич неме экен, жашай алган жокмун», – деди. Мен: «Өзүңдөн көр, ошондо окуп алсаң эмне, жок дегенде, мага тийбесең дагы, врач болуп өз жаныңды багып кетет элең», – десем: «Арман көп, Мамбет, ошондон бери турмушум болбой, ыйдын үстүндө келатам», – деди бечара, боорум ооруду. Адамдын тагдыры деген кандай кыйын, көрбөй калдым, аман болсун деп коём, жашы мени менен тең эле болуш керек.

Окууга киргенден баштап менде болгон максат – окууну бүтүү. Ойлогон оюбуз күн-түн окуу, анан курсактын азабы, башка: үйлөнөм, арак ичем деген түшкө кирчү эмес. Окуп жүрөбүз. Бир күнү эле кечинде бизден окуган Кайпеков Кудайберген, Шаймергенов экөө мага ыйлап келишти. Эмне болду десем, кечинде келатып бир-эки жигит, бизден чоңураак экен, нан карточкабызды тартып алды дейт. Эми аларды кайдан табабыз, табылбайт го, эптеп талканыңар менен чыдап оокат кылгыла деп кеңеш беримиш болдум. Бир жумадан кийин баягы экөө дагы мага чуркап келишти, баягы нан карточкабызды тартып алган неме ушул жерде жүрөт дейт. Кантип тааныдыңар десем, бирөөнүн бир көзү сокур болчу, ошол сокур көзү эсибизде калды эле дейт. Жүр – деп ээрчитип алып, лекциядан танапис убагы эле, аралап келатсак, мобу деп көрсөтүп беришти, көрсөм, биз менен окуган, бизден 3–4 жаш улуураак Орозкожоев деген эле. «Жүрүңүзчү, менин жумушум бар эле», – деп эшикке ээрчитип чыктым. Эшик суук, биринчи корпустун алдында карды күрөп, тепкичтен ылдый чоң күртүк кылып үйүп

койгон. Чыгып: «Сиз мобу эки баланын нан карточкасын тартып алыпсыз, уят эмеспи, бул бечаралар алыстан, айылдан окуюн деп келишсе, караганы, жан бакканы ошол 500 гр нан болсо, эми эмне оокат кылышат, ачка өлөбү, карточкасын алып келип бер», – десем, мен деле анда тыртайып арыкмын, мага караганда Орозкожоев дардайган неме эле, угуп, унчукпай туруп: «Сен, бала, бүгүн мен кечке жуук жатакананын жанына барам, сен дагы нан карточкаңды алып чыгып, даярдап тур, элчи болгондой сен кимсиң, сенин эмне ишиң бар?» – деп турбаспы. Айтпадымбы, «тормозум» начар эле деп, шамдагайлыгым, күчүм бар эле, өзүмө ишенчү элем. Ошентип айтканда, сокурдун соо көзү көзүмө даана чагылыша түштү. Ошол соо көзгө болгон күчүм менен катуу согуп калсам, тиги күрткүгө учуп-тоголонуп түшүп чөмүлүп калды, секирип туруп кокодон алып, бир топ жайлап жибердим. Алдымда жатып: «Тур, алып келип берейин», – деди. Турдук. Көзү жетти алы келбесине, адегенде ойлоду окшойт, ушул тыртайган немени заматта жайлайм го деп. «Болуптур, кечинде алып келип берейин»,– дейт. Мен: «Жок, азыр мен лекциядан калдым, күтүп турам, азыр алып келип бер, эч кимге айтпайбыз, жамандабайбыз», – десем, барып алып келип берди. Мен ошентип тиги эки бала үчүн жанталашып мушташып жатсам, тиги экөө жок, корконунан качып кетишиптир. Нан карточканы берип жатып, Орозкожоев: «Эми, сен бала, шашпа»,– деди. Мен: «Сенден коркпойм, эсиңде болсун», – дедим. Чынында эле Орозкожоев менин артыман түштү, күнүгө жатаканага жакын түн ичинде жолдоштору менен мени күтө баштады. Бир күнү кечинде келатсам, аңдып турушкан экен, көрдүм, жакындап келгенде качырып киришти, мен качып, жатаканага кире бериштен кармай алышкан жок, көчүккө бир тээп калды. Андан 3–4 күн өткөндө дагы аңдып турган экен, мен деле билип, байкап сак болуп калдым. Дагы күтүп алды, дагы качтым, үстүңкү кабаттарда кыздар турчу эле, ошолорго кире качып, ошолордун ара-

сында жаттым. Көрсө, бул акмак, өзүнө окшогон 3–4өө, ушинтип хулигандык кылып, айылдан келген бечаралардын карточкасын, аны-мунусун тартып алып жүрүптүр.

Анда бизде саат, акча, телефон дегендер жок, мен саат тагынганымды ойлосом, кийин илимдин кандидаты болгондон кийин тагыныптырмын. Кийин териштирсем, Орозкожоев 10-классты бүтпөй эле 10-классты бүттү деген справка менен өткөн неме экен. Ушундайлар биздин арабызда бир тобу бар экен, кийин 4-курсту бүткөндө медициналык мектепке барып медицинаны бүттү деген диплом алып, анан мамлекеттик экзаменге киришкен. Аттестаты жок, дипломy жок мединституттун экзаменине кийирбейт экен. Ошентип, Орозкожоев бир топко менин тынчымды алып, көпкө коркутуп жүрдү, Кудай жалгап, бир күнү эле Орозкожоев жок, сабакка келбей калды, ошо бойдон жоголду. Аны келбей калды, жоголду деп эч кимиси издеген да, жоктогон да жок. Сүйүнүп калдык.

Кийин мен институтту бүтүп, доктор болуп, ишим ийгиликтүү жүрүп, телевизордон, гезит-журналдардан мактап көрсөтө баштады. Менин жакшы жолдошум Мамбетов Мукамбет, чогуу бүткөнбүз, 81 жашында өткөн жылы кайтыш болду, Мукамбет жөнүндө кийинчерээк толугу менен баяндама берем, көп жыл мурун мага келип айтып жатат: Панфилов районуна биздин карындаштар күйөөгө тийип, куда башы болуп бардым эле, куда колхоздун уюн багат экен, ошол уй фермасынын үйүнө бардык дейт. Отуруп таанышып, ичип-жеп отурдук эле, бир эле сапсайган, бир көзү жок чал отурган, байкаган да, тааныган да жокмун. Бир убакта ошол абышка мага кайрылып: «Ай, Мукамбет, мени тааныбай турасыңбы?» – дейт. «Жок, тааныбай турам», – десем: «Экөөбүз мединститутта чогуу окубадык беле», – деп турат. Ошондо эсиме түшүп, тааный калдым дейт. Анан ошондо жок болуп кеттиң эле, ошондон бери кайда жүрөсүң десем, ошондо кармалып калып, хулигандык менен 9 жылга кесилип кеттим эле, ошондон бошоп

келип, ушул жерде кудаңар менен уйчумун дейт. Ден соолугум, турмушум дагы начар, карый баштадым. Ар дайым эсимде, телевизор, гезиттерден Мамбетти көрүп, окуп жатам. Аябай өсүп, жакшы келе жаткан экен, ойлойм, кезкез мен ушул Мамбетке барайын деп жүрөм, кезикkенге жардам берип койсоң деп менден суранды дейт. Бир аз туруп, кайра баягы мурункуларды эстеп, сабап кууп чыгабы деп ойлоп кетем дейт. Мен: «Жок, бара бер, мен да айтайын, ал убакта жаштык турмуштун кыйындыгынан болгон нерсе да, аны Мамбет деле ойлобосо, кектебесе керек деп жооп берип келдим», – деди. Ошол Орозкожоев тирүү экен деп Мукамбет байкуш айтып келди эле. Келген жок, бети чыдабаса керек. Мен ойлойм, кээде бир ушундай адамдарга элдин убалы жетсе керек, ошон үчүн Кудай Таалам бир жагынан көрсөтөт окшойт. Антейин десең, кээ бирөөнө элдин убалы, каргышы тийбей, тескерисинче, өнүп-өсүп, жыргап жүргөнүн ушу күнгө чейин көрүп келе жатпайбызбы.

Биринчи курсту окуп, ал убакта тышка чыкпаган адаммын, билем үйдүн ал-жайын, ошого карабай, туулган жердин көрүнүшү, суу-ташы, эне-ата, бир туугандар, эсиңден эч качан кетпейт экен, ошол убакта ушуларды абдан сагынчумун, бирок чыдачумун. Алдыга койгон максатым: өл-тирил, окууну бүтүп, врач болгум келчү. Кышкы каникулга бир жумага үйгө жөнөдүм, машина деген жок, жолдо бараткан жүк тартуучу үстү ачык машинага түштүм, суук. Кийимим жука, шымым – турсиси жок, жалаңкат көйнөк – майкасы жок, немецтин жеңил пальтосу, башымда шапке. Ачык машинанын үстүндө Черик Жумабаев деген досум экөөбүзбүз. Черик Жети-Өгүздүн Шалба айылынан, ал жөнүндө дагы кийинчерээк толук маалымат берем. Ушул экөөбүз машинанын үстүндө бир-бирибизди койгулап секиребиз.

Эми ойлосом, жаштыгыбыз, ден соолугубуздун түзүктүгү болсо керек. Эптеп Пржевальскиге жеттик, мен ары Кере-

ге-Ташты көздөй базарга келсем, айылдан аркы Кайырма-Арыктан Султанбаев Асанбай базарга чөп сатып, кеткени жатыптыр. Экөөбүз 10-классты Сары-Камыштан чогуу бүткөнбүз, окууга барбай калган, кезигип сагынышып калган экенбиз, өбүшүп, сүйлөшүп, жыргап калдык.

Асанбай ашканага алып кирип абдан тойгузуп, чанасына салып алып үйгө жеткизип койду. Үйдөгүлөрдүн ал-акыбалын жакшы билем, мал-салыбыз жок кедей элек дебедимби, ошентсе дагы эне-атам, бир туугандарым өтө кубанып тосуп алышты. Үйдөн картошка жесең дагы ысып, жарма ичсең дагы башкача даамданып, ыракат алчу элем, оюмда – кайра кантип кетиштин айласы. Жол кирени кайдан табам – ушул ой институтту бүткүчө ойлонтту, ушунчалык убара болчумун. Себеби элдин турмушу өтө начар, кийин чоңойгондо көрүп-билип калдым, кээ бир адамдар акча дегенди көрбөй-билбей, тааныбай кеткенин.

Эки күн эс алып, Кызыл-Кыя деп коёбуз, ошонун жанында башка коктуда Жыргалаң шахтысы бар эле, баягы мен күйөөлөп барып жүргөн жак, ошол шахтыда Мамакенин улуу карындашы Аний эжекем эки уулу, бир кызы менен турчу. Бул эжекемди, күйөөсү Төлөмүш согуштан жок болгондон кийин, мен Фрунзеге кете электе эле, ошол шахтыга жан багыш үчүн өзүм узатышып койгом. Бир кызыл ую бар эле, болгон төшөнчүсүн ушул уйга жүктөп барганбыз. Уулу Темиркул мени менен тең, иниси Желдең 3–4 жаш кичүү эле, кызы Советкан кичине – 6–7 жашта боло турган. Ушул эжекем эске түшүп, анда каникулга барган сайын ушундай жакын кишилерди эстеп издеп барып таап, үмтөткөнүбүз эле бир аз акча берип, кетээрге жардам болсо деген ой.

Колхоздон бир ат сурап алып жөнөдүм. Жогоруда айтпадымбы, эртең менен чыкса, күүгүмдө араң жетесиң деп. Кыштын күнү суук, кар терең. Эң четки айылды Зындан деп коёт, андан ары айыл жок, тоо, калың карагай. Зындандан өтсөм, бир аттын изи жок, түптүз эле мелтиреген

кар. Ошого карабай, ошондо эле эр экем, түн кирип кетти, болжолдоп жолдун изи болсо керек деп карды жиретип отуруп эл жатканда жеттим. Жолдо тоонун ичи жымжырт, бир жан жок, жетсем эжекемдер жатып алышыптыр, канча кылган менен бир тууган эмеспи, абдан сагынып калыптыр, жалынып-жалбарып тосуп алды. Жашаган үйү чоң – жыгачтан салынган узун барак үй экен. Шахтыда иштегендердин баарысы, кээси эки-үч үй-бүлө, жаштары 8–10дон бирге жашайт экен, байкасам, турмуштары өтө начар, суук, тоонун арасында бийик жер экен, бөлкө менен чай берип жаткызды.

Эртеси ары-бери басып көрдүм, жери ушунчалык кооз, кар өтө калың, суук. Кийин жай убагында барып көрдүм, ушунчалык сулуу, кооз жер экен. Эжемдерден башка биздин айылдан бая мени менен 7-класска чейин окуп, окубай калган бир топ бойдок балдар бар экен, алар менен учурашып, өткөн-кеткенди маектешип, жыргап калдык, убакыт тар, аз калды кетишке. Эртеси эле кайра тарттым. Эжекеме келгенимдин себебин айттым. Эжекем байкуш, байкашымда, начар эле эптеп оокат кылып жатыптыр. Улуу баласы Темиркул шахтыда иштейт экен. Эртеси Темиркул, теңтуш балдар иштеген жерине, шахтыга алып кирип, көмүр казган жерине чейин көрсөттү. Мындайды көрбөгөн жаным, тозок эле экен. Жарык жок, колдорунда лампа. Көмүрдү колу менен казып арабага салып, жөө сүйрөп чыгат экен, жумуш өтө оор, жаш балдар иштейт, акчасы абдан аз, тозок эле иш экен. Жан багыш үчүн ушул бечаралар айласыз чыдап иштеп жүрүшүптүр. Чыдаганы, башка турмушту көргөн эмес, билбейт, ар бири ушундай болуш керек деген түшүнүк менен жашайт.

Эжекем ал-жайын айтып жатып бир аз тыйын берди, ошонусуна ырахмат айтып кете бердим. Кайра келатып, анда Вознесеновка деп койчу, азыр Боз-Учук деп аташат, райондун борбору эле, ошол жерде сельподо кампа кармаган дагы бир Шапа деген эжемдин күйөөсү Коробаев иш-

тейт деп уккам. Келатып издеп жүрүп үйүн таап бардым, барсам, Шапа эже үйүндө экен, учурашып, дагы эле кайтып кетишке тыйыным жок кыйналып жатам десем, эже үйүндө иштебей отурат экен. «Жезденe бара кет, ошол бирдеме берээр», – деп айтты. Жездени деле анчейин таанычу эмесмин, адресин айтып берди, издеп сураштырып жүрүп таап алдым. Кампасынын короосуна кирсем, чоң короо экен, 5–6 чана турат аттары менен, кээ бирөө кампадан бирдеме көтөрүп алып кетип жатат. Кирсем, жезде ары карап ичикчен, башына баса кийген чоң тумак кийип отурган экен. Жездем менен саламдаштым: «Жезде, мен Мамбет, кайниңиз болом», – деп ал-жайымды түшүндүрдүм. Кейпи, абдан кызуу экен: «Жезде, эшикте бирөөлөр бул жактан алып чыгып эле жатышат, сизде учёт, текшерүү, уруксат деген болобу же булар өздөрү билип эле алып кетип жатабы?» – деп, кейпин көрүп туруп, тиги дүкөнчүлөр болсо керек, кызып отурганын көрүп жайлап жатышкан го деген мага ой кетти. Жезде, мен муну айткандан кийин, мага карап туруп: «Ээ, кайним, жездең ушинтип отурганы менен аркасынын баары эле көз», – деди. «Ой, жезде, андай болсо, кечириңиз», – деп бир аз отурдум, эчтеке чыгаар эмес, көзүм жеткенден кийин коштошумуш болуп кете бердим. Ошол эле жылы го, угушумда, жезде 7 жылга кесилип кетиптир. Кийин мен чоңоюп, отпускага барып калсам, бир карындашыбыз каза болгон экен. Ошол Шапа эженин жакын сиңдиси. Барсам киши көп, ошолордун арасында баягы жездем отуруптур, саламдашып, жезде 7 жыл жүрүп чыгып келген экен, эсиме түшө калып: «Ой, жезде, эмне болуп кетти, аркаңыздын баары эле көз эмес беле?» – десем, эсинде экен: «Ай, Мамбет, ошондо жездеңди далыдан ары бир тээп кетсең эмне. Акмакчылык, масчылык кылып ичип отура берип, келген дүкөнчүлөргө ишенип коюп, алар менин кейпимден пайдаланып жайлашпадыбы», – деди. Мен айттым: «Ошондо кичине жардам кылып койгонуңузда эмне, өмүр бою ыраазы болуп жүрбөйт белем», – деп. Бир чети

тамашаламыш болуп жайлап калдым. Үйүнө барганда, ошондо эжем дагы жемелесе керек, атайын ишенип издеп, үмүтөтүп келсе бирдеме берип койбодуң деп.

Ошону менен кеттим Фрунзеге, эптеп келип окуума бара баштадым, сабак өтө оор, дагы эле кыйналып окуп жүрдүк. Себеби азыр ойлойм, ар жагыбызда, түбүндө билген запас билимибиз жокко эсе экен. 1–2-курстарда негизинен дагы эле химия, биология, физика, тарых, анатомия, орус тили деген сабактар. Айрыкча, анатомия – адамдын түзүлүшү, адамдын денесинин түзүлүшүнүн аттары орусча, латынча, биз үчүн эки тил тең түшүнүксүз, экөөнү тең жаттайбыз, ошондогу биздин көктүгүбүз укмуш эле. Кээ бир сабакты түшүнбөйбүз, бирок башынан-аягына чейин жаттап алчубуз. Экзаменде мугалим тим койсо, аягына чейин токтоосуз айтып берген күндөр болгон. Эгерде мугалим кокус кошумча суроо берип калса, анда балээнин башталганы. Токтойбуз, жооп жок, себеби кошумча суроону жаттаган эмеспиз да.

Ошентип, 1-курсту алда-жалда менен бүттүк, арабызда окуй албай кетип калгандар бир топ эле болду.

Каникулга үйгө бараар замат мен эртеси эле колхоздун жумушуна чыкчумун. Эмне жумушу болсо дагы, айдаган жагына каршылык көрсөткөн жан эмесмин, иштегеним ушундай эле, чын дилим менен иштечү элем. Ал убакта колхоздо негизги иш – апийим, чөп чапмай, сугат, эгин ормой, эгин бастырмай. Биринчи курсту бүтүрүп барганда чөп чабык башталып калган экен, Кызыл-Кыяга, баягы менин кызым жашаган жайлоого бардым. Ошол жакта биздин колхоздун жери, жайлоосу бар экен, ошол жактан чөп чаап, даярдап келчүбүз. Ал жакта – жайлоодо колхоздун саан уй фермасы бар, уйду менин таажездем Кожобек деген багат экен, аялы – энемдин сиңдиси Окен. Ушулар менин Урупай деген карындашымды кичинесинде багып алышат. Алган себеби, жогоруда айтпадымбы, биз өтө кедей, көп бүлөлүү элек деп, таэжем Окен жеңилдик болсун

деп алса керек. Ал убакта баланы бергенден кийин бизге жөнөтпөйт, жакындатпайт, бизден бөлүп өзүлөрүнө тааандык кылууга аракет жасашчу.

Ошентип, чөп чапканга барып калдым. Мага окшош балдар, аялдар, анча-мынча карыган кишилер. Барганда, эсимде, сагынып да калгам карындашымды, Урупайды деле чоңоюп эс тартканда алып кетишкен. Барганда, таэжемдикине барып учурашып, карындашымды сураганга болбойт, таэжем да эчтеке айтпады. Бир аздан кийин эшикке чыгып ары-бери карасам, карындашым эч жерден көрүнбөйт. Бир топ балдар, кыздар ойноп жүргөн экен, ошолордун жанына барып акырын билгизбей, алар билбейт Урупай менин карындашым экенин, сурадым: «Урупайды билесиңерби? Ал кайда кеткен?» – деп. Тез эле айтып беришти, көрсөтүп: тээ тоонун ары жагында уй кайтарып жүрөт деп. Акырын көрүнбөй жашырынып алып, жөө басып отуруп тоонун артына бардым, барсам көп саан уйларды бир эшекти минип алып ошо кыбыраган карындашым, 13 жашта болсо керек, тоонун арасында жалгыз кайтарып жүрүптүр. Мени карап турат, жакын барганымда, эшектен учуп түшүп чуркап келатат, жетип келип мени басып кучактап, күлүп калды. Экөөбүз алыбыз келишинче өкүрүп ыйладык, колубуту кесилген, кийими деле бирдеме, ошондогу менин зээним кейигенин азыр эстесем дагы зыр дей түшөм.

Сүйлөшүп отуруп: «Урупай, айланайын, күзүндө айылга көчүп барганда качып кел», – дедим, ошону угалбай жүргөнбү, байкушум бараар замат барам деди. Араң эле жүргөнүн сездим, кайра акырын көрүнбөй келе бердим. Кечинде уйлар келгенде дагы байкап карап отурдум, ошол кыбыраган карындашым он уйду саабаспы, эми жумушка ушунчалык катып бүткөн экен байкушум. Кийин көрсөм, түшүнсөм, Окен таэжем жөн эле малайлыкка алган экен, окуткан да эмес. Өзүнүн Мукамедий деген бир уулу мени менен тең, дагы бир кызы бар эле. Таажездем момураган,

ак көңүл, сонун киши эле, таэжем ачуусу чапчаң, тилдүүрөөк көрүнгөн.

Кийин күзүндө сүйлөшкөндөй, айтпай-суранбай качып келди, ошол бойдон кайрылып барган жок. Окен таэжем, угушумда, абдан каргап жүрдү дейт. Ушул карындашымдын тагдырын айтып бүткөзүп кетейин. Мен институтту бүтүп, Сокенге үйлөнүп үйгө бардым. Урупай экөөбүз апийим кесип, жолго каражат камдап Фрунзеге ала кеттик, ойлодум, эптеп медицина мектебине кийирип, жок дегенде медсестра болуп иштеп, жанымда жүрсүн деп. Окууга өттү. Бирок өмүрү кыска экен, кышында катуу ооруп калып, кандын рак оорусуна кабылып, үйгө кышында эптеп жеткирип келдим. Мен келгенден үч күндөн кийин, 17 жашында кайтыш болду. Ошол таэжем Окендин каргышы тийдиби деп да ойлоп кетем.

Экинчиси, улуу эжем менден эки жаш улуу эле, муну дагы энемдин сиңдиси Оңош багып алган, Фрунзеде. Күйөөсү – Уманкулов Ургазы таажездем ЦКда иштечү. Бул таэжем дагы айылга келип, бизге боору оорудубу, Жумакан эжемди алып кетти. Мен 1946-жылы Фрунзеге келсем, эже жок, кайда десем, Оңош таэжем ушунчалык жамандап, өлүк-тиригин көрүп, бир жакка качып кетти дейт.

Кийин мен 1-курсту бүтүрүп айылга барганда, Жумакан эжем келип калып, айтып берди: – Чоң-Алайда мугалим болуп иштеп жатам, барганыма эки жыл болду – дейт. Көрүнүшү абдан жакшы, баарыбызга кийим-кечек алып келиптир. Ошондо Оңош таэжемдин дагы максаты ошол болуп, алып келип окутпай, иштетпей, үйүнө малай кылып кордукту көрсөткөнүн айтты. Отпускага бир айга келиптир, күйөөгө чыга элек, кайра кетем деди, мен каршы болдум, жердин түбү экен, андан көрө Фрунзеге чогуу баралы, институтка өтүп окуп алсаң десем: – Жок, мен быйыл барайын, себеби партиянын мүчөлүгүнө кандидатмын, быйыл мөөнөтүм бүтөт, анан эмдиги жылы биротоло келемин,– деп болбой кетип калды. 25 жашка чыгып калган,

мектепте мугалим, завуч болуп иштеп жатыптыр. Ушуну менен бул эжемди дагы экинчи көрбөй калдым. Ал убакта кыштын күнү Чоң-Алайга каттоо жок, жол бекилип, кат да келбей калат экен, кеткени дайыны жок. Жазга жуук чогуу иштеген көлдүк мугалимдерден кат келди, өлгөнүнө үч ай толуптур, ушинтип Жумакан ооруп кайтыш болуп калды деп. Ошо бойдон бара да алган жокпуз.

Кийин мен институтту бүткөндө, 1954-жылы, анда институт жиберчү, барып үгүт жүргүзүп, мединститутка балдарды бир ай жүрүп алып келчүбүз. Мен Гүлчө районуна, ошол Алай жакка кеттим. Чынында эле жолу өтө татаал, тоону аралап араң жетет экен. Анда машина деген жок, жол тосуп жүк тартуучу машина менен ошол Алайга барып, көпчүлүгү Чүйдөн, Ысык-Көлдөн барган мугалимдер экен, бир жерде отурушуп, ошол эже иштеген мектепти таап, сөз кыла баштадым. Ушул жерде иштеп жүрүп каза болгон десем, бир сакалдуураак киши ошол айылдан экен: «Бечара Жумакан ушинтип каза болуп...» – деп айтып баратып эле: «Эмнең болот?» – деп сурап калды. Ушул жерден жаңылдым, менин бир тууган эжем эле десем, ойлоно калып: «Жок, мен жаңылып жатыптырмын», – деп айтпай койду. Сурандым, болоору болду, көп жыл өтүп кетти, мен чындыгын билейин, эмнеден өлгөн десем дагы эч айтпай коюшту. Кайсы жерге коюлду, жок дегенде мүрзөсүн көрүп, куран окутуп кетейин десем дагы, айтпай коюшту. Кийин угушумда, бирөө ыржаңдап сүйлөшсө, жабышса керек, ошондон улам ажалы менен өлбөсө керек. Ошол убакта кышында эч катташ жок, Алайда Советтер Союзунда закон деген жок эле дейт. Ошентип, бул эжем дагы, Оңош таэжемдин каргышы тийдиби, 25 жашында кайтыш болду.

Дагы бир эсимде калганы, айылдагы жакын тууганым – менден 6 ай улуу агам Жумакай Орунтаев эле. Ал жашынан аял алып, колхоздо башкы бухгалтер болуп иштеп жүрдү. Мен бараар замат Жумакайды үгүттөп: «Жүрү Фрунзеге, жогорку окуудан окуп билим ал», – деп айта башта-

дым. Жумакай макул болуп, кетмей болдук, кетээрдин алдында, башкарма Зайнидин абам, ферма башчы Токтосун деген абам экөө келип, мени абдан тилдеп, сен эмне үчүн Жумакайды азгырасың, жүргөн жагыңда өзүң окуп жүр, сениби – деп опузалашты. Мен: «Ой, абалар, бул Жумакайдын өз иши. Окуйбу, окубайбы – менин эмне ишим бар?» – деп араң кутулгам. Бирок ал жылы Жумакайды жибербей коюшту. Кийин түшүнгөндө ойлосом, бу Жумакайга эмне жабышып калды десем, булардын ичкен-жегенин, былыктарын бухгалтер катарында баарын жылмалап, документтерин таптаза кылып тигилерди аман-эсен сактап жүргөн Жумакай тура. Кийин Жумакай дагы ушунун баарын айтып берди эле. Дагы бир барганда Жумакай жадап бүтүп, көзү жетип, келечегин ойлоп: «Барам, бул жолу катуу турам, сени менен кетмей болдум», – деп экөөбүз Фрунзеге жөнөдүк.

Пржевальскиден машина табылышы тозок, бир эки-күн машина күтүп жатып калчу элек. Эки күндөн кийин, кечинде толтура карагай салган бир чоң машина токтоду, каалаcаңар түшкүлө, алып кетем деп. Жумакай экөөбүз баягы эле бир мешоктон талканыбызды карагайдын үстүнө коюп, мешогубузду алдыга басып, чоң чынжырды кармап алып жөнөдүк. Түп жак менен жылкы заводуна келгенде күн куюп кирди, бир аздан кийин машинанын дөңгөлөгү жарылды, запас дөңгөлөгү жок экен, чыланып суу болуп кеттик. Бир сарайга кирип жаандан корголонуп, таң аткыча отурдук, эртең менен жаан басылды, анда машина айдаган кыргыз шоферун көргөн эмесмин. Орус шофер туруп: «Дөңгөлөгүм жок, силер машина тосуп, өзүңөр кеткиле»,– деди. Түшкөндө эле жол акысын алып алган, мен акчабызды бер десем: «Бербейм, мен күнөөлүү эмесмин»,– дейт. «А биздин күнөөбүз эмнеде?» «Бер» – десем, болбоду. Экөөбүз чатакташа түшүп, мушташа кетип, асфальт жолго көтөрүп чаптым, жайлап жиберейин дедим эле, сезди: «Тур, берейин»,– деди. Мен төшүнө минип алып: «Жок, турбай-

сың, чөнтөгүңдөн алып бер»,– десем берди. Жумакай жоошураак, мындайды көрбөгөн: «Ой, Мамбет, койчу, баштан садага»,– деп мени тыйып жүрөт. Мен тура калып: «Сен бухалтер болуп иштеп жүрүп, акчаң көп болсо керек, бул акча мага өтө керек»,– деп экөөбүздүкүн чөнтөккө салып алдым. Шофер тура калып: «Вот сволоч, хулиган» – деп тилдеп жатат.

Ошол жерде дагы машина күтүп канча отурдук, ошентип, Фрунзеге азап менен жетчү элек, кээде Быстровкага эптеп жетип, анда поезд жүрчү, ошого жабышып келээр элек. Мунун баары азыркы балдарга жомок, кээси ишенбейт.

Ошентип тырышып окуп жүрөбүз, дагы эле турмуш өтө оор, сабак окуш дагы оор. 1948-жылга чейин нан карточкасы болду, 1948-жылдан нан карточкасы жоголду, жоголгон менен дагы эле нан алыш өтө кыйын, бир нече саат кезекте турмай, кээде нан жетпей калат. Ушу күнгө чейин ыраазы болгонум – биздин кыргыздын талканы. Азыр кээ бир балдарыбыз талкан эмне экенин билбейт. Табылды Эгембердиев ырахмат, көп жылдан бери ушу күнгө чейин талкандан кыргыздын жармасын жасап, элдин суусун кандырып келатат.

Фрунзеде жалгыз тааныганым, кичине ишенгеним – ошол Ургазы таажездем, өзү ЦКда иштечү, таэжем алты баласы бар, иштебейт чала сабат, үйүндө улуу баласы Абдракман менден 2–3 жаш эле кичүү, мединститутка кирип калышына мен чоң көмөктөш болдум эле. 1946-жылы келгенде, Абдракман окубай калган экен, менден кийин Кайырма-Арыктан келген теңтуш Арыкбаев Сыргак университетте окучу, жездеси айылда сельсовет эле. Ушул Сыргак бир актай дептерге мөөр бастырып алып келиптир. Ошону көрүп таң калгамын, анда кыргыз кадрлары жок болгондуктан баарын эптеп бирдеме деген документи болсо эле ала берчү. Ошол мөөрү бар актай баракка Сыргак экөөбүз Абдракманды 7-класcты бүткөн деп жазып, ошону менен

медшколго келип көрсөтсөк, токтоосуз алды. Ошентип, Абдракман медшколду жакшы бүтүп, мединститутка кирип окуп калды. Бүткөндө нерв оорусу боюнча адис, медицина илимдеринин кандидаты болуп, кафедрада ассистент, доцент болуп иштеп жүрдү. Абдан түшүнгөн, жакшы адис болуп көптөгөн оорулууларга жардам берди, бала-чакалуу, неберелери болду. Жөнөкөйлүгү, адамкерчилиги бар, өзүнүн ишин ушунчалык мыкты билген бөлөм эле. Негедир көп жылдан бери иштебейт, пенсияга чыгып оорукчан болуп үйүнөн чыкпайт дейт. Бир киши менен кирип-чыгышы жок, теңтуш, тууган дегендерди билбейт, өзүнчө таң каларлык адам болуп калыптыр. Ушул окуп жүргөндө, жедеп айлам кеткенде, туугансынып ушулардыкына барчу элем. Барганда деле мени сүйгөн-каалаган киши жок, көз караштарынан, жасаган мамилелеринен байкачу элем. Ошого карабай догурунуп, ашканасында өзүлөрү тамак ичип бүткүчө кел деп койгон жан жок, көгөрүп отура берчү элем, акырында өзүлөрү ичип бүтүп, калган-каткандарын бир табакка чогултуп нандын калдыктары менен куюп берчү, мен андай тамак ичип көрбөгөн жаным ошого эле ыраазы болуп кетчү элем. Бир жолу барсам, тез-тез деле барчу эмесмин, Ургазы таажезде: «Ой, бала, сен кез-кез келип жүр»,– деди, унчуккан жокмун, үч кызы, дагы эки баласы, буларда адам менен сүйлөшүү жок эле. Азыр ошолордун баары чоңоюп, жогорку окуу жайларды бүтүп, үйлүү-жайлуу болушуп, бала-чакалуу, неберелери бар дейт. Жезде менен таэженин билими жок, адамкерчилиги өтө начар адамдар экен же менин кедейлигимди билип, ушундай мамиле жасадыбы, билбейм. Болбосо, ошондо боор ооруп, эжесин сыйласа, ушу бечарага деп бир эски батинкесин берип же жакшы мамиле кылып койсо, унутулбайт эле го. Таэже, барганда эле эжем Жумаканды жамандап, каргап кирчү...

Ошентип, институтту бүтүрүп, бүтөр замат Сокен экөөбүз үйлөнүп калдык. Менде бирдеме өткөрүш, бирөөнө чай беришке чамам жок. Тойду Сокендин агасы Алышбаев Жу-

магул өзү өткөздү. Кичине үйүнө Исаев Мукамбет ЦКдан, мен жактан жезде Уманкулов аялы менен, Убукеев деген менин агам, Жумакай агам болушуп чогулушту. Убукеев бир кой сатып берди, Уманкулов ошондо соода министринин орун басары эле, бул анча-мынча ичкиликти чыгарды окшойт. Кызыгы, бүткөндө кеттик, Сокен экөөбүз ушул Уманкуловдун үйүнө келдик, таэже балконду көрсөттү, бир жаман диваны бар эле, ошол жакка жаткыла деп көрсөттү. Эртеси эрте Жумакай үчөөбүз бир жүк машинага түшүп үйгө жөнөдүк. Ошондо, чакан той берип жатканда Исаев Уманкуловду тамак-аш колуңда тургандан кийин деп тамашалады. Мен бир аз эс алууга чыкканда таэжеме да өздүк кылып: «Таэже ушулардын тамашасын мен түшүндүм, ошого калтырбай, жок дегенде көбүрөөк пиво алып берсеңер болмок экен»,– десем, «ар» деп мени беттен алды, сени кедей кылган биз эмес деп.

Кийин мен оңолуп, жетилип, илимдин кандидаты болуп калдым, биздин туугандар чогулуп чай ичкен жерде, дагы башка жерлерде таэжем ар дайым ушулардын арасында мактанат экен. Мамбетти биз тарбиялап-багып, ушул даражага жеткизбедикпи деп. Муну мага угуп отургандар жеткизип, чын эле ошолор тарбияладыбы деп сурашат, мен кыска эле: «Ооба» – деп коём. Бир күнү Качкеев таякем кереге-таштыктарды чакырып чай берип калды, келсем, таажездем Ургазы, Кадыркул таяке экөө таякемдин кабинетинде отурган экен. Мен Октябрь революциясынын орденин алып калдым, ошол орденди тагынып келгенде жезде ошол орденди көрүп, муну кайдан алдың? – деп сурап турбайбы. «Ой, жезде, базардан сатып алдым»,– дедим, Кадыркул таякем күлүп жатат. Бир убакта: «Ай, Ургазы, чыны менден сурап жатасыңбы? Киши укпасын, ушунча кызматта иштеп жүрүп ушул орденди билбесең, уят, – деди. Мен түшүнө коюп, убактысы келе түштү: «Жок, таяке, жездем муну билет, ойлоп жатат да кечээ эле биздин үйдө догурунуп отуруп жуугундуларды ичип жүргөн, кантип эле

ушу орденди алсын деп таң калып жатпайбы»,– дедим. Таажездем: «Ай, бала, оозуңду карап сүйлө, тил чыгып калыптыр го»,– дейт. Мен: «Сиздин оюңузча, өмүрү сиздин ашканада тамак аңдып отурат дедиңиз беле?» – деп жайлап калдым. Чогулуп тамакка отурдук, ачуум келип буулугуп калдым эле, бир убакта убактысын келтирип: «Ушул таажездем менен таэжеме ырахмат, ушулардын таштандысын ичип жүрүп, андай тамакты өмүрүмдө ичип көрбөгөн жаным, ошондон кийин акыл-эс кирип, мен оңолуп ушул даражага жетип калбадымбы»,– дедим эле, таэже чыга качты. Артынан чыксам, мага мурункудай ажылдап: «Эмне үчүн элдин арасында бизди акмак кыласың?» – дейт. А сиз эмне үчүн анда булардын арасында мен жокто мактанасыз, мен багып, тарбиялап чыгарган деп?» – дедим. Ошону менен бүттү, ачыкка чыгып калдык, көпкө чейин жологон жокмун. Андан кийин өзүлөрүнүн кемчилигин билип, чакырып кечирим сураштты. Өлөр-өлгүчө кирип чыгышып, мен да колумдан келген жардамымды берип жүрдүм. Бир топ жыл болду, экинчи уулу Анарбектин аялы ашказандан оор операция болуп, айыгып кетти. Таң калганым, таэже өлгөнү балдарынын бирөөнү да көрө элекмин. Өзүлөрү жолобогондон кийин, мен да унчукпай кезигишке далалат кылбайм. Мен эмес, угушумда балдары бир киши менен кирип чыгышы жок экен, ар кимдин өз оокаты, аман болсун дейм.

Ошентип, үчүнчү курска келип калдык, буга чейин мединститутта практикалык сабак жок, клиникага барып оору көрбөйбүз. Мына, үчүнчү курстан тартып хирургия, терапия деген кафедранын баары ооруканanын ичинде, кафедранын кызматкерлери – профессор, доцент, ассистент, аспирант дегендердин баары мединститутка, директорго баш иет. Эмгек акыны дагы ошол жактан алат. Калган врач-ординаторлор, медсестралар оорукананын башкы врачы, шаардык саламаттык сактоо башкармасына баш иет. Дары-дармектин баары ошол жактан бөлүштүрүлөт.

Үчүнчү курста пропед хирургия кафедрасы бар. Кафедранын башчысы профессор Иса Коноевич Ахунбаев экен, жогоруда айтпадымбы, жаңыдан келгенде келип кезигип, даярдоо курсун ушул киши сүйлөшүп берип ачтырган. Андан кийин көргөн эмесмин, мына эми, үчүнчү курска келгенде ушу киши кафедра башчысы экен. Буга чейин ойлочубуз, эптеп эле врач болсок экен деп, хирургия эмне, терапия эмне, алар эмне иш кылат – анчейин деле түшүнүк жок. Ахунбаевдин сабагына, лекциясына катыша баштадык. Бир күнү операциясына киргизип, операция жасап жатканын көрсөттү. Мына ошондон тартып, мен аман-эсен бүтсөм, сөзсүз, хирург болом деп өзүмө өзүм убада берип чыктым. Ошондон бүткүчө хирургияга көңүл бура баштадым, анда ар бир хирургия кафедрасында кружок бар, хирург болом дегендерди бир жумада бир чогултуп, окуудан кийин ар бирибизге хирургиялык тема берип, ага абдан даярданып, доклад жасоочу элек. Кесип тандоо – хирург болом, терапевт, акушер-гинеколог, көз-кулак доктор болом дегендер студенттердин арасынан ушул үчүнчү курстан башталат, анан өзү тандап алган кесибине көбүрөөк көңүл бурулат.

Ошентип, кыйнала-кыстала институтту ийгиликтүү бүттүк. Биз окуганда мединститут беш жылдык эле, бизден кийин алты жылдык болуп калды. Биз деле – даярдоо курсунда окугандар алты жыл окудук.

Чогуу бүткөндөр:

1. Ажикулов Эсенбек,
2. Турусбеков Бейшен,
3. Саалиев Эмил,
4. Мамбетов Мукамбет,
5. Чокморов Жусуп,
6. Назаров Сейит,
7. Абдылдаев Керим,
8. Жумабаев Черик,
9. Даменбаев Махмут,
10. Эркинбаев Шарип,

11. Рыспаев Санарбек,
12. Көккөзов Орозбек,
13. Бакиров Санжар,
14. Ажибаев Казы,
15. Ниязов Жолдош,
16. Ибрагимов Абдул,
17. Бердибаев Эркин,
18. Мурзалиев Арстанбек,
19. Молдокматов Жанар.

Ушулар аман-эсен бүттүк, булардын арасынан Черик Жумабаев экөөбүздүн мамилебиз түзүк эле, калгандарыбыздын деле ынтымагыбыз дурус болчу. Бир-бирибиз менен урушуп-талашкан жокпуз. Бүтөөр жылдарда эмнелерди көрбөдүк деп, бир бирибизди атыбыздан айтпай, «шумкарлар» деп аташчу элек. Эмне үчүн «шумкарлар» деген ат алдык аны өзүнчө түшүндүрөм.

Эми Черик жөнүндө: бул деле мага окшоп кедей, өзү Жети-Өгүздүн Шалба айылынан. Бирге жатып калдык, экинчи курста го, бизде ден соолугубузду текшере баштады. Эсимде, азыркы Ахунбаевдин клиникасынын артында бир кабатуу рентген кабинети бар эле, азыр деле турат, ошол жерге алып барып караңгы үйгө кийирип, аппарат менен чечинтип алып көрүштү, эмне экенинен анда түшүнүк жок. Бир аздан кийин Черикке, Бейшен Турусбековго кошумча тамак бере баштады. Бергени: кумшекер, колбаса, печенье, 300 гр данбы, эсимде жок. Чериктин кумшекерин мешоктогу талканыбызга салып аралаштырып алдык, аны кургак чайнап жеп, суудан ууртап жыргап калдык. Чекем кичине мурчуюп калды, себеби шекер анык болуп жатпайбы. Мен Чериктен сурадым: «Эмне сага берди, эмне дартың бар? Мен деле көрүндүм, мага эмне бербейт?» – деп. Черик: «Эч жерим оорубайт, кез-кез жөтөлүп жүргөнүмдү көрүп жатпайсыңбы»,– деди. Ошол жөтөлгөн үчүн эле берет бекен?» – десем, «билбейм» – дейт. «Кой, анда мен дагы кайра барып жөтөлүп көрөйүн»,– деп бар-

дым. Караңгы үйгө киргенде эле жөтөлө баштадым, чечинтип көрүп, чык деп айдап жиберет, кумшекер бербеди. Андан кийин унуткарып, бир аздан кийин дагы бардым, дагы кууп чыкты, ошондон кийин түңүлдүм бербегенине. Кийин көп жылдан кийин доцент болуп калган кезим эле, мединститутта жашап калган еврей рентгенолог Фукс деген бир доцент бар болчу. Жанына барып аты-жөнүн айтып ошондо канча жолу кайрылдым, мага деле ошондо берип койгонуңузда, сизди жакшы көрүп калат элем десем: «Ай, Мамбет, кийин ушундай адам болом деп кулагыма шыбырап койсоң эмне? – деп еврейче жооп берип, оозумду басып койду. Көрсө, Черик менен Бейшендин өпкөсүндө туберкулездун калдыктары бар экен, бул шумкарлар жөнүндө сөз өзүнчө болот.

# ХИРУРГДУК ЖОЛУМДУН БАШТАЛЫШЫ

Институтту бүттүк, анда директорубуз Иса Коноевич Ахунбаев баарыбызды кабинетине чогултуп алып сүйлөшүп, бөлүштүрө баштады. Адегенде, эсимде, жогору жактан, Союздан, бизге кадр жок деп аспирантурага орунду Москва, Ленинград, Киевден бериптир. Иса Коноевич ушул 8 орунга жибериш керек деп, Турусбеков Бейшен, Жумабаев Черик экөө тең жакшы окуп бүткөн, буларды Ленинградга, Бейшен физиология кафедрасына, Черик анатомия кафедрасына, Аджикулов Эсенбек Киевге, фармакалогия кафедрасына, Орозбаева Соня деген кызыбыз микробиология кафедрасына, Танин деген татар «кыргыз» деп жазылчу, ушулар макул болуп кетишти. Калганыбыз: мен теориялык кафедрага барбайм деп эле ачык айттым, кайда деди, мен хирургия кафедрасына десем, госпиталдык хирургия кафедрасына, профессор Фридман Максим Ефимовичке жиберди. Келечекте барчу, окучу жерибизди бөлүштүрүп, жайлашып, приказ алып отпускага кетмей болдук.

Алдыда дагы бир чоң маанилүү максат – 25 жашка толуп калгам, үйлөнүү тоюм болду, мурунтан Сокен экөөбүз сүйлөшүп жүрчүбүз, кичинекейден бери бири-бирибизди жакшы билебиз, экөөбүз тең бир айылданбыз. Сокен дагы университеттин тил-адабият факультетин эң жакшы окуп бүттү. Сокен деле жокчулуктун, кедейчиликтин баарын өткөзүп келди, жаман-жакшыны билип, өздөштүрүп калган. Агасы Алышбаев Жумагул деген армиядан бир көзү жок болуп келип, Таласта комсомолдун биринчи секрета-

ры, андан кийин ЦК комсомолдун экинчи секретары болуп жүрүп, Москвага жогорку партиялык окууга кетип, биз үйлөнөрдө бүтүп келди. Мурун деле бир айылдык ага катарында таанычу элем. Бул киши келгиче, аялы Соня, кызы Айчүрөк бул жерде, Фрунзеде турушчу, жеңе билчү биздин сүйлөшүп жүргөнүбүздү. Ага түшүндүрүп айтканбыз, үйлөнүү ойдо бар, бирок шартым жок деп. Үйдөгүлөр: эне-атам бечаралар жалгыз ую бар эле, ушуну сатып жиберди, бул жерде жакын ага Убукеев Айткулу жазуучу, «Чалкандын» редактору эле. Бул киши кеткени «Чалкан» дагы жоголду, өз убагында «Чалкан» деген журнал укмуш болчу. Айткулу аба бир кой сатып берди, Уманкулов таажезде, эсимде жок, анча-мынча ичкиликке берди го, менде болгону ушул.

Жумагул ага Москвадан келип калды, жеңе ал-жайыбызды түшүндүрдү окшойт, макул болуп мөөнөтүн айтыптыр. Эсимде, өзү «Правда», «Известия» газеталарына тез эле макала жазып чыгартып жиберди, анда макалага гонорар төлөчү экен. Ошентип, Жумагул аба тойду өзү өткөзмөй болду. Үйлөнүү тоюбузду өзүнүн үйүндө өткөздү, автобазанын маңдайында эки кабат окшош каркастуу кичине үйлөр бар эле, абаныкы эки эле кичине бөлмө. Ашкана, суу, туалет жалпы короодо. Көпчүлүк жашагандар Ыбрай Туманов, артисттер, анан Кыштообаев, Аскар Какеев эне-атасы менен, Сарбагышев жана башкалар болуп бир топ эле киши жашоочу. Жумагул аба чын чакырганы: Исаев Мукамбет ЦК комсомолдун биринчи секретары эле, чогуу иштешип калган, Абдыкаримов деген ушундай жоош, созулган киши экен, ЦКда партконтролдун жетекчиси болсо керек, мен жактан – Айткулу аба, Уманкулов таажезде, Жумакай – менин тууганым. Мына ушулар болуп чакан үйлөнүү тоюм өтүп, менимче, ал убакта шартка жараша жакшы эле өттү. Жогоруда айтпадымбы, түн ортосунда узадык, таажезденикине келип конуп алып, эртеси айылга жөнөдүк деп.

Айылга келгенде үйдөгүлөр сүйүнүп, алы-жаны калышпай күтүп жатыптыр, окууну бүтүп, аял алып келди деп.

Алынча туугандарды чогултуп чай бериштi, Жумакай дебедимби, менден улуураак ага, бул дагы университетти бүтүп барды, мурда айылда бухгалтер болуп көп иштеген. Туугандарды, актив агаларды жакшы тааныйт. Жумакай жакшы эле сүйлөп, түшүндүрүп жатат, айрыкча, Токтосунбай деген ага улгайып калган киши, калганына булар бизди айтып, экөө тең институтту бүтүп келди, кыйын убакта экөөнүн тең акыбалын түшүнөсүңөр, ошон үчүн кетээрде колуңардан келген жардамыңарды бергиле деп ачык эле айтты. Баары макул болуп, кеткиче жардам кылабыз дешти, бирок кетээрде бирөө дагы жарым тыйын берген жок. Көрүп, түшүнүп туруп, эртеси эле Урупай карындашым экөөбүз, 17 жашка чыгып калган, Окен таэжем жумушка катырып салган экен дебедимби, экөөбүз колхоздун башкармасы Дүйшалы деген менен ачык эле кетээрге эчтекем жок, ошон үчүн келишим менен иштейин деп, келишим түзүп, бир килограмм апийимге 100 сом, буудай берип турмай болуп макулдаштык. Апийим эгиле баштады, кесишке мен деле кыйын болчумун, себеби кичинемден апийимге иштеп көнүп калгам. Менин таң калганым, карындашым Урупай байкушум, бутуна буту тийбейт, кескени, кырганы укмуш, мындайды көргөн эмесмин. Мен башынан кесе, кыра баштаганымда Урупай аягына чейин зуулдаган бойдон жете калат, кескенин, кырганын барып карадым, будалап жатабы деп, абдан таза, тыкан. Ошентип, апийим аяктаганда экөөбүз 9 кг апийим өткөздүк, баасы келишим боюнча 900 сом, 9 пуд буудай болуш керек. Кетээрге аз калды, конторго келип башкармадан сурадым, акчамды көп соодалашпай эле берди, ырахмат. Бирок башкарма Дүйшөналы дардайган, райондо иштеп жүргөн, түшүнгөн адам көрүндү эле. Сокендин уругунан деп коёбуз, Байым уулу, башкарма дагы ошол уруктан экен. Акчаны берип жатып: «Ай, бала, сен калың төлөп жүрмөк белең, ушуну менен кутулуп койчу»,– деп 300 сомун бербей алып калды. Мен: «Ой, аба, аялым, карындашым үчөөбүз кетип жатабыз, тим

эле койсоңуз, калыңды аман болсом, кийин оңолгондо төлөп берейин»,– десем дагы болбой алып калды, ичимден акмак киши экенсиң деп, айлам жок кете бердик, кийин өзү деле оңолгон жок.

Элге апийим кесээрдин алдында ак боз бээни сойдуруп, канын чачып, кан урсун деп молдону жолдун четине отургузуп коюп, элди бирден чубатып, куранды карматып, «уурдасам куран урсун» деген мааниде түшүнгөн комсомол балдар кармабай, биздин куран бул деп комсомол билетин көрсөтүп басып кетишип, бери келип райкомго звонок кылышып, райкомдон киши келип үстүнөн чыгып, иштен алынган экен. Мурун дагы айтпадымбы, кийин доцент же профессор болуп калган кезимде, андагы сонун машина «Москвич» менен отпускага барып Ак-Суугa, базарга токтой калсам, келгиче биздин айылдын аялдары өгүз арабага түшкөндөй машинама толтура түшүп алышыптыр, карап турсам батпаганы: «Ай, жыйнала ары отургула, биз да отуралы»,– деп жатышат, мен аларды: «Ой, бул жүк машина эмес, сынат, түшкүлө, үчөөң кал, үчөөңдөн башкаңар түшкүлө деп кууп түштүм. Ошентип турсам, таяк таянган, карыйын деп жүдөп калган баягы Дүйшөналы кайнага турат, ошондон бери көрө элек элем, ыпылдап келип салам айтат: «Мамбет, айланайын, көптөн бери иштебейм, оорукчан болуп калдым, өзүңдүн кабарыңды угуп жатам, быйыл өзүңө барайын дедим эле, текшерип, дарылап берсең»,– деп. Мен: «Каалаган убакта келиңиз, эсиңизде болсун, баягы 300 сомду ала келсеңиз десем, эсине түшө калды окшойт, үн катпай басып кетти, келген жок, кийин кайтыш болду деп уктум.

Ошентип, убактым да бүтүп, Сокен, карындашым Урупайды алып Фрунзеге келдик, ал убакта үйлөнгөндө менде үй-жай деген жок, бир тарелка, кашыгым, жууркан-төшөктөн дайын жок, кандай жатабыз, кандай оокат кылабыз – түшүнүгүбүз жок, келе бердик. Кайнагам Алышбаев Жумагулга өмүр бою ыраазымын. Биздин ал-акыбалыбыз-

ды байкап турат, жогорку партиялык мектепти артыкчылык диплому менен бүтүп, ошол жердеги аспирантурага өтүп келген экен. Ошол Москвадан өзүнө жатаканадан бөлмө берген экен, ошону менен аялын, кызын алып Москвага кетип, үй-жайын бүт оокаты менен бизге таштады. Ошентип, үй-жайдан кыйналбай, даяр үйгө кирип калдык, мен госпиталдык хирургия кафедрасында клиникалык ординатор болуп жүрдүм. Сокен орус орто мектебине кыргыз тили боюнча мугалим болуп калды. Урупай карындашымды эптеп медициналык мектепке киргиздим, үчөөбүз жашап жүрөбүз. Дагы эле турмуш начар, тамак-аш деген жокко эсе, ординатурада окуп жүргөн кезде стипендиябыз 600 сом эле, Сокендики деле анча-мынча.

Клиникага биринчи күнү келдим. Азыр деле ошол ордунда турат, азыркы улуттук госпиталдын короосунда эки кабат эски имарат, 1-кабатында биздин госпиталдык хирургия кафедрасы жайгашкан. Жетекчиси – профессор Максим Ефимович Фридман. Мен мурунку жылы бүтөөрдө, бешинчи курста окуп жатканда Ленинграддан келди эле. Фридмандан 5-курста окуп, лекциясын угуп, хирургия кружогунун жетекчиси болдум, анда катышып окуп калдым, кийинки жылы ушу кишинин колуна түштүм. Кафедра анда өтө чоң имаратта тургандай көрүнчү эле, болгону 60 орундуу больница экен, палаталары чоң, шыптары бийик, терезелери кеңири, бийик, коридору кенен – укмуш эле көрүндү. Максим Ефимович эртең мененки 5 минуттук жыйында биздин жаңы клиникалык ординатор Мамакеев деп тааныштырды. Акырындык менен тааныша баштадым. Доцент Студенцева Наталья Константиновна зор аял экен, өңү сулууча, орто жашка толгон, күйөөсү, балдары да жок. Кийин кызыгып, билгендерден сураштырып, күйөөгө чыкканбы, жокпу десем, эч ким билбейт, айта алган жок, ушул кафедранын экинчи жүзү, профессордон кийинки дешти. Максим Ефимович менен көп жыл бирге иштештим го, бир да оозунан орой сөгүнгөн, каккан жаман сөз

чыкчу эмес, уккан да жокмун, мына эми жүрө-жүрө ушундан көрдүм, доцент Наталья өтө орой, аял кейпине окшобойт, кээде эркектен жаман сөгөт. Мага ар дайым көз салат, тилдегенден башка сөз уккан жокмун. Көпчүлүгү туура, себеби мен өтө начармын, тил жагынан жазганда ката көп, хирургияны билбейм, институтту бүттү аты болгону менен, чынын айтайын, калп айтып көргөн жан эмесмин. Жаңыдан барганда хирургия билимин коёлу, келгенде орус тилинде оңой сөздөрдү да билчү эмес элем. Хиргургияга келгенде билимим «нөл» эле. Кийин ойлосом, мунун тилдегени деле пайда болуптур. Тилдегендин, сөккөндүн, кемсинткендин да эки түрү бар болуш керек. Мен өзүмдөн улам ойлойм, бирөөнү тилдесең, ошого жардам берейин, эси болсо, тилдегенди түшүнүп, оңолоор деп. Ошол баланын канча тилдесең дагы, ар жагында ушул баланын өсүп-өнүгүшүнө жардам берсең, түрткү болсо, менимче, бул – жакшы тилдеш.

Экинчиси – тили менен ошону кемсинтип, жүдөтүп, эч жакшылык ойлобой жок кылуу – бул үч жетекчинин акмакчылыгы. Мен айтпадымбы, өзүмдүн кемчилигимди билип туруп, тилдемек турсун, сабаса да даяр элем. Кийин байкасам, оңолуп үйрөнө баштадым, кемчилигим азая баштады. Мына эми булардын тилдегенин түшүндүм. Мага жардам бериштин ордуна, кантип жоготуштун амалын издеген Наталья, айласы кеткенде, тилдөөгө шылтоо табылбай калганда, менин жазган оору таржымалымды ала коюп текшерип, аны өзүм деле билем, грамматикалык ката толтура, кызыл карандаш менен ары-бери чийип, таржымалды тытып жиберип, шылып кирчү эле. Кээде бардык врачтардын көзүнчө: «Каких то глупых, неграмотных» немелерди жиберет – деп жатат. А мен кээде кокусунан кыргызча сүйлөп жиберсем, ошол замат: «Некультурный, невоспитанный, неграмотный» – деп жайлап жиберчү.

Дагы экинчи ассистент аял Круглова Елена Анатольевна – профессор Кругловдун кызы, медицина илимдеринин

кандидаты, сүйлөгөн-турганы адегенде түзүк эле көрүнчү, операция көп жасабайт, бой көтөрүп, мени анчейин киши катары эсептеген жок.

Үчүнчү ассистент Шашина Светлана Федоровна профессор Саёнконун аялы. Саёнко онкологиянын директору. Бул аял жоош, ары-бери жагына көңүл бурбаган, түзүк киши көрүндү.

Төртүнчүсү Артамонова Александра Ивановна – профессор Машевдин аялы.

Бешинчиси – Айдарбекова Рафа Иманалиевна профессор Эгембердиевдин аялы. Өңдүү-түстүү, урушка катышкан, полковник деген чини бар. Рафа эже дагы орусча жакшы сүйлөгөн, тилдүү аял экен, кийингени укмуш, үч убак үч түрлүү кийинип, үч түрлүү шляпа кийип келчү эле. Бул эже, мурун Эгембердиевден окусам, ажырашкандан кийин мага ассистент болуп баш ийип калды. Өтө адамкерчиликтүү, таза, ишине дагы тыкан, туура жүргөн, түз бетине айткан сонун киши эле. Адегенде, мен шүмүрөйүп келгенде, эже дагы мени ушул киши кантип хирург болсун деген күмөндө болчу.

Алтынчысы – Кейлина Фая Соломоновна, бул Кейлин деген профессордун аялы.

Жетинчиси – Азимова Ракыя, тамак-аш, өнөр жай министри Рашат Усмановдун аялы, татар.

Сегизинчиси – Софа Измайлова, экономист, профессор Измайловдун аялы. Хирургия бөлүмүнүн башчысы Пухова Дина – Снешко Яков Макарович – ээк-мурун, жаак боюнча жалгыз адис, жашы орто жаштан өтүп калган киши эле, ошонун аялы.

Байкадыңар го, окурмандар, мен кандай укмуштуу адамдардын арасына барганымды. Баары эле өзүлөрүнө болбосо да, күйөөлөрүнө ишенишет жана чиренишет. Профессор Максим Ефимович жакшы кабыл алып, ассистент Артамонова Александра Ивановнага тапшырды. Бул мугалимди көзөмөлдөп, жардам берүүгө милдеттендирет. Эмнелерди

окуп-билиш үчүн бир жылдык программа түзүлдү, эмне кылыш керек, эмнелерди окуш керек, хирургияда эмне жасаш керек – баары бар. Ооруканабыз болгону 60 койка, бизге 5–6-курстун студенттери келип окуйт. Анда студенттер аз. Бир эле дарылоо факультети бар, азыркыдай 6–7 факультет эмес. Ошол бир дарылоо факультети бүт адистерди даярдоочу. Сапаты ошондо бир канча эсе жогору эле. Менин азыркы салыштырмамда, ординатурага кирген күндөн тартып хирургиянын тозогу көп, операция жасаш үчүн канча түрлүү аспаптар бар, аларды мурун көргөн эмеспиз да.

Ошолор менен таанышып, үйрөнүп, колго кармап, машыгыш керек. Жип байлаган өзүнчө өнөр, кылдат байлаш үчүн жиптен чөнтөгүмө салып алып баскан-турганымда байлап, колумду машыктырып жүрдүм. Мындан башка – кайчы, ар түрлүү кан токтотчу жана башкаларына колдоно турган аспаптар, мисалы, кыскыч, ачып-жабуу аспаптарын колдонуу дагы көнбөгөн кишиге тозок, буларды дагы үйрөнгүчө чөнтөккө сала жүрүп машыгып үйрөнө баштадым. Себеби буларды билбесең операция убагында операция сени күтүп отурбайт, билбесең убакыт узарып, натыйжасыз болуп калуусу мүмкүн. Жаңы баштаган хирург операцияга киргенче ушул зарылдыктарды беш колундай өздөштүрүш керек, ансыз кирүүгө уруксат эмес. Ар дайым ойдо болуш керек. Столдо ооруп жаткан оюнчук эмес. Адам тажрыйба жасачу мал эмес, сага өмүрүн ишенип жатып берди, ошону ар бир жасаардан мурун эсинен чыгарбашы керек.

Ошентип, күн-түн дебей тынымсыз китеп окумай, ким операция жасабасын, ар дайым карап үйрөнмөй. Үч-төрт айдан кийин операция жасаган хирургдар эки-үч жардамчы кылып ала башташты, менин милдетим азыр деле ошондой. Хирург жалгыз операция жасай албайт, сөзсүз, жардамчы ассистент болушу керек. Жеңилирээк болсо, бир ассистент, оорураак болсо экөө же үчөө болот. Операция

убагында, крючок деп коёбуз, атайын жасалган курал, операцияны жакшы көрсөтүш үчүн кесилген жерди ушул крючокту салып эки жакка чоюп, жасаган хирургга жакшы көрүнүшкө шарт түзөт, кан токтотчу ылайыктуу кыскыч болот, муну менен кан аккан жерди кыпчып коюп, байлап же тигип токтотобуз жана башка жардам кылчу нерселерди ушул ассистент-жардамчы жардам беришет. Жүрүп-жүрүп отуруп жаш хирург жардамчыдан көп нерсени көрүп, үйрөнүп, андан кийин өзү жасап кетет. Көрбөй, ассистент болбой операция жасап кетиш өтө кыйын. Баса, унутуп баратыптырмын, мен ординатурага келгенде бир жыл мурун бүткөн Мусаканов Осмон, бизден 3–4 жаш улуу эле, армиядан келген, ошол бар болчу, анан Абдукаримов Алым менен ординатурада чогуу иштешип жүрдүк, байкасам, алар деле экинчи жыл болгону менен менден өткөн эч артыкчылыгы жок экен. Операция дегенди билбейт, бербейт экен. Мусаканов институтта профкомдо иштеп жүргөндө агайлап артынан көп эле чуркаганбыз. Себеби трофейден жана башка жардамга келген буюмдарды ушул агай бөлүштүрүп таратчу, мурункудай эле башкарып жатат. Баарын эмес, мени эле: «Ой, балам, муну алып кел»,– дейт, чуркайм, «муну алып бар» – дейт, чуркайм, айтор, агайым эмне десе, чуркап аткарып калдым. Бир топ убакыт өтүп, үйрөнүшүп калганда агайымдын менден артык эчтекеси жок экен. Анан мен бир күнү «чурка» дегенде: «Ой, агай, болду эми чуркабайм, чуркаган себебим буга чейин сизди хирургиядан бирдеме билет го, үйрөтөт го деп чуркадым эле, көрсө, менден артык эчтеке билбейт экенсиз, мындан ары экөөбүз бир укукта экенбиз»,– деп чуркаганды токтоттум. Абдукеримов Алым зыңкыйган бойлуу, сулуу, кыздай болгон созулган жигит экен, жоошураак эле. Мында эчтеке жок, үч жыл ошол жерде ординатураны бүтүп, хирург эле болуп кетишти. Эч ким жардам берип окуткан да, үйрөткөн да жок. Кийин Алым Ысык-Көлдө, Жалал-Абад областын-

да областтык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы болуп жүрүп, Ленин ордени менен сыйланып эрте кайтыш болуп кетиптир. Мусаханов ар кайсы жакта хирург болумуш болуп жүрүп кайтыш болду деп уктум.

Ординатуранын 2-курсуна өтүп калдым, дагы эле мага үйрөтөйүн, жакшылык кылайын дегенди жогорку аялдардан байкаган жокмун. Кейлиндин аялы Софа деген өңүтүсү түзүк, сулууча аял эле. Тили сайрайт, ушул аял аппендициттерди жасачу. Мен такай ассистентмин, операция убагында адеми кооз үнү менен: «Ну, Мамбет, когда хирург оперирует, что должен делать асисстент?» – десе мен билгенимче айтып берем. «Дальше-дальше дей берет, кийин көнө түшкөндө дагы «ну» дегенинен: «Ну иногда вас смотреть»,– десем колго инструмент менен бир чапты, «нахал» деп. Мен: «Софа Соломоновна, сизди караса эмне болот экен, көзүм бар да?» – десем: «Сен мени караба, өз ишиңди карап аткар»,– дейт. Кийин мен чоңоюп, операция жасап калганда Софья мага ассистент боло баштады, мен дагы: «Ну Софья Соломоновна, когда хирург оперирует, что должен делать ассистент?» – деп суроо берип коём. «Нахал» деп койчу эле бечара. Ошентип, ординатурамдын бир жарым жылын бүткөрүп калдым. Министрликтен ординатурадан окуп жаткандарды, өзүбүздүн программада деле бар эле, ординатураны бүткүчө хирург жок, райондорго барып 2 ай жардам берип иштеп келиш керек дешкени эсимде. Мени, Кругловдон – Мамбетов Мухамбетти, Ахунбаевден – Андросов Николай – үчөөбүздү чакырыптыр. Мени Түпкө, Мухамбетти Нарынга, Андросовду дагы бир жагына жиберди.

Кыштын күнү, январь айы болсо керек, Пржевальскиге санитардык самолёт менен жетип алдым. Андан Түпкө чейин жол жок, бекип калды дейт. Ошол жылы сууктун күчү укмуш, анын үстүнө биз жакка кар ушундай укмуш түшчү эле. Пржевальск менен Түптүн ортосу бир топ, анда жолдун жээгинде бак-дарак жок, аркы Каркыра, Кызыл-Кыя-

дан урган кардуу бороон ошол жолду уруп көөмп салыптыр. Пржевальскиде 2 күн жол ачыла элек деп туруп калдым, үчүнчү күнү жол ачылды деди. Дагы бир жүк ташуучу машинага түшүп алып жөнөдүм, ошондо көрдүм, машина бир эле аппак тоонун арасында баратканын, жолду тазалаптыр, эки жагындагы күрөлүп жыйылган кардан машина көрүнбөйт, ошондон кийин болсо керек, ошол жолдун ары-бери жагына бак тигип, ал бактар азыр карып куурай баштаптыр, ушул бактар бороондон, кардан калкан болуп тосуп калыптыр, бир жагынан азыр ошондой кар да, бороон да болбойт, кар да аз жаап калыптыр.

Түпкө жетип, түз эле ооруканасына келдим, мурун көргөн эмесмин, имараты эски, илгерки жыгач менен салынган, башкы врачы Васиковская Антонина деген зор аял экен. Бир бутунан сылтып басат, эркек бала төрөп, декреттик отпускада экен. Бул аял башкы врач дагы, хирург дагы болуп иштечү, жалгыз эле хирург экен, хирург жок болуп калгандан мени жиберип жатпайбы. Башкы врач Антонинанын үйү ошол тегеректе экен, менин келди дегенимди угуп келип, сүйлөшүп жакшы кабыл алды, бир ставка хирург, 0,5 ставка рентгенолог, 0,5 ставка балдар врачы кылып дайындап койду. Себеби врачтар жокко эсе экен. Мен билбесем дагы макул болдум.

Короосунда бир кичинекей эски үй бар экен, тар эки бөлмөлүү, ошону берди, тазалап төшөнчү-орун берип жайлаштырды. Темир меши бар экен, көмүр алып келип жагып ысытып турат деди, эртеси оорукана менен территориясын кыдырып чыгып таанышып көрдүм. Түп – чоң райондордун бири, көпчүлүгү орустар, украиндер жашайт экен. Турмуштары кыргыздарга караганда 5 эсе жогору эле, ар бирөөнүн үйүнө кирсең килейген үйлөр, кенен огород, толтура алма-өрүк, короосунда тоок, каз, өрдөк, уй, чочко деген толтура, укмуш жашачу эле булар. Мунун баары 1916-жылы келген орустар, көпчүлүгү украиндер эле.

Хирургиялык оору жок, бир-эки күн жөн эле басып калдым. Себеби Түптө хирург жок деп Пржевальскиге барып калыптыр. Операциялык сестра орус кыз экен. Операцияга суу керек болсо, титан чоң меш бар, ошону жагып жылытат. Үч күндөн кийин түнкү саат бирден өткөндө, эки киши чанага салып оорулуу адамды алып келди, Сары-Булактан экен. Булар Пржевальскиге алып барыптыр, алардын врачтары көрүп, Түпкө алып баргыла, силерге жаңы хирург келди деп түн боюнча кайра айдаптыр, көрсөм оору бир суткадан бери катуу ооруп жатат деди.

Сураштырып, ичин, тамырын кармасам, өзүм деле начар билем, болжолдоп аппендицит деп койдум, операция жасаш керек десем, кыйналып жатам, тез эле жасасаңар дейт, түн ичи көчөдө күртүк кар, бир эле из бар, жүрүп отуруп операциялык сестранын үйүн таап, ойготуп алып келип, экөөлөп печкага от жагып, инструменттерди кайнатып стерилизовать этип, бир-эки саат өттү, көгөрүп отуруп таңга жуук сестра экөөбүз операция жасадык, биринчи жолу жасашым. Бир четинен титиреп коркуп жатам, жасай аламбы деп. Экинчи жагынан, жасабай таштап койсоң ооруган адам майып болуп калышы мүмкүн. Ал убакта, жаш хирургдар баштаганда колу кычышчаак болот. Колум кычышып, операция жасагың эле келип турат, ошол аялды укол менен анестезия (оорутпай турган дары) жасадык, чындыгында эле аппендицит жарылайын деп калыптыр. Кудай жалгап, айыгып кетти, сүйүнгөнүмдү айтпа.

Эртеси кечке жуук үч-төрт орус аял бир кемпирди чанага салып алып өзүлөрү сүйрөп келишти, карасам ошол кыздардын энеси экен. Үйүнөн ысык кайнаган чоюн кеседеги сууну көтөрүп алам деп жыгылып, суу мойнунан ылдый жабыла берип мойну, төшү, курсагы күйүп калыптыр, үйүнөн кыздары билгенинин баарын жасашыптыр, камыр жапкан, чийки картошканы талкалап койгон, аягында уйдун ысык богун жаап ороптур. Алып келгенде көзүм жаманчылыкты көрбөсүн, же мындайды мурун көрбөсөм,

күйүктүн үстү калыңдыгы 1–2 эли, ошол жапкандарын ачсам, алды ириңдей баштаптыр, бок-согун тазалап болуп, ваннага жылуу суу толтуруп кемпирди салдым эле, кириней кемпир көрүнбөй калды. Сестра экөөбүз жууп, тазалап жатабыз, кайра дагы суу ысытып тигини төгүп салып, кайра суу толтуруп экинчи жолу жууп-тазаладык. Ваннабыз суук, ошентип жатсак, бир топ убакыт өтүп кетти да, кемпир байкуш калчылдап үшүп, титирей баштады. Ошондо эле кичине мээм бар экен, сестраны айдадым 100 гр спирт алып кел деп, ал түшүнбөйт, акырын тез алып келди дагы, 100 грамм суу кошуп туруп кемпирди: «Бабушка, это хорошее лекарство, выпей»,– десем тартып жиберди. Бир аздан кийин Кудай жалгап, титиребей, ырдай баштабадыбы. Кемпирди тазалап, кургатып, болгон дарыбыз балыктын майы, ошону марлиге чылап туруп жакшылап таңып, кроватка жаткызып койдук, спирттин таасири тарагыча ырдап жатып уктап калды.

Эртеси кечинде, ачкамын, болгон акчам эчак түгөнгөн, Түптөн эч кимди тааныбайм, бир да кыргыз врач, сестра деген жок. Азыр Боронбай баатырдын эстелиги турат го, ошол дөңдө ашкана бар эле, болгону ошол. Ал барып, бая мурунку кебетеме келдим, бир сындырым нан, чай менен ичип кетем, буфетчи болуп татынакай жаш келин иштейт экен, бетинде калы бар. Эчтеке айта албайм, ооруканадан акча сураштан уялып жүрө бердим. Эртеси, ошол кемпир түшкөндөн кийин кечинде, саат 10дон өтүп калса керек, күн-түн дебей жанталашып эле китеп окумай, ары карап окуп жаттым эле, баягы зыңкыйган үч орус аял кирип келди. Эшик бекитмей жок эле анда, уруксат сураш, эшикти чертмей, каңкылдатмай да жок. Көрө коюп чочуп кеттим: «Что случилось?» – деп жиберипмин, тигилер эчтеке болгон жок, кечээги кемпир биздин энебиз, ошонун ал-акыбалын билсек деп келдик дейт. Мен түнкүсүн эмне келдиңер, эртең деле билбейсиңерби дедим, кирип келгенин көп жактырган жокмун. «Ушунча кыздары болуп туруп кара-

байсыңарбы, эмне үчүн билгениңерди жасай бердиңер, күйөөр замат алып келсеңер, мындан жеңилирээк болот эле»,– дедим. «Кечирип коюңуз, түшүнбөстүк, анын үстүнө бул жерде хирург жок дегенден кийин өз билгенибизди жасап койдук көз салып койсоңуз»,– деп сураныштЫ. Мен: – Азыр көз салганым эле ошол кемпир – дедим, коштошуп кетишти.

Карасам, эшиктин алдында бир сумка жатат, чала-була кийине коюп артынан чуркадым, бир топ узап кетишиптир, ай жапжарык, алыстан баары көрүнөт. Мен кыйкырдым, сумкаңарды унутуп кеттиңер десем, «это вам» деп коюп качкан бойдон кетишти. Үйгө келип, койгон жерине коюп, ар кандай ойлор кетти, буга чейин мындайларды билбесем, көрбөсөм, бул эмнеси деп, мени сынап келиштиби же бирөө жибердиби деп түнкү саат бирде жаттым, бирок абдан ачкамын, сумкасын чыракты өчүрүп туруп сыйпалап мештин жарыгына салып карадым, карасам бир өрдөк, бир тооктун эти, 20дай жумуртка, ошол убактагы акча менен 200 сом бар экен. Солк эттирбей ордуна салып жатып алдым, эртең кайра берейин деп уктай албадым, ичим тигилерди көрүп ого бетер куйкалана баштады, айлам кеткенде туруп, тобокелге салып кружкага суу куюп кайнатып, 3 жумурткасын салып бышырып жеп алдым. Бирдеме болсо 3 жумурткасын төлөп берээрмин деп. Эртең менен эрте, эсимде, кемпир кокус өлүп калдыбы, өлсө эмне кылам деп чуркап жетип барсам, байкуш кемпирим сүйлөп оңолуп, ооруганы басылып, температурасы түшүп: «Ырахмат, балам» – деп калыптыр. Мен сүйүнүп үйгө чуркадым, 3 күндөн кийин дагы суу ысытып ваннага салып, тазалап, тазаланып калыптыр, кайра балыктын майы менен байлап салдым. Айыгып кетерине көзүм жетти, ачарчылыктан кутулуп, тиги алып келгендерин жеп-ичип, курсагым тоюп жыргап калдым. Кемпир айыгып үйүнө чыгып кетти, кыздары баары колхоздо иштеген тың кыздар экен, өлгүдөй ыраазы болуп ырахматын айтышты, көңүлүм көтөрүлүп

жакшы болуп калдым. Берки биринчи жасаган оорулуум дагы айыгып чыгып кетти.

Курсагым тоюп оңолуп калдым, иштегим эле келип, күн-түн уйку жок, жанталашып эле китеп окуйм. Ошентип жүргөндө, уполномоченный дейби же милициянын начальнигинин орун басары беле ушундай өткүр, чымыр сүйлөгөн укмуш жигит менден улуураак, үй-бүлөсү, энеси, 3 баласы, аялы бар, мени менен таанышып үйүнө алып барып коноктоп, жакшы болуп кеттик. Кийинки жылы, мен кеткен кийин, кайран жигиттин тагдыры тайкы экен, Стамов эле фамилиясы, милициянын майрамы болуп областтан мыкты иштегени үчүн мотоцикл менен сыйланган, ошону жуууймун деп көп кишилерди конокко чакырып, өзү өтө катуу мас болуп калып, үй-бүлөсү чечинтпей эле кийими менен жууркан жаап жаткызып коёт, түн ортосунда аялын ойготуп, жерге жатчу экен, эмне үчүн чечинтип жаткызбайсың деп отурган аялын милициянын өтүгү менен төшкө тепкен экен, аялы мүрт кетип өлөт, эртеси төркүндөрүнө кабар берет, төркүндөрү билчү экен, мурунтан эле экөө чатакташып, жаман жашап жүрүшкөнүн, алар Пржевальскиден судмедэксперттен, прокуратурадан киши ала келишип, өлүктү сойдурушуптур, сойгондо жүрөгүнүн тушундагы кабырга сынып, бир учу жүрөккө сайылып, мүрт кеткени ошондон экен. Кийин суракта, энеси бечара баласын сактайын десе керек, мен келиним экөөбүз уруша кетип, балта менен чаап өлтүрдүм десе, ага эч ким ишенбейт. Ошентип, ошол жигит атылып кетет. Ошол милиция жигит мага чып этме берди эле оорукананын тегерегинде бактар укмуш, ошондо толтура карга ыжылдап, менин деле балалыгым ошондой шартта өткөн, поликлиникада ооруларды кабыл алып, алар чыгаар замат кийинкиси киргиче терезени ачып, каргаларды атып эрмек кылчу элем.

Бир түнү дагы Күрмөнтүдөн чанага салып, абалы өтө оор жаш келинди алып келди, келгенде өңү кагаздай болуп купкуу, араң эле сүйлөйт, онтойт, кан тамыры билинбейт,

кандын басымы өтө төмөн – 60/0 болсо керек, кылдат текшерип көрүп оюма кетти, ичинин бир жеринен кан кетип жатканын. Тез эле операцияга жаткырдым. Дагы эле баягы операциялык сестра менен оорутпай турган новокаин куюп, новокаин мындай чоң операцияга күчү жетээр эмес, эгер ооруганын сезип жатса, ал-акыбалы ого бетер күчөйт, хирургдарга мындайда башка жардамчы жок болсо, кичине жакыныраагы акушер-гинекологдор болот, мени менен бирге бүтүп барып иштеп жаткан Гинзбург деген врач бар экен, ошону чакырып, наркоз берчи десем, болбой качты. – Мен наркоз берип көргөн эмесмин – деп, анда азыркыдай наркоз жок. Атайын маска мурдуна баскан, анын үстүнө эфир деген жыты жаман наркоз – ушуну жыттатып, тамчылатып турдук, ооруган адам байланууда, тыбырап, бакырып-өкүрүп жатты. Эсин жоготуп ооруганын билбей уктап калчу эле, ошол убакта ойготпой отуруп операциябызды бүткөзүп алабыз. Врач Гинзбург менен урушуп, бир чети суранып, коркпо, бирдеме болсо мен жооп берем деп жатып, айласы жок наркоз берди, ичин ачсам, толтура кан, канынын баарын марли менен тазалап-жууп жиберип, аңтарып ички органдарын издеп, кайдан мынча кан акты болду экен деп издеп жатып таптым. Жатындан кеткен түтүкчө болот, түтүкчөнүн аягында жумуртка бар, кээ аялдардын боюна болгондо ошол урук бала болчу жатынга жетпей, ошол түтүкчөнүн ичине токтоп калып өсө баштайт, жатындын түтүкчөсү жатында эмес, бала өсө баштаганда чоңоюп, кеңейе албай, түтүкчө жарылып кетип, ошол жерден кан катуу ага баштайт, ошондон алы кетип, эс-учун жоготуп, жаңкы кара баскандай жатын айрылып, кан тышка ага баштайт, мында түтүкчөсү жарылып, кан ичине толо берет, ошол айрылган, жарылган түтүкчөнү таап, байлап-тигип алып салдым, мындайды биринчи көрүшүм жана жасашым.

Мындай ооруга жардам кылбай карап отура берсең ооруган адам тез эле өлөт. Себеби кан токтобой агып жатат да, малды сойгондо деле көрүп турасыңар го, кан агып бүткөндө

мал өлөт, адамда деле ошондой. Бул аялдын абалы өтө оор, кан көп кетип калган, мындайда доктурлар кеткен, аккан кандын ордун толтуруш керек. Өзүнүн канындай группасы туура келген канды куюп жана канды толтуруш үчүн ар түрдүү суюк дарылар болот, ошону куюш керек. Ал жерде, Түптө ошол убакта кан дегендин да түшүнүгү жок, кан алыш үчүн атайын донорлор болуш керек. Калган канды толуктоочу кошумча дарылар да жок болгон үчүн глюкоза 4%–5% анан физиологиялык керек, операция бүткүчө кандын басымы түшүп, жаман болуп баратат. Мен бул жерден көрүп калгам, сестрага айтып, тез ушул дарыларды кан тамырга тамчылатып куюп туруш керек деп кыйкырдым. Сестра айтат, бул капельница деп коёбуз, муну биз жасап көргөн эмеспиз, билбейбиз деп. Операциядан кийин сиз көрсөтүп, үйрөтүп берсеңиз дейт, унчукпай калып ойлондум, өзүң билесиңби деп өзүмө суроо койдум. Көрсө, мен да билбейт экем, чыкканда, бул капельница өтө жооптуу нерсе, куюп жатканда куйчу резинканын ичине жел кирип кетсе, адам мүрт кетет, ит эле болдум, уялбай эле, муну мен да билбейм. Сестраны Пржевальскиге областтык ооруканага эки күнгө жөнөттүм, тез барып үйрөнүп кел деп, тез эле үйрөнүп келди.

Ошол аялга, өзүм жанына отуруп алып, глюкозаны улам-улам кан тамырына куюп жаттым, кан тамырынын басымы көтөрүлүп, ойгонуп эсине келе баштады. Тынымсыз глюкоза, физиологиялык аралашманы литрлеп куюп жатып тирилтип алдым.

Ушу күнгө чейин көрүп жүрбөймүнбү, аялдар, бечаралар, канды канча жоготсо дагы чыдайт, оңой менен кайтпайт, эптеп эле кан тамырына куюп турса, аман калат, себеби аялдардын организми этек кири келип, төрөгөндө кан агып жүрүп көнүп калса керек. Эркектер болсо, кандын үчтөн бир бөлүгүн жоготсо көтөрө албайт, ошол замат жардам болбосо, майып болуп калат.

Ошентип, бул жасаган абдан оор акыбалдагы оорулуум акырындык менен оңоло баштады. Мындай ооруларды ошол замат операция жасап алып калбаса, башка эч дары-дармек, алтын дары болсо дагы жардам бербейт. Бир күнү поликлиникада отуруп, баягыдай терезени ача коюп карга атып жатсам, жаткан үйүм жакын көрүнүп турат, бир жигит эле чанасынан мүшөк ящик түшүрүп киргизип жатат. Мен кыйкырып: «Ай, жигит, ал үйдө мен жатам, оорукананын кампасы эмес»,– десем, «азыр» деп койду, түшүрүп бүтүп, мага келди. «Иним, сага чоң ырахмат, жаңкы айыгып жаткан менин келинчегим». Сизге рахматымды айтып, анчамынча белек алып келип кийирип койдум, алып койсоңуз»,– дейт. Кечинде үйгө барсам, бир мүшөк ун, бир койдун эти, бир ящик пиво, бир ящик кара карагаттын виносу, ушул вино укмуш сок өңдөнгөн кийин жоголуп кетти, бир ящик жумуртка экен. Мындайды көрбөгөн жаным, эми кадимкидей тоё баштадым, институтту бүткөндөн кийин деле, жаңыдан үйлөнүп дегендей, тоюна элек элем. Ошондон тартып канга салам бербей, этти да бышырып жеп жаттым, жумуртканы да каалагандай жеп, иче бердим. Түнкүсүн, жакшы тоюнуп алгандан кийин суусайсың да, турбай туруп бөтөлкөнүн капкагын керебеттин кырына кагып коюп, оозума уйку-соонун арасында куя берем, арак дегенди иче элекмин.

Оорулуулар бир биринен угуп көп келе баштады, кечке тыным жок, түнкүсү эки-үчкө чейин китеп окумай. Жасаган операцияларымдын көпчүлүгүн толугу менен билбейм, ошол замат китепти карап, окуп үйрөнө баштадым. Хирургиядан башка, айтпадымбы, рентгенолог врачмын, ага да көнүшкө үлгүрүп жаттым.

Дагы бир күнү кабыл алууга чоң сакалдуу, семиз киши, ичик кийген, тебетейи башында, бир кичине кызды дагы ороп-чулгап кийинтип ээрчитип кирип келди. Келиңиз, отуруңуз деп оюмда кызы экен го деп турам, айта баштады. Көрсөтүп, жаңыдан төрөдү эле, убакыт өттү, эмчеги чо-

чуп, температурасы көтөрүлүп, шишип жаман болуп жатат дейт, мен бул кызыңызбы деп, өзү айтып берсин, сиз тышка чыга туруңуз десем, күлүп: «Жок, кызым эмес, бул менин аялым»,– дейт. Кейиптерин көрүп таң калдым, бирбирине кичине окшошчу болсо гана деп. Чыкпай койду. Тонун өзү чечкенге жардам кылып жатат, көрсөм, чынында эмчеги шишип, мастит деп коёбуз, ошондой болуптур, үч-төрт күн өтүп, андай-мындай компресс жасаган экен. Айттым, келинчегиңиздин эмчегин операция жасап, жарып ириңин чыгарыш керек десем, өзүң бил, балам – деди. Оорутпай турган новокаин менен укол жасап жардам бердик, бир топ ириң чыкты, таңып укол жасап, пенициллин куюп үйүнө кетирдим. Күнүгө абышка өзү жетелеп келип, таңуу жасатып кетет. Бир аз күндөн кийин оорусу басылып, температурасы түшүп жакшы боло баштады, андан кийин таңууга өзү абышкасы жок келе баштады. «Ой, өзүң жапжаш экенсиң, кандайча бул абышкага чыгып калгансың»,– десем, ыйлап жиберди, «Жетим кызмын, энем менен турчу элем, өтө кедей элек, анан ушу киши бирөөлөр аркылуу бир мүшөк ун, бир уй берип, өзүн көрсөтпөй алып келип беришти. Келгенде, эл жатаарда караңгыда келет, эртең менен эрте туруп кетет, бир жума өңүн көргөн жокмун»,– дейт. Мунун себеби, жарыкта көрүп, жаш бала жүрөгү түшөбү десе керек. Тиги казак абышка экен, бирок сүйлөгөнү кыргызча, казактыгы билинбейт. Ошол Түптө мал даярдоо пунктунун директору экен, оокаты тың, өзүнчө үй-жайы бар. Абдан айыкканда, абышка үйүнө чакырды, чын сырын айтып берди: «Аялым бар эле, көп жыл бирге жашаган, балалуу боло албай койдук, баланын азабынан ушу кызды алдым»,– деп. Короо-жайын көрсөттү, жакшы жоргосу бар экен, кампамда жалаң түлкү, карышкыр жана башка айбандардын териси, анда терининин баркын, маанисин мен деле билчү эмесмин, тандап туруп төрт түлкүнүн терисин берди. Кийин үйгө алып келсем, Сокен деле баркын билбейт экен, арзан эле сатып жибериптир. Абышка

жоргосун берди: «Мамбет балам, күнүгө кайда барасың, өз эркиң, ушул жоргону минип көңүл ач»,– деп, макул болдум. Күнүгө бешим ченде ээр-токуму менен алып келип берет. Эшик суук, кар калың ошого карабай кийин ойлосом, жаштыгым окшойт, ошол жоргонун жүрүшү укмуш экен, андай жоргону кедей болгондон кийин минип көрбөгөм. Жүрүшү азыркы сонун «Мерседестей» эле, ошол жоргону айдатып отуруп күнүгө Күрмөнтүгө чейин, биягы Тогузбай деп коёт, карындашым улаш бар, алыс эле, ошого чейин айдатам, ишим да ийгиликтүү жүрүп, курсагым тоюп, көңүлүм ачык, жакшы болуп бараткан убагым эле.

Дагы бир күнү күндүзгү саат он бирде звонок кылып калды: «Мен райондун соту Куракин деген болом, айланайын, доктор, тез келип жардам бере көр»,– дейт. «Сиз кыргызсызбы?» – десем: «Мен орусмун»,– дейт, бирок сүйлөгөнү так, кыргызча таза сүйлөгөн неме экен. «Эмне болду, айтыңызчы»,– десем: «Атымды уста такалап жатты эле, ат секирип кетип, тизелеп отурган бутун басып алып, буту сынып калды»,– дейт. Ат чана бар эле, сестраны алып, гипс, бинт, новокаин шприц, алып жөнөдүм. Барсам, устанын үйүнүн алдында эл көп, курагы жаш, эпилдеген сонун киши экен, ээрчитип кирди. Устанын оң бутунун тизесинен ылдый, бутунун орто четинен эки сөөгү тең сыныптыр, шалкылдайт, ооруп кыймылдай албай, боздоп жаткан экен. Мен тез эле сөзгө келбей сынганын көрдүм, коркпоңуз, бул укол, оорусун басат – деп так сынган жерине куйдум. Куйгандан кийин бир аз бутун көтөрүп оңдоп койсом, ооруган адам: «Ой, айланайын, оорубай калды»,– дейт. Баары карап турушат, мен бинтти гипске араң даярдап, эки кишиге карматып, бир аз чойдуруп, өзүм колум менен сыныгын оңдоп гипске салып салдым, ал бут сөөгү бүткөнчө гипс алынбайт деп түшүндүрүп кетейин деп эшикке чыксам баары эле ырахмат айтып, ыраазычылыгын билдирип жатышты. Эшиктен жабыла каптаган элди карасам, бир киши аттын үстүндө – башында эки тумагы бар. Куракин-

ден сурай калдым, тээтиги киши эмне үчүн эки тумакчан десем, Куракин: «Ай, Асан, бери кел»,– деп чакырып, ошол кишини аттан түшүрдү. «Ал тумагыңды, хирург Мамакеевге көрсөтчү»,– деди. Тиги киши элүүлөргө келип калган экен. Тумагын алса, андай укмушту мурун көргөн эмесмин, мойнунун артында килейген баштай болгон шишик турат, мойнун ары-бери бура албайт экен, түз эле карайт, бурулуп карагысы келсе, бүт денеси менен бурулат экен. Колум менен кармалап көрдүм, жумшак, китептен көрүп окуганым бар, муну майдын шишиги линома деп коёт. Бул рак эмес, зыянсыз шишик, анда колум кычышып турган кез, жасасам эле деп турчумун. Асанга: «Келиңиз, мен жасайм, айыгып кетесиз»,– десем, мени баласынтып: «Жок, балам, болбойт, муну менен барбаган жерим калган жок. Эч бири жасайм, айыктырам деп айткан эмес»,– деди. Куракин кысып кирди: «Ой, Асан, эмнеден коркосуң? Мамбет өзүнө ишенип, айыктырам деп жатпайбы, бар»,– деп. Тегеректеп тургандар теңтуштары го: «Ой, Асан, алдыңды эле карап жикирейип жүргүчө, барып алдырып салбайсыңбы, бул бала доктор экен, өзүнө ишенип жатпайбы»,– дешти. Бир аздан кийин Асан: «Тобокел, барайын»,– деди. Мен: «Келсеңиз, чачыңызды таза алдырып кырдырып келиңиз»,– дедим.

Эки-үч күн күттүм, келген жок, төртүнчү күнү чачын абдан жакшы алдырып келиптир. Жаткандын эртеси бая милиция Стамов үйүнө чакырып калды, энеси, ооруகананын жанынан өтүп баратып бир бирин тааныйт экен, мага: «Ай, балам, бүгүн келатып больницанын жанынан Асанды көрдүм, операция жасайм деп жаткызыпсың. Кой, балам, ал дартты ур деп коёт, жасаган, жасаткан кишиге дагы жакшы болбойт»,– деп турбаспы. «Жок, апа, жасайм, эчтеке болбойт»,– дедим.

Эртеси эле Асанды операция жасаганы даярдадым. Операциялык столго көмкөрөсүнөн жаткызып, шишиктин тегерегине оорутпай турчу новокаинди куюп, кесе баштасам эле тынымсыз туш-тушунан канап кирди. Баягы кемпир-

дин сөзү дагы деле башымда турат, кан аккан жерин кыскыч менен кармап, байлай баштадым. Минтип жасасам бир саат кеткидей, адамдын моюндан жогорку кан тамыры башка органдарга караганда өтө көп, тобокелге салып курч скалпель менен тегерете бир эле тартып күч менен бүт шишикти алып салдым, кан кетип, Асан эс-учу менен жатат: «Ой, балам, эмне эле ысык нерсе агып жатат?» – дейт. Мен: «Аксакал, бул дары»,– деп коём. Шишиги килейген эле ачык жара болуп калды, ылдыйкы эттин алдындагы тарамыш өңдөнгөн териси бар, ушуну тез арада терисин жоонураак жип менен тигип жибердим, кан акканы токтоп калды. Канын Асанга көрсөтпөй тазалап, мойнун таңып, керебетке бийик жаткызып, шилисинин артына, операция жасаган жерине муздак грелканы басып жаткырып койдум, бир саатка муну басып жат деп. Кудай жалгап, кан акпай калды, жакшы эле жүрөгүм түштү, мындайды көрбөгөн, жасабаган жаным, ошондон кийин район боюнча жакшы кабар мен үчүн тез эле тарады.

Поликлиникага кабыл алууга келсем, эл батпайт, хирургиялык оору болсо эчтеке эмес го, мага таандыгы жок оорулар. Мен бул ооруну билбейм деген врачтар үчүн чоң уят, булардын баары мага ишенип келип жатат, ошон үчүн сурап, сүйлөшүп отуруп, оорусунун жайын билип, зыяны жок дарыларды жазып бере баштадым. Эскертип туруп дарыларды бир жума ичип, анан мага келип натыйжасын айтасың – деп. Бир жумадан кийин келип, колумдан өөп, алкышын айтып кетип жатышты.

Себеби жакшы болуп кетти, ушу күнгө чейин билем, ооруган адам ошол врачка ишенип келсе, эмне берсең дагы жагат, негизи – ишенич.

Бизде кээде ооруган адам келет, операцияга макул болбойт, сурайт, мени паланча доктур жасасын, мен ошого гана ишенем деп, биз ошол замат сураган хирургуна беребиз. Операциядан баары эле коркот, операцияга жатууга оору мажбур кылат. Ушул хирургду сураганда, жасай элек-

те эле 50% айыктырдым деп коюуга болот. Себеби ооруган адам ушунчалык ишеним менен келет, операциядан кийин эч кандай кырсык, татаалдашуу болбойт. Адамдын нерв системасы – бардыгын аткарган орган. Ошентип, Түптө эки ай ийгиликтүү иштеп, кетээрге да убакыт болуп калды. Кетээрде мени ушунчалык сый-урмат менен узатышты. Келсем үйдөгүлөр, чогуу иштеген баягы укмуш аялдар тааныбай калыптыр, көрсө, эки айда 8 кг семириптирмин.

Дагы кызыгы, биздин өкмөт, мединститут кандай иштеп жаткандыгыбызды сурап, областтын, райондун саламаттык сактоо бөлүмдөрү мен жөнүндө абдан жакшы, мактоо пикирлерди жиберген экен. Профессорум: «Мамбет, мени окумуштуулар Кеңешинин алдында бир көтөрүп койдуң»,– дейт. «Эмне болду?» – десем – окумуштуулар кеңеши убагында айтыптыр мени мактап, ошол замат профессор А.Н.Круглов чыга калыптыр: «Менин ординаторум» – деп, анын артынан Максим Ефимович чыгып: «Анатолий Иванович, сиздин ординаторуңуздун фамилиясы ким? Бул сиздин бала эмес, меники»,– дейт. Кругловдуку Мамбетов Мукамбет, меники Мамакеев Мамбет, ошентип, жаңылып алып, Максим Ефимович кыйын киши эле, Кругловду: «Сиз өзүңүздүн ординаторуңуздун фамилиясын билбейт турбайсызбы»,– деп уят кылыптыр. Муну мага келгенде Максим Ефимович айтып берип жатпайбы. Неси болсо дагы, эки ай мен үчүн чоң практикалык сабак, жаман-жакшыны көрүп дегендей, чоң ыраазы болуп келгем. Кайра клиникамда ишимди уланта баштадым, баягы аялдар андыганы менен, бир күнү эртең мененки конференцияда айтып жибердим, Мусаканов, Абдукеримов экөө тең отурат: «Мени мобу экөөнө теңебегиле, менден кутулуш силер үчүн кыйын болот» – деп жибердим. Тышка чыксак тиги экөө бизди эмне мисалга келтиресиң, өзүңдү эле айтпай дейт. Мен: «Ушул экөөң киши болсоңор, тыңыраак болсоңор, булар мындай мамиле жасабайт эле»,– дедим.

10–887

Ординатураны бүткүчө өзүмчө операция жасаганга уруксат берген жок. Эртеден-кечке ким операция жасаса, ошого 2, 3 ассистент болуп катышам, ошого карабай, аракетим чоң. Бир күнү дем алышта, Максим Ефимович квартирада турчу эле, барсам, бир машина сөксөөл алып келиптир. Тарбайган-турбайган, ийри-муйру катуу жыгач болоор эле. Тиги еврейлер, өмүрүндө кара жумуш жасап көрбөгөн адамдар, айласы кетип, кантип жарып, талкалап алыштын айласын таппай турушуптур. Мен чакыртпай эле капысынан барып калдым, жардам сураган жок, көрүп туруп жумушка бышып калган жаным, балтасын, балкасын даярдап коюптур, тез эле бир машина сөксөөлдү талкалап жыйып салдым. Айрыкча, аялы Фелица Яковлевна жакшы адам эле, мурун көргөн эмесмин, жалынганын айтпа. Ушунун пайдасы кийин тийди, мен чоңоюп, доцент болуп калганда, Максим Ефимович менен өйдө-төмөн сүйлөшүп калдым эле. Максим Ефимович мени эмне жакшы көрүп, колдоп калдыңыз десем: «Мамбет, бая жаш убагыңда сөксөөлдү талкалаганда эле байкап калгам сенден бирдеме чыгаарын»,– деди, көздүү киши эмеспи. Профессор Фридман жөнүндө өзүнчө баяндайм.

Ординатуранын үчүнчү жылын өтөп жатам. Мага эчтеке бербейт, үйрөнсүн, үйрөтөлү деген да жан жок. Бир күнү кафедранын жыйыны болуп, ачыкка чыктым: «Максим Ефимович, мен ординатураны бүтөйүн деп калдым, эмгиче бир дагы операция жасай элекмин, бүткөндө бир районго барып иштесем, эчтеке билбей отурсам, кайдан, кайсы кафедрадан ординатураны бүттүң эле деп сураса мен эмес, силерге уят болот го?» – деп суроону кабыргасынан койдум. Профессор деле билет менин жасабаганымды, сурап калды эмгиче эчтеке жасай элексиңби деп. «Ооба»,– дедим. «Анда эртең аппендицит менен грыжаны даярдап кел, сен жасайсың, мен өзүм ассистент болом»,– деди. Таң аткыча уктабай даярданып, өзүм деле даяр болуп калдым, эртеси бүт ассистенттер катышмай болду. Операция жасаардын

алдында Максим Ефимовичке мындай шартты койдум, мен жасап жатканда сиз жактан эч жардам болбосун, өзүңүздүн ассистенттик милдетиңизди аткарыңыз,– деп. Профессор: «Мунуң дагы идея»,– деди.

Баары карап отурат, сезип жатам тиги аялдардын ою башка экенин. Кудай колдоп берди, кемчилик кетирген жокмун. Бүткөндө профессор: «Азамат!» – деп коюп басып кетти. Эртеси эртең мененки конференцияда профессор чыгып: «Мамбеттин колу техника жагынан, билген жагынан жетилип калыптыр, бүгүнтөн тартып Мамбетке ушундай жеңил операцияны өзүнчө жасай беришке уруксат берем»,– деди. Тымтырс, эч ким унчуккан жок.

Ошондон тартып, колумдан келгенин операция жасай баштадым. Бир аз күндөн кийин жарат таңуучу сестра чуркап келди: «Сиз жасаган операциядан кийинки ооруну ассистент А.И.Артамонова таңууга алып, тиккен жибин алып салып ачып, марли тыгып салды»,– деп. Мен барып, оорулууну таңууга чакырып көрсөм, чын эле ошондой: марлисин алып салып, эч кандай ириңдеген эмес, жараты таптаза, мен кайра тигип салдым, ооруган адамга: «Сени мен операция жасагам, эч кимге таңуу жасатпа, өзүм көрүп турам»,– деп кеттим. Беш күнгө чейин унчуккан жокмун, биринчи күнү таңууга алып көрсөм, таптаза. Профессорду, Артамонованы, ассистенттерди чакырып, ошолордун көзүнчө жибин алдым. Максим Ефимович: «Эмне болду?» – дейт, мен Артамонованы карап: «Бул киши жооп берсин»,– десем, кызарып унчукпайт. Ошол жерден мен Артамонованы такап: «Эмне үчүн, эмне себептен жибин алдыңыз?» – деп туруп алдым. Ит эле болду, мунун себеби, максаты – мени жаман көрсөтүү, жаманатты кылуу. Жибин операциядан кийин алса болот, эгерде жасаган жер ириңдеп кетсе. Анда оору алты күндүн ордуна бир ай жатып калат. Кээде хирургдар билбей эзип жасаса же колу таза эмес болсо ириңдеп кетет. Мындай убакта хирург күнөөлүү болуп калат. Айласы кеткенде, профессорго кайрылууга

аргасыз болот, анда азыркы саламаттык министрлигинин жанындагы төрөт үйүнүн ордунда бир кабат узун эски имарат бар эле, кечиктирилгис хирургия, травматология, балдардын хирургиясы, урология – бардыгы ошол жерде эле, ошолорго биздин профессор консультация жасоочу.

Бир күнү Максим Ефимович 14 жашар баланы ошол жактан көрүп, бизге алып келди. Сыныктарды мен өздөштүрүп, жакшы ордуна салып калдым эле. Карасам, баланын оң колу көпкөк, шишиген, кээ бир жерлеринде жаңкы колунун эки сөөгү тең сынып кеткен экен. 3–4 жолу хирургдар ордуна салабыз деп аракет кылган экен, кийинки рентген сүрөтүн карасак ордуна түшпөгөн, тескери турат, ушуну Максим Ефимович мага тапшырды. «Мамбет, сен аракет кылып салып көр, сеники түзүк чыгып калчу эле»,– деп. Мен таңуу бөлмөсүнө алып барып оорулуунун сынган жерине новокаинден куюп, эки ординаторго чойдуруп, колум менен ушалап сыныкты анын ордуна келтиргенге аракет кылып жаттым эле, ошол убакта Круглова Елена Анатольевна – профессор Кругловдун кызы, ассистент, студенттер менен кирип келди, ары-бери карап туруп эчтеке айткан жок, студенттер менен тез чыгып кетишти. Ойлодум: «Ай, бир кемчилик таап чыгып кетти го»,– деп. Мен оңдоп, гипс салып, баланы жаткызып коюп чыксам, улук сестра Галя чуркап келип: «Таңуу бөлмөсүндө эмне жасадың эле?» – деп менден сурап калды. Мен айтып берип, эмне болду десем: «Лабораторияда профессор, ассистенттер студсовет болуп сүйлөшүп отурушту эле, бир убакта Круглова кирип келип жыгылып кете жаздады. «Билесиңерби, таңуу бөлмөсүндө Мамакеев эмне кылып жатат, эми тиги баланын колу кесилет деп жар салды»,– дейт. Ошол замат таңуу бөлмөсүнө профессор, тиги ассистент аялдар жабылып кирип келишти.

Максим Ефимович өзү тапшырган: «Эмне болуп жатат?» – деди, мен: «Оңдоп гипс салып жатам»,– дедим, унчукпай чыгып кетишти. Круглова ошентип жар салганда

баары туруп чуркаганы ошондон экен. Ойлодум, рентген-техник Павлов Саша деген эле, барсам, кетип жатыптыр: «Саша, тезинен рентген сүрөтү керек»,– десем: «Кетип жатам, анан суу гипсиң болбойт»,– дейт. Мен: «Саша, мен сага 100 гр алып берейин»,– деп сурансам: «Анда макул»,– деп туруп калды. Мен жанталашып электролампа менен гипсти тез кургатып, сүрөт жасаттым, себеби эгер сынык ордуна түшүп калса эртең буларды көрсөтөйүн деп. Эгер мурункудай эле ордуна түшпөй кыйшайып калса, анда арга жок, унчукпай эле калмакмын. Кудай жалгап, сыныктын жиги билинбей, абдан жакшы ордуна туруп калыптыр, аны алдым, мурунку сүрөттөрүндө андан ашык, туура эмес тургандарын көрсөттүм.

Эртеси эртең мененки конференцияда чыктым: «Максим Ефимович, мен ординатормун, көп нерсени билбейм, билейин, окуюн деп жүрөм бул жерде»,– деп, сүрөттү көрсөтүп, болгонун болгондой баарын бетке айтып: «Ассистент Круглова кирип келгенден кийин, эгер мен туура эмес жасап жатсам, ассистент катары мага кемчилигимди айтып, өзү жардамдашканга толук укугу бар эмеспи. Анткендин ордуна, чуркап барып силерге тескери маалымат берген экен»,– десем, Круглова жанталашып: «Мен көргөндө, ошондой көрүндү»,– дейт. Менде «тормоз» начар деп айтып келатпаймынбы. Ошол замат: «Сиз ассистент эмес эле, ушакчысыз»,– деп кагып салдым, врач-ординатор ассистентти ушинтип айтыш өтө катуу эле болду. Эгерде жаш врачтар жаңылып ката жасап жатса, кемчилигин айтып, жардам берип оңдоп коюусу керек.

Кийин ойлосом, Максим Ефимович, оозунан жаман сөз чыкчу эмес, экинчи жагы профессор Кругловду таарынтып албайын деген ою болсо керек. Ошентип иштеп жүрөм, кээде уруксаты жок эле жасап жиберчү болдум. Ушунун баарын чогултуп профессорго арызданыптыр: «Мамакеев билгенин жасап жатат, баш ийбейт, орой»,– деп. Конференция өткөзүп, талап киришти. Максим Ефимович мени аргасыздан

эки айга операциядан бошотту. Эки ай операция жасабай калмак болдум, чынында, күнөөнү моюнга алыш керек, колум кычышып ашыгыраак кетип калгам, аргасыздан баш ийип, операцияга кирген жокмун. Билип калдым тиги аялдардын аңдыганын, мени кайсы жактан кармасак деп калышты. Кичине желим чыгып, басаңдап калды.

Эки айдан кийин кайра операцияга кире баштадым. Ошентип, үч жылдык ординатурамдын убактысы аяктады. Бүтөөргө жакын кафедранын жыйыны болуп, Максим Ефимович: «Ну, Мамбет, срогуң бүтүп жатат, эмне кылайын деген оюң бар?» – деп сурап калды. Мен тартынып, тиги аялдар – ассистенттер жалпы каршы болоорун билип, ошентсе дагы тобокел айтып көрөйүн деп: «Максим Ефимович, эгер мүмкүнчүлүк болсо, аспирантурага калайын дедим эле»,– десем, доцент Н.К.Студенцова чала угуп калдыбы, профессордон: «Что, что?» – деп сурап калды. Ошол замат: «Болбойт, бүгүн, азыр аспирантурага калышка эрте. Билими начар, ал бул көк, көп башы иштебейт, билгенин жасайт, тартиби жаман, каяша айтат»,– деп жамандап кирди. Берки отурган ассистенттер баары Студенцованы колдоп калышты. Унчукпай отурам, эми профессор эмне дээр экен деп. Максим Ефимович: «Менин оюм деле ошондой, силердикиндей»,– десе, айла жок кетет элем. Аягында, Максим Ефимович: «Менин оюм башка, Мамбетте кемчилик көп, мага жаккан жагы – Мамбеттин хирург болушка далалаты күч, тырышчаак. Эми аспирантурада окуу жагына биз тыя албайбыз, каалаган киши окуйт Мамбет конкурстан өтүп кетсе, мен каршы эмесмин», – деп турбайбы. Ошол замат мен жандана түшүп, оройлугумду, көзгө айтканымды карматып, тиги каршы чыккан ассистенттерге: «Силердин оюңарды мен эчактан бери билем, үч жылдан бери бирөөң жакшы сөз айтып бирдеме үйрөтүп койдуңарбы? Жок, тескерисинче кылдыңар. Силерге эмне жаманчылык жасадым, билбейм, кантип жоготуштун айласын кылып келдиңер, силердин оюңар мен үчүн жарым тыйын,

түкүрдүм силерге. Мен кеттим аспирантурага документ тапшырганы,– деп айтып, эшикти тарс жаап чыгып кеттим. Студенцова: «Көрдүңөрбү, кандай нахал, хулиган экенин?» – деди эле, угуп калып кайрылып туруп: «Көрсөтөм нахалдыкты, хулигандыкты!» – деп кетип калдым.

Аспирантурага менден башка киши жок, жалгыз экзамен берип, бир айдан кийин кайра кирип келдим. Эртеси, бир чети тамаша, бир чети чындык кылып, ассистенттер чогулуп турган экен, бирөө да аспирант болушуң менен деп калп болсо дагы жылмайып кутуктап коюшкан жок, жалгыз Максим Ефимович: «Мамбет молодец, өтүшүң менен!» – деп кутуктады. Мен тигилерге карата: «Өлсөм-тирилсем дагы үч жылдан кийин кандидат болом, ошон үчүн силер менден коркосуңар, экинчи себеп жалгыз кыргыз кадр менмин, ойлонгула кийин кеч болуп кала электе мага ордуңарды бошотуп койгула»,– десем, Александра Ивановна Артамонова: «Мен Мамбеттен корком, бул айтканын жасайт»,– деп эшикке чыга качты. Ошонун эртеси эле жаңы илимдин доктору Зифар Эгембердиев бизге экинчи профессор болуп келди. Мурун көргөн эмес экенмин, уккам, башта министр, директор, башкы врач болуп иштеп жүрүп, Ленинградга докторантурага окууга кеткен деп. Келгиче угуп жүрдүм, бизге профессор болуп келет экен деп. Сүйүнгөнүмдү айтпа, буюрса, кыргыз киши экен, мени эми бул аялдардан сактап калат го деген үмүт болуп жүрдү.

Эртеси келип калды, орто бойлуу, сулууча адам экен, баарыбыз менен таанышты. Ошол күнү биздин клиникада кечиктирилгис хирургия боюнча дежур элек. Негедир заказ бергендей оорулуулар өтө көп түшө баштады. Төрт-беш курч аппендицит бар. Максим Ефимович карап туруп: «Мамбет, сен жуун»,– деп калды, ошол замат Эгембердиев: «Мен да жуунам» – деди. Операциялык бөлмөдө эки столдо катар жасала берет. Менде жан жок, Эгембердиевди мурун билбесем, анчейин операцияга тажрыйбам жок болсо, кандай болот деп. Операция жасай баштадык, мен үчүнчү опе-

рация жасай баштаганымда, бир операцияны бүтө элек, оорулууну кыйкыртып эле бүтө албай жатты. Менин оюм, көзүм ошол жакта, үчүнчү операцияны бүттүм. Эгембердиев дагы бүтүп, чогуу чыктык, оозгу үйгө келип чечинип жатсам, Эгембердиев мени карап, көзүнө карасам ачуусу келгендей. Сөөмөйү менен көрсөтүп: «Ой, жигит, бери кел»,– деди. Мен чуркап бардым, мактап жакшы сөз айтат ко десем, тиктеп туруп: «Ты кто такой?» – дейт. Мен: «Агай, ушул жерден ординатураны бүтүп, кечээтен бери аспирантурага өтүп, аспирант болуп иштеп жатам»,– дедим. Тиги киши дагы: «Кто тебя такой нахальствону үйрөттү?» – дейт. «Ай, агай, мен эмне кылдым нахальство дегендей?» – десем: «Үч операция жасап жибердиң мен бирди жасагыча»,– дейт. «Агай билишимче жасадым»,– дедим. «Я так не позволю работать, надо оперировать аккуратно, тканями надо нежно»,– деп акыл үйрөтө баштады. «Агай, кечиресиз, мен билгенимче жасадым»,– дедим, чыга замат профессор Максим Ефимовичке: «Что за хулиган?» – деп мени айтыптыр. «Нет, Зифар Эгембердиевич, он не хулиган, у него рука, техника идет нормально, даже отлично»,– деп жактап жибериптир.

Ошондон тартып, ошол агайым мени бастырбады, кадам сайын көзөмөл жасап, кагып-силкип, кээде сөгүп да жиберчү болду. Аспиранттык сабакта философия, англис тилин окуучубуз, ошого барып келсем: «Ой, кайда жүрөсүң, уруксатсыз жоголосуң»,– деп жемелей баштайт. Мен: «Агай» – деп түшүндүрсөм болбойт: «Сен өзүң жеткен акмак экенсиң, баары айтып жатат»,– дейт. Мен расписаниени кыргызча жазып: «Агай, мен жок болсом, ушул расписаниени карап койсоңуз»,– деп столунун үстүнө коюп койдум, буга деле болбойт. Мен түшүндүм, тиги ассистенттер баары жабылып бул агайыма жамандаганын, билгеним, алар мага жабышпай калышты, көрсө, агайыма табыштап берип, өзүлөрү эки кыргызды кармаштырып коюп, тышыбыздан кубанып коюп жүрө беришти.

Бир күнү чыдабаганымдан айлам кетип агайыма кирдим. Мен: «Агай, сиз мени таанытбайсыз, сизди дагы мен өтө билбейт экем. Бул ассистент аялдар жогото албай айламды кетирип жүргөндө, сизди келатат дегенде, энем эркек төрөгөндөй сүйүндүм эле. Эми булар сизге жамандап өткөзүп берип, өздөрү чыга беришти»,– десем: «Сен өзүң акмак дейт го?» – деди. «Агай, бул сиздин өз оюңуз эмес, себеби сиздин антип айтууга убактыңыз жете элек, мени билбейсиз. Сиз өзүңүз бир аз байкап көрсөңүз, өзүңүздүн көзүңүз жетсе, чын эле мен акмак, хулиган болсом, айттырбай эле кете берейин деген суроону агайымдын алдына койдум, жок, болбоду, үтүрөйүп, бара бер, көрөбүз деп койду. Дагы эле болбой сөгүнүп, кагып бастырбады. Бир күнү профессордун жалпы обходу болду, анда бардык врачтар обходго катышат, ар бири өзүнүн палатасындагы оорулууларды профессорго кабарлап, эмне менен жатат, кандай операция болгон, бүгүнкү ал-акыбалы кандай – баарын айтып баяндама беребиз. Профессор өзүнүн оюн айтат, кемчилиги болсо – аны айтат. Түшүнбөгөн оор оорулуулар болсо, ошол обходдо жалпы баарыбыз кеңешип, бир жыйынтыкка келмей. Обход жүрүп, бир палатадан чыгып, экинчи палатага келатканда, агайым Эгембердиев баарынын көзүнчө дагы мени тилдеп, кемсинтип кирди, ошондо мен дагы жыйылып, «тормозум» отказ кылып, жарылайын деп калсам керек, мен дагы маңдайына тура калып: «Ушу күнгө чейин мен чыдап, улуулугуңузду сыйлап, унчукпай чыдап келдим эле, сыйлаганды билбеген акмак киши экенсиз»,– деп салдым. Агайым титиреңдеп: «Мен сени түбүң менен жоготом»,– деп жиберди, мен: «Жогото албасаңыз… – деп жибердим. «Согушубуз» кыргыз тилинде жүрүп жатат, карасам жаныбызда, эч ким жок баары туш-тушка качып кетиптир. Рахия Усмановдун аялы, ушул эле түшүндү биздин согушканды.

Эгембердиев кийинип алып, шашкан бойдон кетти. Институтта директордун илим боюнча орун басары болуп

калган, мен да отуруп, эс алып калдым. Максим Ефимовичке Рахия кирип түшүндүрүптүр, профессор чакырып: «Ай, Мамбет, опять сорвался»,– деп, осторожно болбойсуңбу, кичине токтолуш керек го: «Эгембердиев илим доктору сенден көп улуу, көтөрүп сыйлап койсоң болот эле» – деп акыл айтып, бир чети жемеледи. Мен: «Максим Ефимович, Сиз, мүмкүн, билбегендирсиз, качанга чейин мунун издеваться эткенин мен көтөрүшүм керек? Келгенден тартып, эртеси эле мага жабыша баштады, нечен кирип өзүнө түшүндүрдүм болбоду, аягында ушул болду. Мунун баарын жасаган, мунун ташын айлантып салгандар – мобу эле сиздин ассистенттер»,– дедим. Максим Ефимович капа болуп: «Эми чатакка айланды го»,– деди. Мен: «Аныгы туура болсо, анда мен кете берем»,– дедим. Кошумчалап койдум: «Максим Ефимович, мен коркпойм, менин күнөөм жок». Шылкыйып үйгө бардым, Сокен билди, эмне, бир жериң ооруп турабы, эмне кабагың ачылбай калган дейт, мен болгонду айтып бердим. Бир районго кетмек болдук десем, Сокен токтоосуз: «Сен ошону көрмөксүң»,– деп турбайбы. Таң аткыча уктаган жокмун, эртеси эртең менен шылкыйып ишке келдим, кадимкидей күнүгө болчу «пятиминутка» деп коёбуз, саат 8де башталат, күтүп отурам, эми Эгембердиев угузат го деп. Эгембердиев туруп: «Максим Ефимович, мобу Мамакеев сиздин аспирантпы?» – деп. Максим Ефимович: «Ооба, меники»,– деди. «Андай болсо бул аспирантыңызды мен экинчи тааныбайм, тааныгым келбейт», – деп жиберди. Мен да тура калып: «Мен дагы сизди көргүм, тааныгым келбейт»,– деп жибердим, чыгара алган жок.

Андан кийин улуу киши эмеспи, саламымды жазган жокмун, агайым бир да жооп бербейт, мен ал киши үчүн жок эле болуп калдым. Күндөр өтүп жатты, бул киши токтогулдук экен, кадимки эле Токтогулдун ырындагы Эгембердi дегендин баласы. Токтогул районунан көп ооруган адамдар келе баштады, биздин жерден чоң доктурубуз, профес-

сорубуз бар деп. Жаткызып, Эгембердиев операция жасай баштады, негедир өлө баштады. Бир күнү, бизде мединститутта патоанатомия деген кафедра бар, бул жерден өлгөн адамдарды союп, биздин койгон диагноз туура эмес болуп, эгер ката кетирип койсок, ошону таап, туура чыкса – сөз жок, эгер бизден ката кетип, ооруган адамды өлүмгө алпарса, анда ушул кафедра патоанатомиялык конференция өткөзүп, бүт врачтардын көзүнчө биздин кетирген катаны айтып, анчейин ката болбосо, жалпы талкуу болуп бүтөт. Эгерде оройураак ката кетсе, анда жасаган хирург жаза алып калуусу мүмкүн. Эгембердиевдин кетирген каталары өтө орой экен, ошондо Малышев деген профессор өтө сылык, өз ишин жакшы билген адис эле, сылык сөз менен Эгембердиевди көп сындырбай, кемчиликтерин айтып: «Мындай операцияларды сиз жасаганда абайласаңыз, мүмкүн, кээ бирлерин кийинчерээк жасасаңыз»,– деп эскертүү берди. Анда Ахунбаевден эле кийинки илим доктору Эгембердиев болчу. Ахунбаев менен жашташ, мен кийин билсем, бул киши хирург болуп деле жарытпаптыр, жалаң эле чоң кызмат, оозу менен иштеп көнүп калса керек. Кийинчерээк, жашы улгайып баратканда, ошондо ойлонуп хирург болгусу келип, анда кадр жок, Ленинградга докторантурага окууга жөнөтүп, доктор болуп келип жатпайбы. Көрсө, илим доктору менен хирургдукка таптакыр ал киши келишпеген экен да. Сезип калдым, эмне үчүн бул кишиден көп майып болуп жатат деп. Кандай хирург экенин, хирургдук билимин текшерген киши жок, болбой эле операция жасап жатат. Операция жасаган сайын мен кирип, артына стол коюп чыгып, башынан-аягына чейин карап турчу болдум. Бизде, хирургияда, жаш, тажрыйбасы жок хирургдар жардамчы болуп, карап туруп үйрөнөт.

Операция жасап жаткан хирургдан карап турган хирургдар түшүнбөгөн жерин сурап, хирург айтып, түшүндүрүп берүүгө милдеттүү. Хирургдар операция убагында ар кандай ооруларга кездешет. Кээде, убагында өтүшүп

кете элек болсо, ички органдары анчейин бузула элек болсо, жасап көнгөн хирург үчүн оңой эле. Кээде кезигет, ушунчалык өтүшүп кеткен, кеч келет, кээси чыдап билгенинче дарылап жүрүп, ичин ачканда кайсы орган каякта экенин таппайсың, бир-бирине жабышкан, мына ушундай убакта канчалык тажрыйбалуу хирург болбосун, кыйналат. Начар билген хирург, техникасы начар, ар жагында запас билими болбосо, көп катачылыкты кетирип, жасаган оорулуусу майып болуп же башка татаалдашууга дуушар болуп калышы мүмкүн. Дагы бир жагы, кыйынчылык болуп калса, билбесе, ошол жерде эле чукулап ары-бери алмаштырып, тыткылай берет. Агайымдын кемчилигин толук билип алдым, операция жасап жатканда ошол чукулап калган убагында мен: «Агай» – деп суроо бере баштоочу болдум. Кызыгы, жооп бербейт, эртеси «пятиминутка» өткөзөт, ар дайым мен: «Максим Ефимович, мен бул жерде окуюн, хирургия үйрөнөйүн деп жүрөм, операция убагында Зыфар Эгембердиевичке билбеген жеримди түшүнүп алайын деп суроо берсем, эч жооп бербейт»,– десем, Максим Ефимович унчукпайт. Эгембердиевге теңелбейт. Себеби бул кыргыз чатакташсак ордумду алып коёт деп. Жалгыз доцент – Снешко Яков Макарович улгайган адам, стоматология доценти, ушул киши чыгып: «Качан жашы улуу, тажрыйбалуу хирургдар операция жасап жаткан учурда, карап турган хирургдар суроо берсе, бербесе дагы түшүндүрүшкө милдеттүүбүз»,– деп туурасын айтты. Мен билип алып, Эгембердиев операцияга кирээр замат мен артынан кирип, даярмын, агайым сезип калды, менден чочугансып калды.

Операция жасап жатат, ашказанында жара бар, ошону – ашказандын үчтөн эки бөлүгүн алыш керек. Дагы кыйын жерине келгенде суроо бердим, дагы унчукпайт, мен: «Агай, эмне үчүн жооп бербейсиз?» – деп такып туруп алдым. Ачуусу абдан келип, мага кайрылып туруп: «В конце концов будешь молчать или нет?» – дейт. Мен тартынбай туруп: «Эмне үчүн мен молчать этишим керек, мен

үйрөнөйүн деп келдим, вы должны отвечать»,– десем, агайым столдун үстүндө турган хирургиялык аспаптарды ала коюп терезени бир урду эле, килейген эки кабат терезе талкаланып кетти. Мен: «Эми сиз за хулиганство отвечать этесиз»,– деп чыгып кеттим. Ошентип, агайымдын начар жагын таап алып, өзү байкап калды, мени багындыра албастыгын, хирургияда мен ар дайым ушул күнгө чейин айтып келатам, операцияны тил менен жасай албайт, хирургдун башы менен колу шайкеш келиш керек. Кокус кээде хирургдардын башынан колу мурунураак кетсе, анда дагы ооруган адамдын шору. Хирургиянын дагы бир өзгөчөлүгү, анын наамы, чоң кызматтагы даражасы дагы жардам бербейт. Эгерде хирургдун билими жок болсо, биздин кесип – так кесип, физик, химиктердикиндей. Биздики адамдын ден соолугу үчүн арналган, так дегенибиз – операциядан кийин же айыгып кетти, же майып болуп калышы көрүнүп калат. Башка кесиптер, мисалы, врач-терапевттер, булардыкы диагнозу туура болсо, ошого карата так дары берилсе, айыгып кетет. Ошентип, агайым акырындык менен түшүнө баштады менин ким экендигимди, тиги ассистенттер ким экенине көзү жетти. Бир күнү: «Ай, бала, бүгүн саат үчтө үйгө келип кетчи,– дейт. Мен: «Макул, агай»,– дедим. Үйү ошол биз иштеген ооруканадан ары бир кабат рентген борбор, анын артында узун кабат эски үйлөр бар эле. Ошондо: бир жарымын Зыфар Эгембердиев, бир жарымында профессор А.И.Круглов турат экен. Туура үчтө кирип бардым, анда агайдын аялы Айдарбекова Рафа Иманалиевна экен. Үйүнө кирип, бир нече бөлмө жасалгаланып, мебелдерин, идиш-аяктарын көрүп мындайды мурун көрбөгөн жаным, таң калып эсим ооп калды. Отурдук, тамак жасап коюптур Рафа эже, кичине сухой вино берди, курсагымды тойгузду. Анан агайым ачыгын айтты: «Мамбет, мени кечирип кой, менден кетип калыптыр, чынында эле тиги аялдар – ассистенттер келээр замат сени жамандай берип, ошолордун тилин алып катачылык кетирип

койдум»,– деди. Мен: «Агай, сизге кирип ушунун баарын эскертип айтсам болбой, укпай койбодуңуз беле?» – десем: «Мамбет, мындан ары ынтымакта иштешели, жакшы жүрөлү»,– деди. Мен: «Макул, агай»,– деп чыгып кеттим.

Ошондон кийин учурашып, сүйлөшүп калдык. Кийин биз Максим Ефимович болуп, госпиталдык хирургия экиге бөлүнүп, Эгембердиев ошол эски имаратта калды, биз Пишпек темир жол станциясындагы Казакстанга караган ооруканага, хирургия бөлүмү кичине эле бөлүм, 30 орундуу, аргасыздан ошол жакка көчүп бардык. Алыс эле. Анда машина, автобус, троллейбус деген жок, чиркөөнүн жанында турчубуз, күнүгө жөө барып, жөө келчү элем.

Андан кийин чоңойгондо, доцент, профессор болгонумда деле хирургдар бир бирибизди көзөмөлдөп, эмне иш кылып жатканын билип турчу элек. Эгембердиев көзү өтүп кеткиче илим жагынан болсун, операция жасаган жагынан болсун көрүнүктүү иш кыла албай эле кетти. Кийин мамлекеттик экзаменде чогуу экзаменатор болдук. Мен доцент болуп калдым. Ахунбаев, Круглов, Фридман, Знаменский – экзаменаторлор, биз – комиссиянын мүчөлөрүбүз. Укчумун, билчүмүн, Ахунбаев менен Эгембердиев – булар өлгүчө бири-бири менен кармашып өтүштү. Мамлекеттик экзамен жүрүп жатат, күнүгө ар бир кафедра кезектешип экзаменден кийин чай беребиз экзаменаторлорго, комиссия мүчөлөрү сүйлөшүп, пикирлешип кээде талашып-чатакташып баа коймой. Дагы эки агайым болоор-болбостон чатакташып кетишти, чатакташканда кызаңдап, өңдөрү бузулганга чейин кемсинткен сөздөрүн да айтып жиберчү. Эгембердиев анчейин сөзгө, тамашага жок, чукчуңдаган киши эле. Ахунбаев, биринчиден, күчтүү хирург, күчтүүлүгүнө салып, орой сөгүп калчу, Эгембердиев чыдабай чыга качты, ошол күнү Эгембердиев чай бермек, кезек ошол кишиники эле, сумкасын ала коюп жөнөдү. Мен артынан кубалап чыгып, айтпадымбы, бетибиз ачылып, ачык

сүйлөшкөнгө жетип калдык эле: «Агай, бүгүн чай берчү сиздин кезегиңиз, жок дегенде сумкаңызды таштаңыз десем: «Бербейм!» – деп кетип калды. Кайра Иса Коноевичке: «Урушпай коё турбай, мына эми ачка чайсыз калдык, десем: «Ошонун чайын»,– деди.

Кийинки жылдарда, бечара Зыфар агайым, уккан деле жок элек, Ленинградга дарыланганы кетти. Келип калды, эч ким сурабайт, өзү айтпайт, өңү жаман, арыктаган, купкуу. Чыдабай, бечара киши мамлекеттик экзаменге келип, экзамен алышып жатат. Бүткөндөн кийин чай иче баштадык эле, берген кафедра палоо жасап келген экен, аны жедик. Бүткөндөн кийин Иса Коноевич: «Ай, Мамбет, мени ала кетчи»,– деди. «Макул агай» – деп, «москвич» машиналуу болуп калдым эле, Совет көчөсүнөн ылдый түшүп келатабыз, жолдон Иса Коноевич: «Ой, Мамбет, жанагы чыйылдаган неме ашказанын алдырып келди деп укпадык беле?» – дейт. Мен кимди айтып жатканын түшүнүп туруп эле: «Агай, чыйылдаганыңыз ким?» – десем: «Ошону билбей калдыңбы, Эгембердиевчи?» – дейт. Мен: «Ооба, мен дагы уктум эле, ашказаны рак болуп алдырыптыр»,– дедим. Иса Коноевич: «Ай, ушунун ашказаны соо эле го»,– дейт, мен: «Аны кантип байкадыңыз?» – десем: «Палоону сугунганына караганда»,– деди.

Мен институтта партбюронун мүчөсү болуп калдым. Эгембердиев партбилетин жоготуп жибериптир, ал убакта партбилет жоготсо, чоң чатак эле. Эгембердиев Рафа Айдарбекова менен ажырашып, мурунку аялы акушер-гинеколог, доцент Булатова эле, ошо менен жарашып, алып кетип калыптыр. Партбюродо партиядан чыгарылсын деңге чейин барышты, стажын, жашын карап жатып, катуу сөгүш жазасы берилип, райкомго жөнөтүлдү. Кийин партбилети берилди, берилген күнү үйүнө, почтанын ящигине эски партбилетин салып таштап кетишиптир. Ошол убакта Рафа менен чогуу иштешип калдык эле, мен ушуну Рафа эже жасады го деп, жөн эле тамаша кылсам, Рафа

эже: «Чын эле мен жасадым, мунун мага кылбаганы жок, бул жагынан өчүмдү алдым»,– дейт. Ошондон кийин Эгембердиев тез эле кайтыш болуп кетти.

Мен айтпадымбы, өзүмдүн начарлыгымды билип, ушунчалык жанталашып окудум, аракет кылдым. Ушул күнгө чейин окуучуларыма ар дайым айтам, адам жеңбеген нерсе жок, эгер көңүлдөнсөң, аракет кылсаң, жеңбеген нерсе болбойт, буга мен беш колумдай ишенем.

Ошентип аракет кылып жүрсөм, мени Шеров деген чакырып жатат дейт. Шеров дегенди билбейт экем, институтка барып Анатомия кафедрасына кирип, бир эшикти ачсам, такыр баш киши отурат. Мен ойлоптурмун, Шеров деген бул орус киши го деп. Эки-үч эшикти ачсам, киши көрүнбөйт, кайра ошол киши отурган эшикти ачып: «Агай, Шеров дегенди издеп келдим эле, кайда отурат?» – десем, ушундай ачуусу келди: «Кир бери»,– деди. Кирип барсам: «Ушул күнгө чейин Шеров ким экендигин билбесең, акмак, Шеров деген мен болом»,– деп төшүн бир койду, жердин катуусунан эле араң калдым, ит эле болдум. «Агай, кечирип коюңуз, байкабай, билбей»... – деп тантырадым эле, бир топко чейин оңоло албай, ачуусу тарабай туруп алды. Бир аздан кийин отур деди, отуруп калдым. «Кирип келатканда эшиктин астында эмне деп жазылып турат, окудуңбу?» – дейт. «Окудум, агай»,– дедим. «Эмне деп?» «Путь к хирургии через Анатомический театр» – деп окудум»,– дедим. Ал убакта Шеров агай Анатомия кафедрасынын башчысы жана декан экен: «Мени чакырткан себеби, сен хирург болгуң келеби?» – дейт. «Агай, хирург болоюн деп, хирургия кафедрасында хирург болуп иштеп жатпаймынбы»,– дедим. «Жок, чыныгы хирург болгонго аракеттенесиңби?» – дейт. «Агай, болгонго аракет кылам»,– дедим.

Эмнеге чакырганын, сурап жаткандарын түшүнгөн деле жокмун, ойлодум, мени менен эмне иши бар деп. Агайым айтты, сен анык хирург болгуң келсе, Анатомияны үйрөн, ансыз сен жакшы хирург боло албайсың. Анатомияны

үйрөнүш үчүн студенттерге сабак беришиң керек дейт. Анатомияны биринчи, экинчи курста окушат, тез эле расписаниени көрсөттү. «Ме, мобу расписаниени көчүрүп алып, эртеңден баштап биринчи курска Анатомиядан сабак бересиң»,– дейт.

Мен мындайды күтпөгөм, оюмда жок нерсени айтып жатат: «Агай, мен кантип сабак берем, анатомия өтө татаал, эчтекени билбесем, анын үстүнө хирургияны деле анчейин үйрөнө элекмин, убактым жок»,– деп болбой койдум. Кетейин деп тура калсам, отур деди, отуруп калдым, ачык, орой сүйлөдү. «Ай, акмак, сени киши болсун деп жатам, бир убакта ыраазы болосуң, хирургиянды ташта деген жерим жок, түштөн кийин, саат экиден кийин иштейсиң»,– деп, расписаниени жазып, сеткага адамдын сөөктөрүн салып берип, бир жума убакыт, ага чейин даярданып, сабак бере башта» – деп узатып жиберди. Түз эле профессоруума сөөктү көтөрүп алып кирип бардым. Максим Ефимовичке болгонун – баарын түшүндүрдүм. Ал кишим дагы Москвада Огнев деген атактуу хирургга анатомиядан ассистент болуп иштеп келген экен, ушунча кубанды Шеровго макул бол деп.

Ошентип, бир жумадан кийин анатомиядан сабак бере баштадым. Күн-түн дебей окуганым, жаттаганым анатомия, анатомияны 1–2-курста мен деле окугам, бирок ар дайым окубай жүргөндөн кийин эсиңде калбай калат. Ушу күнгө чейин мен окуучуларыма, хирургдарыма айтканым, жакшы көргөнүм хирургия болсо, экинчи жакшы көргөнүм анатомия. Менин төртүнчү ыраазы болгон адамым ушул Аттокур Шиладович Шеров. Шеров агай менен анатомияда чогуу иштеп калбадымбы. Өзү ушундай таза, ишин ушунчалык жакшы билген, адамкерчиликтүү, түз айткан сонун киши эле.

Анатомияны кыргызчага которо баштады эле, кайтыш болуп, ягына чыкпай кетти. Тазалыгына мындай мисал. Techninstitutka бир топ еврейлердин балдары директор Нур-

газиеванын жардамы менен өткөн экен. Бул еврейлердин группасы көп жыл мурун уюшкан укмуштар эле. Ошолордун баары соттолуп, кээси атылып кетти. Алардын балдары да бар эле. Муну агай декан катары билчү экен, кандайча институтка алганын Нургазиеванын өзүнө ачык айтып, экөө кармашып кетет. Эсимде, агай ичкиликке берилип, оорулуу болуп калды, ошол убакта коюп калып, жакшы жүрдү эле. Нургазиева менен урушкандан кийин кайра ичип алып, жаман болгон. Бул агайыма таң калганым, ыраазы болгонум, мени анчейин деле таанybaйт, менин деле анчейин тааныштыгым жок. Анан кандайча мени чакырып, анатомияга ассистент кылып, болгон жакшы ниет, акылын айтып, таалимин берди? Анын маанисин ошол анатомияда ассистент болуп жүрүп түшүндүм.

Адамдын дене түзүлүшү ушунчалык кыйын, татаал, Кудай Таалам кантип ушинтип жараткан билбейм. Ушул убакка чейин ойлойм, адамдын денесине окшош, бири-бирине чырмалышкан татаал эч жерде жок болуш керек. Канчалык татаал аппараттар, машиналар, техникалар чыгып жатат, самолёт, космостук ракета жана башкалары дегендей, бирок адамдын денесиндей түзүлүш, менимче, эч биреөндө жок. Бизде, хирургдардын көпчүлүгү, адамдын анатомиялык түзүлүшүн толук билбейт. Бая үйрөнүп техника жагынан операция жасашты билет, бирок терең биле албайт. Мен өзүм анатомияны терең түшүнө баштагандан тартып, хирургия эмне экенин аңдап, жакшы көрүп иштеп калышымдын дагы бир чоң себеби ушул. Операция убагында ар түрлүү ооруларга кезигебиз. Мисалы, ичин ачканда өтүшүп кеткен оорулар. Ушунун өтүшүп кеткенинин себебинен ички органдар бири-бирине жабыша берип, кайсы орган кайда жатканын, баш-аягы табылбайт, билинбейт. Ошондо анатомияны жакшы билбеген хирургдар өтө оор абалга кабылып калат. Артынан эле, ошол жасап жаткан убакта, ар түрлүү кокустуктарга учурашы мүмкүн. Себеби ошол көрүнбөй жаткан органдардын артында же капталында

кан тамыры, нерв системасы өтөт, эгерде ушунун бирөөсүн кесип же байлап алсаң, чоң кырсыкка же башка кабылдоолорго алып келиши мүмкүн.

Ошол еврейлер камалганда, алардын камалганын да эч ким билчү эмес. Ушулар менен Таласбаев, Дүйшөналиев дегендердин кылмыштары ашкереленген. Таласбаев – фабриканын директору, Дүйшөбаев – мампландын төрагасы эле, еврейлер бул экөөнү колго түшүрүп, өзүлөрүнүн шайкаларына кошуп алып жүргөн экен. Кийин бир топ еврейлер менен бул экөө тең атылып кеткенин билем. Мен билип эсимде калганы, кандидат болуп, хирургиялык ишим ийгиликтүү алдыга кетип жаткан маал эле.

Кудайдын күнү мени консультация, операцияларга чакырышат. Бир күнү, саат түнкү 12де болсо керек, тез жардам, дагы бир топ жөнөкөй эле кийинген зыңкыйган адамдар үйдөн консультация деп алып кетишти. Эсимде, азыркы ак үйдүн ордунда үч кабаттуу үй бар эле, анда ички иштер министрлиги коопсуздук комитети болсо керек, ошол имаратка алып келишти. Ошондо биринчи көрүшүм, уккан да, көргөн да жок элем, подвалга ээрчитип киришти, жалаң эле темир эшик, ар биринде кароолчу турат. Жүрүп отурабыз, же айтышпайт кайда, эмнеге алып баратышканын, ичимден ар нерсени ойлойм, чочуп да баратам. Акырында, бир темир эшикти ачты эле, керебет бар экен. Керебетке бир адам кызыл-жаян болуп, эс-учун билбей жатат, көрсө, кан кусуп жатып ушул акыбалга келиптир. Ошондо, бир зыңкыйган орус документин көрсөттү, Москвадан келген полковник, «особо важный» дегендерин окуп калдым. Ошол полковник: «Доктор, кандай болбосун бул адамды тирүү сактап калыңыз, текшерүү бүтүп калды эле, бул киши майып болуп калса, бардык иш бузулат, чатакка айланат»,– деп буйрук кылды. Сураштырып, ooру таржымалын карап көрсөм, көптөн бери ушул жерде камалып жаткан экен, мурунтан ашказанда жарасы бар, ошол ачылып, кан тамырды жеп жиберсе керек, катуу кан агып,

ушул акыбалга келиптир. Айттым, акыбалы өтө начар, кан көп кетип калыптыр, кан басымы өтө төмөн, алып калыш чоң суроо деп. Жаңкы полковник: «Доктор, как хотите, спасать надо, иначе будет скандал»,– деди. Мен носилкага салып тез жардам, менен клиникага алып келдим, бир нече солдат автомат менен узатып келип, оорукананын сыртынан, ичинен кайтарып туруп калды. Ошондо билдим, бул жөн оорулуу эмес экенин, фамилиясы эмгиче эсимде Зильдович, еврей, ошол еврейлердин бир чоңу тура, ошол фабрикада башкы бухгалтер экен. Келээр замат колу-бутуна, кан тамырына кан куюп, кан басымын көтөрүп, ал-акыбалын бир аз оңдоп, түнкү саат үчтөн өтүп калганда операция жасадым. Ашказанда көптөн берки эски жараты бар экен, ошондон кан тамыры жарылып, ачылып, кан агып жаткан экен. Ашказандын үчтөн эки бөлүгүн алып салып, башка жол жасап бүтүп чыктым. Жаткан палатасынын оозунда, тышта, терезенин жанында автомат менен солдаттар кайтарып турушту, менден башка бир жанды киргизбейт. Жаңкы полковник жана башкалары келип, менден ал-акыбалын сурап, дагы эскертип кетет: «Доктор, смотри, смотри» – деп. Ошентип отуруп айыгып кетти, жакшы болоор замат кайра алып кетишти. Ошол бойдон көргөн жокмун, кийин бир топ айдан кийин ачык сот болуп, мебель комбинатынын залында өттү, мени дагы чакырышкан экен, ошондо тордун артында толтура отурган еврейлерди, биздин 3–4 кыргызды көрдүм. Эсимде, ошол еврейлердин жетекчиси го, Мац деген зор киши экен, суракта айтып жатты. «Башкы бухгалтер Зилдович иштеген»,– деп. Бул киши документти жасаганда, ушундай жасайт, ошон үчүн карабай туруп көрүп кол койчумун дейт. Зильдович камеранын артынан мени көрүп колу менен, башы менен жаңдап учурашты. Оңолуп, өңүнө кирип, толгонсуп калыптыр, ошондо соттун чечими менен алты еврей, үч кыргыз атууга кетти, анын ичинде мен аман алып калган Зильдович да бар.

Анатомия кафедрасында эки жылча иштеп калгам, хирургиядан эч колум бошобой, убактым жок. Анатомияны таштап коюп, хирургиямды уланта бердим. Ушу күнгө чейин өкүнөм, дагы эки-үч жыл анатомияда иштесем болмок экен. Айтпадымбы, анатомияны түшүнгөндөн кийин хирургиянын бир топ татаал жерлери мен үчүн оңоюраак болуп калганын. Ошон үчүн болсо керек Эгембердиев агайымдын оозун басып алганым.

Аспирантурада окуп жүрөм, профессор бөйрөк алмаштыруу боюнча диссертацияга тема берди. Адамдын бөйрөгү иштен чыкканда, же эне-атасынын, же бир туугандарынын бөйрөгүн алып, ооруган, иштен чыккан бөйрөгүн алып салып, анын ордуна салып – алмаштыруу боюнча бөйрөктү өз ордуна эмес, жамбаштын ич капталына салчу. Мына ушуну мен илимий негизде тактап, ошол жерге алмаштырууга болоорун далилдеп чыкмай болдум. Ал убакта, 1955-жылдарда, чоң-чоң чет мамлекеттерде ушундай бөйрөктү алмаштырат экен деп анда-мында укчубуз. Мен кичине ирээнжидим, дайыны жок нерсенин кереги барбы? – деп Максим Ефимовичке айттым, ошондо Максим Ефимович: «Мамбет, азыр дайыны жок нерсе, бирок бир убакта бул операция жасала баштайт. Сенин ишиң ошону илим жүзүндө далилдеп, так ушул жерге жасап алмаштырууга болот деп беришиң керек»,– деди. Ошондон күнүгө патанатомияга барып, өлгөн адамдардын бөйрөгүн, анан жамбаштын ичиндеги жерди, кан тамырларын, койчу, баарын текшерип, сүрөтүн тартып, анализдерин чыгарып, бүт адабияттарды карап чыгып, өзүм дагы кызыгып иштей баштадым.

Ошентип, аспирантурамды ийгиликтүү бүтүп, илимий темамды далилдеп, дисертациямды ийгиликтүү коргоп алдым. Эми ушул күндө дүйнөдө бөйрөк алмаштыруу так мен ошол көрсөткөн, далилдеген жерге которулуп жатат. Бизде бул операция – бөйрөк алмаштыруу боло элек. Мен биздин хирургдар бүгүн да даяр бөйрөктү алмаштырууга

ишенем. Жалгыз кемчилигибиз – баягы эле каражаттын жоктугу. Эгер ошону жасай турган куралдар жана башка керектүү дары-дармектер болсо, ал операция, сөзсүз, ишке ашат.

Дагы бир эсимден кеткис окуя. Ошентип, аспирантурада окуп жүргөн убагым, аяктап бүтөйүн деп калгам, материалымды толуктап бүттүм, эми жазыш керек. Анын алдында Москвага барып, тийиштүү адабияттарды карап келиш керек. Бир күнү, паспортумдун мөөнөтү бүтүп калыптыр, алмаштырайын деп сүрөткө түштүм. Сүрөтүмдү карасам, оң көзүм бүтүйүп, жакшы ачылбайт, күзгүгө барып сакал алганда кароочу элем, негедир байкабасам керек, анын үстүнө көзүмдүн ооруганын көргөн эмесмин. Сүрөттү көрүп таң калдым, үйдөгүлөргө көрсөтүп байкап көргүлөчү менин көзүмдү десем, бирөө: – Чын эле бир көзүңүз бүтүк,– дейт. Ошондон колум менен ушалап, көзүмдү басып көрсөм, үстү жагынан колума тереңирээк бир тоголок буурчактай неме урунду, катуу, анчейин ары-бери жылбайт. Эртеси көз доктурларга бара баштадым, алар анализ, анан рентген сүрөтүн жасатып кел – деди. Баарын даярдап алып, көз оорулар кафедрасына бардым, анда кафедранын башчысы Нигматулиндин аялы эле, көп таанybaйм, сурансам кабыл алды. Бир топ жаш врачтар менен сүйлөшүп, сабак берип жатса керек, ошолордун көзүнчө менин анализдеримдин баарын карап, өзүлөрүнүн аппараты менен да көрүп, тиги врачтарга түшүндүрө баштады. Мен халаты жок эле, өзүмдүн кийимим менен бардым эле, тигилерге түшүндүрүп жатат «көздүн рагы» деп. Тиги врачтар мени тааныйт, жаңдап бир бирин түрткүлөп, тиги кемпирге билгизе албай жатышат менин врач экенимди. Айтып түшүндүрүп бүттү, ага чейин мен отурам унчукпай.

Мен: «Азыр айткандарыңыз туурабы?» – деп сурасам: «А сиз эмне түшүндүңүз?» – дейт. Тиги врачтар бул киши врач-хирург деп чыдабай айтып жиберишти. Ал доцент аял жаман абалда кала түшүп, толугу менен айта албайм, бо-

жомолдоп жатам деп, мени кичине алаксытып, көп капа болуп ойлонбосун дегендей кылды.

Шылкыйып кетип баратсам, ушундай укмуштар туш-таш келип калат экен. Академиянын залында рак оорулары боюнча ар кайсы жактан келген адистер, онкологдор доклад жасап жатышыптыр. Ошого кызыгып, кирип барып отуруп калдым, угуп отурам, Россиядан келсе керек, бирөө көздүн рак оорусу жөнүндө доклад жасап жатат. Жабыша калып угуп жатам, айткан белгилери баары менин көзүмдөгүдөй. Капа болуп чыгып кеттим, үйгө баратам, жолдон калчылдап чыйрыгып, ичим ушундай ооруй баштады, үйгө араң жеттим. Сокен тез жардам чакырды, укол жасап кетишти, бир аз басылып калды. Эртеси дагы начармын, өзүбүздүн ооруканага келип профессорго айтсам көрүп, өзүнүн кабинетине жаткызып койду. Тез эле келип, анализдеримди алып кетишти. Жарым саатка жетпей, кайра лаборантка канымды алды, бир аздан кийин дагы алабыз дейт. Мен эчтекеден оюм жок, бир саттын ичинде эмне үч жолу аласыңар, эмне болду деп урушуп кирдим. Бир шылтоолорду айтты, жатып калдым.

Эртеси Саид Миррахимов келип калды, анда Саид терапияда профессор Вольскийде аспирант же ассистент болсо керек, эсимде жок. Билчүмүн кандын оорусу менен иштегенин. Саид келгенде айтат: «Мамбет, сенден кан алганы келдим анализ үчүн, канды төштүн сөөгүнөн алабыз»,– деп. Ошондо түшүндүм эмне оору экенин. «Саид, эмне оору экенин анализ алып жатканда эми түшүндүм»,– десем: «Мамбет, көп ойлонбо, анализ жөн эле аныктап-тактап коюу үчүн алынып жатат»,– деди. Буга чейин Саидди көп тааныччу эмес элем. Саид менден төрт жыл мурун бүткөн эле.

Эртеси Максим Ефимович консилиум деп профессор Вольскийди, профессор Бейлинди, невропатолог, психиатр, профессор Канторовичти чакырды. Ойлоп жатам, менин соодам бүткөн экен деп. Баары көрө баштады, айрыкча, профессор Вольский абдан текшерип көрүп жатат. Колту-

гумдун алдын, жука чурайымдын, мойнумдун бездерин издеп, укалап басып, эрикпей абдан издеди. Профессор Бейлин, Канторович – булар сообу же жинди чалышпы деп нервимди текшеришти, чындыгында, көз доктор рак деген-де нервим бузула түшсө керек. Кийин ушу күнгө чейин дени соо, акылы ордунда кишилерди көп эле көрдүм, көрүп жүрөм. Рак оорусун укканда, ошол оору менен ооруганын билсе, нерв системасы кыйла эле бузула түшөт, айласы канча, бир аздан кийин ага деле көнөт, баш иет, себеби жан таттуу, аз болсо дагы жашагысы келет. Көрүп бүтүштү, аягында профессор Вольский: «Мамбет, сени биздин иште-ген терапияга которобуз»,– деди. Мен: «Миран Ефимович, менин азыр эч жерим оорубайт, барбай эле коёюнчу»,– десем, болбоду. «Мамбет, бизден сен абдан текшерилип чы-гасың, керек болсо дарылайбыз»,– деди. Айла жок макул болуп, ошол замат терапияга которулдум. Баягы менин ассистенттерим баары жабылып карап турган экен, алар менин канымдын анализдерин ошол замат көрүп, угуп алы-шыптыр. Кетип баратканда, көздөрүнөн акыркы жолу уза-тып көрүшүп жаткандай сезилди, мүмкүн, кубанып жа-тыштыбы, билбейм.

Терапияда толук бир ай жаттым, тынымсыз эле каным-дын анализин алат. Дарылаган деле анчейин дарысы жок, бербейт, эч жерим оорубайт. Түнкүсүн оору таржымалым-ды издейм, эч жерде жок, табылбайт. Өзүм ойлоном, эмне оору экенин да божомолдойм, көкүрөк сөөктөн кан алган-дан кийин ойлоп калдым, канымда бир балээ бар го, кан оору го деп. Кетиришпейт. Бир айдан кийин профессорго: «Мени кетириңиз, айыктым, эч жерим оорубайт, кетире берсеңиз, бүгүн кетем»,– деп туруп алсам Вольский: «Ма-кул, Мамбет, бара бер, бирок ар бир айда келип бизден анализ өткөзүп, текшерилип тур»,– деди. Мен: «Миран Ефи-мович, эми айтыңызчы, мен деле врачмын го, эмне менен оорудум, оорумдун аты, диагнозу эмне?» – десем, профес-сор Вольский бая мен издеген оору таржымалымды өзүнүн

столунун тартмасын ачып, ошол жактан алып чыкты. «Мамбет, сен адеп ооруп калганда, бая биринчи күнү тынымсыз кан алып текшерди деп жатпайсыңбы, мына ошондогу анализиң бүт бардыгы кан оорусу (острый лейкоз), кан рагы болуп чыккан. Бирок эртеси Миррахимов төш сөөгүңдөн кан алганда, анализиң таза чыгып, бул оору болбой калды. Андан кийинки анализдериңдин баары таза чыкты, ошон үчүн сени бул жерде бир ай кармап байкап, кез-кез анализдериңди текшерип турбадыкпы. Сактыкка кордук жок, Мамбет, кез-кез келип каныңды текшертип тур»,– деп коё берди.

Булардын ойлогондору дагы туура. Мурунку жылы так ушул клиникада карындашым Урупай 17 жашында жатып, ушул кан оорусунан (острый лейкоз) болуп өлгөн. Чыгып, кайра ишиме киριштим, бирок баягы көзүмдөгү тоголок жоголбойт. Көндүм болуп калды, бир колум ар дайым ошондо, ушалайм, өөдө карай сөөгүнө такап абдан басып кысам, оюмда, жарып жоготоюн деййм, болбойт, жоголбойт, эч оорубайт.

Москвага кеттим, илимий адабияттарды окуп, көрүп, жыйнап, керектүүсүн ала келиш керек. Кетээрде Максим Ефимович Москвадагы өзүнүн окутуучусу, профессор Огнев Бориске кат жазып берди: «Жардам берип койсоң, жакшы бир адиске көрсөтүп»,– деп. Огневди издеп барып, үйүнөн кезиктим. Өтө зор, улгайып калган киши экен, сүйлөгөнү укмуш, мага абдан жакты. Москвага келгенимдин ал-жайын түшүндүрүп бердим, негизгиси китепканага келгенимди айтып, быяктан жасаган материалдарымды, айрыкча, өзүм дары куюп дарылаган бөйрөктүн кан тамырлары, сийдик чыкчу түтүктөрү тартылган сүрөттөрдү көрсөттүм. Дарыларды ким куюп, жасады эле деп сурап калды, мен өзүм десем, мактап койду: «Жарайсың абдан сапаттуу рентген сүрөттөрү экен»,– деп. Себеби бул адам союзда бирден-бир атагы чыккан хирург жана анатом эле. Анан Максим Ефимовичтин катын көрсөттүм, окуп туруп

ошол замат Талковский деген профессорго телефон чалды, кат жазып берди. Ал Москвада көз оорулар кафедрасынын профессору экен, издеп жүрүп таап бардым. Огневдин катын окуп туруп, мени ошол замат кабыл алды. Бою кичинекей, толук, көзү бакырайган, орто жаштан өтүп калган киши экен. Көрүп, анализдеримдин баарын ала бардым эле, өзүнүн аппараты менен да көрүп, колу менен чукулап, ушалап абдан карады. Көрүп бүтүп, менден ооруп же башка болуп сени кыйнайбы деди, мен: «Жок, оорубайт»,– дедим. Башталышын айттым, биздеги көз оорулар кафедрасынын башчысы менин врач экенимди билбей, врачтарына мунун көзү рак оорусу дегенден башталды дедим. Бул киши ошолорду сурап турат, кете бер, сенде эч кандай оору жок деп чыгарып жиберди. Ошол замат эс ала түштүм, колум да көзүмө жолобой, чукулабай, бир суткадан кийин эсиме түшүп жатат, колум көзүмө жолобой калганы.

Эртеси эрте Ленин атындагы китепканага барып, кечке керектүү адабияттарды таап алып, жабылгыча отурдум. Медициналык китепканага да бардым, жанталашып окуй баштадым. Эки-үч күндөн кийин дагы китепканага бараткам, бир оору башталды, алым жок, жакшы баса албайм, башым айлангансыйт. Айлам кетип, Боткин ооруканасына барып, кабыл алуу жерине кирип, дежур врач отурган экен, сурандым, көрүп берсеңиз, негедир алым жок, башым айланып жатат деп. Врач ошол замат канымдын басымын текшерип калды, эки-үч жолу текшерди, дагы эле сөз жок калдактап калды, телефон менен бир жакка чалды, «тез-тез деп эле, эки медик носилка көтөрүп кирип келишти. Мени жатыңыз деди, көтөрүп алып эле жөнөштү, мен жатам, дагы эмне балээ болуп кетти деп. Алып барып, бир палатага кыймылдабай жат деп жаткызып салышты. Бир аздан кийин дагы бир башка врач келип, мени менен сүйлөшүп, ал-жайымды, кайдан, эмнеге келгенимди сурап, эмнең ооруйт деди. Мен: «Эч жерим деле оорубайт, алым кетип, жакшы баса албай, башым кичине айланат, болго-

ну ушул»,– дедим. Тиги врач дарысын чектеп, көп кыймылдабай, тынч жатыңыз деп чыгып кетти. Жатам, жүз түрлүү ой кетип, ойлоп коём, ушул Москвага келип балээ боломунбу деп. Мен эмес, ар бир адам ооруганда көбүнчө жаман жагына жоруп, коркконсуйт. Укол жасай башташты, эки күндөн кийин эч жерим оорубай, баягы белгилер жоголду, мурункудай өз калыбыма келип калдым.

Үчүнчү күнү врачка ал-жайымды айтып, мени кетириңиз, мен бул жакка бир айга гана келгем десем: «Врачым жок, сиз жок дегенде бир ай жатасыз»,– дейт. «Эмне үчүн, мен азыр кадимкидей абалдамын эч жерим оорубайт»,– десем да болбойт. Сурадым, эмне менен жатам десем, биринчи келип көрүнгөндө кан басымыңыз 80/60, түшүп кетиптир, норма 110/60, ылдыйкы деңгээлге түшүп кеткен, бул басым менен иштегенге, басып жүрүүгө болбойт деди. Кетейин деген күнү көрсөттү, азыр оңолуп калдыңыз, басымыңыз 90/60 болуп калды деди. Булардын оюу, дарылап, 110/60 жеткириш керек экен. Мен болбодум кетем деп, уруксат бербесе да, күчкө салып кеттим.

Ошентип Москвага биринчи барып ишимди бүткөзүп келдим. Ошого чейин кандын басымынын жогорулашын билчү эмес экенмин. Ошондон кийин кез-кез кан басымымды текшерип калчу болдум. Көрсө, башынан эле кан басымым ылдый экен. Ушул күнгө чейин 90/60дан ашпайт. Кийинчерээк, жаш улгайган сайын, азыр кээде 110/70 болуп калды. Москвага барганда түшүп кеткен себеби, башка жерге барганда жер которуп, абасы, климаты, тамак-ашы дагы башка, ошон үчүн жаңы жерге көнгүчө кандын басымы түшүп кетет тура. Анан ошол жерде, 3–4 күн өткөндөн кийин, алардын шартына көнө түшүп оңолуп, мурункудай – өз жериңде жүргөндөй өзүңдү жакшы сезип калат экенсиң. Эмне үчүн менин кан басымым ушундай, өзүм ойлойм, кан басым деле адамдын мүнөзүнө жараша болсо керек. Менде, мүнөзүмдү айтпадымбы, «тормозум» начар деп. Бирдеме көрсөм, уксам, көзүм жетсе, ачуум тез келип,

көзүнө карабай шар бетине айтып калмайым бар. Жаш убакта колум, бутум да тилим менен кошо кетип, бирге иштешип жиберчү, ошон үчүн ичте болгон бук ошол замат тез тышка чыгып кетип, кан басымым көтөрүлбөсө керек. Менин оюмча кан басымымдын көтөрүлүшү өзүнчө чоң оору, адам болгон ачуусун, капа-кайгысын, көргөн-билгенин айта албай, ичине сактап, бук болуп жүрө берсе, мына ушундай адамдарга басым көтөрүлүүсү сөзсүз болот. Муну мен беш колдой билем ишенем. Бул кан басымы жогору адамдар үчүн өтө коркунучтуу, өлүмгө оорунун көпчүлүгүн нерв системасы алып келет. Бир эле мисал, эчтекени ойлобогон, капа-кайгыны билбеген адамдардын ден соолугу ар дайым түзүк болот.

Мынабу жогоруда айтылып кеткен менин оорум нерв системасына байланыштуу. Биринчи эле врачка – көз доктурга кайрылганда, байкабай рак деп айтып алып, ошондон уланып, бир бирине жабышып ырбап кетти окшойт. Канча азап көрдүм, Москвада профессор Талковскийдин бир эле сөзү – сенде оору жок деген сөзүнө ишенгенимдин себебинен, бир заматта айыктырып салды. Айтпадымбы, колум ошол замат түшүп, көзүмдү ушалабай, унутуп койдум. Фрунзеге келип, эсиме түшө калып, колум менен издесем, баягы тоголок катык шишиктин дайыны жок, жоголуп кетиптир. Ойлодум, көптөн бери колум менен ушалап жүрүп таркап кетсе керек деп. Экинчиси, авторитеттүү адис айткандан кийин, нерв системам оңолуп, жоголууга жардам берсе керек. Көпкө чейин ойлонуп жүрдүм, бул кайдан пайда болду деп. Кийин-кийин ойлосом, окуп жүргөндө көп мушташтым эле, көзүм далай эле көгала болуп шишиген, мүмкүн, ошондо кан агып уюп, катып калса керек. Анан мен ар дайым колум кетпей ушалагандан кийин тарап жок болсо керек. Ошол бойдон жоголду. Мен өзүмдүн ишимдин практикасынан көрүп-билип жүрбөймүнбү, врачтын тили, сөзү бир четинен ооруган адамга дары, бир чети уу. Бул чындык. Ошон үчүн мен окуучуларыма ар дайым

айтам, ооруну көргөндө, диагноз коюш оңой эмес. Ошон үчүн, эгер көргөндөн кийин 100% ишенген болсоң, ооруган адамга, туугандарына айтсаң болот. Эгер өзүңө өзүң ишене албай, туурабы, туура эмеспи деп бүшүркөп турсаң, анда толук түшүнмөйүнчө, ооруган адмга айтпаш керек. Өзүңүн алың, билимиң жетишпесе, башка билген окуттуучу хирургдардан сурап, жардам алуу керек. Азыр кошумча жардам берүүчү аспаптар, аппараттар, лабораториялар бар. Муну ушулардын жардамы менен диагнозун туура коюуга болот. Оору тез өтүшүп кетпеш үчүн, биринчиден, эң негизгиси туура диагноз коюу зарыл. Диагноз туура коюлса, операция жасай электе эле 50% айыктырып койдум десем болот. Ар дайым эсте болуш керек, айрыкча, айыкпай турган оорулар жөнүндө, рак, кандын оорусу (лейкоз), нервдин кээ бир оорулары оңой менен айыкпаган оорулар – мына ушулар жөнүндө сөз болгондо байкап, сак болуш керек. Себеби ар бир ооруган адам көргөнүңдө, сүйлөшкөндө сенин көзүңдү, кейпиңди чыдамсыздык менен карап байкап турат, эмне дээр экен деп.

Дагы деле ассистент аялдар менин артыман аңдып, эмне шылтоо таап жоготсок деген ниет ойлорунда бар экенин такай жүрөгүм менен сеземин. Бир күнү эле мединституттан комиссия келди деп калышты, баарыбызды профессордун кабинетине чогултту. Эмне комиссия экенин тиги уюштурган топ билсе керек, менде түшүнүк жок, чогулдук. Комиссия үч киши экен. Эсимде, Жанузаков Медер деген жетекчи экен, бул адамды көп таанычу эмес элем. Философия кафедрасынын доценти, менден улуураак аял албаган неме. Сөздү Жанузаков баштады. Профессорго: «Максим Ефимович, силердин кызматкериңердин, ачык айтканда, Мамакеевдин үстүнөн директордун атына арыз түшүптүр. Мединституттан комиссия түзүп, бизди текшерип келгиле деп жиберди»,– деди. Каттын маанисин окуп берди, бир санитарка, эки медсестра арызданып, кол койгон экен. Жазган адамдардын өз оозунан угалы деп, бирден чакыра баштады.

Биринчи санитарка аялдын аты-жөнүн билбейм, эсимде жок. Кирип келди, мен бул санитарканы көп таанып байт экем, менден улуураак орус аял экен. Жанузаков сурап жатат, сиз ушундай деп Арызга кол коюпсуз, биз өз оозуңуздан угалы дедик, айтып бериңизчи? – деп. Тиги санитарка: «Ошол түнү дежурный элем, күндүз Мамакеев дагы дежурный экен, түнкү саат 1де мени чакырды»,– деп баштады. Ошол профессордун кабинетинде кичине эски тапчан турчу эле, түнкүсүн тынч болсо, анда эс алып уктап чыкчу элек. «Мени Мамакеев судна алып кел деди, алып келдим, менин көзүмчө толтура чычып, алып чык деди, мен алып чыгып, туалетке төктүм»,– дейт. Мен отурам, мындай укмушту биринчи жолу угушум, менден сурады: Чын беле? – деп. «Мобу аялды мен көп таанып байт экенмин, бул мен үчүн жаңылык, мындай укмуш кантип болсун, мен антмек турсун, эсиме да келчү нерсе эмес»,– дедим. Тиги санитаркадан сурадым, заңдап коюп кайра ушул жерге жатып алдымбы? – десем: «Ооба»,– дейт. Дагы: «Бул сенин оюң эмес, сени ким үгүттөп, ушуну айттырып жатат?» – десем: «Бул чындык»,– дейт. Экинчи медсестра – Шура деген орус аял, бул деле менден улуураак, өң-түсү деле анчейин эмес, үйбүлөлүү аял экен. Чогуу иштеп жүргөндөн кийин, бул сестра менен өйдө-төмөн айтышып же тилдеп көргөн эмесмин. Шура: «Дежур болуп жатканда, Мамакеев мени: «Бол, мени менен жат» – деп жабышкан»,– дейт. Мен чыдабай: «А сен отказ кылдыңбы?» – десем, «Конечно, отказалась»,– дейт. Үчүнчү медсестра, ал дагы мени тилдеди, сөктү дейт. Аларды чыгарып жиберип, мага кайрылышты: «Жолдош Мамакеев, ушулардын айткандары чынбы?» – деп. Мен: «Мунун баары мен үчүн жаңылык, бардыгы жалган, атайын бирөөлөрдүн жардамы менен уюштурулган»,– дедим. Тигилер: «Өзүңүздүн көзүңүзчө айтып жатпайбы»,– дейт. Мен сурадым: «Силер ушулардын айткандарына ишендиңерби?» – десем: «Албетте, ишендик»,– дейт. Анда мен: «Ишенсеңер, мени анда азыр эле жиндиканага жибергиле, ошол

жактан дарыланайын, болбосо ушуга кантип ишенүүгө болот?» – дедим. Болбой эле, бардыгы чындык деп жазып, директорго беришиптир.

Бир аз күндөн кийин Нургазиева чакырды. Кирсем, эже ачуулуу, кабагы ачылбайт, түз эле мени жемелеп кирди: «Сен өзүң начар, тартибиң жок акмак бала экенсиң. Бул эмне кылганың, бул – хулигандык, бу силер, кыргыздардан эчтеке чыкпайт, бешбармак, чанач жыттанып эле турасыңар, карагылачы»,– деп, бир еврейди мактап кирди – ошондой боло албайсыңар». Катуу эле жемеледи. Бүткөндөн кийин, мен: «Эже, ушуга сиз дагы ишендиңизби?» – десем: «Эмне үчүн ишенбейм, бүт болгон окуя чындык экен деп комиссия жазып келсе?» – дейт. Чындыгында, эженики дагы туура, комиссиянын жазганын айтып жатат да. Мен: «Эже, мунун баары жалган, бирөө дагы чындык эмес, муну жанагы ассистенттер, хирургия бөлүмүнүн жетекчиси уюштуруп, жасап жатышат. Булар мени жогото албай жатышат»,– деп жанталашсам, эже болбоду. «Сен кетесиң, сени кетиребиз»,– деди. Кейпин көрдүм, түшүнөөр эмес. «Болуптур, эже, кетире бериңиз, эмне себептен кетирип жатасыз, толугу менен жазып, приказыңызды бере бериңиз. Советтер Союзу орногону чын болсо, калыстык деген болоор, мен дагы көрүшө жатаармын» – деп чыгып кеттим.

Ошол бойдон көпкө чейин тымтырс, унчукпайт, сөз болгон жок. Бир күнү дагы чакырып жатат деген кабар келип калды. Ким чакырып жатат десем, доцент Шубладзе Борис Константинович дейт. Бул адам Ахунбаевде доцент болуп иштечү, директор Нургазиеванын орун басары, улутун грузинмин дечү. Кийин, мен чоңоюп калганда, бир жерден, профессор Знаменский – оперативдүү хирургиянын жетекчиси, абдан сылык, зыңкыйган, жакшы адам эле, ушул Шубладзе менен айтышып кетип, ошондо Знаменский Шубладзеге: «Борис Константинович, сиз улутуңуз еврей эмеспи, эмне үчүн грузинмин деп жашырасыз?» – деп кармашып кеткендерине күбө болуп калдым эле. Ушул Шубладзе

чакырыптыр, Нургазиева отпускага кетип, ордуна калган экен, мүмкүн, Нургазиева тапшырса керек. Шубладзе дагы опузалап: «Сен арызыңды жазып, өз ыктыярың менен кете бер, ишиң чатак»,– дейт. Мен дагы аны менен айтышып жүрбөйүн деп: «Мен өзүм каалоом менен кетем деп арыз жазбайм, мени силер кетирип жатасыңар, эмненин негизинде чыгарып жатасыңар бергиле приказыңарды, анан мен кетейин, кеткенде дагы калганын көрүшө жатайын»,– деп чыгып кеттим.

Дагы бир топ күнгө чейин дайыны жок, приказы дагы жок. Бир аз күндөн кийин дагы чакырып жатат дейт. Дагы чуркап келсем, эми Исаев Александр Никитич деген доцент чакырыптыр, партия тарыхы кафедрасынын башчысы жана партбюро катчысы болсо керек. Эми Нургазиева, Шубладзе экөө тең жок, Исаев калган экен. Көрүнүшү өтө зор, толук келген, кашка баш, курсактуу адам. Бизге келгиче, көп жыл республикалык партиялык мектептин директору болуп иштептир. Мен көп деле таанычу эмесмин, анда мен тааныгандай көрүнүктүү деле иш кыла элек элем. Исаев директордун кабинетинде отурган экен. Учурашып, жакшы кабыл алды, маңдайына отургузуп, «Мамбетчик» – деп баштады, мен кубанып калдым, минтип эркелетип айтканына караганда, ишим түзүк го деп ойлоп. «Сенин ишиң чатак экен, көп узартып чатакка айлантпай, ырбатпай, мен сага кеңеш берейин. Эптеп арыз жазып кет, бир-эки жыл өтүп унутулгандан кийин кайра келесиң, келишке жардамдашам»,– деди. Мен көзүн карап туруп көрдүм, далайды көргөн, партиялык иште иштеп такшалган киши, анан партмектепте ал убакта анчейин деле билимдүү кыргыздар окубаса керек, мени баласынтып, анан директор, дагы Шубладзе экөө тең түшүндүрсө керек, эптеп мындан кутулалы десе керек. Бир аз байкап карап отуруп: «Макул, эмне деп, кимдин атына арыз жазайын»,– десем: «Директор Нургазиеванын атына»,– деди. Эмне деп жазайын десем, мен айтып берем деп диктовать этип кирди. Мен

жазып бүтүп, аягына: «Исаевдин диктовкасы менен жаздым»,– деп жазып койдум. Исаев: «Молодец, мурун эле ушинтип, ызылдатпай, тынч эле кете берсең дурус болмок»,– деди. Арызымды алып, кол коёюн деп жатып, сүрү бузула түштү: «Ой, бала, бул эмне деп жазганың, Исаевдин диктовкасы дегениң?» – деп. Мен Исаевге: «Сиз диктовать эттиңиз да, а менде арыз жазыш оюмда жок болчу»,– десем. «Ээ, бала, сен көрсө, опасный бала турбайсыңбы, сени эми биз башка жол менен жоготобуз»,– деп турбайбы. Мен арызымды ала коюп тытып, билгениңди кылып ал деп ыргытып басып кеттим, ошону менен тынчыдык. Кийин чогулуп алып сүйлөшсө керек, бул желмогуздан кантип кутулабыз деп, ошол бойдон чыгара алышкан жок.

Ойлойм, булар деле жаман-жакшыны көргөн адамдар – ишенишкен эмес. Бардыгын уюштуруп, жалган нерселерди ойлоп жасаганына көздөрү жеткен. Кийин мен кандидаттык диссертациямды коргоп жатканда, илимий кеңеште толтура зал, ошондо Исаевге ыраазы болдум. Оппоненттер сүйлөп бүткөндө, сөз алып сүйлөп калды. «Мен силердин алдыңарда ушул Мамбеттен кечирим сурайм»,– деп турбаспы. Ошентип туруп кечирим сурап айтып берди, мен карыган «келесоо» дегендей айтты, тигилердин жамандаганына, суранганына, айтканына макул болуп, аз жерден Мамбеттин убалына калып кала жаздадым. Ошондо мен түшүнгөм Мамбеттин ким экенин, ким болоорун, биздин кысымга, жүргүзгөн амалыбызга макул болуп кеткенде Мамбеттин тагдыры эмне болот эле? Мамбет балам, кечирип кой»,– деп түшүп кетти. Андан кийин, ассистент болуп иштеп жүргөндө, ушул Исаев менен мамилебиз өтө жакын болуп кетип, аялы, башка жакын кишилери ооруп калса бечара киши мага ишенип, алып келип, операция жасатып жүрдү.

Эми ушунун тарыхын аягына чыгарып коёюн. Кийин доцент болуп калгам, ушул азыркы кечиктирилгис хирургияга биротоло кафедрабыз менен келип калдык, мен дагы

эле түнкүсүн дежур хирургмун, дежур болбосом деле, тез-тез кыйыныраак оорулар түшсө, консультацияга чакырышат. Бир түнү дежур хирург элем, саат түнкү ондордо ошол менин үстүмдөн арыз жазган: «Мени менен жат» – деди деп жазган сестрам Шуранын күйөөсүн тез жардам машина менен бакыртып алып келип калды. Көрсө, ашказанында жарасы бар экен, ошонусу тешилип, оор акыбалда алып келишти. Бул оору менен ооруганда, ич көңдөйүнө тешик аркылуу ашказанда эмне болсо ичкен тамагы, тамакты аш кылчу кычкылтек, туз кислотасы куюлуп агып кирет. Айрыкча, туз кислотасы жана өт – булар ачуу химия да, ушул ичке бычак сайгандай катуу оорутат. Ооруган адам эс-учун жоготууга барат, бул оору экени билинсе, тез операция жасап аман алып калбаса, майып болуп калууга алып барат. Эч кандай дары жардам бербейт. Артынан аялы Шура кирип келди, ошол бойдон көрө элек элем. Кирип келип эле, мени көрө коюп бутумду кучактап, чөгөлөй калып жыгылды, өкүрүп ыйлап жатат. «Мамбет, мен эми баарын айтып берем»,– деп. Мен унута баштадым эле, туруп: «Шура, тур»,– дедим. Билмексен болуп: «Эмнени айтып берем деп жатасың?» – деп. Күйөөсү билет экен, онтоп чыдабай жатып, аялына: «Сука, мен ошондо айтпадым беле, кийлигишпе, макул болбо, күнөөсү жок кишиге жабышпагыла деп. Мен ошондо эле билгем, бул бечаралардын күнөөсү жок, тиги Пухова, ассистенттердин ойлоп таап, буларды азгырып макулдатканын»,– деп жиберди. Мен эсиме түшүп: «Бол, Шура, эми айтып бер, күйөөңдүн ден соолугу, аман калышы менин колумда»,– десем, күйөөсүнүн көзүнчө айтты. Ошондо мен тигилердин азгырганына, айрыкча, бөлүм башчы Пухова Дина Петровнанын күн-түн дебей азгырып, болбосоңор иштен айдайм дегенине карап макул болуп, тигилер жазып, бизди кол койдурган»,– дейт. «Баарын угуп эми мунун баарын жазып бер, анан операцияга кирип, күйөөңдү аман алып калып айыктырам»,– дедим. Макул болуп, титиреп жатып баарын жазып берди, күйөөсүн опе-

рация жасап, ашказанындагы жарасы жарылган экен, ашказандын үчтөн экисин алып салып, айыгып кетти. Таң аткыча, ошол убакта болгон окуя канча менин нервимди туздап, канчалык кыйналгандарым эсиме түшүп, кайра бүт эсиме салып чыктым.

Эртеси профессорум Максим Ефимович келээр замат кирип барып, болгондун баарын айтып, Шуранын айтканын, жазганын көрсөтүп: «Эми, Максим Ефимович, ошондо мени эмне кылбады эле, эми булардын акесин окутам»,– десем, Максим Ефимович чочуп кетти да, бир аз унчукпай отуруп калды. Мен кетейин деп козголдум эле: «Мамбет, отура турчу»,– деди. Айта баштады, канча жыл өттү, унутулган иш, козгобо дейт. Мен: «Жок, Максим Ефимович, козгогондо, кандай козгойм, байкап туруңуз»,– деп жөнөдүм эле, Максим Ефимович менин артымдан жөнөп: «Мамбет, сен мени урматтайсыңбы?» – дейт, мен: «Сөзсүз урматтайм,– десем,– анда мени угуп, менин сөзүмдү сыйлап кой»,– дейт. «Максим Ефимович, ошондо мени эмне кылбады эле, а сиз ошондо билип туруп унчуккан жоксуз»,– деп жибердим. Мен кийин да, чоңоюп калганда, кээде ойлоп жүрдүм, бу кандай болуп кетти, Максим Ефимович жетекчибиз болуп туруп, ошол топ аялдар бу кишинин ассистенттери эле, ошентип мени талап жатканда бир калыс сөзүн айтып: «Ой, токтогула, жетишет»,– деп койсо, муну тигилер уюштурбайт беле? Кийин мен доцент болуп, Максим Ефимович менен кээ бир маселелерди кеңешип, ачык сүйлөшө баштадык. Ошондо да, ылайыгы келе калганда айтчумун, өзү өтө маданияттуу, оозунан жаман сөз уккан эмесмин. Айтып калчу, баары эле ажылдап жатса, кээде ишенип кетчүмүн деп. Мен тырышып болбодум, жок, бул ишти кайра козгоймун деп, ал күнү болбодум. Эртеси чакырып алып, профессор дагы: «Мен, Мамбет, сенден акыркы жолу сурандым, мени кичине сыйласаң, бул ишти козгобо, унутулган ишти кайра козгобо»,– деп артыман калбай сураныш туруп алды, акырында, мен макул болдум.

Кийин ойлосом, ошондо Максим Ефимович билген, билсе да билмексен болгон, бул эмдигиче мен үчүн табышмак. Аспирантураны 1958-жылы бүттүм, кафедрага ассистент болуп калдым. Июлдун башында, жылына 4-курсту бүткөндөр эки айга райондорго, областтарга чоң ооруканаларга практикага жиберилет. Ошол жылы Нарынга практикага 20 студент бармай болду, мени жаш ассистент катары ошолорго жетекчи кылып жөнөтүштү. Нарынга бардым, ал жерде мени менен чогуу бүткөн Чокморов Жусуп өтө жакшы жолдошторумдун бири эле. Ал адегенде областтык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы, анан областтык ооруканапын башкы врачы болуп иштеп жаткан экен. Мен түз эле Жусуптукуна түштүм, Жусуптун аялы жоош, адамкерчиликтүү аял эле, мугалим болуп иштейт, үч балалуу, өзүнчө үй-жайлуу болуп, жакшы турушат экен. Мен бараарым менен экөө тең ал-жаны калбай Жусуп: «Мамбет, эч жакка барбайсың, ушул үйгө биздикине канча болсо жатасың»,– деп, бир үйүн бошотуп, мага даярдап беришти. Аялына ыраазы болгонум, эртели-кеч курсагымды ачырбай, жакшы эле багышты. Жусуп ишке өтө тың, уюштургуч, өзүнүн ишин билген, абдан жакшы адис эле. Кийин жашы келип калганда айылына, Тоңго башкы врач болуп кетиптир, аялы өзүнөн кийин бир жылдан кийин кайтыш болду дейт.

Эми ошол 1958-жылы Нарынга студенттер менен практикага барганда эсимде калгандардын кээ бирин эскерип кетейин. Нарынга баргандын эртеси эле ооруканага келип, студенттерди чогултуп бөлүштүрүп, эмне кылыш керек, кандай практика өтүш керек – бардыгын түшүндүрүп бердим. Анда 4-курсту бүтүп барган студенттердин милдети – укол куйганды, ашказанды жууганды, клизма жасаганды үйрөнүү, ооруп жаткан адамдарга жардам берүү, жаткан жерин оңдоо, көчүк-башын тазалап-жууганга жардам берүү. Операцияга катышып, ассистенттик кылуу, оору таржымалын жазганды үйрөнүү жана ушул өңдүү кийин врач

болгондо керек болчу нерселерди ушул практикадан үйрөтүп барышыбыз керек. Менин жетекчи катары милдетим – күнүгө булар менен сабак өтүү жана хирургияга даярдоо.

Ошентип, абдан активдүү иштей баштадым, областтык оорукананын кейпи ошол убакта абдан эскирген, начар абалда экен, хирургдары деле жокко эссе. Эки-үч күн өткөндөн кийин бат эле Фрунзеден чоң доктор келди деп угуп калышса керек, ооруган адамдар чубап келе баштады. Саат бештерде, күүгүм кире баштаганда Жусуптукунда эс алып жатсам, аялы Маке: «Эки-үч киши келиптир, сени сурап эшикте турат»,– дейт. Чыксам, эки адам турган экен: «Биз сизге келдик эле, көптөн бери оорукчан аялыбыз бар, ошону алыстан – жайлоодон атайын сизге көрсөтөлү деп алып келдик»,– дейт. Мен: «Кайда ооруган кишиңер»,– десем, эшикте турат дейт, короодон чыксам, бир бээ турат, таң калганым, кайда десем, бээнин үстүн көрсөтөт, карасам, жоош бээ экен, ээрдин үстүнө эки капталын жыгачтан байлаштырып төшөк салып, анын үстүнө жаткызып алып келишиптир. Көптөн бери ооруйт, тура да албайт, баса да албайт дешти. Жуурканды аттын үстүнөн ачып карасам, бир укмуш, бүктөшкөн сөөгү менен эле териси бар, апарык, араң жаны бар адам жатат, курсагы казандай шишик. Түз эле ооруканага жибердим, жаткызгыла деп, бир аздан кийин бирөө келди албай койду деп. Ошондон ачуум келип, ооруканага чуркап келсем, врачы, сестра турган экен, эмне жаткызган жоксуңар десем, мени көпчүлүгү тааныша элек эле, дежурный врач быякка чакырып: «Мамбет Мамакеевич, бул аялды биз билебиз, бизге эки-үч жолу жатып чыккан, диагнозу рак оорусу, өтүшүп кеткен формасы»,– дейт. Чындыгында эле көрүнүшү ошого окшошуп турат. Мен болсо, бул бечара атайын алыс жактан жанталашып келген экен, жаткызгыла, бир аз дарылап жардам берип жиберели деп, жаткыздык. Мен да ойлонуп калдым. Андай оору болсо, колубуздан эч нерсе келбейт го деп. Эмне

кылыш керек, дары-дармектерин жазып берип, ушуларды жасагыла деп сестрага тапшырып, кайра Жусуптукуна келдим. Ушул адам башымда такай туруп калды. Эртеси ооруканага келип, врачтардан: мурун жатып-кетип жүрүптүр, ошол оору таржымалын мага таап бергилечи десем, таап келишти. Чындыгында эле бардык оору таржымалында аялдардын рак оорусу деп жазылып турат. Гинеколог, терапевт врачтарды чакыртсам, баары эле: бул ооруну билебиз, өтүшүп кеткен – деп, үйүнө чыгарып беришкен экен. Ооруган адамды бир нече жолу студенттер менен көрдүм, эми арыктап териси менен сөөгү эле калган. Колу-буту көптөн бери эле кыймылдабай, бүк түшүп жатып жүрүп, колу-буту дагы жазылбай калган. Колу-буту, муундары бир жума кыймылдабай, иштетпей бир калыпта жатып калса, ошол бойдон түзөлбөй, сунулбай катып калат, ооруганы беш-алты жыл болуптур.

Үч-төрт күн өтүп кетти. Жусуптукунда жаттым эле, ушул аял бечара оюмдан кетпей койду. Ойлондум, эгер көптөн бери ооруса, рак деп коюшса, эмне үчүн эмдигиче жашап келатат? Мындай өтүшүп кеткен болсо, эчак эле кайтыш болуп калат эле го деген ой кетти. Тура калып эле ооруканага чуркадым, келип сестрага шприц, новокаин даярда дедим. Шприцке новокаин куюп туруп, ичинин чоңдугу мына-мына төрөйүн деп турган аялдардын курсагындай, ошол шишикке оорутпай турчу новокаин дарысын куюп, жоонураак ийне менен сайып тартсам эле, коюу ириң атып чыкты, ошол замат эртең операцияга даярдагыла деп кеттим.

Эртеси операция жасадым, жаңкы шишиктин чоңдугу укмуш, мындайды буга чейин көрө элек элем. Козголбойт, тышка чыгарууга, алышка мүмкүн эмес, чоң, жоонураак ийне сайып, төрт литрге чейин ириңин сордуруп, тиги шишиктин көлөмү кичирейип, анан кескен жараны тышына чыгарып, бүтүндөй алып салдым. Рак оорусунун жыты жок экени түшүнүктүү болду. Бул оору аялдарда болот.

Аялдардын жыныстык органынан, жумурткасынан ыйлаак-тап өсүп отуруп, адегенде ичинде суу болуп, ошол сууга инфекция аралашса ириңдеп кетет. Ириңдегенде, ооруган адамдын акыбалы өтө начарлай баштайт, алганда 15 кг чыкты. Калган органдары – ичеги-карды, жатыны, бардыгы таза, врачтар, студенттер баары карап турушту. Катачылык кетиргендерин мойнуна алышып, унчукпай шылкыйып турушту. Мындай катачылык врачтар арасында боло берет, ойлош керек, анан абдан тыкандык менен текшерип, өзүлөрү күмөндөр болсо, диагнозун башка тажрыйбасы бар врачтарга же ошол оору боюнча адистерге жибериш керек. Анан жана менин оюма кылт эткен ой – эмне үчүн рак болсо, мынча көп жашап жүрөт?

Ошол менин бир кылт эткен оюм бул аялды аман алып калды. Операциядан кийин колу-бутун күчкө салып түздөп оңдодук, ал-акыбалы өтө начар, араң эле жаны бар, дарыдармектин дагы көпчүлүгү жок. Кан басымы өтө ылдый, араң эле дем алат, организми ушунчалык начарлаган, эмне кылыш керек? Кээде операция 100% айыктырып жибербейт. Операция кээде 50% жардам берсе, 50%ында операциядан кийинки камкордук, дары-дармек жардам берет. Ооруканада жанагы эле глюкоза, физраствор. Азыркыдай канын толтурчу, алмаштыруучу дары-дармектин ал убакта Нарында жыты да жок. Эртеси карасам, ушунчалык оор, кандай болбосун кан таап куюш керек болуп турат. Кан дегендин жыты жок, оюма шак түштү, студенттер ар дайым мени менен чогуу ооруну тегеректеп карап турган, 20 студентти карап туруп: Тез каныңардын группасын текшергиле»,– десем, кээси: «Эмне болуп кетти, агай?» – дешет. Бул оорулууну аман алып калыш үчүн кан керек, силер, каныңардын группасы туура келгендер бергиле десем, Кудай жалгап, баары макул болуп, тез-тез канынын группасын текшерип жиберишти, 20сынын төртөөнүн канынын группасы туура чыкты. Ооруган адамдын жанына отуруп алып, тиги студенттерди жакын жат-

кызып, шприц менен канын алып, түз эле тиги оорулууга куя баштадым, төртөөнөн 800 гр кан алып куйдум. Ооруган аялдын ал-акыбалы оңоло түштү, кан басымы жогорулап, өңү кызарды. Кичинеден тамак-аш ичире баштадык, операцияга чейин арыктап катып калганынын себеби, ичеги-карды таза болсо, дагы жаңкы килейген ыйлаакча өсүп, ичеги-карынды кысып отуруп эчтеке өткөзбөй калган. Ошон үчүн тамак иче албай, арыктап катып калган. Мен күн-түн дебей студенттерим менен ушул оорулуунун жанындамын. Менде көндүм болуп калды, ушу күнгө чейин, эгер ушундай өлө турган оорулууларды аман алып калсам, мен үчүн чоң кубаныч, чоң жеңиш. Ошондогу студенттериме чоң ырахмат, кийин булар институтту бүтүп, республиканын булуң-бурчтарында ийгиликтүү иштеп жүрүшөт. Ошондон бери 50 жылдан ашып калды, ушул китепти окуп калышса, эстерине түшөөр. Ошентип, жанталашып жатып, бул аялды бутуна тургузуп, айыктырып алдык, мен кеткиче жатты. Менин көзүм жетти айыгып кетишине, убактым бүтүп Фрунзеге кете бердим.

Кийинки 1959-жылы, мен диссертациямды жактап алдым, жактаганда кедейчилик, анча-мынча жууп коёюн деген оюм бар эле. Эчтекем жок деп турсам, ага туугандар колунан келген жардамдарын көрсөтүп, үйүмө кой, тоок, ун, алма дегендер толуп чыкты. Ошентип жатсак, үйгө бир жаш эле зыңкыйган аял бойго жеткен кызы менен кирип келди. Адегенде мен чочулап тааныган да жокмун, кирип келип эле мени басып жыгылды, бетимден өөп, жалынып ыйлап да жатат. Бир аздан кийин тааныдым, баягы катып калган «кемпирдин» шеги да жок, зыңкыйган, сопсонун жаш эле аял экен, жанындагы жалгыз кызы экен, күйөөсү армиядан кайтыш болуптур. Ушул бечара аял Нарындан менин диссертация жактоом болоорун угуп алып, бир семиз коюн, бир мүшөк унун алып, жүк тартуучу машинага салып алып жетип келиптир. Ошондон көп жылга чейин кат жазып турушту. Кызы кийин аялдар институтуна ки-

рип, бүтүп кетти окшойт. Кийинчерээк кабары чыкпай калды, эмне болгонун билбейм. Ошентип, Нарында эки айга чейин иштеп калдым, көптөгөн операцияларды өтө ийгиликтүү жасап, айыктырып алкышын алып келдим.

Жусуп байкуш көрдү, иштеген кишинин ийгилиги болсо, эл арасында чоң кадыр-баркка жетесиң. Кез-кези менен Жусуп аялы экөө: «Ай, Маке, бир-эки ай келип иштеп бербейсиңби?» – дешет, мен: «Жок, дейм. Себеби байкуш кыргыздар бул жагынан мактансак болот, ошол убактагы кыргыздарды айтып жатам, Жусуптукуна жатып жасаган операциялардын туугандары күнүгө кымыз, козу алып келет. Кетээрде ушунчалык сый-урмат менен узатышты, Жусуптукуна 5–6 козу келди. Кийин Фрунзеге келген сайын Жусуптан: «Ай, Жусуп, баягы мага келген козулар, канча жыл өтүп кетти, ошондон бери төлдөп жатып, менин эсебимде көп эле болуп калды, качан алып келесиң?» – деп тамашалап калчу элем. Жусуп байкуш: «Болот, болот, Маке»,– деп койчу эле.

Келип иштеп жүрөм, ассистент болуп жарым жыл өттү, бир күнү эле министрликке Шубладзе чакырып жатат дейт. Шубладзе ал убакта республиканын башкы хирургу эле, келип кирсем, Шубладзе: «Мамбет, Нарындан, элдин атынан, область саламаттык сактоо уюмунан чоң кат келди»,– дейт. Мурун чочуп калган жайым, анда Шубладзе мединститутта директордун орун басары эле дебедимби, «Азыр тыяктан чыгып кеттим, Нарындан бир балам келген экен»,– деди. Шубладзе укмуштай митаам киши көрүндү, сезе койду, мурунку таржымалымды дагы жакшы билет: «Мамбет, бул жолу жакшы кат келди. Булар сени бизден, министрликтен сурап жазыптыр, Мамакеевди бизге, жок дегенде, эки жылга областтын башкы хирургу кылып жиберсеңер деп. Кандай дейсиң, көңүлүң болуп, баргың келсе, айт, биз жиберебиз, министрлик дагы каршы эмес. Нургазиева министр болуп калган, ойлон»,– деди. Мен да ойлоноюн деп кеттим, турмушубуз начар эле, тыяк-

ты көрүп келдим да, чынында, барсамбы деп ойлоп калдым, үйгө келип Сокенге кеңешсем, өзүң бил деди. Эртеси Максим Ефимович айтып, болгонун түшүндүрүп бердим. Максим Ефимовичке мени карап туруп: «Сен өзүң кандай дейсиң, баргың келеби?» – деп сурап калды. Мен: «Максим Ефимович, кичине оңолуп алгыча десем эле: «Баргың келип калган экенсиң да»,– деди. Мен унчукпай калдым, Максим Ефимович дагы бул жерден көз ачыктык кылды, кийин ойлосом. Мамбет, – деди,– мен каршы эмесмин, бир жагынан, экинчи жагынан, барсаң көнүп кетесиң, ээн-эркин басып каласың, анан ичкилике оой баштайсың, ошентип жүрүп эки жылда эмес эч качан келбей каласың деп турат. «Ошон үчүн, менин тилимди алсаң, барып отказ кыл, сенин ордуң бул жерде»,– деп койду. Ошол замат шуулдап барып: «Борис Константинович, мен ойлондум, барбайм»,– деп чыгып кеттим. Дагы профессорум экинчи жолу сактап калды. Чынында, ошондо күнүмдүк оокатка кызыгып кетип калсам, эмне болот элем деген чоң суроону эмдигиче өзүмө коём. Жусуп байкуш өзүнө карадыбы, андан кийин телефон чалып, келип да азгырып көрдү. Мен: «Жусуке, агитацияңы токтот, барбайм»,– деп катуу кагып койдум.

Андан кийин ишим ийгиликтүү жүрүп калды, айрыкча, хирургия боюнча. Бир аздан кийин дагы Шубладзе чакырып жатат дейт, дагы эмне балээ болуп кетти деп чуркап келдим. Шубладзе дагы жылмайып, тили укмуш, тосуп алды. Мен: «Борис Константинович, дагы эмне болуп кетти?» – деп сурап калдым. Шубладзе эчтеке болгон жок, отур, сүйлөшөлү – деп айтып кирди: «Туберкулёз ооруканасына бир грузин хирург – Цуликидзе Арчил келип, иштеп жатат»,– деп. Анда мен аспирант элем, Цуликидзе Арчил келип өпкөгө операция жасай баштаганын уккам, анысы ийгиликтүү болду. Шубладзе: «Ушул грузин бүгүн бар, эртең жок. Сен ушуга алты ай барып иштеп, үйрөнүп кел»,– дейт. «Борис Константинович, мен аспирант болсом, 6 ай ал жакта жүрсөм, ишим эмне болот?» – десем: «Алты ай

аспиранттыгыңдын мөөнөтүн узартып беребиз»,– деп жөнөттү. Келип, Максим Ефимовичке айтсам, бар,– деди. Себеби буга чейин республикада өпкө, жүрөккө операция жасала элек, жасалса дагы ийгиликтүү болбой келаткан.

Туберкулёз ооруканасы алыс, совет көчөсүнүн аягында, тери заводунун жанында экен, анда машина жок, ошого күнүгө жөө барып келем, азыр машина менен дагы бар десе, барбайм, жумуш жок болсо. Барып, узун бойлуу, кырктан ашкан, өңдүү-түстүү, мурутчан грузин экен, дагы бир врач жардамчысы – Ерусалимский Леонид деген өтө сулуу адам, менден бир-эки жыл мурун институтту бүткөн. Мени жакшы кабыл алышты, ал убакта өпкөгө операция жасоо башка клиникаларда жокко эсе эле, мен үчүн жаңылык болду. Күнүгө, күн алыс өпкөгө операцияны Арчил жасайт наркоз, новокаин менен, анда азыркыдай шарт жок,оорукана эски, аспаптар деле начар. Мен Ерусалимский экөөбүз операция болгон сайын ассистент болобуз. Өпкөнүн анатомиясын, операциясын өзүмчө окуп, үйрөнө баштадым.

Туберкулёз оорусу өтүшүп кетип, өпкөнү жеп жибергенде, чирип, ошол чириген жери керектен чыгып, дем чыгарууга катыша албай, ириңдеп – каберна деп коёбуз,– оорлошуп кетет. Бул каберна ачылып жеп отуруп, дем алчу түтүкчө ачылса, ошондон тартып оору эл үчүн, үй-бүлөсү үчүн өтө коркунучтуу, себеби жөтөлгөн, дем алган сайын туберкулёздун микробу какырык менен тышка чыгып турат. Микроб аба аркылуу башкаларга, чогуу жашагандарга жугуп турат. Хирургиялык жол менен айыктырганы ошол – чирип, ириңдеп кеткен – каберна болгон өпкөнүн бөлүгүн толугу менен алып салмай. Операция көпкө, кээде 5–6 саатка созулат. Жасап жаткан оорулуунун ал-акыбалы операция убагында кээде кан басымы түшүп кетип начарлай баштайт, ошол убакта операцияны токтотуп туруп, дары-дармек куюп, оңолгуча 15–20 минуттай убакыт кетет. Ошол эс ала калганда, Арчил, Леонид экөө, оозгу үйдө клизма жасоочу аппарат бар, анын ичине 2 литрге

чейин суу батат, тактачада илинип турат, тышынан марли менен ороп койгон, 1,5 метр келген резина шинасы, орто ченинде ачып-жаап турчу кыпчыткычы бар, ушуну ошол эс алган убакта алмак-салмак ачып, соруп ичишет. Мага бир топко чейин ич деп берген жок.

Бир топ күндөн кийин, бири-бирибизди жакшылап таанып калгандан кийин Арчил: «Эми, Мамбет, сен да соруп ич»,– деди, соруп жиберип түкүрүп жибердим, көрсө, анын ичине сүт, айран, анан спирт кошуп коюшуптур, мен ичпейм деп ичпей койдум. Арчил: «Өзүң көрүп турасың, операция көпкө чейин созулуп жатат, биздин да алыбыз кетип чарчап турабыз, жакшы сездирип күч-кубат берсин үчүн ушундан кичине-кичине ичип койсо, эчтеке болбойт»,– деди. Андан кийин мен да үйрөнүп соро баштадым, чындыгында эле, анчейин зыяны жок экен. Жүрүп отуруп, Арчил экөөбүз өтө жакын дос болуп кеттик, күн-түн дебей, кайда барса мени ала жүрчү болду. Эл арасында авторитети өтө тез өсүп, радиодон, газеттерден тез-тез бере баштады. Операция жасалган оорулуулар жакшы сакайып кете баштады, жакшы болуп кеткен төрт адамды хирургиялык коомго көрсөткөнү алып келдик.

Хирургдар Ахунбаев, Фридман, Круглов баш болуп кол чаап тосуп алышты. Оорулууларды көрсөтүп бүткөндөн кийин, дагы кол чаап узатышты. Себеби айтпадымбы, буга чейин башка хирургдарда мындай ийгилик боло элек эле.

Арчил өзү өтө март, колу ачык, жөнөкөй, сүйлөгөнү укмуш, аялы жок, кийинчерээк ушул биздин мединститутту бүткөн грузин кыз бар эле, ошого үйлөнүп, бир кыздуу болушкан. Түнкүсүн тез-тез мени ээрчитип алып ресторанга киргенде эле, Арчил музыканттын бригадириби, жалгыз грузинге кыргызча музыка ойнойсуң деп, чакырып алып акча берет. Бир аздан кийин келет музыканттар, билгенибизди ойноп бүттүк деп. Арчил кайра акча берет, кайтала деп. Бир күнү орустар: «Эмне үчүн орусча музыка ойнобойсуңар» – деп чатак чыгара баштады. Андан кечирээк көчөдө

баратканда, такси деле анчейин жок, кокус өтүп бараткан такси болсо, Арчилди көрө койгону ошол замат машинасын токтотуп: «Арчил, жылбай ушу жерде тур, мен азыр мобу клиентимди таштап келе коёюн»,– деп жөнөйт да, кайра бат эле жетип келет. Айтпадымбы, авторитети эл арасында укмуш болуп таркап кеткен деп. Дагы март жагын айтпадымбы, ресторанга, таксиге акча төлөгөндө, санап бергенин көргөн жокмун, колуна тийгенин санабай эле карматчу. Дагы бир укмуш жагы, өзү көрктүү адам эле, аялдар талай баштады, эми көп жыл өтүп кетти, ал адамдар жок, айта берсе болот го.

Бир күнү Арчил: «Мамбет, жүр»,– деп ээрчитип алды. Эл артисти Казаков орус драма театрында иштеген жакшы артист эле. Радиодон ушул артист Арчил жөнүндө көркөм жазылган текстти окуп бергенин билем. Аялы жапжаш, кийинки аялдарынан болуш керек. Ошол аялды байкап келели – деп болбоду. Мен: «Ой, Арчил, анын күйөөсү бар эмеспи? – десем: – Аны мага кой»,– деди. Эки бөтөлкө арак алды. Москва көчөсүндө, ошондо деле азыркы парк бар эле,үйү ошонун маңдайында. Анда Чыңгыз, Касым, Райкан, Сооронбай, Бейшеналиев жана башка көпчүлүк жазуучулар ошол үйдө турат экен. Бардык, мен аларды көп таанныбайт элем, тиги артист аялы экөө тең Арчилди тааныйт экен. Аялы экөө эле экен, үйүндө жакшы кабыл алышты, аялы анча-мынча закуска алып келди. Арчил алып барган арагын артист экөө иче баштады, Арчил грузинче тост айтканга маш эле, өзү дагы укмуш иччү. Бирок мас болуп шалдырап калганын көргөн жокмун, эки бөтөлкөнү экөө бүттү, тиги артист жашы деле бир топко барып калган киши экен, шалдырап кызып калды, бирок жыгылбайт. Арчил мага шыбырап: «Муну алаксытып сүйлөшө тур, мен дагы бир бөтөлкө арак алып келе коёюн»,– деп чуркап кетти, тез эле келди. Дагы сайрап отуруп, артистке алдырды эле, артист бечара жылып эле үстөлдүн астына жыгылды. Арчил: «Эми бул үйдө биз кожоюн, кел, жар-

дамдаш»,– деп артистти сүйрөп көтөрүп, жатаканасына эсиучу жок жаткызып койдук. Аялы өлүп баратат Арчилге, Арчил мени тышкы үйгө отургузуп, туруп тур деп, тиги аял менен бир үйүнө кирип кетти. Мени тиги аял көзүнө да илген жок, көрсө, Арчилди көздөп жүргөн экен. Бир топтон кийин чыгышты кызарып-татарып, бир аз отуруп кеттик. Жолдо келатып Арчил төшүн көрсөттү, грузин эмеспи, төшү деле жүнүнөн эти көрүнбөйт. Арчил мага көрсөтүп, төшүнүн эки жерин аябай көгөртүп салыптыр, мен: «Байланыш бар беле?» – десем: «Жок»,– дедим. Бирок ыраазы болуп калыптыр, андан кийин деле ошол «методго» салып кезигип жүрдү окшойт. Мединститут Арчилди сурап, 6-курска дагы лекция окуп жүрдү.

Кийин менин убактым бүтүп, өз ишиме кеттим. Жүрүп отуруп жаңы имарат салынып, туберкулёз институту ачылып калды. Хирургия жагын Цуликидзе башкарып, институттун директору Нишанов деген өзбек болуп калды. Бул адам улгайган, Ысык-Көлдө областтык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келген киши эле. Көп деле тааныбайм, ушул киши Арчилдин артынан түшүп изилдеп же документтер менен шектенгенби, билбейм. Институтту Грузиядан, Тбилисиден бүткөн. Эски документтери бар экен, же ошондон шек санаганбы. Нишанов дагы көптү көргөн, көптү билген киши болсо керек, ошону билейин деп Грузияга, Тбилисиге кат жөнөтөт, ушундай адам – Цуликидзе баланча жылы силерден бүткөн экен деп. Тбилисиден жооп келет, мындай студент болгон эмес деп. Ошондон тартып Нишанов артынан түшүп, изилдей баштайт.

Чындыгында, Арчил институтту бүтпөптүр, ошондон чоң чатак чыгып иштен айдалат. Арчил Алматыга барып, мамлекеттик экзамен берип диплом алып келет, аны жаратышкан жок. Ошентип, Арчил кетет, кетип, Татарстанга барат, барса, ал дипломун жаратпайт. Кайра бешинчи курска отургузуп бүткөзөт, бүткөндөн кийин Уфага туберкулёз институтуна хирург болуп иштеп, илимдин кандидатты-

гына тапшырып, кандидат, бөлүм башчысы болуп иштеп жүрөт. Ошону менен менин байланышым жок, кезикпей калдык.

Бир жылы Украинада хирургдардын Бүткүл союздук конгресси болду. Ошондо түн ичинде, саат 11де «Украина» мейманканасындагы бөлмөмө баратсам, артымдан: «Мамбет!» – деп бирөө кыйкырып калды. Бул ким болду мени тааныган деп артымды карасам – Арчил, эки зор адамды колтуктап сүйрөп алыптыр. «Мамбет, ушул жерде туруп тур, мен азыр келем»,– деди. Бирөөнү көрсөтүп: «Бул Татарстандын саламаттык сактоо министри, а мунусу институттун ректору»,– деп түшүндүрдү. Мен күтүп турдум, тез эле келди, экөөбүз кучакташып, абдан жакшы көрүштүк. Баягыдай эле тайдаңдап: «Жүр, ресторанга барып, бир сүйлөшүп алалы, мен сени сагындым»,– деди. Ресторанга кирип көпкө чейин чер жазыштык, ишим жакшы, иштеп жатам, турмуш дагы жакшы деди, жакшы иштеп кетээрине менин көзүм жетчү. Ошондо институтту бүтпөсө дагы, операцияны укмуштуудай жасоочу. Теория жагынан билгени дагы кыйын эле, анан 6-курска лексия окуганычы! Ошол жерден сурап калдым: «Кеткенине, мен эмес, көп эле кыргыздар өкүнүп калдык. Мен эмгиче түшүнбөйм, чын эле институтту бүткөн жок белең?» – деп. «Чын эле бүткөн эмесмин»,– дейт. «Анан кандайча үйрөнүп калдың?» – десем: «Окуп жүргөндө, уруш убагы, алты студент бир машина буудай уурдаганбыз, ошондон 6 жылга кесилип кеткенбиз. Үчүнчү курсту бүтүп калдым эле, түрмөдө бир белгилүү профессор кесилип жаткан экен, ал киши жатпай эле, врач-хирургдук кесибин иштеп жүрүптүр. Менин мединститутун студенти экенимди билип, ошол киши жанына алып жүрүп үйрөттү, өзүм да аракет кылып үйрөнүп алдым»,– дейт. Чыккандан кийин Карагандыда иштептир, тиги дипломду чынында эле жасалма болуш керек. Менин ушул күнгө чейин таң калганым, жасалма диплом менен ушундай хирург болуш – бул укмуш. Өзү таланттуу, эм-

гекчил адам болуш керек. Эми азыр диплому бар адамдардын иштегенин көрүп жүрбөйбүзбү, ушул убакта Арчил барбы, жокпу, билбейм.

Ассистент болуп иштеп жүрөм. Кафедра экиге бөлүнүп, эски орунга Эгембердиев калып, биз Максим Ефимович, ассистент Бадалова, Янович, Шашина, Айдарбекова, мен болуп темир жол ооруканасына көчүп кетпедикпи. Алыс, жөө барып келип, оорукананын, хирургиянын шарты жок. Ошентип жүрүп, азыр мен иштеген оорукана – эки кабаттуу хирургия бөлүмү, поликлиника, терапия бөлүмү салынган. Оорукана Ленин заводуна караштуу экен. Мында башкы врач жана хирургия бөлүмүнүн башчысы Нигматулин Константин Семёнович, өзүнүн татарча аты Касым Салахуддинович болсо керек эле. Айлабыз кетип, студенттер окууга шарт жок, базабыз жокко эсе, алтынчы, бешинчи курс окуйт биздин кафедрада. Бул бүтүрүүчү курстарга накта практика болуш керек, бул жер кечиктирилгис хирургиянын борбору, оорунун, операциянын үстүндө ойлонуп отуруп, студенттер окуп, практика алууга өтө ыңгайлуу. Нигматулин менен сүйлөшүп, адегенде эле окуу базасы болсун деп, студенттерге ооруларды көрсөтүп, кетмей болдук. Башка укугубуз жок эле, себеби Нигматулин ал убакта бул жерде жалгыз кожоюн. Эмне десе, закон, эч ким каршы айта албайт, макул болуп уруксат берди. Бир аздан кийин мага түнкүсүн дежур болушка уруксат этти. Себеби хирургдар жетишпейт экен, кийин үйүр алышкандан соң билдим, иштеген хирургдардын баары орус аялдар, бир-эки эркек хирургдары бар. Нигматулин эмне десе, кыңк этпей угушат, ачуусу келип бакырганда, туалетке кире качып жашынганын көрүп калдым. Мен түнкүсүн дежурстводо күн-түн дебей ушу күнгө чейин тез хирургиялык жол менен айыктырчу оорулар келет. Ошолорду активдүү жасай баштадым, тажрыйбам болуп калган, ишим илгерилей берди.

Врачтар да сезип, кичине мамилелерибиз оңолуп, бирок Нигматулиндин оюу бузула баштады, жактырбай, сөгүп дегендей, өзүнүн «желдет» медсестралары бар экен, аларды күн-түн дебей менин артыман аңдытып койду. Түнкүсүн мен дежурить эткенде менин эмне дегеним, баскан-турганыма чейин эртеси Нигматулинге жетип турду, айткан, сураган суроосуна карата бардыгы туура. Көрүп тургандай, кийин сезип калдым, тигилердин аңдыганын. Ар күнү айтып-эскертчү, кокус жогору жактан чоңдор түшүп калса, мага дароо телефон менен кабарлап тургула, аларды мен өзүм гана операция жасайм деп.

Бир күнү мен дежур болдум эле, эртеси келээр замат бышылдап келатат. Мени: «Дурак, прозибалы, мени эмне чакырган жоксуң?» – деп. Мен: «Константин Семёнович, чоңдордон эч ким түшкөн жок, эмнеге прозибалы?» – десем, ачуусу келип, дагы чуркап отуруп, экинчи кабаттагы бир палатага кирди, мен артынан калбай чуркап кирдим. Оору таржымалын көтөрүп алган, алты оору жаткан, тиги таржымалдагы фамилияны карап: «Ким?» – деди эле, бир кыргыз сакалдуу абышка: «Мен»,– деди. Жанына отура калып, эс алып, бир катуу үшкүрүп алды. Эс алып, абышканы көрүп чыктык. Түнкүсүн мен аппендициттен приступ болуп келгенин жасагам. Коридорго чыкканда Нигматулинден эмне болуп кеткенин сурадым. Ошондо, оору таржымалын көрсөтүп: «Муну көргөн жоксуңбу?» – дейт. Көрсө, тиги абышка СССР Жогорку Советинин депутаты экен. Абышка Москвага, сессияга барып келатып приступ болуп ооруп, бизге түшүп жатпайбы. Нигматулин депутат десе, жогору жактан чоң кызматкер түшүп калган экен деп, жүрөгү түшүп калыптыр.

Кийин байкап калдым, Нигматулин, орун басары, профком, башкы бухгалтери төртөө – күнүгө түштө, саат бирде тамак жасаган жерге – ашканага барып, тамактын пробасын текшерет. Оорулууларга берчү тамакты диет врач же жөнөкөй эле врач берээрден мурун текшерип, ичип-

көрүп анан уруксат берет. Ойлодум, кандай булар төртөө текшерет деп, бир күнү акырын ашканага ошолор ичээрдин алдында барып көрдүм. Көрсө, бир бөлмөнү ашканадан бошоткон столду укмуш жасаган, ар түрдүү тамактар, мунун баары оорулууларга берчү тамактар. Ал убакта, биринчи столдон он бешинчи столго чейин укмуш тамак берчү эле. Бир топ күндөн кийин пятиминуткада Нигматулинге суроо бердим: «Эмне үчүн тамакты текшериш үчүн төртөөңөр барасыңар?» – деп. Жооп бере албай такалды. Мен айттым: «Мындан кийин кезектешип, алмашып даам текшерип жүрөлү»,– деп. Ошондон кийин төртөө барбай калды.

Бир күнү обход жасап жатам, бир палатага келгенде, Людмила Петровна деген өтө толук, жаш аял бар эле, мага түшүндүрдү. Бир орус оорулуу адамдын көптөн бери ашказанында жарасы бар экен. Өтө арык ошол айыгып отуруп, жарасы тырык болуп бүтүп, азыр ашказаны бүтөлүп, тамак өтпөй калыптыр. Мен карап көрүп, эртеңкиге операцияга дярдагыла дедим. Менден кийин баягы «желдеттери» Нигматулинге жеткизишсе керек. Тез эле шашып келип, обход жасай баштады, баягы палатага келгенде, дагы Людмила Петровна маалымат берип, эртеңкиге ассистент Мамакеев операция дайындады деди. Врачтар, менин студенттерим болуп турабыз, операцияга дегенде Нигматулин: «Что, что? Кто назначил?» – деп чочуп кетти. Людмила: «Мамакеев»,– деди, ар жак, бер жакты карап мурчуюп, көзүн аңтарып ачуусу келип: «Отменить!» – деп басып баратат. Мен ошол замат: «Нет, назначить!» – десем, маңдайыма тура калып: «Кто ты такой?» – дейт, мен: «Ассистент Мамакеев»,– дедим. «Я здесь хозяин, я распоряжаю кому что делать»,– деп кыйкыра баштады. Мен: «Константин Семёнович, мен дагы правом бар го?» – десем: «Жок, сен келип-кеткен коноксуң, мен сага убактылуу сабак өткөнгө уруксат бергенмин»,– деп өкүрө баштады. Мен республикада саламаттык сактоону түзгөм, негиздегем, мен депутатмын деп кыйкырып кирди. «Сага али көп бар, мага

бирдеме дешке»,– деп. Ошол жерден, баягы менин «тормозум» бошоп, маңдайына тура калып: «Сиздин бүгүнтөн тартып Чынгыс хандыгыңыз бүттү, буга чейин эмне кылам десеңиз, жасап келгенсиз, себеби кыргыздан врач кадр жоктугунан пайдаланып. Азыр ары-бери тегерегиңизди карасаңыз, сизге окшогон Чынгыс хандар өсүп-өнүп келе жатат. Эсиңизде болсун, сиз азыр кылтылдап бутуңузда араң турасыз»,– деп, көзүнө колумду кезеп көрсөтүп: «Эсиңизде болсун, а мен болсом, ишенимдүү, бек турам»,– дедим. Бул дагы Эгембердиевге окшоп: «Мен ЦКга барам, сени бул жерден жоготом»,– дейт, «Бара гой, кимди-ким жоготоорун көрүшөбүз»,– деп мен калдым.

Жарым саат өттү го, студенттер менен отурсам, коридордон чыга калып: «Мамбет»,– деп кыйкырып чуркап келе жатат. Келип эле мени кучактап: «Жүрү, сынок»,– деп эле кабинетине алып кирди. «Сынок, кечирип кой мени»,– деп шалпактатып өбө баштады, отурдук: «Экинчи мындай болбойт, Мамбет, извини старика»,– деди. Мен: «Константин Семёнович, мен сизди абдан сыйлайм, атамдай болгон кишисиз, сизден үчүнчү курстан окудум эле, эмнеге ушунчалык ичиңиз тар, мени оорулуулардын, врачтардын, студенттердин алдында эмне үчүн кемсинтип кордойсуз? Мен деле бала эмесмин го, студенттерге мугалим болсом, илимдин кандидаты болсом»,– деп айтып калдым. Кайра кучакташып элдешип калдык, эч ким укпасын дедик.

Эртеси эле, Эсенаманов Манас шаардык саламаттык сактоо бөлүмүн башкарчу эле: «Мамбет Мамакеевич»,– деп телефон чалат: «Угуп жатам»,– десем: «Кечээ Нигматулин экөөңөрдүн ортоңордо эмне чатак болду эле?» – дейт, мен: «Эч чатак болгон жок. Кайдан уктуңуз?» – десем: «Бизге толугу менен жетти»,– дейт, мен: «Билбейм»,– десем: «Анда биз шааркомдон, райкомдон, саламаттык сактоо министрлигинен бармай болдук, текшеребиз»,– деп трубканы коюп койду. Тез эле төрт-бешөө келип, болгон кызматкердин баарын чогулта баштады эле Нигматулин: «Эчтеке болгон

эмес, Мамбет экөөбүз бир аз келишпестик болуп чатакташа түштүк эле, анан ошол замат сүйлөшүп, ынтымакка келгенбиз. Менде арыз-доо жок»,– деди. Тигилер: «Биз баарын билебиз, мындай болбос үчүн азыр ачык сүйлөшүп алалы»,– деп болушпайт. Менден сурап калды: «Эмне болду эле, сиз ачык жооп берсеңиз?» – деп. Мен: «Константин Семёнович кичине ичи тарлык кылып, ошондон чыгып кетти, андай болсо мага операцияга уруксат бербесе же өзү жасабаса, анда эмне кылыш керек? Константин Семёновичтин бир начар жери, «Мен» дегенди көп айтат. Мен да билем, бул кишинин республикада саламаттык сактоо системасында эмгеги зор. Ушул «мен» дегенди коюп, ич тарлыгын токтотсо, бизде талаша турган эчтеке жок, кадимкидей иштей беребиз»,– дедим. Нигматулин унчукпады, сезип турат, өзүнүн кемчилигин сүйлөп актанса, анда менин дагы оозум чоңураак ачылып кетмек. Тигилер акыл айтышып кетишти. Эртеси Надя Нигматулина мага келип калды. Экөөбүз институтту чогуу окуп бүтүргөнбүз. Акушерчиликте ассистент болуп иштейт, өтө сулуу кыз эле окуп жүргөндө, биз кийим жок тыртайып арыкпыз, орусча эчтеке билбейбиз, ачка жүрөбүз, Надяны карап суктанып калчу элек. Кийими жакшы, кээде көрсөтө шоколад жеп биздин курсакты тызылдатчу. Жанына барып, татар эмеспи, бирдеме десек шылдыңдап, мурдун чүйрүп басып кетчү. Кийин саламаттык сактоо министрлигинде кадрлар бөлүмүн башкарган Таникеев деген бизден мурун бүткөн киши, аялын, бала-бакырасын таштап, ушул Надяга үйлөндү эле. Кийин биз чоңоюп, доцент болуп калганда, ушуларды эскерип: «Надя, эсиңде болсо керек, бизди киши катарына санабай, шылдың кылчу элең го?» – десем: «Сволуч, сен мага сөз айткан эмессиң, айтсаң, сага тиет элем»,– дейт. Таникеев ичкич неме эле, тез эле кайтыш болуп кетти. Надя кийин акушерчиликте доцент болуп жүрүп, пенсияга кетти окшойт. Кийин мамилебиз өтө жакшы болуп, жакшы жолдош болуп жүрдүк. Ошентип, эртеси угуп алып мага

эскертип келди, келип эле ыкшып күлөт. «Мамбет түндө үй-бүлөбүз менен боорубуз эзилгиче күлдүк. Буга чейин уга элек «Чынгыс хан» деп өтө таап ат коюпсуң. Папамдын кыял-жоругу үйдө деле, иште деле ошондой, сүйлөшүп отуруп: – Папа, авторитетиң барында кет, пенсияга чык. Мамбет өсүп-өнүп келе жаткан жакшы хирург, сага кыйын болуп калат – деп баарыбыз айтсак болбойт. – Жок, Мамбет экөөбүз элдештик, эч чатак болбойт деп»,– деди. Кемпири, жогоруда айтпадымбы, көз оору кафедрасынын башчысы эле, менин көзүм рак деген. Бир карындашы Какиш Рыскуловада доцент эле. Өзү Нигматулин буга чейин эки-үч автоавария болгон, кийинчерээк нерв системасы дагы начарлап калган. Ошентип, пенсияга кетип, кийин кайтыш болду.

Нигматулинден кийин башкы врач болуп мени менен бүткөн Айдашова деген аял келди, бул иштин жайын анча түшүнбөгөн адам эле. Мен он чакты күнгө командировкага кеттим эле, келсем үч башка жактан хирургдарды бизге хирург кылып алып келип коюптур. Стаждары 15–20 жыл, башка республикада иштеген, экөө орус бирөө кореец экен.– Ким силерди алды – десем,– башкы врач Айдашова – дейт. Барып: «Бул эмне кылганың, эмне үчүн мени менен кеңешпей аласың, булар менен мен иштейм да?» – десем, бирге бүткөндүк кылдыбы, айтат: «Мен башкы врачмын, акым бар алышка»,– деп. Мен: «Акың бар экенин билем, бирок алар менен сен иштешпейсиң да, мен буларыңды өзүм текшерип көрөм, жарабаса кетирем»,– десем: «Анте албайсың»,– дейт.

Келип, эртеси тигилерге ачык эле: «Силерди мен өзүм текшерип көрөм, иштей аласыңарбы, жокпу»,– деп айттым. Ошол эле күнү бирөөнү дежур кылдык. Мен келип көрсөм, түнкүсүн аппендицитке операция жасай баштады. Унчукпай карап турам, тиги хирургду кара тер басты, колу титиреп, калчылдап, өтө кыйналып, ооруган адамды дагы

кыйнап, бир топтон кийин бүттү. Мен эч сөз айтпай чыгып кеттим, эртең менен келсем, арыз жазып келиптир кетишке. Эч сөз айткан жокмун, бошоп кетип калды. Беркисин да: ошол күнгө келиңиз, бүгүн сиздин кезек десем, унчукпай арыз жазып келиптир, үчүнчүсү: «Менин 20 жылдык стажым бар, мен коркпойм»,– дейт. Мен: «Иштей бериңиз, бирок эсиңизде болсун, менин байкоомдо болосуз»,– дедим. Бир ай өттү, дежурить этти эле, эртең менен талкууда маалымат берди бир оорулуу адамды, жашы өтүп калган адам экен, сие албай келип, табарсыгына операция жасап, трубка салып чыктым деп. Мындай операциялык ыкма бар, эгер сийдиги чыкпай калса, трубка салып, ошол трубка аркылуу сийдиги чыгып турат. Ал оорулуу эртеси өлүп калды, мен өзүм союп көрүүгө – патоанатомияга бардым. Шектендим, мындай операциядан өлбөш керек эле, башка бир балээси болуп, жаңылып калды го деп. Союп көрүүдө сийдик чыкчу жагдайлар таза, ичегисиндеги богу катып, таштай болуп ичегисинен эчтеке чыкпай калган, ошонун кесепетинен майып болгон. Келээр замат арыз жазып, кечирим сурап, мени кетирсеңиз деп келиптир, мен: «Жок, кетпейсиң, өлгөн оорулуунун жообун бересиң»,– деп коркуттум. Чындыгында, чатакка айланса, хирург тигинин үй-бүлөсүнө пенсия төлөп калышы мүмкүн. Ошентип, коё бербей койдум эле, Айдашова Эсенамановго барып даттанса керек. Манас мага телефон чалып: – Жаңкы хирургду коё берип койбойсузбу? – дейт. Мен: «Манас, башкы врач Айдашовага айтып койсоң, экинчи хирург-врачтарды ала турган болсо, мени менен кеңешип туруп, менин макулдугум менен алсын, антпесе, канча болсо ала берсин, мен ошончолук кетире берем. Себеби ал хирургдар мени менен иштешет»,– деп, тиги хирургду бошотуп жибердим. Башкы врач Айдашованын иш билбестигинен, оорукананы чоңдордон суранып жатып өзүм жасаган элем, алар ушу күнгө чейин анын акыбалын көрүп туруп ар дайым жардам берип келатат.

Бир күнү шааркомдун экинчи секретары Анаш Абакировго операция жасап калдым, Анаш көрүп туруп, ремонтко жардам берип, ремонт башталып, жасап жатат. Айдашованы рмонт жөнүндө түшүнүгү да жок, менден сурап жатпайбы: «Мамбет, бу кайсы уюмдун жетекчилери ремонт жасап жатат?» – деп. Мен: «Кереге-Таш» деген СМУ жасап жатат»,– деп тамаша катарында айтып койсом, бул бечара министрликте өткөн жыйында хирургиянын ремонту болуп жатат – дейт. Министр: «Кайсы СМУ жасап жатат?» – десе: «Кереге-Таш деген СМУ»,– деп баарын күлдүрүптүр. Муну мага Үрпөк Шаршебаевич Галиев маркум айтып берди күлүп.

Ошентип, биздин кафедра – госпиталдык хирургия кафедрасы биротоло көчүп келдик. Анда ушул кечиктирилгис хирургиянын базасында профессор Фридман Максим Ефимович, Айдарбекова Рафа, Шашина Светлана, Бадалова Ирина, Янович Галина деген ассистенттер иштеп, окутууга шартыбыз, базабыз абдан түзүк, кенен болуп калды. Ассистенттердин негизги милдети – хирургиядан теориясын окутуу жана практикалык сабак катары оорулууларды көрсөтүү, аларга диагноз койгонду, операцияны көрсөтүп түшүндүрүп берүү. Бул жерде күн-түн дебей операция жасалат, демек, студенттердин практика өтүүсүнө абдан маанилүү. Мени күнүгө болбосо дагы, эки-үч күн тынымсыз консультацияга, операцияга чакырышат.

# ИЛИМГЕ АЙКАЛЫШКАН КЕСИПТИК ЧЕБЕРЧИЛИК

Ошентип жүрүп, келечегимди дагы унуткан жокмун, ойлондум, илимге дагы аракет кылып көрөйүн деп. Максим Ефимовичке кеңешке кирдим, мен илимге аралашып, илимден тажрыйба алып айкалыштырайын, мага докторлук диссертацияга тема берсеңиз деп. Максим Ефимович: «Өзүң кандай ойлойсуң, эмне менен иштесем деген оюң бар?» – деп сурады. Мен: «Байкашымда, өттүн таш оорусу абдан көбөйүп баратат. Негизи жагдай начар эле, андай кеселге кабылгандардын 40% ы өлүп жатат, мен ушуну менен иштеп аракет кылып көрөйүн»,– десем, профессор ошол замат макул болду, мунуң жакшы идея деп.

Мени ойлонткону: бул оору менен эмне үчүн 40% кеселдүү өлөт, оюм – ушул өлүмдү азайтуу. Бизге келгендер, дартты өтүштүрүп өтө кечигип келет. Негедир ошого чейин бул оору менен терапияга жаткызчу экен. Терапияда жата берип, дарынын алы келбей, өтү жарылып, перитонитке өтүп кеткенде бизге, хирургияга которот. Бизде аргасыздан операция жасалат, операциядан кечигип өтүшүп кеткен үчүн 40% өлүп жатпайбы.

Эгер өттүн ташы ары жылып өтүп кетсе, негизги түтүктү бууп калып, адамдын денеси саргарып кетет. Анда гепатит – инфекциянын оорусу деп, жаңылыштык менен инфекция ооруканасына түшөт. Мында дагы кармап, инфекция деп дарылап жатып, кечиктирип, оорусун күчөтүп, боордун ишин бүткөзүп коёт. Ооруган адамдын өтүндө таш

болсо, алтын дары болсо дагы эч качан жардам кыла албайт. Жалгыз гана операция жасап алып салганда айыгат.

План түздүк, ошентип 1962-жылдан тартып докторлукка аракет кыла баштадым. Бул оору жөнүндө көптөгөн илимий адабиятты карап-окуп, жазып чыктым. Максатым – өттүн анатомиясын, томографиясын, жүргөн түтүкчөсүн, анын аткарган милдетин изилдөө, өткө жанаша жайгашкан органдардын нерв, кан тамырларына байкоо жүргүзүү, докторлук диссертация операция жакташ үчүн 450 операция жасаш керек болду. Мында жалгыз гана операция жасоо эмес, башка калган машакаттарын да жасаш керек. Клиникасы, симптому, дифференциялык диагноз, лабораториялык изилдөө – толуп жатат. Операция убагында боорунан, ар кайсы жеринен кичине алып, гистологиялык изилдөө жүргүзүү керек. Өттүн өзүнүн ичиндеги составын, микробун, баштыкчасынын өзгөрүлүшүн аныктап, операция мезгилинде өттүн жүргөн түтүкчөсүнө дары куюп, рентгенге тартмай. Кыскасы, кымындай жылчык калтырбай, ийнежибине чейин изилдөөгө баш койдум. Өттүн ташы кадимки эле катуу таштай, балка менен урсаң дагы сынбайт. Таштын составында холестерин, туз, фосфор, калий деген химиялык заттар бар. Булар өттүн ичинде пайда болот, ошол таш өттүн түтүкчөсүнө жылып отуруп, бүтөп калат. Эмне үчүн жылат? Өттүн баштыкчасы өттү жылдырыш үчүн ар дайым кысылып турат, ошол кыскан сайын таш жылып отуруп, түтүкчөсүнө тыгылып, өттү жүргүзбөй салат. Мына ушул учурда ооруган адамда катуу ооруу – приступ пайда боло баштайт. Өт боордон иштелип, суткасына 1–1,5 литр чыгат, түтүкчөсү аркылуу он эки эли ичегиге тынымсыз тамчылап куюп турат. Өттүн пайдасы ошол – тамакашты, айрыкча, эттүү, майлуу тамакты аш кылганга жардам берет, өтсүз адам жашай албайт. Кээде бирөөлөр катуу приступ болгондо, оорусун басчу укол жасаса, оорусу басыла түшөт. Себеби тыгылган таш кайра ордуна барып, өттүн түтүкчөсү ачыла түшөт да, өт кысылбай, жүрө

баштайт. Кээде эмне жасаса болбой тыгылып туруп алат, анда тез операция жасабаса, өтү ириңдеп, чирип, жарылып, ич көңдөйүнө кирип перитонитке айланып кетет, анда айыктыруу өтө кыйын болуп калат.

Өттүн ташын эч бир дары эритип түшүрө албайт, түшүрөм деп аракет кылгандар врач-хирург эмес, акча алыш үчүн алдаган жуликтер. Өтүндө таш барлар, ташы бар экендигин билсе, ушул күнгө приступ боло электе алдырып өзүнө дагы, бизге дагы жүз эсе жеңилдик болуп, жүз процент айыгып кетээрине азыр көзүбүз жетти. Таш оорусу ошол мен иштеп, диссертацияга даярданып жүргөндө, көбүнчө толук аялдар, жашы улгайып калгандар, төрөгөн аялдарда болчу, ошондой деп билимдүү, окумуштуу хирургдар да түшүндүрүүчү. Себеби боюнда бар аялдардын жатыны чоңоюп, өттү кысып, өттүн өтүшүнө тоскоолдук кылып, таш пайда болот дечү. Семиз аялдарда, аз кыймылдаган аялдарда дагы ушундай көрүнүш жолугат деп түшүнүк берчү. Өт жакшы жүрбөй коюуланып, өттүн ташын пайда кылууга шарт түзөт деп айтышчу. Ошол убакта аялдар эркектерге караганда 7 эсе таш оорусу менен көп ооручу. Бул боюнча аз эле операция жасалчу, көпчүлүк хирургдар жасай алчу эмес, жасаш үчүн бардык жагын билген абдан устат хирург болуш керек.

Мага пландаганы 450 операция дебедимби, жылына бизде араң 20 операция жасалат, анын 40%ы өлөт. Максим Ефимовичтин оюн да кийин түшүндүм. Артынан мен өтө тездик менен кууп келе жатам, профессор ойлосо керек, жылыга 20 операция болсо, канча жыл менин сандалып жүрөөрүмдү. Мен министрлигине, шаардык саламаттык сактоо бөлүмүнө, поликлиникага, терапия клиникаларына, инфекциялык ооруканага тынбай барып, бул оору силердики эмес, бул оору хирургиялык оору, операциясы гана жанын сактап калат деп баарына түшүндүрүп, мындай ооруларды токтоосуз бизге хирургияга жибергиле, болбосо, силер кармап жатып перитонитке жеткизесиңер, мен чоң чатак чыга-

рам, силердин күнөөңөрдөн улам кармап жатып ушундай акыбалга жеткиздиңер деп айтам. Бардыгы түшүнүштү, дароо бизге жибере баштады, көпчүлүгү жашы өткөн аялдар, бардык операцияны өзүм жасап, күн-түн дебей жанынан чыкпай өзүм карайм. Себеби айтпадымбы, айыгып кетиш үчүн операциядан кийинки дарылоо, кароо бир топ деп. Ошол эле карыган адам же эти өтө толук адам операциядан кийин өзү кенедей кыймылдай албайт. Эгерде сутка карабай, кыймылы жок жата берсе, өпкөсү начарлар өпкөсүнөн чочуп, ооруп калуусу мүмкүн. Оор операциядан кийин өпкөсү иштебей же начар иштеп калса, анда дагы майып болуп калышы ыктымал. Мындай болбос үчүн, өпкөсү жакшы иштеш үчүн операциядан кийин терең-терең дем алдырып, кыймылдатып, капталынан оодарып жаткызып, аркасын спирт менен сүртүп, банка коюп аракет кылса, өпкөсү түзүк иштеп, пневмония деген болбойт. Карабаса, дагы башка татаалдашуулар болуп кетиши мүмкүн.

Ошентип, күн-түн дебей тыным жок, жанталашып жатып, Максим Ефимович пландаган 450 операцияны үч жылда аткарып койдум. 40% өлүмдү 3–4% ке жеткирдим, профессор таң калып, ошондо билдим чочуганын. «Мамбет, диссертацияң көрүнүктүү болуш үчүн дагы 300 операцияны кошолу»,– деди, мен макул болдум. Өттүн таш оорусу кээде өтүшүп, таш ары жалпы өт жүрүүчү түтүккө өтүп кетет. Мындай убакта, катуу приступтан кийин, эртеси же эки күндөн кийин ооруган адамдын денеси, көзүнүн агы саргарып кетет. Себеби өт ичегиге түшпөй калып, өт кан аркылуу бүт денеге таркап кетет. Бул өтө коркунучтуу, адамдын организми өттүн уусуна уулана баштайт. Ал-акыбалы кескин начарлайт, өттүн ташы, өт бүткөн жерде кичине түтүк болуп, адегенде ошол түтүкчөгө капталып, ооруп, приступ болот. Мында дене саргарбайт, себеби өт боордон иштелип чыгып, түз эле ичегиге түшөт. Саргарып кеткенде, таш ары өтүп кетет, мындай учурда операция жасап алып салыш өтө оорго турат. Өтү да алынат, анан ары жалпы өт өтчү түтүктү ачып, ташын таап алып салыш керек.

Бул операцияны республикада мен биринчи жасадым. Кээде өтүшүп кетсе, ошол эле жалпы өт жүрчү түтүк иштебей, бүтөлүп калган учурлар болот, мында өтө оор. Оор операция жасашка туура келет. Кандай болбосун, өт ичегиге түшүш керек, өтсүз адам жашай албайт. Мындай учурда өттүн түтүгү керектен чыгып калса, анда он эки эли ичегинин же ичке ичегинин башталышына башка жол жасап, ошол жасалма жол менен өт жүрө баштайт. Адамды өт менен мурунку калыбындай эле камсыз кылат. Бул өтө татаал операцияны дагы республикада биринчи болуп мен жасадым. Ошентип, кошкон 300 операцияны дагы эки жылга жетпей бүтүрүп койдум.

Уккан-билген оорулуулар мага чубап келе баштады, диссертациялык материалым толугу менен бүттү. Эми муну документалдуу тартипте бүткөрүш керек болду. Москвага илимий адабиятты окууга эки айга кеттим. Москвада эки ай күн-түн дебей китепканада отуруп, болгон материалдарды алым келгенче карап, конспекти түзүп жетип келдим. Келип эле Максим Ефимовичке көрсөттүм. Профессор көрүп: «Молодец, Мамбет! Эми экөөбүз жумасына бир күн эки сааттан отуруп иштей баштайбыз»,– деди. Себеби бул кишинин жардамы болбосо, ирээттеп, илимий тил менен кеңири баяндап жазыш мен үчүн өтө оор болмок. Материалды ушунчалык так, таза укмуштай топтогон экенмин, жазып жатканда Максим Ефимович кээде мактап коюп жатты. Көп суроолор бар эле, аларга жоопту асмандан ала албайсың. Бая мен даярдаган материалдарда бардык суроого жооп берген тыянактар бар эле. Ошентип, дагы жарым жылча отуруп, мен профессор айткан күнү, айткан сааттан кечигип көргөн эмесмин, туура убагында келем, аялы Фелига Яковлевна деген ушундай элпек, адамкерчиликтүү аял эле, келген сайын жакшы тосуп алып, чай берип эркелетип турчу эле, булар жөнүндө өзүнчө. Бүттүк, бүтүп диссертациянын кол жазмасын көтөрүп алып директорубуз Вален-

тин Исабаева Абдылдаевнага бардым. Анда кыз чагы, эстүү, билимдүү, адамкерчиликтүү, өңдүү-түстүү жакшы адам эле. Көрсөттүк, куттуктады, эмне жардам десеңер мен даярмын деди, автореферат чыгардык. Кимди оппонент кылуу керек деп калдык, Максим Ефимович биринчи Огнев Бористи сунуш кылды. Ал союздун медицина илимдер академиясына мүчө-корреспондент, профессор. Мен өзүм сүйлөшүп көрөйүн деди. Себеби Огнев Максим Ефимовичтин окутуучу, жетекчиси эле. Союз боюнча атагы чыккан, илим боюнча ушул киши даярдаган доктор кандидаттары көптүгүнөн биринчи орунду ээлөөчү экен. Экинчи оппонент тажиктердин мединститутунун директору, академик Таджиев. Үчүнчүсү – өзүбүздүн академик Иса Коноевич Ахунбаев. Ахунбаев макул болбой жатып, араң койду. Ошондо ал Ысык-Көлдө академиянын пансионатында эс алып жаткан экен үй-бүлөсү менен, Валентина Исабаева чоң жардам кылды. Валя энесин алды, энеси Ахунбаевдер менен теңтуш, бир бирин жакшы билишет экен. Бардык. Иса Коноевич мурчуюп жакшы кабыл алган жок, себеби мени көп жакшы көрбөй калган. Колум бошобойт, убактым жок деди, Валя: «Иса Коноевич, антпеңиз, сизден башка кишибиз жок болсо»,– деди. Энеси, ыраазы болгонум: «Ой, Исаке, өзүбүздүн балабыз Мамбетке жардам бербегенде, кимге бересиң, кой, антпе»,– деди. Бир топко болбой жатып макул болду. Диссертациямды не бар, не жок деп ала бардым эле, бердим. Мен: «Агай, ала келдим эле»,– деп, бере койдум. Кийин коргоо болоордо, Иса Коноевич, эртең коргоо деген күнү берди.

Ошентип, 1970-жылдын 14-октябрында коргоо болду. Биринчи оппонент Москвадан, хирургия кафедрасынын башчысы, Союздун Медицина академиясынын мүчө-корреспонденти, профессор Огнев болду, менин профессорум Максим Ефимовичтин мурдагы жетекчиси, Какиш Рыскулованы дагы ушул киши докторлукка даярдаган. Москвага адеп барганда, кандидаттык диссертацияга даярданып жүргөндө,

экинчи жолу кийин доцент болуп калганымда таанышып калдым эле, ошондо сүйлөшсөм: «Кокус доктор болгуң келип калса, сиз мага оппонент болуп берсеңиз»,– десем: «Мамбет ар дайым кайсы убак десең мен даярмын»,– деген. Көрүнүшү сүрдүү, чымыр, сүйлөгөнү мындай оратор кишини көргөн эмесмин. Анын үстүнө Максим Ефимович көп жакшы нерселерин айтып берчү эле, өзү өтө сүрдүү киши экен. Москвада илимпоздор жактаганда, ушул Огневден өлгүчө коркушат экен. Канча адамды убагында кулатыпбоздотуптур. Эсимде калганы доцент убагым, Москвага бир айга окууга барып калдык. Боткин ооруканасына атактуу эски профессор Розанов улгайып калган, сакал-муруту бар, зор киши экен, баласы дагы профессор, бирок атасынан улуу көрүнөт кейпи. Розанов өзүнүн бүткөн аспирантын: «Бизге өзүнүн диссертациясынан лекция окуп бер»,– деп өтүнөт. Андан кийин профессор Огневдин лекциясы эле, убакыт бүтүп калды, тиги аспирант бүтө албай эле окуп жатат. Ошол убакта, убактысына карата Огнев кирип келди. Баарыбыз тура калып учураштык. Тиги жаш лектор Борис Константинович: «Кечиресиз, бир аз отура туруңуз, мен бүтө элекмин»,– деп турат. Огнев унчукпай эле отуруп калды, он минутадай өтүп кетти. Анан Огнев тура калып, тигини кууп чыкты, себеби ал лекция кагазын карап окуп жаткан. «Сенин бул лекцияңды булар китептен окуп алат, жаш балдар эмес. Сен өзүңдүн ишиңди кагазыңды тиктебей, өз сөзүң менен айтып берсең, кызык болоор эле, түш»,– деп кууп чыкты. Эртеси эртең мененки жыйында толтура зал, профессор Розанов дагы аны угуп калган экен. Тиги аспиранттын элдин көзүнчө: «Кандай Огневди куттургөндөй, отура тур дегендей. Огнев келгенде сен эмес мен болсом дагы чыга качат элем»,– деп. Ошол убакта мен доцент элем, Розановго бир ай окууга барганбыз. Барганча мен өттүн таш оорусун өздөштүрүп, бир топ операция жасап, илимий китептердин бир тобун окуп, түшүнүгүм түзүк эле болуп калган. Барганда, Союздан 10 доцент барыппыз, Розанов

бизди бир профессор аялга тапшырды, ошол аялдын карамагында болдук. Бир күнү ошол профессор аял операция жасамай болду, дагы бир хирург аял менен биз тогузубуз карап отурабыз, ага чейин түшүндүрүп ооруну көрсөттү. Ооруган толугураак аялдын денеси саргарып кеткен, операция жасап жатышат, көпкө чейин кыйналышты, эмне себептен саргараарын чукулап жатып: ташы бар экен, ары түртүп жибердик,– деп түтүк тыгып салышты, бүттүк деп жаап жатат. Мен ошол замат суроо бердим: «Бүттүңөрбү?» Тигилер: «Бүттүк!» – дейт, силер мени кечирип койгула менимче ташты тапкан жоксуңар, ары дагы түрткөн жоксуңар»,– десем: «Тигилер биз жасап жатабыз да, бизге белгилүү болуп жатпайбы»,– дешти. Мен: «Извините, мы ваши ученики»,– деп чыгып кеттик. Эртеси эрте келип,– ошол оорулуу жаткан палатага кирип карасам, салган трубкасынан эчтеке чыкпаптыр. Эгер өттүн түтүгүнө туура салынса, өт ошол трубка аркылуу тышка жок дегенде 300–400 гр өт суюктугу чыгыш керек эле. Сурадым: «Оорудан өт чыктыбы?» – деп. «Жок, эчтеке чыккан жок»,– дейт.

Эртең мененки конференция башталды. Розанов өзү өткөзүп жатат, дежурный врач-хирург түшүндүрүп бүттү, мен суроо бердим: «Кечээ ушундай операция жасалды эле, канча өт чыкты?» – десем: «Тиги врач эчтеке чыккан жок»,– дейт. Мен Розановго суроо бердим. Эмне үчүн өт чыккан жок? Эгерде трубка өттүн түтүкчөсүнө коюлса?» – десем, Розанов: «Кто оперировал?» – деп сурап калды, тиги аял туруп: «Мен»,– деди. Анда түшүндүрүңүз, бул коллегага: «Куда девался желч?» – деп. Тиги аял жасаганын айтымыш болду. Розанов Топчивашвилли деген жаңы илимдин доктору бар экен, ошого тапшырды: «Токтоосуз фистулиграфия жасап текшер, өт кайда кетти?» – деп.

Бүттүк, чыктык. Топчивашвилли оорулууну каталкага салып, рентген кабинетке алып барды, мен калбайм артынан чуркап. Тиги профессор аял мени өтө жаман көрүп калды. Эмне эле мынча кызыгып чуркап калдың дейт. Мен

айттым: – Үйрөнгөнү келдим бул жакка – деп, рентгенге тартса, трубка тышында эле турат.Өттүн трубкасына салынган эмес. Розанов көрүп: «Тезинен кайра операцияга»,– деп, Топчивашвиллиге тапшырды. Мен калбайм, артынан чуркап. Кайра жасашса өттүн ташы өт жүрчү түтүктүн ичинде жатат. Аны ачып, ташты биздин көзүбүзчө сууруп чыкты. Ошол бойдон ал профессор аялды бизге көрсөткөн жок. Ошондон тартып, Топчивашвилли экөөбүздүн мамилебиз абдан жакшы болуп кетти. Үйүнө чакырып конок кылды, менден сурады: «Мамбет сен муну кантип байкап калдың?» – деди. Мен: «Бул оору жөнүндө менин түшүнүгүм бар, ушунун үстүндө өзүбүздө иштеп жүрөм»,– дедим. «Бул жагынан азаматтык кылдың. Эми тиги аялдын шору катты, Розанов абдан тилдеп, «какой пазор», бир келген курсант бүт баарыбыздын абийирибизди чыгарып кетти»,– деп. Ошол убакта кээ бир Москвадагы хирургдар бизди үчүнчү сорттогу элдер деп эсептешсе керек.

Жактоо убагында биринчи оппонент Огнев дебедимби, бул киши берген рецензиясын бир да караган жок, ушундай оратор адам экен. Эсимде калганы: «Мен көптү көргөн адаммын, көптөгөн илимпоздорду, докторлорду, кандидаттарды даярдадым, көптөгөн илимпоздорго оппонент болдум. Бүгүн мен Мамакеевдин ишин карап отуруп, сүйлөп жатканын көрүп ыраазы болдум. Мамбет өзүнүн жасаган ишин ушунча жакшы билет экен, бир да кагазын караган жок»,– деп, ыраазы болгондой өз пикирин айткан.

Андан кийин экинчи оппонентим Таджиев, үчүнчүсү Ахунбаев жакшы баа беришти, анча-мынча кемчиликтеримди айтышты, жактоо бүттү. Жашыруун добуш беришти, каршы бирөө да болгон жок. Бир добуштан өтүп кеттим, документим Москвага ВАКка кетти. Ошол бекип келгиче канча санаа тарттым. Эмне болот деген ар түрлүү жакшы-жаман ойлор келе берет экен. Сегиз ай дегенде «доктор» болдуң деген наам бекип келди. Илим менен иштегендер жакшы билет, диссертация деген эмне, коргогонго че-

йин, анын материалдарын топтоо, аны аягына чыгаруу, жазуу, анан эң акыркысы күтүү, бекип келгиче жакшы эле ойлонтот. Докторлук билимди алгандан кийин эс аласың, жогоруда айтылган убара азап-тозоктор ушул диплом менен чыгып кетет. Анан ошол дипломдун өнөгүн көрө баштайсың. Ассистент, доцент, доктор, профессор болуу, булардан дагы бир этаптан экинчи этапка өтүш дагы өтө оор, түйшүк жасаган эмгегиңе карата болсо, илгери кадам боло берет. Бул наамдарың жок болсо ассистент, доцент, кафедранын башчысы боло албайсың. Профессор Огневдин айткан сөзү ушул күнгө чейин эсимден калбайт. Бул кишинин сүйлөгөнүн бир топ эле угуп калдым, эми укмуш, уккулуктуу, жеке эле медицина хирургиядан эмес, дүйнөдөгү жаңылыктарды, тамашаны аралаштырып сүйлөгөнү, мага өзүнчө айтып берди, негедир мени жакшы көрүп калды. «Мамбет сенин кулк-мүнөзүң, сүйлөгөнүң көп жери мага окшоп кетип жатасың. Экөөбүздүн мүнөзүбүз бирдей көрүнөт, хирург кээ бир жерде кайраттуу, чечкиндүү болуш керек. Мен өзүмдүн өз башымдан өткөндү айтып берейин»,– деп калды.

«...Жаш кезде сендей убагым болсо керек, ден соолугум түзүк, жүк көтөрчү болуп дагы иштеп жүрдүм. Доктор-хирург болуп калганымда, Сибирдин бир районунда хирург болуп иштеп жүрөм. Бир түнү саат он бирден кийин болсо керек, менден башка дагы эки жаш хирург мага жардамчы болуп дежурит этип жатабыз. Бир аз эс алып жата калдым эле, мени тургузуп жардамчы хирургдар айтып беришти. Алар бир ооруган адамды алып келишти.

Грыжа (бизче чурку) дегенди түшүндүрүп кетейин. Адамдын денесинин кээ бир жерлеринде тубаса көңдөй тешиктери болот. Бул тешиктердин өзүнүн дагы бир органы ошол тешиктен башка жакка өтүш үчүн, мисалы, эркектин жынысында же жумурткасын каптап турган баштыкчасы же мүшөгү дейбиз. Ал жумуртка ичинен бери чыкканда,

жумуртканын тукум жүрчү түтүгү ошол тешик аркылуу өтүп, табарсыктын алдында жаткан безге биригет. Бездин ичинен ачылып сийдик чыкчу каналга кошулат.

Ошентип сийдик да, тукум да ошол сийдик чыкчу канал менен кетет. Ошол тукум чыкчу канал кийинчерээк оор жумуштан же ар дайым ыйынып же кыйналып заңдаса, же жашы өтүп карый баштаса, ошол тешик чоюлуп-кеңейип, көргөндө нормасы тышкы тешигинен караганда чыканактын учу араң эле батат. Ал эми грыжа болуп калганда, чоң бармак же эки бармак өтүп чоңоюп кеткени билинет. Муну ооруган адам тез эле билет, себеби мурун бир эле калыпта жүргөн калтасы, грыжа болгондо чоңоюп, ичегиси ошол жакка түшкөнүн билет. Ооруган адам өзү колу менен ушалап ичин көздөй түртүп, ичегисин кайра ордуна жиберет. Ичеги, ичегинин ичинде суу, ичкен тамак-аштар болот, ошол аракет кылып кайра түртүп-тыгып жатканда, ичеги кур-шур этип кайра ордуна келет. Ошондуктан «чурку» деп калса керек кыргыздар.

Эми кээде ушул чыгып кеткен ичеги күч менен көбүрөөк чыгып кетсе, грыжанын мойну кайра киргизилбей кысып калат. Кыскандан кийин ооруган адам, буга чейин өзү эле оңдой бербеди беле кысылбаса, көпкө чейин жыл бою жашай берет. Ал эми бул жолу канча аракет кылса дагы, ордуна сала албайт. Кысылганда өтө катуу оорутат, ичегиден эчтеке өткөзбөй азабын жанына берет. Мына, ушул убакта тез операция жардам бербесе, муунган ичеги чирип, тешилип перитонитке жеткизет. Адам тез майып болууга мүмкүн, айыгыш үчүн операциядан башка эч дары-дармек жардам бербей калып, адамды майып кылып коюуга мүмкүн. Огнев туруп келип, оорулууну көрдүм дейт, көрсөм, чын эле ошондой экен, оору өзү онтоп чыдабай турат. Дардайган чоң орус экен, ал убакта аларда деле билим жок эле – дейт. Мен дагы сүрөтүн тартып, түшүндүрүп, операция жасатпасаң ичегиң чирип, эчтеке өтпөй өлөсүң десем, карап эле турат түшүнгөнсүп, макулсуңбу операцияга

десем, жок, жөн айыктыргыла – деп болбойт. Тиги эки хирург дагы мага баргыча абдан түшүндүрсө, дагы айткан эле жообу: «Жок, жөн дарылагыла» – дейт. Огнев: – Ачуум ушунча келе түшүп туруп, тумшуктан ары коюп калдым эле, кулап түшүп башы стенкага бир урулуп, бир аздан кийин тура калып: «Эми түшүндүм, жасай бергиле!» – деп, турбаспы дейт. Ушул Огневдин айтканынан 57 жыл өттү, эч качан унутпайм, кээде мен да колдоно коюп жүрдүм. Менин профессорум Максим Ефимович бул адам менен кырк жылдай бирге иштешип калдым, оозунан бир да жаман орой кемсинткен, сөккөн сөздү уккан жокмун, өтө сыпаа, адамкерчиликтүү, сылык адам эле, сөзгө устат, ыр да жаза койчу. Бирок түшүнгөн кишиге ачууланып жаман сөздүн ордуна ушунча жумшак тил менен жеткирчү эле, мунусу сөккөндөн жаман болчу. Кийин мен чоңойгондо ачык сүйлөшө баштадык. Бири-бирибизге кеңешчү, акылдашчу кесиптеш болуп калганда, мен Максим Ефимович сиздин культурный, жумшак сөзүнүн, менимче, 10% гана киши түшүнөт десем, мунуң туура, жаратылышымда ушундай жаралып калсам өзгөртүш кыйын экен дебеспи. Бир күнү: «Ай, Мамбет, ушул сенин мүнөзүңдүн жарымы 50% менде болсо, менин мүнөзүмдүн 50% сенде болсо кандай сонун болоор эле»,– деп армандай берчү. Чындыгында, ушул күнгө чейин менин түшүнүгүм, түшүнүгүм эмес 100% чындык, көпчүлүк адам чындыгында жумшак, культурный сөздү билбейбиз, сезбейбиз, реакция жок. Ушундай адамдарга менин оюм катуу орой болсун, жакшы сөз болбосун жанына тие турган, эсине келе турган бир катуу сөздү айтсаң, жалт карап түшүнгөндүгүн сездирет. Көрүп жатпайбызбы, түшүнгөн чоң жерде иштегендерди, сөз жетпесе, колу-буту жардам берип жибергени менимче эң туура. Илимдин докtoру болгондон кийин, дагы эле баягы көндүк иш, студенттерге лекция окумай, сабак бермей. Эң негизгиси күн-түн дебей тыным жок, ар түрлүү ооруларга операция жасамай.

Ушул күнгө чейин эч эсимен кетпейт. Бир түнү, түн ортосунда ооруканага чакырышты, келсем СССР Эл артисти Муратбек Рыскуловду алып келишиптир. Бул адам, чоң тубаса таланты, жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги менен жалпы кыргыз элине эмгеги сиңген укмуш адам эле. Мындай тубаса таланттуу адам оңой менен жаралбайт го. Бул киши кеткени кыргыз маданиятында, айрыкча, драм театрында ага окшогон адамды көрө элекмин. Бири-бирибизге саламыбыз абдан жакшы эле, мен өтө урматтаган адамым болчу. Келип көрдүм, акыбалы өтө начар, деми кысылып араң эле дем алат, курсагын карасам ичи көпкөнсүгөн, тамырынын согушу 100, ашык тили кургаган, ичин басып көрсөм дыңкыйган, кол тийгизбейт. «Эмне болду, эче күндөн бери ооруп жатасыз?» – десем: «Үч күн болду, ооруганда мына басылат, ана басылат деп, көрүнгөн даарыны иче берип, болбогондо өзүңө келдим»,– дейт. Байбичеси Күмүшалиева жанында, түз эле мына көзү турат, тез жардам чакыралы, Мамбетти чакыралы»,– десем: «Каяша айтып эч кимди чакырба, оңолуп кетем, басылат деп тил албай, көгөрүп жата берип ушуга келди»,– деди. «Ай, Мука, бул эмне кылганыңыз? Жок дегенде телефон чалып койсоңуз жетип келип, кеңешимди убагында айтып калат элем го, ошол замат сизди баса калып союп жибербейт элем да»,– деп, бир ачуум келди. Ошондон бир-эки ай мурун колун жарадар кылып алып, инфекция кетип, колтук безине чейин шишип, температурасы көтөрүлүп, ошол замат мага телефон чалып, мен барып дары-дармегин берип, колун таңып тазалап, күнүгө барып турдум. Бир күнү бир аз кечигип калсам, Мукам: «Ой, Мамбет, эмне болдуң?» – деп, чалып жиберди. Муну айттым: «Өткөн жолу, ошол кичине жара үчүн ошенттиңиз эле. Эми бул жолу үч күн кыйналып кантип чыдап көгөрүп жаттыңыз?» – дегем. Жаңылыштык, тарап кетет го деп ойлодум, диагнозу «Острый аппендицит». Аппендициттин өтүшүп, жарылып ичине тарап перитонитке айланып кеткен түрү деп, ошол замат операция

жасалды, так ошондой болуп чыкты, чириген аппендицитти алып салып, ичин 2–3 литр фурациллин менен тазалап жууп, бирок перитониттин бир жаман жери, ичеги паралич болуп кыймылдабай, иштебей калат. Ошол иштебей калган ичеги үч-төрт күндөн кийин кыймылга келип, иштеп кетсе, адам аман калат. Бул кишинин аман калышы 5% калган, операция убагында көрүп алып, операциядан кийин ушунчалык капа болуп, кайгырып чыктым. Операциядан кийин болгон аракетибизди күн-түн дебей, жанында отуруп аракет кылдык, болбоду. Эртеси наркоздон кийин, эсине келгенде, эстүү адам эмес беле. Билди эмне болоорун, жалдырап жатып мага боору ооруп: «Мамбет, ушунчалык атың чыгып жакшы келе жаттың эле, мен бир жаманатты кылып кетмей болдум»,– деди. «Мука, антпеңиз, буйруса, жакшы болуп кетесиз!» – демиш болдум. Ошентип, бул кишиники, кандын чоң тамыры аркылуу ички органдын бардык кан тамыры венага куюлат. Боор – адамдын ичиндеги борбордук лаборатория деп коёбуз, ошол вена аркылуу тиги ириңдеген, анын ичинде көптөгөн инфекция боорго барып, боорду иштен чыгарып, өт жүрчү түтүктөрүн бүтөп, Мукам саргарып кетти. Ошентип, өлүмүнө перитонит жана боордун иштен чыгышы себеп болду. Жети күндөн кийин каза болду, жети күн эч жакка чыкпай жанында болуп ушунчалык капа болуп, үйгө баратып, Логвиненко көчөсүндө азыркы кардиологиянын поликлиникасы турган жерде, шаар боюнча ошол эле жерде бир гана мончо бар. Ошонун ичинде чач тарач боло турган, ар дайым ошол жерден Миша деген жигитке ар дайым чачымды кырктырчу элем. Ошого келип чачымды тегиздетип жатам, жанымда дагы бирөө чачын тегиздетип жатат. Миша тигиге кеп кылып жатат: «Уктуңбу, те шампан комбинаттын маңдайындагы күтүүсүз хирургияда, белгилүү артист Рыскуловду союп өлтүрүптүр»,– дейт. Мен башым айланып көңүлүм караңгылай түштү, жаман болуп баратам, тура калып эшикти көздөй чуркадым. Миша артыман: «Эмне болду?

Тегиздеп бүтө элекмин»,– деп, жарымын тегиздеп, калганына карабай бир аз эс алып туруп үйгө жөнөдүм. Келе жатып, жолдон ичим ушундай түйүлүп ооруду, басылбай үйгө келип чай ичтим, болбоду, тез жардам чакырдык, келип көрүп, укол куюп кетти, басылып калды. Кийин түшүндүм катуу капа болгондо, ушинтип ичим кысылып ооруп калганын, көрсө, нерв системасы аркылуу ичегини ушунчалык кысып оорутат экен. Кантип басыш керек деп, дарысын билип алып, ошону алганда басылып калып жүрдү. Эртеси ЦКнын бюро мүчөлөрү Рыскуловдун үйүнө, аялына көңүл айтып коюш үчүн Усубалиев Турдакун баш болуп барышыптыр. Ошондо, кемпири Күмүшалиева, кийин Кыргыз Республикасынын Баатырына чейин жеткен, абдан таланттуу актрисалардын бири, 90 жаштан ашып кайтыш болду. Ал эже тигилерге: «Мамбетте эч кандай күнөө жок, күнөө өзүндө болуп калды, көгөрүп эч кимге айтпа, чакырба деп, отуруп өзү өткөзүп жиберип ушуга жетти»,– дептир. Өмүрүмдө ушу күнгө чейин 60 жыл хирург болуп иштегенимде эч качан эч жерден өзүбүз, үй-бүлө жакындары күнөөлүүбүз деп айтканын уккан эмесмин. Рыскуловдой жата берип, ким эмнени айтса көрүнгөн дарыларды иче берип, жедеп өтүшүп, айласы кеткенде анан хирургияга алып келишет. Келгенде, өтүшүп кетсе да, эгер 5% шансы болсо аман айыгып кеткендер жүздөп саналат. Кийин эжеден сурадым, сиз ушинтип айтыпсыз, чындыгыңызга рахмат деп, өлөөр-өлгүчө мага жакшы мамиледе болду. Башкага ушинтип өзүлөрү күнөөлүү болуп кайтыш болсо, ар дайым ушу күнгө чейин угам. Биз жакты көрсөтүп, өмүрүндө ооруп көргөн эмес, кокус болуп ооруп калып, мобу жердин хирургдары баса калып союп, өлтүрүп койду деп. Өзүлөрү үй-бүлөсү, туугандары, баары көрүп-билип, күнөө өзүлөрүндө экенин билип турса да, тескери айтып хирургдарды жаманатты кылат. Буга мен эчак эле кулагым көнүп калган. Кудай алдында абийирим таза болсо болду. Биз үчүн ушундай эл-журтка эмгеги сиңген атактуу адамдарды

сактай албай калганда көпкө чейин унута албайсың, капа болосуң, айла жок, акырындап көнөсүң. Рыскуловдон кийин, заказ бергенсип, Догдуров деген аксакалды түн ортосунда алып келишиптир. Догдуров дагы кыргыз элине эмгеги сиңген чоң кызматтарда жүргөн, көрүнүктүү кишилердин бири экен. Дежурный врачтар тез эле аппендициттин өтүшүп кеткен түрү деп – диагнозду коюшуптур. Операцияга макул болбой коёт, менин Каниметов деген балам бар, ошол келсин ошонун уруксаты боюнча жасатам деп. Каниметов Абдылда деген ошол убакта эл агартуу министри эле, өтө тың, таланттуу адамдардын бири болчу. Абдылда – Догдуровдун кайниси, аялынын иниси, кичинесинен окутуп, үйүндө жаткызып чоңойткон экен. Ошон үчүн Абдылда тың чыгып, кайним дегендин ордуна балам деп калса керек. Эртең менен эрте мени чакырышты. Догдуровду көп таанябайт экем, улгайган келбеттүү киши экен. Мен көрүп, тиги врачтардын койгон диагнозу менен макул болдум. Сизди токтоосуз операция жасаш керек, ансыз дагы өткөрүп жиберипсиз дедим. Бул кишинин дагы ооруганы үч күн болгон. Көрүнүшү, ал-акыбалы өтө оор, Рыскуловго окшоп операцияга дагы макул болбоду. Абдылданы издей башташты туугандары, эч жерде жок, күндүзгү саат экилерде таап келишти. Абдылда менен да чала тааныш элем, ал убакта Абдылда болуп турган убагы эле, анча-мынча кишилерди таанябай калган. Абдылда тез эле макул болду. Операция жасадык, дагы ошондой, Рыскуловдукундай өтө өтүшүп кеткен, операциядан кийин болгон күч-кубатыбызды, билгенибизди, дары-дармектин болгонунун баарын колдондук, бирок натыйжа чыккан жок, алтынчы күнү каза болуптур. Догдуровду жасагандын эртеси Т. Усубалиев, А.Сүйүнбаев мени чакырып, азыр тез самолёт менен Жалал-Абадга учасың – деди, – эмне болуп кетти десем: «Сузак районунда «Коммунизм» колхозунун раиси, белгилүү, көрүнүктүү киши Юнусов Алимжан катуу ооруп калыптыр, ошону барып көрүп келишиң керек»,– деди. Ошол

замат санитарный самолёт менен не бар, не жок деп, жардамчы наркоз берген врачым С.Мадымаровду алып кеттим. Күндүзгү саат бирге жакын бардык, машина тосуп алды. Сузак районунун ооруканасында жаткан экен. Ооруканынын короосу толтура эл, башка бир немеси болуп чогулган го десем анын баары ушу Юнусовго келген эл экен. Ошондо сездим бул адам өтө кадырлуу адам экенин. Юнусов жаткан палатага кирсем, жалгыз жаткан экен, жууркан менен чүмкөп салыптыр, өзү көрүнбөйт, бир эле опол-тоодой неме жатат. «Эмнеңиз ооруйт?» – деп сурай баштадым. «Үч күн болду ооруганыма, ушул жерде жатам. Дарыны ушунча көп берди жардамы жок». «Мурда ушинтип ооручу белеңиз?» – десем: «Көп эле оорудум, кез-кез катуу ооруп басылып калчу. Бул жолу эч дары жардам бербей койду, кыйналып жатам. Жыл сайын чоң борбордук курортторго барчумун»,– деди. Сүйлөп жатканда деми кыстыгып, жакшы дем ала албай жатканын байкадым, өтө толук киши экен. Салмагын сурасам 130 кило экенин айтты, аябай тердеп жатыптыр, күн ысып жатса, жууркан менен эмне мынча чүмкөнүп жаткансыз?» – десем. «Тердесем ооруганы басылып кетеби деген үмүт менен жаткам»,– деди. Тамырынын согушу, минутасына 120га чейин, ичинин көлөмүнүн көрүнүшү өтө чоң, көрсөтүңүзчү, кайсы жери ооруй баштады, ооруп жатат. Кемирчегимдин алды, оң кабыргамдын кырынын алды басылбай ооруй баштады. Азыр бүт эле ичим кол тийгизбей ооруп жатат, көрүнүшү өтө начар, өттө таш бар экен, анын жанындагы уйку без дагы чочуганын билдим. Перитонитке өтүп кеткени сезилип турду. Көрүп бүтүп түшүндүрдүм: «Алимжан аке, сиздин өтүңүздө таш бар экен, ал таш өт жүрчү түтүккө тыгылып, өтүңүздү бууп, өткөзбөй салган. Оттүн түтүгү менен уйку бездин түтүгү биригип туруп, он эки эли ичегиге куят, уйку без адамдын ичиндеги эң чоң бездердин бири болуп эсептелет. Бул бездин аткаруучу милдети, өтө зор эки милдет аткарат. Биринчиси – бизден суткасына бир литрге жакын сок иштелип чыгат,

бул сок бездин түтүкчөсү менен жүрүп отуруп өт жүрчү түтүккө кошулуп, он эки эли ичегиге тамчылап куюп турат. Өткө окшоп бул суюктук майлуу, күчтүү эт тамакты аш кылып сиңирет. Бул суюктук түшпөй, иштебей калса эт, май аш болбой, ошол бойдон түшөт. Маркум артист, акын Т.Тыныбековдун бизге приступ болуп түшүп калганы али эсимде. Үч күндөн кийин капысынан коридордон көрүп кезигип калдым, учурашып, сиздин жатканыңызга эче күн болду – десем артист да: «Ой, Маке, ушинтип приступ болуп ичим ооруп келип, эмнеси экенин билбейм, эки-үч күн мурун жеген этим өңү бузулбай түшүп жатат»,– деп куудулданды, мунум чындык, уйку бези ооруп келген да.

Уйку бездин экинчи милдети. Бездин ичинде өтө майда безче болот, мунун милдети, иштегени инсулин. Инсулин ошол безден иштелип чыгып ичегиге эмес, түз эле кан тамырга куят. Ал адамдын денесиндеги таттуулукту көбөйтпөй, кемитпей бир калыпта кармап турат. Иштебей калса, өтө көбөйүп кетип, «кант» диабет оорусуна айланат. Без иштебей инсулин чыкпай калган соң, ооруган адам жасалма инсулинди тамак ичээрдин алдында өзүлөрү курсагына теринин алдына ар дайым куюп алып жүрбөйбү. Алимжан акеге тез аранын ичинде операция жасаш керектигин айтсам, ачуусу келип: – Рахмат, келген жагыңызга кете бериңиз, операция дегенди жасатмак тургай уккум да келбейт. Сөзүмдүн жетишинче түшүндүрүп, коркута да сүйлөдүм болбоду. Операцияга макулдугун бербей койду деп оору баракчасына жазып, кетейин деп эшикке чыктым. Дагы эле эл батпайт, басууга жол жок. Аңгыча Борбордук Комитеттин экинчи секретары Чубаров деген бойлуу, бетинин бары тырык, кийин уксам, уруш убагында лётчик болуп, ошондо күйгөн экен. Ош обкомунун биринчи секретары Кошоев, Сузак райкомунун биринчи секретары Эргешовдор болуп келип калышты. Чубаровду мурун көргөн эмесмин, мени көрүп Чубаров: – Кандай? – деди. Бардыгын болгондой түшүндүрдүм, мен кетейин деп чыктым эле десем,

Чубаров: «Жүрүңүзчү, дагы бир чогуу кирип сүйлөшүп көрөлү»,– деди. Кирип барып эле бир тийди: «Фрунзеден атайын Мамакеевди чакыртсак, Сүйүнбаев атайын Мамакеевди жиберсе, өзүң партийный киши болсоң, түшүнбөгөн кандай адамсың, эмне үчүн операция жасатпайм дейсиң?» «Операциядан башка айла жок болсо, өзүң айткандай дарыдармек жардам бербесе»,– деп катуу бапылдап жиберди эле, Алимжан аке башын көтөрүп, а деп: «Каршы эмесмин, жасай берсин!» – деп турбайбы. Ошондо көрдүм партиянын күчүн, ага чейин канча отуруп түшүндүрүп, коркутуп жатып сүйлөшүп макул болтура албай койдум эле.

Макул болгондон кийин мен ойлоно баштадым, ушунча эл чогулса, не деген чоңдор бул киши үчүн чуркап жүрүшсө, семиздиги бул болсо, үч күндөн бери оорусун өтүштүрүп жиберсе, жалгыз эле өтү эмес, уйку бези сезгенип перитонитке айланып кетсе, ал эми башка жардамчы врачтары, операциялык сестралары, хирургиялык аспаптары кандай экени белгисиз. Баягы көнүп калган өзүбүздүн хирургия залы, көнгөн жардамчылар жок, ушулардын баары операция ийгиликтүү болуш үчүн эң маанилүү дегендер жетишсиз болсо нервиңдин кургаганы.

Айла жок, операция жасаганга туура келди. Операционныйды даярдаганча бир топ убакыт өттү, ошонун алдында Ош областтык башкы хирург медицина илиминин кандидаты, менден бир топ улуу, тажрыйбалуу хирург Юсуп Касымов, Ош областтык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы Камил Атаханов, бул экөөбүз институтту чогуу бүткөнбүз. Көп жылдан бери Ош областынын саламаттык сактоонун башчысы болуп иштеди. Ушул убакта аман-эсен Ош мединститутунда кафедранын башчысы болсо керек. Ушул экөө такай жанымда болушту. Мен Юсуп Касымовго: «Сиз тажрыйбалуу хирургсуз, мындай операцияларды көп эле жасасаңыз керек, эмне өзүңөр жасабай мени чакырттыңар?» – десем: «Мамбет, бул кишинин авторитетин көрдүң го, анын үстүнө акыбалы өтө оор, өтүшүп кеткен.

Кокус мен жасап бирдеме болсо, анда мен бул өрөөндөн кетишим керек»,– дейт. Мен: «А менчи, мен эмне кылышым керек?» – десем: «Сиз, эртеси Фрунзеге кетип каласыз да»,– дейт, мунусу да туура. Ошентип, Алимжан акеге операцияны түнкү саат ондо баштадык, операция бөлмөсү биринчи кабатта экен, терезени карасам, арт жагында жабылган эл терезеден карап турат, мен тигилерге: «Бул эмне деген укмуш, терезеден ары айдап, чыккыла!» – десем, барып айдап чыгышты. Касымовдон, Атахановдон сурадым: «Мынча эле эмне жабылып турушат?» – десем: «Кокус Алимжан кайтыш болсо, булар ошол замат чуркап, денеси муздагыча көөмп салат»,– дейт, өзбектерде көрсө ушундай экен. Мындай семиз кишиге операция жасаш, арыгыраак кишиге караганда эки эсе оор. Тышкы эле терисин кесишти, арыгыраак кишиникине караганда эки эсе чоң кесиш керек, болбосо боорго жетип өтүн алыш өтө татаал. Алимжандын өтүн алып салуу үчүн өтө чоң татаалдыкка туш болдук, себеби бүт май былтылдап чыга берип кыйынчылыкка алып келет. Өтү катып кургап калыптыр, ичинде толтура таш, бул көрүнүш көптөн бери ооругандын кесепети, анткени ар бир «приступ» болгон сайын өтүнүн кабыкчалары ички четинен анча-мынча чирип түшүп, анын ордуна тырык болуп ката берет. Аягында ушинтип катып, жаргакка окшоп чүрүшүп, иштен чыгып калат. Ушул иштен чыккан өттү ташы менен алып салып, андан ары карасам, уйку бези шишип, чирий баштаптыр, уйку безди таптакыр алып салууга болбойт. Такыр алынса же такыр иштен чыкса, ал адам өлөт, үчтөн бирөө аман сакталып калса, анда адам кадимкидей жашай берет. Ириңдеп, чирий баштаганын тазалап алып салып, ошол жерге резина түтүкчөсүн койдук, калган иштен чыккан чирикчеси тазалангыча ушул трубка резина менен тышка чыгып турат. Ошол трубка аркылуу дары куюп, тазалап туруш керек. Таптакыр тазаланып бүтмөйүнчө, бул трубканы албаш керек, эгер эртерээк алынып калса, тышкы тери жагындагы тешик бүтөлүп,

ар жагы ириңдеп, ириң толуп кетип, кайра операция жасоого туура келет.

Ушундай оор операция жасалып бүттү, оңолуп кетээрине күмөндөр болдум. Сегиз күнгө чейин Алимжандын жанынан чыккан жокмун, баш-аягына чейин дарысын берип, таңуусун өзүм жасап жаттым. Мындай белгилүү, атактуу адамдар ооруп калганда же операция жасалып калса, оорунун азабынан да, күн-түн дебей телефон чалгандар азабыңды берет. Күнүнө Акматбек Сүттүбаевич Сүйүнбаев телефон чалат, ачык-айрым, сонун киши эле ыраматылык. Мен баарын – болгонун болгондой айтып бердим. А.Сүйүнбаев: «Мамбет, көзүңдү ачып жакшы кара, ары-бери болгончо бул жакка келем деп ойлобо, эмне керек болсо айтып тур»,– деди. Үч күн өткөндөн кийин сынамакка, ушуларды байкап көрөйүн деп, ушундай дарылар керек дедим эле, ошол замат самолёт менен жеткизип беришти.

Алимжандын жанындагы бир палатага күн-түн дебей, күнүгө эртең менен мага тамак-аш алып келгендер кезекке турушат. Алып келгендердин баарын медициналык кызматчылар мен кеткиче ичип жатышты. Кудай жалгап, өзүбүздүн дагы аракетибиз болсо керек, Алимжан оңолуп, менин да көңүлүм көтөрүлө баштады. Сегиз күндөн кийин Сүйүнбаевден суранып, буйруса, оңолуп айыгып кетмей болду деп түшүндүрсөм уруксат берди, мен Фрунзеге келе бердим.

Догдуровду операция жасап, эртеси эле Жалал-Абадга кетпедим беле, Догдуров ошондон оңоло албай каза болуптур. Алимжандын акыбалын телефон чалып билип турдум, акырындык менен оңоло баштады. Бир айдан кийин баягы мени менен барган, наркоз берген жардамчы балам Сайдымар Мадымаров кара-суулук эле, айылына отпускага кетип жатат. Сайдымарга катуу тапшырдым, бараар замат, үйүнө барбай түз эле ооруканага барып, Алимжанды көрүп туруп, мага телефон чаласың деп. Сайдымар эртеси эле чалды, келбесеңиз болбойт, ичи мага жаккан жок деп.

Операция жасаган жер толугу менен айыгыптыр, бирок ошол жерде томпойгон шишикче колго урунуп турат. Басып көрсөм, ооруйт дейт, температурасы бар экен деп угар замат, бат эле ошол күнү учуп бардым, көрсөм, чынында эле ошондой экен.

Уйку без абдан тазаланып бүткүчө, хирургия бөлүмүнүн башчысы Фахидовго абдан түшүндүрүп дайындагам, түтүкчөнү ириң чыкпай калгандан кийин үч күн өткөрүп, анан ал деп. Фахидовду бир топ жемеледим. Көрсө, трубканы эртерээк алып койгон, жогоруда айткандай, бездин тегереги абдан тазалана электе алынган, бери тыш жагы бүтөлүп калгандан кийин, ал жакта ириң тышка чыга албай, чогула берип оорута баштаган. Мен бараар замат, мурунку түтүк турган жер анчалык бүтө элек, ошо жерге оорутпагандай кылып новокаин – дары куюп, аспап менен ошол эски жолун таап чоңойтуп, ириң чогулган жерге жеткенде, ириң жыйналып калган экен, ошол замат тышка атып чыкты. «Алимжан аке, анча-мынча ооруйт, чыда»,– дедим. «Мамбет аке, келбей койсоң болот эле»,– деп онтоду. Кайра ошол жерге трубка салып, жууп-тазалап Фахитовго түшүндүрүп: «Эсиңде болсун, эптеп, канча азапты көрүп айыктырып, ушуга жеткизип алып эми кырсыкка учуратсак өзүбүз катуу уятка калабыз. Дагы айтам, түтүкчөнү күнүгө жууп, качан эч оорубайт десе, температурасы нормага жетсе, түтүктөн эчтеке чыкпай калгандан үч күндөн кийин ал»,– деп кете бердим.

Ошондон кийин Алимжан аке тез эле айыгып кетти. Өмүрүнүн аягына чейин – отуз беш жыл баягы эле раис милдетин аткарган чарбаны башкарды. Атагы чыккан адамда – үч Ленин ордени бар эле. Ошол операция болуп айыккандан кийин, өмүрүнүн аягына чейин жолдошчулугубуз, достугубуз айрылган жок. Бир нече жолу үйүндө болдум, үй-бүлөсү менен таанышып, ошондо энеси тирүү эле, балпайган сындуу киши экен, мени көрүп бетимден өөп, ыраа-

зычылыгын билдирип баласына: «Балам, биринчи Кудай, экинчи сен үчүн – ушул уулум Мамбет, сенин жаныңды алып калган, экөөң дос болуп, Мамбеттен кол үзбө»,– деп батасын берди. Алимжандын атасы чоң молдо киши экен, атасынын мүрзөсү үйүнүн маңдайында, өзүнчө көрүстөн экен, күн-түн дебей кайтарып турат экен. Алимжан кичинесинен жетим калып, бир топ азаптарды башынан өткөзгөн киши. Ошол жетимчилик, жокчулук турмушка, оокат кылышка, адам менен мамиле жасашка абдан үйрөтсө керек.

Кийинки жылы чакырды, конокко эсте калганын айтайын. Эртеси эле мончого алып барды, өзүлөрүнүн колхозунун эки кабат мончосу бар экен. Баратканда жолдон бир зор, бир жак көзү чалыр өзбекти кошо ала барды. Мончого киргизип, тиги өзбек менен өзү кирген жок, мен силер чыкканга, аш даярдап турайын деп. Мындай мончону ушу күнгө чейин көрө элекмин. Кийин уксам, Алимжандын – раистин өзүнүн түшчү мончосу экен. Мончонун ичи топтомолок, бир жагында цемент-бетондон жасалган койкага окшогон тапчан, башка эчтеке жок. Мен анда мындай мончого түшө да, көнө да элек элем. Баш багып кирип барсам, мындай ысыктыгын айтпа, дем ала албай, тышка чыга качайын десем, тиги өзбек тышка чыгарбай, «чыдаң» деди. Көрсө, тиги зор өзбек раистин өзүн жууп-тазалап, массаж жасап берчү адамы экен. Мен: «Ай, аке, мен буга чыдай албайм»,– десем, «чыдаңдан» башкасын айтпайт. Эки-үч шейшеп алып кирген, бирөөнү тапчанга салды, бирөөнү өзүнүн белине ороп курчанды. Эмне кылаар экен деп бир чети чочуладым, чыгарбады, мен көл-шал болуп тердеп кеттим. Тапчанга жатың деди, жатып бердим, маңдайыма отуруп алып, бир бутумду алып ийинине салды, мен корконумду айтпа. Бутумду ийинине салып алып ушалап, массаж жасай баштады. Өзү зор, күчтүү адам экен, мыжып кирди, эми этимден чыккан кирди айтпа, эзилип түшүп жатат. Ошентип, бүт денемди укалап бүтүп, бир чака сууну чачып жууп койду. Эми бир аз тышкы үйгө эс алың

деди. Тышкы үйдө эс алгандан кийин, эми дагы кириң деди, кайра кирдик, дагы жанагыдай жасап берди, бул жолу анчейин кир чыккан жок. Этим ушалаган сайын таза болуп, кычырап эле калды. Самынды такыр сүйкөгөн жок, дагы бир-эки чака сууну башымдан ылдый куюп берди. «Энди, чыга бер»,– деди, этим укмуштай таптаза болуп, жыргап эле калдым, чыксам Алимжан күтүп туруптур. «Жактыбы?» – деди. «Укмуш жакты»,– дедим. Палоо даярдап турган экен, жеп алып Алимжандыкына келе бердик.

Эртеси пахта талаасын кыдыртып көрсөтүп, тааныштырып жүрөт. Колхозу – «Коммунизм», ошондо көрдүм, аты коммунизмге окшошун. Пахтанын бардык талааларында жолдору асфальтталган, пахтасынын чыгышы, тазалыгы укмуш, ар бир бригадада, талаада өзүнчө кирпичтен салынган үйлөр, бала бакча, ошол жерде, үйдүн жанында жер-жемиш айдалган, саан уйлар бар. Отурганы жыгач, кенен керебеттер, төшөк, жаздыгы бар, мен бир тапчанына отурдум, алдына салган төшөк калың, өтө кооз. Кай жакка оонасаң, эки-үч жаздыктан. Кыдырып жүрөбүз, бир бригададан экинчи бир бригадага өтүп барганда, Алимжандын машинадан бир түшкөнүн көргөн жокмун, машинанын терезесин ачат, бригадир же башка бирөөлөрү жакын келбейт, бир топ алыс турушат. Терезени ачып, Алимжан бирдеме дейт, тигилер кайрылып сөз айтпай эле: «Хоп, раис»,– дегенден башканы айтышпайт. Бир топ өткөндөн кийин, машинада баратабыз, «Алимжан аке, жаныңызда отуруп, тигилерге эмне деп айтканыңызды мен түшүнгөн жокмун?» – деп сурасам: «Тигилер түшүндү го»,– дейт. Мен айттым: «Биз жакта башкармалар бирдеме деп буйрук берсе, тиги угуп жаткан адам жанына басып келип эмне деп жатасың деп такып сурайт»,– десем: «Жок, бизде андай эмес»,– дейт. Мен көзүм менен көрүп таң калдым, ичимден ойлодум, мына, оңолгон кишилердин иши кандай деп. Жетекчини ушундай сыйлап, урматтап, эмне айтканын ажылдабай аткарып турса, кантип оңолбосун.

Ушул күнгө чейин ушундай ойдомун, эгерде кайсы мекемеде, уюмда болбосун, айылдан республикага чейин жамандыр-жакшыдыр жетекчи кылып шайлап алсак, ошол жетекчинин улутуна, жерине карабай, бардыгы – кол алдындагы адамдар бир ойдо, бир тилде болуп урматтап турса, оңолбогон иш болбойт. Мен ар дайым айтам, ошондой жакшы иштеген адам мен үчүн жердеш, бир тууган деп.

Алимжан атактуу раис болгон үчүн өмүрүнүн аягына чейин Жогорку Советке депутат болуп жүрүп өтүп кетти. Сессияга келгенде, самолёттон түшөр замат, мейманканага барардан мурун өрүк-жүзүмдөн көтөрүп алып биздикине келчү эле. Бир чыны чай ичип, анан мейманканага кетчү. Ошончо зор көрүнгөнү менен менден бир жаш улуу эле. Ден соолугуна байланыштуу, нерв системасы – мээсинин кан тамырлары склероз боло баштап, ардактуу эс алууга чыгып, баласы түзүк бала көрүндү эле, атасынын ордун басты. «Коммунизм» деген колхоздун атын Алимжан Юнусов деп коюшту.

Ассистент болуп жүрөм, баягы кайнагам Жумагул Алышбаев берип кеткен эки бөлмөлүү каркастуу үй эле, эски автобазанын маңдайында, азыркы орус чиркөөсүнүн ылдый жагында. Адеп турганда, Сокен экөөбүзгө укмуштуудай эле кенен-кесир болчу. Чоңоё баштаганда, кийин илим доктору болгондо барып көрдүм, абдан кичинекей үй экен, анда туалет деген жок, короодо жалпы туалет, суу деген да жок, ысык суу жөнүндө түшүнүгүбүз дагы жок эле. Оюма кетти, үй жөнүндө аракет кылып көрөйүнчү деп. Ал убакта шаараткомдун төрагасы Сыдыгалиев деген киши экен. Ошо кишиге бардым, жакшы кабыл алды, ал-жайымды, үй жөнүндө айтып, жардам кылсаңыз деп. Бапылдаган, ачык, көрүнүшү жөнөкөй жакшы киши экен, угуп отуруп: «Байкебай, сен бир айдан кийин келчи, мен азыр баш-аягымды жыйнай албай жатам»,– деп узатып жиберди. «Макул, агай»,– деп кете бердим. Туура бир айдан кийин бир саат

кечикпей жетип бардым, барсам: «Байкебай, болбой калды, сен эми иштеген жериңден гана алмай болдуң»,– дейт. «Агай, сиз бир айдан кийин кел дегенсиз, мен бир мүнөт кечикпей келдим, иштеген жерден – мединституттан Нургазиевадан мен эч качан үй ала албайм. Сиз өз сөзүңүзгө туруңуз»,– деп мен болбой туруп алдым. Бир аз унчукпай ойлонуп туруп: «Мединституттан сен үчүн сураган кагаз алып келе аласыңбы? Сен мага жагып турасың, ошондой кагаз алып келсең, мен жардам кылайын. Кийин чатак кылып, эмне Мамакеевге бердиң десе, мына силерден суранган кагазыңар деп мен кутулуп чыгып кетем да, түшүндүңбү?» – деди. Бирок Нургазиева мага мындай кагазды өлсө дагы бербейт десем, орун басарларына деле кол койдуруп келсең болот – деди.

Келип ойлонуп, кантип мындай кагазды табам деп эсим ооду. Институтка барып тооруп жүрүп, институттун бланкасын эптеп таап алдым, өтүнүч кат жазып машинкага бастырып, Эгембердиев директордун орун басары, чогуу иштешебиз, бир күнү обход убагында дубалга такай коюп: «Агай, мобу катка кол коюп бериңизчи»,– деп жибердим. «Эмне ходатайство?» – дейт: «Агай, үйдөн жүдөп кеттим, шаараткомго барып аракет кылып көрөйүн десем, ушундай кагаз ала барсаң дешти, болобу-болбойбу аракет кылып көрөйүн»,– десем, агайым Кудай жалгап кол коюп бере салды, көз айнеги жок окумуш болуп. Мединституттун атынан дегенди чийип сал дейт. Мен: «Ой, агай, мен мединститута ассистент болсом, кимдин атынан демек элем»,– деп, обходуна карабай шаараткомго Сыдыгалиевге чуркап жеттим. Кирип барып эле, Сыдыгалиевге көрсөтсөм: «Молодец, Мамбет, мен сага үй берем»,– деп тез эле тапшырды. Темир жолдун үстүндө үч кабаттуу үй бүтүптүр, ошондон үч бөлмөлүү үйдү берип салды. Сүйүнгөн бойдон үйгө келип, Кудай жалгап кулпу сатып ала бардым эле, кулпуну салып бүтүп калганда, Осмонбекова деген өкмөттө иштеген чоң сары аял өмүрүмдө көргөн эмесмин, келип эле: «Бул үй

меники, мага берилген, мен Совминде иштейм»,– дейт. Берген ордерин көрсөттү, чын эле ордери меникине окшош. Орой жаным: Совмин эмес, башкасын айтсаң дагы чыкпайм бул үйдөн. Менин да ордерим ушундай болуп жатпайбы»,– деп, экөөбүз ажылдашып калдык. «Жүрүңүз, бул ката болуп калыптыр»,– деп, аркы имаратта милициянын конторy бар эле, шаараткомго, ордер берген аялга телефон чалдым. Тиги аял ката кетиргенин түшүнүп калса керек, мага: «Сиздин ордер туура, тиги Осмонбековага ката жазылып калыптыр»,– деди, тиги жанымда турду эле, телефонду бере коюп басып кеттим.

Дагы мени колдогон Кудайым – жаңы кулпуну ала барып салдыра койгонум. Тиги аял менден мурун барып калса, чыкпай коюп алат беле, ким билсин. Үч бөлмөлүү үй, бардык шарты бар, жыргап эле жатып калдык. Ошол үй акжолтой болуп, кийин докторлук диссертациямды жактадым, уулдуу болуп, Жумагулум ошол жерде төрөлдү. Азыр бул уулум медицина илимдеринин доктору, профессор, өзүбүздүн ооруканада көп жылдан бери башкы врач, мен бул уулум менен сыймыктанам. Жарым жылча өтүп кетти ошол үйдө жашап жатканыбызга, бир күнү эле директор Нургазиева чакырып жатат дейт. Дагы эмне балээ болуп кетти – деп, жетип бардым. Барсам, баягы сүзүлгөн эже: «Сен биздин атыбыздан бизди сатып үй алыпсың»,– деди да, кемсинтип: «Сен андай үйгө киргенге али эрте, сенден улуу профессорлор үйү жок жүрүшөт. Тез арада чыгып, үйдү бошот, чыкпасаң сот аркылуу милиция менен чыгартам»,– дейт. Угуп отуруп, бүткөндө: «Ой, эже, эмне үчүн кемсинтесиз? Мен деле ассистент болуп иштеп жатпаймбы?» – десем, болбойт,– чык, чыгартам деп эле. Менин да «тормозум» бошой түштү окшойт: «Эми, эже, мени сот эмес, замбирек менен дагы чыгарта албайсыз»,– деп басып кеттим. Чыгара алган жок, сөз да болгон жок. Көрсө, мединститутка беш үй берилди деген шаараткомдун кагазы келет, төртөө белгилүү – кимдерге бергени, бешинчиси кайда

деп шаараткомго барышат. «Силердин ассистентиңер Мамакеев алган, өзүңөрдүн сурооңор боюнча»,– деп, Эгембердиев кол койгон кагазды көрсөтүшүптүр. Ошондон кийин Нургазиеванын ачуусу келип, нерви бузулуптур, Сыдыгалиев ушундай чатак болоорун билип, жооп берип, мына, өзүңөрдүн суранган кагазыңар деп көрсөтүп кутулуп кетейин дегенин мен ошондо түшүндүм. Кийин Сыдыгалиев кезигип, күлүп: «Көрдүңбү, ал кагаз болбогондо, мага жабышат эле»,– деди акылдуу, чечкиндүү ишмер адам муну бүт эл билип баалап калды эле. Кийин бир топ убакыт өткөндөн кийин, Сыдыгалиевдин жакшы жолдошу Ташкентте, Самаркандда иштеген киши экен, ошону самолёт менен алып келип, Сыдыгалиев өзү носилканы көтөрүшүп, бизге алып келди. Өтө оор акыбалда экен, саргарып кеткен, ошону операция жасап, айыгып кетти. Ошондо мага үй бергени Сыдыгалиевдин эсинде экен. Келип, ырахматын айтып: «Байкебай, ошондо бир көргөндө айтпадым беле, сен мага жагып турасың деп. Менин үй бергенимди, ишенимимди аткардың»,– деди. Кийин бечара кичи жаш кайтыш болуп кетти. Бирөө келин алып жаткан жерде тамада болуп отуруп, ошол жерден мүрт кетиптир. Угушумда, толтоо – кан тамыр жарылып кетип, мүрт кетти дейт.

Ошентип жаш өмүрдүн кызыктуу учурлары кечиктирилгис хирургияда өттү. Түн-күнүн келип, эки-үч саат, кээде беш-алты саат операцияда туруп, андан кийин үйгө барганда деле уйку жок, ошол жасаган ооруларды эмне болот деп ойлоно берип, бирдеме шырт этсе, көзүм умачтай ачылып, тура калам. Операциядан кийинки оорулуулар көз алдыман кетпейт, дагы кимиси ок жеп, же сайылып келээр экен деп санаам тынчыбай турат. Мына, ошондон тартып менин уйкум бузулуп, 50 жылдан ашты, тынч уйку менде жок. Буга менин организмим көнүп алды, канча уктабасам да, уйкум келбейт.

Бир күнү биздин «тез жардамда» диспетчер болуп иштеген кырк жаштагы орус жигитти алып келишти, кийимдери чыланган кан, өңү купкуу, эс-учун билбейт. Аялы

дагы ошо жерде врач болуп иштейт экен. Эртең менен экөө тең кызматка жөнөгөнү жатышып, чатакташа кетишет. Ачууга жеңдирген күйөөсү хрусталь күл түшүргүч менен аялын башка тартып калат. Аялы кызыл-жаян болуп эс-учун жоготуп, «тез жардам» алып кетет. Күйөөсү соттолуп, кыйналып жүргүчө, өзүм өлүп тынайын деп асылмакчы болот. Мунун баарын өзү кийин айтып берди. Жип алып асындым элем, өлүп баратам, кайра түшө качтым: – Кой, бул болбойт экен – деп бир бөтөлкө аракты көтөрүп жибердим эле, көзүм ала-чакмактап, кухняда темтеңдеп турдум, ачка жаным, бат эле мас кылды, кандайдыр колума бычак урунду, мына эмесе деп көкүрөгүмө согуп калдым, андан кийинкисин билбейм дейт. Келгенде жүрөгү араң эле согуп, кан токтобой агып жатат. Бул жолу бычак кирген жүрөккө биринчи жолу операция жасашым. Операциялык сестра колума эмне жип берсе, ошону менен тиктим. Жүрөктү операция жасаш буга чейин менин оюма келбеген, кезигеби, жокпу деп, көп камаарабай жүрө бериптирмин, ошон үчүн түшүнүгүм аз эле. Миң аракет менен бул ооруну айыктырып алдык, ошол замат жүрөктүн ушундай оорусун окуй баштадым. Көрсө, жүрөктүн этин кетгут менен тигүүгө болбойт экен. Себеби жүрөк тынымсыз иштегенде, басымы жогору болуп кыскан сайын, кетгут жип кармай албай чечилип кетип, же эрте эрип кетип, кайрадан сайылган жүрөктүн тешигинен кан агып, майып болуп калышы ыктымал деп жазылыптыр. Жүрөктүн булчуң этин капрон, лавсан, жибек жиптер менен тигиш керек экен. Ушуну окуп алып, качан чечилип же эритип кан агаар экен деп, дагы сарсанаа болдум. Кудай жалгап, андай болгон жок. Мына ушундан тартып ушу күнгө чейин өзүмдүн окуучуларыма ар дайым айтам, эскертем. Бизге тез хирургия жолу менен айыктыруучу оорулар ар дайым күтүүсүздөн кезигет. Ошол үчүн силер, кезигеби же кезикпейби, мындай оор ооруларга ар дайым даяр болушуңар керек. Даяр турганда, аны кандай операция жасап алып калыш керек?

Буга дагы даяр болушуңар керек. Ал жигит ошондон кийин жыйырма жыл жашады, өз ишинде иштеди. Жүрөгүнөн эч арызданган жок, мен муну кез-кези менен чакырып текшерип, ал-жайын билип жүрдүм. Бизде, хирургияда, эмне жаңылык болсо, сейрек учурай турган ушундай ооруларды операция жасап, жакшы айыгып кетсе, жалпы хирургиялык коомго, уюмга баяндап, айыккан адамды мисал кылып көрсөтүп, пикир алмашабыз. Хирургдарга, айрыкча, жаш хирургдарга бул чоң сабак. Ал жигиттин аялы да башынан операция жасатып, жарым майып болуп, аман калыптыр. Тиги жүрөгүнөн операция болгон жигит ал убакта жүрөктөн бычак жеп, андай операция жасалгандар аз болчу. Ошондо кээде операция жасаган хирургдар үчүн кызыктуу. Алар аман-эсен айыгып кетсе, биз, жалпы хирургдарга сабак болсун үчүн көрсөтөбүз. Ушуну көрсөтүш үчүн бул адамдын адресин таап алып, издеп жүрүп үйүнө бардым, барсам күйөөсү бечара аялынын бутун чарага салып жууп жатыптыр. Бири-бирин майып кылып коюп, эми минтип жашап жаткандарына таң калдым.

Ошондон бери биздин кечиктирилгис хирургияга жүрөгүнөн жарадар болуп келип ушинтип айыгып кеткендер 300 адамдан ашты. Азыр шартыбыз башка ал убакка караганда, атайын курал-аспаптарыбыз бар, тиге турган укмуш ийне-жиптер бар. Хирург балдарымдын көпчүлүгү, жүрөгүнөн жарадар болуп келсе, кадимкидей кемчилиги жок операция жасап, өзүлөрүнүн да түшүнүгү толук болуп, жакшы кетип баратат. Ушул жүрөктүн жараты жөнүндө Самаков Алмаз деген балам төрт жыл мурда кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, азыр кафедранын доценти. Өсүп-өнүп келе жаткан жаш хирургдарымдын бири. Эми өсүп-өнүп, чоңоюп калдык деп, эски хирургия жайыбыз эски, эскилигинен да өтө тарый баштады.

Мына ушундан тартып оюмдан чыкпайт, ооруканабызды кандай кылыш керек, кантип чоңойтуш керек деген ойлор пайда боло баштады.

## АЗЫРКЫ УЛУТТУК ХИРУРГИЯ БОРБОРУБУЗ КАНТИП САЛЫНГАН?

Биз орношкон үч кабат имараттын салынганына отуз жылдан ашыптыр. Баш калаабызда ушуга окшош долбоордо салынган үч оорукана болгон. Анын бири Фучик багынын ичиндеги факультеттик хирургия кафедрасы жайгашкан имарат, анда төртүнчү курстун студенттери окуйт. Бул кафедрада кафедра башчысы болуп профессор Круглов, андан кийин академик К.Рыскулов, кийин Акматов Бекболот иштеди. Азыр бир топ жылдан бери профессор, Кыргыз Улуттук академиясынын мүчө-корреспонденти Рахат Оморов башкарып, ийгиликтүү иштеп келе жатат. Бул ооруукананы убагында Фрунзе заводу салдырган, ошолорго таандык эле. Дагы бирөө республикалык госпиталда, азыр ал жерде жалпы хирургия кафедрасы жайгашкан, үчүнчү курстун студенттери окуйт. Кафедра башчылары профессор И.К.Ахунбаев, профессор Червинский, профессор Жумагулов, профессор Чыңгышов, профессор Бебезов, азыр бир топ жылдардан бери кафедранын башчысы болуп профессор Бейшеналиев А. иштеп келе жатат.

Үчүнчүсү – биз иштеген оорукана. Биздикин убагында Ленин заводу курдуруп, ошолорго таандык болгон. Бул ооруканада госпиталдык хирургия кафедрасы жайгашып, бешинчи-алтынчы курстун студенттери окушат. Кафедра башчысы алгач профессор М.Е.Фридман, андан кийин мен, отуз төрт жыл иштедим, менден кийин Ж.Бектуров эле, кайтыш болгондон кийин профессор А.А.Сопуев башкарып келе жатат.

Үч ооруkананын ичи-тышы, көрүнүшү чоңдугу бирдей, окшош, бир эле кишинин долбоору болсо керек, кезинде бул ооруканалар аска-зоодой болуп көрүнчү. Башка элдин ооруканасын көрбөсөк, билбесек, бизге ошондой көрүнсө керек. Мезгил учуп, талап күчөгөн сайын, илим-билим, хирургдар өсүп, элдин саны көбөйүп, оорулардын дагы саны өстү дегендей. Бир кабатында он төрт палата, бир эле жеринде жалпы туалет, эң аягында операция жасалчу бөлмө. Ооруган адамдарды каталкага салып алып жеткирет, себеби операцияга чейин жана операциядан кийин хирургиялык оорулардын көпчүлүгү өзү баса албайт, каталкасыз калган оорулардын мээсин жеп, коридордон каңкылдатып ары-бери сүйрөп жүрмөй. Жүз жыйырма койкалык жай, шаар боюнча күн-түн дебей кабыл алуучу жалгыз оорукана болгондуктан Чүй областы гана эмес, коңшу Казакстандан, Курдайдан, Чу, Жамбул жактан дагы ушу күнгө чейин бизге кайрылышат. Сен башка райондон экенсиң, албай деген жок, мунубуз жок, аныбыз жок деп шылтоо айтууга акыбыз жок. Орун жок болсо коридорго, коридордо жок болсо жерге жаткызыш керек. Ошентип, ооруканабызга батпай, айлабызды кетирди. Кээ бир оорулууларды убактысынан эрте чыгарып жиберген күндөр да болду. Эртең менен кызматка келгенде эле дежурный врачтар, сестралар орун жок, таң аткыча орун таппай, матрац таппай азабыбызды жедик деп даттанышышат. Күнүгө обход жасап, кимди чыгарышты ойлоп эсибиз оойт.

Айлам кетип, биздин институтту бүтүрүп, Ошто, саламаттык сактоо министрлигинде көп жыл иштеп келген Петросян Владимир Арустамовичке бара баштадым. Министр өтө акылдуу, өзүнүн ишин мыкты билген, жөнөкөй, адамкерчиликтүү киши эле. Бизден үч жыл мурун Миррахимов, Данияровдор менен бүткөн экен, анда мен деле бул адамды жакшы билчү эмес элем, жакшы иштеген үчүн он жети жыл министр болуп иштептир. Биринчи барганымда жакшы кабыл алды, мени министр катарында байкап жүрсө

керек. «Мамбет, жакшы иштеп, жакшы келатасың, ушул жолуңдан, ийгилигиңден тартпа»,– деп акыл айтты, мен кубанып калдым. «Баштадым,– Владимир Арустамович, эмне кылабыз, айлабыз кетти»,– деп. Баарын түшүндүрүп бердим, же чоңойтуш керек оорукананы же жаңы салыш керек, болбосо бир аздан кийин иштей албай калабыз дедим. Кийинки барганымда: «Мамбет, бир аз чыдай тур, буйруса болот, ойлонуштуруп жатабыз, өкмөткө маселе коюп жаңы оорукана салмай болдук. Долбоору бүтүп жатат, тез жардам аталмакчы болду»,– деп кубантты. «Сен, Мамбет, ошол жака барасың, чыдап тур»,– деди. Кайда салат экен десем: «Тээ шаардын батыш жаккы четинде, ызы-чуусу жок, ээн жер, жыргайсың» дегендей болду. Адресин сурап алдым, ошол замат автобустан автобуска отуруп бир саатта араң таап бардым. Барсам, ал жер чын эле ээн талаа экен, тегерегинде эчтеке жок, үйлөр алыс, кайра эртеси министрге кирип: «Владимир Арустамович, ал жериңер борбордон алыс, ээн талаа турбайбы. Мен үчүн эчтеке эмес, эптеп барып-келем. Ал эми катуу ооруган адамдар кантет, мисалы, бычак, ок жегендер, ичегиси түйүлгөндөр, ашказаны тешилгендер, кан кускандар? Ал жерге жеткиче, жок дегенде, жолдон эки-үчөө өлөт, адистер, биз менен сүйлөшүп, анан салынса жакшы болбойт беле. Владимир Арустамович, мен кескин түрдө айтам, мен ал жакка барбайм»,– дедим. Министр мени анча-мынча түшүндүбү, бир аз ойлонуп туруп: «Ай, Мамбет, адегенде ошол оорукана бүтсүнчү, анан дагы Кудайдын айтканын көрөрбүз»,– деди.

Ошентип, көпкө күтүп жүрө бердим, министрликтен эч кандай кабар жок. Жаңы оорукананын фундаменти казыла баштады деди. Бир күнү эле түнкүсүн ызы-чуу, чабуул болуп, мени издеп калышыптыр, бат эле тапты, анда мен кайда барбайын, үйгө, иштеген жерге адресимди айтып кетчүмүн. Көрсө, Борбордук Комитеттин экинчи катчысы Тартышевдин аппендицити кармап, приступ болуп алып келишиптир. Мен көрүп, Тартышев салабаттуу, орто жа-

шап калган адам экен: «Эки-үч сааттан бери ооруп, жанымды койбой кыйнап жатат, эки-үч жолу кусуп да жибердим. Мурун мындай ооруп көргөн эмесмин»,– дейт. Мен ичин көрүп, анализдерин тапшыртып, диагнозун курч аппендицит деп коюп, тез операция жасаш керек, ушундай оору десем: – Өзүңүз билиңиз, мен макулмун – деди. Ошол замат операцияга даярдап, бизде, жакшы жери, күн-түн дебей операциялык бөлүмдө керек болчу аспаптар, марли, жип, кие турган кийимдерибиз ар дайым даяр турат. Себеби суткасы менен ушундай токтоосуз операция болчуларды алып келе берет.

Тартышевди операция жасап, туура биз койгон диагноздой болуп чыкты. Анда бизде чоңдор үчүн өзүнчө палата жок. Профессордун кабинетине керебет коюп, ошол жерге жаткыздым. Атайын заказ бергендей, экинчи түнү дагы ушундай диагноз менен Министрлер Советинин төрагасынын орун басары Сакен Бегматова түштү. Бул кишини жасап, өзүмдүн кабинетиме жаткыздым, кабинет дегени эле болбосо, эчтекем жок, жалгыз эле отурчу столум, эки-үч табуреткам бар. Экөө тең күн-түн дебей менин карамагымда. Шартыбыз өтө начар, Тартышовго, Бегматовага – экөөнө тең түшүндүрүп, бир-эки күн жакшы болгуча ушул жерден тамактанып турсаңар, туалетке дагы бул жерден баргыча деп, сестрага, санитаркага катуу тапшырма бердим. Мындайда, экинчи тозогу, айтпадымбы, кандай, эмне болду, эмне операция деп, күн-түн дебей телефон шыңгырай берет, анан тынбай көрөбүз деп чубап келе баштайт. Башка кишилерге кылгандай мамиле болбойт. Ошон үчүн өкмөттүк ооруканада чоңдор үчүн салынган, ал жерде тизме менен бекитилген гана адамдар үй-бүлөсү менен ошол жерде дарыланышат, операциядан башка оорулар. Ал жерде, бизге караганда, шарты тамак-ашынан баштап, жаткан керебети, жууркан-төшөгү, коридордо килем-жолчосу дегендей, укмуш башкача. Бул жерде иштеген медиктерге караганда, санитаркадан врачка чейин 25% көбүрөөк алат,

аны мен кийинчерээк билдим. Көрсө, 25% ушуларга урушпай-этпей, сылык сүйлөп, эмне десе аткарыш үчүн төлөнөт экен. Менимче, бул деле туура, булар үчүн бир жагынан артыкчылыгы болуш керек, ошондогу чоңдорго ылайык эле болчу.

Эки күндөн кийин Сакен эжеге кирсем, кабагы бүркөө, маанайы пас, ошол жашымдан калган кесиптен болсо керек, ушул күнгө чейин айтып жүрбөймбү, биз үчүн биздин көз негизги куралыбыз деп. Себеби ооруп кыйналып келген адамды биринчи көргөндө, көзүн карайбыз. Көзүн карагың келбесе дагы, жүзүн карайсың да, ошондо биринчи көзү айтат кыйналып жатканын. Операциядан кийин күнүнө эртең менен биз үчүн көндүм болгон дагы көзү көрүнөт. Ооруган жери басылмайынча, температурасы нормага келмейинче, ал-акыбалын сурай электе эле көзү айтат, анан төрт-беш күн өткөндөн кийин – операциядан кийин дагы кирип келээр замат бизге көзү айтат. Ушунчалык көзү жайнап балбылдап, бүгүн эч жерим оорубайт, операция жасаган жерим да оорубай, түндө абдан тынч уктадым деп. Мына ушундан тартып, биздин дагы көңүлүбүз ачылып, биз дагы ырсайып күлө баштайбыз. Көз карашы төрт-беш күндөн кийин оңолбосо, анда бир балээ болуп, татаалдашуу болуп жатабы деп изилдей баштайбыз. Себеби сойгон жер ириңдей баштаганы, же ичегиси калыбына келе албай, иштебей, заңдай албай калганы. Же өпкөсүнөн кабылдап калганда же тамагы ооруп, ангинасы кармап калганда, же жакшы заара кыла албай калганда мына ушундайлар операцияда кезиге берет, ошон үчүн көзүнүн карашы оңоло албайт.

Эже айта баштады: «Мамбет, Совет өкмөтүнүн орногонуна ушунча жыл болсо дагы, ушундай начар оорукана көргөн эмес экенмин, түндө горшогуңа отуруп көнбөгөн жаным, саат он экиден кийин туалетке барайын деп чыга калдым эле, алдымдан каталкага салган кызыл-жаян болгон мас орусту бакыртып алып келатыптыр. Ошондон эсим

чыгып, палатага кире качтым, бир аздан кийин туалетиңе барсам, адам киргис»,– деп. Мен: «Эже, ошон үчүн эки-үч күн чыдап, эшикке чыкпай жатып турсаңыз дебедим беле? Менин оюм, сиз жакшы болгондо, ал-акыбалымды айтып, болгонун көрсөтүп калайын дедим эле, эми өзүңүз көрүп калыпсыз, бул сиз көргөндүн чети эле»,– дедим. Бизге жаткан кээ бир чоң адамдар буга чейин ооруп көргөн эмес. Биздин оорунун жаман жери, уктап жатабы, жыйналышта же иште отурабы, конокто отурабы же командировкада жүрөбү – ошонун баарына карабай кокусунан кармап калат. «Эч качан бул оору мен баратам деп кабар бербейт. Ошон үчүн бизде чоң соодалашмай башталат, ооруган адам операцияга макул болбой: «Ой, доктор, мен өмүрүмдө ооруп көргөн эмесмин, биринчи жолу мындай оору менен ооруп жатам, анан силер тез эле баса калып операция жасайм деп бычагыңарды курчутуп турасыңар»,– дейт. Ошентип, кээде макул болбой, соодалашып жатып, убакытты өткөзүп жиберип, өзүнө да, бизге да өтө кыйынчылыкты алып келет. Сакен эжеге баарын айтып, көрсөтүп бердим. Бир палатада төрт орундук болсо, бизде алтыдан жатат, коридордо, жерде да тыгылып жатышат. Ушунун баарын өз көздөрү менен Тартышов экөө көрүштү. Башын чайкашып, таң калып отурушту, чоң адамдар кокусунан ооруп калып, өз көздөрү менен көрбөсө, билбейт. Оюнда баары эле жайында деп, анан биздин өзүбүздүн чоңдор, министрликтер буларга жалаң эле: – Түзүк, баары бар – деп кабар бере берет экен.

Сурашты: «Мамбет, эмне үчүн шартыңды айтып кайрылган жоксуң?» – деп. «Эже, мен өзүбүздүн министрликке кайрылгам»,– дедим. Биздин министр Владимир Арустамович, айтпадымбы, өтө тамашакөй, айрыкча, анекдотторду укмуш айтып, боорду эзип койчу. Күнүгө тигилерге келип, бир-эки анекдот айтып, боорун эзип кетет. Эже курсагын басып алып, абдан күлүп жатып: «Володя, уходи»,– деп кетирди. Эртеси келгенде, эже министрге: «Владимир Арустамович, эмне үчүн бул оорукананын ал-акыба-

лы ушундай начар, эмне үчүн жогору жакка айтып, жардам берүүгө аракет кылган эмессиң?» – деди эле, министр: «Сакен Бекматовна, мен аракет кылып эле жатам, ушулар үчүн, Мамбет үчүн. Долбоор бүтүп, салынганы жатат, жерин каза баштады. Мамбет ал жакка барбайм, өтө алыс. «Кечиктирилгис хирургия» деген шаардын ортосунда болуш керек дейт»,– деди да, министр: «Мен да ойлоштуруп көрсөм, чын эле бул хирургия ал жакка барыш ыңгайсыз экен»,– деп кошумчалап койду.

Экөө тең баарын көрүп бүтүшүп, сөзсүз жардам беребиз дешти. Айткандай, экөө өз ара кеңешип отуруп, Турдакун Усубалиевичке телефон чалышып, көргөн-билгендеринин баарын баяндап беришиптир. Эртеси, эженин жанында отурсам, Турдакун Усубалиевич кайра телефон чалып калды. Тигилердин абалын, ден соолугун сурап келип: – Мени кайда? – деп сурап калды окшойт, эже: «Мамбет менин жанымда турат»,– деп трубканы мага сунду. Турдакун Усубалиевич: «Мамбет, шартың ушундай жаманбы, эмне үчүн бизге кайрылган жоксуң?» – дейт. «Агай, сизге кайрыла алган жокмун, эсиме дагы келген эмес. Өзүбүздүн министрге барып айтып жүрчү элем, мага жолдош Бегматова менен Тартышов толугу менен түшүндүрүп беришти»,– десем: «Ошол жерге жаңы оорукана салышка мен макул болдум, ошол экөөнү тең жакшылап дарылап, кетирбей кармап туруп, ишиңди бүткөрүп ал. Тийиштүү, долбоорду түзчү адистерди да ошол жерге чакырып, бүткөздүрүп ал»,– деп турат. «Ырахмат, ырахмат, агай»,– деп жибердим, сүйүнгөнүмдү айтпа. «Эже, уктуңузбу, эми сиздерди кетирбейм, Турдакун Усубалиевич ушундай буйрук берди»,– дедим. Эже макул болуп: «Мамбет, мен колумдан келген жардамымды аябайм»,– деди. Эртеси эле долбоорлоо институтунун директору, абдан жакшы таланттуу бала эле, Тамара Бакиеванын ошондогу күйөөсү, эже баарын чогултуп алып: «Эмне кылсаңар дагы, үч-төрт айдын ичинде бүткөзүп мага алып келип көрсөтөсүңөр»,– деп талапты катуу койду. Тиги

угуп отургандар, жаңкы директору: «Эң жаман деген долбоор бир жылда бүтөт, төрт айда бүтө албайбыз»,– деп каршы болду эле, эженин күчүн ошондо көрдүм: «Айттымбы, айттым, шылтоо издебей убагында бүткөзөсүңөр»,– деп чыгарды.

Аларды узатып чыктым эле, тиги директор жигит: «Мамбет Мамакеевич мынча болду, биз аракет кылып көрөлү, сизден суранаарым үч инженерге долбоор түзүүгө беш күн командировкага уруксат алып бериңиз, Москва, Ленинграддагы ооруканаларды көрүп келип, анан баштайлы»,– деди. Макул, азыр эле деп, өзүм эжеге кирдим: «Эже, булар суранып жатат»,– десем. Жаңкы директорун чакыргын деди, чуркап чыгып чакырдым, беш-он күнгө баргыла мен уруксат бердим, андан кийин шылтоо издебегиле – деп узатып койду. Тышка чykканда алар мага ыраазы болуп кетишти, кийин билдим үчөөнү командировкага жиберип, барып келгенин. Эже айткандай эле болуп, булар тез аранын ичинде долбоорун бүтүп алып келишти.

Бул иштин башталышы эле, ушул хирургиялык корпусту алты жыл салышты го далай азап менен. Адегенде ордун казып коюп, жарым жылга жоголуп кетишти. Андан кийин фундаментин түптөп коюп жоголушту, барбаган жерим калбады, аягында Турдакун Усубалиевич өзү колуна алды. Ошондогу Борбордук Комитеттин күчү ай, биринчи катчы айтса – аткарылат, калганы айтса, илгери жылбайт. Турдакун Усубалиевич бир айда бир келип, планеровка дейт экен, курулушчулар менен өзү өткөзүп, өзү келбесе, Апас Жумагулов, Карыбек Молдобаев, Кеңеш Кулматов көзөмөлгө алып, келип текшерип турушуп, иш илгери жыла баштады.

Мен болсо, күн-түнү менен ушулардын арасындамын кээ бирөөлөрү менен жакшы сүйлөшүп, жакшы мамиледе болуп кеттик. Кээде бирөөлөрү менен, кыялы чатак киши болбойт экен, уруша кетип да жүрдүм. Ар дайым бош убактым боло калса, отурган кабинетимдин терезесинен баары

көрүнүп турат, курулушка аралашып кетем. Ошондо эле көзүм көрөгөч болсо керек, оорукананын ортосунда төрт кабаттуу операциялык зал салынып жатат. Экинчи кабатына келгенде, түркүктөрү курулуп, тургузулуп калган, негедир кыйшак көрүнүп туруп алды. Келип, салып жаткандарга: «Ушунуңар кыйшык көрүнүп жатат, кийин бүткөндө мен күн-түн дебей ушул операция залында иштейм, кокусунан кулап түшүп, балээ болбойбузбу?» – деп өз оюмду айтсам, тигилер калың шыбап, түздөп коёбуз, кыйшыгы көрүнбөй калат дейт. Чын эле ошондой деп кетип баратсам, бир курулушту түшүнгөн адам болсо керек, мага кеңеш берди: «Сиз күмөндөр болсоңуз, өзүнчө технадзор деген уюм бар, ошого кайрылыңыз. Алардын атайын текшере турган аспаптары бар, ошону менен текшерип берет»,– деп. Кабинетке кирээр замат телефонун таап, бул уюмга чалдым.

Кудай жалгап, тез эле жетип келишти, мен көрсөтүп бердим күмөн болгон жеримди. Алар эч сөз сурабай, айтпай туруп, барып эле өзүлөрүнүн приборлору менен текшерип киришти. Текшерип бүтүп эле: «Сиз туура байкагансыз, бул жараксыз»,– деп чечим чыгарып беришти. Ушу күнгө чейин эрте келмей жайым бар, эртеси эртең менен эч ким келе электе келип, кабинетимдин терезесинен карасам, баягы экинчи кабаттын түтүктөрү жок, чуркап барып ары-бери карадым – карааны көрүнбөйт. Таң калдым, эмне болду, кайда кетти деп. Көрсө, түн ичинде, эл жатканда го, баарын бузуп, талкалап, оорукананын аягына – заводдун артына алып барып жыйып, катып салыптыр. Бир аздан кийин жумушчулар, прораб толук жигит эле, мага келишип: «Мамбет Мамакеевич, кечирим сурайбыз, бизден катачылык кетип калды, баарын оңдойбуз, суранаарыбыз эч кимге айтпай эле койсоңуз?» – дейт. Мен: «Жок, муну Усубалиевичге айтам, бул жерде, аман болсом, мен иштейм, башкадан каталык кетиргиле, бирок бул жерде антүүгө болбойт, себеби адамдардын өмүрү үчүн күрөшүп ошолорду

аман алып калууга аракет кылып жатабыз. Мен курулушчу эмесмин, хирургмун, эмне үчүн силерге, адистерге, кемчилигиңерди айтып көрсөтүшүм керек?» – деп жооп бердим. Кийин Усубалиев келип, планерка өткөзүп калды, мен туруп баарын айтып бердим, прорабын иштен алды. Түз оюм кийинкилерине сабак болуп, ушундай кемчиликтерди кетирбеш үчүн, Турдакун Усубалиев жумушчулар жана курулуш материалдары жетишпегенин байкап калып, ар бир кабатын ар түрдүү курулуш мекеме уюмдарга бөлүштүрүп берди. Алардын башчылары, мисалы, Аманов Мукталы Аманович – Кыргыз керек-жарак союзунун төрагасы, Усманов Рашид – соода министри жана башка бир топ уюмдардын жетекчилери өздөрүнүн куруучулары жана курулуш материалдары менен келишти.

Куруучулар долбоордогу чиймесинен кылча жылышпайт экен. Мен корпустун үстүн шифер менен жаап берүүнү сурангам. Бирок, долбоордо көрсөтүлгөндөй – корпустун үстү ачык – жабылбай, смола төгүп, кара кагаз менен жаап салды. Күн жааган сайын ошонун азабын көрдүк, суу өтүп, агып, тамчы таамп, үстүнө дагы эле бир аралашманы төгүп оңдомуш болот. Бирок ага деле болбой суу агып, айрыкча, төртүнчү кабаттын төбөдөгү шыбагын бузуп, керектен чыгара баштады. Электр зымдары күйүп кетип, иштен чыга баштады. Үстүн жаап бергиле деп канча жерге барбадым: Жаман жери, долбоор боюнча коридор линолеум менен жабылмак экен. Буга мен дагы каршы турдум, анткени бизде күн-түн дебей операция жасалып, операцияга чейинки жана операциядан кийинки көпчүлүк оорулуулар өзү баса албайт. Буларды операция залы, таңуу бөлмөсү жана палатага чейин каталка менен алып жүрөбүз, ошон үчүн бизге линолеум таптакыр жарабайт. Тез аранын ичинде айрылат, тытылат же сыйрылат. Биздин хирургияга чыдай турган жалгыз темир же таш деп сурансам дагы, жалынсам дагы болушпады, долбоордо жок деп. Болбой жа-

тып, жок дегенде коридорду мозаика менен жаап бергиле десем, буга араң макул болуп, жаап беришти.

Мына, отуз бир жыл болду ушул ооруканада иштеп жатканыбызга эмдигиче былк этпей, кадимкидей турат. Саид Миррахимовдун кардиологиялык борбору бизден бир-эки жыл мурун бүттү эле. Бардык коридору линолеум менен жабылган, ар бир жылда алмаштырып, жадаганда плитка менен жаптырып, оңолуп, тынчып калышты. Ошондон тартып ыгы келип калса, биз палаталарды дагы плитка менен жаптырып, азыр бүтөйүн деп калдык. Мозаика же плитка менен жаптыргандын экинчи жакшы жери, жууп-тазалаганга өтө жеңил жана таза. Имараттын төбөсүн оңдотуу үчүн өзгөчө кырдаалдар министри Урманалиев Султанга чейин бардым. Мурун депутат болуп жүргөндө мамилебиз бар эле, жакшы көргөн, адамкерчиликтүү, өз ишин ушунчалык жакшы билген жигит көрүндү эле. Барып, алжайымды түшүндүрүп, бу биздин кечиктирилгис хирургия – биздин кылган ишибиз силердин министрликке өтө таандык, жардам берсең, көп жылдан бери ушу оорукананын төбөсүнөн жаан агып, айлабызды кетирди, азабыбызды берди десем, Урманалиев: «Мамбет Мамакеевич, муну мен жалгыз чечүүгө алым келбейт го. Мен сизге жардам берейин, Президент Акаевге кат жазсаңыз, ал киши кол коюп берсе эле, болду»,– дейт. Султан айткандай кат жазып алып, А.Акаевге жетип бардым. Акаевге ыраазы болгонум, окуп туруп, уруксат деп жазып, кол коюп берди. Көп сураштырып-сезген да жок, ооруканага мындай учурда сөзсүз жардам беришибиз керек деп. Ошол замат Урманалиевге жеттим: «Болду, Мамбет Мамакеевич, чатырыңызды жаап берем»,– деди. Айткандай эле көп созбой, ошол килейген имараттын төбөсүн бир сом сурабай бекер жаап берди. Ошондон кийин тамчы дегенден кутулуп, жыргап эле калдык. Урманалиевге жалпы оорулуулардын, коллективдин атынан ушул күнгө чейин ыраазыбыз. Дагы бир азабыбызды берген – батарея болду. Дагы эле баягы дол-

боор боюнча кеткен каталык. Ошондо, бирөө жаңыдан ойлоп чыгара калса керек, чоюн батареянын ордуна, жалпак, жука, жеңил темирден тез жылытат деп чыгара коюптур, бизге ошондон коюлуп калды. Кыш түшүп, батареяга ысык суу жибере баштаган күнү бир нечеси кагаз айрылгандай болуп жарылып, айрылып кетти жамаачылаган жеринен. Көрсө, бул сегиз атмосферадан жогору болсо, көтөрө албай, жарылып кетет экен. Ошентип, үчүнчү кабатта бир күн иштей элек жаңы рентген аппаратыбыз иштен чыкты. Ысык суу атып жатат, аны кайдан, кайсы жерден токтотушту эч ким билбейт, туш-тушка телефон чалып жатабыз, алар келгиче ысык суу тизеге жетти. Ошентип, рентген аппарат иштен чыкты, паркет пол да эртеси жин ургандай, ачыган камырдай көтөрүлүп иштен чыкты. Калган майда-барат чыгымдарды эске албаганда, кийин жарылганын чоюн батареяга алмаштырып отуруп, мурдагы батареядан бирөө да жок. Бардыгын чоюн батареяга алмаштырып алдык.

Бүтөөргө жакын бизге комиссия келип, текшерип көрүп курулуштун 30%ы бүтө элек экен деген жыйынтык чыгарышты. Анын эртеси бүт баарын – комиссиясын, салып жаткан жетекчилерди шааркомго, К.Молдобаев чакырып жатат деп алып кетти. Мен да барайын – десем,– сени чакырган жок деп албай коюшту. Көрсө, ошо күнү Молдобаев баарына кол койдуруп алат. Мөөнөтү бүтүп кетип, жогортон сурап кысым көрсөтүп жатат деп. Эртеси мен Молдобаевге жетип бардым. Карыбекти мурун окуп жүргөн чагынан таанычу элем. Менин аялым Сокен экөө бирге бүткөн. Барып: «Эмне кылганыңыз, комиссия 30% бүтө элек, чала деп берсе?» – десем: «Мамбет, тигилердин – жогору жактагы чоңдордун оозун баса туралычы, калганын акырындык менен бүтөбүз, ишенип кой»,– дейт. Ырас эле ишендим, ошентет го деп. Ошондон кийин бир адам басып келген жок, бир нече жолу кайрылсам ана-мына деп шылтоо таап, жасабай койду. Ошондон кийин Молдобаевден түңүлдүм жана

ишеничим калбай калды. Бирок кезигишип калганда, ушул күнгө чейин ыпылдап жакшы эле учурашып, жакшы мамиледей болуп калабыз.

Ооруканаyын бүтүшүнө көп жагынан Апас Жумагулов, Кеңеш Кулматов жакшы көмөктөштү. Ошончолук кемчилиги менен биз жаңы конушка көчүп калдык. Колдон келгенин өз күчүбүз менен бүтүрүүгө аракет кылдык. Кыскасы, мурункуга караганда, жаңы конушка келгенде жыргап эле калдык. Өтө кенен, ар бир палата төрт орундан, ичинде ысык суу, муздак суу, туалети бар, кадрларыбыз өсүп-өнө баштады. Хирургдарымдын саны, сапаты өсө баштады, госпиталдык хирургия кафедрасында буга чейин ассистенттер үчүн студенттерди өзүнчө окутчу кабинети болгон эмес. Жаңы конушка келгенде эски имараттан бир кабатын бөлүп берип, ар бир ассистент, доценттин өзүнчө кабинети бар. Ички жасалгасын, окуу куралдарынын көпчүлүгүн өзүлөрү жасап алышты. Көптөгөн хирургия бөлүмдөрү ачылды, ар бир бөлүмдүн башчылары, алардын улук сестралары, чарба сестраларынын баарынын өзүнчө кабинеттери бар иштегенге, жакшы эле шарт түзүлдү десек болот.

Долбоор боюнча бир эле лекциялык зал каралып, бул зал убагында салынбай калып, эсимде, Министрлер Советинин төрагасы Апас Жумагулов: «Мамбет Мамакеевич, азыр шартыбыз болбой турат, ушул залыңды бир жылга чейин коё туралычы»,– деп сурап калгандан кийин мен эмне дейм, өзүңөр билгиле дедим. Апас Жумагулов: «Мамбет, мен убада кылам салып берүүгө»,– деди. Ошол убаданы мен күтүп жүрө бердим, жооп жок, залдын бизге кереги өтө чоң, себеби бизде бешинчи, алтынчы курстун студенттери окуйт. Лекция окуй турган залыбыз жокко эсе жана күнүгө эртең мененки конференция ошол залда өтүш керек. Бул жок, мен Жогорку Советке депутат болуп калдым эле, ошондо чыгып сүйлөп, айтып кеттим. Ушинтип Апас Жумагулов өзү убада кылды эле, негедир эсинен чыгып кеттиби, залдан дайын жок дедим. Жумагуловдун ишмер-

дигин, адамкерчилигин ушундан көрдүм, эртеси эле бүт курулушчуларды жиберип, иштей баштады. Ошондон тартып, ушу күнгө чейин Апас Жумагуловичти сыйлайм да, өтө жакшы көргөн адамдардын бири. Дагы бир унутулгус жакшы сапаты, бул Улуттук хирургия борбору болуп калганда ошол замат жапжаңы «Шабаралле» деген машинаны берди. Жумагуловду сыйлап-урматтап калганымдын себеби ушу мага жасаган жакшылыгы эле. Бул адам көп жылдар өкмөттү жетектеп жүрбөдүбү, мен депутат болуп турганымда, бул ар дайым сүйлөгөнүн, ар бир маселени республика боюнча жатка билгендиги, ушундай таза адамдыгын көрүп-билип калган үчүн болсо керек. Мен үчүн бул адам ар дайым жакшы сапаттары менен эсимде.

Лекциялык залды салып жатканда, экинчи кабаттын түркүктөрүн коюп бүтүп калды эле, бирок анча кургап ката электе үстүнкү устундарын коё баштады, бир убакта тиги кургай элек түркүктөрү сынып кетип, бүт кулап түштү, үстүндө иштеп жаткан төрт бала дагы кулап түштү, жүрөгүбүз түшүп калды. Врачтар чуркап чыгып, төртөөнү тең көтөрүп алып ооруканага алып кирип, текшерип баштадык. Балдар аябай эстери чыгып калган экен, анчейин сүйлөй алышпайт. Аябай колу-бутун текшерип, бир жери сынды десем, Кудай жалгап, дендери соо, эч жери сынбайт, жаракат да албайт. Бир сутка жаткызып эс алдырып, эртеси кадимкидей иштерине кирише баштады. Кийин ойлодум, жаш балдар курулуш боюнча тажрыйбасы жок болгон үчүн болду окшойт. Ошолорду үйрөтүп, машыктырып коюуга да көңүл бурулбаса керек.

Эсиме түшө калды, бая айтпадымбы, ар бир мекемеуюмга кабаттарды бөлүштүрүп берди деп. Ал мекеме-уюмдун чоңдорунун өзүлөрүнүн, иштеген адамдарынын түшүнүгү жок. Эптеп эле иштеп караанын көрсөткөнү. Мукталы Амановичтин уюмунан бир еврей адам экен: «Мамбет Мамакеевич, мобу күрөктү туулганы биринчи жолу кармап жатам»,– дейт, анан ал убакта кайдагы сапаттуу иш, эптеп

эле план-план, тез-тез деп будалап бүткөзчү эле. Ошого да, жоктон көрө жогору деп ыраазы болчу элек, себеби башка айла жок эле. Ошентип, жайыбыз, баскан-турганыбыз кеңейди. Эң негизгиси хирургияда оорулууларды кабыл алчу бөлүм жакшы болуш керек. Жаңы имаратта атайын кабыл алуучу бөлүм бар. Аялдарды кабыл алуучу бөлүм, креслосу жана башка жабдыктары менен таңуу жана клизма жасай турган жай, жуунтуп-тазалай турган бөлүм, укол куюп, анализ алчу жай, лаборатория – ушунун баары бар. Оңдолуп-түзөлүп, кошумчалап отуруп азыркы тапта өтө таза, жакшы десек болот. Бөлүмдүн жакшы болушу, көпчүлүгү билимдүү, жакшы-жаманды көрүп калган адамдар, көзү, кулагы бар дегендей. Келгенде жаркырап, эчтеке жыттанбай таптаза көрүнсө, кабыл алган врачтардын, сестралардын жүргөн-турганы сүйлөгөнү, кийимдери таза болсо, ооруган адамдар үчүн кандайдыр бир жакшы маанай алып келип, буларга ишенүүгө болот деген ой калат.

Эми эң негизгиси – операция жасай турган зал. Бул имараттын ичинде, ортосунда, ар бир кабат менен жол байланышы бар, муну долбоор түзүп жатып өзүм катышып, түшүндүрүп берип, тигилер макул болуп долбоор түзүлдү эле, төрт кабатта тең операциялык зал бар, биринчи кабатында эки бөлмөдөн эки операция жасалчу стол, бул кабат кабыл алуу бөлүмү менен тутумдаш, маңдайында, түнкүсүн операция ушул жерде өтөт. Экинчи операциялык бөлмө да көрүнүшү жагынан тигиге окшош. Негизи, бул бөлмө меники, ушул күнгө чейин күнүгө 3–5, кээде 8 операцияга чейин өзүм жасайм. Үчүнчү операциялык залда, негизинен, күндүзгү операциялар жасалат. Төртүнчү кабат болсо студенттер үчүн, төбөсү айнек менен жабылган, студенттер операцияны карап көрүшөт.

Ошентип ишибиз жүрө берди, оорулар кандай убакта болбосун азыраак эмес, эл өсүп-өнө берет экен. Биздин врачтардын ар дайым тилеги – оору азайса экен, адамдардын

ден соолугу болсо экен дейт. Бирок тилегибиз аткарылаар эмес. Дагы эле күн-түн операция, ооруган адамдарды кабыл алуу.

Эсимде, бир күнү көрүнүктүү жазуучу Касымалы Жантошевди түн ичинде алып келишти. Өңү купкуу, араң эле дем алат, кан басымы түшүп кеткен, эптеп сүйлөйт. «Башым айланып, көзүм тунарып, алым жок, отура да, тура да албайм, кусуп, ичимден капкара суюк бирдеме өтүп жатат. Мурун деле ашказаным ооруп жүрчү, дары-дармек, дагы бирдеме иче койсом»,– деп айтып берди. Кыргыздын кара сөзүн укмуштай сүйлөгөн киши эле мурун анча-мынча таанычумун. «Бирдеме иче койсом»,– деп аракты айткандай болду, көбүрөөк ичсе керек эле. «Бул жолу көңүлүм караңгылап, жүрөгүм айланып, кан аралаш кусуп жибердим»,– дейт.

Максим Ефимович экөөбүз көрүп жатабыз. «Эмне үчүн үч күндөн бери эч жакка кайрылган жоксуз?» – десем: «Дагы эле өтүп кетет го дедим. Экинчиден, силер баса калып операция жасап жиберет го деп корктум»,– деп чын айтты. Диагнозу түшүнүктүү болду. Ашказандагы кан тамыры желип, үзүлүп, ошондон тынбай кан агып жатканы анык. Ошол замат колу-бутуна, кан тамырына дары, кан куюп, кан басымын көтөрүп, операция жасадык. Операцияны профессор М.Е.Фридман жасап, ассистенти – жардамчысы мен болдум. Ичин ачсак, ашказанда абдан чоң жарат бар экен, жаратынын ортосунда үзүлгөн кан тамыры көрүнүп, ошондон шырылдап токтобой кан агып жатыптыр. Ашказандын ичи, ичегиси бүт толтура канга толгон. Ашказандын үчтөн бир бөлүгү жарасы менен алынып салынды. Жогоруда айттым го, эркектин канынын үчтөн эки бөлүгү агып кетсе, аман калышы кыйын, көтөрө албайт.

Касымалы аганын каны көп агып кеткендиктен, суткасына үч-төрт литр кан куюп, суюк дары дагы куюп турдук. Жоготкон кандын ордун толтуруш үчүн, операциядан

кийин бир аз эс-учуна келип калганда, калемдеш бир топ теңтуштарды көрөбүз деп келишти. Ошол келгендердин ичинде «Кызыл Кыргызстан» гезитинде иштеген Н.Жаналиев деген аксакал да бар экен. Алар Касыкенин абалын сурап, көпкө отуруп калышты. Касыкең сөзгө өтө чебер, угуттуу сүйлөгөн киши экен, тигилерди күлдүрүп коюп да жатты. Кетээринде, жанагы Жаналиев, опулдаган, байкабай оргу-баргы сүйлөгөн адам экен, мурун көргөн эмес элем, Кыйналып жаткан Жантөшевге: «Эчтеке эмес, Касыке, жакшы болосуң, эми, буйруса, 4–5 жыл жашайт экенсиң»,– деп турбаспы. Жан таттуу да, Жантөшевдин көздөрү алайып, жаман көз менен тигини карап туруп: «Ай, сөздү сүйлөй албаган тантыгым, мурун эле тантык элең, ушул сен кантип редактор болуп жүргөнүңдү билбейм, тантыган Тазбаймат»,– деп тилдеп жиберди. Чын эле, ачуусу келип: «4–5 жыл дегиче, бирөөдөн карыз сурап алып жаттың беле, 15–20 жыл деп койсоң, кемип каласыңбы, же ордуңдан түшүп каласыңбы?» – деп катуу капаланды. Жаналиев аксакал кайсактап, жаман боло түштү, «Касыке, кечирип кой, байкабай оозумдан чыгып кетти»,– деп жакшы эле кечирим сурады. Касыкең болбоду, кабагын ачпады, тигилер кетти.

Касыке көр оозунда жаткан эле, эртеси акыбалы начарлап психоз боло баштады. Профессор Канторовичти чакыртып, ал киши көрүп туруп, канынын көп кеткендигине байланыштуу, экинчиси, арактын психозу деп койду, куюп жаткан дарыңарга 20 гр спирт кошуп куйгула деди. Куйгандан кийин бир аз басылып, оңоло түштү, бирок болбоду, беш күндөн кийин кайтыш болду. Менин оюм, ушу күнгө чейин бир чети ооруган адам өзү күнөөлүү. Эмне үчүн оорусун, ашказанда жарасы бар экенин билип туруп камырабай жүрөт? Ушундай өтүшүп кетсе же тешилет, же ушундай кан агат. Буга жеткенден кийин оорулуу адам үчүн да, биз үчүн да аябагандай оор. Кээде ушундай болуп жаман бүтөт. Экинчи менин күнөөлөгөнүм – бул биздин врач-

терапевттер. Оорусун билип туруп дарылай берет, көпкө чейин айыктыра албайт. Айтам, суранам врач-терапевттерден: «Силердин дарылоочу мөөнөтүңөр, ашказандын жарасы айыгып кетсе эки жыл. Эки жылдын ичинде айыктыра албасаңар, бул оору – хирургдардыкы. Уялбай, намыстанбай хирургдарга жибергиле»,– деп. Жок, ушу күнгө чейин угушпайт. Министрликке чейин маселе коюп ушул акыбалга жеткирген врач-терапевттерден жооп сурап, ошолорду жазалаш керек деп айтып жүрөм, бирок уккан киши жок. Эгер ушинтип Жантөшевге окшоп майып болсо, азабын тарткан, капа-кайгыга баткан – нерви бузулган жалгыз хирургдар. Ал тигил врач-терапевт Жантөшев эмне болуп өлгөнүн, ким күнөөлүү экенин ойлоп да койбойт. Жан деген, илгери үмүт деген укмуш да, ошол Жантөшев аксакал 4–5 күндөн кийин өлүп калам деп эч оюна алган жок. Таң каласың, жанагы төрт-беш жылдык өмүрүң бар деген Жаналиевге нааразы болуп тилдебедиби.

Политехникалык институттун ректору Асаналиев да ушинтип кан токтобой кайтыш болду. Үсөндү көптөн бери билчүмүн, абдан жакшы көргөн адамым эле, өзү дагы мени терең сыйлачу. Үсөн Москвага билетин алып коюп, командировкага учкан жатканда, баса албай башы айланып, алы кетип, кан кусуп бизге алып келишкен. Кан кусканына үч күн болуптур, ичинен да капкара кан жүрүп кетиптир, мурда ашказаны оорубаптыр. Аппарат менен текшерип көрсөк, Үсөндүн кызыл өңгөчүндө кан тамыры жарылып, ошол жерден кан агып жатыптыр. Мунун негизги себеби башка жакта – боору катый баштаган. Боор эмне үчүн катыйт? Дайым арак ичкен адамдарда же инфекциялык боткин менен ооруса. Боор адамдын организминде өтө чоң милдет аткарып, ички органдардын баарынын: ашказандын, ичегинин, көк боордун, кызыл өңгөчтүн вена кан тамыры ошол боор аркылуу өтөт. Ошон үчүн боорду денедеги кан иштеп чыгуучу «лаборатория» деп аташат. Боор ката баштаганда, же катып калса, кан тамыры кысылып, айланып

өтүшүнө кыйын болуп калат. Кысылгандан кийин ошол вена кан тамырынын көлөмү чоңоё баштайт. Мисалы, кээ бир көптү төрөгөн аялдар, оор жумушта жүргөн адамдардын бутун көрүп жүрөсүңөр го, кан тамыры көгөрүп, теринин алдында көрүнүп турат. Ички органдардын вена кан тамыры ошондой болуп чоңоюп кетет. Цирроз болгон адамдын ушул кызыл өңгөчтөгү вена кан тамыры жарылып, айрылып, кан ага баштайт. Себеби коюу тамак жегенде, жутканда, ошол ашказандагы вена, кызыл өңгөч ичке түтүк болгондон кийин, коюу тамак кысылып араң өтүп, чоңоюп жукарып турган венаны тытып, айрып кетет да, кан ага баштайт. Аккан кан кызыл өңгөч аркылуу кан же түсү өзгөрүп капкара болуп, ичи өтүп кетет. Бул ооруну операция жасап токтото албайбыз, дары-дармек менен токтотууга аракет жасалат. Бирок анчейин жакшылыктуу натыйжа бербейт.

Үсөнгө болгон аракеттин баарын колдондук, бирок эч натыйжа чыккан жок. Түшүнбөгөн адамдар: оорубай жакшынакай эле жүрдү эле, эмне болуп кетти деп, биз жакты карап, врачтардан күмөн санай баштайт. Мындай оору билинбей жүрүп түнбү, күнбү, иште отурабы, конокто отурабы, театр, кинодо отурабы – капысынан эч кабар бербей кармай баштайт.

Ашказандын дагы бир жаман оорусу – жарасы көңдөйлөп отуруп, ашказандын капталын тешип чыгат. Ашказанда ошол күнү эмне тамагы болсо, ошол тешик аркылуу ич көңдөйүнө агып түшө баштайт. Ашказанда тамакты аш кыла турган кычкыл кислотасы болот, он эки эли ичеги тешилсе, өтү дагы чыга баштайт. Бул химиялык зат ашказанда жарасы бар кишиде көп болот. Ооруган адамдар айтат го, мени кез-кези менен зарна кыйнап жүрөт деп. Ашказаны тешилгенде, ооруган адам чыдабай, баса албай калат. Өзү:
– Мындай ооруну көргөн эмесмин, мени бирөө бычак менен курсакка ургандай сезилди – дейт. Адамды көргөндө тура албайт, баса албайт, ооруганына чыдабай онтойт, кээси

өкүрөт. Себеби ушунчалык катуу оорутат, ичин көргөндө капкатуу – жыгачтай. Андыктан кайсы убакыт болбосун, келээр замат операция жасаш керек. Болбосо убакытты өткөрүп жиберсе, ичи перитонитке айланып, тез майып болуп калуусу мүмкүн, бул ооруга операциядан башка эч дары жардам бербейт.

Операция менен ошол тешилген жерди бүтөп, тигиш керек. Эгер ашказан жарасы көптөн бери болсо, анда ашказандын үчтөн экисин алып салыш керек. Бизге мындай оорулар күн-түн дебей көп түшүп турат. Бир жолу отуз жаштагы адамды «тез жардам» алып келди. Диагнозун койдук, ушундай оору экен. Тез операция жасаш керек десек: «Ой, мен биринчи жолу ушундай оорушум, анан силер жөн дарылап койбойсуңарбы?» – дейт. Түшүндүрүп, бир аз соодалашып, башка алтын дары болсо дагы бул ооруга жардам болбойт дедик. Катуу ооруганына чыдай албай, жардам бербейсиңерби,– деп жалынды. Биз: – Жардам деген ушул – тез операция жасап, ден соолугуңду алып калабыз десек, макул болду. Операция убагында кандай десек, ошондой болуп чыкты, операциядан кийин тез эле айыгып кетти. Биздин ооруканага ар дайым бычак сайылган, атылгандар көбүнчөсү түнкүсүн түшүп турушат. Көпчүлүгү – туруктуу бир жерде иштебеген, окубаган кыргыздын жаш балдары. Булар бирөөнүн жумушун малай болуп жасашып же базарда алып сатып анча-мынча акча таап, аны ичип алып муштașып, сайышып, анан бизге түшөт. Ушундай жаш балдарды карап туруп, жаның кашаят. Азыр дунгандар өзүлөрү иштебей, жалаң ушундай кыргыздын сандалып жүргөн балдарын, кыздарын малай кылып талаасында чеснок, пиязына чейин иштетип, кийин базарга да ушуларды жалдашат. Эми ушуларда мээ болсо, дени соо, дардайган балдар, айылда тулуп-өскөндөр. Айылда азыр малды, жерди, сууну берди, эмгектенип, иштеп жаныңды бак деп, көрүп турам, мен дагы айылда чоңойгом.

Ушулар жер алып, өзү эмгектенип, ошонун түшүмүн, өзүлөрүнөн артканын базарга сатса, анда анык аш болоор эле. Эне-атасын, үй-бүлөсүн ойлогон адам, кичине ар-намысы болсо, укмуштай тез арада эле оңолуп кетүүгө болот. Ушу жаштардын шылтоосу, айылда иш жок деп, шаарда буларды күтүп тургансып, бирөөнүн көзүн карап, Казакстанда, Россияда жана башка жактарда тентип жүрүшөт.

Мен өзүм жана башкалар, ошол тентип жүргөн балдар ошончо кордукту, ушунчалык кемсинткендин баарын көрүп, чыдап малай болуп анча-мынча акча алгандан көрө, өз элинде, өз жеринде оокат кылышса, өзүлөрүнө жана үй-бүлөсүнө түзүк эле болоор эле дейм. Мисалы, бизде санитар деген жокко эсе, башка да ооруканада иштей турган кара жумуштар өтө көп, ушуларга жолобойт, иштегиси келбейт. Шылтоосу – акчасы аз деп, Кудай жалгап, буларга өткөн жылдан тартып акча кошула баштады эле, түзүк болуп калдык.

Менин эсимде калганы, адамдын бүт денесине мен жасабаган операция калган жок. Бир мисал: тогуз жеринен бычак жеген отуз үч жаштагы Биц Наталья деген аялды алып келгенде, бүт денеси канга чыланып, акыл-эси жок, ичегиси сыртка чубалып жүрөт. Кан тамырынын согушу билинбейт, жүрөгү араң эле согот. Бизде ушундай оорулууларды алып келгенде, жашоо беш процент шансы болсо, операция менен аман алып калууга болгон аракетибизди токтоосуз жасай баштайбыз. Менин эсимде, мындайлар – аман калгандар миңдеп саналат. Көп жеринен жарадар болгондо – жүрөгүбү, өпкөсүбү, боорубу – кайсы органдын кан тамыры кесилгенине, үзүлгөнүнө өзгөчө көңүл буруп, биринчи кезекте, кан аккан жерге операция жасап, тез аранын ичинде кан аккан тамырды токтотуш керек. Койду сойгондо деле, кан агып бүткөндө солк этпей өлгөнүн билдирет. Адам деле ошондой: кан ага берсе, токтотпосо, ал дагы майып болуп калат. Мындай убакта тездик менен аракеттешүү өтө чоң роль ойнойт. Бизге күн-түн дебей оору-

лар түшөт дебедикпи, ошого байланыштуу операция жасоочу залда аппараттар, жабдыктар, керек болчу буюмдар, марли, спирт, тикчү жиптер ж.б. ар дайым даяр турат. Өтө оор операцияга жаткырганда, ана-мынасына карабай мээлей кие коюп, тез аранын ичинде кайсы кан тамырынан кан агып жатат, ошону токтотуш керек. Ал эми мобу Натальянын ичегиси тышта чубалып жатат, чубалганына карабай ичегинин кан тамыры соо болсо, аягына калтырып жасаш керек. Бычак аялдын жүрөгүнө сайылган, бирок жүрөгү иштеп, булчуңу кыскан сайын кан дирилдеп агып жатат. Мына, биринчи иретте, ушуну токтотуш керек. Жүрөктөгү жаратты тигип, кан акканын токтотуп, аял наркоз берген аппарат менен дем алып турат.

Экинчи жараты: дем алган сайын өпкөнүн тешигинен кан, аба шуулдап чыгып жатканы көрүнүп турду, өпкөнүн тешигин дагы тез тигип токтоттук. Курсагы дагы эки жеринен жарадар болгон, ичеги чубалган менен анчейин кан аккан жери жок.

Үчүнчү жараты көк боорду тешип кеткен, көк боордон дагы ушунчалык кан тез кетип, майып кылууга алпарат. Көк боорду тигиш өтө кыйын, тиккенде жырылып, былжырап тешилип, кесип кетип, жакшы кармабайт. Мындай убакта көк боорду тез алып салыш керек, көк боор алынды, андан ары карасак, боорго дагы бычак жеген, муну дагы тез тигип канын токтоттук, андан ары бөйрөктү дагы тешип кеткен, муну тигип токтоттук. Ушулардан кийин, акыркы жолу ичегисин текшерсек, эки-үч жеринде жарат бар экен, муну дагы тигип бүтөдүк. Анан куйругуна, бутуна, колуна дагы бычак сайылган экен. Булардын кан тамырлары соо, тигип бүттүк. Мындай учурда окугандар ойлоп калууга мүмкүн, ушунча жарадар болгондон кийин кантип аман калсын деп. Операция баштагандан тартып, эки колуна, бутуна, кан тамырына тынымсыз кан жана башка дарыларды куюп турмай. Болбосо, силер ойлогондой, адам тез эле операция убагында – аягына жетпей майып болуп

калышы мүмкүн. Демек, каны азайган, түгөнгөн тамырын толтуруш керек. Антпесе, майы жок машинанын моторундай жүрөк кургак иштей албай калат. Жоготкон кандын ордуна ошончо кан куюш керек, кээде бизде анча донорлук кан жок. Ошон үчүн операция убагында көкүрөк, ич көңдөйүнө чогулган өзүнүн канын – бир жарым литр канын чогултуп, кайра куйдук. Өзүнүн канын кайра өзүнө куюу – бул өтө маанилүү, донордун канына караганда өз каны ушунча жакшы жардам берет. Өл-тирил, мындай оор абалда калган оорулууну аман сактап калыш керек – бул биздин милдетибиз. Алы кеткенде өзүбүздүн сестралар, врачтар, студенттер, туугандары ойлонбой, токтоосуз канын беришет.

Ошентип, Наталья айыгып кетти, бул – операция жасаган мен үчүн гана эмес, бүт хирургдарга алып келген ийгилик. Үч-төрт күндөн кийин эс-учуна келгенде, күйөөсү колдуу болгонун айтып берди. Экөөнүн ыркы келишпей, акыркы жолу сот аркылуу ажырашып, анысы Фрунзеден башка жакка кетип калган. Жарым жылдан кийин кечирим сурап, сандалып келе баштайт. – Түнкүсүн да келе баштады, бирок эшикти ачкан жокмун – дейт. Ошол түнү таң атkыча эшиктин алдында отура берет. Аңдып отуруп, эртең менен эчтекеден оюм жок, эшикти ача койсом капысынан кирип келип бычак менен сайып жиберди – дейт. Өлдү деп ойлоп, жанында чып этме мылтыгы бар экен, өзүнүн оозуна салып өзүн өзү атат. «Тез жардам» менен алып келатканда, анысы жолдо өлөт. Бул аял – Наталья көпкө чейин келип учурашып, ыраазычылыгын айтып кетип жүрдү. Кийинчерээк көрүнбөй калды, уксам, Россияга көчүп кеткен деди.

Ушундай бычак жеп түшкөндөрдү операция жасап айыктырып, көп жылдар бою талыкпай иликтеп, изилдеп, илимий диссертация жазып, кандидаттыгын, докторлугун жактаган маркум Бектуров Жапар кийин профессор, кафедранын жетекчиси болуп туруп, 53 жашында кайтыш болуп кетти. Жапардын окуучулары калды, Жапардын

аткара албай калган иштерин окуучулары улантып жатат. Улантып кетишине мен абдан ишенем, окуучуларынын бири – **Самаков Алмаз.**

Ушул жүрөктөн бычак жегендерди Самаков изилдеп, жакшы ийгиликтерге жетишип, кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап алды. Азыр Алмаз кафедранын доценти, өсүп-өнүп келаткан жакшы хирургдарымдын бири. Биздин хирургияда ооруган адамдар үчүн да, хирургдар үчүн да мааниси өтө чоң реанимация, анестезиология деген бөлүм бар. Бул бөлүм 1980-жылы, ушул жаңы оорукана салынып бүткөндө ачылган. Реанимация – операциядан кийин же ага чейин өтө оор акыбалда болгон оокастарга жан киргизип, аларды кайра тирилтүү бөлүмү. Он төрт орундуу, өзүнчө бөлүм башчысы бар, ар бир төрт ноокаска бирден врач, экиден медсестра, башка бөлүмдөргө караганда булардын штаты эки-үч эсе көп. Өзүнчө лабораториясы, аспаптары бар, керектүү дары-дармектер менен жабдылган, камсыздандырылган. Эң керектүүсү – жаткан оруну. Адатта, операциядан кийин оор акыбалда болгондор ары-бери оодарылып, кыймылдай албайт. Дем алышы, заңдашы, заара кылышы өтө кыйын. Бул керебетке ооруган адамга өтө ыңгайлуу, баш жагы, тизенин алды өйдө көтөрүлгөнгө ылайыкталып жасалган, буттарында дөңгөлөк, аны кайда алпаргың келсе – таңуу бөлмөсүнө, операция залына, палатага көтөргөндө, кыйналып көтөрүп жүрбөй, түртүп, дөңгөлөктү жылдырып кете бересиң. Бул бөлүмдө күн-түн дебей өзүнчө дежурный врач, өзүнчө медсестралар иштейт. Алар операциядан кийин наркоздон ойгоно элек, оор операция жасалгандардын жанынан карыш жылышпай, өзүнө келгиче ойгонгуча тыкыйып турушат. Өзү сүйлөп, ары-бери кыймылга келгенде гана жалпы палатага которушат. Бир күндөн кийин оорураак болсо, эки-үч күндөн кийин которулат.

Анестезиология же наркоз дейбиз, бул жумуш реанимация иштери менен бирдей. Ошол эле наркоз берген врач

реанимацияга барганда өзү аягына чейин карап дарылоого укугу бар. Наркоз дегенибиз – операция жасай турган жерди оорутпоо, наркозсуз жандуу адамга операция жасоого мүмкүн эмес. Операция жасатып жаткан адам эч оорусун билбеши керек. Наркозсуз адам операцияга чыдай албайт, ушунчалык катуу ооруйт, ооруганына чыдай албай шок болуп, майып болуп калуусу да мүмкүн. Жеңилирээк операция болсо ошол жасап жаткан жердин органдын сезишин жоготуш үчүн ушул күнгө чейин новокаин деген оорусун басып-сездирбеген дары куюлат. Көп жыл мурун жалпы наркоз деп койчу элек. Аны мурдуна маска коюп, эфир деген наркозду тамчылатып отуруп, эс-учун жоготкуча күтүп, анан операция жасачубуз. Көп жыл болду, отуз жылдан ашып баратат, жаңы ыкма боюнча наркоз операциянын алдында кан тамырына куюлат. Ошол замат ооруган адам эчтеке сезбей уктап калат. Өзүнчө дем алганы токтотулат, андан кийин атайын наркоз берчү аппарат менен адамдын дем алчу кокосуна түтүк салынып, операция бүткүчө кислород менен аппарат аркылуу дем алат. Муну жаңкы биз айткан адис – врач-анестезиолог аткарат.

Операция бүтөөр замат, же бир аздан кийин жарым, бир сааттан кийин оорулуу өзү дем алып, ойгоно баштайт. Ошол замат кокодогу түтүк алынат, адам өзү дем ала баштайт. Мурунку наркоздорго караганда, бул наркоз ооруган адам үчүн да, айрыкча, хирургдар үчүн да өтө утуштуу. Себеби мурункудай кыйкырык-өкүрүк жок, адам эчтеке сезбей уктайт, деми кыстыгып, ичи чыңалып көппөйт. Канча убакыт жасасаң дагы, кээде операция беш-алты саатка созулуп кетет, ошончо убакта ооруган адам эчтеке сезбей, тынч жатып берет. Бул наркоздон кокустук болбойт, болсо да өтө сейрек. Бул илимдин, техниканын өсүшүнө байланыштуу келген жетишкендик. Мурда чоңураак операция болсо, колу-бутун таңып, эфир деген өтө жыты жаман наркозду, дарыны мурдуна такалган маскага тамчылатып отуруп тыбыратып, өкүртүп жатып уктатчу элек. Уктай баш-

таганда, жанагы мас кишиге окшоп кээси ичиндеги жашыруун сырын айтып жиберчү. Азыр болсо, «наркоз» деген башкача. Мурунку наркозго салыштырганда, айырмасы асман менен жердей. Азыр наркоз алган адам үчүн да жыргал десем болот. Акылдуу илимпоздор, инженерлер ойлоп таап чыккан. Наркоз берчү атайын аппараттан операция болчу адамдын кан тамырына уктатчу дары куйганда анын дем алганы токтотулат. Атайын түтүктү адамдын өпкөсүнүн дем алган түтүгүнө оозунан ачып туруп салат. Ушул түтүкчөнүн тышкы учун аппаратка кошуп бириктирип, аппаратты иштетүүгө коё берет. Аппарат аркылуу жалаң таза кислород берип, операция бүткөнчө адамдын ордуна ушул аппарат дем алдырат. Наркоз берген анестезиолог – бул боюнча атайын даярдалган адис-врач жанында такай туруп, кандай дем алып жатат, тамырынын кан басымын өлчөп, көзүнүн карегин карап дарыны ашык же кем кылбай берип турат. Наркоз алган адам ойгонбой уктай берип, операция убагында эч ооруганын сезбейт. Кыймылдап, тыбыроо деген жок, ыйынып, ичи көөп – операцияга жолтоо кылбайт. Эң жакшы жери, операциядан кийин тез эле ойгонуп, өзүнө келет. Жүрөгү айлануу, кусуу, башы оору деген болбойт. Операция убагында да, кийин да эч зыяны жок. Эгерде наркоз берип жаткан врач дозасын аз же көп кылып жиберсе өтө опурталдуу, наркоз бере турган врач ага чейин мындай адистикке абдан дыкаттык менен даярдалып, кынтыксыз үйрөтүлөт, сынактан өтөт. Мындай жооптуу иш көрүнгөн эле врачтын колунан келе бербейт. Операциянын ийгиликтүү жүрүшү, бүтүшү хирургдардын нервин жебей, бирден бир ишенимдүү жардамчысы – ушул врач-анестезиологдор.

Бизге, айрыкча, бычак жегендердин көпчүлүгү аман-эсен жеткирилет. Себеби 95–98% бычак жегендер мас абалында түшөт, арактын ушул учурда чоң жардамы тиет. Мас болгондо наркоз бергендей болуп, ооруганын сезбей калат. Соо адам ушундай абалда болсо, бизге жеткиче ма-

йып болуп калуусу, ооруганын көтөрө албай, чыдабай шок болуп өлүп калуусу мүмкүн.

Ушуга бир мисал: көп жыл мурун, айтпадымбы, жогоруда тез-тез дежур болчу элем. Дежур болбой калганда тынымсыз чакыра беришчү. Дежур элем, түнкү саат экилерде биздин тез жардам берүүчү машина менен масты алып келишти, өкүрүп-кыйкырып, кээде ырсаңдап күлүп коёт. Жаш эле чыгаанды милиция коштоп алып келди. Карасам, ичегиси тышта жатат, чогултуп туруп пальтосу менен ороп коюптур. Коштоп келген милиционердин айтып бергени: «Булар үчөө болчу, биз булардын артынан көзөмөлдөп, аңдып жүрдүк, эки-үч сааттай ууру да кылышты, бирөөлөрдү тоноду, аягы эмне менен бүтөөр экен деп аңдып жүрдүм. Бир караңгы жерге үчөө туруп алып бири-бири менен урушуп калышты. Жанындагысы муну бычак менен капталына сайып туруп, курсагын жара тартты. Чуркап барсак, ичегиси тышка түшүп калыптыр, чогултуп чапанына орой салып, тез жардам чакырып алып келдик».

Карасам, ичегисинин көпчүлүгү сыртта жатат, төрт-беш жеринен ичегиси кесилген, кум-топурак аралаш, ооруп жатат деп койбойт. Тескерисинче, сүйлөп, бакылдап жатат, абдан кызуу, мына, арактын күчү, таасири. Мунун баарын тазалап жууп чыгууга, убакыт өтө көп кетет. Анан анча тазалоочу суубуз да жок, милиционер булар бандиттер дегенден кийин, тобокел деп кириштим. Мындай адамдарда операция убагында, операциядан кийин эч татаалдашуу болбойт. Көп көрүп, тажрыйба топтоп калдым эле. Узун шланганы суунун түтүгүнө туташтырып, ошол суу менен огородду сугаргандай аттырып жууп, кум-топурагын, богун кетирип туруп, аягында өзүбүздүн таза, фурацилин менен бир сыйра чайкап жууп, карасам, ичегинин кесилген жери көп, анын баарын тигип отуруш дагы убакыт алат. Негизинен, операциядан кийин ошол тигилген жерлердин бирөө кармабай калса, анда бүттү, перитонит болуп кайтыш болот. Андыктан, жогору жагынан ичеги-

нин соо жерин таап, жарадар болгон ичегинин ылдый жагын толугу менен алып салып, калган таза жагын улаштырып кайра тигип салдым, эми бул түшүнгөн кишиге өтө оор оору, операция дагы өтө оор. Операция бүттү, анда реанимация бөлүмү жок, палатага жаткыздык. Канча жери аман калган деп өлчөп көргөндө, кесилген ичегилердин көлөмү 1,5–2 метрге чейин экен.

Эртеси эртең менен биринчи эле ушундай оор операция болгондорго чуркап барып көрмөй, аманбы же жокпу деп. Кирип барсам эле керебети бош, ойлодум кеткен экен деп, сестрага кыйкырдым, сестрадан качан өлдү деп сурасам, өлгөн жок, азыр эле жаткан – дейт. Кайра чуркап, палатага барсам, баягы кишим терезеге чыгып алып, тыштагы туугандары менен сүйлөшүп жатат. Мен чочуп кетип: «Ай, тез жат, сага азыр турууга болбойт, эрте али»,– дедим, курсагын көрсөм, түзүк экен. Ооруп жатат дегендин ордуна, качан тамак бересиңер – деп турбаспы. Кээде бизде ушундай укмуштар болот. Бул адамга кеминде 4–5 күн тамак ичүүгө болбойт. Биздин сөздү уккан да жок, эки-үч күн милициялар кайтарымыш болду. Үч күндүн ичинде туугандарыңдын баарын жайлаштырып койсо керек, келбей калышты. Тогуз күндөн кийин оорукананын режимин бузгандыгы үчүн чыгарып жибердик. Бул адам эмне болду, эмнеге операция жасалды ойлогон да, сезген да жок. Мындай адамдардын жаны бек болот. Ал эми мындан жеңилирээк, иштеген түзүк адам түшсө, күн-түн дебей жанынан чыкпай, болгон күчтүү дарылардын баарын куюп берип жатсак дагы, түз кырсыксыз айыгып кете албайт.

Арактын бир зыян жери, бир убакта эл арасында таркап кетти эле, ичиң катуу ооруса жүз же жүз элүү грамм аракка бир чай кашык туз салып аралаштырып ичип жиберсең, тып эле басылат деп. Айрыкча, ашказанында жарасы барлар ачкарын арак ичкенде жарадагы нерв системасын сездирбей салат, ошондо тамак ичкенде оорутпай калат. Бул – арактын таасири тарагыча, тарагандан кийин

мурункудай эле ооруй берет. Мен ушундайдын бир тобуна операция жасадым. Ар дайым оорусун шылтоо кылып иче берип, кээси алкаголикке айланат. Жаранын тегереги темирдей катып калат, бизге келгенде операция өтө кыйынчылыкта өтөт. Эң жаманы, аппендициттин катуу пристубу убагында оорусун басат деп жогорудагы айткан рецепт менен ичип алышат. Арак таасир этkenче оорусун басат, арактын таасири бүткөндө оору кайра башталат. Ошентип, мына басылат деп отуруп убакытты өткөрүп жиберип, аппендицити жарылып, перитонитке айланып келгендер болот. Мындай оорулуулардын бир тобун жасадым, Кудай жалгап, кийинчерээк элдин түшүнүгү өзгөрүп, жаман болоорун билип калып, азыр андай оорулуулар кезикпей калгансыды. Бул өңдүү көрүнүш түшүнгөн, жогорку билимдүү адамдардын арасында көп кезигишчү.

Жогоруда, айтып кетпедимби ушул 60 жылдык эмгегимде 20 миң адамдын өмүрүн өз колум менен операция жасап, аман алып калдым деп. Көпчүлүгү эсимде, эч качан эсимден чыкпайт жана унутулаар эмес. Ошолордон дагы мисал: 1968-жылдар болсо керек, мени өкмөттүк оорукнага консультацияга чакырып калды. Барсам, оорулуу адам Кулатов аксакалдын байбичеси экен. Көрүп жатканда, ал кишинин аялы экенин билген жокмун. Катуу ооруп жаткан экен, денеси, көзүнүн агы саргарып кетиптир. «Ооруганым 4–5 күн болуп кетти, адегенде ичим катуу ооруп, айрыкча, оң кабыргамдын алды ооруду. Анын эртеси эле ушинтип саргара баштадым»,– дейт. Сурап көрүп отуруп, өтүнүн таш оорусу бар экен, ташы жалпы өт өтчү түтүккө өтүп, өттү жүргүзбөй салып, өтү кан тамыр аркылуу бүт денеге таркап, саргарып кеткени байкалды. Оорулууну бизге, хирургияга которгула, операция жасаш керек дедим, макул болушуп, ошол эле күнү бизге которушту. Бизге жаткандан кийин бир аздан кийин Төрөбай Кулатов келип, жанында отурат дешти. Жетип кирип барсам, Кулатов отурат. Мурун-кийин көп деле көргөн адамым эмес

эле. Сүйлөшүп отуруп, Төрөбай Кулатовичке баарын түшүндүрүп: «Тез операция жасаш керек. Бул киши сиздин кызыңызбы, же карындаштарыңызбы?» – деп ачык ооз жаным сурап калдым. Чынында, аялы өтө жаш көрүндү. Кулатов жылмая күлүп туруп: «Жигит, бул менин кызым да, карындашым да эмес, менин аялым,– деп турбаспы. «Кечириңиз, агай, мен байкабай»... – деп жобурамыш болдум. Бирок жакшы абалда калган жокмун, өзүмчө: «Ай, ушу менин байкабай ачык айтып, «лап» демей жаман жагым бар»,– деп өкүнүп калдым. Дагы ошол убакта чоңдор туугандары ооруса Мосвкага алып кетип, ошол жактан дарылатчу. Ал «аялым» дегенден кийин: – Операция жасаш керек, Москвага алып кетесиз го – десем, Төрөбай ага: «Жигит, Москвада эмне бар экен? А сен бул жерде эмне кыласың? Эч жакка алып барбайм, ушул жерде өзүң жаса»,– деп калды. Мен: «Ырахмат, агай, ишенсеңер, мен даярмын»,– дедим да: «Ушуга чейин билчүмүн, Москвага алып кетип калышканын»,– деп кошумчаладым.

Ошентип, ишеним болгондон кийин операция жасадым. Эми айтпаңыз, ошондогу менин ойлонгонум: мындай чоң адам болсо, кандай болот? Ар бир операцияда ойлойсуң, эмне болот, кандай бүтөт? Ар түрдүү жаман ойлор башыңда айланып тура берет. Мындай операция боюнча менде жакшы эле тажрыйба болуп калган. Ошентсе дагы, бул кишиники – өтүндө эле эмес таш өттөн ары өтүп кетип, татаалдашып саргарып кеткени. Бул операция 2–3 эсе татаалыраак, өтү өтө чоңоюп, шишип кеткен. Ичинде таш толтура, аркы өт жүрчү жалпы түтүкчөдө дагы таш жүрөт. Өтүн алып, андан ары өттүн түтүкчөсүн кесип, ичиндеги ташты алып чыгып, операцияны бүттүк. Күн-түн дебей, жакшы болгуча, бир жума үйгө баруу жок, ушул адамдын жанындамын. Күнүгө Төрөбай аксакал келип, ал-жайын сурап кетет. Калган телефон чалуулар, Кудай жалгап, аялы акырындык менен оңоло баштап, 14 күндөн кийин үйүнө чыгып кетти. Мен үчүн чоң кубаныч, жеңиш болду. Мындай-

да бир жума күн-түн дебей, эс албай, чала-була уктап жүргөнүм, аман-эсен айыгып чыгып кеткенде, ошол кыйналганың бир күнгө татыбай, кайра кайрат, дем берип калат. Муну мен башымдан бир нече жолу өткөрдүм. Үйүнө чыгып барганда Усубалиев, Сүйүнбаев көргөнү барып, алжайын сурап отурганда Төрөбай Кулатович мага өтө ыраазы болуп, тигилерге: «Көрсө, биздин балдар деле өсүп-өнүп калыптыр»,– деп айтыптыр. Кийин муну мага Акматбек Сүттүбаевич айтып берди эле.

Ошонун эртеси эле Т.Кулатов өзү мага телефон чалып калды. «Кечээ келип кетишти, булар сени тааныбайт экен. Сүйүнбаев айтты, ушул Мамакеев эртең мага келип кетсинчи деп»,– деди. Мен: «Ырахмат, агай»,– дедим. Эртеси саат ондо жетип бардым, анда ал киши Министрлер Советинин төрагасы эле.

Барсам, бир топ киши күтүп отурушуптур. Кыйла күтүп отуруп калдык, жардамчысы болсо керек, Жыргалбаев Турду башкарып, киргизип-чыгарып турат. Бул мекемеге биринчи барышым эле. Бир аздан кийин Турду тиги кишиден чыгып: «Кабыл алынбайт. Бул киши районго командировкага шашып жатат, кете бергиле»,– деп турат. Туруп кете баштаганда, чыгып бараттык эле, Турду кирип, кайра тез чыга калып: – Ким Мамакеев?» – дейт. «Мен»,– десем, «Сизди чакырып жатат»,– дейт. Чуркап кирип бардым, Сүйүнбаевди көп деле таанычу эмес элем. Түз эле: «Мамбет, мен сени келип кетсин деп Кулатовго айттым эле, атайын чакырткандан кийин, отур, эми сүйлөшүп алалы»,– деди. Мен көрүп турам шашып жатканын. Ошондо эле көзүнөн байкап мамиле жасаган убактар эле: «Акматбек Сүттүбаевич, мен сиздин шашып жатканыңызды көрүп турам. Сиз кайсы күнү десеңиз, ошол күнү келейин»,– десем: Ырахмат Мамбет, түшүнгөнүңө, чынында эле шашып жаттым эле. Анда эртең саат ондо кел, шашпай ошондо сүйлөшөлү»,– деп коё берди. Ойлодум шашып жатса, анча жакшы сөз болбой калат го деп.

Эртеси саат тогузда жетип бардым, дем алыш күн экен, байкабай айтып койду го деп күмөн болдум. Барсам, Жыргалбаев отуруптур, мени бүгүн саат 10до кел деди эле десем: «Бүгүн жекшембиге кандайча айтып койду экен?» – деп күмөнсүндү. Ошентсе дагы, анчейин: «Күтө туралы, бул өтө так адам эле, айтканын унутпаган»,– деп Турду кошумчалады. Онго жыйырма минута калганда Сүйүнбаев өзү Турдуга телефон чалды. «Мамакеев келдиби?» – деп. Турду: «Жанымда отурат»,– деди. Тез эле жетип келди. Бакылдаган ачык, сонун киши көрүндү, «Кел, Мамбет, эми шашпай сүйлөшүп алалы, Кулатов айтып берди аялынын айыгып кеткенине өтө ыраазы болуптур. «Акматбек Сүттүбаевич, мен адегенде билбестик кылып жаңылып, кызыңыз беле деп жиберип, уят болдум»,– десем: «Чын эле байкаптырсың, бул экинчи аялы, аялынын синдиси болчу, аялы өлүп калып, анын синдисин алган. Мамбет, ырахмат, абдан жакшы өсүп келе жатыпсың, билине баштадың. Мындан ары дагы ишиң ийгиликтүү болуп, өзүбүздөн чыккан хирургдарыбыз бар деп Москвага ары-бери чуркабагандай бололу»,– деди. «Ырахмат, агай, аракет кылам»,– деп отурдум. «Эми, Мамбет, менде эмне суроон бар?» – деди. Биринчи эле келип, анан мунум жок дегенден кичине тартынып турдум эле, өзү: «Үйүң кандай?» – деди. Ушул жерден ыгы келе түштү: «Үйүм бар, бирок чоңойгон сайын кичирейип, тар болуп баратат»,– десем: «Мен сага үй берейин, Фрунзе көчөсүндө биздин Совминдин үйү салынып жатат. Бир имараты бүтүп берилип калды, жанында сала баштады, ошол бүткөндө каалаган кабатыңдан төрт бөлмөлүү үй берейин»,– деди. Мен ал үйдү баргыча барып көрүп, таанышып алдым эле. Бүткөн үй төрт кабат, бирок эч ким кире элек экен, жанындагы салынчу үйдүн жаңыдан эле чуңкуру казылып жатыптыр. Менде ар дайым өзүмдү колдогон Кудайым бар деп ишенип жүрбөймүнбү. Ошол учурда жанагы түз айтып же сурап калмай жайым бар. Көпчүлүгү ошол убакта туура үстүнөн чыга калгандай болот. Мен:

«Акматбек Сүттүбаевич, чын эле үй берем десеңиз, чоң ырахмат, анда бүткөн үйдөн бериңиз, тиги жаңы салынып жаткан үй качан бүтөт белгисиз, ал арада заман эмне болуп кетет, дагы белгисиз»,– десем: «Ой, Мамбет, сен ушу мага жагып турасың, азамат, мунуң дагы туура. Заман эмне болуп кетет дегениң, Кокус ага чейин түшүп калсаңыз деген ойду айттың го деп каткырып күлүп калды.

Ошондо Совминдин иш башкаруучусунун фамилиясы Жумабаев бекен, эсимде жок, телефондон чакыртты. Тез эле ал киши келип калды, ошол жаңы үйдүн схемасын алып келчи деди, карап туруп: «Баары бөлүнүп калыптыр. Мамбет, төртүнчү кабаттан берсем, кандай дейсиң?» – деди. Агай, карыган энем бар, анан мени күнү-түнү тынымсыз ооруканага чакырып турат»,– десем, макул болуп, үчүнчү кабаттан бирөөнүн фамилиясын чийип туруп, мага бер – деди. Тигил Жумабаев чырылдап: «Акматбек Сүттүбаевич, булардын ээлерине айтылып, кабат, квартираларына чейин кабарланып калды эле. Бул адам өлүп кетет»,– деди. Сүттүбаев: «Тигил кишиге түшүндүр, эмки үйдөн аласың деп, мени берди де, болбосо чатак чыгарса, мага жибер, экинчи үй албайт»,– деди. Ушунчалык чечкиндүү адам экен. Ошентип, ошол үйдү мага берип салды, сонун үй экен, үчүнчү кабатта, төрт бөлмөлүү, ал убакта бирден бир жакшы үйлөрдөн эле. Ошол үй мага өтө акжолтой үй болду. Уулум Жумагул 42 жашта илимдин доктору, профессор, бизнесмен, өзүмдө башкы врач. Мени кубанткан, сыймыктанткан уулум ушул Жумка ошондо чоңойду.

Ошол үйдө көп жылга чейин жашадык. Башынан аягына чейин – кийинки үйгө көчкүчө ырыстуу, акжолтой үй болду. Эч качан бул үйүмдү унута албайм, ары-бери ошол көчөдөн өткөндө карап, кубанып өтөм. Ошондогу темир гаражым эки үйдүн ортосунда эле, ушул күнгө чейин сакталып турат.

Т.Кулатовдун байбичеси бүгүнкү күнгө чейин аман-эсен, абышкасы болбогону менен балдарынын, небере-чөбүрөлө-

рүнүн аманчылыгын тилеп, ошолорго баш-көз болуп, бактылуу карылыкты өткөрүп жаткан кези. Кез-кез кезигишип калабыз. Көрүнүшү, жүргөн-турганы, сүйлөгөнү, баары таза жайында экен. Мен эмес, бүт хирургдар үчүн оорулуулары операциядан кийин ушундай аман-эсен, ден соолугу жакшы болуп, көп жылдар үй-бүлөсүндө, бала-бакырасынын арасында жашап жүрсө чоң сыймык, чоң кубаныч. Бул байбичеге дагы менин каалоом: көп жашасын. Жашаганда кор болбой, оорубай, балдарынын, туугандарынын алдында көрктүү болуп жүрүшүн чын жүрөктөн докторлук тилек менен каалайм.

Эмдиги сөз дагы эле ушундай эстен чыкпас адам, кыргыз элине эмгеги сиңген, кыргыз эли сыймыктанган, Кыргыз Республикасынын Баатыры 92 жаштагы ардактуу эжебиз Күлүйпа Кондучалова жөнүндө болмок. Бул эженин ушул жашка чыгышына, Баатыр болушуна менин да чоң салымым болду го деп ойлойм.

Көп жыл мурун 35 жыл болуп калды го, эже катуу ооруп – приступ болуп биздин ооруканага түшүп калды. Өтүндө ташы бар экен. Ошол тыгылып калып чыдатпай, приступ болгон, өтүшүп бараткан экен. Келээр замат тез эле диагноз коюп, түнкүсүн операция жасадым. Анда маданият министри болсо керек эле. Эже дагы оорусуна карабай, ойлонбой, соодалашпай түшүнгөн киши да, биз айтаар замат операцияга макул болду. Операцияда кандай диагноз койсок, ошондой туура чыкты. Эже тез эле айыгып кетти. Эсимде, эже операция болгондун эртеси, мурун көргөн эмес экенмин, Ошто турган синдиси экен, аты Сагыйпа болсо керек, дене тарбия институтунун директору Кокбаев экөө кирип келди. Менин кабинетиме кирип келип эле салам да жок, мени түз эле опузалап кирди. «Силер келген кишинин ары-бери жагын карабай, эч ким менен сүйлөшпөй эле, баса калып союп жиберет экенсиңер». – Жанында Кокбаев мени анча-мынча таанычу эле, аялы мени менен институтту бирге бүткөн, кийин бизде бир аз башкы

врач болуп иштеген, жогоруда айтпадымбы, Кокбаев дагы тиги аялдын сөздөрүнө таң кала түшүп: «Сагыйпа, жүрчү, анан келели»,– деп колдон тартса да болбойт. Кокбаев булар менен тууганчылыгы болсо керек, угуп отуруп токтой калды эле, мен: «Айта бериңиз, айтчу сөзүңүздүн баарын айтып калыңыз»,– деп, бир чети таң калдым. Бул эмне деген укмуш, тааныбаган кишисин ушинтип опузалаганы кандай деп. Эжемди операция жасап, аман алып калыпсың, Мамбет, ырахмат»,– дегендин ордуна, ушинтип опузалап кирбедиби. Менин дагы ачуум жаман, жиним тез келген жаным, ошол замат: «Сен кимсиң?» – дедим, уккам күйөөсү Ошто шааркомдун секретары, өзү институтта мугалим – деп. «Менде операция жасабай калган күнүм жок. Бирок ошол күнү бош элем, Дзержинскийден өйдө чыгып келатсам, алдымдан эже чыгып кезигип калдык. «Эже, бүгүн бошмун, операцияга келген киши жок, макул болсоңуз, жүрүңүз, мен сизди операция жасайын, колум кычышып турат»,– десем, эжем макул болуп мени ээрчип келди. Ошентип жасап койдум»,– десем, карап туруп: «Ошондой да болобу?» – дейт. Мен: «Болот» – деп туруп: «Ошто шааркомдун аялы болуп туруп, ошол жердеги элге тилиңдин заарын ары-бери тантып чайкап көнгөн аялсың го?» – десем: «Сиз эмне мага мындай сүйлөйсүз?» – дейт. Өзүнүн сөзүн эске албайт. Мен: «Кимсиң сен, өзүң мага акыл үйрөткүдөй? Менин ишиме кийлигише тургандай кандай акың бар, чык эшикке»,– деп кууп чыктым. Эртеси күйөөсү Тургунбай кирип келди, аялы арызданып, мени менен согушканы келген го деп чочуласам, жок, көрүнүшү, көз карашы түзүк – күлүп-жаркылдап сүйлөп кирди. Адегенде эле, эже жөнүндө сөз сурабай эле: «Ай, Маке, кечээ жанагы эжеңди абдан жакшы катырып кууп чыгыпсың, ырахмат»,– деп турбаспы. Мен эс алып калдым, чогуу барып эжени көрүп, ошондон тартып ошол эженин күйөө баласы Түкөмдү аягына чейин жакшы көрүп, урматтап жүрдүм.

Кийин уксам, чогуу иштеген чоңдордун ичинде, өзү ишке абдан тың, таза адам эле дейт. Жанында турган Кокбаев эжеге толугу менен түшүндүрүптүр. Эже кийин жакшы болгондо: «Акмак Сагыйпа, мен угуп таң калдым. Мамбет, ал түшүнбөстүк кылыптыр, кечирип кой, жеңди»,– деди. «Ой, эже, андайдын далайын көргөнмүн, укканмын, эсиме да албайм»,– дедим. Сагыйпага ар кимиси айтса керек, эже дагы катуу тилдесе керек, кийин үйүнө чакырып, Сагыйпа: «Кечирип кой, Мамбет, түшүнбөстүк кылыпмын, канча кылганы менен бир тууган да, кокусунан эле ушундай операция болуптур дегенди угуп алып, Оштон учуп келип, оозума келгенди ойлобой туруп тантырап коюптурмун»,– деп суранды. Кийин ушул Сагыйпанын күйөөсү Түкөм менен жакшы болуп кеттим, анан Фрунзеге көчүп келишти, ошондо бир топ жолу үйүндө конокто болуп, абдан ынтымакта бири-бирибизди урматтап, сыйлашып жүрдүк. Кийин эже айыгып үйүнө кеткенде, «Ала-Тоо» совхозундагы үйүнө чакырып чай берди, ошондо эженин энеси тирүү эле. Балпайган, көрктүү байбиче экен, сүйлөгөн-турганы өтө салабаттуу. Сагыйпанын сөзүн энеси дагы угуп калыптыр: «Мамбет балам, түшүнбөстүк кылган жеңди кечирип кой»,– дейт. «Ой, эне, ал эсимде да жок, эч таарынычым жок»,– дедим.

Мен адамга оңойчулук менен таарынбайм, кек сактоо деген жок, кандай тез ачуум келген менен ошондой тез тарап кетет. Муну өзүм жакшы билем, Сагыйпа Түкөм экөө тең сонун кишилер эле, эрте кетип калышты. 2010-жылы эженин 90 жаш юбилейи болуп, опера жана балет театрындагы салтанаттуу жыйында эженин баскан өмүр жолун Президентибиз баш болуп, аттуу-баштуу адамдар жан-алы калбай сыймыктануу менен сүйлөшүп, юбилейин абдан жакшы өткөзүп, ошол залда эжеге Р.Отунбаева президенттин Указын окуп, Кыргыз Республикасынын Баатыры деген ардактуу наамды Ак шумкар белгисин төшүнө такты. Эже бул наамга эчак эле татыктуу болчу. Ошол эле күнү

«Ала-Арча» мамлекеттик резиденцияда банкет болду. Анда эже менен чогуу иштешкен, өлгөндөн калгандардын баары болушту окшойт. Ушунчалык жакшы өттү, менимче. Мага сөз бергенде, мен эжеге болгон каалоомду айтып, бир аз кеч берилип жатат, ошого дагы тобо деңиз, эгер ушул жолу дагы эркек президент болсо алаарыңызга мен күмөн элем, Роза Отунбаева болуп калган үчүн алып калдыңыз го дедим. Усубалиев эженин жанында отурду эле, кийин сездим бул кишиге таандык болуп калды го деп. Дагы айтаарым, биз, хирургдар үчүн чоң сыймык, эженин көп жылдар мурун бизде операция болуп ошондон бери жашап 90 жашка чыгып, ушундай сый-урматка, сыйлыкка жеткени. Айта кеттим, менин дагы салымым бар бул жерде деп. Ошол операциядан дагы 2–3 айдан кийин эжени тыбыратып катуу приступ болуп алып келди, карасам, курч кармаган аппендицит, ошол замат операция жасап, аппендицити чирип, жарылып кетиптир, андан аман-эсен айыгып чыкты. 2011-жылы октябрь айында угуп калдым, жыгылып кетип кашка жиликтин жамбашка ашталган моюну сынып кетип, эртеси ошол сынган мойнун алып салып жасалма темир моюн коюп, министирибиз академик Сабырбек Жумабеков операция жасап, эже 3 күндөн кийин басып кетиптир. эженин дагы көп жашашына тилектешпиз.

## ЗАМАН АГЫМЫНДА ӨТКӨН КӨРҮНҮКТҮҮ ОКУЯЛАР

1996-жылы республикада хирургдардын съезди болуп өттү. Бул 2-съездибизди жакшы өткөзүп алдык. Съезд опера жана балет театрында ачылды. Ага Казакстандан, Өзбекстандан көрүнүктүү хирургдар, профессорлор катышып, дүйнөлүк деңгээлдеги маанилүү докладдарды жасашты. Съездге Президентибиз Аскар Акаев, Премьер-министр Апас Жумагулов баш болгон республиканын жетекчилери, белгилүү мамлекеттик, саясий ишмерлер катышып, өздөрүнүн жылуу пикирлерин, кутуктоолорун айтышып, жакшы каалоолорду билдиришип, көңүлүбүздү көккө көтөрүп коюшту. Аскар Акаев бизге жакшы ийгиликтерди каалап, өзүнүн Указы менен профессор Ф.Кононовго «Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер», профессор Б.Акматовго, профессор Ж.Нурманбетовго, доцент Ж.Бектуровго, профессор И. Ашымовго «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы» деген ардактуу наамдарды ыйгарып, бир топ хирургдарга Ардак грамоталарды тапшырды. Республиканын жетекчилери катышып, жогоруда айтылган сыйлыктарды берип, чоң көңүл бурган мындай жыйын мурда болуп көргөн эмес. Ошондуктан жалпы хирургдардын атынан ушул күнгө чейин А.Акаевге, А.Жумагуловго чоң ыраазычылыгыбызды билдиребиз жана ар дайым эсте сактап айта жүрөбүз.

Ошол съездде Казакстандын көрүнүктүү хирургу, Хирургиялык борбордун директору, Казакстандын Баатыры,

академик Муктар Алиев куттуктоо сөзүн сүйлөп, мага Казакстандын Медицина академиясынын Ардактуу академиги деген наам берилгенин билдирди. Академик деген дипломун тапшырды. Казакстандын хирургдарына, академик М.Алиевге мен да чоң ыраазычылыгымды билдирип, ырахматымды айттым. Съезд опера жана балет театрында өткөрүлгөндүктөн уюшкандык менен абдан жакшы шарт түзүп беришти. Чоң көңүл бурган, шарт түзүп берген маданият министри СССРдин Эл артисти Базарбаев Чолпонбектин жардамы, көмөгү зор болду. Көрүнүктүү артисттер чоң концерт коюп беришти. Биз аларга – уюштуруучуларга ыраазы болуп, биз силерге ушинтип көңүл ачарга келип туралы, а силер бизге келе көрбөгүлө деп алкыш айттык. Чолпонбекти ага чейин таанычумун. Мен өтө урматтаган, сыйлаган таланттуу балдарымдын бири эле. Эң өкүнүчтүүсү, эрте кырсык болуп кайтыш болуп кетти.

Делегация болуп келген хирургдар, таң калдым, бирөө да качып кетпей, ары-бери баспай, аягына чейин ушундай көңүл буруп отурушту. Аскар Акаев залдагы хирургдарды карап отуруп, мага: «Мамбет Мамакеевич, хирург балдарыңызды карап отуруп, көзүм ыраазы болду. Бардыгы ушундай сонун, көз караштары, өңдөрүнүн жылмайып, нурданган сулуулугу, жылдыздуулугу жакшы балдар экен»,– деди. Мен: «Ырахмат, Аскар Акаевич, хирургдар ушундай сиз көрүп баа бергендей болуш керек. Болбосо, хирург болуп иштей албайт, кээде операцияда 6–7 саат туруп калабыз. Алы жок болсо, ден соолугу начар болсо, чыдай албай, операция убагында жыгылып калууга мүмкүн»,– деп түшүндүрүмүш болдум. Андан кийин Аскар Акаев, Апас Жумагулов баш болуп бир топ жетекчилер менен биздин ооруканага келип, баарын көрүп, Президент операцияга катышып калды. Операциянын алдында: «Мамбет Мамакеевич, мен тоок сойгон жерден дагы каччу элем»,– дейт. Мен: «Аскар Акаевич, коркпоңуз, бул операцияны кесип ачып жасабайбыз, сиз телевизорду эле карап көрө-

сүз»,– десем, макул болуп, келгендердин бардыгы операция залына киришип, карап турушту.

Анда мурункудай 10–15 см кеспей эле, жаңыдан лапороскоп аркылуу 3–4 жеринен курсактын ичине аппарат өткөндөй кесип, жоондугу чыпалактай эле көзөнөк жасалат. Ылайыктап жасалган жерине лампа 14 эсе чоңойтуп көрсөтөт. Анан кесчү, кайчы кармачу, кесе турган аппараттар баары электр тогу менен байланышкан. Кан акканда, күйгүзүп-куйкалап, акканын токтотот. Бул операциянын жакшысы, ийгилиги – оорулуу операциядан кийин туруп, басып кетет. Үч-төрт күндөн кийин үйүнө чыгып кетет, операция он-он беш минутага эле созулат.

Президент аягына чейин карап отуруп, бүткөндө мындай укмушту – «чудону» көргөн эмесмин деп абдан ыраазы болду. Оорукананын ал-акыбалын көрүп, Президенттин эсебинен ремонтко миллион сом берди. Биз да Президентке өтө ыраазы болуп, берген миллион сомго бир кабатты ремонт жасатып алдык.

Ал эми К.Бакиев Президент болуп келгиче, парламентке чогуу депутат болуп калып, экөөбүз бир катарда, 8-катар болсо керек, 11, 12 орунда, беш жыл бирге отурдук, бир бирибизге мамилебиз өтө жакшы эле. Мени Курманбек ар дайым: «Мамбет аба»,– дечү, мен аны: «Курмаке»,– дечү элем. Бир-бирибизге өйдө карашкан жокпуз. Ар дайым айтып келчү: «Мамбет абамдын жанына отурган кишилер ар дайым чоңоёт»,– деп. Анан Президент болгону, биздин медиктер күнүндө театрда чогуу жүрдүк, андан кийин чай ичкенде чогуу болдук. Мен баягы депутат болгондогу сыйыма карата мамиле кыла баштадым эле, көрдүм – мурункудай эмес. Ойлодум, Президент болгондон кийин ушундай өзгөрүлүштөр болот го деп. Андан кийин, мен 80 жашка чыгардын алдында атайын суранып кирдим, киргеним Президент болгондон кийин эскертип коёюн деп. Эчтеке сураган да жокмун, 80 жашка ар ким эле чыга бербейт да. Чыккан киши, эгер басып өткөн жолунда из калтырып, мактангандай болсо мактанып, кубанып эле коюш керек.

Айткандан, сурагандан айттым, мен иштеген Улуттук хирургия борборуна менин эмгегим өтө чоң, ушунун атын менин атыма коюп берсеңиз деп. Менден мурун медакадемия, биздин министрлик, өзүмдүн коллективим, бир топ академиктер өтүнүп кат жазышкан. Эч сөз сүйлөгөн да, айткан да жок, кут болсун деп да койгон жок, чыгып таң калдым. «Бу Курмакеге эмне болгон, мени аба деп эле жакшы мамиле жасачу эле?» – деп. Кийин мамлекеттик катчы А. Мадумаровго, Досбол Нур уулуна, Садыркуловго бир нече жолу кайрылдым, Бакиевдин кабыл алуусуна сурандым, эч кабыл алган жок. Ошол бойдон кайрылып кирейин деп суранган жокмун. М.Миррахимовдун 80 жылдыгына, К.Рыскулованын 90 жылдыгына абдан жакшы жардам көрсөтүштү, юбилейлерин өткөзүштү. Мага эч жардам болгон жок. Жардамына деле мен өтө муктаж эмес элем, ошентсе дагы көңүл болмок.

Бакиевдин дагы өзүнүн «Ак жол» партиясынан куралган парламенттеги сессияга катышканын телевизордон көрүп, угуп отуруп таң калдым. Падыша киши дагы ушинтип тантыйбы? Депутаттардын алдында айтканы: хирургдар ооруган адамды операция столуна жаткызып алып: – Акчаң барбы, төлөйсүңбү? – деп сурайт экен дейт. Муну менен жалпы республиканын хирургдарын жаманаттап, маскаралап кемсинтип турганы. Болбосо, падыша киши кайсы бети менен ушуну айтат, же эч кандай айтууга далили жок. Аягында сүйлөп жатып: «Бул хирургдардын кемчилиги Акрамовго таандык эмес»,– дейт. Акрамов – «Ак жолдун» депутаты, угуп, жыргап отурат. Мен өзүм ушунчалык ачуум келди, тапкан экен кимди өрнөк кылышты деп. Эртеси мен министрибиз А.Мамбетовго телефон чалдым. «Марат, астыңдан өтүп коёюн, кечээ телевизордон Президенттин сүйлөгөнүн уктум, бул эмне деген маскарачылык, эмне менен далилдей алат? Мен бүгүн өзүнө жана гезиттерге жаза баштайм. Жооп берсин, хирургдарды жалпы кыргыз элинин алдында маскаралаганы үчүн»,– десем, министр: «Мамбет аба, сизден өтө суранам, унчуга көрбөңүз,

жаңылып алды, эмне кылабыз, Президент кандай сүйлөсө, өзү билет да»,– деп, кашайып мени тыйып, оозумду басып салды. Ошондон кийин түшүндүм, ага карата да жасаган мамилесин. Андан мурун, бир күнү Ак үйдөн телефон чалып калышты, силерге эртең президент Бакиев барат деп. Ошондон чакчелекей түшүп, келишин күтүп, короодон тартып баарын тазалап, кабинетимде А.Акаевдин портрети турчу эле, түн бою Бакиевдин портретин таап келип, Акаевдин ордуна илип, бир кара козумду даярдап, чай берели деп камына баштадык. Эртеси кечке күттүк, келген жок, анын эртеси эмне болду деп жардамчыларына телефон чалдым, колу бошобой калды дешти. Ойлодум, чын эле бошобой калды го деп, хирургдар козуну союп, өзүбүз жеп алдык.

Андан кийин үч-төрт ай өттү, эки-үч киши Президенттин администрациясынан мага кириште эртең Бакиев келет силерге деп, кай жерге токтойт, эмнени көрөт, күзөтчүлөрү кайсы жерге турат – баарын көрүп, даяр болуп тургула дешти. «Эсиңизде болсун, эч кандай аркы-берки суроону бербеңиз, чай берем деп убара болбоңуз»,– деп тапшырышты. Мен дагы эле баягы мурунку депутат болуп жүргөндөгү мамилебизди эстеп: «Чай беришти мага, өзүмө койгула, аны мен өзүм биллем»,– деп келгендерди узаттым. Дагы эле бир кара козу даярдап койдук, не бар, не жок деп. Кыргызбыз да, кыргызчылыкты ойлоп, келип калса, кирип нан ооз тийиңиз деген менин милдетим го деп. Эртеси дагы күттүк, келген жок. Ошондон кийин мен абдан түңүлдүм, кандай адам экенин билдим, мен эле эмес көп адамдар айтып жүрдү калпычы, жалган сүйлөгөн адам деп. Экинчи келбей калп айткандан кийин, портретин алып ыргытып жиберип, кайра Акаевди илип алдым.

Эми мунун баласы Максим жөнүндө азыр да айтам, мени билгендер, тааныгандар билишет, мен өмүрүмдө калп айтып көргөн эмесмин. Максимди өмүрүмдө көргөн эмесмин, биринчи көрүшүм. Бир күнү телевизор карап отурсам, ушул кийинки жаңы ишине иштей баштаган убакыт экен. Эмне

иш экенин ушу күнгө чейин түшүнбөйм, үч жардамчысы менен чыкты. Көрүнүшү мага, Кудай алдында, жакты, зор, өңдүү-түстүү жигит экен, бою-сыны келишкен. Карап отурсам, «Ушул баланын көзү, көз карашы укмуш бала экен. Көзү менимче кара дагы, көк дагы эмес, бир башка, мындай көздөр кээ бир кайраттуу, күчтүү жырткычтарда болот. Менин азыр үйүмдө эки овчаркам бар, булар деле үй жаныбары болгон менен көз карашы малга кылган мамилеси, «бир тууганы» карышкырга өтө окшош. Мына ушулардын көздөрү, көз караштары укмуш. Анан, өз ишиме байланыштуу ар дайым айтып жүрбөйүнбү, биздин негизги куралыбыз биздин көз деп. Мисалы, кыйналып ооруп келген адамдын эч сөз сүйлөй электе, биз, доктурлар, адегенде эле өңүн, биринчи көзүн карайбыз, ошондо кыйналып жатканын айттырбай көзү айтат. Андан кийин оору менен маектешип, эмнең ооруйт, кандай ооруйт, качантан бери ооруйт, дагы ар кандай керектүү суроолорду бере баштайбыз. Андан кийин ооруган жерин көрүп, дагы жалпы көз менен, анан колубуз менен басып, ушалап, ар бир катуу оорууда өзүнчө белгилер болот, ошолор барбы же жокпу текшеребиз. Ошол эле оорулуу операциядан төрт-беш күн өткөндөн кийин оорусу басылып, температурасы нормада болуп, өзү туруп басып, тамак иче баштаганда дагы биринчи көзү айтат. Жылмайып, өңүнө кирип, көздөрү жалжылдап, ушунча жакшы карап, ошол күнгө чейин болгон капаңды, жаман ойлоруңду бир заматта чыгарып, биздин да көңүлүбүздү оңдоп салат. Мына ошол үчүн мен көздү жакшы көрүп, көзүнө карата маани берип калганмын.

Мен көп чет өлкөлөрдө болдум. Америкада, Германияда, Польшада, Швецияда, Швецарияда, Кытайда, Японияда, Индияда, Италияда, Венгрияда, Румынияда, Чехословакияда жана өзүбүздүн союздук республикаларда. Кээсине турист болуп, көпчүлүгүнө өкмөттүк делегациянын курамында, кээсине хирург катарында съезд, конгресстерге катышканы делегат болуп бардым. Ал өлкөлөрдүн бизге салыштырганда артыкчылыгы ушунча бай, жакшы тур-

мушта жашашат. Айрыкча, медицина тармагында «жок» деген сөздү укпадым. Мисалы, ар бир өлкөгө барганда, биринчи милдетим – алардагы хирургиянын абалы менен таанышууга аракет жасайм. Кандай жашашат, хирургиялык аппаратуралары, аспаптары кандай деген суроолор менен жакындан таанышып көрөм. Швейцарияга барганда, суранып планына киргизип бардым, абдан жакшы тосуп алышты. Клиниканын директору жашы 60тарга барып калган профессор экен, өзүнүн кабинетинде кабыл алды. Таң калганым, кабинети ушунча чоң, таза, кооз мебелдери укмуш, отураар замат бир кнопкасын басып койду эле, артындагы дубал эки жакка ачыла түштү, анын ичинде не деген түрдүү ичкиликтер, закускалар бар экен. Профессор көрсөттү, эмнесин, кайсынысын каалайсыз деп. Мен: «Ырахмат, мен иччү эмес элем»,– десем, кофе, компот, печеньени алдыма койду, андан ооз тийдим. Бул жактагыдай бапылдатып сугунуп жиберииштен уялдым, анан операцияга катышууга уруксат берди. Бир сестра мени ээрчитип чыгып, бир бөлмөгө чечиндирип, душка түшүрүп, жаңы операцияга кийчү пиджам берди. Пиджамы эми укмуш, бизде болсо, көчөдө кийип жүргөнгө өтө ылайык экен.

Операцияга кирээрде стерильный халат, калпачок, бахила, маска берип киргизди. Операция залы өтө кенен, таза, жарык, укмуштай жабдыктар менен жабдылган. Операциянын башынан-аягына чейин катыштым, жүрөктүн кан тамырына жасашты. Менин кызыкканым аспаптары менен тигип жаткан жаңы жиптери болду, атромботикалык ийне жиби деп коёбуз, жиби атайын жасалган ийнеге тиркелген, ушуну карап отурсам, булар бир эле жолу байлап ыргыта берет экен. Өзүнүн эрежеси ошондой, бир тигип байлагандан кийин ыргытмай, а бизде мээбизде ар дайым сакталып турат «жок» деген сөз . Ошону ойлоп туруп, бул жипти бир байлагандын ордуна, биз, жок дегенде, төрт жолу байлап экономия жасайбыз. Хирургдардын операция жасоо техникасын байкадым, бизден өзгөчөлүгү жок. Кээ бир жерлерден начарыраак көрүндү. Операция бүткөндөн ки-

йин чыгып келатканда, жанагы башка кийген калпачок, маска, бахилкаларды чечип чыга берчү жерлеринде урна бар экен, ошол жерге чечип ыргытып кетет экен. А бизде буларды улам-улам жууп, айрылмайынча колдоно беребиз.

Операция бүткөндө профессор үйүнө чакырып барды. Барганда таң калганым, өзүнчө кенен, чоң үй, короосунда ар түрдүү машиналар, үйүндө үч-төрт негр аял, жумуш жасаган эркектер. Кемпири жашап калган, а кебетеси келишкен, зыңкыйган бойлуу адам экен. Ошонун кийиминдеги эң кызыкканым, мойнундагы салынган чынжыры жалаң алтындан, узун, жоондугу, чоңдугу, итти байлап койсо деле болгондой. Чынжырдын ортосунда көлөмү тегерек чоң алтын. Колдоруна салынганы ар түрдүү алтын, асыл таштан жасалган билерик, ар бир манжасында шакектер, кеткиче ошону карап отуруп таң калдым. Абдан жакшы, түркүн-түс жер-жемиш, тамактарды берип узатты.

Дагы бир жолу Германияга депутаттар тобу менен алтообуз бардык. Жетекчибиз спикер Матубраимов Алманбет эле. Анда дагы планга, мен хирургияга сөзсүз барышым керек деп мурунтан киргиздирип койгом. Хирургия борборуна барсам, бир хирург аял тышта күтүп туруптур, орусча таза сүйлөйт экен. Таанышып сурадым, сиз оруссузбу же немкасызбы деп. «Мен немкамын, Казакстандан мединститутту бүтүп, ошол жакта иштеп, эми өз мекениме келгем. Сиздин жердеш келет экен деп, сизди тосконду мага тапшырды эле»,– дейт.

Операция жүрүп жаткан экен. Эсимде, ошол күнү операция жасап жаткан профессор бүгүн Россиянын Президенти Б.Елцинди так ушундай мен жасап жаткан операциядай жасап жатат деп угузду, операция столунда жаткан жүрөгү ооруган адам экен, ошол жүрөгүнүн кан тамырын, башка жүрөктүн колко тамырына кошуп жасап жатат. Бул операциядан кийин жүрөктүн кан тамырына кошумча кан тамыр кошулуп, жүрөктүн кан тамыры оңоло түшүп, жүрөктүн иштеши жакшырып, ооруганы басылып калат. Мен кирип барганда эле, профессор билет экен менин келишимди, турган хирургдарга Кыргызстандан профессор

Мамакеев келди деди. Ошол замат операциялык сестра кыйкырып сүйүнүп: «Мамбет Мамакеевич» – деп турат. Мен таң калдым, бул ким, мени кайдан билет деп. Себеби операцияга киргенде, чыкканча көзүбүз эле көрүнөт, башка бетибиз бүт маска менен жабылуу. Профессор, калган хирургдар таң калып, сестраны карап калды, сестрага профессор кайдан тааныйсың деп жиберди эле, операциялык сестра: «Бул – Мамбет Мамакеев, менин шефим, мен бул кишинин операциялык сестрасы болуп көп жыл иштегем»,– деп жооп берди. Менин эсимде жок, өңү көрүнбөйт, көзү эле көрүнөт. «Мен Ленамын»,– деди, макул, операциядан кийин сүйлөшөлү, тигилерге тоскоолдук кылбайлы – деп сөздү токтоттук.

Операция көпкө созулуп, аягына чейин мен кызыгып көрүп турдум. Менин оюм: тез эле бүтсө экен деп, Лена менен сүйлөшкөнгө шашып жатам, операция бүттү. Лена дагы шашып, тездетип чыкты, чыкканда маскасын алганда, ошондо тааныдым Ленаны. Экөөбүз кучакташып, өбүшүп, абдан жакшы учураштык. Лена бечара өзүнүн абдан жакын адамындай мамиле жасап жатты. Өткөн-кеткендин баарын эстеп, сүйлөшүп, көпкө чейин маек курдук. Лена айтат: «Фрунзеден кеткенибизге он беш жыл болуп калды. Билесиз, мен немкамын да, эне-атам, жолдошум, эки балам менен өз Мекенибизге келгенбиз. Турмушубуз абдан жакшы, жакшы турабыз»,– дейт. Сүйлөшүп бүткөндөн кийин, мен: – Лена, биздин ал-акыбалды жакшы билесиң, ошон үчүн колуңдан эмне жардам келсе, көрүнөө да, көмүскө да кыласыңбы, жардам бер»,– дедим. «Макул, Мамбет Мамакеевич, жардам кылайын»,– деди. Көпкө сүйлөшүп отуруп калдык эле, профессор өтүп баратып, жакшы адам экен, менин оюмду билгенсип: «Лена, жердешиң, бирге иштешкен агайың экен, жардам бер»,– деп турбаспы. Биздин кедейчиликти бул профессор дагы билсе керек. Ошентип, Лена дары-дармек, аспап, халат, пахила, маска, эски-уску кылып эки коробка карматты. Мен адегенде: «Лена, анча-мынча эски аспаптар болсо болот»,– дегем. Эң керектүүсү – тикчү жиптер, айрыкча, атромботикалык ийне дегенден дедим.

Ленага ушунча ыраазы болуп, жаткан жериме кечке жуук жетип келдим. Мени менен барган депутаттар дагы жумуштары бүтүп келип жатышыптыр, алар көрүштү, мен эки коробка көтөрүп киргенимди. Булар Фрунзеге барганда чоң сөз чыгараарын ойлодум. Кечинде бир бөтөлкө арак, закускасын кошо алып, баарын чакырдым. Бирөө суроо берди: «Мамбет Мамакеевич, бүгүн абдан жакшы соода кылган көрүнөсүз»,– деп. Мен да тамашалап: «Бул жерге эмнеге келиптирмин, анча-мынча соода кылайын деп келдим. Дүкөндөрүндө мен көрбөгөн укмуштар бар экен, акчам жетишинче алдым. Алганымды силерге көрсөтүп коёюн»,– дедим да, коробканы ачтым. Алып келгендеримди көрүп, таң калышты. Анан болгонунун баарын айтып, түшүндүрүп бердим. Эстүүлөрү: «Ай, Маке, ушул жакта жүрсөңүз дагы өзүңүздүн ишиңизди ойлоп, кам жеп жүргөнүңүздү кара»,– дешти. Алып келип бир топко жыргап эле калдык. Жөн эле эсептеп көрсөк баасы сексен миңче болот экен. Өмүрүмдө ушундай олжолорду барган жагымдан көп эле алып келип жүрдүм, бирок ушул китепти жазып жатканда оюма кетти. Эч качан мен минтип жатам, муну алып келдим деп эч кимге доомат койгон да, айткан да эмесмин. Барган жердин көпчүлүгүндө мүмкүн болушунча операциясына катышып, ар жак-бер жагы менен абдан таанышып жүрдүм. Өтө артыкчылыгы – бардыгы бар, төшөнчүсү, жаткан керебети ж.б. палатасынын тазалыгы, хирургиялык аспаптар, аппараттар менен жабдылышы укмуш, таң калып ойлоп каласың жана ушул күнгө чейин көңүлдө жүргөн нерсем эле биз качан ушундай турмушка жетишебиз деген ой. Кайра эле аман бололучу, акыры биз деле жетишээрибиз ушундай турмушка – деп өзүңдү өзүң соороттуп коёсуң. Калганы – операция жасашы, техникалык жагынан биздей эле. Айтпадымбы, кээ бир жерлеринен биздин хирургдар жогору тургансыйт.

Негизи, чет мамлекеттерге чыгып, элин-жерин көрүп, алардын кылган ишин көрүп таанышуу хирургдар үчүн чоң жардам.

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ДЕПУТАТ БОЛГОН УБАГЫМ

Адамдын эмгеги эч качан бааланбай калбайт. Эгерде таза иштесең, ишиңде ийгилик болсо, адамдар, жетекчилер көрбөй койбойт. Буга мен ишенем, менин ишимди баалап, республиканын Жогорку Кеңешинин төрт жолку чакырылышына депутат болдум. Ага чейин эки жолу Фрунзе шаардык кеңешинин депутаты болдум. Бул мен үчүн чоң сыймык, урмат жана элдин, республиканын жетекчилеринин мага көрсөткөн чоң ишеними.

Депутаттын милдети, укугу өтө зор. Түшүнгөн кишиге, Союздун убагында Жогорку Кеңештин 9–10-чакырылыштарынын экөөндө тең Фрунзе шаарынын Октябрь районуна караштуу микрорайондон шайландым. Анда азыркыдай эмес, Борбордук партия комитетинин көрсөтмөсү боюнча талашып-тартышпай, малчыбы, сугатчыбы, мугалимби, врачпы – кесибине, жашы, улутуна чейин такталып, бир эле киши көрсөтүлчү эле. Шайланган киши шайлоо участогуна барып эл менен, шайлоочулар менен кезигип, убада берип, суроолоруна жооп берип, өзү эмне иш аткарат, депутат болгону үчүн ырахмат айтып, ызы-чуусу жок, айтышмай, арызданмай жок бир добуштан шайланып калчубуз. Анда шайлоочулардын бизге койгон суроолору, талаптарынын көпчүлүгү үй алыш, телефон коюш, мектепти ремонт кылып берүү, клуб салып берүү жөнүндө болоор эле. Колумдан келишинче депутаттык милдетимди аткардым, ошон үчүн ал участкага экинчи жолу шайландым. Эл ме-

нен кезигүү убагында: «Силер койгон талаптарды колуман келишинче аткарууга аракет кылайын, мен 100% убада берем, кокус бирөөңөр ооруп калсаңар, оорубай эле койгула, кокус болуп кетсе жардам көрсөтөм»,– дейм. Бул убадамды 100%дан ашык аткардым, өтө көп кишини операция жасап айыктырдым. Союз убагындагы депутаттар анда азыркыдай эмес, сессия болоор эле, анда тартип деген өтө катуу. Депутаттар оозуна келгенди оттой берчү эмес. Мисалы, мен парламенттик саламаттык сактоо министри боюнча комитеттин төрагасы болуп калдым. Депутаттык мөөнөт бүткөнчө эки жолу гана сүйлөдүм, анда жарым жыл мурун эскертип, баланча сессияда сүйлөйсүз дешчү. Ошондон даярданып бүткөндөн кийин, жазган сөзүңдү адегенде райкомдон, шааркомдон, анан БКдан текшерип, каталары болсо оңдоп туруп, анан сүйлөгөнгө уруксат берилчү. Депутат болуп жүргөндө дагы өзүмдүн адистигим, хирургдугум эч качан унутулган жок. Кандай операцияларды жасасам, ошондой эле улана берди. Күндүз бошобой калсам көпчүлүгү түнкүсүн жасоочумун.

Бир күнү эле кечинде биздин министрликтен телефон чалышты. Кочкордон бир катуу оорулуу адам келгени жатат. Сиз эч жакка кетпей күтүп туруңуз дешти, мен эч жакка чыкпай, таң аткыча күтүп отурдум. Эртең менен саат беште алып келишти, кыркка жакындаган толмоч, жакшынакай аял экен. «Чолпон» совхозунун парторгу Жамал Усубалиеванын кызы Жаңыл экен. Приступ болуп катуу ооруганына эки-үч күн болуп кетиптир, райондон дары берип ичип жаттым дейт. Келгенде, ал онтоп чыдай албай катуу ооруп, ооруганы басылбайт – деди. Сураштырып, ичин көрүп, өттүн таш оорусунун өтүшүп кеткени сезилди. Ошол замат операция жасап, өтүндө таш толтура, өтү чирий баштаган. Өтүн ташы менен алып салып, операциядан кийин тез эле айыгып кетти. Көрсө, Турдакун Усубалиевдин эжесинин кызы экен. Усубалиевдер багып чоңойтуп, Усубалиева болуп калыптыр. Чыккандан кийин

келип-кетип, ырахматын айтып, мамилелешип жүрдүк. Энеси – Турдакундун эжеси дагы кызы жатканда бир нече жолу келип, мага ыраазычылыгын, ырахматын айтып кетип жүрдү. Жөнөкөй, жалынып турган жакшы адамдардын бири көрүндү.

2–3 жылдан кийин Жаңыл дагы ооруп калып, Фрунзеге алып келишет. Министр Тургунбаев Ойрот жана жеңеси тосуп алып, түз эле Ахунбаевдин клиникасына алып барат. Анда Ахунбаевдин ордуна профессор Червинский иштечү. Жамал энеси: «Мамбетке алып баргыла»,– десе, «Мамбет, азыр жок, командировкада»,– деп болбой, ошол жакка жаткызат. Жамал ыйлап: «Мамбет жасады эле ага операцияны»,– десе, кагып коюшат. «Эмне эле Мамбет деп кылдайсың? Бул жерде Мамбеттен кыйын профессор, докторлар карап дарылап жатса»,– деп. Бир аз күндөн кийин мага Турдакун Усубалиев телефон чалып калды. «Мамбет, сен кайда командировкага барып келдиң?» – дейт. Мен: «Агай, мен эч жакка барган жокмун, ушул эле жердемин»,– дедим. Анда баягы өзүң операция жасаган Жаңыл ооруп, Ахунбаевдин клиникасына алып келип, ошол жакта жатат. Барып көрүп койчу, сени өзү эскерип, сурап жатат»,– дейт. «Макул, агай, мен азыр эле барам»,– деп жетип барсам, Жамал ыйлап: «Сага алып баргыла десем болбой, Мамбет жок, командировкада деп коюшту»,– дейт. Көрүп, соортуп дегендей, текшерсем оорусу басылып калыптыр, операциянын кереги жок көрүндү. Жамалга түшүндүрүп, ушул эле жерде жатып тур, жакшы дарылап жатышыптыр, мен келип турам деп, эс алдырып кете бердим. Андан кийин барып турдум, аман-эсен айыгып үйүнө кетиптир. Мына ушундан башталды көрө албастык, ич тарлык, көрсө, акырындык менен шыбырап, мени биринчиге жаман көрсөтө баштапыптыр.

Кийин Жогорку Кеңештин 12–13-чакырылыштарында кайра депутат болдум. Ал эми өзүбүзчө эгемендүүлүкө жеткенде, эки жолу тең өзүбүздүн Ак-Суу районунан шайлан-

дым. 12-чакырылышында Ак-Булуң шайлоо округунан жалгыз эле өзүм көрсөтүлүп, элдин ишенимине ээ болуп, мурункудай эле чыр-чатак жок жакшы өтүп кеттим. Бул беш жылдыкта дагы депутаттык аракетимди колумдан келишинче аткардым. Айрыкча, ооруканаларга ремонт жагынан жардамдашып, дары-дармек, аспаптар менен камсыз кыла алдым. Ооруп келген адамдардын 100% айыгып кетишине жардам көрсөтө алдым. 13-чакырылышта Ак-Суу районунан бир эле орунга төрт талапкер көрсөтүлүп, Эл өкүлдөр жыйынына депутат болуп шайландым. Талапкер болуп жүрүп, далай кызыктарды көрдүм. Мен депутат болчу талапкерлерди үч топко бөлгүм келет.

*Биринчиси:* Өзүнүн элге сиңирген эмгеги, адамкерчилиги, тазалыгы, ишмердиги менен элдин алдында чоң кадыр-баркка, сый-урматка жеткендер. Бул топ эч кимге эчтеке бербей, төлөбөй, алдабай, жалган сөз убада кылбай, элдин ишеними менен өткөндөр;

*Экинчиси:* Эптеп иштеп, жалган убада берип, эки жүздүүлүк кылып эптеп бийликке умтулгандар;

*Үчүнчүсү:* Элди алдагандар, шылуундар, артында бир топ былыктары барлар. Эптеп өтүп алып депутаттык мандатка жамынып алып, мурунтан бери жасап келе жаткан былык иштерин уланта берет, депутаттык мөөнөт бүткүчө былыктары ачылбайт.

Ошондо Эл өкүлдөр жыйынына талапкер төртөөбүз – мен, анан Орузбаев Темпи, ал мурун министрдин орун басары, көлдө губернатор, областтык кеңештин төрагасы болуп жүргөн киши экен. Темпи менен мурунтан анча-мынча тааныштыгым бар эле, толук билчү эмесмин. Үчүнчүсү – ошол Вознесеновкада сельпонун төрагасы, Жапаров деген жашыраак, узун бойлуу, күн-түн дебей көзүнөн кара очкини албаган, баскан-турганы шыпылдап, соодага ылайык жигит экен. Төртүнчүсү – жаш эле келин, өзүнчө фермасы бар экен, сурасам, алты уюм, бир өгүзүм, бир букам бар – деди.

Мыйзам чыгаруу жыйынына 9 адам талапкер – Иманбаев Сулайман, Жекшеев Жыпар, генерал Калыйнур Үсөнбеков, Салават Исаков дагы бир тобу. Бардыгыбыз – он үч киши шайлоочулар менен кезикkенде чогуу болуп кезектешип сүйлөп, жооп берип жаттык. Адегенде он төртүбүз чогуу сүйлөшүп алдык, ар бирибиз өзүбүздүн пландарыбызды айтып, бир бирибизге тийишпейли деп. Райондо болгон ар бир айылды бирин калтырбай кыдырып чыктык. Жаңкы мени менен талапкер сельпонун төрагасы, өтө эле тартиби жогураак, «нахальный» жигит көрүндү, сүйлөгөн сайын артыкча мактанат. Айткандан эле: менин эки жогорку билимдүү деген дипломум бар, бирөө юридикалык, экинчиси экономикалык: «Билимим жетишет, депутат болуп калсам, ар бир министрдин эшигин ыргыта тээп кирүүгө акым бар»,– дейт, анан убадасы менен элге баарын эле аткарып, кыйратып, бүткөрүп салып жатты. Мен баргыча, бир өлүктө эл көп чогулган жерде, ушул жигит мен жөнүндө туруп алып элге лекция окуптур. «Мамакеев карыган адам экен, алжып араң эле басат» – дептир. Мен бул жигитти эч көргөн эмесмин, таанибайт элем. Бул да мени көргөн эмес. Ошентип, эртелеп элге мени «тааныштыра» баштаптыр. Аны угуп отургандардын бири – Ак-Чий айылынын айыл өкмөтү Үсөн деген, салабаттуу, жакшы жигит көрүндү эле. Бир топ жыл мурун аялын мен операция жасап, айыгып кеткен. Кийин өзү дагы кайтыш болуп кетиптир. Тиги сүйлөп бүткөндөн кийин, Үсөн туруп: «Ай, сен Мамакеевди тааныйсыңбы, билесиңби?» – деп суроо берет. Тиги: «Билбейм»,– дейт. «Билбесең, эмне деп тантып жатасың?» – десе: «Элден угуп жатам»,– дейт. Анан Үсөкең: «Сен билбесең, мен ал Мамакеевди жакшы билем. Азыр ушул тапта сенден өтө тың, сен айткандын бирөө да чындыкка жатпайт»,– деп уят кылыптыр. Мындай адамдар уят дегенди билбесе керек. Кийин мен барганда, Үсөн ушунун баарын айтып берди. Так ошол айылга барганда, тиги айткан жигит дагы отурат. Мен элдин астына чыгып, тигинин

аты-жөнүн айтпай туруп, ары-бери басып: «Мен келгиче ушундай сөз болгон экен, атайын таркаткан экен. Силерге суроо: «Эгерде силер менин баскан-турганымдан, сөзүмдөн жаңылып, бир сөздү эки айтсам, байкап туруп, чын эле болбой калган экен деп баа берип койсоңор болот»,– дедим. Тиги жигит ооз ачкан жок. Ошентип, мактанганын сүйлөгөн сайын койбойт, аягында мен: «Сен, жигит, эки дипломум бар дедиң, эки институтту кандайча бүткөнсүң, заочныйбы же очныйбы?» – деп суроо берсем: «Заочный»,– дейт. «Анда мен эл агартуу министрлигине телефон чалып эксперттик комиссияны чакыртып, сенин дипломуң менен башыңдын билими окшошобу же жокпу, текшертейин»,– дедим эле, ошондон кийин түшүндүбү, көп мактанбай, куйтулугу азая түштү.

Дагы бир күнү мен сүйлөп жатып: «Бизде, медицинада, бир оору бар, жинди оорунун бир түрү, муну менен ооругандар өзүн өзү акылдуу, күчтүү сезип, мактанчаак болуп башка кишилер алар үчүн өтө начар, төмөнкү кишилер болуп калат»,– дедим. Жаман жери, бул оору менен докторго кайрылбайт». Муну бирөө бул жигитке түшүндүрсө керек, кийин Борбордук шайлоо комиссиясына: «Мамакеев мени жинди деп жатат»,– деп арыз жазыптыр. Кызыгы, аялы дагы дүкөнчү экен, мага келип: «Агай, сиз иниңизге эле ордуңузду берип койбойсузбу?» – дейт. Мен: «Жок, айланайын, мындай инилерге беришке эртерээк»,– дедим. Дагы бир эң кызык кезигүү эсимден эч качан кетпейт. Вознесеновка – Боз-Учукка келдик, мурун райондун борбору эле, чоң айыл, көпчүлүгү орустар жашачу эле. Ушул айылга келсек, клубу өтө чоң экен, эл өтө көп чогулган. Клубдун алдында, убакыт болгуча, бүт талапкерлер, райондун, айылдын жетекчилери болуп күтүп туруп калдык. Бир убакта бир аксакал киши, ошондо 78 жашта экен, бизге басып келип учурашып, мени көрө коюп эле кучактап, өпкүлөп, сураштырып, жакшы мамиле кыла баштады. Бери менин талапкерлерим таң калып, бизди карап калышты. Абышка

мага карап туруп: «Мамбет балам, мени тааныбай турасың го?» – дейт. Мен кичине бүшүркөп: «Жакшы тааныбай турам»,– десем: «Анда анан клубдун ичинде тааныштырайын»,– деп басып кетти. Кезигишүү болуп жатканда жанагы абышка биринчи болуп сүйлөдү. Мурунтадан актив болуп иштеп жүрүп, элге авторитети бар адам экен. Айтканда: «Мен он жыл мурун катуу ооруп калып, приступ болуп, ушул Боз-Учуктун ооруканасына алып келишти, бул жерден Ак-Сууга жеткиришти. Ак-Суунун врачтары Пржевальскинин ооруканасына алып барды, ал жерден текшерип көрүшүп, Фрунзеге жөнөтүштү. Фрунзеде түз эле ушул Мамакеевдин ооруканасына алып барып жаткызышты. Ошол замат мени Мамакеев көрүп, операция жасады. Көрсө, өтүмдөн ооруп, ичине таш толуп, өтүм чирип кетиптир. Кийин аман-эсен айыгып үйүмө келдим. Ошондон бери жашап, ушул күнгө чейин жеткизген ушул Мамбет балам. Ар дайым ушул балама батамды берип, жалынып келе жатам. Силердин алдыңарда дагы айтам, Мамбет балам, аман бол, өмүрлүү бол, не деген миңдеген мага окшоп ооруп, кыйналып барган адамдардын өмүрүн сактап келе жатасың. Силерден, шайлоочулардан суранаарым, ушул Мамакеев үчүн добушуңарды берип койгула. Эми, калган талапкерлер, силер мага капа болбогула, мен көптү көрдүм, көп шайлоого катыштым, талапкерлер, силер ушундай убада кыласыңар, мобу: «Асмандагы булутту быякка жылдырып, буруп берем деп»,– деди. Анын ушул мисалы эсимден кетпейт, чындыгында баарыбыз өткүчө ушундай убадаларды бере беребиз да. Айтпадымбы, чоң, кичи айыл болобу, бирөөн тең калтырбай кыдырдык деп. Ошол айылдардан ар биринен кезиккен сайын, жок дегенде, бирден-экиден киши чыгып, бир убакта мен операция жасап, айыгып кетип аман жүргөндөрүн айтышты, ден соолук, жан деген оңой эмес да. Булар сүйлөгөндөн кийин көпчүлүгү мен жөнүндө жакшы ой, жакшы ниетте, калаарын сезип-байкап калдым. Ошондо мен өзүмдүн кесибиме өтө ыраазы болдум.

Дагы бир жолугушуу Челпек айылында болуп өттү, анда дагы эл абдан көп чогулуптур. Биз менен Исаков Салават дагы бар эле, мунун атасы республикада эң көрүнүктүү адам болчу. Айыл чарба министри болуп туруп кайтыш болгон, өзү калмак. Бир бирибизге тийишпейли деп макулдашканбыз. Ошого болбой эле, мурун мансапка көнүп калган адамдар жаңылып кетип жатты. Темпи Орузбаев ушулардын алдында сүйлөп жатып: «Биз түптөп келген элек, биз ушул даражага жеткизген элек, анан эми башкалары келип, жоготуп, талап-тоноп өзүлөрү үчүн...» – деп азыркыларды жамандагандай болду. Анда губернатордон түшүп, ордуна Ж.Соодонбеков болуп калды эле, медицинаны дагы чымчылап, мени көрсөткөнсүп сүйлөдү. Ошондо, арт жагында отурган сакалдуу киши, же Орузбаевди мурунтан тааныйбы, суроо берди: «Темпи Орузбаевич, сиз губернатор, облкеңештин төрагасы болуп турдуңуз, анан айттыңыз көп нерсени жасадым деп. Ошого карабай, эмне үчүн бир добуштан облкеңештин депутаттары кызматтан алып салды?» – деп. Анда Орузбаев: «Айтпадымбы, чогултуп алып, ар бир депутатты мага каршы үгүттөп, жамандап жатып алып салды»,– деди.

Андан кийин кезек боюнча мен сүйлөмөкмүн, мен чыгып ыгы келе түштү, отургандарга кайрылып: «Силер көпчүлүгүңөр академик Аман Мамытовду таанысаңар керек, өтө таланттуу, жер боюнча чоң адис киши. Менин бирден бир урматтаган адамым эле. Бир күнү Академиядан чыгып келе жатып: «Мамбет, бул жакын жерде кызым жашайт. Берметтикине кирип чай ичип чыгалы»,– деди. Мен макул болуп баратсак, жолдон Аман арман кыла баштады: «Мамбет, мен 30–40тай илимдин кандидатын, докторун даярдап чыгардым, ошолордун баары киши эмес, ит болуп чыкты»,– деп. Мен: «Ой, Аман аке, кантип эле ошонун баары ит болсун, чын эле баары итпи же?» – деп жиберсем, өзү түшүнө коюп: «Же өзүң итсиңби дегени турасың го?» – деп жооп берди. «Жо-ок, Аман аке, антип са-

лыштырган жокмун, жөн эле оюма келе түштү»,– дедим. Бул жерде (Орузбаевдин атын айтпай), облаcттын бардык депутаттары күнөөлүүбү же жаңкыдай итпи?» – деп туруп түшүп кеттим. Темпи өзү оозун ачып мени карап алды. Байкадым, тамашаны көп түшүнбөгөн адам көрүндү. Ошол эле Челпекте бир үйгө чай берип калышты. Дагы мен Темпиге: «Сиз көрдүңүз беле, бир дөбөт менен кандек иттин алышып жатканын?» – десем: «Эми, Мамбет, иттер алышып эле жатат го?» – деди. «Жок, кимиси жеңет алышканда?» – десем: «Билбейм анысын, байкаган жокмун»,– дейт. Анда мен: «Менин байкоомдо, дөбөт ит кандекти көтөрүп чаба берет, кандек буту менен түшө берет. Алы жетпесе дагы, тырышып алыша берет»,– десем: «Мүмкүн»,– деп койду. Сулайман менин тамашамды билет. Мында дагы эмне жөнүндө айтылып жаткандыгын түшүнүп, боору эзилип күлүп жатып калды.

Эртеси Отрадный – Шапак айылына бардык. Жыйындын алдында Темпи Орузбаев мени мындай чакырып алып: «Ой, Мамбет, сен билгизбей жылма эле мени жайлап жатыпсың»,– дейт. «Ой, Темпике, эмне болуп кетти, кайдан, кайсы жерден?» – десем: «Кечээки иттердин алышканына экөөбүздү салыштырып жаткан турбайсыңбы»,– дейт. Мен: «Ой, Темпи, ошону бир суткадан кийин түшүндүңбү?» – десем, капа болгонсуйт. Темпиге ал салыштырма эмес, жөн эле күлкү болсун үчүн айтылган десем, дагы мурчуят. Анда Темпиге: – Кандай түшүнсөң, ошондой түшүн,– деп кете бердим. Аяк ченинде кыдырып бүтүп калдык. Дагы тамашалап Темпиге: «Өзүң көрдүң кимибиз өтөөрүбүздү, ошон үчүн 3–4% алып калыптыр деген жаман атка калгыча, алып эле салбайсыңбы?» – десем: «Мен да өтпөсүмө көзүм жетти, ошентсе да аягына чейин барайын»,– деп жумшап калды эле, бечара киши кийин каза болуп кетиптир.

Төртүнчү фермер аял сүйлөгөн сайын эле: – мени аялдар совети, Жамал Ташыбекова көрсөтүп жатат дегенди күнүгө кезигүүдө айтат. Буга чейин элдин алдында кандай эмгеги

бар экени белгисиз. Ошол убакта аял киши өзүнчө фермер болуп алган башталыш болуш керек. Бирок ар бир адамда илгери үмүт деген болот да, үмүт кылса керек. Бирөөлөрдүн сунушу, суроосу боюнча болбосо, беш ую бар кишини ким депутат кылмак эле. Бир жолу ошол Челпекке бараткaнда, чоң жолдон жогору Челпекке чейин бир топ эле алыс экен, анча-мынча кыламык кар жаап койгон, суугураак, баратсам ушул келин жөө баратат, машинаны токтотуп, салып алдым. «Ой, ушул суукта айылдын баарын кантип жөө кыдырып келесиң, атың да жокпу, бир букам бар дедиң эле, ошол букаңды үйрөтүп минип албайсыңбы?» – деп тамашалап койдум. Кийин бул бечара келин Борбордук шайлоо комиссиясына арыз жазып жибериптир, Мамбет агай мени букаңды үйрөтүп минип албайсыңбы – деп айтты дегендей.

Дагы унутулгус окуя: мен айылымда, туугандардыкында конок болуп отурдум эле, инилерим келип: «Аба, жаңы сельпонун төрагасы бир машинага ун, чай, самын, жоолук-моолуктарын алып келип тараталы деп жатат эмне кылалы?» – дейт. Мен токтоосуз: «Ала бергиле»,– дедим. Эртеси айтышты, алдык – деп. Эми таң калам ошол жигитке, менин айылым, туугандарым, мен турсам, анан ошонун бергенине карап эле эл добуш бермек беле.

Дагы бир эсимден кетпеген кезигүү. Кайырма-Арыкка бардык. Кайырма-Арык, Сары-Камыш, Кереге-Таш – үч айыл ушул күнгө чейин бир айыл өкмөтү. Мен Сары-Камышта окуп жүргөндө Кайырма-Арыктан чогуу окуган жолдошторум көп эле, ал айылга жума сайын барчумун. Жашаган элин жакшы билчүмүн. Барсам, клубдун алдында чогулуп турушкан экен. Машинадан түшөөр замат бир сакалдуу адам чуркап келип эле мени басып жыгылды, бетимден өпкүлөп, сураштырып жатат. «Сен экөөбүз 10-класста чогуу окубадык беле»,– дейт. Ошондо, мен оңоло түшүп, чынында тааныган жокмун: «Ой, коё тур, кандайча мени менен окуйсуң? Сендейди көргөн жок элем. Онунчу класс-

ты бүткөндөр – онубуз, мына мобулар деп аты-жөнүн айтып, санап бердим, жок, сени көргөн эмесмин»,– десем, кызуу экен, экөөбүздүн сүйлөшүп жатканыбызды баары карап турат: «Ой, Мамбет, коё тур, эсиңе салайын чогуу окуп жүргөндө, мектептин капталына сийип жатсам, директор Токоев кармап алып, ошондон мектептен чыгарып жибербеди беле?» – дейт. «Ой, эми эсиме түштү, азыр мен келе жатканда тээтиги клубдун капталына шарылдатып сийип жаткан сен белең?» – десем: «Ии, ошол мен»,– деди. Көпчүлүгү тааныш, мени жакшы тааныгандар. Кезигүү бүттү, баягы теңтуш ажырабады. «Ой, Мамбет, жөн эле кетип каласыңбы?» – деп. «Ай, сенин кезигип калаарыңды кайдан билдим, жанымда эчтекем жок эле»,– десем дагы болбойт. Мектептин директору Сыргак Арыкбаев экөөбүз чогуу окуп, жакшы жолдош элек. Сыргак мага шыбырады, буга бирдеме берип кетпесең, сен кеткенден кийин өкүрүп-бакырып ит кылат деп. Тиги доско: «Болуптур, Сыргакка ишенесиңби, ишенсең Сыргак мени менен барсын, дүкөндөн сен тойгондой алып берип жиберейин»,– десем: «Жок, ала бар»,– дейт. Сыргак: «Туруп турбайсыңбы, мен алып келип берем»,– деп токтотту. Чындыгында, машинамда бир топ бөтөлкө арак бар эле. Бир көчө айланып Сыргакка берип, ал алпарып ыраазы кылды көрүнөт. Чынын айтайын, көп жыл депутат болуп жүрүп биринчи жолу ушул кишиге арак бергеним. Эч качан менде элге, шайлоочуларга бирдеме берүү деген болгон жок (буга ишенип койгула). Менин биринчи эле турда жогорку көрсөткүч менен түз өтүп кетишимдин себеби, биринчиден, бул менин хирургдук кесибимдин кадыры болду окшойт. Бир дагы чатак, арызданyy деген болгон жок.

Жогорку Кеңештин 11-чакырылышына талапкерлер көрсөтүлө баштады. Документтеримди эчак эле толтуруп алышкан, талапкерлерди көрсөтүү мөөнөтү бүтүп баратат. Бирок менин фамилиям алигиче аталбайт. Бир күнү кечке жуук БКнын бөлүм башчысы Степанов чакырып жатат –

деп телефон чалышты. Эмне болуп кетти деп, жаманчылыгын да, жакшылыгын да ойлоп кеттим. Бирок жаманчылыгын көбүрөөк ойлодум, болжогон убакытта барып калдым. Степанов жакшы кабыл алып: «Мамбет Мамакеевич, бизде ушундай сөз болду, башка жактан сүйлөшөлү дешти эле, бирок мен болгон жокмун, профессор, кечээ эле депутат болсо, башка жактан сүйлөшкөнүбүз туура эмес го деп, мен өзүмө чакырып сүйлөшөйүн дедим»,– деп сөзүн баштады. Буга чейин Степановдун ким экенин, эмне иш аткарганын уккан да, билген да жок элем. Көрсө, тергөө органдарын, сот, прокуратураны тейлеген БКнын бөлүм башчысы экен. Кийин түшүндүм, башка жактан дегени – түрмө же прокуратурадан чочуталы десе керек. «Кулак сизде, суроонуз эмне жөнүндө?» – десем, Степанов: «Бизге белгилүү маалыматтарга караганда, сиз Кеңеш Кулматов, дагы эки адам Бостановдукунда конокто болупсуздар. Анын кандайча болгонун, берки эки кишинин фамилиясын да толук баяндап бериңиз»,– деди. Мен эми түшүндүм. Анда Кулматов Москвага окууга кетип, Токмоктун эт комбинатынын дироктору А.Бастанов түрмөдө отуруп калган. Ошентип, толугу менен түшүндүм эмнеге чакырганын. Мен жалган айтып: «Конокто төртөө эмес, он киши болгонбуз»,– дедим. «Жок, биздин маалымат боюнча төрт эле киши болгонсуңар»,– дейт. «Толугу менен билсеңер, анда менден эмне сурап жатасыңар?» – деп мен болбойм. «Жок, сиздин өз оозуңуздан уксак дейбиз»,– дейт. Эмне сөз болду эле, кандай тамак ичтиңер дегенге чейин барды. Аягында менин да ачуум келе баштады, эмне үчүн сурап жатканын, ким үйрөтүп сурап жатканын түшүндүм. «Жолдош Степанов, мен Бостанов деген ким экенин билбейм, көргөн да эмесмин. Бостановдун эч жери оорубаса керек, ооруп, мен операция жасасам, анда таанып калат элем, үйүнө ошондо чакырмак, таанybаган адам мени үйүнө чакырып көрө элек. Экинчиси, мен К.Кулматовду саясий ишмер, адамгерчиликтүү адам катарында абдан сыйлайм. Бирок ушунча бо-

луп Кулматов менен бир жерде конок болуп көргөн эмесмин. Дагы суроoңуз барбы?» – десем: «Жок» – деди. «Анда мен кеткенден кийин айтып, заказ кылган кишиңизге барып айтыңыз, бул тапшырмаңыз ишке ашпай калды, аткара албадым деп»,– дедим.

Кийин түшүндүм кимдин буйругу экенин. Ошондо Кулматовду каралап, шылтоо издеп тапканы Бостанов менен байланыштырып иштен алышкан, мунун баарын, анда ыраматылык А.Карыпкулов БКда катчы эле, ушул адам жасаган, ушунун алдында кечке жуук БКдан коңгуроо болуп, Карыпкулов чакырып жатат кечки саат алтыга – деди. Дагы эмне болуп кетти деп, жетип бардым. Карыпкуловду буга чейин угуп, көрүп жүрчүмүн, бирок жакын тааныштыгым жок эле. Кабыл алды, саламатташтык, негедир өңү, көрүнүшү мага жаккан жок. Ойлодум жакшы кабар болбосун. Аманбек түз эле: «Сиз үйүңүздө отуруп алып эле, мени ашатып сөгө берет экенсиз, Карыпкулов мени академияга жолотпой, таластык тууганы Мурзалиевди колдоп өткөзүп деп»,– деген сөздөн баштады. Мен: «Айтып бүттүңүзбү?» – дедим, анан тиги: «Келген этти жебей ыргыта берет экенсиз, ушулар жөнүндө сүйлөшөйүн дедим эле»,– дейт. Мен: «Айтып бүтсөңүз, мен бул имаратты өтө урматтайм, таза имарат, анын ичинде отургандар да таза, партиянын адамдары деп. Сизге суроо: «Мага айткан дооматтарыңыз кайсы бирөөнүн арызыбы же телевизордон, газетадан окудуңузбу?» – десем: «Жок, эч кимден арыз түшкөн жок, теледен, газетадан окуган жокмун»,– дейт. «Анда кайсы негизде сүйлөп жатасыз, далилиңиз жок болсо, бул дооматыңызды мен жөн койбойм, азыр эле чыгып кабарлайм»,– десем, кичине сезе түштү мени коркута албастыгын. «Сиздин өзүңүздүн үйдөн чыккан сөз»,– дейт. Мен таң калып: «Менде андай ушакчы туугандарым жок. Эгер болсо, кыргызча аларды тузума койдум, тузум урсун. Мурзалиев жөнүндө билбегенден кийин эмне айтып жатасыз? Мурзалиев экөөбүз институтту бирге бүткөнбүз. Арстанбекти мен беш колум-

дай билем, сизге тууган болгудай таластык эмес, мобу Ысык-Атадан болот»,– дедим эле, унчуга албай калды. «Ошентсе дагы байкап сүйлөп жүрсөңүз»,– дейт. Аягында: «Аманбек Карыпкулович, мени коркутам деп ойлобоңуз, мен коркок адам эмесмин»,– деп жооп бердим. Ошондон улам кийинки депутаттык чыкырылышта Кулматовго, Бостановго шылтоолоп, жабыштырып, Степановго дайындап, өткөзбөй койгон Амакем болду.

Арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин: бул эмне дегени, үйүңдөн, туугандарыңдан чыккан сөз дегени деп, башым катып, ойлонуп жүрдүм. Ким болду экен? Андай тууганым жокко эссе эле, оюма да келген жок. Кийин, ушул Карыпкуловдун жакын туугандарынан болот, бир убакта мен операция жасап, аман айыгып кеткен адам экен, ошонун кызы бизге мединститутка өтөт. Окуп жүргөндө таанып калгам, телефон чалып: «Агай, мен сизге кезигейин»,– дедим эле дейт. «Келе гой»,– дедим, жетип келди. Агай, сак болсоңуз, үйүңүздө эмне сөз болсо, эмне жаңылык болсо, менин агам Карыпкуловго жетип турат»,– дебеспи. Оозум ачылып калыптыр, кантип, кандайча десем: «Сиздин аялыңыздын агасы Алышбаевдин аялы менин жеңем – Карыпкуловдун аялы менен кыз-келиндер институтунда чогуу иштешет экен. Жеңем орус тил-адабият кафедрасынын башчысы, жеңеңиз ошондо ассистент болуп иштейт. Ошол жеңеңиз эмне жаңылык, эмне сөз болсо, жеңеме айтып келет экен. Жеңем ошол эле күнү Карыпкуловго күйөөсү жеткизет, айтып жатканын мен өзүм уктум»,– дейт. Мына, кызык укмуш! Эч качан менин кайын жеңем ушундай кылат деген эч оюма келбеген. Тиги кыз суранып: «Менден уктум деп айта көрбөңүз, анда мени өлтүрөт»,– деди. «Макул, айланайын, ыракмат»,– деп коё бердим. Кечинде үйгө келип, аялым Сокенге укканымдын баарын айтып бердим. «Сокен, жүрү баралы жеңеге»,– десем, макул болуп барып, жеңеге баарын айтып бердим, мойнуна алган жок. Бирок мен 100% ишенем ушул жеңеден чыкканын, жеңе менен

деле канча жыл жашадык. Сен-мен дешкен эмес элек, ичи тардыгы, көрө албастыгы бар эле. Баарынан коркунучтуусу – өздөн чыккан душман. Биз үйлөнгөндө өтө начар, эптеп оокат кылып жүргөндү жеңе жакшы билет, кийин үй алып оңоло баштаганда, ич тардыгы башталса керек, Карыпкуловдун этти карабай калыпсыңар дегенине караганда. Чынында, хирург кишилер, мисалы, мен эт сатып жебейбиз. Себеби айыгып кеткен оорулуулар ыракматын айтып эт алып келип беришет, ушул келген эттин жарымын ошол жеңе жегендей болду эле. Карыпкуловдун аялы, уксам, мага карындаш болот экен, биздин бөрү-баштан, калмактардан, өмүрүмдө көргөн карындашым эмес. Бул карындашым эмне үчүн, эмне максат менен күйөөсүнө «толуктап» жеткизип турганын билбейм.

Дагы бир өздөн чыккан душман – өзүмдүн окуучум Акрамов Эрнест. Азыр Кыргыз Республикасынын Баатырына чейин жеткен. Эрнестти окуп жүргөндөн тартып билем. Менден окуган, бүтөөрдө хирургияга өтө кызыгып, күн-түн дебей дежурить этип ыпылдап, менин айланамда чуркап жүрүп, менин ишенимиме кирип бүткөндө, мен өзүмө хирург кылып кызматка алдым эле. Адегенде, баштаганда өтө элпек, адамкерчилиги укмуш, эмне айтсаң, ошону жок дебей аткарган жакшы бала эле. Ошентип иштеп жүргөндө, менин ишенимиме өтүп, бирден бир жакшы көргөн балама айланып калган. Жүрүп отуруп бир бөлүм башчы кылдым. Иштегенинде эч кемчилик жок, толук ишенимге өтүп үйгө келип өз баладай болуп кеткен. Адегенде атасы Хашим аке мага келип, жөнөкөй шофёр болуп иштеген киши экен: «Мамбет аке, Эрнестти сизге тапшырдым, ушул баламды адам кылып, хирург кылып бериңиз. Биздин улутубуз өзбек, Эрнест бул жерде, Кыргызстанда туулган үчүн кыргыз деп жаздырып, паспортунда кыргыз болуп жүрөт»,– деди. «Эмне үчүн кыргыз деп жаздырдыңыз?» – десем: «Мамбет аке, кыргыздын арасында жүргөндөн кийин өсүп-өнүшүнө карадым»,– деди. Бир топ жылдар өткөндөн ки-

йин Акрамов: «Мамбет Мамакеевич, оперативдүү хирургияда, профессор Знаменскийде аспиранттык орун бар экен, барайынбы?» – деп келди. Мен ошол замат: «Бар» – дедим. Аспирантураны бүтүп, кандидат болгондо, кайра өзүмө бөлүм башчы кылып алдым. Иштеп жүрүп бир күнү дагы кирип келип: «Мамбет Мамакеевич, Иса Ахунбаев мени ассистент кылып алайын, мага кел деп жатат»,– дейт. Дагы мен ошол замат: «Жөнө, мындай мүмкүнчүлүк болуп жаткандан кийин»,– дедим.

Бизде ассистенттик орун жок эле, кетти. Бир аз күндөн кийин мединститутта илимий кеңеш убагында И.К.Ахунбаевге кезигип: «Иса Коноевич, сизге ырахмат, менин баламды – Акрамовду ассистент кылып алыпсыз»,– десем: «Кайдагы ассистент? Менден профессор Знаменский сураганынан, ординатор-хирург кылып алгам»,– дейт. «Мага ушинтип айтпады беле?» – десем: «Калп айткан»,– деп койду. Менин таң калганым: «Бул эмне кылганың, эмне үчүн мага калп айттың?» – десем: «Азырынча иштеп тур, орун бошосо алам деди Ахунбаев»,– дейт, дагы ишендим. Бир айга жетпей угуп калдым, Ахунбаев кууп жибериптир деп, кайра айланып, сандалып келди кечирим сурап, мен да ачуум келип албай койдум. Бош калып, эч жерге албай травма пункт деген бар, колу-буту сынгандар кайрылат, ошол жерде иштеп жүрдү. Бирок менден ажыраган жок, менин ак көңүлдүгүмдү билчү, айланып, шыпылдап келе баштады.

Ак көңүл жаным, кайра кызматка алдым. Мына ушул жерден жаңылыштык кетиргенимди, өзүмдү эч качан кечирбейм. Бир аздан кийин ассистент кылдым, буга чейин бул кадимки жүзүн көрсөткөн эмес, анчейин билгизчү эмес. Бир күнү Мая Трегубова деген татынакай, бизден бүткөн кызды дагы Акрамовдун суроосу боюнча хирург кылып кызматка алдым эле. Бир топ убакыт өткөндөн кийин ушул Мая экөө эртең менен эрте кирип келишти. Акрамов: «Мамбет Мамакеевич, биз үйлөндүк, экинчи атабыз катарында

батаңызды берип койсоңуз»,– деп. Мен кубанып, экөөнү куттуктап бетинен өптүм. Эрнест: «Биздин үйлөнгөнүбүздү сизден башка эч ким билбейт, айткан жокпуз, эне-атам да билбейт, алар укса, орустан аласың деп чатак чыгарат»,– деп, паспортун, катталган баракчасын чыгарып көрсөттү, өзүнчө катып алыптыр. Ошондо бир таң калдым. Мен экөөнү тең көп ойлоно бербегиле дедим да, Маяга: «Мая, сен эрте небере төрөп бер, биз, мусулмандар, баланы, айрыкча неберени жакшы көрөбүз, качан небере болгондо эле атаңарды мага койгула, аны мен бүткөзөм. Хашим аке небересин көргөндө эрип кетип, баарына макул болот»,– деп ишендирдим. Азырынча квартирада жашап турабыз – деди. Кийин, бир аз убакыт өткөндө, Маянын хирургдук тажрыйбасы жок, түнкүсүн дежур болуп жатканда, айыл чарба институтунун биринчи курсунун студенти экен, он жети жашар бала курч аппендицит менен келип түшүп, операцияны Мая жасайт. Операциядан эки күндөн кийин мага көрсөтүштү, жакшы боло албай жатат деп. Карасам, чыны менен акыбалы өтө оор экен. Ичи ушунчалык көпкөн, кол тийгизбейт, араң эле дем алат. Ошол замат кайра операцияга алсак, бая кан тамырын байлаган жер чечилип же чыгып кеткенби, ошондон кан тамырынан кан ага берип, ичине толуп кетиптир. Анысын байлап токтотуп, ичиндеги канды тазалап-жууп, бирок ичегиси көөп, иштебейт, перитонитке өтүп кеткен. Айтпадымбы, эркек адам үчтөн бир же жарым каны агып чыгып кетсе, көтөрө албай майып болуп калат деп. Бул балага да канча аракет кылбадык, болбоду. Мая бечара күнү-түнү жанынан чыкпай ыйлап отуруп, бала каза болгондон кийин ушунчалык капа болсо керек, боюнда бар экен, анысы түшүп калат. Мага ыйлап кирип келди, ушинтип боюмдан түшүп калды деп. «Ошол замат Акрамовго ыйлап айтсам, ал ордунан тура калып сүйүнгөнүнөн бийлеп жиберди. Мындай акмак адамды көргөн эмесмин. Сүйүнүп болду мени унут, мындан ары экөөбүз бирге жашай албайбыз деп көгөрүп болбой койду»,– дейт. Ошону

менен Маяны экинчи карабай койду, Мая байкуш ыйлап жүрүп, кийин бир орус менен баш кошуп, Россияга кетип калды. Бир топ жылдан кийин келип учурашып кетти, эки балалуу болуптур, өзү толгонсуп, дагы эле татынакай бойдон.

Азыр Акрамов 76 жашка чыкты, үй-бүлө деген жок, ошол баласы аман болгондо отуз жаштан ашмак. Ошентип иштеп жүрүп, кафедрага доцент кылдым. Мына ушундан баштап өзүнүн накта жүзүн, ким экенин көрсөтө баштады. Мен айтпадымбы, мага толук ишенимге өткөн, эмне кылам десе, макул болуп койчумун, көрсө, өзүм кутуртуп жиберипмин. Мен бир жакка кетсем, отпуска болобу, командировкага кетемби, ар дайым менин ордума Эрнестти дайындап таштап кетем. Мен жокто чогуу иштеген хирургдарды, сестраларды кууруп-тилдеп, оозго албаган сөздөр менен кемсинтип: «Силер келесоосуңар, силердин мээңерден тооктун мээси жогору, силер таракансыңар, менин толук укугум болсо, силерди таракандай басып өлтүрүп жоготот элем»,– деп. Келсем, бүт коллектив арыз жазып келишип, мунуңуз менен иштеше албайбыз дейт. Чакырып алып: «Ай, Эрнест, бул эмне кылганың, бүт баары сени менен иштеше албайбыз деп, мына момунтип арыз жазып келишиптир. Чын беле мунуң?» – десем: «Мамбет Мамакеевич, экинчи кайталанбайт, кечирип коюңуз»,– дегенинен, дагы кечирип, калганын сооротуп: «Эчтеке эмес, Акрамов доцент, кыңкылдабай баш ийгиле, Акрамов убада кылды, экинчи антпейт»,– дедим. Жарым жылдан кийин дагы бир жакка кетсем, дагы эле ошол. Кафедранын жыйынына коюп, эмне кылаарды ойлоштурган, баары каршы чыкты, мунун кемсинткенине, тилдегенине чыдай албайбыз деп. Акрамов дагы деле кечирим сурап, мындан кийин болбойт, акыркы жолу кечирип койгула – деди. Дагы ак көңүл жаным кечирип койдум. Ошентип, Акрамовду бир жолу дагы сөгүп, тилдеген жокмун. Кечке эле ушинтип жүрмөк беле, оңолуп кетээр деп коллективди сооротуп, тыйып жүрдүм. Кийинчерээк бүт баарынан чыгып калды.

Ошол убакта беш хирурга, ассистенттерге илимий иш тапшырдым, даярдагыла, журналга макала беребиз деп. Бешөө тең бүткөзүп даярдап келишти, мен: «Доцент Акрамовго бергиле, карап берсин, анан мага алып келгиле»,– дедим, себеби Акрамов орусча окуп бүткөн, мага караганда орусча жакшы билчү. Бир-эки ай өткөндөн кийин тигил бешөө тең мага келишти. Акрамовдон макалабызды карап бүттүңүзбү?» – десек, «Мен жоготуп жибердим деп койду»,– дешип. Мен жоготконуна ишенип: «Жоголсо, жоголгондур, кырсык болсо киши деле өлөт. Силер көчүрмөсү даяр болсо, кайра даярдагыла»,– дедим. Андан бир топ убакыт өткөндөн кийин мединституттагы илимий кеңеш убагында профессор Кононов Виктор Сергеевич: «Мамбет, сен Бүткүлсоюздук журналды окудуңбу?» – дейт. Мен: «Жок»,– десем: «Анда таап, окуп кой. Мен ошондон окудум. Сенин Акрамовуң ошол журналга удаасы менен сенин иштериңдин көбүн чыгарып жибериптир»,– дейт. Мен: «Виктор Сергеевич, андай болууга мүмкүн эмес, жалган көрүп алдыңыз го»,– десем: «Мага ишенбесең, журналды таап, өзүң окуп көр»,– деди.

Эртеси баягы бешөөнү чакырып алып, ушул журналды таап келгиле десем, алар эки күндө араң таап келишти. Чындыгында, Кононов айткандай, эч кимге айтпай туруп бастырып жиберген. Мен Москвага, ошол журналдын редакторуна телефон чалып, телеграмма жөнөтүп сурадым. Ушундай силердин журналыңарга биздин кызматкердин макаласы чыгып кетиптир, ошонун түп нускасын бизге тез жиберип койсоңуз деп. Тез эле жиберди, карасак, тигилердин макаласынын бир жерин оңдобой, кандай жазылса ошондой кылып, тигилердин фамилияларын алып салып, өзүнүн фамилиясын коюп жөнөтүп жибериптир. Ошондон абдан ачуум келип, Акрамовду чакыргыла десем, энеси өлүп келген жок дешти. «Кокуй, анда энесин койгуча, тынчыгыча коё туралы»,– деп, мусулманчылык кылып, баары-

быз барып көңүл айтып, топурак салдык. Беш-алты күн өтүп кетти, бирөө жеткизсе керек, анан менин мамилемден сезгенби, алтынчы күнү кечинде үйгө келди. Мен эчтеке айтпадым, өзү баштады. «Мамбет Мамакеевич, менден акмакчылык кетип калды»,– деп, кечире алсаңыз деп, колундагы кутуну мага сунду, мен кутусун албай: «Жок, бул жолу мени алдай албайсың»,– дедим. Буга чейин мунун шиши толуп, кечирилгис болуп калганын өзү билип турат. Мен: «Эрнест, мен сени ушу күнгө чейин өз баламдай, инимдей көрүп, ушу даражага жеткиздим. Чогуу иштеген жолдошторуң, кесиптештериң ушулар, мен ишенип текшерип бер деп сага тапшырсам, бул эмне кылган акмакчылыгың? Андай эле ушу макалалар сага өтө керек болсо, булардын фамилиясын өчүрбөй, жанына өзүңдүн фамилияңды коюп койсоң, эмне болот эле?» – десем, менин чын ачуум келип, ишенбей калганымды билди. Өзү: «Мамбет Мамакеевич, кечирээр эмессиз, суранам, мен өз каалоом менен кетейин, суранам, уят кылбай, элге жайбай кетирсеңиз»,– деп. Мен макул болдум, ошол замат арызын жазып берди. Мен: «Ректор Данияров эмне дээр экен,  ушуга жөн макул болоор бекен? Эмне үчүн кетип жатат десе, эмне дейм? Сүйлөшүп көрөйүн»,– деп кетирдим. Эртеси арызын көтөрүп алып директор Даниярывго барып, болгонун айтып берип, мен өзүм Даниярывго ызылдатпай жөн эле кетирип коёлучу дедим. Дагы акмакка боорум ооруп турду. Данияров акылдуу, адис жетекчи эле. Мага карап: «Мамбет, ушу Акрамовго ишенесиңби, мен буга ишене албайм»,– деди. Институтта илимий бөлүмдө ушуларды карап, текшерип турган бөлүм бар экен, аны карасак, анда менин колум, ректордун илим боюнча орун басары Мурзалиевдин колу коюлгандан кийин жөнөтүлүп, журналга баргандан кийин абдан текшерип туруп чыгарат экен. Кызыгы, уруксат берилген менин колум турат, Мурзалиевдики дагы турат. Мунун баарын Акрамов биздин үстүбүздөн жасаган. Ушунун баары далилденгенден кийин, журналдын редакторунан кат кел-

ди, Акрамовдун беш макаласы фондудан алынып салынды деп. Бизде, институттун илимий кеңешинде каралды, бардыгы башынан-аягына чейин жалган, жасалма (плагиатство) деп табылып, Акрамов ишинен алынды. Мага кайра кечирим сурап: «Кечирип коюңуз, мындан ары мындай каталык болбойт» – дейт. Ошентип, бошонуп кетти, эч ким эч жерге кызматка албай сандалып жүрдү. Дагы мен боор ооруп, негедир биринчи окуучуларымдан эмеспи деп, онкология институтунун директору профессор А.И.Саенкого барып: «Алексей Ильич, Акрамов деген менин окуучу балам эле, ушундай кырсыктан кийин иштен алынып калды, сиз убактылуу ала турсаңыз, кийин мен кайра өзүмө алам»,– деп сурансам, Саенко угуп калса керек: «Мамбет, андай митаам, чыккынчы окуучуңду ала албайм»,– деп койду. Андан кийин 4-ооруканага травматология пунктуна дежурный хирург кылып жиберишти. Андан кийин госпиталдык хирургия кафедрасынын башчысы, профессор Ү. Байзаковго бөлүмдүн башчысы кылып жиберди. Мындайда мунун мээси иштейт.

Ал убакта саламаттык сактоо министри О.Тургунбаев эле. Министр Петросянц кеткенде, ким министр болот деп ар бир коллективде сөз жүрө баштады. Ар кимиси ар кандай айтып, биз да кеп кылабыз, министрликке Сулайман Иманбаевден башка ылайыктуу адам жок деп. Сулайман шаардык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы, министрдин орун басары болгон, тажрыйбалуу, татыктуу жетекчи деп мен мактанам. Анда К.Кулматов БКда секретарь эле, ага да баргам, Иманбаевди мактап көрсөтүп. Кулматов айтты: «Мамбет, кечигип калдың, кечээ эле Күлжеке эже – Усубалиевдин аялынын көрсөтмөсү боюнча Ойрот Тургунбаев болду»,– деп. Ага чейин өзүбүздө, коллективде мен, Ойрот жөнүндө сөз болгондо, ошол кантип болсун, жетекчи болуп иштеп көргөн эмес, санитардык факультетти бүткөн, дарылоону билбейт, анан көбүрөөк ичет деп. Мен аны жакшы билем, бир жүргөн бечара, ошо кантип болсун деп айт-

каным бар, ушунун баары Акрамовдун эсинде. Айласы кеткенде, Тургунбаевге барып: «Сизди коёрдун алдында Мамакеев ушинтип жамандачу, Кулматовго чейин Иманбаевди сурап барган»,– деп кошуп-буруп жеткирет. Ошол замат Тургунбаев ишенип, экөө дос боло баштайт да, эртеси эле Байзаковго бир ооз айтпай бөлүмдүн башчысы кылып дайындап коёт. Орношуп алып, министрдин ишенген кишиси болуп, экөө кеңешип туруп менин артымдан түшө баштащат. Акрамов: «Мамакеевди жогото турган документтерди мен даярдайын»,– деп киришет. Министр болгуча Тургунбаевдин геморрою тышка чыгып, аңтарылып, көчүгүн кысып калып, тоңкоюп боздоп, чыдабай келгенде, мен операция жасап, айыктырдым эле. Кийин менин үстүмдөн жамандап сүйлөп, тескери караган мүнөзүн көрсөтө баштаган. Мен өзүнө кирип: «Ойрот Тургунбаевич, сизге эмне жаманчылык кылдым же үстүңүздөн ушак сүйлөдүмбү, эгер ошондой оюңуз, далилдериңиз бар болсо, түз айтып жазалап коюуга азыр акыңыз бар. Ушул акмактын сөзүнө ишенип, сыртыңызды салып жүрөсүз, ал чындык, азыр көзүңүзгө айтып берейин. Чындыгында, мен Иманбаев болсо экен дегенимдин себеби, ал дасыккан адис, таланттуу уюштуруучу деп эскерттим, күнөөм болсо, түз көзүмө айтыңыз. Акырын артымдан жамандаганыңызды токтотуңуз, билесиз менин коркок эместигимди. Ошол эле дос кыла баштаган Акрамовуңуз сиз жөнүндө: «Какой он министр, он же шпана деп жүрбөймбү»,– дедим. Бир топ убакыт өттү, бир күнү кечке операцияда болуп, бошобой жаттым эле, улам эле менин хирургдарым келип: «БКдан Карыпкулов тез келсин деп телефон чалып жатат»,– деп айтып кетип жатышты. Алты ченде операциядан чыксам дагы Карыпкуловдун катчысы телефон чалып: «Сизди Карыпкулов чакырып жатат, тез келсеңиз»,– дейт. Дагы бир балээ болгон экен деп жетип бардым. Карыпкулов, Данияров, Тургунбаев үчөө отурушуптур, ал жерде биздин эки врач, анестезиолог Глиенко да бар экен. Кирип барсам, үчөөнүн тең

көрүнүшү, көз караштары жакшы эмес. «Келиңиз отуруңуз»,– деп да койгон жок, туруп турдум. Карыпкулов түз эле: «Сиздин үстүңүздөн көп арыз түштү»,– деп үч-төрт конвертти көрсөттү. «Сиздин ишиңиз өтө начар, ишиңиздин даражасына карап кыздарды мени менен бол деп кыйнайт экенсиз. Еврейсиң деп кызматтан кууп чыгыпсыз, орой дейт»,– деп дагы бир топ эле сөздөрдү айтты. Гестаподой эле суракка алды, министрди киши ордуна санабайт экенсиз деп. Унчукпай калгандан кийин: «Айта бериңиз, аягына чейин мен угуп жатам»,– дедим. «Мунун баарын биз комиссия түзүп текшеребиз, далилденсе, ишиңиз өтө оор, кызматтан кетесиз»,– деди. Мен: «Бүттүңүзбү, Аман Карыпкулович? Мени коркута албайсыз, мен коркок эмесмин. Мына, көрсөткөн шпаргалкаларыңыз, муну ким уюштуруп жаздырып келди, ким жардамчы болду, мен азыр көрдүм, билип турам»,– десем: «Ким?» – дейт, «Менин окуучум Акрамов, Акрамовду колдогон, түрткүлөгөн мобу министриңиз Тургунбаев»,– дедим. «Министрди киши ордуна көрбөйт экенсиз»,– дейт. Мен: «Ооба, киши ордуна көрбөйм, айтыңызчы, мен буга эмне жаманчылык кылдым, мен мунун көтү аңтарылып, геморрою кысылып келгенде операция жасап аман алып калгам, ушундай адам экенин билгенде көчүгү азыр башкача болот эле. Кыздарды бол деп кыйнайт экенсиз дедиңиз, эсиңизде болсун, мен каалаган кыздардын баары бүгүнкүгө чейин макул болбой койгон эмес. Комиссияңызды дайындап жибере бериңиз, өзүңүз айткандай, күнөөм далилденсе, мен өзүм эле кете берейин. Болбосо, азырынча Совет бийлиги бар, партия деген бар, далилдеп туруп, анан ушундай мамиле жасаңыз. Эсиңизде болсун, мобу экөө билет, мен коркок эмесмин, азырынча менин артым (хвостум) таза»,– деп айттым. Кирип барганда, Карыпкулов үч конвертти көрсөттү. Мен: «Араң эле үчөөбү?» – десем: «Канча болот деп ойлодуңуз эле?» – дейт. Мен: «Каминде 6–7 болот го»,– дедим эле. Карыпкулов: «Сиз үчүн ушул үчөө эле жетишээрлик»,– деди.

Үчөө тең врач, бирөө еврейка аял – анестезиолог. Мен жокто башкы врач Айдашова деген мени менен макулдашпай алып коюптур. Мен келип, эртең мененки конференцияны өткөзүп жатсам, бир өңү жылма чоочун аял отурат. Бул ким десем, биздин анестезиологдордун башчысы дейт. Ага чейин Болотова Дарика деген жакшы, тажрыйбалуу адис врачыбыз бар эле, аны алып салып, муну коюптур. Врачты тургузуп алып, сизди ким бул кызматка алды десем: – Башкы врач – дейт. «Мен сизди билбейт экем, кете бериңиз»,– деп чыгарып жибердим. Эртеси дагы келип отурат, сурасам: «Мени шаардык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башкы врачы алган, алар иштей бер деп жиберди»,– дейт. Ошондо мен: «Сизге мен орус тилинде түшүндүрдүм, мени менен эч ким макулдашкан эмес, мен еврейче сүйлөгөндү билбейм»,– деп чыгарып жибердим. Мунун баарын Акрамов угуп, көрүп отурат. Ошол күнү, шаардык саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы Эсенаманов эле, телефон чалып: «Мамбет Мамакеевич, биз сиз менен макулдашпай алып койдук эле, бизди уят кылбай, тим эле койсоңуз»,– деп суранды. Мен: «Манас, бул жиберген кишиңер менен силер иштебейсиңер, жибергенге акыңар бар. Бул адам менен мен иштешем»,– десем: «Мунуңуз ырас. Эсте болсун»,– деди. Эртеси кайра келди: – Менин тажрыйбам бар, көп жылдан бери иштейм – деп. Иштей бериңиз, менин ишенимиме өткүчө, эсиңизде болсун, менин текшерүүмдө болосуз деп эскерттим. Бир аз күн өткөндөн кийин, наркоз берип жатып, саат үчтө убактым бүттү деп, операция бүткүчө башка анестезиологго өткөзүп кетип калыптыр. Ал оорулуу ошол күнү карыган кемпир экен, өлүп калат. Бизде, айтпадымбы, жогоруда убакытты карап иштеген врач болуп иштей албайт деп. Күнөөсүн өзү сезип, эртеси арыз жазып келиптир, бошотуп коюңуз деп. «Жок, эми кетпейсиң, тиги өлгөн кемпир эмнеден өлдү, ошого жооп берип кетесиң»,– деп, бошотпой койдум. Эсенамановго барса керек, Айдашова экөө тең суранып: «Мамбет Мамакеевич, тынч эле кетирип кой-

соңуз»,– дегенинен бошотуп жибердим. Шаардык саламаттык сактоо бөлүмүнө, башкы врачка эскерттим, мындан ары силер укугубуз бар деп кызматка алып жибере бергиле, биздин сыноодон өтпөсө ушинтип кете берет деп.

Акрамов ушул аялды тааптыр, барып: «Эсиңдеби, сени Мамакеев еврей деп айдап чыкканы?» – деп көкүтөт. Ал аял ошол мааниде: – Айдап чыкканы ырас – деп министр Тургунбаевдин атына арыз жазып берет. Арызын көтөрүп алып, сүйүнүп Акрамов Тургунбаевге жетет. Тургунбаев кыйкырып, Акрамовду урушуп: «Менин атыма эмес, Усубалиевдин атына жаздырып кел»,– деп кайра айдайт. Тиги аял макул болуп, Усубалиевдин атына жазат. Берки экөөнү тең, анестезиолог Глиенко Наташа деген – буларды дагы Акрамовдун суроосу боюнча кызматка алдым эле, экөө тең жазыптыр: «Мамакеев мени менен болгула деп кыйнамыш болгон»,– деп. Карыпкуловдон саат кечки сегизде чыктым го, түз эле ишиме келип хирургдарымды чакырып, аларга толугу менен түшүндүрүп бердим. Биздин ойдо жок нерсе эле. Бардыгын уюштурган Акрамов экенин тез эле билдик. Түнү боюнча, менин жардамчым доцент Е. Мач эле, азыр көп жыл болду, өзүнүн Мекени Израилге кетип, ошол жакта иштеп жүрөт, аны да: «Бүттү Мамакеевдин соодасы. Биз эми өчүбүздү алабыз, БК, министр биз тарапта»,– деп ишендирип кетиптир. Алар иштин жайын түшүнгөндөн кийин, Усубалиевдин атына арыз жазып, кечирим сурап, бизди Акрамов келип башыбызды айлантып жаздырып кетти эле. Эми түшүндүк, Мамакеевден кечирим сурайбыз, ошол жазган арызыбызды кайтарып берсеңиз деп. Бул арызды Ефим жаздырып, мага алып келип берди. Эртеси БКга барып, регистратурадан өткөзүп берип келдим. Берки эки аял менен менин балдарым сүйлөшсө, алар дагы менден кечирим сурап, арыздарын жазып берди. Глиенко Наталья экөө мага келип кечирим сурады, экөө тең айтып берди. «Акрамов үйүнөн шашылыш тез келгиле, өлгөн жатам деп телефон чалган. Шашып чуркап жетим барсам, «тез жардамдын»

врачтары бар экен, колуна, венасына кан куюп жатышыптыр. Эрнест жалына баштады, мени аман алып калгыла, Мамакеев жоготмок болду деп. Эмне кылалы десем, силердин жардамыңар – ушинтип арыз жазып бергиле, силер жазып берсеңер, министр, БК мени колдогону турат, Мамакеевдин иши бүттү дейт. Биз, акмак, ишенип жазып бердик эле, бизге Мамбет Мамакеевич эмне жамандык кылды, мунубуз жеткен акмакчылык деп, арызыбызды сизден кечирим сурап алып келдик»,– дейт. Мен: «Силерге эмне жаманчылык кылдым, кайсы жерден менден катачылык кетти? Акрамов сураса эле жазып бергидей, жаш бала болбосоңор. Акрамовду көрүп-билип жүрөсүңөр, качантан бери кечирип, чыдап келе жатканыбызды»,– десем, моюндарына алып, ит болдук, кечирип коюңуз дегенден башканы айтпайт.

Эртеси Карыпкуловдон кийин, саат ондо министрликтен, Иманбаев министрдин орун басары эле, аны комиссияга кошпойт, калганын бүт биздин ооруканага жибериптир. Министрдин эки орун басары – Деревянкина, Чернов башкы хирургу Михайленко, кадрлар бөлүмүнөн дагы бир тобу келээрин билген жок элем, бир жакка консультацияга кеттим эле, келсем, жаңы имарат бүтүп, жаңыдан эле киргенбиз, кабинетимде эчтеке жок, мебель дегенден эки-үч эски стол, эски бир муздаткыч бар, кабинет толтура киши, бизден бирөө министрдин орун басары Чернов муздаткычты ачып, баарын карап чыкты – дейт. Чернов, Михайленко, дагы бир тобу отурушуптур. Менин хирургдарым да бар экен арасында, муздаткычты ачып карады дегенде, ачуум ушунча келе түштү. Черновду: «Ким сага уруксат берди менин кабинетимди тинтүүгө, прокуратурадан уруксатың барбы?» – деп, катуу кагып кирдим. Тиги орун басар алактап: «Мамбет Мамакеевич, мен тинткен жокмун, жөн эле ачып көрдүм»,– дейт. «Ошол ачып көргөнгө ким уруксат берди?» – деп мен такып туруп алдым. Муздаткыч бош – ичинде эчтеке жок эле, ошондон тез чыгып кеткиле деп

айдап чыктым, кыңк этпей чыгып кетишти. Деревянкина ошонун алдында, башкы врачтын кабинетине бирден сестраларды чакырып алып: «Мамакеев сөз айттыбы, кучактадыбы, өптүбү, кимден эмне алат?» – деген тантыраган суроолорду бериптир. Бир орус сестра кыз, ошентип сураганда: «Мамбет Мамакеевич мага көңүл буруп, ошентсе, мен кубангандан, урматтаган боюнча кабыл алат элем»,– десе, тигинин оозу ачылыптыр. Тиги комиссиялар дагы чогулуп жыйынтык чыгарганда, ушуну айтып берип таң калтырыптыр, текшерип бүтүп кетишти.

Эртеси кечинде дагы Карыпкулов чакырып жатат,– деди. Дагы кечке жуук, жумуш убактысы бүткөндө кирип барсам, баягы эле үчөө отурган экен: Данияров, Тургунбаев, биринчи кезиккендин бири жок. Карыпкулов тура калып учурашып, столду алдыма жылдырып коё коюп: «Келсеңиз, отуруңуз»,– деп калыптыр. Өңдөрү жылмайыңкы, көрүнүшү түзүк көрүндү. Мен отуруп, билдим колдорунан эчтеке келбей калганын. «Эмне болуп кетти, өткөн жолу мени гестаподой сурап жаман кылдыңар эле. Эми эмне болуп кетти?» – десем, Карыпкулов бир-эки кагазды кармап алып: «Мамбет Мамакеевич, бизди кечирип коюңуз. Мобу комиссиянын жыйынтыгы, мында эчтеке таппаптыр, сиз кыска түшүнүк жазып берсеңиз, ошону менен бүткөзөлү»,– дейт. Мен: «Ошол комиссиянын жазган справкасын бериңизчи окуп көрөйүн, ошонун маанисинде справка жазып берейин»,– десем: «Мында эчтеке деле жок экен»,– деп берген жок. «Анда мен да эчтеке жазбайм, эмне деп жазам?» – дедим, ошону менен булар менен сөз бүттү. Жаңкы Деревянкина деген зор аял эле, ошол комиссияга айтып бериптир: Мамакеев кыздарга жабышмак турсун, кыздардын бул кишиге жете албай жүргөндөрү көп экен деп. Мурунку күнү эле Иванов деген Усубалиевдин жардамчысына кирип, Усубалиевдин кабыл алуусуна жазылып кеттим эле. Эртеси Иванов телефон чалып: «Мамбет Мамакеевич, сизди Усубалиев кабыл алганы күтүп жатат»,– деди. Айткан убагын-

да жетип бардым, болгондун баарын айтып, көрсөтүп бердим. Менин иштерим менен таанышып отурган экен. Менден жаңкы врачтардын, Е.Грачтын тиги кишиге жазып, арызымды кайра берсеңиз деп кечирим сураган катынын менде көчүрмөсү бар эле. Тиги карап жаткан кагаздарда ал документ жок экен. Мен көрсөтүп берсем, окуп алып, жардамчысын чакырды. Кагазды көрсөтүп, эмне үчүн жок, таап кел,– деди. Тиги киши бир аздан кийин: «Турдакун Усубалиевич, эч жерде жок, таппадым»,– деп кирди. Усубалиев ушунча ачуусу келе түшүп: «Эмне үчүн жок, эмне деген тартип бул жерде, таап кел»,– деп дагы урушуп чыгарып жиберди, тез эле таап келди. Кайдан таптың десе, Карыпкуловдо экен дейт. Ошол замат телефон чалып, мурунтан чакырып койсо керек, Карыпкулов менен Тургунбаев кирип келди. Усубалиев Грачтын арызын кармап турган: «Бул арызды сиз эмне үчүн катып алгансыз?» – деп сурады эле, Карыпкулов: «Катып алган жок элем, мага алып келип бирөө таштады эле»,– деди ошол жерден. Мен: «Сиз жок дегенде ушул жерден бул кишиге чынын айтсаңыз. Бул кагазды мен өзүм регистрацияга өткөзүп кеткем, регистрациянын номери менде турат»,– дедим. Экинчи Усубалиев сурады: «Ким силерге уруксат берди, комиссия түзүп Мамакеевди текшергиле» – деп. Анда Карыпкулов: «Турдакун Усубалиевич, комиссия эмес, жөн эле барып көрүп келгиле деп жибердик эле»,– дейт. Мен ошол замат: «Дагы жалган айтып жатасыз. Турдакун Усубалиевич, министрликте жалгыз Иманбаев калган, калганынын баары барып, санитаркадан баштап сураштырып, анан кечээ эле комиссиянын справкасы деп көрсөтүп, мага бериңиз, окуп, анан жооп берейин десем, бербей койбодуңарбы»,– деп так жооп берип жаттым. Аягында, Усубалиев: «Экинчи менден уруксатсыз барып ушинтип текшерсе, Мамбет, кууп чык»,– дегенге чейин айтты. «Силерге эскертүү: уят эмеспи, Мамакеев силерге оюнчукпу, көрүнүктүү, өсүп-өнүп келе жаткан хирургубуз болсо, профессор, миңдеген адамдардын

өмүрүн сактап калып жатса, өзүнүн окуткан окуучусу душмандык, чыккынчылык кылып ушуларды уюштуруп жатса, ошого ишенип, силер Мамакеевди жаманатты кылгыңар бар. Токтоткула мындай ишиңерди»,– деп узатты.

Мен Усубалиевге ушунчалык ыраазы болуп чыктым. Ошону менен бул иш токтогондой болду. Ушул менин жогоруда Акрамов жөнүндө жазганым 100% чындык, бир сөз жалган кошулган жок. Менде бүт документтери бир папка болуп катылып турат. Мен бир топ эле аракет кылдым, мунун жүзүн ачайын деп, эң жаман жери, ушул жерде туулуп, суусун, нанын жеп, билимин алып ушу даражага жетип, ырахмат айтуунун ордуна, бул кыргыз элин ушунчалык жаман көрөт. Ошого карабай жалган, кошумча сүйлөп, калп айтып, өзүн өзү мактап реклама жасап, керектүү кишилерди, өзүнө окшогон Малеваный, Садыркулов, Курмановду таап, ошолорду арага салып, өнүп-өсүп келе жатат. Кийинки эле Баатырлыкка көрсөтүлгөндө, жолдомо катында 500 жолу санавиация менен учуп, республиканын аймагында операция жасадым дейт. Ушул, ашып кетсе, мен билгенден, он жолу учса керек, 20 миңден ашык операция жасадым дейт, ошондон 6–7 миңи болсо – болоор, болбосо жок. Ушунун айтканына кээ бир түшүнбөгөн киши ишенет экен. Акрамов бизден куулгандан кийин кыргыз деген паспортун жоготуп, өзбек деген паспорт алган, бул паспортунда кыргыз дегенин өзүм көргөм, көчүрмөсү менде бар эле. Куулгандан кийин Кабай Карабеков деген журналистке мени өзбек деп куугунтуктады,– деп жаздырган. Муну куугунтуктамак турсун, эч качан өзбек дебей, эмне десе, эмне жасайм десе, макул болуп, эрк берген мени эле эмес, бүт коллективди сатып, чыккынчы болуп кетти. Мына ушу күнгө чейин үй-бүлө деген жок, теңтуш, тууган деген, мен билгенден, жок. Хирургдардын бирден бир байы ушу. Бир кишиге жардам бергенин, жаман-жакшыга аралашканын көргөн жокмун. Аягында, мен эчтеке кыла албай койгонума көзүм жетип, көптөн бери унчукпай калдым. Эмне бол-

со, ошол болсун, Кудайга койдум, наным, тузум, кусурум урсун деп тим болдум.

Өткөн жылы телевизордон көрүп, газетадан окуп калдым, Анвар Артыков деген өзбекти. Бул Анварды көптөн бери билем, анча аралашып кетпесем дагы, билчү элем. Эми так ушул Акрамовго окшоп кетип жатат. Бош, ишсиз калганда Куловдун колтугуна, ишенимине кирип, партиясына өтүп алып, кийин эмне деген душмандыка барды? Көрсө, мындай адамдар өзүнүн керт башы үчүн, мансап үчүн тапталышып, убактысы келгенче мышыкча аңдып жүрүп, ыгы келгенде, бир тууганы болсо дагы сатып кетчү немелер экен. Карыпкулов ыраматылык, ойлосом, мен үчүн көп эле жаманчылыкты жасаптыр. Ошону менен кезикпей, сүйлөшпөй да калдым. Кийин өзү дагы партиядан чыгып, жакшы эле нерви короду окшойт. Акаевдин убагында кайра оңолуп, иштеп жүрдү. Телерадиого төрага болуп турганда, Японияга Акаев менен делегацияда чогуу барып калдым, Карыпкулов дагы бар экен. Японияга жеткенде, экөөбүзгө сүйлөшүп койгондой, бир номер берилип калды, айла жок чогуу жатып калдык. Биринчи эле күнү түнкүсүн сүйлөшө баштадык, өзү деле кетирген катачылыгын сезип жүргөн экен. Аманбек: «Мамбет Мамакеевич, сиз мага таарынып жүрөсүз, аны сезип, билип жүрөм. Мен акмак болуп, Ойрот Тургунбаевдин сөзүнө кирип, ишенип, акмак болдум, Тургунбаев ким экенин билдим. Анан аялдардын ушагына ишенип, менин карындашым, аялың да аралашып кетип дегендей. (Бири менин кайын жеңем десем, муну дагы билип алган турбайсыңбы деди.) Эми, Маке, бир топ убакыт өттү, ким экениңди эми түшүндүм. Мүмкүнчүлүгүң болсо, мени кечир»,– деп турат. Мен ичимде болгондун баарын айттым, ошентип, көпкө чейин сүйлөшүп кечиришип, өбүшүп жатып калдык. Ошондон бири-бирибизди түшүнүп, кайтыш болгонго чейин урматташып, сыйлашып жакшы мамиледе болдук. Көрдүңөрбү, көралбастыктын, ич тарлыктын, митаамдыктын кесепетин, түлкүлөрдүн жаса-

ган иштерин, бирин бири билбеген кишилерди бир бирине кас душман кылганын.

Эгемендүүлүккө жетип, эки чакырылышта депутат болдум дебедимби, биринчи жолкуда, кийинчерээк «Легендарлуу парламент» деген наамга жетиштик. Ошондогу депутаттар 350 болсо керек. Мурунку сессиялардай эмес, демократия деген болуп калган. Сессия убагында, биринчи күндөн тартып эле залда эки-үч микрофон бар, ошол микрофондордо ар дайым кезек. Суроо берген, сүйлөгөндөрдү көрүп, адегенде түшүнгүчө таң калып жүрдүм, бул эмне деген тартип деп. Мурунку Советтер Союзунда мындай уруксатсыз жаңылып сүйлөгөндө же одоно сүйлөп алса, анда ал адам текшерилип жоопко тартылчу эле. Мында андай эмес ким эмнени ойлосо, сүйлөгүсү келсе, туурабы, жокпу, түшүнүгү барбы, жокпу – эч кимдин иши жок. Сураганда, жооп берген киши дагы жок. Кокус сурап калсаң, азыр демократия деп басып кетет. Ошол убакта, демократия дегенди көпчүлүгү түшүнө элек. Эмне экенин – демократия деген сөздү билет, маанисин билбейт. Мен ушул күнгө чейин демократия дегенди ушундай түшүнүп калдым, салыштырганда адамда эки тешиги бар, бири – оозу, экинчи тешиги – ылдый жакта, заң, жел чыкчу тешик, демократия ушул эки тешикти тең ачып берди. Оозу эмнени кааласа сүйлөйт, ылдыйкысы көрүнгөн жерде уялбай эле желин чыгарып кете берет. Ой, уят го десем, уялгандын ордуна демократия деп коёт.

Эсимде калганы, бир күнү сессияда баам салып көрсөм, төртпү же бешпи депутат министр бар экен. Ушулар мыйзам боюнча депутат болууга акысы жок экен, экинчиси – соттолгон адам, үчүнчүсү – жинди болгон адам. Ошондо мен чыгып сүйлөп, министр депутаттарды колдоп: «Ушулар министр болгондо, депутат болом деп ойлобосо керек. Булар биздин арабызда депутат болуп берсе, зыяны тийбейт го. Биздин арабызда, менин врач катарында, байкашымда, 30%ке жакын депутаттардын нерв-психикалык

оорулары бар өңдөнүп жатат. Булар деле депутат болуп жүрбөйбү»,– десем, ошол замат микрофонго Ааматов Бекиш чыга калып: «Мобу агай мени айтып жатат»,– деп турбаспы. Мен: «Ай, Бекиш, сенин аты-жөнүңдү айткан жокмун го, укмуш, сенин түшүнгөнүңө ырахмат»,– дедим. Андан кийин Мар Байжиев чыгып: «Мамбет агай туура айтат, жазуучулардын 30% и жиндибиз»,– деп залдын баарын күлдүрдү. Андан кийин мен өз пикиримди айттым, мындан кийин депутат болчулар, министр болчулар адегенде медициналык комиссиядан ден соолугун тешертип, анан болсун деп. Бул сунушум өткөн жок, ар бири намыстана баштады окшойт. Ошол «легендарлуу» атыккан депутаттар, кийин ойлосом, көпчүлүгү ар түрлүү кесиптин ээлери, башынан ар бири чоң кызматтарда жүрүп, элге эмгеги сиңген үчүн көрсөтүлүп келген адамдар экен. Кийинки депутаттарды көрүп отуруп, ушул жыйынтыкка келдим. Ошондо, биринчи акчаны – өзүбүздүн сомду кабыл алдык, Желекти, Гимнди, Гербди жана башкаларды ошол депутаттар кабыл алган экенбиз. Көрсө, биз, ошондогу депутаттар үчүн ушунун өзү сыймык, урмат экен.

Мен төрт жолку чакырылышта төрт жолу депутат болдум дебедимби, ар биринде, менин байкашымда, ар түрлүү адамдар бар: эстүүсү, акылдуусу, активдүүсү, пассивдүү дегендери. Кийинки депутаттарды карап отуруп, таң калам. Таң калганда эмне пайда, айтсаң-айтпасаң дагы өзгөртүп болбойт. Ошон үчүн эмне болсоң, ошол бол – деп унчукпай каласың. Көпчүлүгү даярдык-деңгээли жагынан начар, кээ бири эч жерде иштебеген, эл-журтка пайдасы тийбеген, эмгеги сиңбеген адамдар, булардын акчасы болсо болду, кайда болсо өтүп кете берет экен. Эми ушулар эч жерде иштебеген, иш боюнча тажрыйбасы жок, анан депутат болгондон кийин элге акыл айтканда ошондо жаның кашаят экен. Акыл айтып сүйлөөрдөн мурун өзүнө суроо берсе, сүйлөп жаткан нерсени өзүм түшүнөмүнбү деп. Мен депутат болуп жүргөндө, бир каралчу маселени атайын ошол

боюнча адистер даярдап, доклад жасачу эле. Бир күнү эч түшүнүгү жок депутат суроо берип жатпайбы, түшүнүгү жогун билип, мен: «Бул иш боюнча түшүнүгүң барбы?» – десем: «Жок»,– дейт. «Анда эмне сурап жатасың?» – десем: «Мен депутат эмесминби»,– дейт. Жалгыз артыкчылыгы – депутат деген наам. Ойлойт, депутат эмне болсо дагы сүйлөй берсе жарашат го деп.

1981-жылга чейин мени академик эмес, мүчө-корреспонденттикке да жолоткон жок. Депутат болуп турган убагымда О.Тургунбаев министрликтен түшүп, туберкулёз институтуна директор болуп калды. Иштегенине бир жыл болуп калганда, парламентке ушундай институттардын отчётун коюп калды. Атайын комиссия түзүлдү депутаттардан, себеби биздин республикада туберкулёз оорусу менен көп адамдар ооруган. Бул – өтө коркунучтуу, жугуштуу оорулардын бири. Анын жагдайы, таралышы деле элдин турмушуна байланыштуу. Сессияда комиссия доклад жасады, жыйынтыгы начар, Союзда биринчи орунда турсак керек. Андан кийин директор Тургунбаев доклад жасады, Министрлер Советинин төрагасы Апас Жумагуловдун катышуусунда өтүп жатат. Тургунбаев доклад жасап жатып, бая мурунку министр манерасы калган да, колду ары-бери шилтеп: «Бул оору менен орус, казак, өзбек жана башка калктар дагы ооруйт. Мындан эч проблема чыгарууга болбойт»,– дейт. Өзүн өзү актагысы келди. Бүткөндө кимде суроо бар дегенде, менде дедим. «Ойрот Тургунбаевич, сиз министр болуп турганда, сүйлөгөн сөзүңүздү, буйругуңузду угуп, жалган болсо дагы, министр эмеспи деп сыйлоочу элек. Бул ишиңизде, тилден башка да ооруну илим жүзүндө толугу менен айкындаган түшүнүк болуу керек го. Суроом: «Туберкулёздун кайсы формасы элге коркунучтуу, жугуштуу?» – десем, жооп жок, унчуккан жок. «Дагы бир суроо: эмне үчүн туберкулёз оорусунун ачык жана жабык формасы бар?» Жооп жок. «Үчүнчүсү – каберна деген эмне?» – десем жооп жок. Ошол замат Зур-

динов Ашыралы, азыр биздин Медакадемияда ректор, ордунан тура калып: – Мамбет Мамакеевич, сиз Тургунбаевди инфаркт кыласызбы?» – дейт. «Жок, Ашыралы, бул киши министр болуп турганда мындан жаман нерселерин көргөнбүз, инфаркт болбой эле жүрбөйбүзбү»,– дедим. Зал тымтырс, мен: «Апас Жумагулович, көрдүңүзбү, институттун директорунун жообун? Бул адам директор болгондон кийин, кичине уяты болсо, өзү ушул ооруну жакшы билиш керек эле. Анан бул жерде балдар отургансып, колду ары-бери шилтеп, тоготпогонсуп сүйлөйт. Ойротко ушул мен сураган суроонун мааниси бар эле. Эшикке чыгып, медик эмес, өтүп бараткан адамдардан сурасаңыз, айтып түшүндүрүп берет. Менимче, ушундай директорлор турганда, бул оору эч качан азайбайт. Ошон үчүн тез арада түшүрүш керек. Бул ооруну түшүнгөн, билген адистер жетишээрлик бар»,– деп кеттим. Бул адам, жогоруда айтпадымбы, санитардык факультетти бүткөн. Оорулар жөнүндө эч түшүнүгү жок. Өлгөн кишини табалабайт го, ошентсе дагы, бул Тургунбаевде ошончо жыл иштеп жүрүп, жолдош-жоро туугандар менен катнашуу болгон эмес экен. Кийин бардык жагынан кыйшайып, төмөндөй баштаганда, аялы таштап кетип, өзү бир бөлмөлүү тамда жашап жүрүп, өлгөндөн 5–6 күн өткөндөн кийин, ваннасында жыттанып баратканда табылган дешти. Өлгөндөн кийин министрибиз Накен Касиев санавиацияга салып алып, Ошко, туулган айылына алып барып коюп келди. Касиевдин айтымында, бул адамда теңтуш, жолдош, тууган жокко эсе экен. Ошон үчүн ар бир адам иштеп жүргөндө, айрыкча, чоң кызматта иштегендер турмуштук бир эрежени унутпаш керек экен. Түбөлүк чоң боло албайсың, чоң болсоң дагы адамгерчиликти унутпай, теңтуш-жолдош дегендерди, жамандыр-жакшыдыр туугандарды эстен чыгарбай, жакшылык-жамандыгына катышып, колдон келип турганда жардам көрсөтүп койсо, эч качан унутулбайт эле.

1991-жылдар болсо керек. Дзержинский, Токтогул көчөлөрүнүн бурчунда Совминдин үйү салына баштады, 10 квартиралуу. Бул үй менин оюмда жок эле. Чоңдор өзүлөрү бөлүштүргөндө, мен дагы кирип калыптырмын. Кийин 10 үй эмес, 9 эле болуп калды. Себеби 5-кабаттан 2 квартираны бириктирип, Айтматов Чыңгызга бериптир. Мен, Молдобаев, Миррахимов, Ходос, Ташыбекова, ушундай адамдарга үй бүтө электе эле бөлүштүрүп коюптур. Кайсы кабат, эче бөлмөлүү үй дегенине чейин. Мага муну Совминдин жетекчилеринин бири Бейшебек Акунов билдирди. Мен угуп алып, сүйүнүп калдым. Бүткүчө бир нече жолу барып көрүп жүрдүм. Ошол убакта эң жакшы салынган үйлөрдүн астыңкысы эле. Бүтүп калды, качан чакырып ордерин берет деп күтүп жүрдүк. Бир күнү уулум Канат: «Ой, ата, ал үйдү бериптир, берген кишилер кирип алыптыр. Баарынын эле терезелеринде жарык күйүп турат»,– дейт. Эмне болуп кетти деп барсам, чын эле баары кирип жайланышып алыптыр. Ошол замат Бейшебек Акуновго жеттим. «Ой, Бейшеке, эмне болуп кетти, мен кайдамын?» – десем: «Ай, Маке, болбой калды»,– дейт. «Эмне үчүн?» – десем, бүткөндө кирчүлөрдүн тизмесин алып, Дүйшеев Арстанбек Совминдин төрагасы эле, Усубалиевге кирет. Усубалиев карап отуруп, сөз жок эле менин фамилиямды чийип салат. Дүйшеев: «Өсүп келе жаткан хирургубуз эле, Миррахимовго деле берип жатпайбызбы?» – десе: «Ошол Миррахимов экөө бир имаратта жашай албайт»,– деп коюптур. Миррахимов экөөбүз өлөөр-өлгүчө сен, мен дешип көргөн эмеспиз, жолдошчулугубуз абдан жакшы эле. Ошол замат Усубалиевдин кабыл алуусуна жазылдым, жооп берген жок. Бир нече жолу бардым, кабыл албады. Аягында түшүндүм, үмүтүмдү үзүп койдум. Кийин, Кудай жалгап, Усубалиев түшүп калды. Ошол замат Дүйшеев Арстанбек телефон чалып: «Маке, эртең келип, баягы үйүңдүн ордерин алып кет»,– дейт. Мен унутуп калыптырмын: «Ой, Арстаке, кайсы үй?» – десем: «Баягы бөлүнүп, ала албай калган үйүңдү»,–

дейт. Сүйүнгөн бойдон эртеси ордерин алып, уулум Канат экөөбүз барсак, чын эле ошондон бери бош туруптур. Куруучулар ана-мынасын салып, склад кылып алышыптыр. Баарын чыгартып, кайра өзүлөрү ремонт кылып беришти. Дүйшеевге ушул күнгө чейин ырахматымды айтып келдим. Мына, адамдын жакшылыгы эч качан унутулбайт экен да. Ошондо түңүлдүм Усубалиевден, эмне үчүн мени жаман көрүп калды деп. Көрсө, Жаманкулова – Усубалиевдин кудагыйы, Карыпкуловдун эжеси, Тургунбаев экөө Жаманкулова аркылуу Кулжеке эжени колго алат. Кулжеке эже абышкасын көндүрүп айтып жатып, жаман көрсөтүп койду окшойт. Болбосо, Турдакун Усубалиевич мени абдан жакшы көрүп, ооруканаы салып берген, уруксатын жолдоп, бул жакшылыгы эмгиче хирургдардын, оорулуулардын эсинен кетпейт. Кийин Турдакун Усубалиевич менен 2-чакырылышта бирге депутат болуп калдым. Адегенде эч кимибиз даабай сүрдөнүп, канча кылган менен, экинчи жагынан, эмгеги республикага сиңген аксакалдарыбыздын бири катары өтө урматтап, сыйлап жүрдүк. Усубалиев сүйлөгөндө, регламент боюнча 10 минута болсо, каалаганча сүйлөөчү, эч ким токтотчу эмес. Жакшылык-жамандыктарда чогуу болуп акырындык менен сүйлөшүп, бет ачыла баштады дегендей, Усубалиевден кийинки эле жашы боюнча улуу мен болуп калгам. Кийин-кийин, ачык сүйлөшө баштаганда, акырын өзүнөн сурадым. Турдакун Усубалиевич деп, кээде агай деп: «Сиз мени убагында өтө жакшы көрчү элеңиз, ооруканаы өзүңүз баш болуп салдырып бердиңиз жана орден, наамдарды дагы сиздин убакта алып бердиңиз. Анан кийин эмне үчүн жаман көрүп калдыңыз, бир жолку депутаттан калтырдыңыз? Бөлүнгөн үйдү дагы бердирбей койдуңуз. Бир нече жолу кабыл алууңузга жазылдым, кабыл албай койдуңуз. Эми ушуларды ким уюштурду, кимдердин жамандаганына ишенип кеттиңиз?» – деп мен шекшигендерди айтып бердим. «Агай, жооп бербей эле коюңуз, өзүңүз ойлоңузчу, ушул мен айткандын баары

чындык»,– десем: «Ой, Мамбет, эмнени айтып жатасың?» – деп койду. Адегенде Усубалиев Президент Акаевге абдан катуу каршы турду. Ошол парламентте мен чыгып: «Турдакун Усубалиевич, сиз республиканы 25 жыл башкардыңыз, эми Акаев болбосо, дагы бирөө башкарыш керек го? Эмне үчүн ичи тардык кылып, көрө албастык жасап жатасыз? Кудая тобо деш керек го? Байкасаңыз, сиз өзүңүздүн бала менен тең бала менен кармашып жатасыз. Сакалдуу, көптү көргөн киши жардам бериштин ордуна, каршы, тескери мамиле жасап жатасыз»,– дегендей мааниде сүйлөдүм. Усубалиев чыгып сүйлөп: «Мен Мамакеевге прораб болуп иштеп, оорукана салып бергем»,– дейт. Мен ордумдан жооп бердим: «Мага өзүмө үй салып берген эмессиз, оорукана мамлекеттики, мамлекеттин акчасына салынды»,– деп. Андан кийин эстүү адам эмеспи, Акаев менен кармашкандан эч пайда таппасын сезип, кайра оңолуп, аксакалдыгына өтө баштады. Акаев кек сактабай, Усубалиевди Баатыр кылып жана башка көп жакшылыктарды жасады окшойт. Мени көп жакшы көрбөсүн акыркы жолу сездим. 90 жашка чыкканда мени чакырган жок. Ошондо сездим, бул кишинин кекчил экенин. Аман болсун, мындан ары мен – Усубалиевсиз, Усубалиев – менсиз жашай беребиз деген ойго келдим.

## ӨМҮР САПАРЫМДАГЫ ТАГДЫРЛАР, БИЗ ЖЕТИШКЕН АКСАКАЛДЫК ДӨӨЛӨТ

Институтту бирге бүткөн жолдошторум – «шумкарлар тобу» эмне үчүн «шумкарлар» аталып калганбыз? 1952-жылы институтту бүткөн кыргыз, өзбек жолдошторум:

1. Мамбетов Мукамбет
2. Турусбеков Бейшен.
3. Мамакеев Мамбет.
4. Чокморов Жусуп.
5. Сейитказиев Эсен.
6. Абдылдаев Керим.
7. Жумабаев Черик.
8. Даминбаев Махмут.
9. Эркинбаев Шарип.
10. Рыспаев Сапарбек.
11. Ажыгулов Эсенбек.
12. Көккөзов Орозбек.
13. Бакиров Сангара.
14. Ажикулов Казы.
15. Ниязов Жолдош.
16. Ибраимов Абдул.
17. Бердибаев Эркин.
18. Мурзалиев Арстанбек.
19. Шаинов Жолдош.
20. Осмонов Омор.
21. Жумаев Кусеин.
22. Кайпеков Кудайберген.

23. Мухамедяров Алик.
24. Айылчиев Кудайберген.
25. Мурзахматов.
26. Кудайбергенов.

Дагы 5–6 кыргыз, өзбек кыздары бүттү эле. Ушулар баарыбыз институтту бүткүчө эмне деген гана кыйынчылыктарды көрбөдүк. Ошонун баарына чыдап жүрүп бүтүп чыктык. Бүткөндө ар бирибиз ар тарапка – республиканын аймактарына бөлүнүп иштеп кеттик. Айтып кетпедимби, жогоруда биз бүткөндө И.К.Ахунбаев институтка директор эле. Комиссиясы жок эле, ким кайда барат деп өзү бөлүштүргөн. Ушулар институтту бүткөнчө той-тамаша, үлпөт, аял алуу, күйөөгө чыгуу болгон жок. Ар кимибиз окуунун, анан курсактын аракети болуп, убакыт өтүп, бүткөндөн кийин деле турмуш оңоло элек, жаңыдан иштеп, үй-жай жок, дагы эле кедейчилик, үйлөнө баштадык, балалуу боло баштадык дегендей. Ошого чейин бири-бирибизди билебиз, бирок ким экенибизди толук билбейбиз. Курсагыбыз тоюнуп, алдыбыз илимдин кандидаттыгын жактап, ишибиздин ийгилиги боло баштады. Ар бирибиз өз алдынча оокат кылмай. Бир күнү отуруп ушундай ойго келдим. Эмнени, эмне деген кыйынчылыктарды, тозокторду көрбөдүк. Мына эми адам боло баштадык. Бир-бирибизди жакшы билиш үчүн учурашып, кез-кези менен кезектешип чакырышып жакшылап таанышалы деген ойго келип чогулта баштадым. Шаарда калгандарды чогултуп баары менен кеңеш салсам, макул болушту.

Мындан арабыздан Жумабаев Черик, Турусбеков Бейшен Ленинградга аспирантурага кетишти. Ажикулов, Танин деген татар кыргыз деп жазылчу, Киевге аспирантурага кетишти. Шаарда калганыбыз – Салиев Эмил физиология кафедрасына аспирант, Мамбетов Мукамбет факультеттик хирургия кафедрасына клиникалык ординатор, Абдылдаев Керим гистология кафедрасына аспирант, Эркинбаев Шарип балдар оорусу кафедрасына ординатор,

Рышаев Самарбек гигиена кафедрасына аспирант болушту. Ар биринин кесип жолу, өмүр тагдырын кыскача түшүндүрүп, баяндап кетейин.

**Жумабаев Черик** экөөбүз абдан жакшы жолдош элек, бирге жатаканада жатып, талканды тең бөлүшүп жеп, мамилебиз өтө жакшы эле. Ленинграддан үч жылдан кийин адамдын анатомиясынан илимдин кандидаты болуп келгенде, туугандары болуп вокзалдан тосуп алдык. Каниметов Абдылда ал убакта билим берүү министри эле. Черик жакын аталаш тууганы. Черик поездден түшөөр замат: «Мен Мамбеттикине барам, Мамбеттин үйүндө жашайм»,– деп, чогуу биздикине келдик, анда биз деле арaң жашап жаткан кез. Ж.Алышбаев кайнагам таштап кеткен эки кичине бөлмөлүү үй. Ошол үйдө Черик биз менен бир жылдан ашык жашап калды.

Черик өтө акылдуу, мээлүү жигит эле. Институтту артыкчылык диплому менен бүткөн, келээр замат анатомия кафедрасына ассистент болуп орношту. Кийинчерээк байкап калдым ичкиликке ооп калганын, өзүбүз арaң жашап жатканда. Адегенде түшүнгөн жокмун, мунун ичкени убактылуу эле го деп. Бара-бара ишке барбай, жоголо баштады. Кафедранын башчысы Шеров агай билет, Чериктин биздикинде жатканын. Мени чакырып алып: «Кайда Черик?» – дейт. Ошентип жүрүп, Черик иштебей, иштен чыгып калды. Ооруканага жаткызып көрдүм, болбоду. Үй турмушу жагынан дагы оңоло албады. Бирөөлөр менен жашап жүргөнсүдү, кийин жоголуп кетти. Казакстанда иштеп келди көрүнөт, кайра келгенде, бул жерге кызматка албай коюшту. Каниметов жардамдашып, Оштогу пединститутка анатомия, биология деген кафедрага орноштуруп койду. Ошол жерден күйөөгө чыга элек, химиядан илимдин кандидаты, жашы барып калган кызга үйлөнүп, турмушунун аягына чейин бала көрбөй, ошол аял менен жашап, өткөн жылдары 80 жашында кайтыш болуп кетиптир.

Айылына, Шалбага алып барып сөөгүн коюптур. Өткөн жылы атайын издеп барып, көрүстөнүнө куран окутуп келдим. Менимче, анча жакшылык көрбөй кетти окшойт. Болбосо, Черик профессор, академик болчу жолдошумдун бири эле. Өзүнөн кетип калды, жаман айыккыс ооруга туш келип кайтып кетти.

**Турусбеков Бейшен** 1928-жылы туулган. Ленинграддан физиология боюнча илимдин кандидаты болуп келди. Бул жерден үйлөнүп-жайланып, докторлук диссертациясын жактап, профессор болду, курортология институтунун директору, дене тарбия институтунун ректору болуп көп жыл иштеди. Ошол эле институтта кийин кафедра башчысы болуп иштеп жүрдү. Кийинчерээк ден соолугуна байланыштуу көп ары-бери чыга албай калды көрүнөт. Жаштарды тарбиялоодо, билим берүүдө эмгеги зор. Илимге эмгеги сиңген деген ардактуу наамы бар, кез-кез жолугуша калабыз.

Академик **Мурзалиев Арстанбек** 82 жашта. Москвадан аспирантураны бүтүп, илимдин кандидаты болуп, кийин келип нервология кафедрасында иштеп жүрүп докторлук диссертациясын жактап, көп жылдан бери – ушул убакка чейин нервология кафедрасынын башчысы болуп иштеп келе жатат. Миңдеген адамдардын өмүрүн сактап калган, студенттерди даярдоодо невропатолог врачтарды тарбиялоодо эмгеги зор. Көп жылдар бою мединституттун ректору, проректору болуп иштеди. Таланттуу илимпоз-уюштургуч. Балдары, неберелери, чөбүрөлөрү бар. Ырыстуу, бактылуу карылыкты көрүп жатат. Азыр дагы баскан-турганы, нерв системасы жайында. Мүнөзү өтө жумшак, оозунан жаман, орой сөз чыкканын уга элекмин. Жакшы жолдошторумдун, сырдаштарымдын бири. Ушул күнгө жамандык, жакшылыкта биргебиз. Бир-бирибизге эмне жардам керек бол-

со, айттырбай даярбыз. Эки жолу Жогорку Советке депутат болгон. Көптөгөн мамлекеттик сыйлыктардын ээси. Мен Арстанбектин аман жүрүшүн каалайм.

**Абдылдаев Керим** мени менен тең, 1927-жылкы. Институтту бүтөөр замат гистология кафедрасына аспирант болуп калып, үч жылдан кийин кандидаттык диссертациясын жактап, ошол эле кафедрага доцент болгон. Дене тарбия институтуна дагы мугалим болуп пенсияга чыкканга чейин иштеди. Аялы кийин кайтыш болуп кетти. Бир уулу бар, азыр онкологияда профессор. Керим институтта жаштарды даярдоодо эмгеги зор. Бир топ жылдар бою ден соолугуна байланыштуу пенсияда, эс алууда. Азыр ушул тапта баскан-турганы, сүйлөгөнү жайында. Күнүгө эрмек да, эртели-кеч бильярдга барып, убактысын өткөрүп ойнойт дейт. Бул деле физкультуранын бир түрү.

**Атаханов Камил** 81 жашта, өзбек. Камил институтту бүтөөр замат Ошко башкы врач, андан кийин көп жылдар бою областтык саламаттык сактоонун жетекчиси болуп иштеди. Өзү уюштургуч жагынан өтө түзүк болуп, жакшы иштеди. Кийин Оштун мединститутунда саламаттык сактоону уюштуруу кафедрасынын башчысы, андан туберкулёз ооруканасында башкы врач болуп иштеп келди. Азыр ден соолугуна байланыштуу пенсияга чыгып, эс алууда. Камил дагы үйлүү-жайлуу, баласы дагы врач, илимдин кандидаты, небере-чөбүрөлөрү бар. Саламаттык сактоодо, айрыкча, уюштуруу жагынан өтө эмгеги сиңген адамдарыбыздын бири. Республикага эмгеги сиңген врач, III даражадагы «Манас» ордени жана көптөгөн сыйлыктары бар. Кийинчерээк көп кезиге албай кеттик.

**Мамбетов Мукамбет** 81 жашында каза болду. Мукамбет экөөбүз абдан жакшы жолдош элек, өлөөр-өлгүчө сен, мен дебей, бири-бирибизди өтө урматтап, сыйлап жүрүп

өтүштүк. Мукамбет бүтөөр замат мага окшоп хирург болуп факультеттик хирургия кафедрасына, профессор Кругловго клиникалык ординатор болуп үч жылга калды. Ординатурадан кийин үч жыл аспирант болду, адамкерчилиги, жөнөкөйчүлүгү, жолдошчулугу өтө жакшы адам эле. Хирург жагы дагы жакшы эле, көптөгөн оорулууларды операция жасап аман алып калган. Негедир илим жагынан жылыш болбоду, коргой албай койду, өзүнөн да болуп кетти окшойт. Өзү көп маани бербей, салкын мамиле жасап туруп алды. Жетекчиси – профессор Круглов дагы анчейин көңүл бурбай койду. Хирург болуп жүрдү, андан кийин туберкулёз институтунда хирург болуп иштеп жүрүп, пенсияга кетип, айылда жүрүп, жаман ооруга кезигип кайтыш болду, аялы дагы өткөн жылы кайтыш болду, кызы, уулу калды. Кызы Чынара, небереси бар, өтө тың кыз, бизнес менен аракети күчтүү, тың турат. Уулу Азаматтын 2 баласы бар. Мукамбет дагы 20 жыл мурун өтүнөн приступ болуп, катуу кыйналып келип, өтүнүн ташы ары жалпы өт жүрчү түтүккө кирип кетип, мен өзүм операция жасап, айыгып кетти эле. Андан кийин жарым жылдан кийин аппендицити жарылып кетип, дагы операция болуп айыгып кеткен.

**Саалиев Эмил** эрте кайтыш болуп кетти. Институтту бүтөөр замат физиология кафедрасына аспирант болуп калып, кандидаттыгын ийгиликтүү жактап, ассистент, доцент болуп ошол кафедрада иштеп жүрүп, докторлугун бүтүп, мына эми жактайм деп турганда оорубай-сыркоолобой эле мүрт өлдү. Эмне өлүм экенин дагы байкабай калдык. Эмил дагы илимге өтө берилген жолдоштордун бири эле. Аялы, эки баласы калды, бир баласы көп жыл мурун кырсыкка кабылып өлүп кетти.

**Чокморов Жусуп** өткөн жылы 82 жашында каза болду. Жусуп окууну бүтөөр замат Тянь-Шань областына врач болуп кетти. Тез эле башкы врач, анан көп жылдар бою об-

ласттык саламаттык сактоо тармагын башкарып жүрүп, Тянь-Шанда чумага каршы күрөшүү станциясынын директору болуп иштеди, андан кийин өз айылына – Тоңго башкы врач болуп которулуп келди. Кийин пенсияга чыгып, көп жылдар катуу ооруп баса албай, кыйналып кайтыш болду деди. Жусуп саламаттык сактоо тармагында өтө уюштургуч болуп чыкты. Врачтарды тарбиялоодо, адамдардын ден соолугун сактоодо анын эмгеги өтө зор. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы» деген наамы бар эле, көптөгөн орден-медалдар менен сыйланган. Аялы дагы өткөн жылы каза болуптур, балдары, неберелери бар.

**Даменбаев Махмут,** өзбек, бул да өлүп калды. Институтту бүтөөр замат Пржевальскиге врач болуп кетип, ошол жакта иштеп жүрдү. Кийин областтагы шишик ооруларын дарылоочу жайда башкы врач болуп көп жыл иштеди. Адамдардын ден соолугуна жардам көрсөтүп, айыктырып, эмгеги чоң эле. Балдары, неберелери Караколдо турушат. Махмут кеткени кабарлаша албай калдым.

**Эркинбаев Шарип** дагы эрте кайтыш болду. Илимдин кандидаты эле. Кийин балдар кафедрасына доцент, анан кафедранын башчысы болуп иштеп жүрүп кетти. Балдары, неберелери бар. Балдардын ден соолугун сактоодо эмгеги зор.

**Рыспаев Сапарбек,** бул дагы эрте кайтыш болуп кетти. Бүтөөр замат сангигиена кафедрасына аспирант болуп калды. Ошол жерден илимдин кандидаты, ассистент, доцент, доктор, профессор, кафедра башчысына чейин жетти. Сапарбекке үй-бүлөдөн Кудай айтпады. Мурун бир аял алып, андан бир кызы бар, азыр үйлүү-жайлуу болсо керек. Андан кийин Бүбүсара Бейшеналиеваны ала коюп, андан жолу болбоду, өзү өтө көрүнүктүү, көркөмдүү, сулуу жигит эле. Бул дагы кекиртегинен бузулуп, кийин ишсиз көчөдө ба-

сып калып, бир үйдө өзү жашап, өлгөнү 3–5 күндөн кийин билинип, көмүлүп калды. Сапарбек дагы өзүн өзү кылгандай болду.

**Ажикулов Эсенбек** дагы эрте кайтыш болду. Эсенбек бүтөөр замат Киевге фармакология боюнча аспирант болуп кетти. Үч жылда илимдин кандидаты болду. Келгенде, мединститута ассистент, доцент болуп иштеп жүрдү. Кийин докторлук диссертация жактап, ВАКтан өткөзбөй кулатып койду, мединститутта көп жылдар профкомдун төрагасы, парткомдо бюро мүчөсү болуп активдүү иштеп жүрдү. Кийин пенсияга чыгып, айылына Кара-Балтага кетип, ошол жакта жашап жүрүп инфаркт болуп кайтыш болуп кетти. Балдары, аялы бар. Эсенбектин мединститутта балдарды, медиктерди даярдоодо бир топ эмгеги бар эле.

**Көккөзов Орозбек** инфаркттан эрте кайтыш болуп кетти. Орозбек хирург эле. И.К.Ахунбаевде иштеп, ошол жерден кандидаттыгын жактап, кийин доцент болуп иштеп жүрүп кетти. Жакшы адам, жакшы хирург эле. Өтө жөнөкөй, адамкерчилиги мол, комузду, ырды катырчу. Орозбек өтө толук адам эле, бою кыска, курсагы чоң. Экөөбүз кошуна туруп, эртең менен физкультурага чогуу чыгып, бирге ойночу элек. Анан жумасына бир жолу ар дайым мончого барчу элек. Анда деле парга кирип, чыдап эле отурчу. Мен ойлочумун, Орозбектин жүрөгү түзүк го деп. Иштеп жүргөндө, өлөөрдөн мурун, мен операция жасап, аман алып калдым эле маркумду. Бирөөнүн үйүндө отурдум эле, айтпадымбы, мен бир жакка кетсем, сөзсүз адресин жазып үйгө, иштеген жерге кабарлап калтырып кетчүмүн. Анда телефон деген жок, конокто отурсам, түнкү саат 11де аялы Соня издеп барып мени таап: «Мамбет, Орозбек жаман болуп жатат. Өзүнүн иштеген жеринде, Ахунбаевдин кабинетинде жатат. Бүгүн үчүнчү күн болду жатканына»,– дейт. Мен ошол замат Соняны алып, анда машиналуу

болуп калдым эле, арак дегенди ичпей калгам, келсем, кабинетте жатыптыр, көрүнүшү начар: «Эмне болуп кетти, Оке?» – десем: «Билбейм, жаткызып, болгон дарынын баарын берип, куюп дагы жатат, жылыш жок, начарлап баратам»,– дейт. Булар простатит деп диагноз койгон. Бул табарсыктын алдында жаткан өтө маанилүү без, эркектин тукуму ошол без аркылуу өтөт. Карасам, ансыз деле курсагы дардайган неме ого бетер тырсыйып, кол тийгизбейт. Өтүшүп кеткен оору экенин байкадым. «Оке, простатитиңди билбейм, сеники өтүшүп баратыптыр, менимче, аппендицитиң ылдый, безге жакын жайгашса керек. Тез жүр, сени операция жасаш керек»,– деп машинама салып жөнөдүм. Өзү деле кыйналып араң жатыптыр, «Макул, Маке. Эмне кылсаң өзүң бил, мен макулмун»,– деди. Машинама түшүрүп өзүмө алып келип, ошол замат операция жасадым. Мен айтып болжогондой, аппендицити ылдый жамбаштын чуңкурунда, табарсыктын артында экен. Чирип, тешилип, перитонитке айланып баратыптыр. Аппендицитин алып, тазалап-жууп, түтүк салып коюп бүтүп чыктык. Эртеси И.К.Ахунбаев, доцент Шубладзе – бир тобу келиптир. «Биз чоң диагнозунан жаңылыштык кетирип коюптурбуз, Мамбет, сага ырахмат, бизди уяттан калтырдың»,– деп кетишти. Бизде, хирургдарда, мындай катачылык боло берет. Айрыкча адамдын анатомиясын билбесе. Сокур ичеги кээде узун болсо, ич органынын кайсы жагына болсо, ылдый-өйдө капталына кете берет. Простатит дегени, ылдый безге жакын жаткан үчүн, бездин ооруганына окшош болуп, аппендициттин ордуна без оорусу деп диагноз коюла берет. Орозбек аман-эсен айыгып кетти, андан кийин көп жылдар жашады. Күтүүсүз жерден машинада баратып, мүрт кетип калды. Өлгөндө айылына, туулган жерине алып барып коюшту. Мен барып топурак салдым. Тянь-Шандын Ак-Талаа районунун борборунда экен. Ак-Талааны ошондо биринчи көрдүм. Чын эле атына жараша боз талаа экен.

**Бакиров Сангара** Тоңдон эле бул дагы эрте кайтыш болду. Бүткөндөн кийин райондо Тянь-Шанда хирург болуп иштеп жүрүп, анан Ахунбаевдин клиникасында бир аз иштеп, кайра Нарында областтык оорукананын хирургия бөлүмүн башкарып, кийин өзүнүн районунда иштеп жүрүп каза болду көрүнөт. Көп адамдардын ден соолугун сактап калган эмгеги бар эле. Азыр балдары, неберелери бар дейт.

**Ажыбаев Казы** Ат-Башыдан болуш керек эле. Бул да эрте кетип калды. Бүткөндөн кийин мединститутта физиология кафедрасына аспирант болуп калып, аны ийгиликтүү бүтүп, илимдин кандидаты, ошол кафедрада доцент эле. Докторлук диссертациясы дагы даяр болуп калгандай болгон. Орус аялга үйлөнгөн, азыр балдары, неберелери болуш керек.

**Ниязов Жолдош,** өзбек, ушул шаардан, орус аялы бар. Жолдош эки-үч жыл мурун 80ге жакындап кайтыш болду. Институтту бүткөндө Тоң районунда врач, көп жыл башкы врач болуп иштеп жүрүп, Фрунзеге келип жугуштуу оорулар ооруканасында бөлүмдүн башчысы болуп өмүрүнүн аягына чейин ошол жерде иштеди. Кесиби врач-инфекционист эле, уюштургучтук жагынан, адамдын жугуштуу ооруларын айыктырууда эмгеги чоң эле, жөнөкөй, адамкерчилиги мол, түзүк адам болчу.

**Ибрагимов Абдун,** уйгур, өз аты Амтылакун, ушул шаардан эле. Абдун дагы эрте кайтыш болуп кетти. Бүткөндөн кийин райондо иштеп келсе керек, анан кулак-мурун кафедрасына аспирант болуп, аны ийгиликтүү бүтүп, илимдин кандидаты, ассистент, доцент болгон. Көп жыл мединститутта декан болуп иштеди. Жаштарды тарбиялоодо, миңдеген адамдын ден соолугун сактоодо эмгеги зор эле. Азыр аялы, балдары, неберелери аман-эсен, жакшы балдары бар. Өзү өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, өз ишин жак-

шы билген жолдошторубуздун бири. Көптөгөн сыйлыктары болсо керек эле.

**Бердибаев Эркин** Чүйдөн, Москва районунан болсо керек. Эркин дагы эрте кайтыш болуп кетти. Бүткөндөн кийин анатомия кафедрасына аспирант болуп калып, аны ийгиликтүү аяктап, илимдин кандидаты, анан ассистент, доцент болду. Ошол эле кафедрада жаштарды тарбиялоодо Эркиндин эмгеги зор эле. Үй-бүлөсү аман-эсен, балдары түзүк балдар болду. Азыр небере, чөбүрөлөрү бар. Эркин өзү шайыр, сонун ырдачу эле. Өзгөчө, Индиянын киносундагы Радж Гапурдун ырын өзүндөй кылып сонун ырдачу. Адамкерчиликтүү, жөнөкөй, өзүнүн ишин мыкты билген жолдошторубуздун бири болгон.

**Мухамедяров Алик,** өзбек, ушул шаардан. Алик дагы эрте өлүп кетти. Бүткөндөн кийин Тянь-Шандабы, Жумгалдабы иштеп келди окшойт. Келгенден кийин, Пишпектеги темир жол ооруканасында башкы врач болуп жүрүп кайтыш болду. Орус аялы, эркек баласы бар, ал азыр үйлөнүп-жайланып, бала-чакалуу болсо керек.

**Шаинов Жолдош,** Ысык Атадан болсо керек. Жолдош 2–3 жыл мурун 80 жашында кайтыш болду. Жолдош бүткөндөн кийин Пржевальскиде иштеп жүрүп, анан рентгенолог болуп өмүрүнүн аягына чейин ушул кесипте иштеди окшойт. Аялы мурунураак кайтыш болду дейт. Азыр балдары чоңоюп, иштеп жүрүшөт дешти. Ушундай бир кесипте – рентгенолог болуп иштегендер аз кезигет.

**Айылчиев Кудайберген,** Нарын жактан. Бул балабыз дагы өтө эрте кетип калды. Бүткөндөн кийин Нарын жакка кетип, ошол жакта хирург болуп иштеп жүргөндө каза болуптур. Үй-бүлөсүн, бала чакасын билбейт экенмин.

**Осмонов Омор,** Токтакунов экөөнүн тең улуту калмак. Институтту бүткөнү 60 жыл болду, бул экөөнү көргөн жокмун, аманбы, өлгөнбү – кабарым жок.

**Мамбетов Абал** Көлдөн, Чырпыктыдан. Абал дагы эрте кайтыш болуп кетти. Бүткөндөн кийин Тянь-Шанга, Жумгал районуна барып райондук саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келген. Андан кийин Фрунзедеги республикалык рентген борборунда иштеп жүрүп, ал жерде башкы рентгенолог болуп, өмүрүнүн аягына чейин кыргыздан биринчи рентгенолог, рентген борборуна жетекчи болгон ушул Абал эле. Абал өтө жөнөкөй, өз ишин жакшы билген, адамкерчиликтүү, өтө шайыр адам болчу, ырдап, комуз чертип койчу. Кемпири дагы 3–4 жыл мурун кайтыш болуп кетти. Балдары, жакшы эстүү, иш билген, эл билген балдар болуп чыкты. Бир уулу Марат бизде саламаттык сактоо министри болуп иштеди, бир уулу таланттуу артист, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти деген наам алган. Өкүнүчтүүсү, Абал балдарынын ушундай адам болуп, иштегенин көрүп кетсе, арманы жок болоор эле.

**Тыныстанов Эркин Касымович.** Бүткөндөн кийин Ахунбаевдин клиникасында аспирант болуп жүрүп кандидаттык диссертациясын жактап, анан Рыскуловада ассистент, доцент болуп иштеп жүрүп, 70 жаштан өтүп кайтыш болду көрүнөт. Эркин дагы көп бизге жолоочу эмес, терс кыялдары бар эле. Кийин кыргыз аял алып, ошондон жакшы баласы бар дейт. Өзү тың, тили, башы шай келишкен, бирок тескери кыялы бар эле. Операция жүрүп жатса, менин убактым бүттү деп басып кетчү экен. Өлүптүр деп кийин угуп калдык, эч кимге кабарлаган жок.

**Молдокматов Жапар** Шалбадан, Жети-Өгүз районунан. Жапар дагы бүткөндөн кийин микробиология кафедрасы-

на аспирант болуп калып, илимдин кандидаты, ассистент, доцент болду. Кийин кыз-келиндер институтунда мугалим болуп иштеди окшойт. Жапар окуп жүргөндө эле ошондой эч кимге деле жолобой, өзүнчө эле жүрчү. Кийин деле ушул жерде жүрүп бирибизге кезиккен жок. Бул дагы 70тен ашып кайтыш болду окшойт. Өлөөрдүн алдында мага келип-кетти көрүнгөнү, бүткөнү көргөнүм ошол, көрсөм, бүт денеси саргарып кетиптир. Жаман оору экенин билдим, жат, текшерип көрөлү десем, түшүндүм деп кетип калды. Ошондон бир аз убакыт өткөндө кайтыш болуптур. Аял алган деп уккам, баласы жок болсо керек. Ошентсе дагы, жаштарды билим берүүгө эмгеги бар эле.

**Мамытов Бейшен** Ысык-Көлдөн, Бостериден. Институтту бүткөндөн кийин гигиена кафедрасына аспирант, илимдин кандидаты, ассистент, доцент, кафедранын башчысы болуп жүрүп пенсияга кеткен. Аялы абдан жакшы адам эле, мурунураак кайтыш болду. Пенсияга чыгып, Бейшен айылында жүрүп кийин эле 70тен ашып кайтыш болду. Мединститутта балдарды тарбиялоодо эмгеги зор. Балдары бар, асты кандидат, травматолог болуп иштейт. Небере-чөбүрөлөрү бар, өзү өтө шайыр, тамашакөй, жөнөкөй, өзүнүн ишин мыкты билген жолдошторумдун бири эле.

**Атамбаев Набий,** өзбек, Пржевальскиден. Бул дагы кайтыш болуп кетти. Набий дагы бүткөнү биз менен байланышта, катышта болгон жок. Сокулуктабы, бир жагында врач, башкы врач болуп иштеген дейт.

**Кайпеков Кудайберген** Күрмөнтүдөн. Айылында врач болуп иштеген Айтикеев Тоңдон, Тоңдо иштеп жүрүп кайтыш болуптур. Экөө тең эрте кетиптир. Институтту бүткөнү бул экөөнү көргөн жокмун, катышышчу эмес.

Эсимде калганы ушул 28и экен, ошонун ичинен 2 академик – мен, Мурзалиев экөөбүз, эки профессор – Турусбеков, Рыспаев, 9 илимдин кандидаты, доцент, жыйырма үчүбүз, карап отурсам, ар бирибиз медицинанын эң түрдүү тармагында иштептирбиз. Илим-билимге жаштарды, медиктерди даярдоодо, миңдеген адамдын өмүрүн сактап калууда, байкаган-билген кишиге, зор эле эмгегибиз бар экен. Мен ушул бирге бүткөн курбуларым үчүн ар дайым сыймыктана алам, мактана алам. Эң кейиштүүсү, аянычтуусу, ар дайым булар менин эсимде, эртерээк кетип калышты. Өзүбүз медик болуп туруп, миңдеген адамдын өмүрүн сактап калып, өзүбүздүн медик жолдошторубузду сактай албай калганыма өкүнөм. Айла жок, табигатка айласыз баш иет экенсиң.

Эми баш жагында баштабадымбы, «Шумкарлар тобу» деп. Бул топко шаарда калып иштегендер кирет. Алар:

1. Мамбетов Мукамбет.
2. Абдылдаев Керим.
3. Эркинбаев Шарип.
4. Рыспаев Сапарбек.
5. Ажикулов Эсенбек.
6. Көккөзов Орозбек.
7. Ниязов Жолдош.
8. Ибрагимов Абдун.
9. Бердибаев Эркин.
10. Мамбетов Абал.
11. Мамакеев Мамбет.

Мына ушул он бирибиз бир элек, адегенде айтпадымбы, менин бир топтон бери ушул идея оюма келип, ар жагын, бер жагын карап, анан булар менен кеңешип, макулдашып, биринчи мен чакырмай болдум. Анда турмушубуз деле анча оңоло элек кез. Мен чиркөөнүн маңдайында кайнагам берип кеткен эки кичине бөлмөлүү үйдө жашайм дебедимби. Азыр кичине көрүнөт, убагында укмуштай чоң үйлөрдөй көрүнчү эле. Баарыбыздын турмушубуз бирдей эле, ашык-

чылыгыбыз жок. Кээ бирөөлөрүбүздө отура турган стол, стул жок, идиш-аяк жокко эсе. Ошентип сүйлөштүк, жакын тааныштык үчүн бир-бирибизди сынамакка эмес, берген тамагына дагы баа бербес үчүн ар бирибиз кыйналбай, колубуздан эмне келсе, ошону менен сыйлашалы деп. Адегенде мен чакырдым, мурункудай эле кыргызча жерге – кийиз, төшөктүн үстүндө малдаш уруп отурдук, тамак-ашыбыз алынча, ичкилигибиз – пиво, вино, арак бар, аракка анда эл анча көнүгө элек эле. Каалаганча отурдук, айтып бүтө албайбыз баштан өткөн кыйынчылыктарды аялдарыбыз менен, аялдарыбыз өзүнчө сүйлөшүп, абдан бирин бири таанышып, жыргап калдык. Бул отуруш баарыбызга жакты, сүйлөштүк, мындан ары убактыбыз, мүмкүнчүлүгүбүз келсе, келбесе дагы келтирип, ар бир үч айда кезектешип чакырышып туралы деп. Баарыбыз аялдарыбыз менен макул болдук.

Ошентип, улана баштады, кечикпей убагында чакырчу адам чакырып турду. Акырындык менен көнө баштадык бир бирибизге. Канчалык чогуу жүрсөк, канчалык тез-тез кезигип, жакын аралашсак, айрыкча, ичкилик ичкенде кээ бир адамдар ошондо даана тааныла баштайт. Бир сыйра чакырышып чыктык, бир бирибизди жакшы билишип, кемчилигибизди бетке, ортого айтып, оңоло баштадык. Бир күнү, ошого чейин сезип, көрүп калгам, жерге отурганда кээбиз байпакчан отурабыз да, бутунун таманын кез-кез тырмап койгонун. Кээде буту, колтугу сасык жыттанат. Мен ар дайым бетине айтып көнгөн жаным, аты-жөнүн көрсөтүп айтпай, бир отурушта: «Эмнелерди көрбөдүк, мурун самын, ысык суу дегенди билбедик, көрсөк да абдан тартыш эле: «Мындан ары ушундай отурушта, азыр Кудайга шүгүр, самын, ысык суу бар, ошон үчүн жуунуп келип жүрөлү»,– десем, дым болуп угуп, макул болгондой болушту. Дагы менин кезегим келип чакырып калдым, бир топ убакыт өткөндөн кийин, анда абдан эле оңолуп калганбыз. Мага Фрунзе көчөсүнөн Совминдин үйүнөн бир

бөлмөлүү үйдү Сүйүнбаев алып берди дебедим беле. Ошондо Абал кечигип келип калды. Акырын келип, түз эле ваннага кирип байпагын чечип жууй баштады, жээн кызым Жүрсүн бар эле, аны чакырып: «Айланайын, Жүрсүн, Мамбеттин жуулган таза байпагы болсо алып чыгып мага бере сал. Ошону кийип кирейин, болбосо, мени азыр Мамбет бутуң сасык экен деп кууп чыгат»,– дейт. Жүрсүн байпак алып чыгып бериптир, өзүнүн байпагын газетага ороп катып коёт, анан ала кетейин деп. Муну Жүрсүн эртеси айтып берип жатпайбы. Ошол жээним Жүрсүн азыр Токмоктун ооруканасында реанимация, анестезиология бөлүмүнүн башчысы, үч баласы бар, үчөө тең институтту артыкчылык диплому менен бүтүшүп, аспирантурасында окуп жүрүшөт.

Анда баарыбыздын аялдарыбыз жаш, тамак жасоо, үйдү таза кармоо жагынан тажрыйбасы жок. Менин кемпирим Сокен жаш жагынан жетимчилик турмуштун кыйынчылыгын башынан өткөзгөн. Тамак жасашты, үйдү таза кармашты укмуштай билет. Жолдоштордун аялдары, менин өзүмдүн келиндеримдин баары Сокенден таалим алышты окшойт. Ошон үчүн тиги менин аяштарым Сокенди урматтап, кеңешип турушчу эле. Жүрө-жүрө турмушубуз оңоло баштап, көпчүлүгүбүз үйлүү-жайлуу болуп, жууркан-төшөнчүбүз, идиш-аяктарыбыз оңолуп, жетишип калдык. Эми жерге отурбай, столго отуруп жакшы тарелка, чыны, вилка, кашыктардан колдоно баштадык. Столубуздун үстү мурункудай эмес, азыр бири-бирибизден көрүп, кээде атаандашып укмуш эле болуп калды. Каалагандай отурабыз, мен азыр да таң калам, канча отурсак дагы жадабай, бири-бирибизди түшүнүп, сыйлап-урматтап жыргап отурчу элек. Көпчүлүк убакта өткөн-кеткенди эскермей, анда телевизор, радио деген жок. Орозбек комуз чертип ырдачу, Эркин да жакшы ырдачу. Айрыкча, Индиянын ырын, аялы Урумкан азыр да бар, бул да жакшы ырдачу. Абал дагы комуз чертип ырдачу эле, ойногонубуз карта, очко 21 деген. Бир күнү, эсимде, отурушта ойноп жатсак, тыйынга

эле ойночубуз, азыркыдай 1000 сом деген жок, түшүбүзгө да кирген эмес, ортого бир топ тыйын, акча чогулуп калды. Очко болуп калып Абдун утуп алды. Жерге бирин калтырбай терди, анда Мукамбет: «Ай, акмаксың го, колуңда магнитиң барбы, бирөөн калтырбай алганыңа караганда»,– деп турбайбы. Аялдарыбыздын бир тобу кайтыш болуп кетти. Бир-бирин түшүнүшүп, сыйлашып, бизге жөлөк болуп ынтымакта жашадык. Адам кээде билинбей, ичкенде билинет. Мен ичкен адамды үч топко бөлөм. Бирөө ичкенде момурап, сүйлөбөй, тынч уктап калат, бул – жакшы. Экинчиси – абдан шайыр, ырдап, секирип, көңүлдүү болуп кетет. Мунун деле отургандар үчүн зыяны жок. Үчүнчү түрү – ичкенден кийин тишин кычыратып, заары чыгып, ары-бери басып, бирөөгө жөнү жок тийишип, чымчылап, кычык сөз айтып жадатат. Айткан кишини өлгүчө жаман көрүп, кайра жабышат. Мына ушундай ичкен адам өтө коркунучтуу. Бүт отурган элдин маанайын, көңүлүн бузуп, кечесинин көркүн бузуп, конок кылган кишинин дагы нервин жеп кетет. Ушундайдын бири – Эркинбаев Шарип, ал эми өткөн иш, өзү дагы өтүп кеткен. Ушул жолдошубуз бойлуу, зыңкыйган, сүйлөбөгөн, жоош адам эле. Кийин балдар оорусу боюнча кафедранын башчысы болуп жүрүп кайтыш болду. Биринчи байкаганым, отурушта бир аз ичкенден кийин эле оозуна келген жаман сөздөрдү сүйлөй берчү болду, эч себеби жок эле. Аялдар, балдар отурабы, аларды көзүнө албайт, унчукпай чыдап жүрө бердик, бир-эки жолу соосунда тамашага салып мен эскерткен болдум. Кийин биринчи болуп Москвадан Мурзалиев Арстанбек докторлук диссертациясын жактап келди. Үйүнө чакырып, банкет берип калды. Бир үйүндө биз – теңтуштар бирге бүткөн, бир үйүндө аксакалдар – И.К.Ахунбаев, Эгембердиев, Айдаралиев, Арстанбектин жездеси, академик Ильясов, ушундай кишилер отурушту. Бир топ убакыт өткөндөн кийин мен, Керим, Эркин үчөөбүз аксакалдарды, биздин мугалимдер эмеспи, кирип тост көтөртүп коёлу деп баш багып

калдык. Мен: «Агайлар, силерге ыракмат, окутуп билим берип, ушул даражага жеткиздиңер. Биз да чоңоюп, жетилип, силердин артыңардан такап келе жатабыз. Чоңойгонубузду ушундан билгиле, мына, бүгүн жолдошубуз, бирге бүткөн Арстанбек арабыздан биринчи доктор болуп келди. Эми силерден суранаарыбыз, силер, биздин мугалимдер, ынтымакка келсеңер, кармашканды токтотсоңор. Болбосо, бизге жаман үлгү көрсөтүп жатасыңар, силерге окшоп доктор боло баштаганыбызда биз да бир бирибизге асылбай, элге шылдың болбой, жакшы ынтымакта жашасак, иштешсек деген үмүт бар. Силердин ынтымагыңар үчүн, Арстанбек – биздин жолдоштун биринчи доктор болушу үчүн!» – деп тост көтөрттүм эле, Арстанбектин жездеси академик Ильясов тарыхчы болсо керек, Ахунбаевдер менен теңтуш, тура калып: «Ой, айланайын, Мамбет, сага чоң ырахмат, ушундай ачык айтканың үчүн, бул ой көпчүлүгүбүздүн башыбызда бар эле, бирок сага окшош айта албай жүрдүк эле»,– деп жиберди. Танапис болуп коридорго чыктык, сүйлөшүп турдук эле Шарип басып келип, Ахунбаевдин колунун каруусунан аткый кармап, мыжый баштады. Ахунбаев жаман көзү менен карап коюп, колун тартты эле, Шарип коё бербейт. Мен көрө коюп, артынан келип Шарипти колдон ары тартып жиберип, колун бошотуп: «Колуң кычышса, мына менин колумду кармап турчу»,– десем, Шарип: «Жок, сенин колуңдун кереги жок, тээтиги кол керек»,– деп Ахунбаевдин колун корсөтөт. Ахунбаев: «Мамбет, тим койчу, бул жигиттин менде бирдемеси бар го»,– деди. Мен жолотпой ары алып кеттим. Өзүбүздүн отурушта Шарип оңолуп-токтотпой, кайра күчөй баштады. Келээрки чогулушта баарыбыз кеңешип туруп, бул акмакты арабыздан чыгаралы дегенге келдик. Отуруш башталаар замат, эчтеке ооз тийбей туруп аялдарды: «Силер чай ичип тургула, биз бир аз сүйлөшүп алалы»,– деп, башка бөлмөгө чыктык. Мен Шарипке: «Шарип, баштачы, эмне дартың бар? Качантан бери биз чыдап келатабыз. Оозуңа эмне кел-

се сүйлөйсүң, боктойсуң, жаман сөздөр менен, же сенде эле бар бекен?» – деп катуу кирдим, беркилер дагы талап кирди, унчукпайт, дулдуюп отуруп берди. Мен дагы: «Биздин уюм ушул кез-кез кезигишип, жыргап, чер жазышып жүргөн сага жакпаса, жадап бүтсөң, бүгүнтөн тартып сени биздин ынтымактан чыгардык»,– дедим эле, дагы сүйлөгөн жок. Аялдарга кирип барсак, Шарип аялын: «Жүрү, кеттик» – деди. Аялы врач, түзүк аял эле, балдары бар, аялы сырын билет экен, түшүндү. Сөз айтпай туруп, ушундай болоруңду билдим эле деп чыгып кетишти. Ошол бойдон Эркинбаевди өлөөр-өлгүчө көргөн жокпуз.

Дагы бир эсимде калганы, Бейшен Турусбековдун түштүк аспиранты диссертациясын коргоп, кечкисин бирөөнүн үйүнө чай берди, көп деле кишилер эмес. Өзүбүз – теңтуштар, сакалдуулар деп И.К.Ахунбаев, Айдаралиев болду. Булар Эгембердиев үчөө өлөөр-өлгүчө кармашты го. Биз, медиктер эмес, бүт Кыргызстан билчү булардын кармашын. Ошол убакта ушундай ийгиликтердин банкеттеринин көпчүлүгүн мен башкарып келчү элем. Бир топ убакыт өтүп, анча-мынча дуулдап калганда, ушуларды дагы бир элдештирип көрөйүн деп баштадым. «Иса Коноевич, Акматбек Айдаралиевич, экөөңүздөрдү мобу отурган окуучуларыңар, бир чети балдарыңар, көрдүңөр өсүп-өнүп келе жатабыз. Отургандар, сиздерден суранабыз, токтотсоңор кармашканыңарды, бизге жаман тарбия көрсөтүп жатасыңар. Силердин мамилеңерди бизге эмес, эстүү-баштуу Кыргызстандын эли баары билет, жашыруун эчтеке жок»,– дедим эле, Айдаралиевге ошондо отургандар ыраазы болгонбуз, тура калып: «Мамбет, туура айтасың, уят болуп жүрөбүз. Мындан ары Иса Коноевич эмне десе, сабаса да унчукпайм, силердин алдыңарда убада берем»,– деди. Биз кыйкырып: «Ырахмат, Акматбек Айдаралиевич!» – деп жаалап кеттик. Ахунбаев тура калып: «Силер ушул Айдаралиевдин сөзүнө ишенип турасыңарбы? Мен ишенбейм. Ушинтип убада берип коюп, эртең эле рецидив боло ка-

лат»,– деди. Биз дагы жаалап: «Агай, бул киши эми жаш балабы баарыбыздын көзүбүзчө убада берип жатпайбы»,– деп кирдик. Мен экөөнө тең толтура стакан шампан куюп туруп, экөөнү брудершафт кылып ичирип, бири-бирин өптүрүп, буларга ыраазы болуп тарадык. Биздин ушул уюшмабыз кийин көпкө чейин ушунчалык ийгиликте өтүп жүрдү. Азыр ошолорду кез-кез эстеп, ошол жолдошторумду сагынып калам. Кийин арабыз азайып, көпчүлүгү айтпадымбы, кайтыш болуп кетип, андай жыйын болбой калды.

Ошол биздин ынтымагыбыздан улам, артыбызда келе жаткан медиктер да биригип, бизден үлгү алып, чогулуп жүрүштү окшойт. Биринчи күндөн тартып эле башыбыздан өткөн кыйынчылыктарды ар дайым эстеп, ошол кыйынчылыктарды эрдик менен жеңип, ушул күнгө, даражага жеттик. Бизди тарбиялагандарга, Кудайга ырахмат деп, бири-бирибизди: «Ай, шумкар» – деп атап, жалпы баарыбызды: «Ай, шумкарлар» – деп чакырышып, ушул атка көнүп, ошол убакта бизди тааныгандар баары эле: «Шумкарлар», «Шумкарлар тобу» – деп калышты эле. Биз бул атка сыймыктанып калчубуз. Мен элдин колдоосу, элдин батасы менен, Кудай Таалам берген талантым, эмгегим үчүн Президент ошол илгери ат коюлган «Шумкарлардын» бири катары 2004-жылы ноябрь айында республиканын эң жогорку сыйлыгы – Кыргыз Республикасынын Баатырынын Ак шумкар өзгөчө белгисине татыктуу болдум.

## МЕНИН ИШ КҮНҮМ

60 жылдан бери тартипке салынып калган иш күнүм бар. Үч күн уктабасам да, мен үчүн көндүм болгон убакыт – эртең мененки саат беш жарым, алтыда турам. Бир саатча чуркап, болгон-билген, үйрөнгөн дене тарбия көнүгүүлөрүмдү жасайм. Жуунуп алып ишке кетем. Биздин иш саат 8де башталат, мен саат жетиде иште болом. Ишке бир саат эрте келбесем, ал күнү мен ишке кечиктим деймь. Кабинетимден чай ичип алып оор операциядан кийин реанимация палатасында жаткан оорулуулардын баарын көрүп чыгам. Саат сегизде эртең мененки конференциябыз башталат. Кээде бир саатка созулат, анда суткасына канча оорулуу түштү, канча операция болду жана башка, бизде жети бөлүм бар, ар биринде 30–40 ооруган операциядан кийинки оорулуулар жатышат – ушулардын баары жөнүндө күзөттө турган врачтар кыскача маалымат беришет. Ошонун тегерегинде ар бирибиз өз оюбузду ортого салып, туура операция жасалса, дарыласа, кетирген кемчилиги, катачылыгы болсо айтышып, пикир алышабыз. Кээде өтө катуу салгылашуулар да болуп кетет, мактоо болбойт, болсо дагы азыраак, ыгы келсе.

Ушул эртең мененки конференцияга өтө чоң маани берем. Себеби жаш врачтар, 5–6 курстун студенттери теориялык, практикалык жактан өтө чоң үйрөнчү сабак болот. Саат 9да бөлүмдөрдө обход жасалат. Профессордун обходуна бөлүмдүн бардык врачтары катышат. Мында дагы кокус түшүнүксүз диагноз болуп калса, тактап операция-

дан кийинки абалы кыйын оорулуулардын дарылоосун, диагнозун туура коюп, дарылоочу жаш врачтарга кеңеш берип, пикир алмашпай. Андан кийин кыйын ооруларды дарылаган бөлүмдөрдүн врачтарынын кайрылуусу боюнча көрүп, кеңеш бермей. Күнүнө же күн алыс, өзүм ушу күнгө чейин үч-беш же кээде сегизге чейин операция жасаймы. Операция жасачу убак ар кандай болот. Себеби мен жогоруда айтпадымбы, бизде кечиктирилгис хирургия дейт, катуу, чыдабай ооруп келген адамды кечиктирүүгө болбойт. Ошон үчүн бизде күн-түнү менен жаан-бороонго карабай электр жарыгы жок, аспаптар жок, даяр эмес деген шылтоолор болбойт.

Кээ бир адамдар ойлойт, ушул 85 жашка чыккан киши кантип операция жасайт деп. Кудайга тобо, мактанып коёюн, ушу күнгө чейин канча операция жасабайын, менде чарчоо деген болбойт. Чарчоо болот, качан кылаар ишим жок болуп калса. Адамдын ден соолугуна жана күч-кубат берип турчу нерсе – иш. Ушундан Кудай айырбасын! Түшкү дем алыш дегенди мен ушул күнгө чейин билбейм. Биздин хирургдар эч качан убактысын эсептеп иштешпейт. Убактым бүттү, кеттим деген хирург болбойт. Болуп калса, ал хирург такыр кетет. Бир мисал. Өзүм менен бүткөн, кадимки Касым Тыныстановдун баласы Эркин өзү тың, жакшы окуган, орусча жакшы сүйлөйт. Адегенде орус аялы болгон, жакшы хирург эле. Ахунбаевдин клиникасында иштеп, аспирантурасын бүтүп кандидат болуп, андан кийин профессор Рыскуловада ассистент, доцент болуп иштеп жүрүп 70тен ашып кайтыш болуп кетти. Ушу Эркиндин дагы өзүнчө кыялы бар эле. Терс жагынан. Операция жүрүп жана башка иштер болуп жатса, менин убактым бүттү деп басып кетчү дейт. Ушундай терс кыялдарынын азабынан хирургдук жагынан өйдө жыла албады. Болбосо, тили, башы атасыныкындай эле болчу.

Жаш убагымда күн-түн дебей чакырчу, келбей калган күнүм болгон эмес. Анда хирургдар аз, болгону жаш хи-

ругдар, анчейин тажрыйбалуу боло элек. Азыр менин хирург балдарым өсүп-өнүп дегендей, түнкүсүн көп чакырбайт, кыйнабайт, анын үстүнө аяйт. Кээде гана өтө оор адам түшүп же бирөөлөр сурап туруп алса, ошондо чакырышат. Түшкү дем алышта өзүмдүн кабинетимден тамак ичип алам. Айтпадымбы, кээде жумалап, күн-түн дебей эшикке чыкпай, үйгө барбай, ушул жерде калмай. Азыр, Кудайга шүгүр, жакшынакай кабинетим бар, анын ичинде эс алчу кресло, диван, идиш-аяк, электр плитка, электр чайнек, муздаткыч дегендей, бүт бардыгы бар. Убактысында өзүмдүн операциялык сестрам Гүлжамал даярдап берет. Сестрам Гүлжамал жөнүндө өзүнчө кеп кылам. Кээ күнү институтта окумуштуулар кеңеши, кээ күнү диссертация коргоочу илимий кеңеш жыйыны, кээ күнү жалпы хирургдардын кеңеши болуп калат. Ушул кеңештердин баарына көп жылдар бою төрагамын. Улуттук илимдер академиясынын жыйналышы да өтөт, анда мен президиумга мүчөмүн. Ошентип, эртеден кечке чуркап жүрмөй. Азырынча, Кудай дем берсе, мактанып эле коёюн, ден соолугум, көздүн көрүшү, кулактын угушу, колдун күчү, баштын иштеши жана башка керектүү органдарым түзүк эле. Корkконум, алжыта көрбөсүн, азырынча андай боло элек. Жашы өтүп калган адам болгон соң, кокус көбүрөөк сүйлөп койсоң же бирөөнү бирдеме деп сынап койсоң, же мактап койсоң, кээ бир акмактар ошол замат алжыды деп «аныктама» чыгарып салышат. Бул абышканын жашына карата алжытып коёт. Ал эми өзү жаш болуп туруп, ошол абышка дегенден көп тантып, алжып жатса, ал алжыганга кошулбайт. Себеби жаш адам алжыбайт деп ойлойт.

Дагы бир ишимден тышкаркы жагдай, Кудай ушундай салтыбыздан айырбасын, кесир болбосун, жумасына жок дегенде, эки жолу ар ким-ар кимдин 50, 60, 70, 80, 90 жылдык юбилейи, дагы аш-тойлор, келин алмай, кыз узатмай, тушоо кесмей жана башка жакшы нерселер болуп турат. Мындай чакырыктардан жадай элекмин, тескери-

синче, көнүп калат экенсиң, бир-эки жума чакырылбай калсаң, эмне болду деп. Мына ушулардын баарына себепсиз бир да мүнөт кечигип же барбай калган күндөрүм боло элек, муну мени жакшы тааныгандар жакшы билишет, эң жаман көргөнүм – кечиккендик, анан – калп айткандык. Операция жасабай калган күндөрү, көнүп калгандан болсо керек, бирдеме жетпегенсип туруп алат. Ортодон ошондой 4–5 күн өтүп кетсе, мен үчүн басар жер табылбай, эригип, кайсаңдап жүдөп калам. Үй жакын үчүн, бош убактым болуп калса, ооруканага 2–3 жолу келип-кетмей. Кээде чарчап же ачуум келип турган убакта, анын да азыр дарысы табылды. Небере-чөбүрө боло баштагандан тартып, келип ушулар менен ойноп, күлүп, алар асылып, жорголоп, булдурап бирдеме деп сүйлөп, кээде «ата» деп мойнума асылып, жыттатып койгондо, ошондо көңүлүң чайыттай ачылып, баарын унутуп, жыргап калат экенсиң.

Бул чындык, көп жылдар бою ушундай дары табылды, муну башынан өткөргөн ар бир чоң ата, чоң эне жакшы билет. Анан ошол эле балаң, ошол эле небереӊ чоңойгондо, кээси тескери өсүп, ачууңду дагы келтирет, нервиңди дагы жейт экен, айла жок баарына чыдайт экенсиң.

Азыр Канат уулумдун кызы үч жашка чыгып калды. «Кимдин сасыгысың?» – десем: «Атамдын»,– дейт. Кимдин күчүгүсүң?» – десем: «Атамдыкы»,– дейт. «Кийимдериңди ким сатып берди?» – десе: «Атам»,– деп кобурап жыргатат. Чөбүрөм – Жумагулдун уулу Канаттын уулу бир жашка жакындап калды, бул дагы кобурап, каткырып, басымыш болуп, атаке дегенге жарап кубантып жатат.

Үй-бүлөм жөнүндө өзүнчө. Кечкисин саат 12де жатмай, менде тынч уйку деген 45 жылдан бери жок. Тынч уктай албайм, күнүнө көп болсо 5 саат уктайм. Себеби айтпадымбы, көп жылдар бою көбүнчө түнкүсүн ооруканага чакырып, түнкүсүн операция жасап келгенде, ошону ойлонуп жатып, уйкум бузулду го дейм. Ушуга өзүм деле көнүп калдым. Уктабасам дагы, эртеси уйкум келбейт. Менин

22–887

организмим өзүнчө бир башка, кан тамырымдын басымы, билгенден төмөн 90/60. Биздин терапевттердин түшүнүгү боюнча, өзүнчө оору дейт. Менимче, менин бул кан басымым адегенде эле тубасабы? Эгер оору болсо, мындай басым менен адам жакшы жашай албайт. Башы айланып, шалдыратып, күч-кубаты кетип жаман кылат. Терапевттер дарылап, кан басымын жогорулатканга аракет кылат. Менде мындай белгилер жок. Кээде 6–7 саат операцияга эчтеке ичпей туруп калам, эчтеке сезбейм. Денемдин температурасы дагы кызык, 36дан ашпайт. Кээде 35,8 болуп калат. Кан басымым 90/65тен ашчу эмес. Кийинчерээк, жашыма карабай, кан басымым 110/70 болуп калды, денемдин температурасы ошондой эле. Журналисттер жана башкалар сурашат, ушул жашка келгени, ушул күнгө чейин операция жасашыңыздын себеби эмнеде деп. Кээ бири ойлойт, сурайт, доктор болгондон кийин, бир жакшы белгисиз дарыңыз болуп, ошону ичип жүрөсүзбү деп, эмне тамак ичесиз деп. Мен ушу күнгө чейин тамак тандап ичип көргөн эмесмин, колума эмне тийсе, эмне тамак берсе, ошонун баарын тандабай иче берем. Тамак ичиште артыкчылыгым – өтө тез ичем, ысык-суугуна карабай. Тез-тез оозум, тилим күйүп калат, ага карабай тез ичип жиберем. Ушу күнгө чейин бул көнүмүштү коё албай койдум. Кемпирим айтып калат: «Конокто отурганда, айрыкча, чоочун кишилер менен отурганда шашпай, акырын ичпейсиңби» – деп. Жок, иче албай койдум, өзүм көрүп, сезип турам. Кээ бир адамдар конокто жаңыдан иче баштаганда, мен тоюп, бүтүрүп коём.

Кудай Таалам мага боор ооруса керек, өмүрүмдө тамеки кармап көргөн жокмун, бирөө тарт деп дагы көргөн жок. Экинчи жардамы, ичкиликтен Кудай сактады, адегенде кичине иче баштадым эле, жакпады, башым ооруп, жарылып кетчүдөй болчу болду. Көрсө, ошондо эле кан басымым төмөн болсо керек. Кичине ичкенде, кан басымым жогорулап, оорута баштаса керек. Аспирантурада окуп жүргөндө,

туберкулёз ооруканасына Цуликидзе деген грузин келип, өпкөгө операция жасай баштап, мени ошого 6 айга жиберди, үйрөнүп кел деп. Жогоруда жазбадымбы, ошол грузин, аты Арчил эле экөөбүз өтө ынак дос болуп кетип, күнүгө ресторанга алып барчу. Бир күнү, эртеси дагы Арчил эрте келип, ресторан ачылаар замат муздак шампандан чоң стакан ичтик эле, ошол замат менин колум-бутум тырышып, калтырак басып, жүрөгүм түшүп, Арчил «тез жардам» чакырып, укол жасагандан кийин тарап кетти, анда көп деле көңүл бурган жокмун. Эртеси дагы бардык ресторанга, дагы бир стакан шампан тартып жиберсем, ошондой болуп тыруштырып салды колу-бутумду, абдан чочудум. Арчилдин жүрөгү түшүп калды. Ошондон кийин, Кудай колдоп, жардам кылды да, ичкилик дегенди оозума албай унуттум. Андан кийин толук 25 жыл жеңил вино ичтим, хирург киши ичкиси келсе, бекер арак күнүгө даяр. Себеби операциядан кийин оорулуулардын туугандары эшикте сагалап күтүп турат. «Айланайын, доктор, ырахмат, мындай барып тамак – бирдеме ичип келели»,– дейт. Ошонун бирөөнө эле барып койсоң, ошондон ичсең, эртеси калган оорулуулардын туугандары угушат, билишет. Ошентип, күнүгө ошолор менен кете берсең, бир жылда даяр алкоголик болосуң. Ичпегенимди жүрүп отуруп бүт Кыргызстан уккан, билген, ошон үчүн, кайда барбайын, кайсы жерде конокто болбоюн, мени ичип койчу деп сураган, кыйнаганын көрбөдүм. Кийинчерээк Саид Миррахимов менен мамилем жакшы эле. Саид ошенткен менен конокто жакшы эле иччү, ошондо былк этпей көтөрчү. Ал ич деп деле көп сурачу эмес, Мамбет, 100 граммга чейин ичсең зыяны жок»,– деп гана койчу, мен: «100 грамм баргандан кийин тилетип, бир литрге чейин кетип калат деп корком,– деп болбой ичпей койчумун. Кийин Саиддин кардиологдорунун съездине атактуу кардиолог, академик, Союз убагында саламаттык сактоо министри Е.И.Чазов деген киши келип калды. Мага сүйлөгөнү, жөнөкөйлүгү өтө жакты. Кечинде бан-

кетте бир столдо отуруп калдык, абдан ачык, көптү билген адам экен. Менин ичпегенимди көрүп отуруп: «Мамбет, эмне ичпейсиң?» – дейт. Мен: «Евгений Иванович, мен көп жылдар бою ичпей жүрөм, көп жакпайт»,– десем: «Мамбет, менин кеңешимди угуп кой, көп ичпе, ал ден соолукка зыян, анан организм каалайт, арак организмге кичине барса зыяны жок. Тил алсаң, 100 граммга чейин ичип жүр, анын үстүнө, жашы өтүп калган кишилерге тамак-аш кылганга деле пайдасы тиет»,– деди. Ошондон тартып ичип көрөйүн деп 50 граммдан баштап, азыр буюрса, 100 граммга жетип калдым. Менин жолдошторум, тааныгандар көрүп жүрөт го, 100 граммдан кийин алмай жок, буга мен көндүм. Анан буга чоң эрк керек, андай мүнөз менде бар.

Жаман көргөнүм – жалкоолук, эч кудрети жок болсо дагы кейкейип, чоң сүйлөгөндү, калп айтканды, ичи жаман, арам адамдарды, элдин ынтымагын кетиргендерди, оңой сатылып кеткендерди, тууган, теңтуш, үй-бүлөсү жок, элдин караанын көбөйткөндөрдү жаман көрөм. Айрыкча, жаман көргөнүм – калп айткандар, менин балдарым, окуучуларым ушуну билет. Калп айтпаганга аракет кылат. Бирөө жалган, калп айтып койсо, мен ошонун сүйлөгөнүнөн, көз карашынан, кыймыл-аракетинен байкап калам. Көпчүлүгү туура келип калат. Мен калпын билип калганда, элдин алдындабы же менин өзүмө айтып жатабы, ошол замат: «Калп айтпа, токтот, билинип калат калп айтканың»,– деймм. Мында хирург үчүн менин мамилем өзгөрөт.

Эми мындан ары канча жашайм, Кудай Таалам өзү билет. Бирок өз каалоосу боюнча өлөйүн деген кишини көрө элекмин. Ден соолук берсе, ушул күч-кубатым болсо, дагы эле ушу иш күнүмдү ушундай узата берем го деген үмүтүм бар. Буга мен аракет кылам.

## ҮЙ-БҮЛӨМ ЖӨНҮНДӨ

1952-жылы Сокен экөөбүз үйлөндүк. Азыр чоң үй-бүлөбүз, баш-аягы болуп 16 адамбыз. 4 келиним, 5 неберем, үч чөбүрөм бар. Кудайга шүгүр, бактылуу карылыктын доорун сүрүүдөбүз.

Байбичем Сокенден баштайын. Сокен университеттин тил-адабият факультетин бүтөөр замат үйлөндүк. Үйдөн көп кыйналбай калдык дебедимби. Институтту бүткөндө, менде үй эмес, эч нерсем жок эле. Баарын көрүп, түшүнүп туруп, кайнагам Алышбаев Жумагул жардам берди. Кыргызда ушундай акылдуу, мээлүү, адамкерчиликтүү, өтө жөнөкөй, боорукер адамдар чанда кезигет. Ал киши Москвадан Жогорку партиялык мектепти артыкчылык диплому менен бүтүп, ошол эле жерде аспирант болуп калат. Так ошол биз үйлөнгөн жылы каникулга келип калып, биздин үйлөнүү тоюбузду өзү ырымдап өткөзүп, үй-бүлөсүн – аялын, кызын алып Москвага кетип калды. Үйү чиркөөнүн жанында, ал убакта автобазанын маңдайындагы эки кабат эки каркастуу үй эле. Эки кичине бөлмө, шарты деле жок, туалет жалпы короодо. Муру комсомолдун Борбордук Комитетинин жооптуу кызматкерлери, драма театрынын көрүнүктүү артисттери турушчу. Ошол үйүн Алышбаев эч нерсеге тийбей, идиш-аягын, жууркан-төшөнчүлөрү менен бүт бизге таштап кетишти. Биз даяр үйгө туруп калдык. Ошол үйдөн кийин уланып, башка үй алып оңолуп кеттик.

Сокен экөөбүз бир айылданбыз, кичинесинде энеси эрте өлүп, атасы армиядан кайтыш болуп, сиңдиси, иниси үчөө

чоң энеси менен калып, жокчулукту, жаманчылыкты көп башынан өткөргөн. Кийин агасы Жумагул Алышбаев армиядан келип, ушул кишинин жардамы менен окуп, бүтүп калган. Алышбаев аспирантураны аяктап, экономика боюнча илимдин кандидаты болуп келип, ошол замат республикадагы партиялык мектепке директор болуп дайындалат. Москвадан келгенде үй алгыча чогуу туруп калдык. Кенедей эки бөлмө эле, ал убакта мага заңгыраган чоң үй болуп көрүнчү. Адамдын көзү тойбойт деген ырас, азыр мен турган үй, буюрсун, ошол үйдөн 10 эсе чоң, ошентсе дагы тарыраак көрүнүп баратат. Бир жылдан кийин үй алып кетишти. Биз ошол үйдө көп жыл туруп калдык. Ал үй мен үчүн акжолтой үй болгон. Адегенде мен врач-ординатор катары 600 сом алам, Сокен орус орто мектебинде сабак берет, мугалим, анча-мынча акча алат. Көп эле кыйынчылыктарды көрдүк, Сокен оокатка, тамак жасаганга, үйдү таза кармаганга өтө укмуш эле. Ошентип, барына, жогуна, менин кыялыма чыдап, жакшы эле оокат кылып жүрдүк.

Анан мен 1958-жылы аспирантураны бүтүп, илимдин кандидаты, ассистент болуп калдым. Турмушубуз кичине оңоло баштады. Аспирантурада окуп жүргөндө Алышбаев өтө көп жардам берип жүрдү. Эскирээк костюм-шымын бере коёт. Депутат, академик болду. Ошол келээр замат депутаттык стипендиясын аялына көрсөтпөй бизге берип жүрдү. Ошондо, аба айтып калчу Соняга, аялыма көрсөтпөгүлө, айтпагыла деп. Көрсө, сырын билчү экен да, ошентип тырышып оокат кылып жүрдүк. Ассистент болгонумду айтпадымбы, үч бөлмөлүү үйдү шаардык аткаруу комитетинин төрагасы Садыгалиев берип, дагы үй жагынан оңоло түштүк, Вокзалдын маңдайында төрт кабат үй эле. Бул үй дагы акжолтой үй болду. 1969-жылы Сокен Канат деген уулумду төрөп берип кубантты. Иштен калган жок, көп жыл академияда тил-адабият институтунда илимий кызматкер болуп иштеди. Канат төрөлгөндөн кийин, тез эле

дагы совминдин жаңы үйүнөн төрт бөлмө үйдү Сүйүнбаев Акматбек берип, жыргап калдык. Ошондон тартып Сокен бала менен колу бошобой, экинчи баласы мен болуп, мен да күн-түн дебей ооруканадан чыкпай, докторлук диссертацияга даярданып жүрүп иштебей, пенсияга чыгып алды. Ошондон бери үйдүн ээси, балдардын, неберелердин сүйкүмдүү энеси, чоң энеси. Чынында, Сокен бир аз күн жок болуп калса, ал үйдө эч ким жашабагандай аңылдап калат. Кийинчерээк буту ооруп, бир буту 3–4 сантиметрге кыскарып, таяк менен басып калды. Үйгө кирип-чыкканы тың эле, азыр келиндери, балдары жардам кылып, оокатынан бошотуп, тынч эс алууда. Тилейбиз, аман болуп эле үйдүн ээси, карааны болуп турса болду деп. Мурун кирип-чыккан жолдоштор көп болчу: Миррахимов, Данияров, Иманбаев жана башка көп эле теңтуштар. Бир жолу Иманбаев Сулайман аялдардын баарын алып келген жүргүлө деп, ээрчитип, колуна тутам кебез алып, ар бир үйгө кирип, терезе-эшиктердин, мебелдердин үстүн сүрүп чыгып, кебезди аялдарына көрсөтүп жатат: «Карагылачы, Сокен эженин тазалыгын, бир да кир жугуп калган жок. Үйрөнбөйсүңөрбү тазалыкты ушул кишиден»,– деп.

Чыңгыз Айтматов менен дагы жаш убакта ынтымагыбыз өтө жакшы эле. Сокендин тост сүйлөгөнүн Чыңгыз абдан жактырып: «Сокендин сөзүн магнитофонго жазып алып, кийин бир өзүнчө очерк жазса болгудай экен»,– деди эле. Тамак-аш жасаганга өтө устат, келген коноктор таң калып, жогорку баа койчу. Биздин жакын келиндерибиз баары оокат кылышты, тамак жасашты, тазалыкты ушул жеңеси, энеси Сокенден үйрөнүштү. Менин өтө таң калганым, экөөбүз алтымыш жыл бирге жашадык деп жатпаймынбы. Ушунун мээсинин эске тутуусу укмуш, 60 жыл илгерки окуяларды кадимкидей жылы, күнүнө чейин жаңылбай айтып берет. Айрыкча, эми айта берсе болот, менин тааныш жүргөн аяштарымдын атын, кайсы жылы жүргөнүмдү кадимкидей айтып берет. Кээсинин аты-жөнүн,

өзүн да унутуп калдым. Эстегенде, Сокенден тамашалап сурап калсам, кадимкидей айтып, эсиме салып коёт. Азыр 82 жашка кетти, буюрса, бутунан башкасы кадимкидей, эс-акылы, көзүнүн көрүшү, кулагынын угушу, тилинин сүйлөгөнү, тактыгы кадимкидей. Кээде тамашалап калам, карыганда бир кулак начар угуп калса түзүк болоор эле деп. Кыскасы, Сокен менен 60 жыл жашаш деген оңой эмес. Мынча жашаганда өйдө-ылдый да болдук. Түз эле жыргап, урушпай-тартышпай, ушул турмушка жеттик деген – ал жалган, калп болуп калат. Баары болду, өйдө-төмөн кетүү, урушкан-талашкан күндөр дегендей. Ошонун баарын чыдап көтөрүп, бири-бирибизге кечиримдүү болуп, ушул турмушка, ушул ийгиликке, ушул сый-урматка, даңк-даражага Сокендин чыдамкайлыгы, эмгекчилдиги, түшүнгөндүгү аркылуу, ардактап бакканы, бала-бакыралуу, небере-чөбүрөлүү болуп жеттим го дейм. Бул үчүн Сокен кемпириме өлгүчө ыраазымын жана ырахматымды айта жүрөм деп ойлойм.

**Уулдарым жөнүндө.** Эки уулум бар, улуусу Бакыт быйыл 49га чыгат, өзүбүздө диагноз койчу ультра-үн деген аппаратыбыз бар, ошондо иштейт. Мурун бир жумада текшерип, изилдеп жатып, оорунун диагнозун араң тапчубуз. Ушул аппарат пайда болгону анын жардамы менен бир минутада диагноз коюлат. Жакшы билген адис болсо, 100% туура диагноз коёт. Келинчеги Анара өзүбүздө физиотерапия бөлүмүнүн башчысы. Эми Анарадай келин чанда эле кезигет го. Бул келинимдин жөнөкөйлүгү, адамкерчилиги, жүргөн-турганы, оокат кылганы, тамак-аш жасаганы кайненесинен кем эмес. Канча жыл чогуу жашайбыз, оозунан жаман сөз чыкканын уккан жокмун. Мен келин алган, кыз узаткан көп жерлерде жаңы келинге ар дайым айткан каалоом бар. Бул: турмуштан өз көзүм менен көрүп жүргөндөрдү кийинкилерге үлгү болсун деп, ар дайым айтып, эсине салып мисал кылам. Анча-мынча эси бар жаш келиндерге мисал боло алат. Менин каалоом, берген кеңе-

шим: «Айланайын, келиним, кызым, барган жериңде кайненең эмне десе, урушса да кайра айтышпа, жумшаган жагына чуркап иште, үчтү төрөгүчө, үчтү төрөгөндөн кийин, баягы кайненең мурункудай эле ажылдап тилдей берсе, эми убактысы жетти го деп бир жаман көзүң менен тиктешип ал, мээси бар кайнене болсо түшүнөт. Андан кийин оозун басып, башка мамиле жасай баштайт. Экинчи берчү кеңешим, өзүңдүн үйүңө, энеңе кез-кез барасың да, энең сөзсүз сурайт, кандай жашап жатасың, эмне тамак ичип жатасың, эмне сөздөр болуп жатат деп, ошондо сен эчтеке айтпа, билсең, уксаң да. Айт, эне, баары жакшы деп кой, уккан-көргөнүңдү энеңе айтсаң, ошондон эки кудагыйдын чыры башталып, баркы кете баштайт да, акыры чатак менен бүтөт».

Ушуга өзүм уккан-көргөндөн бир мисал. Айрыкча, чоң адамдар, чоң кызматтагылар бири-бири менен куда болуп калганда байлыгына чиренип, иштеген жерине чиренип, бир-бирине баш ийиш өтө кыйын. Балдары кыргызчылыкты көп билбей, орусча өсүп калгандар. Атын-жөнүн айтпайын, чоң адамдын кызына чоң кишинин баласы үйлөнөт. Кийин жашай баштаганда, кыздын күйөөсү кайнатасынын туулган күнүнө 300 сом алып барат. Кийин күйөө баласынын туулган күнүнө 30 сомдук туфли алып барат. Күндөрдүн биринде кыздын күйөөсү бирге эрди-катын болуп жашап жаткандан кийин аялына айтат: «Мен окууну жаңы бүтүп келип, атаңа 300 сом алып барсам, атаң ушунча чоң кызматта жүрүп араң 30 сомдук туфли алып келет»,– деп. Бир чети тамаша, бир чети чындык кылып. Ошондон кызы зуулдап атасына чуркап барып күйөөсүнүн айткандарын айтып берет. Атасы кудасына барып чоң чатак болуп, ажырашып, анан кайра табышкан. Ушундай кокустуктарды көп кезиктирдим. Бул баланын аялы, аялы катарында унчукпай, арызданбай, айтпай койсо, эч чатак жок эле да.

Азыркы кайнене дагы, келин дагы өтө кыйын. Кээде бири-бирине баш ийбей, келин деген келиндигин билбей,

кошо айтыша кетсе, же кайненеси энеси экенин унутуп, көнгөн тил менен ажылдай берсе, келини бир чыдайт, эки чыдайт, анан бети ачылат. Бети ачылгандан кийин, оңолуш кыйын, же ажырашып же бөлүнүп, башка жашап кетпесе, оңолбойт. Ошон үчүн аялынын сырын билген ата, балдары үйлөнгөндөн кийин, келини, кайненеси бирин бири түшүнгүчө, шарты келсе бөлүп койсо, сонун болот. Бирин-бири алыстан сыйлашып, урматташып жакшы жашап калат. Менин келиним Анарага келейин. Кемпиримдин тили, мүнөзү бар, аны мен жакшы билем. Анара, энеси эмне деп сүйлөсө дагы, бир дагы баш көтөрүп жооп бергенин көргөн жокмун. Эки неберени төрөп берди, ошондон ушул күнгө чейин Сокен келини Анара эмне десе, макул, 100% баш ийди. Анарасыз анда күн жок, жеке кайненеси эмес, бардыгыбызга, ага-туугандарга жасаган мамилеси, эми сөз табылбайт, укмуш, аман болсун. Күйөөсү Бакыт тартиби начар, көбүрөөк чээнден чыгат, иче коёт, муну тааныгандар баары билет. Жашырганда эмне, мен болгон нерсени жашырып көргөн эмесмин. Анара ушуга чыдады. Ушул күнгө чейин Бакытка өйдө карабайт. Өткөн жылдары Анара келинимди сөзгө салдым: «Анарочка, сен ажырабай эле кой, күйөөңдү жөн коркутуш үчүн, сени менен жашабайм, ажырашам деп көрчү»,– деп үгүттөдүм. Анара көнбөй койду: «Ата, кантип айтам? Бакытты тамашалап: «Аман жүрсөң болду, мен сени пенсияга чыгарып туруп кетем»,– дедим, эмнеси болсо дагы, аман жүрсүн, жаманчылыгын көрсөтпөй, үйүнө ээ болуп аман жүрсө болду деп тилеп калдым»,– дейт. Эки уулу бар дебедимби, экөө тең институтту бүттү, улуусу Жеңиш 25 жашта, 2 жыл мурун биздин медакадемияны бүтүп, анан өткөн жылы биздин ординатураны аяктап, азыр өзүбүздө хирург болуп иштеп жүрөт. Аял ала элек, аял алчу кейпи жок, ушул маселенин тегерегинде көптөн бери бизде чатак. Экинчи уулу Азат. Бул небереме чоң ырахмат, эрте аял алып, азыр эки чөбүрөлүү кылып кубантып жатат. Азатик өзү менен бирге окуган Стелла деген таты-

накай кызга үйлөнүп, экөө тең Славян университетин ийгиликтүү бүтүрүшүп, иштеп жүрүшөт. Чөбүрөлөрүм, Кудай жалгап, экөө тең кыз. Биз кызга кем элек, неберелер жалаң эркек болуп, кыз тилечү элек, бул тилегибиз аткарылды. Кичинекей келиним, келиним дебейм, кызым деп эркелетем, кызыбыздай мамиле жасайбыз. Өзү да келинге окшобой кызыбызча кенен жүрөт, өтө тың эпилдеп, адамкерчилиги сонун, кыргызча сүйлөп, кыргыздын салт-санаасынын баарын жакшы билет. Азатик болсо, Бакыттан кичүү, мурун кыргызда улуусу аял алмайынча кичүүсү албай жүрө берчү, азыр заман башка, түшүнүк башка болуп калбадыбы. Азатик аял алаарда мага келип кеңешти, адегенде уялып, бир чети менден коркуп айтпай, энелерине айтса, баары каршы болуп, макул болбой коюптур. Мага, иштеп жаткан кабинетиме кичүү неберем – Канаттын уулу экөө кирип келип, Жумка баштады: «Ата, Азат аял алам деп жатат, сүйлөшкөн кызы менен убадасы бүтүп калган, бирбирин абдан сүйүшөт»,– деп. Мен токтоосуз макул болдум, андай болсо бүгүнтөн калбай үйлөн деп. Экөө тең сүйүнүп чуркап кетишти, үйгө барсам, ыжылдай баштады, бир заматта алардын оозун бастым. Ошентип, Азатигим үйлөнүп, эми минтип эки чөбүрөлүү кылып кубантып отурат.

Экинчи уулум Канат, Канат азыр 42 жашка карады, уулум жөнүндө өзгөчө оюм бар. Бул уулум – менин кубанычым, сыймыгым, жолдошум, кеңешчим. Себеби төрөлгөнү ушул күнгө чейин эң тартиптүү, эч кимден акылэс сурабайт. Менимче, мен өзгөчө тарбия дегенди деле берген жокмун. Мен өзүм ушул күнгө чейин тарбия дегенди түшүнбөйм. Ар жагында, баланын негизинде – өзүндө эчтеке жок болсо, канчалык тарбиялаба, канчалык курсагын тойгузуп, кийбегенди кийгизип, камап алып же башка шарттарды түзүп багасыңбы, башкача сабак, акыл үйрөтөсүңбү – баары бир мындай баладан эчтеке чыкпайт. Андайларды күнүгө жүздөгөн балдардан көрүп жүрөбүз. Эч кимге жашыруун эмес, атактуу, эл-журтка эмгеги сиңген, эл сыйлаган, урматтаган ата-энелерди көрүп жатпайбыз-

бы. Баласы туулгандан жер бастырбай, курсагын бир минут ачырбай багып-чоңойтуп, аягында эне-атасын жер каратып, башын көтөртпөй, ичтен жеген курттай жеп жүргөнүн. Эне-атасы арыздана ала албайт, канчалык жинди болсо дагы намыстанып, сыздап жүрө берет. Мен ушул жагдайда да, бала үйлөнүп жатканда ар дайым айткан бир каалоом бар. Ал балага: «Айланайын, балам, окутуп, чокутуп, эч нерседен кор кылбай, институтту бүткөзүп, эми аял алып берип отурам. Ушул күнгө чейин менин мойнума минип келдиң. Эми аялыңды учкаштырып миңгизе бер. Мен батышынча мингизип көтөрө берейин, суранаарым, кыйшаңдабай түз отуруп берсең. Жок, болбой эле кыйшаңдап кетип калат. Мындайдын бетин ары кылсын, жөн эле эскертип жатам»,– деп тамашага айлантып кетем. Чындыгында, ушундайларды ар бирибиз көрүп, угуп жүрбөйбүзбү.

Эми Канатигим жөнүндө. Биздин институтту артыкчылык диплому менен бүттү. Кээ бир көралбас адамдар ойлойт атасынын жардамы менен деп. Кудай алдында, Канат институтту бүткөнчө бир да кафедрага басып барган жокмун. Өзү дагы бул жерден кыйналып жатам деген жок. Бир жолу барганым, 5-курсту бүтүрүп жатканда, бүт экзамендеn баасы беш экен, жалгыз физикадан төрт экен. Ошондо физика кафедрасына барганым ырас, мен айттым: «Мунун бааларынын көркүн бузуп жаткан сенин физикаң экен»,– десем, кафедра башчысы: «Агай, түшүндүм»,– деп туруп кайра экзамен алып, «эң жакшы» деп баа коюп берген. Институтту бүтөйүн деп жатканда, 19 жашында үйлөнүп, абдан чоң кубантты, мен башынан эле кыз болобу, эркек болобу, ар дайым үгүттөп, эрте үйлөнтүүгө аракет жасачу элем. Баласы Жумагул атасынан 19 жаш эле кичүү. Институтту бүткөндөн кийин өзүбүздөн клиникалык ординатураны, аспирантураны ийгиликтүү бүткөзүп, убагында, кечикпей илимдин кандидаты болду. Хирургдук кесиби дагы чогуу ийгиликтүү жүрө баштады. Андан кийин узартпай, докторлук диссертациясына даярданып, аны дагы ийгиликтүү коргоп алды. Андан кийин өзүбүзгө, Улуттук хи-

ургия борборуна башкы врач болуп дайындалды. Бул милдетин ушул күнгө чейин ийгиликтүү аткарып келе жатат. Мен окуп жүргөндө көп байкачу эмес элем, ошондо эле бул Айтматов Ильгиздин баласы Семетей экөө теңтуш, бир короодо жашачу элек. Экөө Новосибирскиге барып, ошол жактан самын, сигарет, башка оюнчуктарды бир машинага басып алып келишиптир. Менден коркуп айтпайт, көрсөтпөйт. Айтматов үйүнө түшүрүп, кийин билип калып барсам, үйү толтура, ошолорду сатып, ошол бизнеске көнүп, үйрөнүп кетип, ушул күнгө чейин азыр бензоколонкасы бар. Казак коммерциялык банкынын директору. Канатигим аман болсун, башы иштеген бала, күн-түн тынымсыз чарчабай иштейт. Азыр жумушсуз жүргөн бей-бечара, туугандардын баарын Канат багат. Жумкадан кийин дагы энеси экөөбүздү кубантып, бир кыздуу болгон, Сенемка төрт жашка чыкты, уулу бар, жарым жашка чыгып, жыргатып жатат. Азыр менин уулум гана эмес, кеңешчим, акылдашчум. Көп жерден мен Канаттын кеңешин угуп, баш ийип калдым. Канатигим мени ушу күнгө чейин бир да капа кылып көрө элек, менин көзүм менен айланып турат. Буга: «Тобо, Кудай, ушуну кут кыла көр»,– деп жакамды карманып турган кезим.

Неберем Жумагул – Канаттын уулу, жыйырма экиге чыгат. Институтту бүттү, келинчек алды, Кудай жалгап, чөбүрөлүү кылды, азыр эки жашка чыгып калды. Ушул чөбүрөм жыргатат, кобурап сүйлөп, «Ата» деп калды. «Сасыдан»,– десем, тез эле шымын чечип, даяр боло калат. Жумка иштеп жүрөт, бул неберем өтө адамкерчиликтүү. Таанybаган кишини, 5 мүнөт сүйлөшсө, өзүнө көңүлүн буруп алат, өтө элпек, жароокер. Ушулардын эрмеги менен, айтпадымбы жогоруда, көп чарчабай, көңүлүм ачылып, кубанып жүрдүм деп. Жумканын келинчеги ушунчалык жөнөкөй, жароокер, кыргыздын салтын ушунчалык жакшы билет. Муну деле келинибиз дебей, кызыбыздай көрөбүз. Өзү дагы бою кичине, арык, мен ар дайым тамашалап: «Менин энеме окшошсуң»,– дейм.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ ЖАНА КООМДУК ТУРМУШ

60 жыл хирург болуп иштедим дебедимби. Ушул жылдары Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин эки 1-секретары Усубалиев Турдакун, Масалиев Абсамат, плюс үч Президент: Акаев Аскар, Бакиев Курманбек, Отунбаева Роза Исаковна жана эми, буюрса, төртүнчү президент Атамбаев Алмаз менен иштеше баштадым. Канча иштешебиз, аны турмуш, Кудай өзү билет. Буларды атап кеткеним, алар менен кандай иштештим, мага кандай мамиле жана сый-урматтарды көрсөттү? Мен Кыргыз Республикасынын Баатырдыгын Президент Аскар Акаевдин убагында алдым, ушул менин Баатыр болушумду кээ бир көралбастар мага Акаев «белек» кылып бергендей сөз кылышты.

Ар биринин убагында эмне сыйлыктарды алдым, ошону окурмандарга түшүндүрө кетейин.

*Турдакун Усубалиевдин убагында:*

– Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы, 1973-жыл.

– Октябрь революциясы ордени, 1970-жыл.

– Эмгек Кызыл Туу ордени, 1976-жыл.

– Жогорку Советке депутат болдум.

– Фрунзе шаардык советинин депутаты болдум, 1975-жыл.

– Кыргызстан КП БКнын текшерүү комиссиясынын мүчөсү, 1981-жыл.

– Кыргызстан Компартиясынын XVII съездинин делегаты.

*Абсамат Масалиевдин убагында:*

– Элдердин Достугу ордени.

Кыргыз ССРинин илимин эмгек сиңирген ишмер, 1987-жыл.

*Аскар Акаевдин убагында:*

– III даражадагы «Манас» ордени, 1997-жыл.

– I даражадагы «Манас» ордени, 2003-жыл.

– Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, 1989-жыл.

– Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, 1995-жыл.

– Кыргыз Республикасынын 1993-жылы илим жана техника тармагындагы Мамлекеттик сыйлыгы, 1998-жыл.

– Эл аралык «Руханият» сыйлыгы, 2002-жыл.

– Жогорку Кеңешке эки жолку депутат.

– Кыргыз Республикасынын Баатыры, 2004-жыл.

*Курманбек Бакиевдин убагында:*

Жогорку Кеңешке депутат болуп турганда Курманбек экөөбүз бир катарда беш жыл чогуу отурдук, мамилебиз жакшы эле. Мени ар дайым: «Мамбет аба» – деп, жакшы мамиле жасоочу. Мен да аны: «Курмаке» – деп, анан Президент болгону, 80 жашка чыгып калганда, ошонун алдында кирип, ал-жайымды айтып коёюн деп кабыл алуусуна сурандым, кабыл албады. Андан кийин эмне болду, мени түзүк көрчү эле деп жүрүп, мамлекеттик катчы А.Мадумаровго, Нур уулу Досболго бир нече жолу киришке сурандым, алар да кабыл алышкан жок. Бизге, Улуттук хирургия борборуна эки жолу келем деп, келген жок. 80 жашка чыкканда коллектив, академиктер, медакадемия, Саламаттык сактоо министрлиги сураныщты ушул Улуттук хирургия борборун менин атыма коюп берүү жөнүндө жооп берген жок. Курманбек менен мурунтан «сен, мен» деп көрүшкөн эмесмин. Менин жаман оюм: – Мени Акаевдин жакын кишиси, Баатырлыкты берген деп күнөөлөдүбү? Акаев мага Баатырлыкты белек кылып берген эмес, өз эмгегимди баалап берген. Акаев мени жалгыз эмес, иштеген, элге эмгеги сиңген, эл тааныган адамдарды – баарын

сыйлачу. Курманбек кичине адамгерчилиги болсо, ушуну эске алыш керек эле. Адамкерчилиги жоктугу Президент болуп иштеп турган аралыгында билинди го. Болбосо, Акаев буга эмне деген жакшылыктарды жасады, кызматтан кызматка жогорулатып, көтөргөндөн башка жамандык кылган эмес. Ошол бойдон Бакиевден түңүлүп, беш жылдын ичинде бир да кезиккен жокмун.

Үчүнчү **Президент Роза Отунбаева** менен кез-кез жыйындарда кезигип жүрдүм. Розаны мен кыз чагынан ушул күнгө чейин баскан-турганын, иштеген иштерин, толук болбосо да билемин, өтө урматтаган адамымдын бири эле. Эми айтсам болот, көп жыл мурун атасы Исак тирүүсүндө Жогорку соттун мүчөсү эле. Ошондо ушулардын чоң атасынбы же чоң энеси бекен, эсимде жок, мен операция жасап, айыгып кеткен. Исакем үйүнө чакырып ырахмат айтып, коноктогон. Ошондо Роза институтта окуп жүргөн убагы болсо керек. Ушундай татынакай, сүйлөгөнү такылдап укмуш. Ошондо чет тилди билгендей көрүндү эле. Көрүп, байкап отуруп өтө жакты. Эшикке чыгып кеткенде, атасына: «Исаке, ушул кызың аман болсо, бир балээ болот»,– дедим. Исакем: «Маке, айтканың келсин»,– деди эле. Муну эч качан айткан эмесмин. Исакем тирүү болгондо, айтат элем. Болуп турганда, кийин айтсам, дагы Мамакеев көрөгөчтүк кылып, дагы көзү менен сынап көрөгөч болуп кетти деп, кээ бирөө Президентти желмогуз деп айтты деп да жазышат беле? Мен үчүн, жеке мен үчүн эле эмес, жалпы эле элдин өкүнүчү – узак убакыт президент болбой калганы. Себеби бир жарым жыл иштеген убагында өзүн элге укмуштуудай жакшы жактарынан көрсөтүп койду. Роза, аман болсоң, дагы эле кыргыз элине чоң жардам, пайдаң тиерине ишенем.

Эми төртүнчү *Президент Атамбаев Алмазбек* менен чогуу иштей баштадык. Мен Алмазбекти көп жылдардан бери, биринчи депутат болгондон тартып билем. Бир бирибизди сыйлоодон, урматтагандан башка, «сен, мен» деп көрүшкөн

эмеспиз. Менин баамымда, мээси менен тили төп келишкен адам. Алмаздын адамкерчилигин, ишмердүүлүгүн жакшы билем. Коркпой түз айткан, негизги касиети – таза, уурдап-жулбай, өз көмөчүнө күл тартпаган адам. Жетекчи киши ушундай катуу, аянбаган, коркпогон, түз айткан, өзүнүн оюн жакшы билген, калп айтпаган, өзгөчө эрктүү адам болуш керек. Биздин элге темирдей бек, өтө катуу, керек болсо болгон жерде орой мамиле жасоочу киши керек. Алмазда, менимче, ушул белгилер бар.

Ал эми Максимдин көзү жөнүндө унутулуп калды көрүнөт. Ага менин өтө деле капам жок. Бир жагынан карасам, көзүн туура эле сындагам. Мындай көз болбогондо, республикага ушунчалык ызы-чууну, шумдуктарды соо көзү барлар жасай алмак эмес. Алмаз менен канча иштешем, Кудай Таалам өзү билет. Ушул Президент жакшы иштеп, элдин ынтымагын оңдоп, акжолтой Президент болду дегенди көрүп, угуп кетсем, арман жок.

Ушул жетекчилердин арасынан жакшы көргөнүм кимдер? Эмне үчүн бирөө жаман көрөт деп мен жаман көрүшүм керек? Ошолордун бири академик Аскар Акаевич Акаев менин жакын тууганым, теңтушум эмес, болгон да эмес. Акаевди мен академияга президент болуп келгенден тартып тааный баштадым. Биринчи жолу, шааркомдун жыйыны болсо керек, компьютер жөнүндө доклад жасап, ошондо жанымда отурган жолдошторго айтканым эсимде: «Мындай докладды уккан эмесмин, адис болбосок дагы, ушундай жөнөкөй тил менен баарыбызга түшүндүрүп койду»,– деп. Буга чейин Акаевди көргөн да, уккан да жок элем. Президент болгондо, анда мен депутат болуп калдым, ошондо кез-кез келип сүйлөгөнү, жооп бергени укмуш эле. Акырындык менен тааныша баштадык, бизге, Улуттук хирургия борборуна келип, өз көзү менен көрүп, операцияга катышып, өтө ыраазы болуп, жакшы баа берип, Президенттин акчасынан ремонт кылып алгыла деп миллион сом берип кетти. Менин ишимди өз көзү менен көрүп, мен даяр-

даган хирург балдарымды көрүп, көзү жеткенде ушул урмат, сыйлыктарды берди го. Акырында, Кыргыз Республикасынын Баатырын ыйгарып кетти. Ошон үчүн мен Акаевди жогору баалайм, Акаев мени дагы адис катарында жогору баалоочу.

Анан эч себеби жок эле, кээ бирөөлөр дүрбөсө, кошо дүрбөп, эмне үчүн ошол дүрбөгөн топко кошулушум керек? Айла жок, кеткени канча жыл болду, Акаевдин үстүнөн канча жаман ушактар айтылды, ушул күнгө чейин күн-түн дебей айтып келе жатабыз. Кана, ошонун бири чындыкка чыгып, далилденгени? Сөз бойдон калып келе жатат. Үйбүлөсүн жамандап, аялы башкарып калган деп айтып жүрүшөт, ал эми бул жагы чындык. Ар бирибиз ойлоп көрөлүчү, өзүбүзгө жар салбай эле, ким жеткизди ошол аялынын антип башкарып калганына? Менимче, 100% туура, биз өзүбүз Майрамдын тегерегинде айлана чуркап, көзүнүн агы менен кошо айланып, кээси кызмат үчүн, кээси аман калыш үчүн көрүнгөн тешигине темир болобу, чүпөрөк болобу, кагаз болобу, тыгып берип жатпадыкпы. Ушуну менден сураган, кыйнаган деп бирөө айта алган жок. Ошентип, биз өзүбүз акырындык менен үйрөтүп, кыныгын алдырып, анан ал кишиге да көндүм иш болуп калып, ар бир жыртыкчалары дагы араандай ачылып, тойгуза албай калат экен. Ошон үчүн, бирөөнө ушинтип жабышкандын ордуна, ар бирибиз өзүбүздү ойлосок, чынында эле ал эмес, мен күнөөлүүмүн го деп, качып кеттишине. Менимче, качпаганда эмне кылат, ар бирибизге жан керек, жан деген өтө таттуу, табылгыс нерсе. Кыйкырган, өкүргөн, ичип алган, нашаа тарткан, анча-мынча акчага, үгүткө алданган жаш балдар, көпчүлүгү эч жерде иштебеген, көчөдө жүргөн балдар, ишинен куулгандар, колуна таш, темир, таяк, союл көтөрүп алып, жолунда кезиккен эшикти, терезени, үйдү, анын ичиндеги эмгектер – булардын баарын талкалап жүрүп отурат. Ойлойсуң, Президенттин күнөөсү болсун, бул эмеректердин эмне күнөөсү бар эле? «Эмне үчүн талкалай-

сың?» – деп сураган киши жок. Эки жолку төңкөрүштө, ушулар, айрыкча, Ак үйдү канча талкалап, канча зыянга алып келди? Аны оңдоп, ремонт кылыш үчүн канча каражат кетти? Ошондо, кокус Акаев кетпей, ошол жерден ушуларга кезигип калганда, эмне болмок? Менин оюмча, булар сөзсүз Акаевди өлтүрмөк, жаңкыдай мээси аракка, нашаага айланган балдар колунда эмне кармап турса, ошону менен чачы жок башка бир тартса, бүтмөк соодасы. Ошон үчүн өлбөйүн деп, башкалар өлбөсүн деп качып кетти. Менимче, туура кылган. Ошондон бери, угуп жүрөбүз, Акаев Москвада Ломоносов университетинде иштеп, өзүнүн билими менен таанылды, буга чейин деле билимдүүлүгүн бүт союз билген.

Жан таттуу, кыйын дегенге бир мисал. 55 жыл мурун, мен ординатор болуп жүргөндө, бизге билим берүү министринин орун басары Мусакунов деген аппендицит болуп түшүп калды. Михайленко деген хирург операция жасап, операциядан кийин каза болуп калат. Ошондо 20–30дан ашык уйгур келген, союл көтөрүп, кээси бычак кармап колуна, Михайленкону өлтүрөбүз деп. Биз, айлабыз кетип, үстүңкү кабатка, Ахунбаевдин клиникасынын туалетине камап, тышынан кулпу салып, камап жатып аман алып калганбыз. Тигилер бүт кабатты кыдырып тинтип, таппай кетишти. Ошондо антип катпасак, Михайленкону Мусакуновдун күйүп-бышып турган туугандары сөзсүз өлтүрөт болчу. Канча күн көрүнбөй качып, жашырынып жүрүп, Ивановкага хирург кылып жиберип, туугандарын иштен алып, араң жоошутканбыз. Туугандарына: «Михайленко жок, качып кетти»,– деп койдук. Биздин президенттердей эле качып кетип, аман калды.

А.Акаев, угушумда, баргандан ушул күнгө чейин студенттердин, илим-билим жетекчилеринин арасында өтө зор ийгилик, сый-урматка жетип жүрөт, аман болсун. Кыргыз элине жасап кеткен иштери эстүү-баштуу адамдардын оюнан, эсинен эч качан кетпейт. Ошон үчүн мен суранаар

элем, жаңы Президенттен жана башка Акаевди унута албагандардан, канча жыл өттү, айтып эле түгөтө албай келатабыз, болду го, Акаевди жамандагандан мүйүз деле чыкпайт. Акаевди дагы эле унута албай жүргөн экен деп жабышсаңар, мен даяр, корко турган эчтекем жок. 85 жашка чыктым, чыкканыма кубанам.

Бакиев жөнүндө эч жакшы сөз айта албайм. Бул адам өзү, бир туугандары, балдары өзүлөрүнүн ким экенин, бүт бандиттердин тукумунан экенин көрсөттү. Канча адамдын убалына калып, эне-аталарын, бир туугандарын боздотуп, капа-кайгыга салып кетти. Булардын күнөөлөрү акырындык менен далилденип калды. Мына ушуларды таап, кармап келип, эл алдында жазасын берсе, элдин наразычылыгы, ызырынгандары азаят эле. Буларга убал жок десем болот.

Мен академик болоордун алдында негедир хирургиядан академикке орун берилбей калыптыр. Биздин академиктер, менин жакшы көргөн жолдошторум: М.Миррахимов, С.Данияров, А.Мурзалиев, Ү.Асанов, – ушул төртөө Президент Акаевге кайрылуу жазышты, мени айтып, хирургиядан академиктикке бир орун берип койсоңуз деп. Президент кошумча орун бергенге же алып салууга укугу бар экен. Бул төрт академик көп жылдар бою чогуу жүрүп менин эмгегимди жакшы билчү эле, айрыкча, ыраматылык М.Миррахимов. Мурунтан эле мага боор ооруп: «Сен эчак болушуң керек эле»,– дечү, мен: «Ага капам жок. Буюрган күнү болоормун»,– деп койчу элем. Жогоруда айтпадымбы, ошол убактагы биздин жетекчилер мага берүүдөн ар кандай ушактардан улам бербей жүргөн. Бул академиктердин кайрылуусун Акаев алып, ал киши: «Кандайча эмдигиче Мамакеев академик эмес?» – деп таң калгандай болот. Ошол замат хирургиядан кошумча орунга өзү кол коюп, уруксат берет. Бул катты алып, кудундап сүйүнүп академияга келди. Ал убакта академиянын президенти академик Айтматов Ильгиз эле. Акаевдин берген кагазын

алып, чалкасынан кеткендей болду. Мага карап туруп: «Мамбет Мамакеевич, сизге эрте азыр. Сиздин чачыңыз кара эле бойдон»,– деп чын эле каршы болду. Мен таң калдым. Ильгиз менен мамилем дурус эле, ага мен мурун аппендициттен приступ болуп келип, операция жасагам. Аппендицитин алып салып, сокур ичегиде шишиги бар экен, аны алып текшергенге бергенбиз. Бизде кандай гана болбосун, чоң, кичине болобу, аны башка жаман ооруга салыштырып текшергиче, тактагыча, абдан көңүл буруп, ичегисин бир аз тышка ачып, заңы убактылуу чыгып турат да, текшерилип, эч кандай жаман оору жок дегенден кийин, аны кайра тигип, жаап коёбуз. Ошондо Москвага барып тиктирип келген, же ошондо тырышып калганбы, билбейм. Көп жыл өттү, жаман оору болбой эле, аман-эсен жүрөт, 80 жаштан өтүп калды көрүнөт. Ошондо, мага тырышып, өткөрбөскө жакшы эле аракет кылды. Аялы Розали: «Ой, Ильгиз, бул агайга эмне эле тырышып каршы болуп калдың?» – деп да айтты. Ошондо мен, Илгизди байкасам, чын эле менин чачымды айтып жатыптыр. «Ильгиз сенин түшүнүгүң ушул болуп, чачтын өңүнөн маани берип түшүнсөң болуптур, бир сааттан кийин чачымдын түсүн өзгөртүп келейин»,– дедим.

Андан кийин, президенттин жардамчысы, медицинаны тейлеген вице-президенти, мен өтө урматтаган, ага-инидей мамилебиз бар, бир бирибизден чай ичишип жүргөн академик Аман Мамытов эле, ушу кишиге кирдим. Ошол кагазга Премер-министр Т.Чынгышев кол коюп, числосун жазып коюптур. Чыңгышевди ошого чейин таанычу эмес элем, көргөн адамым эмес эле. Амандын көрүнүшү дагы мага жаккан жок. Баягы мурунку «Маке» деген сөз да жок, мурчуят. Чыңгышевдин колун көрүп, кол койгону эле бар экен, башка сөзү жок дейт. Мен: «Эмне деген сөзү болуш керек эле?» – десем: «Чыңгышев ушул академиянын чакырылышында өткөзгүлө деп жазбайбы»,– дейт. Мен: «Дагы эмне кемчилиги бар?» – десем: «Ушул жери күмөндөр бо-

луп турат»,– дейт. Мен кагазды жулуп алып, чыгып кеттим, түз эле Чыңгышевге бардым, саат төрт жарым, бешке карап калган. Убакыт бар, кабылдамада 5–6 киши отуруптур, Апас Жумагулов баш болуп. Апас Жумагулов эстүү, көрөгөч адам эмеспи: «Мамбет Мамакеевич, сиз кирип чыгыңыз, биз кирсек, көпкө отуруп калабыз»,– деп мени киргизип жиберди. Мен: «Апас Жумагулович, мен бир эле мүнөт мобул кагазга кол койдуруп чыгам»,– деп, кирсем, ошондо көрдүм Чыңгышевди, биринчи өңү сулуу, чачы келишкен, зыңкыйган, түстүү жигит экен. Мен келген жайымды айтып, кагазды көрсөтүп: «Биздин академик Мамытов сиздин колуңузду көрүп, толуктап, ушул сессияда өткөзгүлө деп жазсын дейт»,– дедим. Карап туруп: «Ошол эле сөз жетпей жатса»,– деп тез эле жазып, дагы эле коюп берди. Кайра Амакеме жетип келдим, иш күнү бүтүп, кетейин деп жаткан экен. «Мына, Амаке, сен айткандай жаздырып келдим»,– десем: – Копурай, кантип ушунчалык тездик менен бүткөзүп келе калдың?» – деп дагы күмөнсүнүп: «Мен вице-президент болуп туруп, жарым жылда бир да буларга кире албайм»,– деп, нааразы болгонсуду. Мен Аманга: «Сен өзүңдү мага салыштыргың келеби, сен ким, мен ким?» – деп жибердим. Ачуум Аманга келип калган. Мурун Аман менен чогуу айыл чарба институтун бүткөн жолдоштору мага: «Мамбет, сен Аман менен эң эле ысык тууган, жолдош болуп баратасың, сен Аманды билбейт көрүнөсүң, сак бол, ичи тарыраак адам»,– деп кеңеш берип, дагы бирдемелерди айтты эле. Булардын кеңешине ишенбей: «Ой, койсоңорчу, ушул да сөзбү, көралбастыгыңарды, ич тарлыгыңарды токтоткула»,– деп койчу элем. Ушул жерден Амакеме: «Ой, Аман, сенин чогуу окуган жолдошторуң мага бир убакта сен жөнүндө укмуштай сөздөрдү айтты эле. Мен ошолорго ишенбей, сени менен жакшы мамиледе элем. Көрсө, ошолор айткан толугу менен чындык экен, чындыгына эми көзүм жетти. Эми Ильгиз экөөң колуңардан келгенди жасап алгыла»,– деп басып

кеттим. Себеби көзүм жетип турат, бул экөөнүн колунан келбеси не, келсе экөө каршы салаар бюллетенге.

Шайлоо өттү, эч чатак жок. Академиктерге өтө ыраазымын, шайлоонун жыйынтыгы 100% каршы жок деп кулактандырды. Бүткөндө: «Ой, Аман, Ильгиз, эмне каршы салган жоксуңар?» – десем, Амакем: «Ой, Мамбет, каршы салганыбыз менен экөөбүздүн кол эч мааниге ээ болбосун билип, макул болбодукпу»,– дейт. Мен: «Ой, Амаке, муну билгенден кийин эмне менин нервимди жеп жана башка жеримди жедиңер?» – десем, Амакем мени куттуктап: «Көңүлүңө алба»,– деп койду. Чындыгында, Аман Мамытов эрте жаш убагында окумуштуу, тың чыгып, эң жаш академиктерден болгон адам эле. Көп эле аралашып жүрдүк, адамкерчилиги, жолдошчулугу деле түзүк, илим жагынан – өзүнүн адистиги боюнча абдан таланттуу адам болчу. Ошон үчүн мен ар дайым айтып жүрбөймүнбү, бизде кыргызда айрыкча бир оору бар айыкпас, ал – көралбастык, ичи тарлык. Бул оору менен бизге, докторлорго кайрылбайт, кайрылса, эптеп кээ бир жерин кескилеп айыктырууга жардам берет элем деп (тамаша).

Көп жылдан бери мен академикмин. Академияда, башка жактарда кез-кези менен Ильгизге кезигип, учурашып, саламдашып, мамилебиз түзүк эле. Бирок байкашымда, Ильгиздин башы, чачынын меникинен эч артыкчылыгы жок экен.

## МЕНИН ШАКИРТТЕРИМ ЖАНА ОКУУЧУЛАРЫМ

Мен мактана алам, 60 жыл хирург болуп иштеп, 35 жыл госпиталдык хирургия кафедрасынын башчысы болуп, кийин ушул Улуттук хирургия борбору ачылгандан тартып 15 жыл директорумун. Ушул күнгө чейин иштеп келе жатам. 60 жылдын ичинде студенттерди даярдоодо, айрыкча, хирургдарды тарбиялоодо, бир топ эле эмгек сиңирдим. Кыргызстандын аймагында иштеген хирургдардын 100%ы менин окуучуларым. Ошол жүздөгөн хирургдардын арасында мени кубанткан татыктуу, таланттуу хирургдарым бар. Илимде дагы, уюштургучтук жагынан да көптөгөн таланттуу балдарым чыкты, чыгып жатат. Студент болуп окугандан тартып, ушул күнгө чейин мени менен чогуу иштешип, жогорку категориядагы хирург деген атка конуп, миңдеген адамдарга ийгиликтүү операция жасап, кубантып келатышат. Азыр бизде, Улуттук хирургия борборунда жүздөгөн хирургдар иштешет.

Булардын жасаган иштери, айрыкча, адамдын ден соолугун сактоодо, жаштарды окутуп, врачтыкка даярдоодо эмгектери зор. Мен ар дайым ушул балдарым менен сыймыктанам. Жалгыз мен, канчалык талантым, ишмердигим болбосун, буларсыз эч качан ушунчалык ийгиликке, барк, даңкка жетмек эмесмин. Биздин коллективде өсүп өнүш бар, бир тилектебиз, бир ойдобуз, карама-каршылык жок. Бири-бирибизди аңдыбай, ич тарлык, көралбастык жок, тартибибиз, Кудайга шүгүр, жакшы, мени капа кылыш-

пайт, сыйлайт, аяйт. Айтпадымбы, хирургия боюнча диагноз коюу, операцияны жаңы техника жолдору, илим жетишкендиктерин колдонуп калган жагы абдан ийгиликтүү жүрүп келатат. Мен ушул балдарым менен сыймыктанам, ар бир жакта мактана алам. Ыраматылык академик Миррахимов ар дайым өкүнгөнсүп айтып калчу эле: «Мамбет, сенин балдарыңа эч кимдин, менин балдарым да жетпейт»,– деп. Себеби Саид биздин хирургияда болгон жакшылык, жамандыкка ар дайым катышып, бирге болчу эле. Айрыкча, өзүнүн уулу менен менин уулум Канатты Саид өтө жакшы көрчү. Канат дагы Саидди менден кем көрчү эмес.

## КЕСИПТЕШ ШАКИРТТЕРИМ ЖӨНҮНДӨ

**Сыдыгалиев Асанбек** азыр 65 жашка чыгып калды. Ат-Башы районундагы Кара-Коюн айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Мединститутту 1971-жылы бүтүргөн, бүткөндөн тартып хирург, бөлүм башчы болуп иштеген. 1996-жылдан 2002-жылга чейин Бишкек шаарында саламаттык сактоо башкармалыгынын жетекчисинин биринчи орун басары болду. 2002-жылдан тартып, улуттук хирургия борборунда торакалдык хирургия бөлүмүн башкарып, 2004-жылдан ушул күнгө чейин башкы врачтын орун басары болуп иштеп келе жатат. Асанбек жакшы хирургдарымдан, айрыкча, уюштуруу иштеринде өтө көрүнүктүү адистеримдин бири. Миңдеген адамдардын өмүрүн операция жасап алып калган. Бизде борбордо тартипти, тазалыкты, хирургдардын арасында чындыкты сактап келүүдө эмгеги зор, өзүнүн ак мээнети бааланып, 2000-жылы «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы» деген ардактуу наам ыйгарылган. 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. СССРдин саламаттык сактоосунун отличниги, жогорку категориядагы хирург, аялы пенсияда, үч баланын атасы, төрт-беш небереси бар. Уулу Нурбек өсүп-өнүп келаткан балдарыбыздын бири. Новосибирскиде докторантурада окуп жүрөт, буюрса, доктор болуп келээрине аз калды. Назира, Аселя деген эки кызы турмушта, экөө тең башкы бухгалтер болуп иштешет.

**Акматов Аманкул** азыр 74 жашта, медицина илимдеринин кндидаты, доцент. Ысык-Көл районундагы Чок-Тал айылында төрөлгөн. Мединститутту 1964-жылы бүтүргөн. Кемин районунда хирург, бөлүм башчы болуп иштеген. 1972-жылы бизге, госпиталдык хирургия кафедрасына аспирант болуп келген. 1975-жылы кандидаттыгын ийгиликтүү жактап, андан кийин ассистент, доцент болуп иштеген. Ушул күнгө чейин доцент болуп иштеп келе жатат. Аманкул менин алгачкы хирургдарымдын, балдарымдын бири. Окугандан тартып, ушул күнгө чейин менин көзөмөлүмдө болуп, Креминден өзүм чакыртып аспирантурага алып, ийгиликтүү иштеп келатат. Миңдеген адамдардын ден соолугун операция жасап аман алып калган, мединституттун миңдеген балдарына сабак берип, тарбиялап, бул жагынан дагы эмгеги зор. Кыргыз медицинасына кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы. Жогорку категориядагы хирург, аялы Рания дагы врач, мен өтө урматтаган, сулуу, созулган, адамкерчилиги укмуш келиним эле, өкүнүчтүүсү, жүрөк оорусунан эрте кайтыш болуп кетти. Эки уулу, беш небереси бар. Улуу уулу Таалай жөнүндө сөз өзүнчө.

**Акматов Таалай Аманкулович** 51 жашта, медицина илимдеринин кандидаты, доцент. Таалай Фрунзе шаарында туулган, 1984-жылы мединститутту бүтүргөн. 1984-жылдан 1986-жылга чейин оперативдүү хирургияда ассистент болуп иштеген. 1986–1990-жылдары Москвада аспирант, 1990-жылы кандидаттык диссертациясын Москвада коргоп келип, 1990-жылдан 1993-жылга чейин томографиялык анатомия кафедрасында ассистент, андан кийин доцент, ошол эле кафедрада 2004-жылдан ушул убакка чейин көкүрөк көңдөйүндөгү оорулардын бөлүм башчысы болуп иштеп келатат. Бир топ илимий эмгектердин автору, төрт баласы бар. Өзү өсүп-өнүп келаткан хирург балда-

рымдын бири. Миңдеген адамдардын ден соолугун операция жасап айыктырган, жогорку категориядагы хирург.

**Ашымов Исабек** азыр 59 жашка карады. Профессор, эки илимдин – медицина жана философия илимдеринин доктору,Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти. Ош областынын Лейлек районундагы Кара-Дабан айылында төрөлгөн. 1976-жылы медицина институтун бүтүргөн. 1978–1980-жылдары Лейлек райондук ооруканада хирургия бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1980–1982-жылдары мединститутта хирургия кесиби боюнча эки жылдык ординатураны бүтүргөн. 1982–1992-жылдары факультеттик хирургия кафедрасынын ассистенти. 1986–1990-жылдары аспирантурада окуган. 1990-жылы кандидаттык диссертациясын коргогон. 1993–1995-жылдары кечиктирилгис хирургия кафедрасында доцент, 1995-жылы докторлук диссертациясын коргогон. 1997-жылдан тартып, Кыргыз Республикасынын Улуттук хирургия борборунда клиникалык жана эксперименталдык хирургия боюнча проблемалык лабораториянын башчысы. 1995–2005-жылдары кечиктирилгис хирургия кафедрасынын башчысы болуп иштеген. 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана укук институтунда докторантураны бүтүп, философия боюнча докторлук диссертациясын коргогон. 2005–2006-жылдары Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун илим жана окуу иштери боюнча проректору болуп иштеген. 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти болуп шайланган. Исабек 5 доктор жана 16 кандидат даярдаган, 250дөн ашык илимий иштердин, анын ичинен 2 монографиянын автору. 1995–2001-жылдары диссертациялык кеңештин катчысы. 2001–жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялоо комиссиясынын бөлүм башчысы. 1995–2002-жылдары Кыргыз Республикасынын хирургдар ассоциациясынын вице-президенти болуп эмгектенген. 1995-жылы «Кыр-

гыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы» деген ардактуу клан берилген, аялы, төрт баласы врачтык кесиптин ээлери. Улуу баласы Жумгалбек 2007-жылы докторлук диссертациясын жактаган, кичүү баласы дагы кандидаттык диссертациясын жактап, ассистент болуп иштеп жатат. Эки кызы, төрт небереси бар. Биринчи категориядагы хирург Исабек жөнүндө менин баам, оюм: бул балам кыргыздан чыккан өтө таланттуу балдарымдын бири, өзү Лейлектен дебедимби, ар дайым аны республиканы башкарып, ушул күнгө чейин элдин оозунан, эсинен кетпеген атактуу агабыз Исхак Раззаковго окшоштурам. Себеби илимде өтө таланттуу, жазган китептерин окусаң философиялаштырган, өмүрүндө укпаган сөздөрдү кезиктиресиң. Жүргөн-турганы өтө жөнөкөй, ичпейт, тамеки тартпайт, ызы-чууга аралашпайт, конокко барбайт. Өзүм дегенге, ишенген, жакшы көргөн адамына Исабек күн-түн даяр жардам берүүгө. Бирден бир мен урматтаган, ишенген балдарымдын бири. Эмне тапшырма болбосун ушунчалык так, таза аткарат. Эки уулу тең атасын тартып, тартиптери ушундай укмуш, өз иштерине так, өз убагында аткарышка аракет кылышат. Ошон үчүн бул үй-бүлөдө ынтымак, ийгилик болуп келатат. Келиним дагы өтө назик, адамкерчиликтүү, татынакай келин. Акырында, бул үй-бүлөгө каалаганым ийгилик, жакшылык, кырсыктан тышкары болсун, аман болушсун. Исабек дагы көптөгөн жаштардын докторлук, кандидаттык диссертациясына жардам көрсөтүп, өстүрөт деп ишенем.

**Сопуев Андрей Асанкулович** 51 жашта. Профессор, госпиталдык хирургия кафедрасынын башчысы. Улуттук хирургия борборунун директорунун илимий иштер боюнча орун басары. Хирургия илими боюнча атайын диссертациялык кеңештин окумуштуу-катчысы. Россия Табият таануу академиясынын мүчө-корреспонденти. 1984-жылы медицина институтунун дарылоо факультетин артыкчылык диплому менен аяктаган. Клиникалык ординатураны 1984–

1986-жылдары Москвада, А.В.Вишнёвский атындагы хирургия институтунда өткөн. 1989–1989-жылдары ушул институттун аспиранты. 1989-жылы аспирантураны ийгиликтүү аяктап, кандидаттык диссертациясын жактаган. 1989-жылдан азыркы убакка чейин ассистент, доцент, профессор, андан кийин госпиталдык хирургия кафедрасынын башчысы болуп иштеп келе жатат. Андрей таланттуу хирургдарымдын, илимпоздун бири. Миңдеген адамдарды операция жасап айыктырган. 200дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинен 5 монография, 20 усулдук көрсөтмөлөрдүн автору. Андрейдин жетекчилиги астында медицина илимдеринин 4 кандидаты, 1 доктору даярдалган. Андрей Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосунун отличниги жана Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги. Жогорку категориядагы хирург, келинчеги экөөнүн татынакай уулу бар. Андрей менин балдарымдын ичинен бирден бир билимдүү, өзүнүн ишин ушунчалык жакшы билген, так аткарган, жөнөкөй, адамкерчиликтүү, элпек хирургдарымдын бири.

Профессор **Ниязов Баатыркан Сабитович** 63 жашта. Кыргыз мамлекеттик кайра даярдоо жана билимин өркүндөтүү институтунда кечиктирилгис хирургия кафедрасынын башчысы. Баатыркан 1973-жылы мединститутту бүтүргөн. 1973–2001-жылдары улуттук хирургия борборунда хирург, бөлүмдүн башчысы. 1985–1989-жылдары аспирант, 1989-жылы кандидаттык диссертациясын, 1999-жылы докторлук диссертациясын жактаган. 2001–2002-жылдары Улуттук хирургия борборунда сектордун башчысы, 2002–2005-жылдары кечиктирилгис хирургия кафедрасында профессор, Жогорку категориядагы хирург, 200дөн ашык илимий иштердин автору, 2 монография, 10дон ашык методикалык сунуштардын ээси. Медицина илимдеринин 2 кандидатын даярдаган, бир нече грамоталар менен сыйланган. Баатыркан өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, өз ишин ушунчалык жакшы билет, миңдеген адамдардын ден соо-

лугун сактап калган, миңдеген студенттерди, врач-хирургдарды тарбиялоодо эмгеги зор. Келинчеги дагы врач, кызы, небереси бар.

**Алыбаев Эрнис Урбаевич,** 57 жашта. Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз районундагы Мундуз айылында туулган. Ушул күндө госпиталдык хирургия кафедрасынын профессору, Улуттук хирургия борборунда бөлүмдүн башчысы болуп иштейт. Эрнис 1978-жылы биздин мединститутту бүткөн. Бүткөндөн баштап, ушул күнгө чейин бизде, Улуттук хирургия борборунда иштеп келатат. 1994-жылы ашказандын жара оорусун изилдеп, айыктыруу боюнча кандидаттык диссертациясын жактаган. 2004-жылы «Ашказан жана он эки эли ичегинин жарасы өтүшүп кеткендеги ички органдарды коргоп калуу операциялары» деген тема боюнча доктордук диссертациясын ийгиликтүү жактаган. 75тен ашык илимий эмгектери жана макалалары бар. 1 патенттүү автордук күбөлүккө ээ жана 5 рационализатордук сунуш чыгарган, 3 кандидат даярдаган. Хирургия боюнча диссертациялык кеңештин мүчөсү. Келинчеги мугалим болуп иштейт, эки уулу, кызы бар. Эки уулу тең врач, жакшы, тартиптүү балдар, мединститутту артыкчылык диплому менен бүтүп, бизде ординатор болуп окуп, тажрыйба үйрөнүп жүрөт. Эрнис – менин бирден бир жакшы көргөн балдарымдын бири. Себеби өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, өз ишин абдан жакшы билет, жоопкерчилигин так аткаргандыгы менен айырмаланып, ушул ийгиликке жетти окшойт. Азыр ашказандын жарасы, аны хирургиялык жол менен айыктыруу боюнча республикада бирден бир адис.

**Үмөталиев Юсуп Калжигитович,** 58 жашта. Жаңы-Жол районунда Авлетим кыштагында төрөлгөн. 1976-жылы мединститутту бүтүргөн, бүткөндөн тартып ушул күнгө чейин бизде хирург, бөлүмдүн башчысы. 1992-жылдан 1994-жылга чейин Иран-Ислам Республикасында хирург болуп иштеп келген. 1993-жылы кандидаттык диссертациясын жактаган, андан кийин ассистент, доцент болуп иштеп кел-

ген. 2000–2005-жылдарга чейин techniques мединститутта декан болуп иштеген. 2004-жылы докторлук диссертациясын жактаган, 2011-жылы ошол эле госпиталдык хирургия кафедрасынын профессору болуп үзүрлүү иштеп келе жатат. Аялы, кызы врач, эки небереси бар, улуу баласы милициянын подполковниги, кичүү баласы Славян университетинде студент. Жусуп дагы улуу балдарымдын бири. Өзү ак көңүл, адамкерчиликтүү, миңдеген ооруларды операция жасап аман алып калган. Жаштарды, студенттерди тарбиялоодо Жусуптун эмгеги зор, жогорку категориядагы хирург.

**Калжикеев Абдрасул Мусатаевич,** 62 жашта. Түп районундагы Көөчү айылында төрөлгөн. 1973-жылы мединститутту ийгиликтүү бүтүргөн. Ошондон тартып, ушу күнгө чейин бизде иштейт. 1994-жылы кандидаттык диссертациясын жактаган. 2005-жылдан госпиталдык хирургия кафедрасынын доценти жана Улуттук хирургия борборунун ичеги оорулар хирургиясы бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы хирург, үй-бүлөсү – аялы, төрт баласы бар, бир баласы бизде хирург болуп эмгектенет. Абдрасул – менин бирден бир жакшы көргөн балдарымдын бири. Өзүнүн хирургдук ишин эң жакшы билет. Миңдеген ооруган адамдарды операция жасап айыктырган, миңдеген студенттерди хирургиядан сабак берип, врачтык кесипке даярдаган. Артыкчылыгы: жөнөкөй, адамгерчиликтүү, тууганчылыкка, жолдошчулукка өтө бекем. Бирге иштеген кесиптештеринин арасында өтө жогорку сый-урматта, айтылган тапшырмаларды өз убагында так аткарат.

**Абдуллаев Жакып Сагынбекович** Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы, медицина илимдеринин кандидаты, доцент, жогорку категориядагы хирург. Кыргызстан гастроэнтерологдор коомунун президенти. Жакып 1948-жылы мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1973-жылы ме-

динститутту бүтүргөн, бүткөндөн баштап, 1973–1984-жылдары бизде врач-хирург, бөлүм башчы болуп иштеген. 1984–1993-жылдары – госпиталдык хирургия кафедрасында ассистент, 1992-жылы илимий диссертациясын жактап, медицина илимдеринин кандидаты болот. 2000-жылдан бери доцент, көкүрөк хирургиясынын эндоскопия бөлүмүнүн сектор башчысы болуп иштеп келатат. 5000ден ашык сыркоо адамдарды операция жасап, ден соолугун сактап калган. Жаштарды, мединституттун студенттерин тарбиялоодо Жакыптын эмгеги зор. Жакып активдүү хирург, барып доклад жасабаган мамлекет аз эл калды окшойт. Азербайжан, Германия, Туркия, Грузия, Испания, Ирландия, Казакстан, Кытай, Өзбекстан жана башка мамлекеттерде болду. Бул жагынан ошол чет өлкөлөргө бизди таанытып жүргөндүн бири. Институтту бүткөндөн тартып, ушул күнгө чейин менин кол алдымда иштеп келе жатат. Өзү өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, өзүбүздүн коллективде чоң сыйурматта, өзүнүн ишин абдан жакшы билген адис. Үй-бүлөсү, үч баласы, 7 небереси бар.

**Тилеков Эрнис Абдышевич** медицина илимдеринин кандидаты, доцент, жогорку категориядагы хирург, Улуттук хирургия борборунун боор хирургиясы бөлүмүнүн башчысы Кыргыз мамлекеттик медицина кызматкерлерин кайра даярдоо жана билимин өркүндөтүү институтунун кечиктирилгис хирургия кафедрасынын доценти. Россиянын Н.И.Пирогов атындагы КМШ өлкөлөрүнүн онкологдор жана гастроэнтерологдор ассоциациясынын мүчөсү. Эрнис 1960-жылы Тоң районундагы Темир-Канат айылында туулган. 1984-жылы мединститутту бүтүргөн. Ушул күнгө чейин бизде врач-хирург, кафедранын ассистенти, доценти жана бөлүм башчысы болуп иштеп келе жатат. 2006-жылы медицина илимдеринин кандидаты болгон. Эрнис 3000ге жакын оорулуу адамга операция жасап, аман алып калган. Германия, Россия, Казакстан, Азербайжанда онкологиялык хирургия боюнча билимин жогорулатып келген. 30дан ашык

илимий эмгектин, 3 усулдук көрсөтмөнүн жана 1 патенттүү ойлоп табуунун автору. «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосунун ардактуу кызматкери» төш белгиси, республиканын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы жана Бишкек шаарынын мэриясынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Эрнис менин эң жакшы көргөн, өнүп-өсүп келаткан таланттуу хирургдарымдын бири. Кийинки күндөрдө альвеококоз, боордун рагы сыяктуу эң оор ооруларга операцияларды ийгиликтүү жасай баштады. Боордун үчтөн бирин же үчтөн экисин алып салган операциялар мурда республикада жасала элек болчу. Ушундай операцияларды жана башка оор операцияларды Эрнис ийгиликтүү жасай баштады. Докторлук диссертациясын дагы бүтүп калды, буюрса, менин иштеримди улантып кетет го деген чоң үмүтүм бар. Андан башка Эрнис өтө жөнөкөй, өзүнүн ишин эң жакшы билген адамкерчиликтүү. Үй-бүлөсү, аялы, татынакай балдары бар.

**Сыдыгалиев Кылычбек Сулкайдарович,** 1956-жылы Чүй районунун Алчалуу айылында туулган. Институтту 1982-жылы бүтүргөн. Бүткөндөн тартып врач-хирург, 1993-жылдан – ассистент, 2006-жылдан – доцент болуп, 1994-жылы кандидаттык диссертациясын, ал эми 2011-жылы докторлук диссертациясын жактаган жогорку категориядагы хирург. 4000ден ашуун операция жасаган, 80ден ашык илимий эмгектин автору, 4 усулдук жолдомосу, 4 рационализатордук сунушу, 1 патенттүү ойлоп табуусу, 1 монографиясы бар. 2006-жылдан бери госпиталдык хирургия кафедрасында оперативдүү хирургия курсунун башчысы. Аялы, эки баласы бар, балдары жогорку билимдүү, жакшы кызматтарда иштешет. Саламаттык сактоонун отличниги. Кылыч дагы институтту бүткөндөн ушул күнгө чейин менин кол алдымда иштейт. Бирден бир жакшы көргөн окуучум жана кесиптешим, өтө жоош, адамкерчилиги чоң, жүргөн-турганы жана иштермандыгы менен кесиптештеринин арасында өтө barктуу, миңдеген адамдардын өмүрүн сактап калган

жакшы хирург, жакшы мугалим. Мединститутта студенттерди тарбиялоодо, билим берүүдө Кылычтын эмгеги зор.

**Сыргаев Дүйшөн Темирбекович,** 1957-жылы Ысык-Көл областынын Ак-Суу районуна караштуу Кереге-Таш айылында туулган. Госпиталдык хирургия кафедрасынын доценти, Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери. Улуттук хирургия борборунда өт жолдору жана уйку без хирургия бөлүмүн жетектеп келе жатат. 2007-жылы профессор Ж.Т.Бектуровдун жетекчилиги астында кандидаттык диссертациясын жактаган, 35 илимий эмгектердин автору, 2 патенттин, 2 рационализатордук сунуштун ээси. Дүйшөн дагы менин эң жакшы көргөн балдарымдын бири. Себеби өтө таза, ар бир ишти өз убагында аткарганы, адамкерчилиги, жөнөкөйлүгү менен айырмаланат. Жогорку категориядагы хирург, Саламаттык сактоо министрлигинин жана медицина академиясынын көптөгөн Ардак грамоталарына ээ болгон. Үй-бүлөлүү, келинчеги, бир кыз, бир уулу, бир небереси бар.

**Тойгонбаев Абдрахман Тойгонбаевич,** 1950-жылы Ош областынын Кара-Кулжа районуна караштуу Сары-Булак айылында туулган. Медицина илимдеринин кандидаты, госпиталдык хирургия кафедрасынын доценти, жогорку категориядагы хирург. Абдрахман 1977-жылы мединститутту бүтүргөн, ошондон тартып бизде клиникалык ординатор, хирург, бөлүм башчы болуп иштеп келген. 1995-жылы кандидаттык диссертациясын жактаган, андан кийин кафедранын ассистенти, доценти. Жолдошу Курмушиева Анаргүл госпиталдык хирургия кафедрасынын доценти, билимдүү, эң жакшы мугалимдерибиздин, дарыгерлерибиздин бири. Кызы Асел медакадемиянын студенти. Абдрахмандын артыкчылыгы – өтө жөнөкөй, оозунан бир дагы жаман сөз чыкпаган адам, өзүнүн ишин жакшы билет, өтө так, таза аткарат, жүргөн-турганы менен жолдошторуна жана окуучуларына мисал боло алат. Миңдеген оору-

луулардын өмүрүн сактап калган, мединституттун студенттерин тарбиялоодо, хирургиядан сабак берүүдө эмгеги зор.

**Иманов Болотбек Максүтович**, 1958-жылы Ысык-Көл районунун Комсомол айылында туулган. Медицина илимдеринин кандидаты, хирургияда сектор башчысы. Болот институтту бүткөндөн тартып, ушул күнгө чейин биздин Борбордо иштейт. Адегенде хирург-ординатор, андан кийин бөлүм башчы болгон. 2001-жылдан баштап сектор башчысы болуп иштеп келе жатат. 1999-жылы «Уйку бездин өтө курч чирүү, сезгенүүсү» деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган. Бул өтө оор, катуу оорулардын бири, 80% өлүмгө көп алып келет. Болоттун ушул илимий изилдөөсүнүн, жаңы ыкмасынын негизинде операция өлүм корготкучу 8,2%ке чейин төмөндөгөн. Көп жылдан бери республикада хирургдар ушул Болоттун операция жасоо ыкмасына өтүштү, буюрса, ийгилик бар. 60тан ашык илимий эмгек, 4 методикалык көрсөтмө, 6 рационализатордук сунуш, 3 патенттүү ойлоп табуу, 2 илимий эмгектердин жыйындысын жаратты. Саламаттык сактоонун отличниги, Ардак грамотасы менен сыйланган. Үй-бүлөсү, келинчеги, төрт баласы, 2 небереси бар. Балдары, кыздары абдан жакшы өсүштү, жогорку билимдүү, тарбиясы, тартиби жакшы. Болоттун балдарынан эң жакшы көргөнүм – менин атым менен уйкаш Мамбет неберем 1988-жылы төрөлгөн, менин атымды атап, ырымдап койду эле. Азыр 24 жашка чыгып калды, кез-кез кезигип турабыз, узун бойлуу, кебетеси келишкен, зыңкыйган сулуу жигит болуп келатат. Кезиккенде ыраазы болгонум, өзүнүн атасын көргөндөй учурашып, эпилдеп жакшы мамиле жасайт. Эсимден калбайт. Өткөн жылдарда Дубайда эс алып жүрдүм эле, Мамбет менин ошол жерде экенимди угуп, издеп келип таап, тамак алып берип, абдан ыраазы кылып жиберди эле. Мамбет ошол Дубайда иштеп жүргөн экен. Аман болсун, бул неберем аман болсо, менин атымды булгабайт го деп ишенем. Болот болсо институтту бүткөндөн тартып, менин

кол алдымда иштеп келатат. Болотту жакшы көргөнүм, ичинде эч кытмырдыгы жок – баары тышында, далдаңдаган ачык айрым, өзүнүн ишин – хирургдугун ушунчалык жакшы билген адамкерчиликтүү, жолдошчулука өтө так, таза жүргөн мыкты адистеримдин бири. Азыр ушул күндө өтө оор оорулардын бири – уйку без оорусу. Бул оору боюнча бирден бир адис.

**Алмалиева Алымкан Дүркабыловна** 1948-жылы Ак-Суу районуна караштуу Кереге-Таш айылында туулган. 1996-жылдан тартып, ушу күнгө чейин Улуттук хирургия борборунда септикалык гинекология бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келатат. 1995-жылы Саламаттык сактоонун отличниги, 1999-жылы КР Ардак грамотасы менен сыйланган. 2009-жылы Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы деген наамга ээ болгон. Өмүрүн бүт медицинага арнады. 1966-жылы Ак-Суу районундагы Сары-Камыш орто мектебин бүтүргөн, ошол эле 1966-жылы мединститутка кирип, аны 1972-жылы аяктаган. Институтта окуп жүрүп, кечкисин 2 жылы операциялык санитарка, 3 жыл операциялык медсестра болуп иштеп, 1972-жылдан 1978-жылга чейин бизде врач-хирург болду. 1978-жылдан 2003-жылга чейин госпиталдык хирургия кафедрасында мугалим болуп иштеген. Күйөөсү Алымкулов Эркин ушунчалык сонун адам эле, кыргыз элине эмгеги сиңген, комсомолдун шааркомунда катчы, Фрунзеде электр тармагы боюнча адис болуп, министрдин орун басарлыгына чейин жеткен. Өзүнүн ишин абдан жакшы билген жөнөкөй, ичинде таруудай арамдыгы жок укмуш адам болчу. Айла жок, 2008-жылы кайтыш болуп кетти, бир уул, эки кызы, беш небереси бар. Акен өзү өтө эмгекчил, таза, өзүнүн ишин мыкты билген, тили башы шайына келген кыздарыбыздын бири. Жаштарды тарбиялоодо, миңдеген ооруган адамдарды операция жасап аман алып калууда эмгеги зор. Акендин улуу кызы – менин өтө жакшы көргөн келинимдин бири – Мамбетова Анара Эркиновна.

Анара 1962-жылы Фрунзе шаарында туулган, мектепти бүткөндөн кийин 1979-жылы, мединституттун педиатрия факультетине өткөн. Институтту бүткөндөн кийин, ушул күнгө чейин Улуттук хирургия борборунда ФИЗО терапия бөлүмүндө башчы болуп иштеп келатат. Күйөөсү – менин улуу уулум Бакыт дагы врач, эки баласы – Жеңиш, Азат экөө тең институтту бүткөн, иштеп жүрүшөт, эки небереси бар. Анарочкам мага келин болуп келгени 28 жыл болуп калды. Мындай келин эч жерде, эч кимде жок болуш керек. Себеби мындай момун, оозунан бир да жаман сөз чыкпаган, өзүнүн ишин мыкты билген, адамдар менен тил табыша билген адамкерчиликтүү келинди кезиктире элекмин. Балдары жакшы, тартиптүү балдар болуп чоңойду. Күйөөсү – менин уулум аман эле болсун, жалкоолугу жана башка кемчиликтери бар. Анара эч бир жаман сөз айтып чатакташканын көрө элекмин. Бул уулума – Бакытка менин каалnetwork, эки уулу, келини, эки небереси бар, аман эле бол, ушуларга ата, күйөө болуп жүрө бер. Мен, аман болсом, сени пенсияга чыкканча бакканга кудуретим жетет деп айтып келатам. Акенди жакшы көргөнүм, ушул күнгө чейин чогуу эле бир үйдө жашап келатабыз, менде деле, айрыкча, кайненеси Сокенде деле кыял-жоруктарыбыз оңой эмес. Кайненеси канча сүйлөбөсүн Анаранын Сокенге өйдө карап койгонун көргөн да, уккан да жокмун. Ушул күнгө чейин «апаке» дегенден башканы айтпайт. Бирок Сокен кайненесинен баарын үйрөндү: окат кылышты, тамак жасашты, тазалыкты. Сокендин бир жагынан артыкчылыгы бар, азыр ушул күнгө келинине Анарага 100% баш ийген, Анарасыз Сокендин күнү жок. Анара бизге эле эмес, балдарына, келинине дагы жаман сөз айтканды билбейт. Бизге, Сокен экөөбүзгө, Кудай келиндерден айткан, баары ушунчалык адептүү, неберем Азаттын келинчеги дагы Анарага окшоп ушунчалык татынакай, кыргызчылыкты өтө жакшы билген жөнөкөй, адамкерчиликтүү келин болду. Ушул келиним Стелла эки чөбүрө кызды төрөп берип,

бизди жыргатып, кубантып жаткан убагы. Бул Стеллочкам Сокен экөөбүзгө бир чети келин, көпчүлүк учурда кызыбыздай эле болуп калды. Анаранын улуу уулу Жеңиш биздин медакадемияны ийгиликтүү бүттү, эки жыл ординатурасын дагы бүттү. Бул неберем жоош, көп сүйлөбөгөн, бир укмуш түшүнүксүз бала болуп келатат. Медицинаны көп каалабай жүргөнсүйт, андай дейин десең, институтту «бешке» бүттү, аял алчу ою жок, 26 жашка чыгып калды. Мен көп тил табыша албагандай болуп турам, ошентсе дагы, аман болсун, оңолуп кетет го деген ойдомун.

**Рысбеков Муратбек Тойгонбаевич,** 1956-жылы Аксы районундагы Авлетим айылында туулган. Орто мектепти бүткөндөн кийин, 1973-жылы мединститутка кирип, 1979-жылы бүтүргөн. Институтту бүткөндөн ушу күнгө чейин Улуттук хирургия борборунда врач-хирург, бөлүм башчы. 2000-жылы кандидаттык диссертациясын жактаган. Азыр госпиталдык хирургия кафедрасынын доценти болуп иштеп келатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы хирург, бир нече жолку Ардак грамоталардын ээси. 2009-жылы эл аралык Ататүрк фондунун алтын медалы менен сыйланган, эки уулу, эки кызы, төрт небереси бар. Мурат менин жакшы көргөн окуучуларымдын бири. Себеби өзү өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, өзүнүн кесибин абдан жакшы билет. Ишин так, таза аткарат. Өтө татаал операцияларды ийгиликтүү өздөштүрүп, ийгилик алып келатат.

**Жортучиев Кадырбек Азимбекович,** 1952-жылы Түп районундагы Тогузбай айылында туулган. 1969-жылы орто мектепти бүтүргөн, ошол эле 1969-жылы Фрунзедеги медицина окуу жайына өтүп, аны 1978-жылы бүткөн. Ушул күнгө чейин Улуттук хирургия борборунда хирург, бөлүм башчы болуп иштеп келатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы хирург, Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Бир уул, бир кызы, төрт небереси бар. Улуу баласы Руслан

бизде хирург болуп иштейт. Медицина илимдеринин кандидаты, жогорку категориядагы хирург. Кадырбектин ушул баласы Руслан, буюрса, өтө тың, көрүнүктүү хирург болооруна көзүм жетет. Кадырбек өзү жөнөкөй, адамкерчиликтүү, ишин жакшы билип, тууган, жолдошторго өтө таза, жакшы мамиледе.

Руслан азыр бизде эндоскопия бөлүмүн башкарат. Өтө жөнөкөй, элпек, адамкерчиликтүү, ооруну жаңы технологияны колдонуп айыктыруунун бирден бир устаты болуп калды.

**Акназаров Каримжан Камчыбекович,** 1962-жылы Кара-Кулжа районунда туулган. Орто мектепти 1979-жылы бүтүргөн. Ошол эле жылы мединститутка өтүп, аны 1985-жылы бүтүргөн. Ординатор болуп жүрүп, ушул күнгө чейин врач-хирург, бөлүмдүн башчысы. 2004-жылы кандидаттык диссертациясын коргогон, жогорку категориядагы хирург, Саламаттык сактоонун отличниги, балдары бар. Керим дагы менин жакшы көргөн балдарымдын бири. Себеби өзүнүн ишин мыкты билет, жакшы хирург, адамкерчиликтүү, ишти так, таза аткарат. Миңдеген оорулууларды операция жасап айыктырып, аман алып калган, бул жагынан эмгеги зор.

**Самаков Алмаз Асанбекович,** 1969-жылы Нарын областынын Кочкор айылында туулган. Мектепти 1986-жылы бүткөндөн кийин, 1987-жылы бизге мединститутка өткөн, кийин бизде, госпиталдык хирургия кафедрасында, клиникалык ординатураны бүткөн. 1996-жылдан 2006-жылга чейин хирург болуп иштеген. 2004-жылы профессор Ж.Бектуровдун жетекчилиги менен кандидаттык диссертациясын коргогон. 2006-жылдан ушул күнгө чейин ошол госпиталдык хирургия кафедрасынын ассистенти болуп иштеп келатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы хирург, 30дан ашык илимий эмгеги, 1 автордук ойлоп табуусу, 1 усулдук жолдомосу бар. Бир кыз, бир уулун өстүрүп жатат. Алмаз институтту бүткөндөн тар-

тып, ушул күнгө чейин менин кол алдымда, жакшы көргөн жагым – өзүнүн хирургдук кесибин абдан мыкты өздөштүргөн, жөнөкөй, адамкерчиликтүү бала. Көптөгөн адамдардын өмүрүн операция аркылуу сактап калып, мединституттун студенттерин тарбиялап, сабак берүүдө чоң эмгектери бар.

**Кудайбергенов Төлөбек Исмаилович,** 1958-жылы Ысык-Көл областынын Тоң районундагы Бөкөнбаев айылында туулган. 1975-жылы онунчу классты Балыкчы шаарында бүтүргөн. Ошол эле жылы мединститутка өтүп, педиатрия факультетинен балдар хирургиясы адистигин алган. Ординатураны дагы балдар хирургиясы кафедрасында бүткөн. Андан кийин Балыкчыда, Фрунзе шаарында балдар хирургиясы боюнча врач-хирург болуп иштеген. Анатомия кафедрасында ассистент, бизде кечиктирилгис хирургияда врач-хирург болуп 1993-жылга чейин иштеген. 1993-жылдан тартып ушул күнгө чейин госпиталдык хирургия кафедрасында ассистент. Төлөбек жогорку категориядагы хирург, Саламаттык сактоонун отличниги. Жаштарды тарбиялоодо жана көптөгөн адамдардын ден соолугун операция жасап аман алып калууда бир топ ийгиликтери, эмгеги бар. Келинчеги бизде врач, төрт баланын атасы, неберелери бар.

**Эралиев Бейшенбек Ашымович,** 1965-жылы туулган. Нарын областында орто мектепти бүткөндөн кийин, 1983-жылы мединститутка өткөн. Институтту 1990-жылы аяктаган, ушул күнгө чейин Улуттук хирургия борборунда иштеп келатат. 2000-жылдан 2002-жылга чейин Англияда иштеп, окуп келген. 2002-жылдан Улуттук хирургия борборунда улуу илимий кызматкер. 2005-жылы кандидаттык диссертациясын жактаган. 2007-жылдан госпиталдык хирургия кафедрасынын доценти, жогорку категориядагы хирург, 40тан ашык илимий эмгектин ээси, Саламаттык сактоо министрлигинин, Бишкек шаардык мэриясынын Ардак грамоталары менен сыйланган, үй-бүлөлүү, келинчеги

жогорку билимдүү, эки кыз, эки уулу бар. Бейшенди менин жакшы көргөнүмдүн себеби, өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, өзүнүн ишин абдан жакшы өздөштүргөн, өсүп-өнүп келаткан хирургдарымдын бири. Кандай иш тапшырба, өз убагында так аткарат. Хирург кесибине жарашкан дагы бир артыкчылыгы – ырды абдан жакшы ыр жазат. Бейшен ушул күнгө чейин миңдеген адамдын өмүрүн сактап келатат жана жаштарды тарбиялоодо дагы эмгеги зор.

**Койчуманов Айбек Маметович,** 1961-жылы туулган. 1984-жылы мединститутту аяктаган, ошондон тартып ушул күнгө чейин бизде хирург, бөлүм башчы болуп иштеген. 2007-жылдан тартып профкомдун төрагасы, 2008-жылы саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы, 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, 2011-жылы Бишкек шаардык Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган, жогорку категориядагы хирург. Айбек өсүп-өнүп келаткан хирургдарымдын бири, өзү активдүү уюштургуч, элпек, өз ишин жакшы билген, адамкерчиликтүү балдарымдын бири, үй-бүлөлүү.

**Мамбетов Абдыл Карагулович,** 1971-жылы Тоң районундагы Ала-Баш айылында туулган. 1988-жылы орто мектепти бүтүргөн, ошол эле жылы мединститутка кирип, аны 1994-жылы бүтүргөн. Ординатурадан кийин врач-хирург болуп иштеген, 2002-жылы аспирант, 2006-жылы кандидаттык диссертациясын жактаган. 2007-жылдан баштап госпиталдык хирургия кафедрасында ассистент болуп иштеп жатат. Үй-бүлөлүү, аялы, үч баласы бар. Адыл – жаш, өсүп-өнүп келаткан хирургдарымдын бири. Жакшы хирург, өз ишин жакшы билет, адамкерчилиги, жөнөкөйлүгү менен айырмаланат. Көптөгөн адамдардын ден соолугун сактоодо, жаштарды тарбиялоодо эмгеги бар.

**Сыдыков Нурлан Жеңишбекович** медицина илимдеринин кандидаты, жогорку категориядагы хирург, операциялык блоктун жана уюштуруу-усулдук бөлүмдүн башчысы. 1972-жылы Ак-Талаа районуна караштуу Баетов айылын-

да туулган. 1989-жылы Фрунзе шаарындагы №2-орто мектепти алтын медаль менен бүтүргөн. Ушул эле жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтуна кирип, аны 1995-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган. 1995–1997-жылдары – госпиталдык хирургия кафедрасынын клиникалык ординатору. Ошондон тартып, врач-хирург болуп иштеп келген. 2007-жылы кандидаттык диссертациясын жактаган. 17 илимий эмгектин, анын ичинде 2 усулдук көрсөтмөнүн, 1 ойлоп табуунун автору. Нурлан дагы өсүп-өнүп келаткан жакшы хирургдарымдын бири. Өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, айтылган тапшырмаларды өз убагында так, таза аткарат, өзүбүздүн коомдук ишибизге активдүү катышат. Миңдеген адамдардын ден соолугун операция жасап аман алып калган. Операция блогу бизде өтө татаал, жоопкерчилиги чоң, бирикме күн-түн дебей ар дайым операцияга, керектүү аспаптар, башка материалдары менен бирге даяр болуп туруш керек. Иштеген операциялык сестралардын билими, тажрыйбасы өтө чоң болуш керек. Мына ушулардын баарын уюштуруп, тартипке салып турган Нурландын иши көрүнүктүү.

**Салибаев Өскөн Абдыкапарович,** 1973-жылы Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районундагы Акман айылында туулган. Медицина илимдеринин доктору, Улуттук хирургия борборунун ириң оорулар хирургиясы бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. 1997-жылы Кыргыз мамлекеттик академиясынын дарылоо факультетин аяктаган. Бизде клиникалык ординатурадан өтүп, андан кийин кенже, улуу илимий кызматкер болуп иштеген. 2005-жылы кандидаттыгын, 2010-жылы докторлук диссертациясын жактаган. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы хирург. Өскөн дагы өсүп-өнүп келаткан жаш хирургдарымдын, илимпоздордун бири. Өзү өтө жөнөкөй, тапшырган иштерди өз убагында аткарат.

**Кудайбердиев Абдыкаим,** 1971-жылы Аксы районундагы Кара-Суу айылында туулган. 1988–1990-жылдары Улут-

тук хирургия борборунда кенже медициналык кызматкер болуп иштеген. 1996-жылы мединституту, андан кийин Улуттук хирургия борборунда ординатураны аяктаган. 2000–2003-жылдары Түркия мамлекетинин борбору Анкара шаарындагы Гази университетинде гастроэнтерология, эндоскопия боюнча стажировкада болгон. 2003–2007-жылдары бизде хирург болуп иштеген. 2007-жылдан ушу күнгө чейин дартты аныктоо жана кеңеш берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. 2008-жылы Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери деген наам алган. Азыр кандидаттык диссертациясын даярдап жатат. Каим өсүп-өнүп келаткан, адамкерчиликтүү, өзүн ишин сүйгөн, билген окуучуларымдын бири.

**Эгембаев Руслан** 1973-жылы Кочкор районунда туулган. 1996-жылы медакадемияны бүтүргөн. 1996–1998-жылдар бизде ординатурада окуган. 1999–2001-жылдар – аспирант, 2001-жылдан – илимий кызматкер. 2005-жылы кандидаттык диссертациясын жактаган. 2008-жылдан ушул күнгө чейин бизде хирург жана Кыргыз Республикасынын хирургдар коомунун окумуштуу-катчысы. «Кыргызстан хирургиясы» журналынын жооптуу катчысы. 2011-жылдан Улуттук хирургия борборунун окумуштуу катчысы. 50дөн ашык илимий эмгектин автору. 2007-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы. Руслан илимге шыктуу, адамкерчиликтүү, өзүнүн ишин так билген, элпек, өсүп-өнүп келаткан балдарымдын бири.

**Ибраимов Бакыт,** 1961-жылы Талас шаарында туулган. Мединститутту бүткөндөн тартып, бизде 1988-жылдан хирург болуп иштей баштаган. 1996-жылдан тартып, улуу илимий кызматкер болуп иштеп келе жатат. 2011-жылы кандидаттык диссертациясын, профессор Ж.Бектуровдун жетекчилиги астында, медицинада биринчи жолу кыргыз тилинде жазып жактаган. Азыр медицина илиминин кан-

дидаты. Иштеген 24 жылдын аралыгында миңдеген адамдардын өмүрүн операция жасап аман алып калган. Бакыт өзү жөнөкөй, адамкерчиликтүү, өзүнүн ишин жакшы билген хирург балдарымдын бири. Үй-бүлөсү келинчеги абдан жөнөкөй, адамга жасаган мамилеси менен айырмаланат, бир кыз, бир уулдун атасы.

**Жумашев Болотбек Жумашевич,** 1951-жылы Токтогул районундагы Үч-Терек айылында төрөлгөн. 1968-жылы 10-классты бүтүргөн, 1968-жылдан 1970-жылга чейин медучилищеде Фрунзе шаарында окуган. 1970-жылдан 1972-жылга чейин Советтик Армияда Выборг шаарында кызмат өтөгөн. 1972-жылдан 1978-жылга чейин Кыргыз мединститутун бүтүргөн.

1978-жылдан бери Улуттук хирургия борборунда хирург болуп иштейт.

Жогорку категориядагы хирург, Ардактуу медициналык кызматкер.

**Анестезиология-реанимация бөлүмү** – хирургдар, ооруган адам үчүн өтө маанилүү бөлүм. Бул бөлүмсүз операция жасоого мүмкүн эмес, ооруган адамды, айрыкча, операциядан кийинки оорулууну аман алып калып айыктырууда ушул бөлүмдүн кызматы чоң. Анестезиология дегенибиз – операция жасоочу адамдын ооруган жерин операция бүткүчө дары менен билгизбей, сездирбей коёт да, ооруган адам өз акыл-эси менен жата берет. Көбүнчө бул жеңилирээк болчу операцияларга колдонулат. Мисалы, аппендицит, чурку – грыжа деген ооруларды жасоого болот. Экинчи жолу наркоз колдонулганда, адамды уктатып коюп, ал операция убагында эч нерсени сезбей калат. Операциянын алдында адамдын вена кан тамырына уктатчу дары куюп, анан өпкөнүн түтүгүнө атайын жасалган түтүкчөнү салып, ал түтүкчөнүн өзүнчө дем алдырчу аппараты бар, ошого кошот, себеби операция бүткүчө адам өзү дем ала албайт, дем алганы дарынын деми менен токтотулат. Операция бүткүчө

ушул дем алчу аппарат менен таза кислород берилип, эчтеке сезбей жата берет. Операция бүткөндө, дарынын таасири бүткөндө адам өзү ойгонот, өзү дем ала баштайт.

Реанимация – жан киргизүү, кайра тирилтүү деп түшүнсөк болот. Реанимация бизде 14 орундуу, өзүнчө бөлүм. Күн-түн дебей 2 врач, 4 медсестра иштейт. Бул бөлүмдүн аткарган кызматы врачтар үчүн да, ооруган адамдар үчүн да өтө зор. Ага эң кыйын абалда жаткан адамдар түшөт. Айрыкча, оор операциядан кийин адамдар наркоздон ойгонгуча жанынан врач, медсестра чыкпай, дарылап отурушат. Өзү дем алып, ал-акыбалы оңолуп, эсине келип, өзү сүйлөп калганга чейин дежур врач дем алганын, кан тамырынын пульсун, кан басымын, операция жасаган жерин – бардыгын байкап карап отуруш керек. Оңолгуча ар түрдүү керек дарыларды кан тамырына куят, кээде суткасы менен бир нече литр дарылар куюлат. Мурун бул бөлүм ачылгыча майып болуп калган адамдар көп эле, азыр өзгөчө мамиле, өзгөчө камкордук жасоонун натыйжасында 99% ы айыгып кетет. Бүт зарыл аспаптар, дары-дармектер менен толук түрдө камсыздалган, кыскасы, бул бөлүмдө «жок» деген сөз болбош керек. Өзүнчө функционалдык орун деп коёбуз, бул керебеттин артыкчылыгы – эң сонун механизмдер менен жабдылган, бул бутунда дөңгөлөгү бар. Ары-бери жылдырганга, сүйрөгөнгө ылайыкталып жасалган керебеттин башы, аягы каалагандай көтөрүлөт, түшүрүлөт. Башында кармап отуруп-турушка жардам берчү илгичтери бар. Оор операциядан кийинки оорулуулар жатат, бир сутка, кээде оңоло албаса, ал-акыбалына жараша жакшы болуп калганга чейин – 2–5 суткага чейин ушул бөлүмдө кармалат. Андан кийин палаталарга которулат.

Ушул реанимацияда иштеген врачтар, медсестралардын штаты башка бөлүмдөргө караганда эки-үч эсе көп. Бул бөлүмдүн башчысы **Болпонова Алмагүл Казиевна** 1958-жылы Жети-Өгүз районундагы Барскоон айылында туулган. 1975-жылы орто мектепти бүтүргөн. 1975–1977-жыл-

дар Фрунзе шаарында фабрикада иштеген. 1979-жылы Кара-Балтадагы медучилищаны артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1985-жылы мединститутту дагы артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1985–1986-жылдары интернатурада окуган, 1986-жылдан баштап бизде анестезиолог-реаниматолог болуп иштеген. 2007-жылдан ушул күнгө чейин реанимация бөлүмүнүн башчысы. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы анестезиолог-реаниматолог. Алмагүл мен өтө урматтап сыйлаган, өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, өзүнүн ишин абдан жакшы билген, уюштургуч, дарыгер кыздарымдын бири. Үй-бүлөлүү, жакшынакай, жөнөкөй, ишмер жолдошу, балдары, неберелери бар. Алмагүл жанагы мен айткан оор өлүм-өмүр арасында жаткан канча бир оорулууларга кайра жан киргизип, айыктырып жиберген. Бул жагынан эмгеги өтө зор, өтө жооптуу. Чатак, татаал кыйын бөлүм – ушул реанимация бөлүмү.

Анестезиология бөлүмүнүн башчысы **Болотов Кубанычбек Абдраевич** 1953-жылы Нарын шаарында туулган. 1970-жылы орто мектепти бүткөндөн кийин 1971–1973-жылдары аскер кызматында болгон. 1980-жылы Кыргыз мединститутун бүтүргөн. Бүткөндөн баштап, ушул күнгө чейин бизде анестезиолог, бөлүм башчы болуп иштейт. Жогорку категориядагы врач, Саламаттык сактоонун отличниги, үй-бүлөлүү, неберелери бар. Кубан – мен өтө урматтаган, жакшы көргөн балдарымдын бири. Жүргөн-турганы, жөнөкөйлүгү артыкча, өзүнүн ишин мыкты билгендиги үчүн көптөгөн анестезиолог-реаниматологдорду үйрөтүп, тарбиялап чыгарган, бир тобу чет мамлекеттерде иштейт. Алар иштеген жеринде өтө чоң ийгиликке, авторитетке жеткен адистер. Жыл сайын келип, биз ушул жерден окуп, иштеп, үйрөнүп кеткенибизге чоң ыраазыбыз, иштеген жерибизде чоң ийгиликке, авторитетке жеттик дейт. Мисалы, Россияда иштеген Тамарага тез эле үч бөлмөлүү үй берип, өзүлөрүнүн гражданы кылып алышты. Жантөшева Чынара деген

дагы бир кызыбыз Дубайда көп жылдардан бери, бул дагы чоң ийгиликке баркы жетип, адистин баркы көтөрүлүп чоң үй, машина алган.

**Чыңгышева Жамила Амановна,** 1960-жылы Талас областында туулган. 1977-жылы орто мектепти аяктаган. 1978-жылы Талас шаарындагы медициналык орто окуу жайын бүтүргөн. 1979-жылы мединститутка кирип, аны 1986-жылы бүтүргөн. 1986-жылдан 1995-жылга чейин Бишкектеги №1-шаардык клиникалык ооруканада хирург болуп иштеген. 1996-жылдан тартып, Улуттук хирургия борборунда анестезиолог-реаниматолог. Үй-бүлөлүү, үч баласы бар. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы анестезиолог-реаниматолог, медицина илимдеринин кандидаты. Жамила – менин абдан жакшы көргөн кыздарымдын бири. Өзү өтө жөнөкөй, адамкерчилиги өтө мол, айрыкча артыкчылыгы – өзүнүн ишин мыкты билет. 10 жылдан бери мен жасаган операциялардын баарына ушул Жамила наркоз берет. Хирург катарында өтө ишенгеним – Жамила. Себеби ооруган адам эч ооруганын сезбей, операция бүткүчө ары-бери тынч жатса – бул хирург үчүн өтө чоң утуш. Эгерде операция убагында наркоз бере албай, же түшүнүгү начар болсо, ооруган адамдын дем алышы, кан басымы өйдө-төмөн болуп, жаңылып турса, бул көрүнүш операция жасап жаткан хирургдар үчүн өтө жаман нерсе – нервинди кайнатып, бузуп жиберет. Жамилада мындай терс көрүнүш жок. Ушунчалык так, таза. Наркоз берчү түтүкчөнү дем алчу кокого салыш абдан чоң тажрыйбаны талап кылат. Анча машыгуусу жок болсо, түтүкчөнү коконун ордуна, кызыл өңгөчкө салып алууга мүмкүн, өпкөдө дагы ар түрдүү татаалдашуулар болуп кетиши ыктымал.

**Осмоналиева Гүлжамал,** 1961-жылы Кочкор районунда туулган. 1978-жылы орто мектепти бүтүргөн. 1981-жылы Фрунзедеги Эмгек Кызыл Туу ордендүү медициналык окуу жайын аяктаган. Ошондон бери Улуттук хирургия борборунда, 1984-жылга чейин медсестра, 1984-жылдан ушул

күнгө чейин операциялык сестра болуп иштеп келатат, Саламаттык сактоонун отличниги. Гүлжамал 27 жылдан бери менин өзүмдүн операционный сестрам. Операциялык сестранын милдети эң бир жооптуу, операцияга колдонуучу аспаптар, аппараттар, буюмдар, бөлмөнүн ичиндеги аба – бүт бардыгы таза (стерильный) болуш керек. Антпесе, операция убагында абадан, колдонуп жаткан аспаптардан микроб кире берип, операциядан кийин кесилген жер ириндеп кетет. Бизге кез-кези менен санэпидстанциядан адистер келип, операция залында турган буюмдарга, абага өлчөө жүргүзүп операцияга катышкандардын баарынын колунан, мурдунан, оозунан мазок алып, текшерип турушат. Ушул текшерүүдө бирөөнөн микроб чыгып калса, анда чоң чатак. Операциялык сестрага Гүлжамалга же ооруканага күнөө коюп айып төлөтөт, же операция залын убактылуу жаптырып салууга алардын акысы бар. Таза кармаса, жоопкерчиликти сезсе, ар дайым текшергенде таза (стерильный) болуш керек. Бул жагынан Гүлжамалдын тазалыгы, жоопкерчиликти сезгени үчүн ар дайым үлгүлүү болуп келатат. Операциялык сестранын дагы бир чоң милдети – операцияга киргендерди текшерип туруу, тышта кийип жүргөн кийими менен кирүүгө мүмкүн эмес, ар дайым кирген адам маска, калпочок, халат, бахила менен кириш керек. Бул эрежени бузгандарды сестра кууп чыгууга акысы бар. Хирургдун эң бир жакын жардамчысы – бул операциялык сестра. Ал өзүнүн ишин жакшы билсе, жоопкерчиликти сезсе – хирургдар үчүн жыргал. Сестра операция жүрүп жатканда, кандай аспап керек, жип же дагы башка нерселер – бүт баарын айттырбай убагында бере коюп турса, ал дагы жыргал. Кээде операция убагында ар кандай кыйынчылыктарга, оор, татаал кырдаалдарга кабылуу болот. Ошондо сестра оозун ачып, эмне берээрин билбей турса, ансыз да кайнап турган нервиңди сестра андан бетер кайнатса, ал катуу тил угуп калат. Ошон үчүн операциялык сестра операция жүрүп жатканда операциянын жолун ба-

шынан-аягына чейин билип турушу керек. Билиш үчүн, сестранын өзүн күнүгө үйрөтүш керек. Хирургдардын ар биринин өзүнчө кыял-мүнөзү бар. Кээ бир хирургдар операция убагында кыйналса, заарын жардамчысынан же сестрадан чыгарат. Менин мүнөзүм билгендер үчүн оңой эмес. Бирок операция убагында кез-кези менен эле ачуум келип тилдебесем, көпчүлүк убакта тынч, сөкпөй-какпай жакшы өтөт. Кайсы хирургдар көп кыйкырып, сөгүнүп-сагынат? Менимче, өзүнүн ишин түзүк билбегендер, өзүнүн кемчилигин билбей, башка бирөөлөрдөн заарын чыгарат, бул – чындык.

Мен көп жыл мурун доцент элем, Москвага бир ай окууга барып калдым, ал убакта биздин министр, академик Б.Петровский ар бир клиникага бир күндөн жиберип, тааныштырып турушту. Ошондо А.В.Вишнёвский атындагы институттун хирургия бөлүмүнө бардык. Анда Вишнёвскийдин баласы А.А.Вишнёвский директор, хирург экен. Генерал-полковник, Советтер Союзунун Баатыры, академик. Ушул кишинин операциясына катышып калдык. Союздан 9 доцент барган экенбиз, операцияга кийинтип киргизди. Вишнёвский кирип келди, ошондо 60тан ашып калган киши экен, өтө жеңил баскан-турганы, сүйлөгөнү. Аял кишинин жатынында өсүп кеткен чоң шишикти алып жатты. Байкаганым, бизде мындайда бир эле сестра жардамдашат. Бул кишиге эки операциялык сестра жардам берет экен. Бирөө алды жагында, бирөө арт жагында. Алдыда турган сестра карап байкап турат экен, иштегени, жардам бергени – арт жагында турганы. Таң калганым, артында туруп хирургга аспаптарды айттырбай убагында так, туура берип жатат, алдында – баары көрүнүп турган сестра кокус шашылыш моменттер болуп калса, айрыкча кан агып кетсе, тездик керек да, ошондой убакта алдыңкы сестра ошол замат керек жабдыкты бере коёт экен. Бул өтө жакшы көрүнүш экен, айрыкча, бир нече саатка созулчу оор, чоң операция болуп калса. Мына ушундай эки операциялык сестра бол-

со, өтө жеңилдик болоор эле. Биз ошондой кылалык десек, баягы жокчулук: штат жок, акча жок ж.б.

Эгер ниетин коюп, өзүнүн сестралык ишин сүйүп иштесе, ал сестра баарына даяр, баарын көтөрөт, кечирет, өзүнүн ишин уланта берет. Дагы бир мисал, китебинен окуп калдым эле, илгери атактуу хирург – Спасокупечей деген профессор болгон экен, ушул хирург жазгандарына караганда, өтө заардуу адам болуптур. Бирок уюштургуч, таланттуу хирург экен. Ушул киши операция жасап жаткан убагында сестра жаңылып, башка аспаптарды бере койсо керек, ошондо ачуусу келип, кармап турган бычагын (скальпелин) сестрасына уруп жиберген экен, скальпель сестранын эмчегине сайылып, тикесинен туруп калыптыр, сестра кыңк этпей аягына чейин иштей берет, калгандары дагы тымтырс – унчукпайт. Операция бүткөндөн кийин профессор өзү скальпелди сууруп алып, эчтеке эмес, боло берет деп басып кетиптир, сестрадан кечирим дагы сурабаптыр, сестрасы эч кимге айтпайт, арызданбайт. Ошондон ойлойм, хирург менен сестра бир-бирине түшүнүп, урматтап мамиле жасашып, бардыгына чыдап иштей берет экен. Себеби иштен башка да бир-бирин урматтоо, жакшы көрүү болсо керек. Хирург сестрасынын ишин, жакшы жактарын билсе сестра да хирургунун ишин жакшы сапаттарын, кандай кемчиликтерин болоорун билсе, бири-бирин түшүнгөн, кечиримдүү болуп калат тура. Мына ушундай окуялар менин өз башымдан өтүп жатат, өтүп келатат.

Гүлжамал менин кыялыма чыдап, 27 жыл мени менен иштеп келатат. Гүлжамалдын жакшы жери, өзү жөнөкөй, адамкерчиликтүү, мүнөзү жумшак, чоң артыкчылыгы – өтө таза. Операция убагында менин нервимди жебейт. Себеби өзүнүн ишин абдан жакшы өздөштүргөн. Кээде болот анча-мынча жаңылгандары, 27 жыл иштегенине карабай, тил угуп калат. Жакшы жери – каяша айтып, тиктешпейт, өтө катуураак кетсем, унчукпай ыйлап жиберет. Айтпадымбы жогоруда, менин турмушумдун үчтөн бир

бөлүгү ушул ооруканада өттү деп. Кээде жумалап эшикке чыкпай калган күндөр болот. Мына ошондо, мени караган киши болбосо, эмне болот элем? Мына ушундай убакта күнтүн дебей мени караган, баккан, убагында тамак берип, жакамды бир жолу дагы кир кылбай багып келаткан – ушул Гүлжамал. Мунусуна мен чоң ырахмат айткым келет.

Дагы бир кызым **Кулмамбетова Чынара** 1993-жылы Бишкектеги медицина орто окуу жайын бүтүргөн. Ошондон тартып, ушул күнгө чейин бизде медсестра болуп иштейт. 1996-жылдан – анестезиология бөлүмүндө медсестра, анестезиолог-врачтын жардамчысы. Операция болчу адамдын кан тамырына ар түрлүү наркоз түрүндөгү дарыларды убагында ашырбай-кемитпей берип турат. Ооруган адамдардын кээ бирөөлөрүнүн кан тамыры (веналары) такыр көрүнбөйт, табылбайт. Кесиш, өтө толук, май баскан теринин алдындагы венаны табыш тозок. Буга абдан кылдаттык талап кылынат, кайсы жерде веналары бар – ошолорду медсестра беш колундай билиш керек. Билбесе, тажрыйбасы жок болсо, көрүнгөн жерине болжолдоп сая берсе, анда адамдын колу көпкө чейин көгала болуп жүрө берет. Мен өзүм бул кызымды Чынка деп эркелетем. Себеби өзү өтө жоош, көп сүйлөбөгөн, өзүнүн ишин ушунчалык жакшы билген сонун кыз. Бир жолу дагы жаңылып, венасын таппай кыйналганын көргөн жокмун, адамдын бармактарынын үстүнөн, арасынан колунун кайсы жеринде вена кан тамыры жүргөнүн беш колундай билет. Дарынын дозасын айттырбай өлчөп, наркоздун кандай жүрүп жатканын байкап, убагында куюп берип турат. Болбосо, венасын издеп тапкыча нерв кайнатып көпкө отуруп калабыз. Операциянын ийгиликтүү өтүшү, ар бирибиздин нервибиздин коробой, жакшы сакталышы үчүн Чынарамдын эмгеги зор.

## МЕНИ ОКУТУП, БИЛИМ-ИЛИМ БЕРГЕН МУГАЛИМДЕРИМДИ ЭЧ КАЧАН УНУТПАЙМ

Ким элем, ким болдум дебедимби, мен ушул күнгө чейин, биринчиден, Советтер Союзуна, Коммунисттик партияга эң бир ыраазы болом. Эгер компартия болбогондо, кыргыз эли, кыргыз интеллигенциясы эмне болоору белгисиз эле.

Мен айтпадымбы жогоруда, 1946-жылы онунчу классты бүтүп келип, «Бүттү» деген аттестаттан башка эч билимим жок эле, орус тилин «да», «нет» деген эки сөздү билчү эмес элем. 1946-жылы мединститутка келип киргенде мага окшоп Кыргызстандын ар тарабынан келген балдар көп эле болчу. Келгендердин 90%ы мага окшогон чала сабаттуу балдар элек. Өзүбүз суранып жатып, айлабыз кеткенде, даярдоо курсун ачтырып, бир жыл бизге орус тилин, химия, физиканы окутуп, өзүбүз дагы шаарга көнүгүшүп, турмуштун өтө начарлыгына карабай, көгөрүп – өл-тирил окууну улантып, врач болуу максатына бек турган бир тобубуз аракет кылып бүтүп чыктык. Даярдоо курсунан кийин эки жыл институтта химия, физика, орус тили, биология, анатомия, латын сабагы, партия тарыхы дегендерди окутат. Ошол убакта кафедраларда бир да кыргыз мугалим жок, жадагалса лаборант, медсестра дегендер да жок, сабакты жалаң орус тилинде өтүп, бир да мугалим бизге окшоп «жок», «бар» деген эки сөздү кыргызча билбейт. Мугалимдер бизди аяп, окутушка, үйрөтүшкө аракет кылат. Бирок  биз дудук немедей сүйлөшө да, түшүндүрө да албайбыз.

Ага дейре мен өлүк көргөн эмесмин, түнкүсүн мүрзөнүн жагынан жалгыз өткөн эмесмин, себеби өтө коркчубуз. Анан мединститутка келгенде кызыгып, өлүктү көрөлүчү деп, мурунку курстун балдары бир тобубузду анатомия кафедрасына алып барып, анын подвалында өлүктөр сакталат экен, кирсек, эсимден кетпейт, ар бир ваннада 3–4төн толтура формалинге чыланган өлүктөр жатат. Ал убакта уруштан кийинки 1946-жыл эле, өлгөн адамдын, тууган-туушкандары жок көмүлбөй калган, андай өлүктөр өтө көп экен. Андайларды мединститутка, анатомия кафедрасына өткөзүп берет экен. Себеби студенттерге анатомияны – адамдын түзүлүшүн ушул өлүктөн окутат экен, көрүп, кайра чыгып келатсак, дагы эле студенттер жасаса керек, чыга берээр эшиктин жанына өлгөн адамдын денесин катырып тургузуп, колун сундуруп, оозуна тамекини тиштетип, күйгүзүп түтүн чыгарып коюптур. Мен көрө коюп жүрөгүм түшүп, эшикке учуп эле чыктым. Өзүмдү жаман сезип, жүрөгүм айланып, экинчи бул жакка жологус болуп качтым. Кечке жуук, таажездем Уманкулов БКда иштечү, ошол кишиге барып: «Жезде, мен окубайм, жаман экен, коркуп калдым»,– десем, ошол замат институттун Петухов деген директоруна телефон чалып: «Айылдан келген балдарга эмне үчүн ушундай кыласыңар, өлүктөрдү акырындык менен тааныштырып, үйрөтүп көндүрбөйсүңбү?» – деп айтты. Бул Петуховдун деле күнөөсү эмес, жаңкы студенттердин жасаганы, кийин билсем, бизди ал жакка жөнөткөн жок. Ошондон кийин көпкө чейин бассам-турсам, уктасам түшүмдөн кетпей, көпкө чейин кыйналдым. Ошентип, акырындык менен көнө баштадым. Анатомия сабагында кафедранын башчысы, профессор Мардштеин, ассистент Александр Иванович деген абдан келишимдүү, сабакты жакшы билген, бирден бир сонун киши бизге көп нерселерди айтып берип жүрдү. Анатомиядан адегенде адамдын сөөгүн окутат, андан кийин ошол сөөктүн муун-тамырларды кармап турган байланыштарын, андан кийин булчуңдарын, кан тамырын,

нерв системасын, ички органдарын, өпкө, жүрөк – баарын эчтеке калтырбай ошол кафедрада бир жарым жыл окудук. Жүрө-жүрө анатомияга кызыгып, окуй баштадык, медицинада адамдын түзүлүшү – анатомиясы өтө татаал, кымбат, врач болом деген киши адамдын анатомиясын билбесе, врач боло албайт. Ушул күнгө чейин менин таң калганым, азыр башка түшүнүгүм болсо дагы, адамдын түзүлүшүн анатомиясын Кудай Таала кантип ушундай жаратып койду болду экен? Азыркы эң бир татаал машиналарга, космостук аппаратка салыштырганда, адамдын анатомиясы экиүч эсе татаал. Бир эле мисал, эгер жаш медик институтту бүткөндө, врач болуп иштеп жүргөндө, кайсы орган кайда экенин билбесе, эч качан туура диагноз коё албайт, туура дарылай албайт. Ооруган адам ашказаным ооруйт же боорум, өпкөм ооруйт десе, бул органдар кайда экенин билбесе, кайдан туура диагноз коё алат? Дагы бир мисал, баштын сөөгүн окуп жатканда, миңден ашык аттары бар, ийнеден көзү араң өткөн тешиктери бар, ошол тешиктен өтө маанилүү нерв же кан тамыры өтөт. Ошол тешикченин баарын врач, айрыкча, невропатолог, нейрохирург дегендер 100% билиш керек.

Чынын айтсам, ушул күнгө чейин эсимде, өткөндү ар дайым анализдеп, көз алдымдан өткөрүп жүрөм, 3-курсту бүткөнчө бардык сабактардын маанисин түшүнчү да эмес элем. Себеби тил жок, көпчүлүгүн түшүнбөй отура берчүбүз. Айрыкча, бизге өтө оор кыйын сабактардын бири – бул гистология, аны жалаң сүрөт, микроскоп менен окутат. Кийин врач болгондо, көзгө көрүнбөгөн органдын ооруларына диагноз койгондо түшүндүм ошол органды, микроскоп ушунчалык жүз эсе чоңойтуп көрсөтүп, оорусу барбы, жокпу көрсөтүп берет. Оорубаган органды караганда, анда эч кандай өзгөрүүлөр көрүнбөйт. Мисалы, кокус чатак болсо, же адам майып болуп калса, туура, анык диагнозун ушул гистологиялык текшерүү чыгарып берет. Булар койгон диагноз эң туура, акыркы диагноз болот. Андай диагноз

врачты же актайт, же жоопко тартууга себеп таап берет. Кафедранын жетекчиси Царапин деген доцент купкуу, арыкчырай, орто жашап калган, өмүрү күлүп-жылмайып койбогон, кабагы ачылбаган укмуш киши көрүндү эле, бизге ассистент аялы дагы өтө катуу кумсарган ачуулуу адам көрүнчү. Ал убакта мугалимдер бирдеме алат деген түшүнүк эч кимибизде жок эле, ушул гистологиядан экзамен тапшырыш эң бир кыйын болуп, ошондо стипендиябызды ар ай сайын чогултуп, ар бир группа аялы экөөнө «белек» берген учурларыбыз дагы ырас, а бербеген группа жалпы кулап калчу. Кийин тез эле кетип калышты. Кетпегенде, биз чоңоюп, чогуу иштеп калат элек, ушуну сезди окшойт.

Дагы бир өтө татаал, оор сабактын бири – фармакология эле, кафедранын башчысы доцент **М.И.Ольшанский** деген еврей, аялы доцент **Е.А.Стегайло** экөө тең бир кафедрада эле. Бул сабакты күн-түн дебей жаттап алчу элек. Кээ бирөөнө түшүнөбүз, көпчүлүгүн түшүнө албайбыз, кайсы ооруга кайсы дары керек экенин билиш кыйын. Ольшанский, буту бала чагында ооруп, балдак менен басчу эле (полимиелит оорусу менен ооруган). Бул адам дагы күлбөгөн, сүрдүү, кабагы ачылбаган адам эле. Кийин, Сталиндин убагында, Кремлдеги врач, профессорлор ызы-чуу болуп камалганда, ушул Ольшанскийдин эмне байланышы бар, билбей калдык, өзү эле асынып өлүп калды. Андан кийин көп жылдар бою аялы кафедранын башчысы болуп иштеди. Ушул кафедрада кийин академик Алтымышев, менин курсташым, доцент Эсенбек Ажикулов да иштеп кетишти. Көп жылдар бою кафедраны профессор Нанаева башкарып, азыр ушул күндө, медакадемиянын ректору, профессор А.Зурдинов башкарып келатат. Фармакология кафедранын мугалимдери башынан эле тартипти өтө катуу кармап, студенттердин көпчүлүгү экзамендин өтүшүнөн коркуп, жакшы даярданышат. Үчүнчү курстан тартип клиникалык окуу кафедрасына биринчи бара баштайт, үчүнчү курста жалпы хирургия, жалпы терапия, гигиена, пато-

анатомия, микробиология деген сабактар башталат. Хирургия кафедрасына биринчи келгенде, оорукана экени кирээр замат башкача сезилет. Хирургияда дары-дармек жыттанып, ооруп жаткан оорулууларды биринчи көргөн болчубуз.

Биздин группага Нигматулин Касым Салахиддинович деген татар адам сабак берген. Кафедранын башчысы профессор И.К.Ахунбаев экен. Нигматулин хирургиядан сабак берет. 3-курста жалпы хирургия менен тааныштырат. Хирургиянын ичиндеги тазалык эми укмуш, кайдан инфекция жугат, операцияга киргенде хирургдар колду кандай жууш керек, кандай стерильный кийим, мурунга маска, колго резина мээлей киет, таңууну кандай жасайт – ушунун баарын үйрөтүп чыгат. Анан биринчи операцияга киргизет, операцияны биринчи жолу көргөндө өтө кызык. Мындайды көрбөгөн жаның эң катуу таң каласың, бир чети өтө кызыгасың. Мына ушу үчүнчү курстан тартып кайсы кесипти тандап бүткөндө кайсы адистик боюнча иштей турганың аныкталат, ошого барышка аракет кыласың. Мен биринчи Ахунбаевдин операция жасаганын, богокту, боордогу эхинококкту көрүп туруп, ошол замат: аман-эсен бүтсөм, мен сөзсүз хирург болом деген ойду көңүлгө алып чыккан элем. Ошол убадама жетип, хирургиялык ийримге катышып, 4-курстан бүткүчө түнкүсүн дежурствого чуркап, абдан кызыгып калгам. Адамда кызыкчылык пайда болсо, өзүнчө аракет жасаса, анда жеңбей турган эчтеке жок. Ушу күнгө чейин студенттерге, врачтарга айтып келатам, өзүңдүн кесибиңди ушунчалык сүйсөң, күн-түн дебей аракет жасасаң, анын үзүрү сөзсүз болот. Тагдырдын буйругу менен хирургиядагы менин биринчи мугалимим К.С.Нигматулин болду. Кийин ал киши башкы врач, хирургия бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жатканда, мен өзүм ушул ооруканада кандидат, ассистент болуп калганымда, экөөбүз кайра чогуу иштешип калганыбызды, анын аягы эмне болуп бүткөнүн жогоруда айтып кетпедимби.

Жалпы терапия кафедрасынын башчысы, профессор **И.Г.Машковский** эле. Ассистент Яковлев дегени бар эле. Эсте калганы, профессордун бою кичирээк, чайпала басып толук, башы эки кишинин башындай бөлүп чоң болчу, мындай чоң башты көрө элекмин. Машковский, Яковлев сабакты ушундай жакшы берген, созулган сонун кишилер эле. Ал эми доцент Бабаханов деген армян орто жашап калган киши экени көз алдымда. Ушул адамдын саламаттык сактоо тармагында сиңирген эмгеги өтө зор. Биз окуп жүргөндө, биз жаткан жатакана Логвиненко көчөсүндө, азыр медициналык училищанын жатаканасы эки кабат, ошонун биринчи кабатындагы бир кичине бөлмөдө Бабаханов отурчу. Болгон аппараты менен адамдын салмагын, боюн өлчөөчү, анан дем алдырып үйлөтүп өпкөнүн күчүн текшерчү, бир кушеткасы бар, ушундан жүрүп отуруп, өзүнүн аракети менен туш-тушка чуркап жүрүп курортология институтуна жеткизди. Ошондо директор болуп көп жыл иштеп, жабдуулар менен камсыз кылып, бир топ дарылоо бөлүмдөрүн ачып, чоң коллективди түзүп, укмуш эле кылып кетти. Андан кийин менин курсташым Бейшен Турусбеков директор болуп иштеп турду, анан дене тарбия институтуна ректор болуп кетти. Бейшенден кийин профессор В.И.Исабаева директор болуп иштеп туруп, Валя дагы мединститутка ректор болуп кетти. Анан профессор Д.Алымкулов, доцент Оморбай Нарбеков иштеп, кийин Воронцовкада чоң дарылоо корпусу салынып, бүт физиотерапиялык ыкма менен дарылаган чоң мекемеге айланып, азыр профессор Ишен Молдоташов директор болуп иштейт. Кыскасы, ушул даражага жеткизип кеткен – доцент Бабахановдун эмгеги.

Факультеттик терапия кафедрасынын жетекчиси профессор **М.Е.Вольский** эле. Бул адамдын дагы эмгеги зор, биринчи кафедра ачылгандан көп жылга чейин – өлгөнчө ушул кафедраны башкарып келген. Академик М.М.Мирахимовдун окутуучусу. Саидден башка дагы көптөгөн те-

рапевт кадрларды даярдап кеткен. Илим жагынан терапевттердин уюткусун түзүп, чыныгы мектепке айландырып кеткен адам ушул Вольский болгон десем жаңылышпайм.

Эсимде калганы, Вольскийдин Л.А.Франк деген өтө арык, жүдөө чалыш, кабагы ачылбаган еврей ассистенти рентген борборунун башчысы экен. Вольскийдин кафедрасына баш ийген. Биз биринчи курста жүргөндө текшерип калды, анда эмнени текшерип жатканынан, рентген эмне экенинен түшүнүгүбүз жок. Баарыбызды рентгенден өткөзө баштады, караңгы үйгө киргизип, чечинтип көрүп чыгарып жиберди. Бир топ күн өттү, жакшы жолдошум Черик Жумабаев экөөбүз жатаканада бирге жатабыз. Негедир Черикке кошумча деп кумшекер, колбаса, печенье бере баштады. Кумшекерди көрбөгөн жаныбыз, мүшөктө арпа талканыбыз бар, негизги тамагыбыз ушул, ысык сууга чалып ичип алып жүрөбүз, ошол кумшекерди талканга аралаштырып алсак, укмуш, уучтап оозго ура баштадык. Черик кичине мурчуя баштады, себеби кумшекер аныкы болуп жатпайбы. Мен Чериктен сурадым: «Эмне үчүн сага бере баштады?» – деп, ал дагы: «Билбейм, баягы караңгы үйгө барып келгенден тартып берип калды»,– дейт. Мен: «Эмне дартың бар?» – десем: «Билбейм, эч жерим оорубайт, көрүп жүрбөйсүңбү, кез-кези менен жөтөлүп жүрөм»,– дейт. Жөтөлгөнгө эле берсе, анда жакшы деп мен жетип бардым, караңгы үйгө киргенде эле жөтөлө баштайм. Франк көрүп туруп эле, айдап чыгарат. Эчтеке жок, кумшекер жок. Он күн өткөрүп дагы бардым, дагы тиги ыкма менен айдап чыгып, эчтеке бербей койду. Өзүм түшүнүп, кийин барбай койдум. Институтту бүтүп, кандидат болуп калганымда, институттун окумуштуулар кеңешинде Франктын жанына барып отурдум. «Лев Александрович, эчен жолу бардым, көрүп эле айдап чыгып жаттыңыз, ошондо берип койгонуңузда, эсимден чыкпай калат элеңиз»,– десем, еврейлер акылдуу, жоопко даяр да, мени карап туруп: «Мамбет, ошондо менин кулагыма шыбырап, мен кийин

ушундай адам болом деп койсоң эмне?» – деп оозумду басты. Өзү деле эки өпкөсүнөн туберкулёз экен, ошондон кийин тез эле кайтыш болду окшойт.

Госпиталдык терапия кафедрасынын башчысы профессор, **Н.Н.Шварц** деген такыр баш, зор адам эле. Ушул кишинин лекциясын угуп отуруп, бир жолу ушунчалык таң калдым, өпкөсүнөн чочуган (пневмония) оорусу жөнүндө лекция окуп жатат. Мисал кетирди: «Ооруган адамдын температурасы абдан көтөрүлүп, эс-учун билбей, жөөлүй баштады... Имараттын жанынан өтүп бараттым эле, анда жашмын, күчтүү элем. Үчүнчү кабаттагы терезеден жылаңач оору адам секирип учуп түшүп келатат. Мен ошол оору адамды жерге түшүрбөй, колум менен тосуп алып аман алып калдым»,– деп. Биз оозубузду ачып таң калып, ишенип калдык. Кийин чоңойгондо ойлосом, жалган эле көрүнөт.

Инфекция оорусу боюнча кафедранын башчысы профессор **А.М.Губинский** орто жашаган, зыкылдаган киши эле. Губинскийдин эсимде калганы, экзамен убагында мындай окуя болгон. Мени менен курсташ Галя деген кыз менен чогуу экзамен берип жатабыз. Галя жооп берип бүткөндө, профессор: «Начар билет экенсиң, «үчтөн» ашпайсың»,– деди. Галя өңдүү-түстүү кыз эле, маңдайынан туруп: «Профессор, сизге «төрт» деген баа артыкбаштык кылабы, «төрт» деп эле койсоңуз?» – деп жылмыңдады эле, Губинский: «Ладно» – деп төрт койгон. Биз менен окуган кыздар баарынын күйөөлөрү жок, жаштары өткөн кыздар эле.

Кулак-мурун оорулары кафедрасынын башчысы профессор **А.Л.Брудный** арык чырай, бою узун, айрыкча, мойну узун, ушундай жумшак, сонун киши эле, лекциясын калтырбай укчубуз. Ангинасы кармаган адамга операция жасап, ангинасын алганын көрдүм, колдорунун манжаларынын узундугу укмуш эле. Ушул кишинин жөнөкөйлүгү, адамкерчилиги, боорукерлиги болсо керек, экзаменди үйүндө алчу. Үйү Панфилов, Москва көчөлөрүнүн бурчунда эле. Экзаменге барганда билчү го, биздин ачка экенибиз-

ди, бир чыны чай, 2–3 печенье берчү. Биз аны адегенде эле сугунуп коёр элек. Кийин уктум, кээ бир биздин шумкарлар ошол печенье үчүн экинчи ирет экзамен өткөргөнүн. Ал кишини көпчүлүк медиктер, кийинкилер билбей калды. Жалгыз баласы биздин күйөө бала – Түгөлбай Сыдыкбековдун кызын алган. Профессор, академияда мүчө-корреспондент, философ эле, жакында 75тен ашып кайтыш болду. Баласынын көрүнүшү, кебете-кешпири дагы атасындай эле.

Көз оорусу боюнча кафедранын башчысы профессор **О.А.Дудинов** өтө жөнөкөй, созулган, өз ишин жакшы билген киши болчу. Лекциясын көп эле уктук, ассистенттери А.Айдаралиев, И.Ш.Еникеева Нигматулиндин аялы эле. Мен көз оору боюнча ассистент Айдаралиевден окуп калдым, кийин Акматбек Айдаралиев өзү изилдеген трахома оорусу боюнча кандидаттык диссертация жактаган. Дудинов эсимде калганы, жашы барып калган, кемпири дагы доктор эле, балалуу боло албайт. Кийин кемпирин таштап, өзүнүн ординаторуна үйлөнүп, анысы эркек бала төрөп бериптир. Дудиновдон кийин доцент Еникеева, андан кийин дагы бир топтору иштеди көрүнөт.

Гигиена кафедрасынын башчысы профессор **Околов** өтө көрүнүктүү, түзүк адам эле. Околовдон кийин профессор **Гудзовский**, андан кийин менин курсташым, доцент **Бейшен Мамбетов** көп жыл иштеп келди. Профессор **Сапарбек Рыспаев** дагы кафедра башчысы болуп иштеди.

Патоанатомия кафедрасын профессор **Б.Ф.Малышев** башкарчу, ал да жөнөкөй, бизге кылган мамилеси жагынан. Кийин мен кандидаттыкка материал даярдап жүргөндө, анатомиялык тема эле, күнүгө барып өлүк союп, мага керек бөйрөк, табарсыкты өзүм препаровка жасап, изилдейм. Билбеген жеримди сурап алчумун, бир жолу дагы: «Жок, колум бошобойт» – деп же дагы башка шылтоо айтчу эмес. Мени өтө жакшы көрөөр эле.

Тери оорулары боюнча кафедранын башчысы доцент **Себеров**, сабакты өтө кызык өтчү. Анда сифилис, гонорея, теринин жаралары өтө көп кездешчү, эсимден калбайт. Бир күнү практикалык сабак өтүп жаттык эле, бир жүдөп, кейпи кеткен, кийим-кечеси деле начар адам гонорея болуп келиптир, анда кимден жукту, ким менен катышты абдан такып сурап, айтмайынча дарылабай, кыйнап айттырчу. Себеров тиги оорудан сурайт, ким менен болду, кайдан жугуздуң деп. Оорулуу эч кимден жугузган жокмун дейт. Себеров: «Андай болбойт, жөн жерден эч ким оорубайт. Бул оору бир гана жыныстык катнаштан болот»,– деп түшүндүрсө да, болбойт. Оорулуу адам отуруп-отуруп: «Эсиме түштү, менин кошунам ооруду эле, терезем ачык эле, ошондон жукса керек» – десе Себеров: «Жалган, андай болбойт, чыныңды айт, болбосо азыр милиция чакыртып каматам, себеби сен жугуштуу оору менен ооруйсуң, сен дагы бирөөнө жугузасың»,– деди. Оорулуу вокзалдан бир аял менен таанышып, ошону менен катнашканын айтса, Себеров: «Аты-жөнүн, адресин айт»,– деди эле тиги: «Билбейм адресин, аты-жөнүн да»,– дейт. Себеров: «Дагы калп айтасың»,– деп оорулуу немени катуу зыкыганда, айласы жогунан: «Бир чоң кыргыз доктордун үйүндө үй кызматкери болуп иштеген аял менен болгом»,– деп жатпайбы. Себеров доктордун фамилиясын сураса, билбейм дейт. Себеров: «Ахунбаевби?» – десе: «Жок», «Айдаралиевби?» – десе: «Жок». Биздин мугалим жаныбызда отурду эле, «Борончиевби?» – деди. «Так ошол Борончиевдин үйүндө иштейт» – дебеспи. Борончиевди Себеров тиктеп калды эле, Борончиев чуркап чыгып үйүнө телефон чалып, тиги аялды тез мага келсин деп чакырды, аял эчтекеден кабары жок кирип келди эле, тиги ооруган адам көрсөтүп: «Так ушу аял!» – деп турбайбы. Себеров Борончиевди карап: «Сени дагы текшериш керек»,– деп тамашалады.

Соттук-медициналык экспертиза кафедрасынын башчысы доцент **Наумов** эле. Менин эсимде калганы, өзү өтө то-

лук, курсагы, богогу саландаган, бойлуу, зор адам болчу. Жөнөкөйлүгү, бизге кылган мамилеси көңүлүбүзгө жагып, ушул кишинин кафедрасынан «үч» деген баа алган студентти көргөн жокмун. Инфекциялык оорулар ооруканасы, жиндикана баары темир жолдун үстүндө эле, бир күнү ошол жакка кетип баратсак, бир топ биздин курсташтар келатат, кайдан десек, судмедэкспертти өткөзүп келатабыз дейт, биз кандай даярданбай эле өткөзө койдуңар десек, коркпой эле бара бергиле, столдун астында 3 нуска шпаргалка жатат, билет алгандан кийин ошол шпаргалканын кайсынысы жакшы, ачык жазылса, Наумовго токтоосуз окуп берсеңер, «4», «5» деген баа даяр деп айтышты. Биз инфекция ооруканасына барбай, кайра тартып келип, анда экинчи корпус деп койчубуз, патоанатомия, соттук-медициналык экспертиза кафедрасы ошол жерде эле, кирсек Наумов отурган экен, биз сөз жок эле билет алып даярданып калдык. Шпаргалка чын эле столдун алдында экен. Бир аз даярданымыш болуп, окуп бердик. Эсимде, Наумов кошумча суроо бергендей болду эле, мен муну айтып берейинчи деп токтоосуз окуп жатам. Кийин такып сураганда, анчейин билбедим, бирок «4» деп баа коюп берди. Беш жыл окуп, биринчи жолу китеп карабай даярдыгы жок экзамен бергенди ошондо көрдүм. Сабакты дагы кызык өтөт, анда бирөөнү сабап кеткен, зордуктаган кылмыш иштери сыяктуу мисалдар талданат. Бир күнү сабак өтүп жатканда, бир аял кирип келип арыздана баштады, бүт группа отурабыз, Наумов уялбай айта бер, булардын баары врачтар, бизде жашыруун эчтеке жок деди. Тигил аял: күйөөгө чыктым эле, күйөөм кууп кетирип жатат, сен кыз эмес, аял экенсиң деп, мен күйөөгө чыкканча эркекке жологон эмесмин дейт. Наумов креслого жаткызып алып караса, чынында эле кыз экен. Кээ бир кыздар жанагы жаап турган жука кабыкчасы жок төрөлөт. Бул кыздыкы ошондой болуп чыкты. Наумов түшүндүрдү, тиги кыз: – Күйөөм ишенбей жатат,– деп жалооруйт. Наумов: – Эртең күйөөңдү ээрчитип

кел, сүйлөшүп, мен сенин таза экениңди түшүндүрүп берем деди эле, тиги кыз сүйүнүп кетти үйүнө. Биз да аябай кызыгып калдык, эртең силер да сөзсүз катышкыла деди. Эртеси тиги кыз күйөөсүн ээрчитип келиптир. Узун бойлуу, даңкыйган эле жигит экен. Экөөнү тең Наумов отургузуп алып абдан түшүндүрдү, тиги жигит тиктеп, угуп отуруп, «жок, ишенбейм» дегенден башканы айтпай, Наумов китепти көрсөтүп, ар түрдүү мисалды келтирип, сенин аялың мына ушундай формада төрөлгөн десе дагы болбоду. Аягында Наумов ачуусу келип: «Дурак, сага эмне темирдей эшик керекпи?» – деп урушуп койду эле, ошондо түшүнгөндөй болуп кетишти. Ал убакта бул жагынан тартип, суроо катуу эле. Азыр, менимче, кызбы, аялбы, эч ким сурабаса да, кызыкпаса да керек, себеби заман өзгөрүлдү.

Наумовдон окуп жүргөндө биз менен чогуу окуган Жумаев Кусеин деген бар эле. Өңү-башы балбырап, мурду чоң, ээги шалбырак, түрү суугураак болчу. Ушу Кусеинди Наумов жакшы көрүп калды, мага өтө кебетең окшош, бүткөндө өзүмдүн кесибим боюнча судмедэксперт кылам деп жүрчү. Ырас эле, бүткөндө Кусеинди Нарынга судмедэксперт кылып жөнөттү. Ошондон 8 жыл өттү мен ассистент болуп калгам. Нарынга студенттердин практикасына жетекчи болуп барып калдым. Кусеин ошол эле күнү кезикти, көптөн бери көрүшпөй сагынып калышсак керек, кучакташып, өбүшүп учураштык. Карасам, көрүнүшү түзүк, толоюн деп калыптыр. Ошол замат эртеси саат бешке үйүнө конокко чакырды. Айтылган убакта жетип бардым. Аялын биринчи көрүшүм, үч бөлмөлүү үйү бар экен, жасалгалуу. Оңолуп калгандай көрүндү, абдан даярданып коюптур. Кусеин менин көзүмчө бир ящик арак, шампан көтөрүп кирди. Дагы бир чанач кымыз, аягында козусун жетелеп кирип, бата сурап сойдура баштады. Столго отурганда куя баштады, адегенде эле Кусеин: «Маке, ушул ящиктер бүтмөйүнчө эч жакка кетпейсиң»,– деп турат. Мен: «Ой, Кусаке, анда

ишке барбай эле экөөбүз ичип мас болуп жата беребизби?» – десем: «Көптөн бери көрүшө элекпиз, сенин аркаң менен мен дагы эс алып жыргап алайын»,– дейт. Мен: «Кусаке, мени ук, мен ичкилик ичпейм»,– десем, таң калып: «Кандайча?» – дейт. Себеби биз институтту бүткөнчө ичкилик дегенди билген эмеспиз. Кусеин экөөбүз чогуу пиво да ичип көргөн эмеспиз. Бул жагынан бир-бирибизди билишпейбиз. Мен шарт коюп: «Кусаке, тил алсаң, сен алган сайын мен бир чыныдан кымыз ичип турайын»,– десем таң калып, бир топко чейин ынтыгып унчукпай отуруп, дагы сурады: «Чын эле ичпейсиңби?» – деп. Мен чын эле ичсем, оштонбой эле кимден уялып же коркуп жаттым эле, жөн эле ичет элем»,– дедим. Мурун окуп жүргөндө менин анча-мынча кыялымды билчү эле. «Макул болбосоң, азыр чыгып кетем»,– десем, макул болду. Көпкө чейин өткөн-кеткенди эскерип чер жазышып, түнкү бирге чейин отуруп, конуп алып, эртеси ооруканага ишибизге бардык. Ошондо Узагалиев Асранбек комсомолдун Нарын обкомунун 1-секретары экен. Өзү, аялы Зууракан, менин кемпирим Сокен – үчөө университетти бир группада окуп бүтүрүшкөн. Зууракан менен Сокен абдан жакшы дос эле. Асранбекти ошондон таанып калдым эле. Менин келгенимди угуп алып: «Эртең, Маке, үйгө барып чай ичип кет»,– деп чакырып калды. Эртеси жетип бардым, аялы Зууракан абдан эстүү, жакшы кыз эле. Институтту Сокен экөө тең артыкчылык диплому менен бүткөн. Жакшы турушат экен, турмуштары жакшы, сүйлөшүп отуруп, кечээ бирге бүткөн жолдошум Кусеин Жумаевдикинде болдум десем, Асранбек: «Ай, Маке, аны мен жакшы тааныйм, бирге иштешип жүрбөйбүзбү. Бир нерсесин айтып коёюн, Кусеин жөнүндө эл арасында жаман кеп тарап кетти»,– дейт. «Эмне болуп?» – десем: «Тянь-Шанда жашы толо элек 16–17 жашар кыздарды ала качып ала беришет да, соттолбош үчүн жашын 18ге чыгарыш керек, муну жалгыз медэксперттин справкасы аркылуу жасашат. Кусеин бир жашын оңдоп справка берсе

– миң сом, эки жашын оңдосо – эки миң сом алат жана башка иштерге да справка берип, алардын дагы өзүнчө «норма» акчалары бар дейт. Силер чогуу бүткөн жолдош экенсиңер, айтып кетсеңиз, токтотсун, болбосо Кусеиндин шиши толуп калды, жаман болот»,– дейт. Мен эртеси эле Кусеинге ооруканадан кезигип: «Ой, Кусаке, мен сен жөнүндө ушундай жаман сөздөрдү уктум. Байкабасаң, чатак чыгып өзүң жаманатты болуп каласың го?» – десем, Кусаке дароо эле: «Атасынын оозун урайын, көрө албастардын сөзү»,– дейт. Мен: «Кусаке, байка, мындай сөз оңой менен чыкчу эмес эле»,– деп, дагы бир жолу жолдоштук акылга чакырдым. Бир айдан кийин мен кеттим. Кийинки жылы Кусаке колго түшүп, партиядан чыгып, ишинен айдалат. Нарында обкомдун 1-секретары Исаев Мукамбет деген абдан келишкен, сонун киши эле. Исаевди таанып калганым, кайнагам, академик Жумагул Алышбаев экөө бирге иштешкен, эң жакшы достор болчу. Ушу Исаев айтып берди Кусеин жөнүндө. «Партиядан чыгараарда тартип боюнча обкомдун бюросунда карап туруп, анан чыгарат же калтырат. Делосун карап отуруп, Жумаев бостерилик экен, боорум ооруп, эптеп партияда калтырайын деген ойго келдим эле. Бюродо карап жатып, Кусеинге сөз берсек, партиядан чыгарсаңар чыгара бергиле, сотко бербесеңер эле болду деп турат. Бюро мүчөлөрүнүн баары таң калып, врач болсо, партия жөнүндө түшүнүгү ушу болсо деп чыгарып салдык»,– дейт. «Ойлоп турам,– дейт Исаев,– жалынып кечирим сурап, иштен айдасаңар дагы, партиядан чыгара көрбөгүлө десе, партияда калып калат эле». Ал убакта кайсы кызматта болбосун партиядан чыкса, эч жооптуу кызматка жолотчу эмес. Бечара Жумаев айдалгандан кийин патоанатомияга орношту, бир аз иштеп, иштей албай койдум деп жөн эле майда иштеринде жүрүп, кайтыш болуп кетти. Чогуу иштеген патоанатомиянын ассистенттери айтып берди: «Кусеин өлүктү сойгондо, ичинде эмне орган бар экенин дагы билбейт экен» – деп.

Бирге бүткөндөр бир бирибизди толук билбесек дагы, анча-мынча артыкчылыгыбызды, кемчиликтерибизди билишчүбүз. Бүткөндөн кийин мугалим жок, тандап алган кесибиңде өзүңө өзүң суроо коюп, мугалим болушуң керек. Өзүңдүн иштеген кесибиңди билбесең, иштеген ишиңдин эч качан кызыкчылыгы болбойт, иштегенге да көңүлүң келбейт, себеби билбейсиң. Аракет кылган киши, өзүнүн кесибин сүйгөн адам билиш үчүн көп далалат жасайт, билбегенин күн-түн дебей үйрөнөт. Мындайда биринчи жардам – мурунку өткөн, биздин акылдуу, таланттуу илимпоздор жазып кеткен китептер бар. Мына ушуну бир окуп түшүнбөсөң, түшүнгөнчө он сыйра оку, дагы айтам, адам жеңбеген эч нерсе жок. Бул – чындык, өз башымдан өткөн унутулгус нерсе.

Акушердик-гинекология кафедрасынын башчысы профессор **Кейлин,** нерв оорулары кафедрасынын башчысы профессор **Б.С.Бейлин** эле. Бул эки еврей илим жагынан кадр даярдадыбы, жокпу – эсимде жок. Саламаттык сактоодо эмгектери зор.

Профессор Френкель Георгий Львович патофизиология кафедрасынын жетекчиси болуп көп жыл иштеди, сүйлөгөнү өтө кыйын, адамкерчиликтүү, чыгаан билимдүү илимпоз адам эле, бир доктор, 30 кандидат даярдаган. Эмгегин республика баалап, Мамлекеттик сыйлык берген академияда мүчө-корреспондент эле. Патофизиология, физиология боюнча Кыргыз кадрларын даярдоого негиз түзүп кеткен. Менин эсимде, хирургияда мени менен чогуу иштешчү чечен Алиев Шарахудинов, Аралбаев Турар – ушул экөө тең Френкелдин жетекчилиги аркылуу докторлук диссертация жактаган. Алиев өзүнүн туулган жерине кетип, ошол жактан кайтыш болду деп уктук. Аралбаев азыр пенсияда. Бир эсимде калганы, институттагы окумуштуулар кеңешиндеги илим боюнча талаш болуп кетти, Френкелден жаштар илимий даражаларын тез-тез эле коргой баштады. Эксперимент катарында иттин денесин туш-тарабынан – мур-

дунан, колунан, ичинен, капталынан кайнак суу же ток менен күйгүзсө, күйгөндөн кийин шок болот. Ошонун тегерегинде бирөө диссертация жазып коргойт. Максим Ефимович Фридман ыр жаза койчу, ошол ырга келтирип, Френкелге какшык-тамаша катарында сүйлөдү эле, Френкель ыза болуп, экөө айтышып кетишти. Кийинки кеңеште Френкель 20 китеп көтөрүп келиптир, кафедрага тизип коюп, ортосунан мойнун, башын чыгарып алып, Фридманга далилдеп берип жатат. Бул эки еврей бири-бири менен таарынышып, сүйлөшпөй калды го деп ойлогонбуз. Үч айдан кийин Максим Ефимович ооруп калды, мен күн-түн жанында жатып укол жасап турдум, бир күнү түнкүсүн саат 8де Френкель, Шаган, Лехман, Конторович кирип келип турат. Максим Ефимовичти көргөнү келишиптир, ал-жайын сурап, бир аз отуруп кетишти. Кетип жатып Френкель: «Мамбет, жакшылап кара шефиңди»,– деп тапшырма бергендей болду. Мен: «Жакшы эле карап жатам»,– дедим. Кеткенден кийин Максим Ефимовичке: «Максим Ефимович мен баягы кеңештен кийин Френкель менен сүйлөшпөй калат го дедим эле»,– десем, Максим Ефимович: «Андайлар боло берет, таарынычы жок»,– деди.

Ушул жерден эсиме келе калды, мен Максим Ефимович менен 30 жылдай бирге иштешип, бир-бирибизди беш колдой билип калдык эле. Ушул күнгө чейин менин хирургдарыма айтып келатам, ушул еврейлерден үйрөнсөк, булардын эң артыкчылыгы, өлсө дагы бир-бирин жамандаганын уккан жокмун, кимиси болбосун начарлары деле болот го, жок, ошону мактап жатып алдыга жылдырып алып чыгышат. Мисалы, Ахунбаев кайтыш болгондон кийин, ордуна киши табылбай, конкурс жарыяланды. Конкурска катышууга профессор Червинский деген да арыз бериптир, кай жактан экени эсимде жок. Максим Ефимовичтикине тез-тез келчү элем, келсем эле Червинскийди мактайт. Абдан таланттуу илимпоз, сонун хирург деп. Бир күнү сурап калдым: «Максим Ефимович, Червинскийдин өзүн сиз тааный-

сызбы?» – деп. «Жок»,– дейт. Мен: «Анда эмне үчүн мактап жатасыз?» – десем: «Кагазга жазылган маалыматтарына карап»,– дейт. Бир топ күндөн кийин шеримди кармайын деп: «Максим Ефимович, Червинский дегенди издеп, эч бир китептен таппай койдум»,– десем: «Жаман издегенсиң»,– деп жооп берди. А биздеги бирөө тааныган, билген эле бирөөнү сурасынчы, билип туруп эле: «Ал начар, алкаш»,– деп же башка кемчилигин айтып калабыз. Мына ушул үчүн көп жерлерден жыла албай жүрөбүз. Бул – чындык.

Профессор **Тилис Аврам Юльевич** профессор физиология кафедрасынын башчысы эле. Мен андан окуган жокмун. Бул еврей көп жыл ушунчалык чын дили менен сонун иштеди. Көп жыл декан болуп дагы иштеди. Илим жагынан биздин кадрларга чоң жардам көрсөттү. Илимдин 8 докторун, 37 кандидатын даярдаган адам. Алардын арасында профессор Алымкулов Добулбек бар. Ал республиканын илимине эмгек сиңирген ишмер деген наамга жеткен. Тилисти мен өтө жакшы көрүп, сыйлачу элем. Өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, билимдүү адам эле. Аврам Юльевич менен ар түрдүү тамашаларды теңтуштардай сүйлөшчү элек, тамашаны өтө жакшы көтөрчү. Кээде мен катуураак кетип калганда, айтканы: «Мамбет ты хулиган» – деп койчу эле.

Профессор **Лехман Михаил Наумович** акушерчилик кафедрасынын башчысы болчу. Бул кишиден окуган жокмун, кийин чогуу иштешип калдым. Максим Ефимович менен мамилеси жакшы эле, өтө созулган, сылык, өзүнүн ишин жакшы билген сонун киши. Эсимде, бир күнү мени консультацияга чакырып калды. Кош бойлуу аялдын баласын операция жасап алышыптыр, 6–7 күн өтүп кетиптир, ал-акыбалы өтө начар, операция жасаган жерине таңуу салып жатып карасам, Лехман, Надя Нигматулина, төрөт үйүнүн башчысы Таникеев дагы бир топ врачтар катышып турат, ириңдеп, ажырап, ичегинин тешиктери

көрүнүп бок-согу менен чыгып турат. Операция убагында ичегисин кошо тигип салышыптыр. Ошол тиккен жерлер тешилип, ичине ириң толуп перитонит болуп кетиптир. Мен, оозум бош жаным: «Ким жасаса дагы, көзү жок сокур жасаптыр»,– деп ачуум менен айтып жибердим. Эч кимиси унчуккан жок, таңуу жасап чыккандан кийин Лехмандын кабинетине келдик. Михаил Наумов: «Мамбет, сен айткан көзү жок сокур мына бул»,– деп Таникеевди көрсөттү – бул Таникеевдин кетирген катачылыгы. Анан Михаил Наумов: «Мамбет, кандай жазсаң, өзүң бил. Муну – Таникеевди көрсөтүп өлтүрөсүңбү, эмне кыласың, өзүң бил – деди. Таникеев бизден улуу, институтту мурун бүткөн, Саламаттык сактоо министрлигинде кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Нургазиева министр убагында орусча тың сүйлөгөн, шыпылдаган неме эле. Биз бүткөндө, бизди киши катарында саначу эмес. Кийин кутуруп, үч баласы менен аялын кетирип, Надя Нигматулинаны алган, ошондо мансапкор экенин байкадым эле. Акушер-гинекологдор деле бир чети хирургдар. Ошондо көрдүм, Таникеевдин тилинен башка врачтыгы начар экенин. Ал убакта орусча ким тың сүйлөсө, ошол акылдуу, ишмер эле. Иш үстүнө келгенде, тилинен башка эчтекеси жок экени көрүнүп калчу. Дагы эскертем, хирургияны тил менен эч качан жасай албай турганын унутпаш керек.

Профессор Н.В. Конторович жин оорулар кафедрасынын башчысы эле. Конторович зор адам болчу, өзүнүн ишин жакшы билчү, кыргыздардан кадрлар даярдоо жагы эсимде жок, эсимде калганы, азыркы жиндилер жайы, аймагы бүт ушул кишинин эмгеги, өзү киришип жатып ушундай чоң территорияны алып, имараттарды бөлүмдөрдү салдырган Конторович эле.

Профессор Рашкован психологиялык химия кафедрасынын башчысы эле, бою кыска, толук, көзү баканын көзүндөй, бойдок. Биз жашаган жатакананын бир кичине бөлмөсүндө жашачу. Бул еврейдин артыкчылыгы, лекция-

ны баштаарында, тымтырс болмоюнча күтүп, көзү менен эле кадала тиктеп, колу менен жаңдап, анан лекциясын баштачу. Мен ушул предметтин маанисин, медицинага канчалык кереги бар экенин ушул күнгө чейин түшүнө албайм. Экзамен убагында артыкчылыгы – билетти көрсөтпөйт, столдун алдынан бирди сууруп берип, сүйлөө жок, колу менен жаңдап көрсөтөт тыякка отур деп. Жооп берип жатканда бир ооз ачпайт, жакшы билбесең, эчтеке айтпай, билетти алып, кайра бир билет берип, кээде үч билетке чейин берип жооп болбосо унчукпай кетирип жиберчү. Жатаканада жатабыз, армиядан келген, эсимде, Соломко деген бир колунун төрт бармагы жок, колу мутугуй студент бар, ошол үч жолу Рашковандан кулап келди. Абдан капа болуп, орусча Рашкованды сөгүп жатат. Бир күнү керебетте жатты эле, ыргып тура калды, таптым Рашковандын тилин деп. Бир жаман бычагыбыз бар болчу, сабы жок, ал жерине чүпөрөк оролгон, ошону алды, керзовой өтүгүнүн кончуна салды да, кетти экзаменди өткөзөм деп. Биз чочудук, бул акмактанып бычак алып кетти, бир балээ болбогой эле деп. Бир аздан кийин ырсыйып күлүп кирип келди, өткөздүм деп, кантип деп сурап калдык. Билет алып, алдына келип жооп берээрде карандашымдын учун сындырып, кончумдагы жаман бычакты сууруп чыгып, учтай баштадым эле, Рашковандын көзү андан чоң ачыла түшүп, зачётуңду бер деди, бере салсам, сурабай туруп «үч» коюп берди деп сүйүнүп келгени эсимде. Кийинки жылы угуп калдык биздин кийинки студенттер, аларды да кыйнап жадатса керек, түнкүсүн келатканда аңдып туруп мүшөк кийгизип ызалап кеткенин. Ошондон кийин кетип жоголду окшойт.

Жогоруда мен атап кеткен – бизди окутуп, билим берген мугалимдер, негизинен, еврей улутундагы адамдар. Булардын республикада жасаган эмгеги, айрыкча адамдын ден соолугун сактоодо, жаштарды, мединституттун студенттерин тарбиялоодо, билим берүүдө, кыргыз кадрларын

илимге тартууда эмгектери өтө зор десем, жаңылышпайм. Ушул окумуштуу, профессор еврейлер бардыгы – кафедранын башчылары.

Илим жагын негизинен ушулар түптөп кеткен. Мисалы, терапиядан профессор М.Е.Вольский академик, Социалисттик Эмгектин Баатыры Миррахимов Саидди жана көптөгөн терапевттерди даярдады. Ошонун аркасы менен Миррахимов өзүнчө терапевттердин мектебин ачып, жүздөгөн кандидат, докторлорду даярдап кетти. Профессор Б.В.Шаган, академик Д.Кудаяров жана башка көптөгөн балдар адистерин даярдаган. Кудаяров дагы өзүнчө педиатрлардын мектебин түзө алды. Профессор А.Ю.Тилис, профессор Д.Алымкуловду жана башка көптөгөн кадрларды кандидат доктор кылып даярдап чыкты, физиология, патофизиология боюнча өзүнчө мектепти түзгөн, даярдаган профессор Алымкулов республикада курортология институтун көкөлөткөн көптөгөн кадрларды даярдаган. Профессор Слонин, Конради деген окумуштуулар академик Данияровду, профессор В.А. Исабаеваны даярдаган. Кийин экөө тең физиология илиминин көптөгөн доктор, кандидаттарын даярдаган, экөө тең таланттуу уюштургуч жана көрүнүктүү илимпоздордон болгон. Башка профессор еврейлердин деле эмгеги өтө зор. Профессор Фридман Максим Ефимовичти жогоруда айтып кеттим, өзүмдүн мугалимим, жетекчим болгон деп. Булардын эмгегин, бизге жасап кеткен жакшылыгын биз эч качан унутпашыбыз керек. Айрыкча, бизден кийинки муундарга айтарым: сабак окуткан мугалимди эч качан унутпаш керек, керек болсо, кез-кез ыгы келгенде аты-жөнүн айтып, жасап кеткен ишин эскере жүрсөк түзүк эле болоор дейм. Ошон үчүн мен жаштарга, врачтарга ар дайым айтып эскертип келатам: «Эсиңде болсун, сен эч кимдин жардамы, мугалими жок асмандан даяр түшө калган жоксуң»,– деп. Болот, кээде арабыздан көрүнө калат, даражага, даңкка жеткенде баарын унутуп, киши менен сүйлөшкүсү келбей чалкайгандар. Мындай сорттогу адам-

дарга мен врач катарында диагноз коёр элем. Алардын ден соолугу начар, уялбай эле невропатологдорго көрүнүп коюшса жаман болбойт эле, өкүнүчтүү жери, мындай оорулуу адамдар оорулумун деп эч качан врачтарга кайрылбайт.

Эми институту бүткөндөн кийин Максим Ефимович негизги мугалимим дебедимби, калгандары: профессор З.Егембердиев, К.Нигматулин, доцент Н.Студенцова, Е.Круглова, ассистент А.Артамонова, хирургия бөлүмүнүн башчысы Пухова, ассистент Бадалова, ассистент Янович – мына ушулардын баары негедир биринчи күндөн тартып, көп жылга чейин менин артымдан түшүп жамандап, ар кандай ушак, жаманатты кылчу сөз таратып, чыгымчылыкты уюштуруп, эмне дегендерди жасабады, мунун баарын жогоруда жазып кетпедимби. Мен өзүмдүн кемчилигимди, күнөөмдү билем, орус тилин начар билгендиктен жазганда ушул күнгө чейин таза, катасыз жаза албайм, мунун дагы себебин кайталап кетейин – ар жагымда запас билимим жок. Айтпадымбы, институтка келгиче орусча «да», «нет» деген эки сөздү билчү эмес элем деп. Экинчи кемчилигим – оройлугум, ким болбосун, ошол замат бетке айтып туруп калмай, мунун азабын жакшы эле тарттым, «грубый», «некультурный», «невоспитанный» деген аттарым бар эле. Бул кыялым өзүмдүн тубаса кыялым болсо керек.

Тарбиядан дейт го, кайдагы тарбия? Мен ушул күнгө чейин тарбия дегенди түшүнбөйм, себеби мен өзүм тарбия көргөн жокмун, эне-атам билими жок, момун адамдар эле. Кедейчилик шорго батырды, ачка өлгөн жатсак дагы, атам Кудай берет дегенден башканы билчү эмес. 4-курсту бүтүрүп, каникулга барганда атам сурап жатпайбы: «Деги, кайда жүрөсүң, эмне кылып жүрөсүң?» – деп. Анан кайдагы тарбия, мен ушул күнгө чейин чоң эле билимдүү, турмушу өтө жакшы кишилердин балдарын көрүп, угуп, билип жүрөм. Тарбия болсо, ушулардын балдарынын көпчүлүгү бардык жагынан начар. Кана, тарбия? Ошол эле убакта нечен бир

таланттуу, ишмер балдарды билем, 34 жыл кафедраны башкардым, ар түрдүү студенттерди көрдүм, Кудай Таала берген акыл-эси болсо өзү озунуп алдыга чыгат экен. Туулгандан Кудай Таалам ар кимге ар кандай мүнөз-кыял берет да, аны жасалма түрдө оңдоого болбойт экен. Көп эле акылдуу кишилер мага кеңеш берди: «Сен, Мамбет, өз мүнөзүңдү оңдо»,– деп. Аракет кылдым, жок, болбойт экен. Маркум менин мугалимим, профессор Максим Ефимович кийин мен чоңоюп, ата-баладай ачык сүйлөшүп калдык эле, бир нече жолу арман өңдөнтүп минтип айтып калуучу: «Мамбет, ушу менде сенин мүнөзүңдүн 50%ы болсо, а менин мүнөзүмдүн 50%ы сенде болсо, кандай сонун болоор эле»,– деп. Кийин түшүнгөндө, Максим Ефимовичтин: «Сенин мүнөзүң мага жагат. Өзүңдүн ушул темирдей болгон мүнөзүң менен баарын жеңдиң, азыр мени кубанткан окуучум, хирург болдуң»,– деп кубаттай сүйлөгөнү да эсте.

Мен ушул 60 жыл бир кесипте – хирург болуп иштеп жүрүп: «Мамбет жалкоо, ишке кечигип келет, келбей калат, операцияны билбейт, жаман жасайт» деген дооматты бирөөнөн да уккан жокмун. 60 жыл ичинде кызматка бир минут кечигип же себепсиз кызматка чыкпай калган эмесмин. Мени тааныгандар жакшы билишет, ишке эмес, башка жыйналыш болобу, конокко болобу, кечигип көргөн жан эмесмин. Хирургияны билбейт, операцияны жаман жасайт, билбейт десе макулмун, андай кемчиликтеримди таап, көзүмө айтса, өзүм да акмак болбосом билем го, ырас эле менде ушундай кемчиликтер бар деп. Жок, таба алышкан жок. Ар дайым айтып калам, мени колдогон өзүмчө Кудайым болсо керек, хирургдук жолум, ишим биринчи күндөн тартып оңуна салып, түз кетти. Мен ушул Кудай Таалама ыраазымын, кээ бир турмушта ичи тар, көралбас, куу чирен немелердин менин артыман түшкөнү эле көп нервди алып, адамдын оюна келбеген шантаждарды жасады, өзүң тазалыгыңа көзүң жетсе, булар канча аракет кылса дагы эч натыйжа чыкпасына, куржалак ара жолдо кала берээ-

рине ишенип кой. Азыр оппозиция деген жаңы сөз чыкпадыбы. Бул илгери эле болгон экен, анда мындай аталчу эмес мурун: чыккынчы, душман, орой, кызыл кулак, митаам деп, дагы бир топ сөздөрдү айтып чыгышчу. Менин эсимде, бала чагымда, «жоготом», «түрмөгө салам» десе, жаңкы аңдыган адам ошол кишинин көлөчүнө же ээринин желдигинин астына Сталиндин сүрөтүн тыга коюп кармап, түрмөгө салганы. Менин дагы жогорку айткан «оппозицияларым» директорго арыз жаздырып, санитаркага: «Мамакеев түнкүсүн дежур болуп жатып судна алып кел дейт, алып келсем, менин көзүмчө толтура чычып, эми алып чык деди»,– деп жаздырып, комиссияга дагы ушинтип айтып жатпайбы. Ал убакта курсагым жакшы тоё элек убак эле. Толтура чычмай тургай, эки күндө араң барчумун. Кийин эс тартканда, азыркы турмуш көрсөтүп жатпайбы, көрсө, оппозиция деген керек экен. Ошондо менин артымдан күн-түн дебей аңдып, жаманчылык издеп, анан андайлардын аңдыганын билип туруп, сен дагы күн-түн дебей ойлонот экенсиң, көрсө, бул адамды ойлонтот экен, кайра күч-кубат, ар-намыс берет экен. Ушуларга жеңдирбес үчүн, жок жерден жаман атка конбоюн деп, мээси бар адам ойлонуп, аракет кылат экен. Баскан-турганыңды, сүйлөгөнүңдү, жасаган ишиңдин алды-артын, капталын карап сак болуп калат экенсиң. Карабайын десең, тиги адамдар каратат экен. Мен азыр ушул адамдарга ыраазы болуп кетем. Мени чыңдаган, таптаган ушулар болгон экен. Мурун, көп түшүнүгүм жокто, көпкө чейин капа болуп, таарынып эле жүрчүмүн.

Тагдырыма, Кудайыма ыраазымын. Көп жылдан бери башымда азыр ошол өткөн нерселерди ойлоп, талдап, өзүмө өзүм таң калам, баа берем. Кантип аман калып ушул даражага жеттим деп. Көп жерлерден жеңгеним үчүн ошондо эле Баатыр экенмин (өзүмдү өзүм мактап алайын, тамаша).

## КЕРЕГЕ-ТАШ АЙЫЛЫНАН ЧЫККАН УРМАТТАГАН АДАМДАР

Кереге-Таш же Кыдыр акенин айылында ушул күндө 2300 адам жашайт. Кереге-Таш Караколдон ары 14 км жайгашкан. Биздин айылдан чыккан көрүнүктүү эл-журтка эмгеги сиңген, артына из калтырып кеткен жердештерибизди ар дайым эскерип жүрүшүбүз зарыл. Бул кийинки муундар үчүн чоң сабак.

*Кыдыр аке жөнүндө.* Кыдыр аке 1926-жылы сексенден ашып кайткан экен. Көл өрөөнүндө алты аке болсо, ошонун эң кичүүсү Кыдыр аке болгон. Бул алты акени Ысык-Көл эли эмес бүт кыргыз эли айрыкча мурунку муундар ушул күнгө чейин эскерип, ар биринин өз өрөөнүндө жакшынакай эстелик коюп, унутулбай эскерип келатышат. Эмне үчүн? Бул акелер илгери илим-билим жокто өзүлөрүнүн тубаса, тунук, Кудай Таалам берген таланты менен элди чогултуп ынтымакка алып келип, чыр-чатагы жок башкарып келген акелер. Билген мурункулардын айтымына караганда, бул адамдар өтө калыс, адамкерчилиги башкача, эл менен сүйлөшө алган, алардын тилин билген укмуш адамдар болгон. Булардын бир топ өзүнө ишенимдүү иш билген жардамчылары болгон. Мына ушулар чатакташпай, мушташпай, азыркыдай арызданышпай баарын угуп көрүп, тигилердин айткандарын аягында акелер, калыстык менен жакшы жагына чечип койчу экен. Кыдыр акеден кийин, алар ажылдашпай, бүт бойдон баш ийип макул болчу экен. Мына ушул акелердин акылдуулугу жана калыстыгы ме-

нен кыргыз элин түптөп, ынтымакка алып келип, ушул күнгө жеткендин бир себеби деп ойлойм да, ишенем. Кыдыр аке жөнүндө, бир-эки мисал: Илгери бул киши Петроградга барып, орус падышасынын чакыруусу боюнча, падышага кезигип, сүйлөшүп, чин алып келген экен. Кийин 1916-жылдагы үркүндө, үркүндүн алдында падыша орус аскери, кыргыздардан ар бир айылдан каалоосу боюнча анча-мынча эле аскер сурайт. Ошондо, Кыдыр аке аттуу-баштуу, өрөөндүн сакалдууларын чогултуп, аскерге берели дейт, калгандары макул болбойт. Ошондо Кыдыр аке көздүү адам экен: «Тигилерге-буларга теңелбейли, булар менен дос-ынтымакта бололу, буларды көрүп келдим дейт. Салыштырып, аттын кашкасы биз болсок, калган денесиндеги жүн булар экен десе»,– дагы, аксакалдар, макул болбой, Текеске качкандын негизги себеби ушул болгон экен. Тиги, каршы болгон аксакалдардын түшүнүгү жоктугунан, Текеске качып, барып келгиче нече деген жоготууларга туш келбедиби. Кыдыр акенин сөзүн угуп: «Анча-мынча аз эле» – дейт, «Аскерге берип койгондо, мынча жоготуу, азап көрүү болбойт эле»,– деп ушул күнгө чейин айтууда. Ошон үчүн бул адамдын акылдуулугун орустар билип, абдан сыйлашчу экен. Кыдыр аке каза болгондо, Ак-Суудагы орустар бүт өкүрүп келишкен дейт.

Экинчи мисал: 1926-жылы кайтыш болуптур дебедикпи. Мен 1927-жылы төрөлүп жатпаймынбы, Кыдыр аке жөнүндө, санжырачылар, кээ бир журналисттер бир топ эле жазышты. Кыдыр акенин батасы Мамбетке тийип, ушул даражага жетти деп ырас эле айтышат. Эне-атам айтып калчу эле: Кыдыр аке бир жактан жанында бир топ кишилер менен атчан келатса керек. Менин эне-атам жаш убагында өтө кедей, жаман алачыгыбыз бар эле. Кыдыр аке келип, кайрылып калыптыр, эне-атам жарма алып алдынан чыгып, энем акеге сунган экен, аке ичип жатып энемдин боюнда бар экенин байкап калып, ичип бүткөндө: «Балам, аман-эсен көз жарып ал, балаң аман болсун, ден соолу-

гу бекем болсун, силерди баккан азаматтардан болсун!» – деп, бата берген экен. Кийин мага жазгандар, мага келген журналисттер, баары ушуну угуп алышып менден сурайт: «Сага, Кыдыр акенин батасы тийип, ушундай болгон турбайсыңбы?» – деп, мен: «Мүмкүн»,– дейм. Кыдыр аке, көп эле кишиге бата берсе керек, ошонун ичинен, мен түзүгүрөөк чыгып калган үчүн айтылып жатат го. Мен өзүм ушул күнгө чейин батага ишенем. Батанын көпчүлүгү туура келип, аткарылып калат. Ошон үчүн, кайда жүрбөйүн ата-баланын, Кыдыр акенин арбагы колдой жүр дейм. Эми тескери бата, кийинчерээк Манас атаны көп колдонуп, абдан көп мамиле жасай баштадык. Кээ бир адамдар элди, үй-бүлөсүн, өрөөндү, республиканы жадаткан, бир тыйын жакшылыгы жок, ушуларга эч кимдин алы жетпейт, каргыш булар үчүн тескери таасир эткенин көрүп жүрөм, көп эле уктум, «Манастын арбагы урсун», «Кудай урсун», «Кудай жеткизсин» – деп. Урбай эле, өсүп-өнүп кызматтан-кызматка көтөрүлүп, жыргап жүргөндөр бар.

Экинчи биздин айылдан чыккан **Качкеев Кадыркул** деген агабыз, мага таяке эле, 4–5 жыл болуп баратат 96 жашка чыгып кайтыш болду. Бул таякем укмуш адам эле. Өзүнүн көрүнүшү кыргыздын мындай сулуу, сындуу адамдары аз кезиксе керек. Өтө бойлуу, түзүлүшү, тышкы көрүнүшү аялдар эмес эркектер дагы суктанчу. Таякем көп кызматтарда иштеди: облисполком, Ошто обкомдун секретары, Ысык-Көлдө БАКта 1-министри, 17 жыл Москвада биздин республиканын элчиси, кийин ардактуу эс алууда жүрдү. Өмүр бою республикага, союзга депутат болду, көптөгөн сыйлыктардын ээси, мен билгенден эле үч Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Өткөн-кеткенди укмуштай айтып берчү эле. Эсимде калганы: илгери Советтер Союзу жаңыдан курула баштаганда, билимдүү адамдар өтө аз, чала сабат болсо дагы, ишмердүүлүгүнө карап чоң кызматтарда иштегендер болгон дечү. Бир өзү тың жигит болсо керек,

аты-жөнү эсимде жок, таякем айтып берди эле. Ошол жигит өтө кедей, үй-жайы жок жүрүп үйлөнүп, ар жак-бер жакта иштеп, кийин бир министрликке жетет. Аялы кичине тартиби начар, билимсиз аял эле дейт. Кийин үйлүү-жайлуу болуп, машина минип калганда, баягы аялы өткөн-кеткенди унутуп коюп, кутура баштаптыр. Аялынын сырын күйөөсү жакшы билген үчүн баягы кедейчилигиндеги кийип жүргөн жаман жамаачылуу көйнөгүн катып алыптыр да кийин, чамгарактаган аялына ошол көйнөгүн алып чыгып көрсөтүп: «Ой, момуну унута көрбө»,– деп, кайра катып алчу эле дейт. Аялы көйнөгүн көрүп, эсине түшө калып, бир топко чейин оңоло түшчү экен. Ал убакта аялы арызданса ошол замат кызматтан алып койчу эле дейт. Азыр бул жагынан заман оңолуп, биздин чоңдор бир нече жолу аялын алмаштырса дагы, эч кимдин иши жок.

Экинчи айткан сөзү эсимден калбайт: «Ысык-Көлдө обкомдун секретарымын»,– дейт. БКдан чакыртып келсем, уруштан кийинки жыл бекен эсимде жок. Москвадан бир окумуштуу академик келген экен, мунун фамилиясы дагы эсимде жок, ошону мага табыштап Ысык-Көлдү айлантып, элди, жерди көрсөтүп кой – деп табыштады. Тиги академикти жолдо баратып көлгө жеткенде көлдү, жерди, тоону көрүп, биринчи Кыргызстанга келген адам экен ушунчалык кубанып, мактап, жыргап кетип баратты. Чолпон-Атадан өткөндөн кийин: «Жолдош Качкеев, бул силердин көл өрөөнүндө канча кандидат, профессор, академиктер бар?» – деп сурап турбаспы. Таяке ошого чейин менин эсиме дагы, оюма дагы келбептир бул суроо, оозумду ачып, эмне деп жооп берерди билбей, унчукпай калдым. Ойлонуп туруп тиги кишинин аты-жөнүн айтып: «Кечиресиз, мен канча экени даана эсимде жок, эртең жооп берсинчи?» – деп Караколго келээр замат отелдерди чогултуп, тапшырма бердим: «Тез, түн боюнча даярдагыла!» – деп. Эртеси тигилер келип, мага угузуп жатышпайбы, «Ысык-Көл боюнча жалгыз Элебаев, Мукай Элебаевдин иниси, тарых билими бо-

юнча илимдин кандидаты»,– деп, ошол замат, тиги кишиге барып айтып бердим. Тиги киши башын чайкап, таң калды: «Кантип эле бир кандидат»,– деп. Мен: «Ошондой экен»,– дедим. Эми азыр Кудайга шүгүр, совет өкмөтүнүн жардамы менен ар бир тармакта, жүздөгөн кандидат, доктор, академиктерибиз бар. Ошол үчүн мен айтып жүрбөймүнбү: «Илгертен, мурунтан биз, кыргызда, билимибиз болсо, башка элдердей эле башыбыз, акылыбыз бар экен, бир топ жерине барып калат элек»,– деп. Бир жаман жери, өтө билимдүү болуп кеткенбизби, же башка себептерибиз барбы, жакын арада эки-үч революция (төңкөрүлүш) чыгарып жибердик, ушундан мен кээде врач катарында ойлоп кетем. Өтө билимдүү болуш дагы зыян окшойт деп.

Дагы эч эсте калбаган, мен эле эмес бүткүл кыргыз эли сыймыктанган, илим-билимге өтө зор эмгеги сиңген академик **Алышбаев Жумагул.** Бул адам менин кайнагам, өтө эрте 49 жашында 1969-жылы кайтыш болуп кетти. Мындай акылдуу, мээлүү, адамкерчиликтүү, ишмердүү, уюштургуч, илимпоз адамды кезиктириш кыйын. Армияга кеткиче Караколдон педтехникумду бүтүп, Кочкор районунда бир мектепте завуч, директор болуп туруп, армияга согушка кетет, армиядан бир көзүнөн айрылып, «капитан» деген чин менен келет. Таласта обком комсомолдун биринчи секретары болуп иштеп жүрүп, андан кийин БК комсомолунун экинчи секретары болуп иштеп жүрүп, Москвага жогорку партмектепке кетет. Эки жыл окуп бүткөндөн кийин, ошол эле мектепке, аспирантурасына калып политэкономиядан илимдин кандидаты болуп келип, Фрунзедеги партмектепке директор болуп иштейт. Андан кийин институттун директору, вице Президент, кыргыз энциклопедиясынын редактору болуп иштеп жүрүп, 49 жашында инфаркт болуп кайтыш болот. Бул кишинин артыкчылыгы, кайсы окуу жайын бүтпөсүн баары артыкчылык менен бүткөн деген диплом. Илимге жасаган иштери, канча деген кандидат, докторлорду даярдап кетти. Өзүнүн адамкерчи-

лиги, боорукердиги, кыргыз элине жасап кеткен эмгегин жогоруда көрсөттүм эле.

Мен ушул аганы сыйлап, аты өчпөсүн деп неберем Жумагул төрөлгөндө, Жумагул деп атын койдук. Уулум Канат 6 ай болгондо, ага кайтыш болду. Жумагул аба Канат төрөлгөндө өтө кубанганын айтпа. Мен 41 жашка чыкканда, уулум Канат төрөлүп, Канаттын атын ушул агам Жумагул койду эле. Ал Канатты ушунчалык жакшы көрүп, эртели-кеч келип эркелетип, бетинен өөп кетип жүрдү. Ошол Жумагул абанын тилеги, каалоосу тийдиби, Канатигим ошол таякесиндей акылдуу бала болду. Акылы, жүргөн-турганы, ишмердүүлүгү, адамкерчилиги ошол таякеси Жумагулга окшоп калды. Кийин Канат балалуу болуп, баласынын атын ошол аганы сыйлап, унутпай жүрөлү деп Жумагул деп койдук, буюрса Жумкам дагы үйлөнүп, эркек балалуу болду, мени чөбүрөлүү кылып кубантып отурат.

Дагы бир агабыз, жазуучу **Убукеев Айткулу** эле. Бул ага ошол убактагы «Чалкан» журналынын редактору эле. Ал убакта «Чалкан» деп атын да туура койгон. Айткулу абанын фельетону чыкканда, Чалкандай чакчу эле. «Чалкандан» кийин көрүп, билип калдым, ал адам оңой менен оңолчу эмес. Өзү өтө жоош, көп сүйлөбөгөн, адамкерчилиги укмуш агалар эле. Ошол үчүн Жазуучулар союзунда «жөө туман» деген аты бар. Бул ага дагы 70 жаш курагында мээсинен кан агып, кайтыш болуп кетти. Бул кишинин уулу Убукеев Мелис аты чыгып, ушундай таланттуу кинорежиссер. Тартып кеткен кинолорун ушу күнгө чейин көрүп, чынында таланттуу бала эле. Мен абдан жакшы көргөн инилеримдин бири болчу. Мени дагы абдан «аба» деп урматтачу. Бул бала дагы, кокустуктан катуу ооруга чалдыгып, эрте кетип калды.

Дагы бир тууганым, менден 6 ай улуу, өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, өзүнүн ишин ушунча жакшы билген **Орунбаев Жумакай** эле. Жумакай дагы 60га жакындап,

27–887

катуу оорудан кийин кайтыш болуп кетти. Жумакай университетти абдан жакшы бүтүп, түштүккө мугалим, завуч, директор болуп иштеп келип, кыргыз радиотелевидениесинде отделдин башчысы болуп, өтө ийгиликтүү иштеп, таза, калп айтпаган, так жүргөн адам эле. Бул акыркы ишинде өзүнүн ишмердүүлүгүнөн чогуу иштеген коллективинде авторитети өтө жогору эле. Журналист катарында дагы эмгеги зор. Эң өкүнүчтүүсү, эрте кетип калды. Ушул Жумакайдын иниси азыр, 75 жашка чыгып калды, профессор, Академияда мүчө-корреспондент, Эл Агартуу мугалими, чоң даражалуу мен жакшы көргөн, мен эле эмес, бүт кыргыз эли сыймыктанган жөнөкөй, адамкерчиликтүү, илим-билимге кошкон салымы өтө зор айрыкча, жаштарга билим берүүдө, илимге даярдоодо дагы чоң салымы бар **Шаршеев Өзгөрүш**. Булар алты бир тууган, ар бири ар башка фамилияларда, аталары деле бири-бири менен бир тууган, өзүлөрүнүн атасы Дүйшөмбү Маллаев биздин агабыз. Бул адам айылдан ал убакта биринчи тың чыккан билимдүү адам экен. Көпчүлүгү мугалимдик кесипте жана башка уюштургуч иштеринде иштеген экен. Ошон үчүн 1939-жылы камалып, ошол жактан дайыны жок жоготушту. Ал убакта «эл душманы» деген шылтоо таап, көрүнүктүү кыргыздын кадрларын жоготподубу. Ошолордун бири Дүйшөмбү ага.

Өзгөрүш кандидат, физика-математика илимдеринин доктору, Москвадан окуп, ошол жактан жактап келип, өмүр бою университетте мугалим, кафедранын башчысы болуп иштеп келди. Ишке тың, өзүнүн ишин өтө мыкты билет, ошон үчүн Академияда мүчө-корреспондент, «Эл мугалими» деген наамга жетти. Сыймыктанам, экөөбүз түбү эки атадан тарайбыз, мен Кулубектен, Өзгөрүш, Жумакай, Айткулу Чыныбектен.

Дагы бир агам **Жаркынбаев Абдыш.** Бул аба дагы Качкеевдер менен теңтуш чыккан адам эле. Абдыш аба дагы кедей-дыйкан үй-бүлөдөн, өтө кичинесинен эле тың чык-

кан адам болгон. Мен билгенден Ысык-Көлдө, Таласта обкомдун биринчи секретары болуп иштеген. Андан кийин Фрунзе шаарында шаараткомдун төрагасы, кийин пенсияга чыкканда Сокулук районуна караштуу Киров совхозунда директор болуп жүрүп, 70 жаштан өтүп каза болду көрүнөт. Бул ага дагы көп жылдар бою партиялык иштерде иштеп, жогорку советке депутат болуп, сый-урматка жетип, кыргыз элине эмгеги сиңген.

**Арынов Асанбай** физика-математика боюнча илимдин кандидаты, институтту эң жакшы бүтүп, илимдин кандидаты болуп, өмүр бою кафедранын жетекчиси болуп балдарга билим берүүдө эмгеги зор. Аянычтуусу өтө эрте кетип калды. Өзү жөнөкөй, адамкерчиликтүү, ага-тууганга өтө жакшы мамиле кылган инилеримдин бири эле.

Дагы ушундай инилеримдин, балдарымдын бири, илимдин доктору, профессор **Бекбоев Аскар.** Аскар бир чети менин баламдай, ата-баладай бири-бирибизге мамиле кылабыз. Себеби Абаев Абдыкадыр экөөбүз айылда чогуу чоңоюп, чогуу окуп бир жашташ элек. Жолдошчулугубуз башка балдарга караганда экөөбүздүкү өтө жакшы эле. 7-классты бүткөнчө бирге окудук, бала чагында өтө тың эле. Комсомолго өткөндө Абдыкадыр райком комсомолго инструктор болуп бир топ иштеп калды. Иштеп жүрүп, андан ары окубай койду. Кийин Жыргалаң шахтасында иштеп жүрүп, айылга келип, колхоздун ар кайсы жумуштарында иштеп жүрүп, бала-чакалуу болуп, эрте каза болуп кетти. Өлгүчө жолдошчулугубуз үзүлгөн жок. Каникулга отпускага барганда ал-жаны калбай коноктоп, чай берип жүрдү. Байбичеси Гүлсүн азыр аман, жашыбыз деле тең. Гүлсүндү Абдыкадырга күйөө жолдош болуп мен алып бердим эле. Абдыкадыр көрө албай кеткенди, ырыстуу байбиче экен Гүлсүн көрүп жатат. Мен өзүм Гүлсүндү эки жолу операция жасап, аман алып калдым. Азыр кез-кези менен жолугушуп турабыз. Кезикkенде экөөбүз тең ушунчалык кучакташып, өбүшүп өткөн-кеткенди эскерип жыргап калабыз. Мына

ушул Абдыкадыр менен Гүлсүндүн бир баласы Аскар өтө эстүү, тың, ишин жакшы билген, И.Арабаев атындагы институтта көп жыл ректор болуп, жаштарды тарбиялоодо эмгеги зор. Аскар жөнөкөйлүгү, адамкерчилиги, ишмерлиги менен айырмаланат. Бул оюм жеке меники эмес, Аскарды тааныгандардын баарынын ою ушундай десем болот. Азыр Өкмөттө бир бөлүмдү башкарат.

Дагы бир балам өзүмдө иштейт, **Сыргаев Дүйшөн** деген медицина илимдеринин кандидаты, жогорку категориядагы хирург. Бул балам өтө таланттуу, бардык жагынан үлгүлүү. Дүйшөндүн билими, адамкерчилиги, ишмердүүлүгү өтө зор. Азыр бир чоң бөлүмдү башкарат, медакадемияда хирургия кафедрасынын доценти. Балдарды тарбиялоодо медакадемияда, ооруган адамдардын ден соолугун сактоодо эмгеги зор.

Дагы бир балам профессор **Жапар Бектуров** жөнүндө.

Биздин айылдан өсүп-өнүп келаткан жаштар өтө көп. Ошолор деле мен айткан агаларына окшоп ошолордун жолун басып, бир убакта кийинки муундар буларды эскерип, айтып жүрсө үлгү, кубаныч болоор эле. Ошондой элди, айрыкча, биздин айылдын элдерин кубантып бул бала же кыз биздин айылдык деп кубанып, мактанып айтып жүрөөрүнө мен ишенем. Эл болгон соң жашоо-турмуш өтүп жаткандан кийин ойлончу балдарыбыз бар. Киши болоюн, элиме эмгек сиңирейин, кийин айтып эстеп жүргөнгө из калтырайын дегендер болооруна ишенем.

## ЧЕТ МАМЛЕКЕТКЕ ХИРУРГДАРДЫН СЪЕЗДИНЕ, КОНГРЕССКЕ БАРГАНДА

Советтер Союзу убагында ар бир төрт жылда Бүткүлсоюздук хирургдардын съезди болуп турчу. Андан башка Орто Азия өлкөлөрүнүн хирургдары өзүбүзгө ар бир эки жылда съезд өткөрүп турчу элек. Жалгыз Түркмөнстандын хирургдары эки жолу ошолорго кезек келип, өткөзөбүз деп коюп өткөргөн жок. Кийин кеңешип туруп буларды чыгарып салдык эле, Орто Азиядан Түркмөнстанды ушул күнгө чейин көргөн жокмун. Илгерки Советтер Союзу убагынан бери Республикада өзүбүздүн хирургдарыбыздын кеңешинин ушу күнгө чейин төрагасымын. Анда Бүткүлсоюздук хирургдарынын Пирагов Н атындагы жыйынына караштуу уюмга баш иебиз. Мени төрага катарында Москвага отчёт бересиң деп чакырып калды. Мен мындай отчётко биринчи барышым. Төрагасы Академик союзда Эмгектин Баатыры, институт хирургиянын директору, укмуштай чоң көрүнүктүү киши экен. Кийин көп жылдар бою саламаттык сактоо министри болуп иштеп турду. Мүчөлөрү жалаң академиктер экен. Владимир Фёдоров Россиянын башкы хирургу, Кузин Малиновский дагы бир тобу. Менде жан жок, биринчи жолу отчёт беришим. Ошондо ушулардын арасынан буларды биринчи көрүшүм, тааныбайм. Академик Фёдоров Владимир Дмитриевич арык чырай, сүйлөгөнү жай, жумшак, адамга кылган мамилеси укмуш. Ошондо эле көзүм бар эле байкай койчу, ушул адам мага өтө жагып калды, тажрыйбалуу адам экен. Менин чочуп коркуп тур-

ганымды ушул адам билди. Карап туруп башталардын алдында чакырып алып: «Мамбет, сен коркпо, чочуба, республикада өзүңөрдүн хирургдардын арасында кандай иштеп жатасың, жыйналышта эмне маселелерди карадыңар, алдыга койгон максатыңар эмне, кылган ишиңди өз тилиң менен түшүндүрүп бер» – деп мага чоң ишенич менен кубат берип салды. Ошентип президиумдун алдында отчёт бердим. Тигилер чоң тажрыйбасы көп, көптү көргөн улгайган адамдар экен. Менин кейпимди көрүп абдан жакшы кабыл алышты, болгон кеңештерин айтышты. Мен кубанып келе бердим. Ошондон тартып В.Д. Фёдоров менен мамилем түзүк болуп калды. Кийин кайда, кай жерде хирургдардын жыйыны болбосун барганда кезигип абдан жылуу мамиле жасап жүрдү. Кийин А.А.Вишнёвский атындагы хирургия институтунун директору экен. Ошондо жыл сайын эндоскопия боюнча съезд өтчү, мен барып турдум. Ар бир съездде доклад менен жарыш сөздөрдө активдүү катышып жүрдүм. Андан мурун Бүткүлсоюздук Н.И. Пирогов атындагы хирургдарынын мүчөсү болдум. Кийин А.А.Вишнёвский атындагы институтунун президиум мүчөсү болдум. Мен 70 жашка чыкканда академик В.Д. Фёдоров баласы жана дагы эки хирургу менен Фрунзеге келип катышып, доклад жасап берип, эки күн жүрүп кетти. 15 жыл мурун биз Лапороскопический аппарат алып, жаңыдан үйрөнө баштаганда Ленинграддан профессор Борисов өзүнүн бригадасы менен аспаптарын алып лекция залына кабель тартып, телевизор коюп, бизге жардам көрсөтөйүн, үйрөтөйүн деп келген. Биз 4–5 ооруну даярдап койдук. Мунун алдында мен бул операцияны аппаратты алгандан кийин, ошол операция жөнүндө видеокамерасын таап алып, телевизордон эки-үч сыйра көрүп туруп өзүм жасай баштадым эле. Адеп жасагандан баштап эле жаңылыштык болбой түзүк кеткен. Бул аппарат менен жасаш үчүн адегенде ошол операцияларды жасап жүргөн тажрыйбалуу хирург болуш керек. Борисов операция жасай баштады, хирургдар жыйылып лекция зал-

да толтура телевизорду карап отурушат. Борисов жасап жаткан оорулуу мурун көп ооруган адам экен. Өтү көрүнбөйт, карын майы, ичегиси бир бирине жабышып калган, ушуларды ажыратып, өттү араң таап алышка бир топ убара болду, кыйналды. Башка жерден бизге үйрөтөйүн деп келип, бир топ кыйналды жана уят болгонсуп калды. Мындай кыйынчылык операция убагында ар бир хирургда кезигет. Ички органдардын анатомиясы жок, оорунун азабынан өтүшүп, өткөрүп жиберип аягында ушундай болот. Мындайда ооруган адам үчүн, жасаган хирург үчүн оорлук келип, бирин бири кыйнап коёт. Борисовдон кийин мен так ушундай өтүндө ташы бар ооруган аялды жасадым. Мага Фёдоровдукундай өтүшүп кетпеген жеңили кезигип калды. Мен оңой эле 15 минутада алып салдым. Борисов таң калып калды. Азамат Мамбет, жаңыдан баштасаң дагы тажрыйбалуу кишидей жасап койдуң,– деп мактады. Бул киши бизге бир жумага келген. Лекция окумай жана дагы ушундай операцияларды жасап, көрсөтүп, үйрөтүп кетмек эле. Менин жасаганымды көрүп туруп, эртеси кетебиз деп калды. Эмне болду десем, бизге бул жерде кылар ишибиз жок экен дешти. Профессор Борисов бул операция боюнча союзда бирден бир чоң адис экен. Кийинки жылдарда ар бир жакта хирургтардын жыйындарында кезигип жүрдүк. Кийин менин окуучум Акылбаев Эрнест докторлук диссертациясын бүтүп коргоодо ушул профессор Борисов Ленинграддан келип оппонент болуп берди. Институт Вишнёвскийде эндоскопиялык съезд жылына болот дебедимби. Бир жыйында ушул өттүн таш оорусун операциясыз жаңы метод менен жасоо жөнүндө съездде каралып калды. Ошондо мен доклад жасадым. Биздеги өттүн таш оорусу, негизинен, катуу ооруп приступ болгондо түшөт. Бул убакта операцияны приступу жок убагында жасаганга караганда бир кыйла оор. Мен кандай алганымды башынан-аягына чейин түшүндүрүп айтып бердим, көп суроо болду. Кээ бир тажрыйбалуу жасап жүргөн хирургдардын арасында күмөндөр

болуп, кантип эле ушундай жасасын деп ишенбегендер болду. Ошондо Борисов чыгып: – Ишенип койгула Мамакеевдин операция жасаганын мен өз көзүм менен көрдүм,– деп тигилердин оозун баскан. Өзү өтө жөнөкөй, балпаңдаган ак көңүл, адамкерчиликтүү, чоң тажрыйбалуу хирург экен.

Кийин Ленинградда хирургдардын съездине катыштым. Борисов өтө чоң авторитет, бирден бир көрүнүктүү хирург экен. Ошондон ушул күнгө чейин бир бирибизге абдан жакшы мамиледебиз. Эң өкүнүчтүүсү В.Д.Фёдоров өткөн жылы 78 жашында кайтыш болуп кетти.

Дагы бир эсимде калганы: Б.В.Петровский союзда саламаттык сактоо министри, академик, Социалисттик Эмгектин Баатыры, өтө жөнөкөй, укмуш сонун киши көрүндү эле. Ушул кишинин 80 жылдыгы болуп калды. Кыргызстандан мен хирургдардын жетекчиси катарында Москвага барып калдым. Эртеси өзүнүн институтунда юбилей өтүп жатат. Эл көп, көрүнүктүү, атактуу хирургдар, академик, профессор жана чоң партиялык ишмерлер келишти. Адегенде комиссия каттап, ким кайдан келди аты-жөнүбүздү жазып, кезекке койгондой болду. Кезеги менен чинине карата чыгып куттуктап, белегин берип түшүп жатышат. Башкаруучусу сөз берип тейлеп жаткан, өзүндө иштеген профессор Ванцян деген армянин баарына эле сөз берип бизге жетпейт. Менин алдымда үч тал гүл менен бир артисткага менен сөз берип жатканда ачуум келип тура калып Ванцянга: «Мен Кыргызстандан хирургдардан өкүлү болуп келдим эле, кезекке жазылгам, эмне үчүн сөз бербейсиз, кечиктирип жатасыз деп тура калдым. Петровский мурун таанып калган, ордунан тура калып: – Мамбет, кел быякка – деп чакырып калды. Ванцян: – Мамбет, кечирип кой, азыр сага сөз берейин деп турдум эле,– деп армянча жооп бере салды. Менин артыман казак, өзбектин хирургдары кошо чыгышты. Булар мага өтө ыраазы болушту. – Мамбет аке, ырахмат, сиз болбосоңуз биз отура бермек экенбиз деп. Мен Борис Васильевичти куттуктап, бетинен өөп, те-

бетейимди, чепкенимди кийгизип түшүп кеттим. Кээде ушундай чечкиндүү, кайраттуу болуш дагы жардам берет экен. Менимче, көп жерден мунун пайдасын, жардамын көргөнмүн.

Дагы бир эсимде калганы 1970-жылдар болуш керек, так күнү эсимде жок. Дүйнө боюнча Москвада хирургдардын конгресси болуп, Кыргызстандан И.К. Ахунбаев экөөбүз делегат болуп барып калдык. Укмуштуудай чет элдик атактуу хирургдарды ошондо көрүшүм, мындай чоң жыйынга биринчи барышым. И.К. Ахунбаев экөөбүз мейманканага бир жатып калдык. Мен чынында өтө тартынып: – Мындай хирург улуу адам менен кантип жатам – деп чочуладым. Иса Коноевич адегенде эле: «Ай, Мамбет, менин билишимче сен арак ичпейсиң, мен ичип коём, анан кандай болот?» – деп калды. – Агай эчтеке болбойт, мен деле ичкендей болуп жүрөйүн»,– дедим. Эртеси кечинде: «Мамбет, мен ваннага түшүп чыгайын»,– деди. Мен: «Агай, азыр, даярдай коёюн»,– деп ваннаны толтурдум. «Даяр»,– десем өзү кирип: «Бул начар»,– деп туруп, өзү ысык буусун чыгарып, абдан ысык кылып толтуруп алып, анан түшүп жатты, өзү кызуураак, мен аңдып отурам, бир топ убакыт өтүп кетти, ача койсом агайым уктап жатат. Мен чочуп кетип силкилдетип ойготуп: «Агай, көп жатып калдыңыз, туруңуз»,– десем: «Ай, кокуй бала экенсиң, бар ары отура бер, мен эчтеке болбойм»,– деп кайра уйкуга кетти. Бир топтон кийин өзү туруп келип: «Мына, эчтеке болбой эс алып калдым, а сен коркосуң, эми мына 100 граммдын орду бошоду»,– деди. Дагы бир жолу чачы аппак, зыңкыйган, өңдүү-түстүү койкойгон абышка менен бир кыз болуп лифтке чогуу түшүп калдык. Кийин ленинграддык хирургдардан сурап калдым: «Бул, абышканын кызыбы же небересиби?» – десем, тигилер: «Угловдун алтынчы аялы, өзүнүн аспиранты»,– дешти. Кечинде Иса Коноевич арман кылып: «Ай, Мамбет, көрдүңбү, баары эле жүргөн аялдарын ала келиптир, экөөбүз эле куру келиптирбиз»,– деп. Жанында бир

укмуш чүрөк, жапжаш, эртең менен, түштө, кечинде кийим алмаштырып кийгенин, анын үстүнө татынакай сулуу кыз болгондон кийин баарыбыз карап, тиктеп калмай жайыбыз бар да. Мен ойлочумун бул абышканын кызы го деп. Иса Коноевич ар дайым кызуураак жүрчү эле. Бул абышка Углов деген академик, Баатыр, өпкө оорусу институтунун директору экен. Иса Коноевич мурунтадан бирин бири жакшы таанышса керек. Иса Коноевич Фёдор Ивановичке токтоп туруп лифтинин ичинен тиги кызды көрсөтүп: «Фёдор Иванович, былтыр күз айында башка кыз көрүндүңүз эле»,– деп сурады. Углов дагы акылдуу, көптү көргөн, укмуш киши болсо керек: «Иса Коноевич, былтыр күз эле, азыр жаз»,– деп коюп басып кетти.

Ошол конгресс бүтөөрдө кечкисин чоң банкет беришти, ресторандын алдында 10–15 минут күтүп чогулуп калдык. Эшикти ачканда, койлорду тузга коё бергендей болуп биз деле жабылып, кууп келаткансып шашып кирдик. Делегаттын көпчүлүгү жашы өткөндөр, мен шашпай эле кирип турдум эле, отурганга стул жок, туруп ичмей экен, столдун үстүндөгү тамак-ашын ар бири тарелкасына салып, ичкилигин кошо кармап эле чыга берип жатат. Мен оозумду ачып карап тура бериптирмин, Иса Коноевич мунун баарын билет экен, мени байкап калып кыйкырды: «Ай, бала, дагы бир аз ошондой турсаң, бул жерден куру чыгасың»,– деп. «Бул жерде Кыргызстаның жок, кел төргө отур, ал деген, өзүң кыймылда»,– деди. Ошондон кийин, мен дагы тарелкама ар кайсынысынан салып алып, четке чыгып жей баштадым. Анда жаш убагым, тишим соо, эти катуураак экен, ошол катуураак этти тиги абышкалар бат эле кайсап салышты. Ойлодум, көпчүлүктүн тамагы баягы колхоздун тамагындай эле жеп-ичилет экен деп. Ошондо мен 40 жаштын тегерегинде болсом керек. Академик Угловду жана башка абышкаларды көрүп, 80ден ашып калгандарды ойлочумун: «Ушулар кантип операция жасасын кантип жаш кыздарды алат»,– деп. Азыркы менин жашыма келген убак,

мени деле 85 жашка чыгып, кантип операция жасасын деген суроолорду угуп калам. Углов 96 жашка барып кайтыш болду. 90 жашка барганда телевизордон көрүп калдым, 20 жыл мурун операция болгон аял, кайра ооруп калып, грыжа болгонбу, ошол аял сурап туруп алыптыр: «Мени профессор Углов жасасын, башкаңарга барбайм»,– деп. Углов ошонун суроосун аткарыптыр.

**Эми коңшу бир тууган республикалардын Өзбек, Казак, Азербейжан, Тажиктердин хирургдары менен кээ бир эсимде калган окуяларды эскерип кетейин.**

Өзбек хирургдары менен мен биринчи жолу Ташкентте 1954-жылы военкомат аркылуу, бир айлык военный госпиталда практика өткөнбүз. Жолдошум Мамбетов Мукамбет экөөбүз барар замат, «военное положение» деп, «военный лейтенант» деген форма менен жүрдүк. Эмне окутса, көрсөтсө, ал убакта эч жакка чыгарбайт, айттырбайт военный секрет деп. Ал убакта Ташкент шаары анча деле кооз эмес, көпчүлүгү эски имараттар эле. Айрыкча ооруканалары өтө эски, өзбек хирургдары көрүнүктүүсү абдан аз эле. Экинчи жолу барышымда хирургдардын съезди болуп, И.К. Ахунбаев менен так ошол жер титирегендин эртеси бардык. Ошондо, Индия, Пакистандын Президенттерин Аупхан Шаштри экөөнү элдештиребиз деп, Москвадан совет министринин төрагасы А.И. Косыгин келген убакта, Шаштри Индиянын Президенти ошол жерден өтүп кетти, ошого карабай съезд өттү.

Андан кийин мен чоңоё баштаганда өзбек хирургдарынын съездине калбай катышып жүрдүм. Кийинчерээк өзбектин көрүнүктүү хирургдары чыга баштады. Жер титирегенден кийинки жылдарда барганымда, титирөөнүн жардамы тийди го, шаар өтө жакшы жагына өзгөрдү. Айрыкча ооруканалар кийинки талапка жараша чоң-чоң, кеңири салына баштады. Ошондо хирургдарынан академик Васид Вахидов менен таанышып, мага өтө жөнөкөй, адамкерчи-

ликтүү, уюштургуч таланттуу педагог-хирург катарында сезилди. Вахидов менден улуу адам эле. Бир барганымда телевизорго чогуу алып барып, мени сүйлөтүп, съезд убагында төрагалыкка шайлап, өтө жакшы, жылуу мамиле кылчу эле. Москвада башка республикаларда хирургдардын жыйынында ар дайым чогуу болуп, мамилебиз өтө жакшы. Ушул Вахидов жер титирөөдөн кийин өтө кооз, чоң хирургиянын борбору деп больница салдырды. Жанына чоң мечет курдурду, көп жылга чейин ушул борбордун директору болуп иштеп жүрдү. Бир топ жыл болуп кетти, 60 жаштын тегерегинде кайтыш болду. Кайтыш болгондон кийин бул адамды урматтап, ошол хирургияны Вахидовдун наамында институт кылып коюшту. Окуучулары Вахидовду урматтап, жыл сайын «Вахидов эстелиги» деп окуу өткөзүшөт. Бир топ эскерүүсүндө барып жүрдүм, кийинчерээк бара алган жокмун. Бир жолку барышымда Вахидовду эскерип жаткан убакта, бир татар кемпир мага жакындап келип: «Мамбет, мен сенин жэжең болом»,– дейт. Мен таң калып калдым: «Кандайча?» – десем, мен: «Караколдонмун, Раззаковдун, Айтматовдун аялдары, баарыбыз тууган болобуз»,– дейт. Вахидовдун аялын мурун көргөн эмес элем. Мен сурадым: «Эже, бул Вахидовду сиз Караколдо жүрсөңүз кайдан таап кармап алдыңыз эле?» – десем, «Мамбет, Вахидов жаш убагында Тянь-Шанга военный врач болуп иштеп жүргөн, ошол жактан таанышып турмуш курдук эле»,– деп ыйлады. Үч-төрт жыл мурун бул кемпири дагы кайтыш болуптур. Бир баласы бар эле, институтту бүтүп, өзүндө иштеп жүрүп, жаман жагына кетип (ичкилик, наркоман) жаш эле кайтыш болуптур. Өзбек эли, айрыкча, окуучулары Вахидовду жоктотпой ар дайым урматтап, атын өчүрбөй келатышат. Бул жагынан мисал алсак болот. Ушул Вахидов атындагы хирургия институттун өзүнүн окуучусу 11 жыл Саламаттык сактоо министри болгон. Таланттуу уюштургуч, педагог-хирург айрыкча жөнөкөйлүгү, адамкерчилиги өтө зор адам, өзү дагы көлөмү

120 кг болуш керек. Балпаңдап кебетесине, түзүлүшүнө карата бардыгы шайкеш келишкен адам. Бул адам Өзбекстандын академиги Назаров Фируз Гафурович көп жылдан бери көрүп-билип жүрөм, мага жасаган мамилеси жакшы. Мамбет аке деп алдыман кыя өтпөйт. Мен 70 жашка чыкканда хирургдары менен келип, жаны калбай куттуктап кетишти. Бул жолку барышымда дагы, Орто Азиянын «хирургдарынын атасы» деп жар салышпадыбы. Мен кубанып, төбөм көккө жеткендей болуп келдим. Съезд өткөрүп жаткандагы жаш таланттуу уюштургуч хирургдардын бири – профессор Хаджибаев Абдухаким Муминович, ушул «тез жардам» көрсөтүүнүн директору. Бул адам министрдин орун басары болуп көп жылдар бою иштеген, бизге келип кеткен, тааныштыгыбыз бар, мени агасындай сыйлап акелеп турат. Мен өзүмдүн балам доцент Абдулла Жакып экөөбүз бардык. Аэропорттон тосуп алып, профессор Базарбай Курбанович хирург кетер-кеткиче өзүнчө машина бекитип беришип, жаныбыздан чыккан жок. Базарбайды көптөн бери тааныйм, укмуш адамкерчиликтүү хирург. Барып-келгенибиз бүт өзүлөрүнөн, бизди эчтеке төлөткөн жок. Бул дагы урматтагандын, сыйлагандын бир жакшы түрү деп эсептейм. Съезд жүрүп жатканда, мени, биздин аксакалыбыз деп урматтап, съездди башкартып койду. Күнүгө кечкисин ресторанга алпарып сыйлашты, аягында укмуштай кооз саймаланган чапан, топу кийгизип, ыраазы кылып жөнөтүштү.

Эсте калганы, жаңкы Вахидовдун институту дебедимби, анын директору Назаров Фируз. Мунун институтуна барбай кетсем таарынат. Директор Фируз Гафурович бараар замат эле: «Мамбет аке, эртең саат 10до өзүмдө күтөм»,– деп чакырды. Мен ошол замат: «Фируз, мен өзүм деле барайын деп жаттым эле»,– деп. Эртеси Жакып экөөбүз барсак, күтүп отурушуптур. Бүт профессорлору, кызматкерлери болуп айрыкча хирургия темасында аркы-беркини сүйлөшүп отурдук. Ошондо жардамчы профессоруна табыш-

тап, ошол күнү эртең мененки конференциясын өткөзбөй, мени күтүп отурушуптур. Назаров тапшырды: «Бүгүнкү конференцияны Мамбет акем өткөзөт»,– деп. Мен үчүн күтүүсүз конференц залына толтура хирургдары жашы-карысы болуп бардык. Эмне маселе каралат, мурунтан белгилүү экен. Биздикине эле окшош операцияга барчумун, ооруларды хирургдары доклад берип, ошонун тегерегинде суроо-жооп болуп, аягында мен корутунду чыгарышым керек. Бизде деле, өзүбүздө, ушундай талкуулоо күн сайын болот, ооруларыбыз окшош, ошондуктан мен үчүн өтө кыйынчылык болгон жок. Бир топ жеринен өзүмдүн оюмду айттым. Макул болушту, бир топ жеринен хирургдардын билимин сыноого суроо бердим. Кээ бир суроолоруma жооп бере алган жок. Директор Назаров: «Мамбет акеме чоң рахмат, биз үчүн бир сабак, мен Мамбет акемдин мүнөзүн, хирургдарын кандай тартипте кармаарын көптөн бери билем»,– деп сүйлөдү. Негизинен, башка республикага барып, ошолор менен өзүңдүн кесибиң боюнча маектешип, суроо-жооп алышып, канчалык билем десең дагы, мындай жыйында, чоң-кичинеден жаңылыктарды угасың. Аны өзүңө келгенде колдонууга болот. Барып шаарды кыдырып, базарлап келсең анда эч пайда жок. Баягы эле кейпиңде келесиң. Ошентип, Ташкентте үч күн жүрүп шаардын өзгөрүшү, кооздугу, тазалыгы, көчөлөрдүн кенендиги 57 жыл мурунку көргөнүмө салыштырганда асман менен жердей. Өзбектер бардык жагынан өсүп-өнүп келаткан чагы экен.

**Бир тууган Казак хирургдары менен болгон кээ бир эсте калган окуялар жөнүндө**

Мен биринчи жолу Казакстанга 1958-жылы хирургдардын съездине профессор Круглов, А.Н. Знаменский, М.Е.Фридман болуп, бул жерден анда машина деген жок, бир таксини жалдап алып жөнөдүк. Алматыга жеткиче үч профессордун сүйлөгөн сөздөрүн, айткан анекдотторун угуп отуруп, ушунчалык боорумду эзип, күлдүрүп кандай жет-

кенибизди билбей калдым. Съездге катыштык, жакшы тосуп алышты, көңүлдүү өттү. Анда көрүнүктүү казак хирург окумуштуулары абдан аз экен. Көпчүлүгү башка, негизинен, еврейлер. Менин барганымдын себеби, кандидаттык диссертациямды жазып бүткөм, ошого ким оппонент болот дегем. Анда илимдин доктору, профессор дегендер абдан аз. Алматыда профессор, уролог Байнштеин деген бар экен. Ошого сүйлөшкөнү бардым эле. Эртеси, Максим Ефимович, мени ошол профессорго жиберди, барып сүйлөшүп кел, макул болобу-жокпу деп. Эртеси, издеп жүрүп иштеген жеринен таап сүйлөштүм, ал-жайымды айтып, диссертациямды көрсөтүп: «Мага оппонент болуп берсеңиз»,– дедим. Тиги профессор бою кыска, өтө толук адам экен, айтты: «Менин колум бош эмес, мен каршы эмесмин, макулмун, бирок күтүп каласың. Менде азыр үч диссертация катарда турат, сеникин алсам төртүнчү, качан, канча убакыт кетет, мен аны айта албайм»,– деди, «Макул мен кеңешейин»,– деп чыгып кеттим. Негедир мага кейпи, жообу жаккан жок. Түшкү тамактан чыгып келаттык эле, биз менен чогуу Ташкенттен келген профессор П.Постонов деген сылтып баскан адам, көрүнүшү еврейге окшош, Максим Ефимович сурап калды: «Кандай, Байнисинге бардыңбы?» – деп, мен: «Бардым»,– десем: «Эмне деп сүйлөштүң, макул болдубу?» – дейт. Мен Максим Ефимовичке баарын айтып бердим. Максим Ефимович: «Сен өзүң кантип ойлоп жатасың, макулсуңбу?» – дейт. Мен: «Жок, Максим Ефимович»,– десем, «Эмне болду?» – дейт. «Мага профессор Байнисиндин кейпи (мордасы) жаккан жок»,– дедим. Максим Ефимович: «Анда жаккан кейипти издейли»,– деп, сүйлөшүп келаттык эле, жаныбыздагы профессор Постонов угуп келаткан. Биз сүйлөшүп бүткөндө, мени карап туруп: «Мамбет, мени карап көрчү»,– дейт. «Эмне болду?» – десем: «Менин мордам сага жагабы?» – дейт. Мен эчтеке оюмда жок: «Жагат»,– десем. Постонов: «Анда, мен сага оппонент болуп берейин»,– деп турбаспы. Мен өтө кубанып кетип:

«Диссертациямды азыр эле алып келе калайын»,– деп шашмаладым. Постонов: «Шашпа, Мамбет, диссертацияңды мага Ташкентке алып келип бер»,– деди. Максим Ефимович дагы кубанып кетип: «Мына Мамбет, ишибиз оң экен, орто жерден бул киши табылып»,– деди. Фрунзеге келээр замат поезд менен Ташкентке жетип барып, Постоновдун үйүнө жетип бардым. Кечке жуук болуп калды эле Постонов аялы экөө өтө жакшы кабыл алып, тамак берип үйүнө кондуруп калды. Эртеси Фрунзеге келе бердим. Профессор Постонов менен кийин көп кезигишип жүрдүк, съезддерде мамилебиз өтө жакшы болуп жүрдү. Ташкентте growth мединститутта хирургия кафедрасынын жетекчиси экен. Иштеген жеринде дагы ынтымак бар экен. Өтө жөнөкөй, адамкерчиликтүү, чоң илимпоз, жакшы хирургдардын бири экен. Фрунзеге келип ишимди коргогонумда жакшы оюн, пикирин айтып, ийгиликтүү өттү. Кийин кайтыш болуп кетти окшойт.

Кийин мен доцент, профессор болуп калганымда, казактардын конференциясы, съезди болобу такай катышып турдум. Кийинчерээк казактын хирургдары өсүп-өнө баштады. Кадрлары көбөйүп, өзүлөрүнүн кандидат, докторлору пайда болду. Булар деле бизге окшоп тең таймашып чыга баштады окшойт. Ошентип жүрүп, казак хирургдарынан профессор **Алиев Мухтар Алиевич** чыгып калды. Бул киши менен таанышып, биринчи күндөн экөөбүздүн мамилебиз өтө жакын болуп кетти. Менден 6–7 жаш кичүү болсо керек эле. Менимче, ушул академик М.Алиев казак хирургдарынын башын кошуп, өзүнчө мектеп болуп калды эле, өтө тездик менен кадрлары өсө баштады. Алиев Саламаттык сактоо министри, ректор болуп дагы иштеди. Сызганов атындагы хирургия институтунун директору абдан тың, жогорку даражадагы илимпоз, мыкты хирург эле. Ошон үчүн казак эли эмгегин баалап, Казак Эл Баатыры деген наамы бар. Менин байкашымда өзү өтө жоош өңдөнгөн, көп сүйлөбөгөн, кабагы дагы көп ачылбаган, күлбөгөн суз

адам көрүндү эле. Бир жолку барышымда, банкетте жанында отуруп күлгөнүн көрүп калдык. Мага сөз тийгенде тамашалап: «Мухтар Алиевич, Сиз кез-кез күлүп, жылмайып койгонуңуз сизге өтө жарашат экен. Ошон үчүн мындан ары жасалма болсо дагы күлүп жүрүңүзчү»,– деп калдым. Өзүнүн хирургдары: «Мамбет аке, ушуну сонун айтып кеттиңиз, биз айта албай жүргөн сөздү»,– деп кубанып калышты. Алиев экөөбүз бир бирибизге «жок» деген сөздү айтышкан жокпуз, бир-бирибизге, балдарыбызга оппонент керек болобу, тышкы болобу кайрылган убакта тез аткарып жүрдүк. Эми бул деле кырсык, жашың келип калганда ушундайды Кудай бербесин, Алиевдин жашына, кылган эмгегине, Баатырлыгына карабай кийин баласынын азабын кошо тартып, чет мамлекетке баласына кетип, андан кайра келип, азыр үйүндө баса да, тура да албай анча-мынча элди таанybай, көр болуп жатат,– деп казак хирургдарынан угуп жатам. Менин оюмча, баласы акмак, чыккынчы болсун, ушу атасын тим койсо жакшы болоор эле.

Өткөн жылы 13–16-октябрда 2011-жылы Бакуда Азербейжан Республикасында эл аралык хирургдардын, терапевттердин конгресси болду. Булардын чакыруусу боюнча мен, балдарым доцент Абдуллаев Жакып, доцент Тилеков Эрнест болуп бардык. Мен Бакуда 30 жыл мурун биринчи жолу барганымда, ошол убактагы Баку менен азыркы Бакунун көрүнүшү асман менен жердей экен. Шаарынын кооздугу, тазалыгы айрыкча курулуштун жүрүшү тим эле укмуш. Бизди аэропорттон тосуп алып, эң жакшы мейманканага орноштурду. Өзүбүзгө арнаган машина, эки хирург бала күн-түн дебей жаныбыздан чыккан жок. Эртеси конгресстин ачылышы мединституттун жыйындар залында өттү, институттун көрүнүшү, залы укмуш, кире бериш фойеде төр жагында Президенттин атасы Т.Алиев, бер жагына Президент баласы, бүт денеси менен тартылган чоң портрет. Көчөлөрүндө, ар бир көчөдө Алиевдин портрети. Алиевди азербейжан эли ушу күнгө чейин сактап урматтап, даңаза-

лап, сыйлап турганын сездим. Бул адамдын союз убагынан кийин иштеген иштерин окуучулар жакшы билишет. Мурунку ушундай чоң болуп иштегендер Алиев менен кошо, көпчүлүгү дайны чыкпай жоголушту. Конгресс ачылганда көп өлкөдөн – Туркиядан, Египеттен, Индиядан делегаттар келишкен. Конгресстин төрагасы М.Топчибашев атындагы хирургия институтунун директору академик Буйук Агаев деген 82 жаштагы созулган келишкен адам экен. Анчамынча тааныштыгыбыз бар эле. Угушумда абдан жакшы илимпоз, мыкты хирургдардын бири экен. Мен бараар замат: «Мамбет Мамакеевди мага тез алып келгиле»,– дептир. Кезиккенде, кучакташып өбүшүп: «Келип, катышып бергениңизге чоң рахмат»,– деп ал-жаны калбады, менин ичим жылып ыраазы болуп калдым. Куттуктоо сөз берди, бир бөлүмүндө сессияда төрагалык кылдым, Жакып доклад жасады. Өтө кызыктуу көп докладдар болду. Жакканы – көпчүлүгү орус тилинде, башка тилде болсо которуп берип жатышты. Менимче, өтө кызык, маанилүү болду, ар бирибиз бир топ жаңылыктарды угуп, ыраазы болуп келдик. Экинчи артыкчылыгы, күнүгө кечкисин укмуштай ресторандарда коноктоп жатышты, столунун жасалышы укмуш. Эртеси банкет убагында мага Турциядан келген профессоргo, Египеттен келген дагы бирөө болуп төртөөбүзгө «Кызыл жүрөк» деген Алтын медаль тапшырды, №002 деген номер менен. Бул медаль мен үчүн өтө сыймык, урмат. Ошол жерден дагы: «Мамбет Мамакеевич биздин Орто Азияда урматтаган аксакалыбыз, атабыз»,– дешти. Мен төбөм көккө жеткенсип, кубанып отурдум. Чындыгында эле Орто Азияда сакалдуу 85 жашка чыккан хирургдардан карасам мен эле экенмин. Аягында мен ыраазычылыгымды билгизип сыйлаганыңарга, урматтаганыңарга, Алтын медаль бергениңерге чоң рахмат. Менин кааларым отурган хирургдарга: «Жок дегенде менин жашыма жеткиле!» – деп ыраазы болуп келе бердим.

Өткөн 2011-жылы 27–30-ноябрда Германия Федеративдик Республикасынын Магдсбург Билефельд деген шаарында эл аралык семинар деп, Германиянын Саламаттык сактоо министрлигинин чакыруусу боюнча мени, министр Сабыр Жумабековду, ректор Ашыраалы Зурдиновду, Марат Калиевди, ОМСтин төрагасы төртөөбүздүн барып-келиш, ал жактагы жата турган жатакана, тамак-аш, өзүлөрүнөн Москвадан ары Берлинге чейин бекер, Берлинден тосуп алышты. Берлинден ары Билефельд деген шаарына 500 км экен, укмуштай мерседеске салып алып жөнөдү. Жолунун бир кемтиги жок 160–180 кмден кем айдабайт экен. Жеттик, түз эле сонун жатаканасына жайгаштырды. Эртеси ооруканасына алып барды. Марк Ремо деген оорукананын директору экен, төрт кабат, ичинин тазалыгы, эмерек аспаптары укмуш, кээсин биринчи көрүшүм. Бул профессордо 9 жылдан бери бирге иштешет экен. Сагыналиев Эмил деген врач-хирург менден ординатураны бүтүп кеткен бала экен. Ушул балага ыраазы болдум, экинчи жагынан таң калдым. Немец тилин ушундай жакшы өздөштүрүп алыптыр, жаза да, сүйлөй да билет экен. Өзү өтө элпек, баскантурганы тың, жаңкы мерседес менен баргандан кеткиче ушул Эмил айдап алып жүрдү. Шаардын жолдорун дагы мыкты билет экен, үй салып, аял алыптыр, бир баласы бар экен. Тиги профессор Марк Ремонун оң колу экен. Чет мамлекетте, ушундай биздин балдар иштеп, ийгиликке жетип жүрсө, өзүң кубанат экенсиң. Эртеси профессор Марк Ремо ооруканасын көрсөттү, бардык жагынан укмуш, айрыкча, аспап-аппаратуралары. Ичиңден ойлоносуң, атаңдын гөрү, качан бизде ушундай аппаратуралар болот деп. Жапарымды жасаган операция столун, палатасын, баарын көрдүм, дагы бир топ капаланып оңолдум. Бизге көрсөткөнгө операцияга ашказанында шишиги бар оорулууну даярдап коюптур, ошого катыштык. Жасап жатып, бул профессор бир топ кыйналды, менин баамымда, орточо эле специалист экен. Жасап жаткан аппараты

укмуш, биринчи көрүшүм. Профессор бир жардамчы хиpиргу экөө жасап жатат кыйналды. Мындай операцияга эки жардамчы керек, бир жардамчы жетишпей жатканын көрүп турам. Чыдабай: «Эмне үчүн үчүнчү жардамчыны албайсыз?» – десем. Профессор унчукпайт. Эмил биздин жаныбызда котоpуп жатты. Эмилдин бизге айтканы: «Агай, албаганынын себеби, бул жерде акчага байланыштуу»,– деп. «Кандай акчага?» – десем: «Төлөгөн акчаны бөлүштүрө келгенде, көбүрөөк жардамчы болсо, жасаган профессорго азыраак тийип калат, ошон үчүн операцияга азыраак жардамчыны кошууга аракет кылат»,– дейт. Мен: «Эми түшүндүм»,– дедим. Эртеси дагы 200 км Магдсбург деген шаарына алып барды. Анда дагы ооруканасын көрсөтүштү, үч адам боорун алмаштырганы жаткан. Үчөөнүн тең алакыбалы жакшы. Укмуш, жакканы диагноз койчу рентген аппаратына алып кирип, ооруган адамдын уйку безинде кичинекей эле шишикче бар экен. Ошону текшерип, диагноз коюш үчүн биздин көзүбүзчө уйку бездин тушуна сайып, ошол безден издеп алып чыкты. Бир эле минутада алып чыкканын дагы гистологиялык микроскоп менен көрүп, заматта диагноз коюп коёт экен, бул эми укмуш. Ошол эле күнү кайра Германияга келдик. Ал жерде Саламаттык сактоо министринин стат катчысы, бир тобу болуп бизди кабыл алды. Ошол эле күнү Германиянын хирургдарынын ассоциациясынын жетекчиси, профессор 66 жаштагы адам экен, ошол кабыл алды. Хирургдардын илгерки атактууларынын музей өңдөнгөн жери, портреттери бар экен, ошолор менен тааныштырды. Министр Сабыр Жумабеков бизди бул адамга тааныштырып жатып, мени көрсөтүп: – Биздин аксакал 85 жашка чыгат, күнүгө операция жасайт – десе, тиги профессор таң калып: «Ушул жашта, ушул жакка чейин келип, анан операция жасаса, анда баатыр экен го»,– деп. Жумабеков: «Туура айттыңыз, бул киши бизде ансыз дагы Баатырыбыз»,– деп. Профессор: «Бизде, бул жаштагы хирургдар иштебейт»,– дейт.

Негизги бизди чакырганынын себебин ошол жерден толугу менен түшүндүм. Германия Федеративдик Республикасы каржылап, биздин республикага проект иштеп, 40 миллион евро акча түзүшүптүр. Булар бизге Пишпекке 2018-жылга чейин кыргыз-немец хирургиялык оорукана салып берет экен. Мурунку жылы ушул профессор Марк Ремо келгенде мен кезиге алган жок элем. Булар бул жерден семинар өткөзүп, таанышып кеткен экен. Ошондо биздин оорукананы көрүп: «Бул силердин больница жакты, немецтердин хирургиясынын бөлүгүн, филиалын ачсак»,– деп. Мага жеткизгенде, мен: «Эң ырас болот, мен макулмун»,– деп. Себеби бизге келсе булардын жардамы айрыкча аспаптары, аппараттары керек эле. Бул жолу барганда булар башкача айтып калыптыр: «Жок, силерге эмес, биз өзүбүз немец тили менен бүт аппараттарыбызды, керек-жарак аспаптарды жабдып, өзүнчө хирургиялык имарат салалы»,– деп, макулдашышты. Немецтердин хирургдарынын тың болгонунун негизги себеби, ушунчалык бай жашайт экен, «жок» дегенди билбейт. Биздин хирургдарда ошондой жетишкендик болсо, биздин хирургдар алардан калышпаган операцияларды жасайт эле. Буга менин көзүм жетип турат. Булардын ою оорукана салынып бүтсө, бүт өзүлөрү тейлеп, хирургдары өздөрүнөн, ар бир операция өздөрүнүкүндөй баада, акысы да өзүлөрүнө түшө тургандай. Менимче, биз деле макул болдук, салынып бүтсүнчү, калганын көрө жатарбыз деп, мен таң калып сурадым: «Силерде сайылып, атылып келгендер, ашказандын жарасы жарылып, кан агып келгендер, эхинокок деген оорулар барбы, жылына канча оорулуулар түшөт?» – десем, алар: «Мындай оорулар бизде жок»,– дейт, мына укмуш бизде күнүгө сайылып келет. Ашказанда жаранын оорусу бизде ушунчалык көп, эхинокок деген малдан жугат, бул дагы жок. Мына ушундан эле түшүнсө болот, булардын жетишкендигин, анан биз мактанабыз немецтерди жеңдик деп. Эми шаарынын кооздугу, көчөлөрүнүн сапаты, тазалыгы бир укмуш. Ошентип, 3–4 күн жүрүп ыраазы болуп келе бердик.

**Мен башынан ушул күнгө чейин жашы өткөн карылар менен маектешкенди, ыгы келе калса тамашалашканды өтө жакшы көрөм.**

Себеби улуу адамдар үйдө болсун, өрөөндө республикада болсун арабызда айрыкча бир жакшылыктарда, той-тамашаларда, жыйындарыбызда калдайып көрк болуп, сый болуп отуруп берсе эмне деген кубаныч болоор эле. Айрыкча эл-журтка ошо жашка келгиче эмне деген иштерди жасап келишти. Ошон үчүн эл арасында сый-урматка ээ болуп, кыргыз эли ушулар үчүн сыймыктанып, урматтап келген адамдар. Булардын басып келген изин унутпашыбыз керек. Менин оюмду окуучуларым, хирургдарым мени тааныган жолдошторум баары билишет, 60 жылдан бери менин оюм өзгөрүлгөн жок. Ар дайым айтам: «Унутпа, сен дагы аман болсоң карыйсың» – деп. Менин врачтарыма ар дайым кез-кези менен эскерем. Ооруп келген карыларды операция болобу, болбойбу башка ооруларга караганда буларды үч эсе артыгыраак көңүл буруп кара деп. Карыган адамдын жаны, өмүрү жаштардыкына караганда артыгыраак, өтө аянычтуу. Мен айтып келатпаймынбы, өз көңүлү менен өлөйүн деген улуу адамды көрө да, уга да элекмин, булардын жаны өтө таттуу. Кээ бир жаш врачтарга карыган адам жакпайт. Себеби көрүнүшү мурункудай эмес, көзү начар көрөт, кулагы дагы начар, тиши жок, ээги шалпайып нерв системасы дагы начар, кийген кийими дагы мурункудай эмес. Кандайын кийсе дагы жарашпайт, көбүрөөк сүйлөсө башынан өткөн сонун окуяларын силерге үлгү болсун деп айтып бергиси келет. Мына ушундай кемчиликтерин байкап отурган кээ бир акылдуусунгандар, менимче, акылы жок акмактар мурду-башын чүйрүп, кабагын тырыштырып жактырбай алжып калды деп шылдыңдап отурушат. Менимче, эч кемчилиги жок Кудай Таалам табигат ушундай кылып жараткан экен да, ошон үчүн карыган сайын жогоркудай кемчиликтери болот экен. Ошон үчүн менин врач катарында силерге берген кеңешим: бала

үчүн эне-ата кандай абалда болбосун, канча жашка чыкпасын балдары үчүн эне-ата бойдон кала берет. Менин эсимде калган кээ бир аксакалдар менен болгон маегимден силерге айтып берейин. Карыса да ошолордун айткан сөздөрү эч качан унутулбайт экен.

Көп жыл мурун отуз-кырк жыл өтүп кетти го, бизге больницага жашы өтүп калган байбичени тез жардам машинасы алып келди. Мени ошол замат чакырышты. Өтө катуу приступ болуп, чыдабай алы кетип келген экен. Көрүп сураштырсам, Алиевдердин энеси экен. Алиевдин улуусу банктын директору, анда шаарда бир эле банк боло турган. Экинчи баласы соода министринин орун басары экен. Анчамынча эле таанычу элем. Экөө тең өндүү-түстүү, толук өңдөрү зор адамдар. Мурун булар менен беттешип сүйлөшкөн эмес элем. Кичүүсү мени менен тең чамалаш көрүндү, сүйлөгөн тургандары өтө салабаттуу. Кемпирди көрүп, өтүшүп бараткан экен. Өттүн таш оорусу диагноз коёр замат операция жасаш керек дедим. Түшүнгөн адамдар экен, өзүңүз билиңиз – деп макул болушту. 80 жашка жакындап калган байбиченин көрүнүшү ушунча салабаттуу, татынакай, сүйлөгөн турганы жакшы эле. Ошол замат операция жасалды, өтү чирип, ичинде толтура таш, операциядан кийин көп кыйналбай оңоло баштады. Жакшы болуп калганда мен ар дайым көңүлүн көтөрүш үчүн тамашалай берем. Көпчүлүгүнө менин тамашам дарыдай эле жагат экен. Мени Мамбет Мамакеевич ушинтип тамашалап, көңүлүмдү көтөрүп кетти – деп айтышаарын ар дайым угам. Ошентип байбичени көргөнү кирсем эки баласы, эки келини жанында экен. Аркы-берки жагын сураштырып калдым: «Байбиче, мобу эки балаңызды бир эркектен төрөдүңүзбү» – десем: «Бир эле абышкамдан» – деди. «Ал эми калгандарчы, кол салган кайни-сайнилерден» – десем: «И кокуй, аларды кантип айтам» – деп чочуп кетти. Балдары, келиндери үн какпай чыгып кетишти. Ошону менен айыгып, үйүнө чыгып

кетти. Бир айдан кийин кичи уулу үйүнө конокко чакырып калды. Барсам балдарынын баары бар экен. Бир аз отуруп, анча-мынча чуулдап калганда мен дагы байбичеден: – Өткөн жолу толугу менен айта албай калдыңыз эле, мен дагы чала түшүнүп калдым, эми чынын айтып бересиз десем: «Ой, айланайын Мамбет, кыйнабачы, айтпайм» – деп койду. Мен тамашалап: «Мобу кичи уулуңузду эле билейин дедим эле кичине башка көрүнгөнүнөн» – дедим. Себеби кичи уулу экөөбүз мамилебиз түзүк болуп, тамашалашып калчубуз. Экинчи эсимде калганы дагы көп жыл өтүп кетти. Кошоев Темирбек Жогорку Советте президиумдун төрагасы болгон убак, июль айында болсо керек, көлдө эс алып жүргөм. Бир күнү эле кечке жуук райондун секретары башкы врач экөө издеп жетип келишти. Фрунзеге сизди тез келсин деп чакырып жатат. Кошоевдин атасы катуу ооруп жатыптыр,– деп машина ала келишиптир. Мен ошол замат түн боюнча жүрүп отуруп, таңга жуук Фрунзеге жетип келдим. Жогоруда айтпадымбы, өмүр бою күн-түн дебей ооруган адамга же больницага чакырганда бир жолу да отказ же башка шылтоо издеп барбай калган күнүм болгон эмес. Келип эле спецбольницада жатат экен, ошол жакка барып Темирбектин атасын мурун көргөн эмес экенмин. Улгайып, сексенге жакындап калган киши экен. Приступ болуп 3–4 күндөн бери ошол жерде дарыланып жатыптыр. Эч жардам жок, ооруп кыйналып жатыптыр, өзү араң эле сүйлөйт. Ичи өтө көпкөн, кол тийгизбейт, мен көрөөр замат өттүн таш оорусунун өтүшүп кеткенин айтып, ошол замат өзүмдүн иштеген хирургияма котордум. Көп өткөрбөй операция жасадым. Абышка да, баласы дагы каршы болгон жок. Себеби өтө кыйналып жатыптыр. Абышканын өтү чирип, араң калыптыр. Өттүн ташын алып, тазалап, бүтүп чыктым. Операциядан кийин 4–5 күн кыйналды, мен күн-түн дебей жанында болдум. Көлгө кетишти унуттум, уулу Темирбек күнүгө келет, ал-жайын сурап кетип жатты. Бир күнү Темикем мага: «Маке, бул абышка

оңой менен сүйлөбөгөн киши» – дейт. Чынында эле ар жак-бер жагын сурасак, араң жооп берет. Кийин байкасам, өзү башынан эле көп сүйлөбөгөн киши экен. Акырындап оңоло баштады. Температурасы нормага келип, ооруган жери басылып, ичеги-карды иштеп, тамак ичип калды. Көз карашы жылмайып, оңоло баштады. Оюма кетти, абышканы тамашалап көрөйүн деп сурап калдым: «Аксакал, буйруса оңоло баштадыңыз, бир аз күндөн кийин үйгө кайтасыз» – деп. Уккам, байбичеси жок, өлүп калган деп. «Сиз падышанын атасысыз, мурун татар, кыргыз аялдарды алып көрүпсүз, мен аракет кылып сизге байбиче алып берейин» – деп баштадым. Унчукпай угуп отурду. Бир аздан кийин: «Мамбет балам, мен сага бир нерсени айтып берейин» – деп калды. – Кулак сизде – дедим. Бир бука сазга тыгылып чыга албай жатыптыр. Ошол маалда жээкте музоолор өтүп баратса бука башын көтөрүп музоолорго: – Ай, силердин энеңер кайда? – деп музоолор жооп бериптир. Биздин энебизди эмне кыласың, а дегенде өзүң ошол баткактан чыгып албайсыңбы? – деп. Анысы кандай, Мамбет балам, мен бул баткактан чыгып алайын деп турбаспы. Мындай укмуштуу салыштырманы ошол замат ойлоп айтканына караганда оңой абышка көрүнбөдү. Ошону менен аман-эсен айыгып чыгып кетти. Мен кайра көлгө барып, отпускамды бүткөзүп келгенден кийин уул Темирбек телефон чалып калды. Мен чочуп кеттим, абышка дагы бир деме болдубу деп. Темикем мага: – Рахмат, абышка жакшы, басып жүрөт, ичкен-жегендери жакшы – деп. Мамбеттен бирдеме сурачы дейт. Абышкага эмне дедиң эле. Мен эсимде жок, эмне дегенимди дедим. Эмне болду десем, ачык айтпайт. Мамбет балам менен сүйлөшүп көрчү деп эле ачыгып айтпайт – дейт. Эстеп көрчү – деп калды. Мен ойлонуп жатам, эмне дедим эле деп. 4–5 күндөн кийин дагы телефон чалды. Ой, Маке, абышка барсам эле жанымды койбой сурап жатат, эстедиңби – дейт. Мен: – Ой, Темике, эстедим, мен тамаша кылдым эле. Кемпир алып берейин деп, ошо болуп жүрбөсүн – десем,– ой,

сексенге барган абышка кайдан аны ойлосун – дейт. Дагы сүйлөшүп, ушуну айтып көрчү десем ошол эле күнү атасына барып сүйлөшүптүр. – Мамбет алып берем – деди, сүйлөшүп алып бергиле – дейт. Темирбек боору эзилип күлүп: – Ой, Маке, кайдагы балээни чыгардың эле. Абышканы жемелеп, кыйнап жатат, эмне кылам,– деп дагы телефон чалды. Андай болсо эптеп алып бербейсиңби? – десем: – Ой, Маке, ага жарай турган алы жок – деп макул болбоду. Мен кеңеш бердим, макул, Мамбет экөөбүз издештирип жатабыз, деп санаасын басып кой. Ошондон бир топ жылдан кийин 90 жашка жакындап кетти окшойт.

Дагы бир эсимде калган унутулгус окуя: Мамбетов Мукамбет экөөбүз институтту бирге бүтүп, өмүрүнүн аягына чейин бир үй-бүлөдөй жакшы жолдош элек. Жогоруда аялы Турдубүбү аспирантурада тил боюнча аспирант болуп жүрүп, жетекчиси академик Юдахин Константин Кузьмич экен. Турдубүбү диссертациясын жактайт, оппонент болуп казактан бир зор киши экен көрүнүктүү профессор. Кечинде чакан эле банкет болду. Советтин мүчөлөрүн, анан өздөрүнүн туугандарын тамада болуп башкарып калдым. Юдахинди мурун көрбөптүрмүн, жашы деле бир топко барып калган киши экен. Тышкы көрүнүшү жөнөкөй, өңү-башы анча эмес. Көчөдөн таанбаган киши көрсө муну академик эмес бир жүдөө эле жүргөн адамдай кейпи. Ал кишинин башы, акылэси адамдардыкынан башка жан экен. Бардыгыбызга «Орусча-кыргызча, кыргызча-орусча жазган сөздүгү» белгилүү. Кийин кээде бир сөздү издеп калганда ушул кишинин сөздүгүн таап окуп түшүнүп жүрдүм, эми укмуш. Ошондон мурун Юдахиндин кемпири өлүп калган экен. Кийин бир жаш орус келинге үйлөнүптүр. Отургандар биринчи көрүшү болсо керек. Жаш татынакай аял экен. Отурушта тост сайын Юдахин арактан серп этип отурат. Ошондо тиги аялынын мамилеси Юдахин стаканды тартар замат оозуна закусканы даярдап туруп сугунтат. Сугунгандан кийин салфетканы ала коюп, оозун сүртүп жиберет. Чачын кайра

сылап жакасын костюмунун колу менен сүртүп тазалап, деги укмуш абышка жыргап отурат. Баары байкап отурушат. Казак профессор экөө мурунтадан тааныш болсо керек. Закусканы жеп жатып башын көтөрбөй туруп, Касым карагым жарыкчылыкты көрүп жаткан экенсиң го деди эле, Юдахиндин акылдуулугун ошондо байкадым. Бул дагы башын көтөрбөй туруп: – Ичиң күйсө туз жала – деп турбаспы. Ошентип бирин бири карабай туруп жооп бергенине таң калдым. Ошондон кийин Юдахин мен үчүн укмуштуудай акылдуу, мээлүү, анык илимпоз экенин билдим. Кийин өзү мага айтып берип жатпайбы. Базарга жылкынын этин алайын деп барып катарга туруп калдым. Жалаң кыргыздар арт жагымда, аялдар тумакчан, жаман чапаным, кийиз өтүгүм менен бардым эле артымдагы аялдар мобу өлүгүңдү көрөйүндөр дагы жылкынын этине кызыгып алып жеп үйрөнүп алды деп, мени жайлап жатат. Мен кайрылып туруп кыргызча: – Так силерден чочконун эти артпаса эмне кылмак элем – десем, бу кыргызча сайраган неме турбайбы – деп качып кетишти.

Эмки сөз Эл жазуучусу Насирдин Байтемиров жөнүндө. Бул жазуучуну анча-мынча ошол убакта таанычу элем. Кезиккенде саламыбыз бар эле. Көрүнүктүү таланттуу жазуучулардан эле. Бир күнү эртең менен эрте кызматка келсем эле ооруканaнын короосунда Байтемиров жалгыз ары-бери тез-тез басып турат, ачуусу келген түрдөнөт. Мени тааный коюп, дагы оюма кетти, мен бул кишинин жакындарынан бирөө бир нерсе болгон экен деп. Себеби айтпадымбы, бизге бир суткада күтүлбөгөн нерселер, оорулуулар кырсык менен түшө берет. Машинадан түшөөр замат мени көрө коюп, чуркап келди. Саламдашуу жок түз эле, мага атырылып бир тийди. «Бу Мамбет, кандай ооруканада тартип жок экен го, жакшы иштешпейт медсестраларың» – деп турбаспы. Мен: «Насыке, эмне болуп кетти, эсенчиликпи, жөн ачууланбай жай айтып бериңизчи» – дедим. Ооруканага

менин аялым түшүп калды. Уколду туура эмес жасап, жамбашы шишип температурасы көтөрүлүп, кыйналып жатат,– деди. Жүрүңүз мен көрөйүн, жатканын билген жок элем,– деп ээрчитип кабинетимден халатымды жонума сала коюп, аялы жаткан палатага бардык. Палатада ар кандай оорулар менен алты аял жатыптыр, кирип барып аялын тез эле тааныдым. Таанып калган себебим бир топ жыл мурун ушул келиндин энесин операция жасап, айыгып кетти эле. Анда бул аял арык, жапжаш кыз көрүнгөн. Учурашып: – Энең кандай – десем,– рахмат жакшы жүрөт – деди. Сурай баштадым: «Бизге качан түштүң эле – десем,– кече «тез жардам» алып келип жаткызышты – дейт. Эмне болду, уколду качан, кайдан жасаттың эле – десем, 3–4 күн мурун үйдөн жасаган» – дейт. Эмне укол эле десем, эсимде жок ооруп калды, үйгө врачтарды чакыртканда жасап кетишкен – деди. Байтемиров жанымда турат. Мен: «Насыке, үйдөн жасатсаңар анан эмне мага бир тийдиңиз, силерде тартип жок, жаман иштейт экенсиңер деп – десем: – Алар деле сенин окуучуларың эмеспи,– деп оозумду басты. Келинди көмкөрөсүнөн жаткызып, куйругун ачып көрүп, колум менен кармалап көрө баштадым. Насыкем дагы: – Ой, Мамбет, сен колуң менен куйругун кармай бересиңби? – дейт. – Ой, Насыке, сиз жазганда эмне менен жазасыз, ручка мененби, сизде жабдык ручка, меники болсо колум, ооруган жерин кармап, басып көрүп диагноз коёбуз – дедим. Көрсө, укол куйган жер шишип, кызарып калыптыр. Кол тийгизбей ооруганын сездим. Мунун болушунун себеби, эгерде шприц таза эмес болсо же куйган дары мөөнөтүнөн өтүп бузулуп калса ошондо ириңдеп кетет. Муну биз абсцесс деп коёбуз. Абсцесс бар-жогун билип, муну жарып ириңин чыгарыш керек – десем Насыкем дагы: – Ой, Мамбет, куйругу бузулуп калбайбы? – дейт, мурун укчу элем, бу киши өйдө-төмөн сүйлөп коймою бар деп. Мен карап туруп: – Насыке, бул куйруктун теңин алып салса дагы эчтеке болбойт, калганы сизге жетишет,– деп басып кеттим. Ошол

замат операция жасап ириңин чыгарып, андан кийин бир аз күн жатып чыгып кетти. Кийин бир кокусунан Насыкеме кезигип: – Кандай Насыке, аялыңыздын куйругу бузулбаптырбы – десем, жок айланайын Мамбет, кичине эле тырыкчасы болбосо калганы аман,– деди. Ошол бойдон Насыкени көрбөй калдым. Бир күнү гезиттин кызматкерлери – журналисттер, редактору чакырып калды. Келип берсеңиз, медицина темасында суроо-жооп деп. Мен макул болуп бардым. Бир тобу чогулуптур, суроо берип жатат, мен билгенимче жооп берип жатам. Аяк ченинде бир кичирээк тапан бала болсо керек: – Мамбет Мамакеевич менде аяккы суроо деп туруп суроо берди. «Эгерде жашы улгайып калган кишиден бала төрөлсө баласы келесоо болуп калат дейт, ушу чынбы?» – деп. Мен ошол замат жооп бердим, тескерисинче, деп. Ошондо Байтемиров дагы катышып отурган экен, чуркап келип эле мени басып жыгылып, бети-башыман өбө баштады. – Ой, Насыке, сизге эмне болуп кетти,– десем,– мобу акмактар мени айтып жатпайбы,– деп. Ошондо аялы кыз төрөп берген экен. Ошону менен бүттүк, бүткөндөн кийин тиги суроо берген балага: – Ой, бу силер эмне кылганыңар, сакалдуу киши болсо, көрбөй жүрүп балалуу болсо, мунуңар адамга, Кудайга жакпаган нерсе го – десем, тиги журналист: – Ой, Мамбет аба, сиз менин суроомо түшүнө койдуңуз, ырас эле ошондой болот деп койсоңуз эмне, бул өзү начар адам, ошондой болгондо дагы бир аз кепке алат элек – дейт.Мен: – Ой койгула, канча кылган менен сакалдуу адам, таланттуу жазуучу десем, мунуңуз ырас, бирок өзүнүн турган сүйлөгөнү, адамга кылган мамилеси өтө тескери, чатак адам – дейт. Аныңарды мен кайдан билейин,– деп кете бердим. Ушулардын баарын Төлөмүш Океев менен Бексултан Жакиевге айтып бердим. Айрыкча Бексултан Байтемировду ушунчалык окшоштуруп баскантурганын, үнүн өзүнүкүндөй кылып туурап берип, боорду эзип салат. Буларга кичине эле себеп болсо адистер эмеспи, болбогон жок нерселерди коздоп укмуш кылып чыгарат

экен. Менин эсимде жок, кийин Чыңгыз Айтматов кезигип калып: – Ой, Маке, Төлөмүш менен Бексултан ушунчалык укмуш кылып айтып берип, боорумду эзип салды, ушунуң чын беле – дейт. Менимче, сырын билип алып, тамашалап эрмектей беришет экен. Жазуучулардын арасында эрмек болгон Байтемиров эле. Кайран киши каза болуп калыптыр. Ошол аялдан бир кыз, бир уул көрүп кетти.

Фрунзедеги Эркиндик бульварыбыз шаарыбыздын көркү. Ушундай кооз салып, кийинки муундарга калтырган өтүп кеткен акылдуу адамдарыбызга биз ыраазычылыгыбызды айтып келатабыз. Кийин ушул Токтогул менен Дзержинскийдин бурчунан чоңдор турган үйдөн алып калып, бир топ жыл ошол жерде жашадым. Көнгөн жаным күнүгө эрте менен саат 5–6да туруп, вокзалдан ылдый Ала-Тоого чейин басып чуркап, эски Маркс менен Энгельстин эстелигинин артындагы аянтка бир саатка жакын көнүгүү жасап алып, үйгө келчү элем. Ошол убакта байкап калдым, кечке жуук ошол бульвардан биздин көрүнүктүү эл урматына ээ болгон, совет бийлигин орноткондордун бири Кадыркул Качкеев, Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Зыяш Бектенов дагы бир тобу кошулуп, вокзалдан баштап Ала-Тоого чейин шашпай сүйлөшүп басышып, Ала-Тоодон кайра тартып жогору жагында Жоомарт Бөкөнбаевдин эстелигине келип, ошол жердеги отургучтарга отуруп өткөн-кеткенди сүйлөшүп, анан үйлөрүнө тарап кетчү эле. Мен да кызыгып, ушуларды ээрчип баса баштадым. Мен үчүн булардын айткандары өзүнчө эске алып калчу сабактардын бири эле. Бир күнү бабырашып сүйлөшүп отурушту эле, жаныбыздан менин уулум Канаттын келинчеги Тынара өтүп баратып, тиги аксакалдарга жүгүнүп өттү. Курсагы бөлтөйүп боюнда бар эле. Тиги аксакалдар таң калып, батасын берип жалынып калышты. Алыкем: – Көптөн бери мындай ыймандуу келинди көргөн жок элем, кимдин келини болду экен? – деп калды. Качкеев менин

таякем таанычу. Ал киши күлүп жаныңарда отурган Мамбеттин келини – деди. – Ой, Маке, айланайын буйруса эстүү, салтты түшүнгөн жакшы келиниң бар турбайбы, кут болсун, боюнда бар көрүнөт, аман-эсен көз жарып алсын, небереӊ өзүңө окшогон эл азаматы болсун,– деп бата беришти, муну мен эч качан унутпайм. Ошол келиним аман-эсен төрөп, атын Жумагул коюп, азыр неберем 25 жашка келип калды. Окуусун бүтүп, келинчек алып, Адил деген чөбүрөлүү кылды. Дагы бир күнү чогуу отурсак, Байдылда Сарногоев да кошулуп калды. Байдылданы илгери-кийин анча билчү эмес элем, бирок саламыбыз бар эле. Аалыкем кечирээк келип калды. Бөкөнбаев менен келатып, Дзержинскийге бурулганда, Байдылда ыргып туруп чуркап барып Бөкөнбаевдин эстелигине чөгөлөй калып, эстеликти кучактап кыйкырып жатат. – Айланайын Жоке, мага бир 50 сом карыз бере тур, жакында Аалыкем барат, ошондон берип жиберейин – деп Аалыкеме угуза айтты. Аалыкем жакындап келип, эчтеке айтпай Байдылдага: – Ай акмак, бери чык – деп жанынан акча сууруп бере салды. Байдылда алып жоголду. Ал күнкү ичкилигин ошентип таап алды. Аалыкем унчуккан жок, сырын билсе керек. Биз тигил Байдылданын тез арада Аалыкемди көрө коюп тапкан акылына таң калдык. Байдылда, Мидин, Райкан булар Кудай Таалам берген таланттуу адамдар эле. Ушул адамдар тирүүсүндө өтө баркталбай, анчейин жакшылык көрбөй кетти окшойт. Түгөлбай Сыдыкбековду: – Аба – деп койчу элем. Мен өтө урматтаган адам. Бул кишинин маанилүү сөздөрү, өтө калыстыгы зор адам эле. Түкөмдү көпчүлүгү кайнагам Алышбаев Жумагулдукунан көп көрчү элем. Жумагул аба менен экөөнүн көңүлү өтө жакын болчу. Бири-бирин ушунчалык урматтачу эле. Адамдын жакшылыгы бир кыйын иш башыңа түшүп турган кезде, калыстык сөзүн айтып, ишине карата баа берип, же жаманчылыктан куткарып чыгарса, бул жакшылык эч качан унутулбайт. Алышбаевдин үстүнөн бир топ адамдар, академиядан кээ бир министрлер

чогулуп алышып баягы эле көрө албастык, ичи тарлык кылып ВАКга арыз жазышат. Алышбаевдин докторлук диссертациясы начар, көп ичет деп академиянын жыйынында комиссия түзүп карай баштайт. Сыдыкбеков академик катарында катышып, угуп отурат. Комиссия Алышбаев жөнүндө маалымат берет. Түгөлбай бир сөз менен тигилердин оозун басыптыр. Ошол убакта иштеген академиктерден эң күчтүүсү, экономиканы ушунчалык билген кадрларды, аспирант, докторлорду даярдоодо биринчи орунда экен. Ошонун баарын Түкөм билип аягында суроо бериптир. – Макул, Алышбаев ошондой экен, ичпеген академиктердин иши кандай деп караса, Алышбаевге окшогон, ошончо эмгек кылган бирөө дагы жок экен. Алышбаевдин окуучуларынын бири азыр чогуу академик болуп иштешип жүрөбүз. Республикада эң көрүнүктүү, билимдүү Алышбаевге окшогон академигибиз Турар Койчуев аман-эсен, биз урматтаган адамыбыз. Кийинчерээк Сыдыкбековдун аялы ооруп, приступ болуп бизге алып келди. Мен көрүп, диагнозун койдум, өттүн таш оорусу. Түкөмө айттым, операция жасаш керек деп, жеңе унчукпайт. Түкөм: – Жок, операцияга макул эмеспиз, жөн эле дарылап көргүлө – дейт. Мен: – Түкө, биздин больницаны хирургия дейт. Биздин дарыбыз операция жасап, ооруган жерин алып салабыз, операциядан башка дары жардам бербейт. Дары менен айыктыруучу ооруларды, аларды терапияга жаткызып дарылайт – дедим. Болбоду. Бул жолу жеңени болбой дарыладык, чыгып кетти. Бирок мен жеңеге да, абама да айтып түшүндүрдүм. Таш ордунда эртеби-кечпи кайра кармап, приступ болуп сизди кыйнай берет. Пристубу жогунда кутулуп алсаңыз өзүңүзгө жеңилдик болоор эле. Бир топ убакыт өткөндөн кийин дагы «тез жардам» тыбыратып, приступ болуп алып келди. Мен операцияга десем Түкөм такыр болбойт. Жеңеге өзүнчө түшүндүрдүм, кыйналып жатасыз, абышкаңызга айтып макул болдуртуңуз кыйнала бербей – дедим. Аба операциядан башка эч дары жардам

бербейт, мага ишенбесеңиз башка хирургдарга же Москвага алып барып жасатпайсызбы. Иса Коноевич менен теңтушсуздар, ошол кишиге алып барыңыз,– деп да көрдүм. Унчукпайт. Операция болбойт деп туруп алды. Бул жолу дагы дарылап жатып оорусу басылып калды. Чыгып кетти, мен ачуум менен эми дагы приступ болсо мага алып келбеңиз деп катуу айттым. Чыгып кетишти, менден чыгып чын эле Иса Коноевичке алып барган экен. Ахунбаев: – Бул боюнча Мамбет специалист, ошого алып баргыла – деп кетирип жибериптир. Аны мага Түкөм айткан эмес. Кийин Иса Коноевич: – Мамбет, Түгөлбай аялы ооруп мага алып келиптир, мен сага алып бар деп кетирип жибердим, бардыбы – дейт. Жок, агай келген жок, тескерисинче, 2 жолу түшүп, экөөндө тең операцияга макул болбой кетип калды эле дедим. Ахунбаев ачуусу келип, муну кара экөөбүздү текшерип сынап жатканыбы – деди. Кийин ойлойм, Иса Коноевич өзүнө жаткызып жасап койсо деле түзүк болмок. Булардын өзүлөрүнүн мамилеси жакшы болбосо керек. Көп убакыт өтүп кетти. Жеңеден кабар жок. Бир күнү спецбольницага консультацияга чакыртты, барсам оорулууларды көрсөттү. Көрсө, жеңе ошол больницага түшүп калыптыр. Түкөм айтыптыр: – Мамбет экинчи мага алып келбегиле – деп урушуп койду дептир. Карасам ошол жерде Түкөм аялынын жанында экен. Көрсөм жеңе арыктаган, өңү, бут денеси сапсары. Көрбөй туруп ачуум келип, эмне чакырттыңар, ушундай болот деп канча какшасам дагы болбой койбодуңар беле. Абанын сакалына карабай, мунун баарын ушул акыбалга жеткизген сиз өзүңүзсүз – деп катуу бир тийдим. Түкөм байкуш күнөөсүн мойнуна алып, Мамбет менден кетип калды, кечирип кой – дейт. Эми суранам, аракет кылып жеңеңди алып кал,– дейт,– бери чыгарып жеңенин убалына өзүң калдың, эми эчтеке чыкпайт – десем: – Анте көрбө,– дейт. Айлам жок өзүмө котортуп операция жасап, бирок көрүп турам ракка айланып кеткенин. Так ошол ойлогондой өтү катып, ракка айланып бооруна,

29–887

башка органдарына өтүшүп кетиптир, айла жок кайра жаап койдук, кеч болуп калганын чыгып түшүндүрдүм. Түкөм байкуш кейип, өзүмдөн акмакчылык кетип калды, өзүм өлтүрдүм деп капа болду. Бул киши кийин түшүндү, эмне себеп менен өлгөнүн, көпчүлүк эл кайдан билет, баары бир баягы эле союп өлтүрүптүр деген сөз, мындай сөздөргө мен көнгөм. Бизде хирургдарда күнөө жок, бирок кандай болбосун мындай жоготууда өзүңдүн күнөөң жок болсо дагы бир топко ойлонтуп коёт. Кээде ушунчалык капа болосуң, бир чети ачууң келет, бир топ нервиңди бузат.

Айылдагы кээ бир укмуштуу сөз тапкан чоң аталарымдын айткан кызыктуу, күлкүлүү сөздөрү эсимден кетпейт. **Алмалы** деген чоң аталарыбыз жүзгө чыгып кайтыш болду. Бул кишинин небереси **Алмалиева Алмакан** азыр менде гинекология бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген врач деген наамы бар. Алмалынын жалгыз баласы Акендин атасы эрте кайтыш болуп калган. Алмалы абышка ошол өрөөндөгү абышкаларды ооз ачтырчу эмес. Ушундай сөз тапкыч укмуш киши эле. Бир отпускага июль айында барышымда көп жыл өтүп кетти, Бекболот деген абышка өтүп кетиптир, баласы Абды экөөбүз бирге онунчу классты бүттүк элек. Ошол Абдынын атасына барып, мен айылдык жолдошторум менен чогуу туруп калдым эле, бир маалда Алмалы абышка чакыртып жибериптир, барсам айылдын сакалдуулары бактын түбүндө чогулуп сүйлөшүп отурушуптур: – Мамбет, жаныбызга отуруп биздин сөздү угуп отур – деп калды. – Макул, чоң ата,– деп отуруп калдым. Жунуш деген абышка Мамаке менен жашы тең болуш керек. Алмалы ата мага карап мобу Жунуш абаңдын чекесиндеги тырыкты көрдүңбү? – деди,– мен эчтеке оюмда жок көрдүм дедим, ушул тырыгынын тарыхын айтып берейин деп калды. Бул Жунуш энесинин ичинде жатканда энеси чоң жаргылчак менен талкан тартып отуруп, четиндеги акшагын сугуна берип, ошондо бир чоң кара сулуу

кошо кетип, анан толгоо болуп төрөп жатканда ошол кара сулуу так маңдайына сайылып, ошондон мээсине доо кетип жалдырап келесоо болуп калганынын себеби ушул деп турат. Тиги киши үн каткан жок. Айткандан жеке кир деп гана койду. Бул тамашаны көтөрө албаган киши болсо ошол жерден мушташа кетпейби. Ушул Жунуш абышканын Керимберди деген баласы окуп бүтүп, кийин Алышбаевдин жардамы менен экономика илимдеринин доктору болду ВУЗдарда профессор болуп иштеп жүрдү. 83 жаштан ашып кайтыш болуп кетти. Бул адам биздин айылдык сырыбызды, бири-бирибизди айылдаштары жакшы билишебиз да. Адам менен, туугандар менен, жоро-жолдош деген бул адамда жокко эсе эле. Чатагыраак, арызды бирөөнүн үстүнөн көбүрөөк жазып жиберчү, бир баласы бар эле. Анысы дагы көп жакшы болбой 2 жолу өзүн өзү бычак менен сайып маркум профессор Жапар Бектуров операция жасап, аман алып калды. Кийинки жолу өзү асынып өлдү деп уктук. Атасы Керимберди 4–5 жыл мурун кайтыш болуптур. Бирөөбүзгө да кабар кылбай, айылга алып барып коюптур. Айылдагылардын айтымында, бул жактан узатышып бир жан келген жок дейт. Адам деген тирүүсүндө эне-атаны, туугандарды, айрыкча, айылдагы туугандарын жана жоро-жолдошторду күтүп, ошолорду урматтап ажырабай колунан келсе жардам кылып жүрсө мындай акыбалга келбейт эле. Көп эле көрүп жүрбөйбүзбү. Тирүүсүндө баркы болбосо өлгөндө айрыкча теңтуш, тууган дегендер тескери карап коюуга болот экен. Муну өлөм же башыма кыйынчылык келет деген адам унутпашы керек.

Дагы ошол эле отургандардын арасында Арын деген абышка отурду. Бул абаны жакшы таанычумун, өтө созулган, сүйлөбөгөн, зыңкыйган адам. Кемпири Дейилда деген өңдүү-түстүү аял эле. Экөө тең колхоздо актив болуп жүргөн кишилер, мурунураак кайтыш болуп калган. Эки баласы, бир кызы бар. Улуу баласы Жанар деген менден

төрт жаш улуу. Партмектепти бүтүп, билимдүү, узун бойлуу, зыңкыйган, тың адам эле. Облононун төрагасы, райкомдордо иштеп жүрүп бала-чакалуу болуп эрте кайтыш болуп кетти, инфаркт болсо керек. Экинчи баласы Асанбай менден үч жаш кичүү эле, бир бутунан аксап басчу. Университеттин физика-математика факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Бала-чакалуу, балдары кээси илимдин кандидаты, ВУЗдарга доцент болуп иштеп жүрөт. Ушул Асанбай дагы эрте кайтыш болуп кетти. Атасы үйүндө айылда жалгыз калды. Балдары аракет кылып аял табылбай бир топ жыл кыйналып жүрдү дейт. Аягында бир аял таап алып берген экен. Анысы эртеси кетип калыптыр, дагы мага Алмалы абышка кайрылып: – Мамбет, мобу Арын абаң эптеп бир аял алды эле, анысы эртеси оозуң сасык экен деп кетип калды – дейт. Мен булар менен уруш убагында колхоздо иштеп жүрүп, ары-бери ачык сүйлөшүп, көнүп калганбыз. Мен: – Ой, аба, аял алгандан кийин жатаарда оозуңду чайкап, насывайыңды түкүрүп, жууп жатпайсыңбы – деп жибердим. Арын абышка сүйлөбөгөн жоош киши эле. Мындай кишилер сүйлөбөй жүрүп, кээде укмуштай жооп берип коёт. Анда Арын абышка айтып жатат: – Дароо оозго жабышаарын кайдан билдим,– деп турбайбы. Ушунчалык күлдүм жообуна, чын эле оозу сасык деп кеттиби, же жашыраак неме эле дейт, 3–4 күйөөгө чыккан аял экен, же абышкага өнөрдү көрсөтөйүн дегенби, ал абышкадан натыйжа чыкпагандан кийин кете берсе керек. Дагы бир жолу Алмалы Фрунзеге Акен небересине келип калыптыр, айлап жатып кетип жүрчү. Ошол жолу Сталин өлгөн күн, мени чайга чакырганынан барып калдым. Бир топ киши бар экен, отураар замат Алмалы абышка: – Бул падыша Сталиндин күнөөсү чоң экен го – деп калды. Мен байкабай эле анын күнөөсүн кайдан биле калдыңыз – десем, билбейм көргө түшө электе эле муну күкүлдөтүп кирди го – дейт. Аны баарыбыз көргөндөр байкап калбадыкпы. Көргө түшүрүп жатканда же арканы үзүлдүбү, же

чыгып кеттиби, айтор, өлүктүн ящигин түшүрүп жиберип калдыр-шалдыр боло түшкөнүн бул кыраакы абышка муну да байкап калган экен.

Дагы бир эсимде, 1983-жылы энем өлүп, кийинки жылы жылдыгын берип жатабыз. Айылдагы сакалдуулар текши келип отурушат. Алмалы абышка Мамакеге: – Сен эми акыркы милдетиңен кутулдуң, эми колу-бутуң, башың бош дегендей, Мамаке аял ал,– деп калды. Мамаке: – Жок, а дегенде сен улуусуң, сен ал,– деп калды. Алмалы: – Мен алайын эле деп турам мага тиер эмес, сага тийбесе мага тиеби,– деди Мамаке. – Ой, Мамаке, тийбейт, Мамбет үчүн тиет,– деп дагы күлдүрдү. Тороктон Кулуке деген өңү-түсү болбураган, өтө жоош киши көрүндү эле. Мунун баласы Аалы менен онунчу классты чогуу бүтүргөнбүз. Ушул Кулукем тамашалай Текестен келаткандабы ага чейин же кийин деле күзгү дегенди ким көрүптүр, күзгү болбогондон кийин адам өз өңүнүн кандай экенин билбесе керек. Жолдо келатса күзгүнүн бир сыныкчасы жатыптыр дейт. Кулуке ала коёюн десе өзүнүн өңү көрүнө калып, ар жагында ээси жаткан тура деп бакырып качыптыр,– деп тамашалады. Тиги кишилер Алмалыга бир кайрылып жооп бергенин көргөн жокмун. Ойлойм, жооп берсе, же берейин десе тиги киши андан 2 эсе жаман кылаарын билсе керек.

Дагы бир өзүмдүн жакын чоң аталарга отпускага барсам, туугандардан айланса болот, ушул күнгө чейин мен барганда өзүлөрү кезектешип конокко чакырышат. Мен айылда жылына башка жумуш болуп калбаса 10–15 күн жүрөм. Көп жыл өтүп кетти, бир инилерим айтып арызданып калышты: – Мобу абышканын оозун басып кетиңизчи,– деп. Эмне болду десем, бизди кыйнап аял алып бергиле деп болбой жатат – дейт. Абышканын кемпири көп жыл мурун кайтыш болуп, балдарынын колунда калды эле. Мен бардым, сүйлөшүп отуруп: – Ой, чоң ата, ушинтип уктум, чын эле көңүлүң барбы – десем, мага өтө катуу кирди: – Алып бергиле, ушинтип эле жалгыз отура беремби – деп,

мен көңүлүн калтырбайын деп, анда мен да аракет кылайын,– деп чыгып кеттим. Ал убакта азыр деле жашы өтүп кеткен жесир абышкаларга кемпир табыш өтө кыйын болуп калбадыбы. Себеби кээ бир аялдар, кемпирлер жалгыз жашап көнүп калган. Абышкага, бир алкашка кезигип калса анын чайын кайнатып, тамагын жасап, кийим-кечесин жуугандан коркот. Ошол үчүн башын оорутпай убарасы жок жалгыз жашаганды туура көрүп калбадыбы, бир чети мунусу да туура. Кийинки жылы үйгө барсам баягы инилерим боорун эзип күлүп, абышканын тарыхын айтып беришти. Аркы Ак-Булуң жакта кичи кызы турчу эле, ага да айтса керек, ал кызы ошол айылдан жалгыз турган улгайган аялды таап сүйлөшсө, макул болуптур. Кызы кабар кылат, таптым, атамды жуунтуп, таза кийинтип жибергиле деп. Абышка атчан жөнөп таап барып, кызына барбай түз эле ошол аялдын үйүнө барып аттын үстүнөн кемпир менен сүйлөшүп, ал-жайын айтат. Бул эми сүйдүм-күйдүм демек беле, угуп отуруп аял дагы макул болдум, бирок бир аз күн күтө туруңуз, огороддо толтура картошка бышып калган. Ушуну казып жыйнап алайын, анан макулмун дейт. Абышка шылтооң эле ушулбу деп, аттан ыргып түшүп, кечке картошка казат. Кечинде чарчап жатып калат. Эртең менен абышка белим, бутум деп козголо албайт. Кемпир кошуналарын чакырып, атына мингизип, жарабайсың деп жөнөтүп жибериптир. Кийинки жылы балдар ушуну айтып абдан күлдүрдү. Угаар замат абышкага жетип бардым. Учурашып сүйлөшүп отуруп: – Ой, чоң ата, сыр билгизбей, аттан түшпөй зыңкыйып турбай эмне кылганың – десем,– тездете коёюн дебедимби – дейт. Ошондон кийин аял дегенди сөз кылбай жүрүп кайтыш болуптур. Мурунку абышкалар менен азыркы абышкаларды салыштырганда айтып жүрүшпөйбү, өзүбүз деле көрүп-билип калдык, Алтымышбай, Жетимишбай, Сексенбай деген аттарды мурунку жашы өтүп калган эркектер мээси көп ойлонуп кыйналчу эмес. Ойлогону мал, курсактын тоюму, башка нерселерди ойлоп

мээсин чарчатпаса керек. Таза аба, ичкен-жегени күчтүү, баарыныкы эмес түзүк тургандары, мындай багышта аял алып карыганда бала болуптур, мунун себеби эркектин уругу жашына карабай жандуу болуп, карыган адамдан төрөлгөн балдары дени сак, өтө сезимдүү болорун көрүп келбедикпи.

Эми азыркы биздин чалдар өмүр бою иш менен алек. Күн-түн дебей мээси эс албайт, түнкүсүн тынч уйку жок, жүз түрлүү кээде өмүрүндө көрбөгөн, укпаган укмуштар түшкө кирип, эси ооп чыгат. Абанын таза эместиги, тамактын сапаты, анан аял алайын десе бардык жагынан мүмкүнчүлүгү жок. Көрүп жүрбөйбүзбү, көрүнүктүү эл-журтка эмгеги сиңген, өмүр бою кызмат үстүндө жүргөн кишилер жесир калганда алайын десе аялдар аз. Себеби булардын ой-максаты эптеп үй-жайынан жана башка мүмкүнчүлүктөрүнөн, кокус бирдеме болуп кетсе, ээлеп калуу же бөлүштүрүп алуу, болбосо эркек катарында милдетин аткара албаса анда жалгыз гана өзүнө пайдалуу жагын ойлойт.



**Бейшенбек ЭРАЛИЕВ,**
*медицина илимдеринин кандидаты, доцент*

## МАМБЕТ АГАЙЫМА

Кут болсун курагыңыз жыргалга бай
Сиз менен биздин өмүр бакытка бай.
Ынтымак өмүр тилеп сиз келесиз
Канткенде туралабыз ыр арнабай.

Жаштыкка жалын болуп жана билген
Акыл ой, чоң билимди бага билген.
Жашоодогу бир көздөгөн максатына
Өжөр агай ташыркабай бара билген.

Дуйнөнү дүңгүрөткөн дүбүртүңүз,
Турмуштагы тулпарлардын күлүгүсүз.
Ылайым сого берсин, сого берсин
Жолборстун жүрөгүндөй жүрөгүңүз.

Шебибиз даңктуу ата төрүбүздүн
Орду бар тарыхында элибиздин.
Эл, жер сүйгөн улуу инсан атабыздай
Устат болсо кана эмесе сен көрсөткүн.

Өмүр дайра өктөмүнөн жазбаган
Өжөр адам чыгат тура шашпаган.
Мына ошондой агайымдын тоюна
Сөз жарашат ардактаган, даңктаган.

Эл ишенчи мойнуңуздан түшпөдү
Адал эмгек, асыл максат жүктөдү.
Талыкпаган чоң эмгектен баар таап
Шагы ийилген даракка окшойт күздөгү.

Күздө бышкан мөмөсүндөй жемиштин
Жакшылыктар катар-катар келишсин.
Өмүрүңүз өктөмүнөн кемибей
Толкуй берсин, толкунундай деңиздин.

Биз сизге кандай белек берсек дагы,
Асмандан Ай – Күндү алып келсек дагы
Бизге берген аталык мээримиңиз
Унутулбайт эч нерсеге теңдешсиз.

Кыргыз эли, жаш-карыбы бирдей сүйөт,
Сиз турганда очок оту улуу күйөт.
Иштин жана үйдүн куту, кутманысыз жашообуздун
Андыктан бакыт коштоп бирге жүрөт.

Бакыт чачып балбылдап күйүп турган
Баарыбызды бапестеп сүйүп турган.
Залкар агай, алтын агай бар болуңуз
Гүлдөп атат борборуңуз өзүң курган.

Асыл курак 85 жашка келген
Ырыс-кутту төрүбүзгө төшөп берген,
Кадырлуу акылмандык карылыкта
Шефибиз бар биз сыйлаган Кудай берген.

Ардагыбыз, аска-зообуз атабыз
Көп тийсинчи бизге сиздин батаңыз.
Сиз бар үчүн бул жашоодо биз дагы
Эл катары иштеп, жашап жатабыз.

Алп караныңыз бизге тоодой дем болуп
Ар бир сөзүңүз акыл болуп, эм болуп.
Сак-саламат, ден соолукта жүрүңүз.
Кайрат күчүңүз кан Манаска тең болуп.

Эр ортону 85ке келипсиз
Чокудагы сайран курган бүркүттөй.
Сокен эже жандап жүрсүн жанашып
Эли сүйгөн сиздин демди кемитпей.

Бетке айтасыз сырын билген адамдын
Жакшынын да, жамандын да катасын.
Бул жашоодо сиздей улуу адамдар
Көркү болот көөнөрбөгөн замандын.

Өмүр жашың узун болсун арчадай
Узак жолду бастыңыз го мүдүрүлбөй, чарчабай.
Жүзүңүздөн күлкү, кубаныч кетпесин
Жаңы бышып, жамгыр жууган арчадай.

Сизге айтылган алкыштарды жыйнасак
Асман тиреп Ала-Тоодой тоо болмок.
Кудай берген жашка чыга бериңиз
Гиннес китептен атты окуйлу барактап.

85ти ээлеген убагыңыз,
Өзүңүздүн «Эр ортону» курагыңыз.
Аман-эсен болуңуз жүздөн ашып
Эч соолубай аксын өмүр булагыңыз.

Мээнет менен эмгектен качпадыңыз,
Бак-дөөлөт, урмат-сый го тапканыңыз.
Баркын билип өмүрдүн, баасын билип
Балдар болду бапестеп бакканыңыз.

Турмуштук татаал жолдор басканыңыз,
Тайманбай далай тоскоол чапканыңыз.
Дагы эле кубатыңыз өзүңүздө
Акыл кеп, улуу кептер айтканыңыз.

Жылдар жыйып улам бирден кошулуп,
Өмүр жашы өйдөлөөдө созулуп.
Баарыбыздын бактыбызга бар болуңуз
Алтын агай жашай берсин төрүбүздө отуруп.

Жашоодогу эң негизги ишим – деп,
Ден соолуктун асылдыгын изилдеп.
Эң бийик акыл-эс, аң-сезимдин
Уюткусун чачып жатат элим – деп.

Дүбүрт чыгып, дүбүрт чыгып алыстан
Дүңгүрөтүп мезгил менен жарышкан.
85ке чыккандарды суктандырган
Мамбет агай, залкар элдин уулу бар.

Көрүп-угуп дүйнө жүзү таң калып
Карап турат илимпоздор жарданып.
Агайыбыз күнүнө 5–6дан операция жасайт – деп,
Кайда болсо жүрөлүчү мактанып.

Очок өчпөй түтүнүңүз булай берсин
Өмүрүңүз узагынан Кудай берсин.
Татаал кесип хирург өнөрүңүздү
Артыңыздан жаш муундар улай берсин.

Мамбет агай Кудай берген пенде экенсиз,
Жакшы жашап, жүз чамалап сиз келесиз.
Таамай жөндөм, акыл башта жашынган
Таланты зор, илимпоздун өзү экенсиз.

Азыркынын нур дөөлөттүү карысысыз
Баатыр болуп, «Алтын жылдыз» тагындыңыз.
20 миңдей оорулуурга дабаа болуп
Улуу улукман академик атандыңыз.

Таазим этем сиздей улуу устатка
Ээ болдуңуз «Баатыр» деген атакка.
Эмгектен, талыкпаган бүт өмүргө
Таң калабыз ошол бойдон сакталганга.

Сүйлөсөңүз чексиз байып калабыз да,
Өзүңүздөн акыл сүзүп алабыз да.
Алп эмгегиң аска-зоого барабар
Алтын агай узак жаша арабызда.

Адамдык чоң касиет тереңдеги,
Көрүнөт сыйлаганда ата-энени.
Кереге-Таш айлыңызга барган сайын
Мүрзөсүнө адат болду таазим этүү.

Илимдин жылдыздары конок болсун,
Улуу тойдо агайыбыз жыргап турсун.
Мамакеевдин балдары деп мактагыдай
Ар бирибиз тике туруп кызмат кылсын.

Көк жал агай эч нерседен багынбас
Ак сүйлөөдөн тайсалдабас, тартынбас.
Жазганыңыз эскерүүлөр катар-катар
Кылым жашын жашай бергин талыкпас.

Кандай иштер өзүңүзгө тагылбас,
Кайрат-күч мээнетиңди берип келдиң.
Кармашып өмүр бою ден соолук – деп,
Калп менен жалкоолукту жерип келдиң.

Абийирди, ыймандыкты сактап келдиң,
Адамдык бийиктикти барктап келдиң.
Тайманбастан тоскоолдордо тике туруп
Кыргыздын хирурургдарын таптап келдиң.

Өмүрдө көп жылдарды артка таштап,
Өрнөктүү эмгек менен өттү жаш чак.
Бараандуу карыясы кыргызымдын
Барасыз дале болсо көчтү баштап.

Жаңылбай чечип келдиң турмуш сырын
Жашоо берсин кудайым толук кылым.
Сиздей болгон залкар улуу устатын
Шакиртиңиз ырдай билсин мактоо ырын.

Татыктуу урмат-сыйда эмгегиңиз
Тарбия-таалим болду бергениңиз.
85 жаш куттуу болуп узак жашап,
Куттуктай берсин жылда, эл-жериңиз.

2012.

## САГЫНУУ…

Азиз окурман, гезитибиздин № 9-санында «Сагынуу…» деген тема менен: Улуттук хирургия борборунун директору, Улуттук илимдер академиясынын академиги, медицина илимдеринин доктору, профессор Мамакеев Мамбет Мамакеевичтин сүрөтүн жарыялап, даңазалуу дарыгерибизге карата көңүлүңүздө көксөгөн катыңызды, көөдөнүңүздө жашаган ырыңызды жазып жөнөтүшүңүздөргө шарт түзгөнбүз.

Тилекке каршы, даңктуу дарыгерибизге багышталган каттардын, ырлардын аягы токтобочудай. Таң калыштуусу, бизге келген каттардын 99% (!) ээлери кыз-келиндер болуп чыкты.

Биздин шарт боюнча бирөө гана жеңүүчү болуш керек экендиги сиздерге түшүнүктүү.

Сөз кезеги башкы каармаиыбызда…

**Мамбет Мамакеев:** – Менин асыл күйөрмандарым! Сиздердин мага арналып жөнөтүлгөн каттарыңыздардын баарын окуп, кубанычтын туу чокусунда олтурам. Асыл сөздөрүңүздөрдү жүрөгүмдөн өткөрүп кабыл алып толкундандым. Адамзаттын жашоосунда жылуу сөз, каалоо-тилектен өткөн бийиктикти табуу кыйын. Ар бириңиздерге чын дилимден ыраазычылыгымды билдирем. Мага ыроологон жакшынакай каалоолоруңуздарды мен да сиздерге ыроологум келет. «Сагынуу…» деген теманын алдында менин сүрөтүмдү жарыялап, дагы бир жолу сиздердин эсиңиздер-

ге салган «Жаңырык апта» газетасынын редколлегиясына да ырахматымды айта кетким келет.

Сагынуу... Ылайым эле сагынышып жүрө берелик...

Мага карата ырын жазып, сырын ачканы үчүн, мен Айжан карындашымды жеңүүчү деп таптым.

Айжан карындашым, сиздин катыңызды, ырыңызды окуп абдан кубандым. Сүйүндүм. Бир топ жашара түштүм. Өкүнүчтүүсү мындай ыйык жана бийик сезимиңди ошол убакта, андан кийин деле билгизип койсоң болмок экен. Эми деле кеч эмес.

Эми мезгил мени минтип 7 жана 7 деген (77) жашка алып келгени менен баскан-турганым, көзүмдүн көрүүсү, кулагымдын угуусу, акыл-эсим өз жайында. Күнүгө 4–5 адамга операция жасап турам. Замандаштарымдын, элимдин саламаттыгы үчүн өмүрүмдү, эмгегимди арнагандан кийин дагы эле эмгегим элим үчүн!

Айжан карындашым, сиздин кичинекей катыңыз мен үчүн чоң сыймык жана белек болду.

Сиз дагы менин редакция аркылуу жөнөткөн катымды, акчалай сыйлыгымды жана эстеликке узаткан белектеримди кабыл алып коюшуңузду суранам. Катыңызда жазгандай бактылуу болуп жүрө беришиңизге тилектешмин!

### *«Ырын жазып, сырын ачкан» жеңүүчүбүздүн каты*

*Кымбаттуу Мамбет Мамакеевич!*

Мындан бир топ жыл мурда эле өлүм менен өмүрдүн ортосунда жатып калдым. Жакындарым мени ооруканага алып келишти. Бирин билсем, бирин билбейм. Бир билгеним, асманды кара булут каптап, шамал болуп турган.

Көзүмдү ачсам, ооруган жерим басылып, асман дагы көпкөк болуп ачылып, Күн нуру жерге чачылып, Сиз маңдайымда бакырая мээримдүү көздөрүңүз менен карап туруптурсуз. Көрсө, Сиз мени оор операциядан аман-эсен алып калгандан кийинки алгачкы минуталар экен.

Азыр мен бул жашоом үчүн бактылуумун!

Мен ошондо Сизге алтын колдуу дарыгер катары эле эмес, эр-жигит катары да көңүлүм бурулган...

Балким, сиз ошондо мени миңдеген пациенттериңиздин бири катары эле мага мээрим чача карап койгондурсуз. Аны түшүнөм. Бирок мен Сизди башкача карагам, Сизге назик сезими арбалып калган назик жан катары карагам. Ошондогу Сизге карата болгон сезимдерим дагы эле менде жашап жүрөт...

Сиздин колдор ошондогу,
Жылуу болуп оттой эле...
Сиздин көздөр ошондогу,
Сулу болуп чоктой эле...

Жалаң гана Сиз деп жашап,
Сиз деп күнүм өтүп калган...
Кеч төрөлүп калганыма,
Мен ошондо арман кылгам...



**Жапар БЕКТУРОВ,**
*КММАнын госпиталдык жана оперативдик хирургия кафедрасынын башчысы, Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген врач, медицина илимдеринин доктору, профессор*

# МЫКТЫ ОКУТУУЧУ, ЧОҢ ОКУМУШТУУ ЖАНА ДАСЫККАН УЮШТУРУУЧУ

Журтубуздун мыкты атуулу, улуу инсан, белгилүү хирург, таланттуу устат, көрүнүктүү окумуштуу жана коомдук ишмер, академик – Мамакеев Мамбет айтылуу Көл кылаасынан чыккан ардактуу алты акенин өтө улукманы, акылдуусу Кыдыр акенин айылы Кереге-Ташта туулуп-өскөн. Бизди окуткан агай-эжейлерибиз таалим сабагы катары Кыдыр акенин өтө зор табигый адамгерчилигин, анын көрөгөчтүгүн, акылмандыгын айтып келип, андан ары айтышар эле минтип: ажайып айылыбыздын коoздугу, суусунун тунуктугу, айрыкча кичи жана чоң керегедей болгон Кереге-Таш тоолорунун калың чытырман токоюнун этегинде айылыбызды суук көздөн, жаман ойдон сактап турат. Ушул кичинекей ордодо Кыдыр акенин жана ата-бабалардын батасынан не деген элибиздин мыкты уулдары чыкты, алар Кадыркул Качыкеев, Абдыш Керимбаев, Дүйшөмбү Малаев, Айткулу Убукеев, Жумагул Алышбаев, Шаршеке Усупбеков, Мамбет Мамакеев, Жумакай Орунтаев, Асанбай Арынов, Өзгөрүш Шаршекеев, Абдалы Жаздобаев, Сталбек Малаев, Аскер Карыбаев – деп санап туруп, ар биринин

адамдык сапаттарын, алган билимин, иштеген жерин, кылган кызматын мүнөздөп беришер эле. Кийин ойлонсом ушул айткандардын баары бизди жакшы окуп, билим алып келечекте жогоруда айтылган агалардай, эл-журт үчүн кызмат кылган азаматтардан болсо экен дешкен тура. 9-класста окуп жатканыбызда: «Келечегиңди тандап алдыңбы» – деген эркин темада өзүбүздүн оюбузду дилбаян иретинде жазып калдык. Буга чейин эле Кадыркул Качкеев атанын, Жумагул Алышбаев аганын, Мамбет Мамакеевичтин жана Өзгөрүш Шаршекеевичтердин айылга эс алууга (отпускага) келип-кетиши, мени ушул адамдардай болсом ээ деген балалык оюм жүрөктүн так ортосун ээлеп алды. Андан сырткары «Ден соолук» журналынан академик Иса Ахунбаевдин жана Мамбет Мамакеевдин хирургиялык оорулар тууралуу жазган эмгектерин бир топ эле окуп калгам. Ушул себептер менин сөзсүз түрдө врач-хирург болом деген үмүтүмдү алдыга сүрөй баштады. Жогоруда айтылган дилбаянда мен: «Мамбет Мамакеевдей хирург болууну каалайм» – деп жаздым. Бул балалык ой, иш жүзүнө ашып, мен ушул залкар адам Мамбет Мамакеевдин колунан окуп, турмуштук тарбия алып, 28 жылдан бери ал кишинин окуучусу, шакирти, хирургиялык жолдогу кыйынчылыктарды дагы, чоң кубанычтуу ийгиликтерди дагы чогуу бөлүшүп, эриш-аркак иштеп келе жатам.

Мындай залкар адам үчүн жазыш, оюңду айтыш көп толкунданууну алып келет, анткени айта турган, жаза турган окуялар абдан көп. Салмактап туруп, мен бул адамдын үч эле сапатына токтолоюн дедим. *Биринчиси* – мыкты окутуучу. Менин окутуучум Мамбет МАМАКЕЕВ мындай дейт: «Менден окуган балдар өлкөбүздүн бардык аймагында, жакынкы жана алыскы мамлекеттерде үзүрлүү эмгектенип жатышат. Бирок мен оңой эле окутуучу болгон жокмун, ушундай абалга жетишиме убагында мыкты мугалимдердин, айрыкча анатом Аттокур Ишиадович Шеров менен хирург Максим Ефимович Фридмандын, алардын интел-

лектуалдык өзгөчөлүгү чоң таасир тийгизди». Айрыкча профессор Фридман М.Е. менен болгон мамилесин айткандан тажабайт. Ал кишинин көзү өтүп кетсе дагы, дайыма эстеп, арбагына сыйынып турат. Бул адамгерчиликтин эң жогорку сапаты, хирургия тармагындагы «окутуучу-окуучу» принцибин бекем кармаган адам экендигин көрсөтүп турат. Менин оюмча, хирургиялык борбордо иштеген ар бир хирург ушул принципти жогору кармасак дейбиз. Мени айрыкча ойлондурган маселенин бири ушул, анткени 2003-жылы Мамбет Мамакеевич, өзү аспиранттан академикке чейин өсүп чыккан, республикалык масштабдагы илимий борборго жеткирген, 30 жыл үзгүлтүксүз башкарган госпиталдык хирургия кафедрасын мага өткөзүп берди. Бул деген абдан чоң ишеним. Эгерде, мен кафедранын туусун бекем кармап, төмөн түшүрбөй, жогорку деңгээлге алып чыга алсам, анда «окутуучу-окуучу» принцибин кармай алганымды билгизем.

*Экинчиси* – чоң окумуштуу. Мамбет Мамакеевичтин көз карашы боюнча хирургия – бул өзү чоң тармактуу индустрия. Ушул индустриянын эң орчундуу тармагы – тез жардам хирургиясы. Мамбет Мамакеевич бул тармакты түбүнөн бери түптөп, жогорку эл аралык деңгээлге алып чыкты. Көкүрөк жана курсак көңдөйүндөгү кескин кармаган хирургиялык оорулардын диагнозун коюу, аларга колдонулуучу операциялык ыкмалардын жогорку сапатка жетишине эбегейсиз зор салым кошту. Ушул тез кармаган хирургиялык ооруларга колдонулуп келген операция жасоо ыкмаларын илимий көз караш менен карап чыгып, ал ыкмалардын жаңы жактарын, багыттарын ойлоп табуу жолу менен өркүндөттү, айрыкча өт баштыкчасынын жана өт жолдорунун, уйку бездин чирип-ириңдеп кеткен түрлөрүндө, ашказандын жана он эки эли ичегинин жара оорусунда, ичегинин кескин бүтөлүшүндө, оролуп калуусунда, аппендицитти алып салууда, аялдардын жыныстык органдарына жасалуучу, көкүрөк жана курсак көңдөйүндөгү

органдардын кескин жаракат алуусундагы илимий-практикалык жетишкендиктер хирургия тармагын жогорку тепкичтерге алып келди. Ушундай изилдөөлөрдүн жыйынтыгы 12 докторлук жана 27 кандидаттык диссертацияны жактоо менен аяктады.

*Үчүнчүсү* – дасыккан уюштуруучу. Мамбет Мамакевич тез жардам хирургиясынын пайдубалын түптөп, орнотуп, аны бекемдеш үчүн эбегейсиз чоң кара күчүн жумшады, ойлонду, ал үчүн нечен түндү көз ирмебей таң атказды, алдында пайда болгон көптөгөн тоскоолдуктар менен күрөштү, алардын баарын жеңип чыкты. Ушул түйшүктүү күрөшүүнүн, жашоонун, окутуунун, изденүүнүн жана дарылоонун жыйынтыгы – 120 орундуу хирургиялык бөлүмдөн көп тармактуу улуттук хирургия борбору пайда болду жана «Мамакеевдин хирургиялык мектеби» түзүлдү жана калыптанды. Хирургиялык борбордун пайда болушу, биринчиден, бул жерде иштеп жаткан дарыгерлерге оорулардын диагнозун өз убагында коюп, операция жасоого, мамлекеттик медицина академиясынын студенттерине жакшы деңгээлде билим алууга, республикабыздын булуңбурчтарынан келген дарыгерлерге квалификациялык билимин жана практикалык деңгээлин жогорулатууга, аспиранттарга жана илимий кызматкерлерге бардык шарттар түзүлдү.

Айрыкча баса белгилеп айтып кете турган нерсе, бул – «Мамакеевдин хирургиялык мектеби». Илимий практикалык мектеп жөн жерден пайда болгон жок, анткени ал тарыхый жолду басып өттү. Ал жолдун узактыгы азырынча 80 жыл, бул жол ушул аралык менен токтолбойт, алдыга кете бермекчи, анткени анын жакшы, бекем түптөлгөн, тургузулган пайдубалы бар, ички руханий дүйнөсү таза жана келечеги кең. Бул мектептин кыла турган кызматы жана көздөгөн максаты: жаш муундарды тарбиялоо, элибизге керектүү мыкты дарыгерлерди даярдоо, Кыргызстандын хирургия тармагынын биримдиги жана анын жетиш-

кендиктерин эл аралык деңгээлге алып чыгуу. Ушул мектептин бир мүчөсү катары мен Кудайдан тилеймин жана бул мектепке жакшы тилек айтмакчымын: «ЖОЛУБУЗ ШЫДЫР БОЛСУН, ЖОЛДОШУБУЗ КЫДЫР БОЛСУН». Азыркы күндө мектептин күжүрмөн мыкты жигит-кыздары республикабыздын бардык булуң-бурчтарында, жакынкы жана алыскы мамлекеттерде ийгиликтүү иштешип, элибиздин жүзүн көргөзүп, мыкты, чебер адис экендиктерин далилдеп жатышат.

Ушул кыскача оюмду жазуу менен, сизге урматтуу биздин Кыргыз хирургиясынын патриархы, сүйүктүү жетекчибиз, окутуучубуз, атабыз **Мамбет Мамакеевич** жана **Сокен апа,** сиздердин жакшынакай жашоодогу зор майрамыңыздар менен куттуктайм. Экөөңүздөргө чың ден соолук, бакубат жашоо, өмүрдүн чегине чейин чогуу болушуңуздарды каалайм – деп, сиздин жөнөкөй маданияттуу окуучуларыңыздын бири, профессор БЕКТУРОВ ЖАПАР.



**Гүлсайра МОМУНОВА,**
*маданиятка эмгек сиңирген ишмер*

## УЛУКМАН

*(Академик Мамбет Мамакеевге)*

Адамга эмне кымбат, өмүр кымбат,
Өмүрдүн сакчысысың эң бир кылдат.
Баатырсың колго кармап көкөлөтүп,
Жашоонун туусун жыкпай турган ыргап.

Эрдигиң эрдик экен эмне деген,
Кармашкан каары күчтүү ажал менен.
Өзүңсүң Кудайдан соң кудуреттүү,
Өмүрдүн өчөр күнүн кайрып берген.

Каларда жүрөк токтоп дүкүлдөгөн,
Токтоосуз алып калып түңүлүүдөн.
Каарман эмгегиңе баа жетпейт го,
Кайырып жарык күндү күлмүңдөгөн.

Жүрөктү төшөп кылган эмгегиңден,
Жүрөктөр жүрөт согуп эчендеген.
Жүрөктөн алкыш айтып жүргөндөр көп,
Билишпей кайтарарын эмне менен.

Сыркоону соо денеге алмаштырып,
Илдетин кесип салып, жалгаштырып.
Келесиң колу чебер уздарга окшоп,
Денени жамап-жазгап, улаштырып.

Бериптир кан Бакайдай акыл-ойду,
Манастай эр келбеттүү сымбат бойду.
Жараткан экен Адам өмүрү үчүн,
Шыпаалуу ыйык, таза, жеңил колду.

Аман бол, ошол жеңил колуң менен,
Ажайып акыл тунган оюң менен.
Атасы асыл өмүр сакчылардын,
Сыймыктуу, ыйык, таза жолуң менен!..

Оор кыйноо, сыркоолор бар ар кандай,
Кетчүдөй, үзүлчүдөй жан калбай.
А сиз болсо кайрып берип жашоону
Бутка кирген тикенекти алгандай.

Алып салып, карап турсаң жаркырап,
Ошол Адам бүт алкышын жаадырат.
Жакындары, үй-бүлөсү, канча адам,
Алдыңызга кулдук уруп жалынат.

Бакыт барбы мындан артык адамга,
Сыймык барбы мындан артык айтарга.
Өткөн күнүн кайрып берип белекке,
Канча азамат келди кайтып катарга.

Уккан сөзүң адамдардан азамат,
Алган сыйың күндө жаңы рахмат.
Түйшүк менен алып келе жатасың,
Эмгегиңден күндө жаңы рахат.

Эмне жетсин мына ушундай бактыга,
Алмаштыргыс чексиз бийлик, тактыга.
Мээнет менен акыл, илим айкашып,
Парасаттуу адамдыктан таптың да.

Бийик кармап, Адам деген атты да,
Ата-бабам ыйык туткан наркты да.
Бир мүнөздөн, бир жүрүштөн жаңылбай,
Күтөр адам күтөт тура баркты да.

Тарткан белем Кыдыр ата мүнөзүн,
Жагынбаган, жалтанбаган курч өзүң.
Сенин элге сендигиңди тааныткан,
Сенин элге таамай айткан түз сөзүң.

Далай Адам турат сизден жалтанып,
Оргу-баргы мүнөзүңдөн сактанып.
Чыркыраган чындыкты айтып коёт – деп,
Күнөөлүүлөр өзүн алыс карманып.

Аткарылып атуулдук милдетиң,
Коомдун дагы айыктырып илдетин.
Калыстыгың, бийик рухуң тазалап,
Жүрөгүңдү, эмгегиңди билбейт ким?

Депутаттык кездериңде укчубуз,
Мамбет ага сүйлөсө деп турчубуз.
Мүдөөбүздүн төбөсүнөн түшкөндөй,
Уккан сайын канып кулак курчубуз.

Жүзүңүздө баатырдыктын сүрү бар,
Жамандыкты жапырууучу түрү бар.
Мүнөзүңүз ак алмаздай жаркылдап,
Жалгандыкты кыйып түшөр күчү бар.

Ошол чынбы эр ортону дедиңиз,
Элүү эмес, жетимиш деп чечтиңиз.
Аны өзүң, жүзүң менен далилдеп,
Жалын жаштык кайрат менен келдиңиз.

Болсун, болсун эр ортону жетимиш,
Тилек кылган улуу жашка жетиңиз.
Касиеттүү кары болуп калдайган,
Убай көрүп, узак жашап бериңиз.

**ШЕРОВА А.А.** Доц.,
**КУБАДАЕВА Б.К.,**
**УСЕНОВА Ф.К.** и др.
*Анестезиолог-реаниматологи*

## БОЛЬШОМУ ХИРУРГУ, ГРАЖДАНИНУ И ЧЕЛОВЕКУ В ДЕНЬ ЮБИЛЕЯ

Как голубой Иссык-Куль – красивы Вы,
Как чистая Ак-Суу – неутомимы Вы,
Как горные вершины Ала-Тоо стремитесь к солнцу Вы,
Как воды Чу – даете жизнь Вы!
Вы энергичны, элегантны как ретивый конь,
И темпераментны и живы на работе как огонь!
Вы так крепки, выносливы и вечны как арча,
И вы всю жизнь работаете не для «акча»
Ваш здравый ум и здравый дух – Вас двинули вперед,
Ваш острый глаз, как глаз орла, цель видит наперед!
Тверда рука, нежна душа – природой вам дана,
Как и упорство, оптимизм – все есть у Вас сполна!
Большой хирург и человек и в буднях Вы – герой,
И благодарны Вам за то коллеги и больной.
Вы объективны и мудры, что украшает Вас
Хирурги – старый, молодой стоят горой за Вас!
Желаем Вам от всей души Здоровья и добра!
Вас славят анестезиологи – реаниматологи страны
Сегодня и всегда!

02.10.97. Бишкек

## МАЗМУНУ


Ким элем, ким болдум? .................... 3
Тагдыры таш жолдуу бала чагым .................... 6
Энем Батыйды бир да күн эсимен чыгарбайм .................... 51
Атамды эскерүү .................... 65
Мен Жапарымды эч качан унута албайм .................... 82
Эстен кеткис студенттик күндөрүм .................... 86
Хирургдук жолумдун башталышы .................... 123
Илимге айкалышкан кесиптик чеберчилик .................... 200
Азыркы улуттук хирургия борборубуз кантип салынган? .................... 230
Заман агымында өткөн көрүнүктүү окуялар .................... 267
Жогорку Кеңешке депутат болгон убагым .................... 277
Өмүр сапарымдагы тагдырлар, биз жетишкен аксакалдык дөөлөт .................... 314
Менин иш күнүм .................... 334
Үй-бүлөм жөнүндө .................... 341
Кыргызстандын жетекчилери жана коомдук турмуш .................... 350
Менин шакирттерим жана окуучуларым .................... 360
Кесиптеш шакирттерим жөнүндө .................... 362
Мени окутуп, билим-илим берген мугалимдеримди эч качан унутпайм .................... 389
Кереге-Таш айылынан чыккан урматтаган адамдар .................... 412
Чет мамлекетке хирургдардын съездине, конгресске барганда .................... 421
*Эралиев Б.* Мамбет агайыма .................... 456
Сагынуу... .................... 462
*Бектуров Ж.* Мыкты окутуучу, чоң окумуштуу жана дасыккан уюштуруучу .................... 465
*Момунова Г.* Улукман .................... 470
*Шерова А., Кубадаева Б., Усенова Ф.* Большому хирургу, гражданину и человеку в день юбилея .................... 474

*Көркөм-адабий басылма*

**МАМАКЕЕВ МАМБЕТ**

# МЕЗГИЛ ЖАНА ИНСАН

*Автобиографиялык мемуарлар*

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Жакин Теңирбергенова*
Дизайнери *Рахим Төлөбеков*
Компьютерде калыпка салган *Рая Терибаева*

Басууга 12.06.2012-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $70x100^{1}/_{16}$.
Көлөмү 29,75 б.т., + 2,75 б.т. кара, 4,75 б.т. түстүү вкл.
Заказ № 887. Нускасы 700.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көчөсү, 1